С кирг
ж е 64

СУРАҢЧЫ ЖЕТИМИШОВ

# Тудундуу Туурул Түндөр



Скотр.
ЭЖ 64

С.Жетимишов

# БУДУҢДУУ БУУРУЛ ТҮНДӨР

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
МЕКЕН ТААНУУ
БОРБОРУ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 474324

Ош – 2008

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
Ж-27

Ж-27 С.Жетимишов, «Буудуңдуу буурул түндөр» Ош, 2009, -328-б.

*Китептин сүрөөнчүсү*
*Ош шаарынын мэри Ж. Ысаков*

ISBN 978-9967-03-970-7

Эл ичинде эскерилип, асыреттелген Эне-Сай, Саян, Алтай аймактарындагы «буурул түн» баяны бекеринен айтылбаган. Улуулардан урпактарга өтүп, жомок - уламышка уланган маалыматтар баянынын, те байыркы башат-уңгусу тарыхка барып такалат. Эне-Сайда эскирип, жоголуп кеткен кыргыз журтунун бир бөлүгү болгон боордоштордун жашоо-тиричилиги, кийинки тагдыр жөнүн иликтеп, изилдөөгө алган чыгарма окурмандарга сунуш кылынат.

Ж 4702300204-09

ISBN 978-9967-03-970-7

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
© С.Жетимишов,
2009-ж.

**Окурман!**

Бабалар барктап, дастан кылып даңазалап, жомоктотуп жобурап, аңгемелеп, аздектеген, «айлап жүрүп араң жеткен Алтай, айдыңдуу Абакан, саябаңдуу Саян, көбүнүн көөнүн өзүнө бурган Көгмөн тоолору, түнжураган Туба, тумандай туюк түндүра, күнүндө түнү, түнүндө күнү билинбеген «буурул түн» аңыздары жөн жеринен баяндалбаган. Көрсө, көрөңгөлүү журт көөнө өтүмүштүн караңгы түпкүрүндөгү оомалуу-төкмөлүү заманда күн чыгыштан күн батышка, түн жактан күн жүрүшкө жаадай керилип, жебедей атылып, Евроазиянын байтак кыйырында айлап-жылдап көчүп –конуп, бирде баш калкалоого баанек издеп, чабылып чачылса, бирде өктөм топтолуп, биригип, тулпар туягынан от чыгарып ташка кайрап, чаң ызгытып, кумдай сапырып барган жерин турак кылып, жеткен жерин сурак кылып, жаангердик жашоосун уланткан кыргыз аты тарыхта ташка басылган тамгадай болуп, дооранды жүрүп, көп урууларды өзүнө сиңирип, көп урууларга өзү биригип заты өзгөрсө да аты өзгөрбөй кылымдардын кыйырын кечип, ушул күнгө жетип келип олтурат.

Кыргыз эң байыркы эл катары тарыхта таасын эн тамгасы, элдиги жана эрдиги бардыгы Кытай жылнаамаларында тастыкталып, деңиз түбүндө катылган баа жеткис каухардай жарк этип чыга келди. Ар бир эл өз тарыхын өзү жазганда гана кадыры жогорулап, акыйкат баа берилери белгилүү. Буюрса бул маселеге өзгөчө көңүл бөлүнүп, колго алынары айдан ачык.

Кылымдар кыйырында эчен кыйсылыр салынган кыргыңдан улам бир алкакта журтташтарынан бөлүнүп алыс калган азын-оолак элдин күнүмдүгү коркунучта, эртеңи ишеничсиз, кан кечкен капсалаңга туш келген. Тагдыры кылыч мизинде, жебе учунда чечилип, эбегейсиз Эне-Сай аймагында ээнсиреп, мээр шыбагасы ташыган Миң Өзөндө өгөйлөнүп, Итабар ыбыр-шыбырда (Ыраакы Сибир) ың-жыңсыз жок болуп кеткен боордошторубуздун жашоо-тиричилиги, тагдыры туурасында элдик уламыш, айтымдардан, тарыхый маалыматтардан изилдөөгө алынган ушул чыгарма сиздин көңүлүңүздөн орун табат деген ойдомун.

Буйруса топтомдун кийинки бөлүмдөрү да жарык көрүп калаар. Ага чейин «Будуңдуу буурул түндөргө» каниет кылып, таанышa турасыз.

**автор**

## РЕДАКТОРДОН

Элибиз эң байыркы элдердин катарына кирет. Анын таржымалы кенен, тарыхы бай. Кыргыздардын тарыхы жөнүндө башка элдердин өкүлдөрү, тарыхчылары, этнографтары жана окумуштуулары изилдешсе XX кылымдын орто ченинен баштап гана кыргыз интеллигенциясынын ичинен тарыхчылар өсүп чыгышты. Элибиздин тарыхын изилдөө маселесине эгемендүүлүккө ээ болгонубуздан кийин өзгөчө көңүл бурулуп, мурда жарыялоого уруксат берилбеген жана которулбаган материалдар жарык көрө баштады.

Биз сөз кыла турган Энесай кыргыздарынын тарыхы орус, немис, түрк, еврей, татар жана башка улуттардын өкүлдөрү тарабынан изилденсе да, ал материалдар коомчулуктун терең катмарына жетпей келгендиги интеллигенция чөйрөсүнө ачык маалым.. Биз монгол жапырыгы кезиндеги энесайлык уруулардын тарыхы менен азыноолак гана таанышканбыз. Алардын кийинки тагдыры бизге белгисиз болуп келгендигин тана албайбыз.

Миң өзөндөй ийип, Энесай дарыясындай ташыган жергиликтүү кыргыздар түрк, уйгур, монгол, ойрот жапырыктарына туруштук берип, ондогон кылымдар бою жашап келсе да, XVII кылымдан соң ың-жыңсыз, изи жок, соолуган булактай тарыхта аты айтылбай калат. Бирок бул маселеге көптөгөн окумуштуулар кызыкканы менен бийликтин күчү аркылуу ал маселелер оозго алынбай келген. Кыргыздардын эркиндик үчүн болгон күрөшү, жашоосунун абалы чыгармада кенири орун алган.

XVI-XVII кылымдар аралыгында орус бийлик ээлеринин абалы өтө оор эле. Бирде поляктардын, бирде түрктөрдүн, бирде шведдердин басып алуу аракеттерине туруштук берүү үчүн курал, ок-дары даярдоодо орус бийлик ээлери Уралдан баштап, Сибир аймагынын кендерин пайдаланууга умтулушкан. Энесай жергесинин байлыгынын молдугун билген орус дворяндары да көчүп келишип, өз ээликтерин орнотушуп, жергиликтүү элдердин каршылыгына карабай ыңгайлуу жерлерди тартып алышып, өз кызыкчылыктарына пайдаланышкан. Ишканаларды, завод-фабрикаларды курушуп, кендерди иштете башташкан. Мындан тышкары монголдор менен ойроттордон жардам алуу саясатында алар менен келишим түзүүгө сүйлөшүүлөрдү жүргүзө башташат. Орустардын саясатын түшүнгөн кытай бийлик ээлери ар түрдүү шылтоолорду таап, чек аралардын аралыгын жылдырууга далалаттанышат. Чыгармада жогорудагы маселелерди айкын чагылдырууда өзгөчө көңүл бөлүнгөндүгү байкалат.

1590-жылдар мезгилинде Ермак баш болгон топ кыргыз жерине кол салган. Атайын күчтөрдү топтогон дворяндар жергиликтүүлөрдүн ээликтерин тартып алууда кандуу жазалоого чыгышкан. Натыйжада

орустардын зомбулугу менен басып алынган кыргыз желери Ачы, Том, Кызыл-Жар, Түмөндө чыңдоолор курулат. Жерлерин тарттыгып жиберишкен жергиликтүү калк көтөрүлүп, ошол чыңдоолорду өрттөшөт. Ошол кылымдардагы өтмүштөрдүн баары мезгил сыноосунан өткөн соң элдин эсинде жашап, тарыхга айланып калган. 5-6 кылым мурдагы Энесай аймагындагы чуулгандуу өтмүштөр укканга жомок катары туюлушу мүмкүн.

Энесайлыктар негизине кыргыз тобун түзүп, кыштымдардын эсебинен жашап, өз өктөмдүгүн жүргүзүшкөн. Жер, суу аттары, ал турсун ошол кездеги кыргыздардын эл бийлөөчү табынын өкүлдөрү Номчу, Намек, Кочүбай, Бектеней, Кара, Ишей аттуу адамдар тарыхый инсандар. Аларга көз каранды кыштымдар кыргыздар тарабынан жоокерчилик мезгилде туткунга түшкөн, тартууга, калыңга берилген адамдар. Алар монгол жапырыгына чейин эле (Х111 кылымга чейин) түрк, уйгур будуңдарына ата-бабалары тарабынан колго түшүрүлүп, кийинки урпактарына чейин кыргыздарга кызмат кылган таптын мүчөлөрү болуп саналат, ал тургай жазалоо кыргыздардын эрки делет.

Жогорудагы курч окуяларды автор окурмандарга канчалык чебердик менен бере алган? Чыгармада автор тарыхий чындыктын жүзүн ачып берүү милдетин канчалык деңгээлде аткарган? Мындан тышкары кийинки урпактар үчүн кандайдыр бир деңгээлде өрнөк болорлук, алардын көңүлүн өзүнө бурарлык табылгаларды табууда анын кудурети жеткенби? Мына ушул суроолорго чыгарманы окуган адам ишенимдүү жоопторду таба алат деп ойлоймун.

Чыгармадагы окуяларды чагылдырууда автор ой чабытын кеңири жүргүзгөн. Ал элдик фольклорду, ата-бабалардын басып өткөн күрөш жолун ачып берүүдө көптөгөн айтымдарды, уламыштарды жөндүү, ыктуу пайдаланууга умтулган. Миңсуу булактары ашып-ташып, Энесайга кошулуп, эбегейсиз чоң дарыяга айланган өңдүү автордун чакан сүрөттөмөлөрү, уламыштары биригип, чыгарманын кызыктуу чыгышына өбөлгө түзгөн. Айталы, окурман окуяны кууп олтуруп, бирде турмуш чындыгы менен аралашса, бирде жомок, уламыштар аркылуу жер, суу аталыштары, бабалар тарыхтары менен кенен тааныша алышат.

Окурмандын колундагы ушул чыгарма - автордун эмгегинини биринчи бөлүгү. Муну окуган соң чыгарманын экинчи жана үчүнчү бөлүктөрүн чыдамсыздык менен күтөөрү ыктымал.

***Токтобай Сулайманов,***
***СССР жазуучулар бирлигинин***
***мүчөсү.***

Адаттагыдай келчү жаз кечикти. Каардуу кыш сасык конок баштанып көңүлгө тийип, кетпей койду. Эртели-кеч бетти чымчыган аяз ышкыра кар кылындарын сапырат. Асманды боз чалып, жылт эткен күндүн мурду көптөн бери көрүнбөйт. Тоңгон шагалаң эрибей, айлананы күрткү басып, мал тээп оттой албай, тоюттан жутады. Жандыктар ачкалыктан, айлалары куруп, биринин жүнүн бири жеп, өзөк үзгөн жут болчудай.

-«Оо, теңири, жуттан сакта? Күн ачылбай кар жаай берсе, кандай болор экен?» Өчүп бараткан чокко как бутактарды майдалай салып, ойго бата очок боюндагы адам санаага термелет. Түтүн чыккан морудан жана калдайган тери каланган сыртка чыкчу тешиктен шыкаалаган бозомук бөлмөнү күңүрт көрсөтөт. Үйдө отура берсе, кайсыл убак болгонун билүү да кыйын. Сырттагы суукту талпак жамынган балдары сезип да коюшпайт. Ал тургай жут болору менен түк иштери жок. Тура келише тарталаңдашып, шоктонгондон башканы билишпейт. Тыйганга да болушпайт. Чыйылдаша үйдүн ичин үч көтөрүшөт. Аларды «кой, ай» дегенде эмне? Бала да. Оюнкарак мезгил өзүнүн башынан дале өтпөдү беле. «Ойноп оюнга канышсын. Эртең эле жаз келгенде алар да гүмөн түйшүккө аралашышып, ойногонго убактылары калбай да калаар. Бу түйшүк дегениң, чоң-кичинеге карабайт тура. Күнү-түнү тиричилик деп, анын ташпишине аралашышса, ойномок тургай, тамактанууга да убакыт таппай калышар.

Күндүн мурду качан көрүнөт? Кар эриткен жаз качан келет? деп отуруп, малды жутка алдыргыча, ормон ичиндеги бутак алдында далдоолонгон чарлуу куусаңга шыкай турса кантет? Анткенде ит-куштардын уюгуна, жырткычтарга алып барып, салып бергендей болбойбу? Башка кандай айла бар? Аргасыздын иши. Башка амал жок. Эгер андай болсо, көз жаздымга калтырбай малды тынбай тегерене чуркап, сак-сактап туруу керек. Болбосо, жырткычтардын ичтери кабышып, тынбай желип-жортушуп, арыкчылык арпы-тарпы маалда жегенге эч нерсе таппай жүрүшпөйбү. Малдын иши мал.

Болбосо пайлап келген жырткычтан коркконубу же пеш көрсөткөнүбү, бышкырып,-бөкүрүп, жерд і анда-санда тарс тээп коюп, өлөрүн билбей барып берет беле? Жырткычты улам карап качкан болуп, кайра ал алдап куулана шыйпаңдаса жыттамак болуп, жакын барганы эмнеси? Макулук макулуктугун кылбай койбойт экен». Эмне болсо да, үй-бүлөсү менен малдын артында болуп, уйку бетин көрбөй, жада калса жылымык тамак да ичпей, тикелеринен тик турушпаса, тирилигин өткөргөн күнүмдүк оокаттарынан айрылып, ай–талаада калышаары бышык. Талаада калышса деле эптеп жан сакташаар. Кокустан мал чыгым болсо барбы? Жаза дегени бар. Кандай жаза берерин кожоюну өзү билет. Анын түрлөрү ого эле көп. Өмүр бою таяктан башы арылбады байкуштун. Башта билинбейт эле. Эми таяк жесе, балдарынан уялчу болду. Артта калган балалыгы эсинде эс-мас калыптыр. Жашынан таяк жеп чоңоюп, таяк жеп зор болду. Таяктын запкысын куп эле көрдү. Адам баласы келтектен өлбөйт экен. Болбосо, эси оогончо тепки, этинен сары суу, кан чыкканча келтек жеп эле жашап келүүдө..

«Мен көргөн күндү, асти балдарым көрбөсүн. Жамандыктын баарысы мени менен кетсин» деп, ичинен дайыма жаратканга жалына берет. Алдыртадан түлкүнүн бачкилериндей болуп, бирин-бири тарткылаша санааларында эч нерсе жок ойноп жаткан балдарын карап коет.

Малды чарга айдап кирип, аман алып калууну оюнда бышыткан чарбадар колун күйүп жаткан отко улам кайсап, жылыткандан соң туруруга умтулду. Денеси оорлошуп, буттары уюп калыптыр. Эки-үч обдулуп жатып араң турду. Башы айланып, көздөрүнөн чаар чымын учкандай болду. Өзүнүн ачка экени эсине түшө күрс-күрс жөтөлүп, сыртка бет алды. Каланган калдайган терини серпе салып, босогодон башын чыгарганда суук бетин кайрып, оозу-мурдунан чыккан деми түтүндөй булоолонду. Сырттагы мал ачкалыктан баштарын жерге салып, кыймылсыз турушуптур. Тили жок макулуктарга боору ачыды. Каткан калың карды тээп, оттоого дармандары калбагандыктары бир көргөн адамга байкалып турат. Болбосо, жер кара болгондо баштарын көтөрбөй жер искешип, от менен алек болушмак.

Шымаланып ишке кирищти. Мал турган жайдан токойго чейинки аралыкты миң алекке түшсө да, күрөп ачканга дарманы жеткидей эмес. Колу-буттары шалдырап, кубаттан заматта тайды. Айласы кеткенде өзүнүн бою менен барабар карды тебелеп, мал туягы

тыгылбагыдай кылып, бир из кыла таптап кирди.Тынбай кар жаап токтободу. Бутунан башына чейинки кийимдери малма-малма суу болуп кетти. Денесинин кургак жери калбай тер кетип, суу кийимдеринен булоо көтөрүлдү. Талыган белин түздөнө баш көтөргөн сайын асманды тиктейт. Күндүн көзү көрүнбөйт. Кеч киргенденби же туман коюулангандanбы, айлана күүгүмдөнө баштаптыр. Керээлден кечке миң алекке түшө мерчемдүү жерге из салгандан соң токой ичин аралай басты. Калың бутактардан кар түшпөй, далдоодогу айрым жерлерде көрүнгөн куусаң чөптөрдү мал эмес, өзү жей тургансып сүйүнүп кетти. Коюу куусаңдан шаша-буша бир колтук жулуп алып, көздөрүн жашылданта момурап турган малдарды көздөй дегдеңдеп чуркап жөнөдү. Чөп көтөргөн ээсин алыстан көргөн айрым карт жандыктар акырын мекиренише баш көтөрүшүп, аны көздөй чубай басышты. Ачка малдарга чөптүн жыты келдиби, ээси жакындаган сайын жан-алдары калбай маарашып, калың күрткүгө тыгылыша чөптү көздөй жол талашышты. Чоңу кичинесине карабай, бирин-бири тебелеше сүрдүгүштү. Картаң кекселери, алдуу күчтүүлөрү алдыга чыгып, алсыздары күрткүгө тыгыла мөңкүй кийинки дармандары жокторго ыңгайлуу жол салышты. Убай-чубай маарашкан жандыктар от колтуктаган ээсин ээрчип, бир эт бышым убакытта токойго жеткирилди. Ачка жандыктар калың бутак алдындагы ала темгил жумшак карды аралап, айрым салаңдаган бутактардын далдоосундагы куусаң чөптөрдү шавылдата оттоп жатышты. Өзүнүн акыл тапканына өзү маашырланган мал ээси ичинен «Каниет, ачык талаага караганда бул жай далдоо да, жылуу да экен» деп ойлонду. Көңүлү бир жаңсыл болгонунанбы, эле чаалыкканын эми туйду окшойт, турган жерине чөгөлөй түшүп, шалдырай кыйтая кетти. Дарманы куруп, көзү илинип баратты. Уктаса эле өзүнүн тоңуп каларын билип турса да, уктабайын деп жабышкан кирпиктерин бардап- бардап көзүн ачууга аракеттенди. Салмактанган кирпиктери өйдө серпилбей, денеси көөшүп, турууга, ал тургай кыймылдоого алы келбеди.Аялы келгенде ал аягын тартууга алы келбей, терең уйкуда эле. Мурдунан акырын жел чыга эс-мас абалда. үстүндөгү суу болгон кийимдери калбайып, тоңо баштаган экен.

-Эй! Эй!-деген, аялынын чакыруусун туйбай, көздөрүн ачпай, эки колун колтугуна каткан боюнча селейген күйөсүн көргөн аялы коркуп кетти. Колундагыларын жерге кое сала эринин башын жөлөдү. Беттери муздаганы менен оозу- мурдунан тап кете элек

экен. Аял шашыла ала келген жыгач челектин капкагын ачып, бууланган суюктун ан жыгач кашыкка сузуп, күйөөсүнүн оозуна алып барды. Жакшы, жаагы карышпаптыр. Ысык тамактын жытын сездиби, тиштенген жаактарын акырын ачканда кашык менен даамды акырын ууртатууга далалаттанды. Ысык булоо чыгып, оозуна барган даамды кылк-кылк жутуп, чакап кетпес үчүн көзүн ачпастан, башын акырын көтөрдү. Ысык даам тамагынан өткөндөнбү, ал демдене түштү. Денеси калтырап, ээги-ээгине тийбей, жаактары шакылдап, беттери кыймылдай баштады. Аялы сунган кашыктан түзүктөп ууртай албай жатты. Чакаганына карабай, улам-улам аз-аздан даам ууртаткан аялы идиштерин коюп, шымалана эринин суу болгон кийимдерин чечип, ысып чыккан денесин кар менен сүртүп кирди. Күйөөсүнүн денесин өзүнүн тону менен ороп, бекем кучактады. Бир топтон соң анын денеси жылып, калтыраганы азайды. Бирок, көзү ачылбай, денеси от менен жалын болуп ысып чыкты. Челектеги жылуулугу кете элек даамдан кашыкка сузуп, оозуна жакындата тосту эле, ал оозун ача эки-үч жолу ууртап, кылк-кылк жутканын көрүп сүйүндү.

Күйөөсү менен алектенип жатып, кара кечтин киргенин андабай калыптыр. Кар жамынган калын токой капкара болуп түнөрөт. Биринен бири өтүп сүрдүккөн жандыктар туш келген отту тандабай шоодуратып жеп, бир аз топуктана көздөрүн жылтыратышып, баштарын көтөрүп калышыптыр. Карангылыктан сестенишкенби, адам караанын байырлап, алысташпай имериле топтошуп турат . Көтөргөн тумшуктарынан ысык демдери чыгып жатканын аял боолголоп турду. Күйөөсүн кантип үйүнө жеткире алат? Бул жерде калса, сөзсүз тоңуп өлөт. Калың карда көтөрүп жеткире да албайт. Бир гана арга- сүйрөп да болсун үйгө жеткирүү керек. Кантип? Тонуна салып сүйрөгөнгө болбойт. Төбөсүндөгү салаңдаган бутактардан тартып кайрыйын десе, аларга бою жетпей койду. Аргасы кетип, аркы-терки басып жатып, жердеги куу бутакка чалынып кетти. Бутакты көтөрө сүйүнүп, өзүнө тартты эле, куусаң жумшак чөптөр илеше чыкты. Бутактын далдайган чырпыктарын сындырып, сүйрөгөнгө ылайыктады. Бирок, анын үстүнө жумшак бир буюм төшөбөсө, күйөөсү бутактан суюлуп түшүп калгыдай. Алысыраакта турган жаш балатынын бутактарын колунун айрылып сыйрылгандыгына карабай кайрып келип, бутак үстүнө төшөдү эле, ыңгайлуу, жумшак жай даяр боло калды. Күйөөсүн өзүнүн тонуна ороп, бутак үстүнө жаткырып, ар жак, бери жактарын кымтылады да, карангы чер ичиндеги турган жандыктарга карай кылчайды. Бир

жаратканга аманат, арга жок. Күйөөсүн аман алып калбаса, балдары жетим калат. Анда шорунун куругаңы. Жетим балдарды өзү жалгыз кантип багат? Үй-бүлөнүн ишенгени-жөлөгү бир ушул эркек. Жаман ойдон өзү да чочуп кетти.

«Тфу, тфу» оюмду шайтандар билип калбасын,- деп, жакасын тиштей түкүрдү да, күйөөсү жаткан бутакты белине курчаган жипке орой акырын алга тартты.

Кургак, тоңгон жердин куу чөптөрүн жулмалап бараткан бутак, кар бетине чыга бергенде жумшак сыйгалана түштү. Жүгүнүн жеңилдигине кубанган аял бутунун тайгаланганына карабай улам-улам кылчактай энтиге, койлордун буттары таптаган чыйыр үстүндө куу бутакта жаткан күйөөсүн тартып баратты. Айлананы боз туманга кошулган карангылык каптап, эбак көз байланып калган эле. Чекесинен, мойнунан тер кетип, улам бою менен барабар карга бети менен тийип, жүдөгөн аял бир колун алдыга суна, карыш кан бир колу менен бутакты бекем кармай күчүркөнө тартып, алга жыла берди. Кыйналганына кайыл боло чыдап бир топ убакыт ичинде эптеп жатып, күйөөсүн үйүнө араң жеткирген аял аз болсо да жылуулугу бар бөлмөдөгү куу чөп төшөлгөн жайга талпакты жая салып, анын денесин сүйрөп келип жаткырды да, терилерди башынан-аягына чейин жаап кымтылады. Ата-энесин күтүп, келишпегенден соң үмүттөрүн үзө туш келген жерде томурая жаткан балдарын ойготуп:

- Атаңар ачынса, улам кымтылап, жаап тургула! – деп эс-учун билбеген күйөөсүн балдарына тапшырып, чарчаганына карабай, шашыла тонун кийип, сыртка бет алды. Караан болот деп, итин мойнунан байлап жетелеп, тыгылып-жыгылып жатып, бир топ убаккытан соң мал турган жерге жете келди. Ачка жандыктар тоюнуш үчүн бириндеп кетиптир. Карангылыкка карабай тырс-тырс чөп үзүшүп, бырт-бырт чайнай оттошкондору угулат. Бир топ убакыт ичинде бети-башын бутактарга тилдирип жатып араңдан зорго чачылып кеткен малды топтогондой болду. Калын токой ичиндеги түн ого бетер коюуланып, эч нерсе көзгө көрүнбөйт. Бау-бау эткен байлуу менен үү-үүлөгөн үкүнүн үнүнөн башка дабыш жок. Айлана жым жырт. Итин ээрчитип, чаржайыт жаткан бутактарга чалына «топтодум» деген малды тегерене басып жүрдү. Антпесе болбойт. Малдын жытын билген жырткычтар, заматта келип, кол салышы мүмкүн. Кол салганда да, ал эмне кыла алат? Болгону ити чайылдап үрүп, сес бериши болбосо, өзүнүн колунан эмне келет? Ити алыстап кетпеси үчүн мойнунан байлаган жипти чечпей

жетелеп алды. Ити басып баратып, кээде токтой калат. Кулагын сербейтип дабыштарды тыңшайбы, кайра эсин ээрчип жөнөйт. Ал басып жүрүп, бүгүнкү жасаган ишин ойлоду.

Керээлден кечке, талаада жүрүп, чарчап үйүнө келсе, күйөөсү жок. Ач калган малдын аргасы менен жанаша жайдагы токойго кеткенин боолголоп билди.

«Байкуш, каткан калың карга кантип чыйыр салды экен?» деп ичинен аяп да кетти. Себеби, баштагы күнү калың карга эптеп жол салып, коркунучтуу болсо да токойго жетип, бутак алдындагы как чөптөрдөн жандыктарды кайсатпаса, алар ачкалыктан турган жерлеринде жыгыларын күйөөсү кобураган эле. Таллак үстүндө тарбалаңдаган балдарын тыйып, ары-бери дегиче отту тутандырды да, асма чөгүндөгү сууну кайнатты. Аны жыгач челекке куюп, аюунун майынан кошуп, балдарына ууртаткандан соң жыгач капкакты жаап калганын күйөөсүнө ала чуркады. Жолдо баратып: «аябай чарчагандыр?»-деп мээнеткеч күйөөсүн аяды. Айткандай эле ал чарчаганынан кынтайган жеринде уйкуга кетип, тонгону калган экен. Мынчалык үлгүрүп келбегенде адам катарынан чыгып, катып калмак.

«Байкушка, дагы да ысыгыраак бир деме ууртатканымда жакшы болмок» деп кабатырланды. Балдары жаштык кылат. От жагып, казан аса алышпайт. Чүрпөлөрү атасынын жанында бүрүшүп, уктап жаткандыктары улам-улам көзүнө элестеп жатты.

Күйөөсү өзүнөн бир топ жашка улуу болчу. Анын айтуусуна караганда бир жарым мүчөлгө ашык экен. Мынан келди он сегиз, он тогуздарга келгенде болочок колуктусу төрөлүптүр. Жашынан жетим болуп чоноюп, колунда жок, үйлөнбөй жүрүп, көптөгөн турмуштун кыйынчылыктарын тартат. Кийин эр жеткенде чаалыкпас чарчабастыгы, мергенчилиги менен аймактагыларга аты таанылат. Турмуш аны эчен жолу калчап жүрүп, акыры жетимди кыздын атасы менен жолуктурат. Карт мерген менен жаш мерген бирге жүрүшүп, аң уулашып, ата-баладай ынак болуп кетишет. Териси баалуу аңдарга, кабыргага[1], бугуга аң уулашып, бирге барып, эт даярдап, мускус[2], пантаны[3], хутуну[4] көп топтошчу. Илбериңки, адам көөнүндөгүнү айттырбай билген билермандыгы, көңүлүндө кири

---

[1] Кабырга-бугу тукумундагы мүйүзсүз жаныбар

[2] Мускус-суюктук (жыпар)

[3] Панта-баалуу жыттуу зат

[4] Хуту-дарылык касиети бар мүйүз

жоктугу карт мергенге жагып, дайыма жанында ала жүрчү. Кийин аялынан калган аманат «көзгө басар» жалгыз кызы чоңое келди. Аны да аң уулаганга ээрчите барып жүрдү. Кызын кадимки эркек баладай тарбиялап, мергенчиликтин толгон токой сырларын үйрөттү. үчөө алыскы аймактарга ууга барышып, ач калып, кеч калганда түнөп калышчу. Барган жерлеринде от жагышып, калың чокко өздөрү атып алган кайберендердин этинен шишкебек кылып жешчү. От боюна жатып алышып кобурашышып, кыса айтышчу. Көбүн эсе атасы сүйлөчү. Себеби, ал көп жомокторду, икая, уламыштарды эн сонун билчү. Аңгемесин кызыктуу кылып айткандан жадачу эмес. Берки экөө да муюп угушар эле.

Кеч уламдан-улам коюуланып, күн батыштагы кочкул нурлар акырындап коюланып, айлана түн чүмбөтүн жамынчу. Бая кечтеги анда-санда бириндеген жылдыздар айкын көрүнүп, асман бетине толуп чыкчу. Алардын ар бири жымың-жымың этип, жүзүнөн күлкү чачкан баладай сүйкүм көрүнчү. Түрлүү тулаң чөптүн жытын аңкыткан түнкү жел согуп, илбесин, кайберендердин бири-бири менен үн алышкан дооштoрун өзү менен белгисиз жактарга алып кетчү. Шау-шау эткен жакындагы суунун үнү жел ыргагы менен бирде катуулап, бирде акырындап, токой ичиндеги сан жетпеген дарактардын жалбырактарынын дилдирегине кошул-ташыл боло кулакка жагымдуу угулчу. Бау-бау, үү-үү, сүтак, сүтак- деп ар түрдүү куштардын сайраган добуштары аларга үйрөнчүк эле.

Абышка күрсүнүп, коюп асмандагы жылдыздарды жазбай таанып, аттарын атоочу да, жанындагылардын өтүнүчү боюнча ар биринин аталышын зерикпей айтып берчү.

-Ата

-Эмне?

-Тээ-тиги жылдызды эмне деп атадыңыз?

-Кайсыл?

-Тээ-тигичи?

-Асман толо жылдыз, кызым! Кайсыны айтып жатасың?

-Мына бучу?

-Биздин бет мыңдайыбыздагыбы?

-И-и

-Жалгызыбы, же топ жылдызыбы?

-Топ жылдыз.

-Ошондой дебейсиңби, кызалагым! Мончоктой болгон үч жылдызбы?

-Ооба.

-А - аны Көкөтай жылдыз же үч марал деп коңт.

-Эмне себептен?

-Анын жөнү бар.

-Ошону айтчы.

-Макул.

Абышка жомогун баштаардын мурда, бир демге адатынча көзүн сүзүп, ойлонуп алат да, салмак менен сөзүн баштайт.

Бир айтымда Саян-Алтай элдеринде Көкөтай баатырдын баяны кеңири тараган. Анын жаны түнкү асманда Сириус жылдызы (Көкөтай жылдызы) түрүндө жашап келет. Илгери илгери заманда Көкөтай Эне-Сай (Ал-Ким) өрөөнүндө жетим болуп чоңоет. Жаз күндөрүнүн биринде ал Улактуу тоосунан какылдап, аскага урунуп-беринип учуп жүргөн турпанды (байлуу) көрүп калат. Буга таң калган Көкөтай Суулу Кыя аскасынын башына чыгып, турпандын уясын көрөт. Ал уяда күчүктүн кыңшылап үнү угулган бир жумуртка бар экен. «Бул турпандын биринчи жумурткасы экен» деп ойлойт Көкөтай. Анткени жергиликтүүлөрдүн ишеними боюнча турпандын биринчи жумурткасынан Куубай куш-(куумайык) аттуу канаттуу күчүк чыкчу экен. Турпан биринчи жумурткасынан Куубай куштун чыгышын каалабай, өздөрү жеп коёт имиш.

Көкөтай жумуртканы колтугуна бекем кысып жылытканда жарылып, андан кара кулак ак күчүк Куубай куш чыга келет. Ал күчүк туулуп, чоңойгондо андан бир да жаныбар качып, бир да канаттуу учуп кутула алчу эмес экен. Мурдагы жетим Көкөтай Куубай куштун жардамы менен бир топ ирденип, оокаттуу болуп калат. Бул укмуштуу канаттуу жаныбар жөнүндө алыскы жерлерге, монгол ханына да жетет. Монгол ханы канаттуу итти сатып алууну чечип, өз элчилерин жөнөтөт. Себеби, монгол ханынын баласы катуу сыркоолоп, аны дарылоо үчүн арстандын жүрөгүн берүү зарыл болгон экен. Түштүктөгү чөлдүү аймакта жашаган арстан жеңилгис жырткыч болгон эле. Аны Куубай куш гана жеңе алмак. Келген элчилер Көкөтайга мол дүнүйөнү сунуш кылышат да, шарапка аябай кысташат. Курсагы тоюп, шарапка кызыган Көкөтай «Мындан ажырабайм» деген мурдагы убадасын бузуп, байлыкка кызыгып, канаттуу итти сатып жиберет. Монголияда Куубай куш арстанды жеңет. Анын жүрөгүн жеген ханзаада сыркоодон айыгыптыр. Түн киргенде Куубай куш байланган чынжырын үзүп, ата журтка кайтат. Ортолук Эне-Сайга жакындаганда үч маралды көрүп калат. Өзүнүн күчүн сыноо максатында аларды кууп жөнөйт.

Көкөтай түшүндө Куубай куштун үч жылдан кийин келип, марал kуун жүргөнүн көрөт. Ал чочуп ойгонуп, тосуп чыкмакчы болот. Эне-Сайдагы Кочкор тоосунун жанынан Көкөтай Куубай кушту жана качып бараткан үч маралды кууп жетет. «Мен Куубай кушту кууп жеткен жер Кочкор деп, аталсын» деп айткан экен ал. Андан соң алар Типсей, Туран, Улактуу тоолору аркылуу Кара, Ак үйүз дарыяларына чейин жетип барышат. Жол катары белгилүү чокулар, чоң дарыялар Көкөтайдан энчилүү ат алышат. Качкан маралдар Оргылык иней (козулуу марал) сазынан Түттүк-Көлгө жакындап барганда үчөө тең көлдүн ээсинен сактап калууну суранышат. Көлдүн ээси жаш маралдарга суктанып, Куубай кушту суунун алдына алдап, алып кирип кеткен-дешет. Ачууланган Көкөтай маралдарды жана Түттүк Көлдүн ээсин оозго албас сөздөр менен каргаган экен. Каргыштан үч марал тең ташка айланып, Оргылык иней (козулуу инек) сазынын ортосунда калып, жандары болсо үч жылдыз Ориониго (үч Мончок) айланып калышкан имиш.

Көк теңири Көкөтайга ачуусу келип, аны жазаламакчы болот. Куубай куштун Түттүк-Көлдүн түбүндө жаткан жандарын өздөрүнө алышып, Орион топ жылдызына (Көкөтай жылдызы) айланып калат. Көкөтай аты менен кошо ташка айланып, жаны Сириус жылдызы (Көкөтай жылдызы) болуп калган дешет. Көкөтай минген аты жана Куубай куш ити менен үч маралды түбөлүк кууп жүрөт. Ал дүйнөнүн акыркы күнү гана асмандан жерге түшөт, «Акыр заман» жөнүндөгү кабарды Куубай куш, Түттүк Көлдүн тереңинен үрүп, бүткүл Эне-Сай өрөөнүнө кабар берет экен.

-Ата!-дейт кызы эркелей.

-Оо-об, кызым!

-«Акыр заман» деген эмне?

-Акыр заман деген жашоонун түгөнүшү, кызым!

-Жашоо кантип түгөнөт?

-Адамзат, жан-жаныбар, жаратылыштын жок болушу-акыр заман, жашоо түгөнөт.

-Эмне себептен «акыр заман» болот?

-Адамзаты күнөөгө батып, Көкө Теңирди таанибай калганда заман өзгөрүп, жашоо токтойт экен.

-Адамдар Көкө Теңирди эмнеге таанибай калышат?

-Ээ, адам деген ушундай. Курсагы тоюп байыса, Көкө Теңир эсинен чыгат. Байлык бардык адамды бузат. Бирөөнүн акын жеш чоң күнөө. Ач көздүктөн согуш чыгат. Согуш барып-барып «акыр

замандын» келишин тездетет. Ач көздөргө Көкө Теңир ачуусу келип, жерди аңтарып салат дейт.

-Жерди аңтарып салса, өлгөндөр кайра тирилишеби?

-Ооба, өлгөндөр кайра тирилип, жашоолорун улантышат дешет.

-Анда дале баатырлар тирилсе, душмандары кошо тирилип, согуш боло берет экен да?

-Жок. «Өлгөндөр эстерине келишет, өлүм, кайгы, ый эмне экенин алар жакшы билип, ынтымак жашоого аракеттенишет»-дешет.

-Алар өлтүргөндөрдөн өч алышпайбы?

-«Өлгөндөрдүн күнөөлөрү арылат»-дешет.

-Акыр заманда карылар кары, жаштар жаш боюнча тирилишеби?

-Аны Көкө Теңир өзү билет, кызым! Мени көп дөөрүтпө. Тилимден жаңылып, Теңир алдында күнөөгө батпайын. Кой, уктайлы-деп, абышка тескери тарапка оодарылат. Анын уктабай жатканы берки экөөнө маалым.

Отко салынган отун күйүп бүтүп, жалын басаңдаса түн коюулана түшөт. Жигит ордунан туруп барып, жарым күйгөн чычаланы ичкеретип, суу бутактарды салганда жалын күчөп, караңгылык жаткандардан алыстай түшөт.

Абышка башын көтөрүп, күрс жөтөлөт да, шеригине кайрылат:

-Суу отунду аралаштырып салсаң, чок секирбей, отун көпкө күйөт.

-Суу отундан түтүн чыгат да, шамал аны тескери айдап, бизди каптабасын-деп жигит жооп берет.

-Андай болсо мейли,-дейт да абышка кайрадан чалкасына оодарылып жатып, өзүнчө бир нерселерди кобурайт.

-Ата!-дейт, кызы

-Угуп жатам кызым!

-Уйкум келбей жатат. Дагы сүйлөп берчи?

-Эмне жөнүндө?

-Кыргыздар өзүнчө мамлекет болгонбу?

-Болгон.

-Качан?

-Көчүм хандын мезгилинде.

-Анда, ошону айтчы?

Абышка бир топко ойлоно унчукпайт. Эрке кыз, суроосун кайра жаңыртат.

- Айтсаңыз, ата?

Кызынын көңүлүн ооруткусу келбеген ата жумшак жөтөлөт.

-Ат-а ов?

-Макул, кызы ,-деп жумшак жана жагымдуу үнү менен атасы сөздү кайра баштайт.

Кыргыз жерине Монгол басып алуучулары келгенге чейинки жана ошол учурдагы, андан соңку мезгилдерди чагылдырган уламыш, легендалар көп айтылчу. Кыргыз мамлекетине болгон монголдордун чабуулун чагылдырган Көчүм хан жана Ак көбүк жөнүндөгү уламыш анын эсинде калыптыр.

Аксакалдар Эне-Сайда атактуу Көчүм хан кыргыздын акыркы ханы болгондугун белгилешчү. Анын ордосу Абакан өрөөнүндө жайгашкан экен. Ал кезде кыргыздар өз алдынча мамлекет болушуп, турмуш өткөрүшкөн. Ал аймактагы элдер Көчүм хандын бийлигине моюн сунуп турушчу. Жыл сайын Айран түн деген жай майрамында Көчүм хан мелдештин ар кыл түрү боюнча беттешүү өткөрчү экен Чулу оор ташты көтөрүү, белбоо күрөшүү жана жаа атуу мелдештерин уюштурушчу. Андан соң мелдештин жеңүүчүлөрүнө Табат дарыясынан, же хандын ордосунан Эне-Сайга чейин, андан кайра артка күлүк чабуу, аргымактарды жарыштыруу, байге оюну жарыяланган. Мелдештин соңунда кол менен мушташуу уюштурулган. Андайда бир да баатыр кыргыз ханына туруштук бере албаган дешет.

Жашы бир топко барып калган Көчүм хан жалгыз бой жашап, мамлекетти жеке өзү бийлейт. Анткени, анын тулку бою өтө зор болгондуктан ага чактуу колукту табылбаптыр. Күндөрдүн биринде анын жанындай көргөн нөкөрлөрү жыйналып, ханга кайрылышат:

-Оо, биздин улук өкүмдарыбыз! Сенин жаш мезгилиң артта калды. Ал эми сенде улуу иштериңди улантчу орун басар, мурасчың жок. Өзүңө жаккан кызды кыргыз элиңден танда? Биз сенден кийин да, күчтүү өкүмдар менен калгыбыз келет,- деп суранышат.

Ага Көчүм хан макул болот. Ханга татыктуу делген отуз кызды элден чогултушат да, хан алдына алып келишет. Анын ичинен хан тогузун гана тандап алат. Аларды ордого жайгаштырып, сулууларды өзгөчө бапестеп карашат. Көчүм хан аларды билгизбей сыртынан байкоого алат. Алардын ичинде жубаны да бар экен. Анын заара кылган жери оюлуп калганын көрүп «Жатыны мыкты экен. Бул менин теңим болот» дейт хан. Ал аял «модар» уруусунан экен. Ал жубан мурда Ак Көбөк аттуу уул төрөп, анысы Эне-Сайдын аркы жээгиндеги элде калган экен.

Убакыт өтө берет. Көчүм хан баягы аялдан уулду болуп, атын Аккөк мерген деп коюшат. Ал атасын тартып, абдан балбан болгону менен атасындай кыраакы эмес, аңкоороок жигит болуп чоңоет. Ошол мезгилде модарларда элге ичи тар, бирөөнү көрө албас катары белгилүү болгон Көрмөкөз аттуу башкаруучу жашаптыр. Ал Эне-Сайдын сол жээгиндеги элди баш ийдирмекчи болот. Кыргыз жеринде, кандай окуялар болуп жатканын кунт коюп, байкай баштайт. Күндөрдүн биринде Көрмөкөз модар нөөкөрлөрү менен күйө бала Көчүм ханга конокко келишет. Кыргыз ханы кайындарын-өзүнүн аялынын тууганларын кубаныч менен тосуп алып, өтө чоң салтанат уюштурат. Модарлар Аккөк мергенди өлтүрүп, анын ордуна кыргыздарды башкаруу үчүн Ак Көбөктү коюшмакчы болушкан экен. Көчүм хандын уулу аңкоолугунан эч нерсени байкабай, тага журту алып келген шараптан тоң ичип, уктап калат. Жанындагы сакчылар да бекер келген модар шарабына тоюшкандан соң тарап кетишет. Аккөк мергендин жанында анын энелеш бир тууганы Ак Көбөк калганда Көрмөк көз шериктери менен аны модарлар тарапка өтүүгө үндөп, макулдугун алууга аракеттене баштaшат.

- Эгер Аккөк мергендин көзүн тазаласак, анда карып калган кыргыз ханынын ордуна хан, кыргыз мамлекетинин падышасы өзүң болосун - деп айтышып, ынатышат да, уйкуда жаткан Аккөк мергенди аттын куйругуна жибек аркан менен байлап, сүйрөтүп Эне-Сай тарапка алып жөнөшөт. Жанынын ооруганына чыдабай Аккөк мерген:

- Мени көп кыйнабагыла? Өтүгүмдүн кончунда катылган бычакты алып, өлтүрүп салгыла? – деп суранат. Модарлар анын айтканындай кылышып, бычак менен сайып өлтүрүшөт.

Андан соң Көрмөк көз жоокерлери менен Табат дарыясынын жанындагы Көчүм хандын ордосуна кол салышат. Бул мезгилде Көчүм хан Абакандан ыраак жерде жүргөн экен. Алыскы Еси дарыясынын жанынан ыйлаган аялдардын, кыйкырган эркектердин үнүн угат да, жетип келет. Чечкиндүү салгылашууда кыргыз ханы модарлардын колун талкалайт. Жеке салгылашууда Көрмөкөз жарадар болуп, модар жерине жетип өлөт. Ал эми Ак Көбөк хандын каарынан коркуп жашынат. Ал жашынган тоо кийин Ак Көбөк тоо аталыптыр.

Хандан качкан өгөй бала, өгөөсүн жолдо түшүрүп койгон экен. Алтын Көлдүн жанындагы төрт бурчтуу таш Ак Көбөктүн оттук ташы деп аталып калат. Ак Көбөк изин жашырып, Саяндан ары

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 474324

жашаган монгол ханынын кызматына өтүп кетет. Көп убакыт өтпөй тагдырдын оор соккусуна туш келип, Көчүм хан да дүйнөдөн кайтат. Анын сөөгү Абат дарыясынын боюндагы жайга коюлат. Жетекчисиз калган кыргыз элин Ак Көбөктүн жардамы менен монгол ханы чабуул коюп басып кирип, баш ийүүгө аргасыз кылыптыр.

Жомоктун тез эле бүтүп калганын жактырбаган эрке кыз суроосун кайра жаңыртат.

-Ата, эми Көтөн хан жөнүн айтсаңыз!

-Болдучу, кызым?

-Ии, айтсаңыз эми? Көтөн хан моңголдорго каршы чыккан дечү элең го?

-Ооба.

-Ошону айт?

Кызынын өтүнүчүн жерге таштабаган ата кайрадан жомогун улантат.

Илгери илгери Ак Үүс[1](өйүз) дарыясына жакын жайгашкан Ашна-Таш деген жерде күз күндөрүнүн биринде түндүктөгү Сеет деген өлкөдөн (Чулум тарапта) Өйүз өрөөнүндө бир кыз пайда болот. Сарат деп аталган жерде андан бала төрөлүп, атын Ак Көбүк деп ат коет. Ак Көбүк баатыр Июс (өйүз) өрөөнүн байыр алып жашап калат.

Аң уулап жүргөн Көчүм хан Сеет өлкөсүнөн келген баатыр аялдын адамды таң калтырган заарасынан оюлган жерди көрүп калган эле.

- Мага ылайык аял экен-деп, алмак болот. Бирок кыргыз эли Көтөн ханды чечилип, колдобой кошкан болот. Нөөкөрлөрү ага түз айтып, билдирүүдөн айбыгышып, макул болбостугун туюшуп:

- Бабалардын айткан насаатына караганда, тектүү жердин адамы акылдуу, тексиз жердики акылсыз болуп чыгат, ханым,- дешет. Ага болбой Көтөн хан аялды алып, Каңгыш жана Маңгыш деген эки уулду болот. Алар атасы сыяктуу баатыр болушканы менен көкүрөктөрүндө зээни жок, аңкоо болуп чоңоюшат.

Аң уулап жүргөн Көтөн хан Ак Көбүккө жолугуп калат. Ак Көбүккө кыргыз ханынын аты жакпай, аны «Көчүк» деп шылдыңдаган экен. Көтөн хан үйүнө кайгырып келип, уулдарын өч алууга жөнөтүптүр. Бирок, алардын аңкоолугунан жолдо Ак Көбүк кармап алып, Каңгышты «Оозуну ачып, тишиң менен атылган

[1] Үүс-Июс-Байыркы түрк тилинде «үгүз»-дарыя дегенди билдирет

жаанын жебесин карма»-деп, ал эми Маңгышты Сорос көлүнө киргизип, моюнга чейинки музга тоңдуруп, башын алып таштайт.

Ачуу чындыкты түшүнгөн Көтөн хан эр сайыш мелдешинде Ак Көбүктү найза менен соотун теше сайып өлтүрөт. Көтөн хан кыргыздардын акыркы ханы болгон. Анын көзү өткөн соң монголдор келип, кыргыздарды кырып, сүрүп айдап кеткен делет.

Абышка жомогун бүтүп, жанында кулактарын түрө унчукпай жаткандардын суроосун күтөт.

- Ии, дагы бир жомок айтсаңыз!Анан уктайлы,-дейт кызы.

Жигиттин үндөбөй жатканы да, жомоктун уланышын күткөнү болчу. Жумшак үнү менен абышка кайрадан жомогун улайт.

Абакан өрөөнүндөгү кыргыздарда, үйүз (өйүз) талааларында Арыкбай тайжы жөнүндө уламыш кеңири тараган. Арыкбай тайжынын жалгыз уулу болуптур. Атасынын Абакандагы Саар тоосунун алдында ордосу бар экен. Кыргыз аймагынын жетекчисинин сансыз малы болуп, алардын ичинде байгеге чапчу тулпарларынын үйүрлөрү өзгөчө бөлүнүп турчу экен. Ханзаада атасынын тулпарларын мингенди жакшы көрчү экен. Айрым учурларда ат чабышка да катышчу. Арыкбай тайжи жыл өткөн сайын өзүнүн мурдагы баатырдык сапатын жоготуп, мамлекеттик иштерге, монгол ханы үчүн жыйналуучу салыктарга көз сала албай калат.

Монгол ханы кыргыздардын салыкты өз убагында төлөбөгөндүгүнө каарданып, аскерлери менен Эне-Сай өрөөнүнө келип элди чаап, туткундап, Монголия тарапка алып кетет. Туткунга Арыкбай тайжынын уулу да күрөң кунаны менен кошо түшүп калат. Бөтөн элде, тектүү жерден чыккан уул башкалар менен бирге мал багат. Азап-тозокко толгон жылдар өтөт. Ал таштуу талаада мал кайтарып жүрүп, кураган баш сөөктү таап алат. Ханзаада куу сөөктү карап туруп, атасынын тулпарлары эсине түшө, көзүнөн сала-сала жаш кетет. Үнү кардыгып сагыныч арманын ырга салат:

- «Атиң ай! Кезинде тулпарлыгыңды ким билиптир? Кадырыңа жеткендер болду бекен? Мезгил келгенде менин башым да куу сөөк болуп, кураган чөлдүү талаада калабы? Ата-бабалардын ыйык жери эске түштү. Айласыз туткун болуп, армандамын. Бул баатыр минген тулпардын башы экенин, менин Арыкбай тайжынын уулу экенимди кимдер билмек? –дейт.

Бул кайгылуу ырды уккан сакчылар кабарды Монгол каганына жеткиришет. Каардуу башкаруучу угуп, анын жөнөкөй жигит эмес экенин туят да, «Ырдаган жигитти алдыма алып келгиле!» деп

буйрук берет. Баш кесерлер заматта жигитти дегдеңдетип таап келишет.

- Үйүр ичиндеги тулпарды биле аласынбы?-дейт Монгол ханы.

- Билем-дейт жигит.

- Бүтүндөй талаадагы жылкыларды, үйүр-үйүрү менен айдап келип буга көрсөткүлө!- деп буйрук берет Монгол ханы.

Жигит бардык жылкыларды көрүп сынап, Монгол ханына кайрылат.

- Монгол жылкыларынын ичинен таза кандууларын таппадым. Менин Конгурайдан келген күрөң айгырымдан өтчүүсү жок!- дейт.

Жоопко каарданган хан кыргыз уланын сынап, байкагысы келет да, ат чабыш уюштурат. Ага дербет[1] ханын да чакырат. Монгол ханы ат чабышка өзүнүн тандамал жетимиш күлүгүн кошот. Бирок Арыкбай тайжынын уулу өзүнүн күрөң айгыры менен баарын артка калтырып, марага биринчи келет. Хан ызасына чыдабай, уланды кармоого буйрук берет.

- Улуу хан! Сенин көзүндү май баскан чыныгы тулпарды тааныбайсың,–дейт.

Хан ачуусун баса албай:

- Алгыла башын!-деп өкүм кылат:

- Кууп жетсең, башымы ал. Жигит өз жерине карай тизгин силкет.

Улан Туба аркылуу чаап өтүп, Саяндан ашып, Энe-Сай өрөөнүндөгү Турсун талаасына келип түшет.

Монгол баскынчылыгынан соң Арыкбай тайжы өз элинин аман калгандары менен Сыр тайгасындагы Саар тоого жашынууга аргасыз болот. Ал жерде жан сактап жүрүп, Арыкбай тайжы уулун эстеген санаадан бир топ карып, жүдөп калган эле. Ал түш көрөт. Анда уулу кыргыз жеринин чегине келип калганын туят. Түшүн байбичеси Кара-Сарбыга жоорутат.

- Мунуң түш эмес, аян. Тез, уулубуздун алдын тосуп чык!-деп кеңеш берет.

Абышка атын токуп, Абакандагы Уй тоосун көздөй чаап жөнөйт. Алыстан тулпардын дүбүртүн угат. Андан соң тулпар туягынан чыккан чаңды көрөт.

- Атаке, тулпарым куш сыяктуу учуп баратат. Аны токтото албай калдым. Мени эптеп куткарып кал?-деп уулу алыстан атасын таанып кыйкырат.

---

[1] Дербет-ойрот уруусу

Турмуштан эчендеген окуяларды көрүп, улуу кичүүлөрдөн уккан уламыштарды табырка кылган тажырыйбалуу ата чуркап бара жаткан тулпарды жандай чаап баратып, уулунун бел боосунан кармап, өз атына оодара эңип алат.

Күрөң айгыр зымырык куштай учуп, Улан дарыясынан аркы аскага урунуп өлөт. Ошондон ал тоо « Күрөң айгырдын ак тоосу» аталып калыптыр-деп абышка жомогун аяктап, адатынча жумшак жөтөлөт.

-Дагы бир жомок айтчы? Анан уктайлы. Бир эле, бир эле?

Кызынын көңүлүнөн өтпөгөн ата, кайрадан жомокко кирет.

Илгери, илгери Чулум-Эне-Сай ойдуңундагы Куу-Чөл аталган зор талааны кесе аккан Бөлө дарыясынын боюнда кыргыздын Карынбай («Таш абышка»-деп да айтылат) аттуу өтө бай адамдын ээлиги жайгашыптыр. Анын сансыз жылкылары, кара малы, койлору болуптур. Анын жомоктогудай байлыгы жөнүндөгү даназалар Саян-Алтай, Борбор Азияга тараган экен.

Бир жолу Карынбайга Монголиядан мал сатып алуу үчүн, болбосо тартып алмакка чоң бир бай келет. Монгол байы менен кошо кыргыз жерине малды сынай билчү саяпкер да кошо келиптир. Ал байга жылкы үйүрлөрүнүн артынан араң басып келаткан чабдар кулунду, уйлардын арасынан бир өлөсө торпокту сатып алууга кеңеш берет. Таң калган моңгол байына саяпкер:

- Бүтүндөй малдын пири-кутун, ушул араң сүйрөлүп жүргөн, байкуштар көтөрүп жүрөт. Эгер ушул чабдар кулун менен көк музоону сатып алсаң, малдын ырыскысы сен жакка ооп, монгол жеринде төрт түлүктүн саны көбөйөт, – деп кеңеш берет.

Эч нерседен шек санабаган Карынбайдан соодагер баягы малдарды эки кесик күмүш жамбыга жана эки түрмөк жибек кездемеге сатып алат.

Арадан убакыт өтүп, алиги кулун канаттуу аргымакка, музоо өтө зор көк букага айланып, төрт түлүктүн куту болуп калыптыр. Монгол жергесинде малдын саны көбөйүп, кыргыз жергесинде малга оору тийип, кырыла баштаптыр. Монголдор канаттуу аргымак менен көк буканы качып кетпесин деп, атайын кашага камап, буттарына темир кишен салып кайтарышат экен. Бирок, эркиндикти эңсеген жараткандын укмуштай жаныбарлары Чулум Эне-Сай чөлкөмүнө качууга аракет кылышат.

Карынбайдын эки уулу бар экен. Бири Айош, экинчиси Анош. Улуу баласы монгол ханынын кызына үйлөнөт. Карынбай салт боюнча Айошко малдан энчи, мурас бөлүп берип, Эне-Сай

өрөөнүнө отурукташтырат. Иниси агасынын жаңы алган аялын сүйүп калат. Күндөрдүн биринде Айош аң уулап кеткенде Анош жеңесин өзү менен бирге жашоого көндүрүп, Эне-Сайдын аркы жээгине өтүп, өзөн бойлоп жашап калат. Аң улоодон келип, болгон окуяны билген Айош каарданып, качкындардын артынан түшөт. Бирок, Анош көзгө атар мерген экен. Ал жебе менен агасынын атынын чылбырын теше атыптыр. Ачууланган Айош ат тизгинин буруп, кайра Бөлө көлүнүн боюндагы атасына кетүүгө аргасыз болот. Бул окуядан соң Карынбай уулу жана неберелери менен Ак өйүзгө көчүп барып, Таштуу жол дарыясынын боюна өргөсүн тигип жашап калыптыр.

Жакынкы эле жайдан шерик издеген багыштын үнү угулат.

- Буу-буу,-деген жооп аркы тараптан чыгат.

Абышка башын көтөрүп айланага сересеп салып:

- Кой, тургула! Мезгил болуп калыптыр – деп тура жөнөйт.

Ай шооласы жер бетине тегиз тийип, нуру аймакты жарыткнда үчөө сөздөрүн токтотушуп, түнкү мергенчиликке аттанышчу. Кайберендерден мурун шашып барышып, мерчемдүү жерлердеги далдоо жайларга жайгашышчу. Жигит бүт айбандардын тилин билип, кайберендердин өзүндөй кылып бөкүрүп, мөөрөп, кыйкырып, чочуганын,илбесиндерди, сайраган куштарды так эле айныксыз кылып туурап берер эле. Жырткычтардай улуп, үрө да алчу. Ал кайберен-жаныбарлардын өзүндөй кылып, «бук боло чакырганда» ага жооп кылып, чер токойдун ар тарабынан, жакынкы тоолордон үн алыша кыйкырышып, өздөрү келишчү. Башкалар из, үн кубалап анчылык кылышса, булар бир жайда беймарал жатып алып, чакырышып, тандап атып алышчу.

Атасы да жаш кезинен жетим калып, каршылашкан жоо алдында, чапкында бир элден бир элге туткунга түшүп жүрүп, акырында ушул жерди турак алган экен. Жергиликтүү томаяктын кызын алып, эптеп күн көрүп жүрүп кыздуу болгондо аялы ачкалыктан тумоонун азабынан көз жумганын эскерип, айта берер эле. Жалгыз кызын, кайда барбасын түйүнчөктөй кылып көтөрүп жүрүп асырады. Кийин болочок күйөөнү атасы өзү жактырып, ага берди.

- Кызым, мындай күйөөнү жерди жети айлансаң да таппайсың. Адам эмес, айбандын да сырын билет. Акылсыздарга окшоп, темселеп, чер токойду аралап, агын суу кечип акактап, күчүн, убактысын кетирбейт. Бийдей жатып алып, жанына келгенде туш

келди эмес, тандап атып, мырзадай жатат. Тандалып атылган аң терилерi  кайсыл убакта, кай жерде болбосун дайыма өтүмдүү. Тиричиликке бүйрө, мындай бүлөөдөн эзели эсиң болсо, калба!-деп акылын эрикпей-зерикпей кулагына кумдай куя берүүчү.

А жигитке болсо, намыс үчүн же каадаланып:

-Кызымды, сага ал деп, таңуулабайм Алсан жок дебейм. Кандай бүлөө кылып, тарбиялап алыш өзүңө жараша. Жалаң менин тарбиямда өстү. Эшикке чыгып эркек, үйгө кирип аял болуп, тириликке бүйрө болоруна ишенем. Куштап, асырап алыш сенен. Канчалык кадырласан, өзүңдүн кадырың ошончолук бийик. Кем сукан. Мээңе чай кайнатпайт. Оздукталуу. Ач кадырын, ток кадырын жакшы билип, өтө эле үнөмчүл. Куулук, митаамдыкты билбей, эркек мүнөзүрөөк  болуп өстү,-деп, эки жашка ортомчулук кылып жүрүп, экөөнүн бүлө болорун атасы чечип, бүтүм чыгарган.

Атасы да мергенчилик жайын жакшы билген капканчы болчу. Капкан аңчынын негизги куралы эле. Атасы качан болбосун капкандын чырыш кийизи менен бышык кайыш жибин баса-турса да жанына байланып, түк калтырчу эмес. Барган жайда из карап, катуу жыгач менен заматта кайберең баскан жолдун таманын оюп, капканын кое салып,аны билдирбес үчүн үстүнө турпакты сээп, чөптүн күкүмдөрүн чачып коючу. Ал ээрчите жүргөн кызына капкан жайып түшүндүрүп, зериклей эбиреп-жебиреп айта берчү.

-Капкандын бүтүндөй тетиктерин бириктирген эң астынкы жалпак чара аталат. Ал кош серпөөрдү кыймылга келтирет. Кош кат темири жаак деп аталып, аны тээк кармап турат. Жолдон өткөн жаныбар аңдабастан басканда тээк тайып, жаактын кош серпөөрү кыймылга келип, жаныбардын бутун чабат, деп айтканча орнотуп, капканды чаба кала тургандай кылып заматта орното коер эле. Койгон капканына кайберендердин баары: аюу, карышкыр, түлкү, суур, кашкулак, элик, деги токой ичинде жашоочу кайберендер, илбесиндер  буттарынан түшүп калчу.

Түшкөн аңды алганы барганда дагы:

-Темир капкан сыңар, же жалгыз жаак жана кош жаак болуп бөлүнөт-деп түшүндүрчү.

Темир капканы непада коюлуп калса, башка жайга күбөк[1] капкан койчу. Ал атасы үчүн өтө оңой эле. Жалпак таштын үстүнө экинчи жалпак ташты, сөөмдөй жыгач такап (тээктеп) койчу. Илбесин келип басканда тээкке байланган үстүнкү жалпак таш

[1] Күбөк-таш капкан

тээктен тайып, териси баалуу чычкандар, суусар, майда илбесиндерди басып калчу. Ал эми суусар, кундуздарга күбөк коер эле. Күбөктүн оозу кууш, түп жагы кеңири, терең чуңкур көлөмдө болуп, жаныбар ичине кирип, кайра чыга албай калар эле. Кокустан суу боюна бара калса жууткур салчу. Ал оозу чакан, түп жагы кененирээк болуп, чырпыктардан согулуп жасалчу. Аны көбүн эсе суу ичиндеги кундузду кармоого коер эле. Бардык капкандын алдына сасыткы[2] коюлат. Ал жыттанып, ага илбесиндер келет.

Өзү болсо атасынан жана болочок күйөөсүнөн үйрөнгөн кылтакты мерчемдүү жерлерге коюп (суунун кечүүсүнө, булак көзүнө ж.б.) кекилик, көгүчкөн, чил, жапайы тоок өңдүү илбесиндерди кармап алчу.

Атасы аны да үйрөтүп, көргөзүп айтып берген.

-Кылтак жылкынын куйрук-жалынан кабатталып, же жүндөн майда чыйратылып жасалып, үчтөн, бештен, ондон көзчөлөр чыгарылат дечү.

Түштө же, кечинде суу боюна койсо, суусаган канаттуулар келип, аңдабай бутунан, мойнунан түшүп калаар эле. Байкуштар аябай моо, куулукту билишпейт. Бириси түшүп калып пырпыраса, экинчиси келип ага, жардам берүүгө аракеттенип жатып, анысы да илинип калат. Ошондуктан, кылтак үзүлүп жана сүйрөлүп кетпес үчүн кыл кабатталып, эки учу бышык жыгачтарга керилип байланат. Болбосо эки учунан казыкка бириктирилет. Кылтак да сыңар жана көп көздүү болуп бөлүнөт. Сыңар кылтак көбүн эсе, куш, ителги, жагалмай, каргага ж.б. кармоого пайдаланылат. Деги койчу, үчөө үйдө отуруп да, сыртта жүрүп да илбесинерди көп кармашчу.

* * *

Караңгы киргенге карабай, үзүгө жерден баш көтөрбөй оттогон жандыктарды тегерене байырлаган аял тикесинен тик тура басып жүрдү. Бир аз токтоп тура калса, уйкусу келгидей, анан да катуу суукка кайыгып тоңуп калчуудай. Айлана дүм түшүп, коюу бутак арасынан асман тургай, аркан бою аралык да көрүнбөйт. Кулагына анда-санда бышкырына бырт-бырт чөп үзгөн жандыктардын шабыштары угулат. Алар да үкү, байлуунун «үү-үүлдөгөн» үндөрүнөн сестенишеби, көздөрүн жылтырата баштарын көтөрүшүп, оттобой туруп калышат. Баятан берки корккон аялга эми

---

[2] Сасыткы-өлүмтүк

түн коюланган сайын үкү менен байлуунун үндөрү да эш болуп, «Эмне балакет болуп кетет» - деген тейде улам кийинки үндөрдүн чыгышын пайлап, кулак түрүп жатты.

Жылуу бостекке оронгон эркек бир маалда өзүнө келди. Аңдап караса үйүндө жаткандай. Кулак түрсө, уктаган балдарынын бышылдап дем алышканы угулат. Аялы жок. «Токойдогу малдын жайы кандай болду?» Кабатырланып туруунун аракетин кылды эле, башы тегеренгенинен жатууга аргасыз болду. Бир аз жатып, өзүнө келди. Кайрадан кантип үйүнө келип калганын эстей албай койду. Башы айланып кыйналса да, чарбасын ойлоно берди.

Биринчи айдын башынан эле төл өнөгү башталат. Чарбадарлар үчүн мал төлдөтүү тозоктун тозогу эле. Мал тууруна жакындаганда боездорун бөлүп, астейдил этияттабаса, көз жаздымда калды дегиче, төлдөн кол жуушка туура келет. Арык малдын кээ бирлери жаткан жайында тууп, баласына карабай басып кетсе, башкалары тебелеп коюшу да мүмкүн. Айрымдары кызганчаак келип, тобунан бөлүнө качып барып, далдоого тууйт. Анын чарайнасы жарылбай тумчугуп калышы да бышык. Же төлү, туруунун аракети менен далбаластап ийинге, жар-ташка сойлоп түшкөнүн энеси көрбөй калып, басып кетээри да анык. Энеси жалап кургатпаган, уузуна тойгузбаган төл баары бир мал болбойт. Сынаакы чарбагер малдын бооз-кысырын, качан желинин толтуруп, же толтурбай туушун билет. Малдын жатканынан, баскан-турганынан, өз түгүн өзү жалап, кашынышынан, жүнүнүн үрпөйүшүнөн, тегиздигинен, кулагынын, куйругунун кыймылынан, анан калса тумшугун көтөрүп, көзүнүн алаңдашынан эле баамдап, байкайт. Андыктан, бооз малдын аркасынан көзүн үзбөй акмалап, жатып-турганына сарасеп сала, толгоосу бышканда леп этип жетип барып күчүрткөнтпөй, төлдүн оң болбой туура эмес, тескери келгенин сыдырып, көтөрүп, көлбүп оңдоп-түздөйт. Арыктарга, ач калып, кубаты кеткендер болсо акырын кол салып, тартып алат. Чарайнасын жарып, жаш төлдүн кулагын, мурдун сыгып, кургата үйлөйт. Жөлөп-таяп бутуна турушуна жардам берет.

Мал дегениң тууруна жакын оттобой, өз жаны менен алек болуп калат. Кыйналып тууган малга суу берип, чөп кайсатсаң, заматта суусуну канып, чарайнасы эрте түшүп, тез тоюнат. Баласына көңүл бөлүп, жалап, тез кургатат. Кургаган жаш төл энесинин желинин эмиш үчүн там-туң бутуна туруп, тумшугун көтөрө жалмалап кирет. Аны заматта энесинин ууз сүтүнө тойгузбаса үшүп, оозу карышат. Андайда төлдүн оозун ачып, энесинин желинин саап, жалмалатпаса денеси тоңуп, титиреп калары бышык. Ууз оозанган төлдүн мойну-буттары шалактабай, тез эле ирдене түшүп, энесинин

желинин издеп сүт эмүүнүн аракетинде болот. Уузга тойгондон соң башын чатына катып, уйкуга кирет. Ушундайда ит-куштан сак болбосо, иле качып, көтөрүп кетери да бар. Энесинин ууз сүтү жаш төлдүн ичин тазалап, туңгуч болуп түшөт. Сыз жерде жатып, суук өткөн төлдүн тунгагы катып ичин көптүрөт. Андайда коюнга катып жылытып же чөп кайнатып ичирип, оозуна май салып, ичин алдыруу керектигин малсактаар беш колундай билет. Ушунун баарын ойлоп, көңүлү түтпөгөн майып үшүк алган буттарынын ооруганына карабай, малдын жанына барууга аракеттенди. Ордунан туруп, көкчаначтай чарыгын, малма-малма суу болгон кийимин ичиркене кийинип, босого жакта турган таякты караңгыда боолголоп, эки ачасын балдакка ылайыктап сүйөнө сөкүрөңдөп жөнөдү. Эчендеген катаал шарттарды башынан өткөрүп, эчендеген кыйынчылыктарга ал көндүм эле. Кандай иш болбосун ылайыгына жараша пайнабы менен аткарып келди. «Бардыгы жаратkандын буйругу менен» дечү. Башка эмнени жазса, аны көрбөскө чара жок. Оор азаптарды тартып жүрүп, бекеринен как баш болбогон. Ойлоп көрсө, өмүрүндө эмнелерди гана көрбөдү. Турмушта кайыштай ийленип, бышып бүттү. Чарбаны беш колундай билет. Мал кайсыл маалда арыктап, кайсыл маалда семирээрин, этинен эмнеге азганын, ал тургай кайсыл учурда бошонуп, тезек таштаарын туюп турат. Ошондуктан аны тааныган алыскы-жакынкы коншулары «ылаңдаган малдарын көрсөтүп, канткенде онолуп-түзөлүп кетет»- дешип, кеңеш сурап келе беришет». Анын айтканы айткандай, дегени дегендей аткарылганынан алар аны «Бир өлөөрүн гана билбейт»,-деп, таң калышат. Анткени менен өзү ойлонуп жүрүп, көп нерселерди түк түшүнө албай да койду. Эмнеге жашоодо бирөө бай да, бирөө кедей? Бирөөсү алдуу да, бирөөсү алсыз? Мунун жандырмагын тук билбейт. Өзүн эч убакта байга теңей да албайт. Кокустан бай болуп калса, башкаларды аларчылап басынта албас эле. Ага уяты да, чыдамы да жетмек эмес. Өзүнүн эле аялына, балдарына катуу айткысы келбейт. Ал тургай сырттагы айбандарды да аяй берет. Аны аялы жемелеп:

- Өтө эле боорукерсин. Эркекке окшоп катуураак болсоң боло? Балдарыңы каттуу карма. Мени дале күнөөмө карап жазала. Тилдеп, сөгүп, уруп тур. Болбосо, менин шайтаным семирип кетет,- дейт.

«Кантип эле бирөөнү жөндөн-жөн эле тилдеп, уруш керек?» деп ойлочу. Балдарын түк какыс-кукус кылып пештегиси жок. Көзү барында аларды бозортуп, сомсойтконго жол да бербейт. Шоктонуп, тентектенген балдарын опузалаган аялына сүйлөнүп:

- Булар акылына кирише элек, тыйба,-деп киришет. Аялы да бала жандуу, күйөөсүнүн айтканынан чыкпай, сабыр кыла басып кетет. Тентектенген балдары күнөөлүү күчүктөрдөй жал-жал тиктеше момурашып, ата-энелеринин кабактарын карап турушат да апасы ары басып кетере менен аюунун мамалагындай тоңкочук атышып, маралдын сочоерундай мөөрөшүп, эркелей башташат. Баарынын көңүлү ачылып, жыртык алачыктын ичи кубанычка толо түшөт. Мунун баарын балдагына салмагын сала сороңдоп келе жатып эсине түшүрүп, чыйырга бата түшкөн таякты улам тартканда буттары карга тийип ооруганына карабай ичинен жылмайып, кыштын суугун этибар албады.

Ал алыстан эле сагызгандардын шакылыктап жапыс учканынан улам жүрөгү болк этип, бир балекеттин болгонун болголоп туйду. Шашканынан жаза-буза басып, балдагына чалынып, жер сүзө жыгылып кетти. Өмөчөктөп тура кала буттарынын ооруганына карабай, сөкүрөңдөп алга жүткүндү. Ат чабым алыстагы карарып көрүнгөн токойго чейинки аралык бир күнчүлүк жолдой туюлуп, такыр кадамы арбыбай койду. Жан тери чыга булоолонуп, үстүндөгү кийимдери оор сезилип, араң дегенде токой четине жете келди. Жандыктар чачылып кеткенби же түгөл кырылганбы тирүү мал көрүнбөдү. Этияттап сарсеп салса, анда-санда гана кандуу булоон болуп, бирин-экин томурайган кой-эчкилердин ичегилери чубалып, ар-ар жерде жатат. Чер токой ичиндеги баш-аламан жыгылып жаткан жыгачтарга чалына чуркап, тарбайган бутактарга бети-башын, кийимдерин айрытканын туйбай, ар жерде жандыктардын жансыз денелерин барып кармалайт. Ит-куштар жаңы эле тийгенби, жаткан кой-эчкилердин денелери али муздай элек экен. Чокоюнан чулгоосу булайып чыгып сүйрөлүп, малма-малма суу болгон, буттары какшайт. үшүктөн барсанактаган салааларынан суу чыга, жаны көзүнө көрүнө ооруп жатты. Ага да карабай өлүмтүктөрдү сүйрөп келип, бир жерге топтой баштады. Карга-кузгунга кабар жете элекпи, алар туйгуча беш-алты сагызган келип, өлүмтүктөрдү эми гана чокуй баштаган экен. Чогултуп келсе чоң-кичинесине карабай ондон ашык жандыктын өлүгү топтолду. Калган жандыктар ит-куштан үркүп, чер токойго терендеп кирип кеткен окшойт. Алардын аркасынан кетип, үрккөн жандыктарды тосуп, чогулта албай жүрөбү аялы ити менен көрүнбөйт. Күйүккөнүнө чарчаганы кошул- ташыл боло ырп этерге алы калбай, дарманы куруп, жыгылган жыгач үстүнө отурууга аргасыз болду.

Аялынан кабатыр боло ар тарапты үмүттү тиктеген майып жаратканды

- Жанын аман сактай көр? Шоруму курутуп, кашайта көрбө? – деп улам улам кобурап суранып, шакылыктап учуп келген сагызганга кар тоголоктоп ыргыта.- Ак сүйлө! Ак сүйлө!-деп жазгап, тап берип коет. Сагызгандар да алыс кетпей, өлүмтүктөрдүн жанындагы адамдан айбыгыша, ар-ар жердеги кан-жин сиңген кардан апсыга чокушуп, айланчыктап кетишпейт. Буттарынын сыздап оорутуп чыдатпаганына карабай, кулагын түрө эки тарабын, кээде аркасын улам кылчая карайт. Шор баскан көзү чылпактана электенип, ачкалыктан жана чарчагандыктан дарманы куруп, жака-бели бозоруп, так көрүнбөйт. Отурган жеринен туруууга кубаты келбейт. Тери кургагандан соң бүткөн бою калчылдап үшүй баштады. Жанындагы жыгачтардын бирөө экөө болуп көрүнүп, улам эсин жогото денеси ысып чыкты.

Үркөн жандыктарды чардын, көрүнгөн калдайган бутактардын далдоосунан таап, аларды чогултуп жүрүп суй жыгылган аял кийим кечек, бети-башын бутактарга тилдире кеч бешимде араң баштагы күнкү жайытына кайтып келди. Жандыктардын канчасы өлүп канчасы аман калганы белгисиз. Топтошконун алдыга сала айдаган үндөн улам жалгыз жарым бириндегени шериктерин жоктоп маарай келип, кошулуп жатты. Кой, эчки артында келген аял өзүнөн кабатыр болуп чыккан күйөөсүнүн караанын байкаары менен абалы начардыгын туйду. Эптеп жатып жандыктарды короого жеткирип, күйөөсүн анан алып кетпесе ээсиз калган мал кайра чачылып кетиши мүмкүн-деп, кыжаалаттана, эри келген жолго салып жандыктарды тосмолонгон кашага киргизди да, тынырак эки уулун эча бутакта ашталган жыгач менен ээрчитип келип, абышкасын өзү сүйрөп жеткирди. Андан соң бир нече жолу жаткан тарптардын ичтерин каңтара таштап, этин балдарына эптеп сүйрөтүп көз байланганда алачыгына араң жетишти.

«Тү»-деген түкүрүк жерге түшпөгөн катуу суукта очокко отту улуу жагып, үч эмек тулгага казан асып, өлгөн койдун биринин этин салды. Калгандарын тоңо электе терилеринен этин ажыратып коеюн деп, шапылдата сыйрып, санын сан, колун кол боюнча бүтүн чыгара дубал бетиндеги казыктарга, ала бакандарга илип койду. Ангыча казанга салган эти бышып, шорпонун жагымдуу жыты кепеге толо түштү. Курсактары ачып, өзөктөрү карарган балдары менен ысык шорпо ичишип, даамдуу эттен жешти. Күйөөсүн от боюнда чечинтип, үшүк алган жана канап, айрылган жерлерине аюунун майын шыбап, ысык шорпо ууртатып, терлесин деп жаткырды да, бир азга аларды тиктей ойго батты.

Күйөөсү экөө баш кошкондон соң тез эле катары менен үч уулду болушту. Жашоо деген ушул экен. Бири-бирине эриш аркак

болушуп, байдын малын багышат. Кездемеден тигилген кийим-кечеден гана мукурашпаса, тамак–аштан башкаларга үмүттөнбөй, өз алдыларынча тиричилик өткөрүшөт. Анда–санда байдын үй-бүлөсүнүн эски ускулары тийбесе, көбүн эсе кайберендердин терилерин кургатып ийлеп, каалаган кийимдерди өздөрү тигишет. Короодогу койлорду саап сүтүн ичишип, каймак, май, айран, куруттары арбын эле. Ал тургай кээде мал ээсине арнап курут-майын тартуулашса, алар эстегенде балдарынын эскилерин берип жиберишет. Анан калса, булар турак алган жай малга жайыттуу. Кайберен, канаттууларга ууга чыгышып, аң терилерин салыкка кошо төлөп турушат. Жайы-кышы элге аралашпай мал артында жүрүшүп, ааламдагы жаңылыктарды, айыл ичиндеги кабарларды ат тезегин кургатпай келип турган жасоолдордон угушат. Алар жөн келбей короодогу малды санактан өткөрүшүп, тынбай эсептеп турушат. Жаңы тапшырмаларды беришип, алык–салыкты жыйнап, чоң айылды, сырттагылар менен байланыштырышкан ошолор. Кээде гана күйөөсү кожоюнуна аң терилерин тартуулап же союшуна деп, ириктерди бөлүп айдап барбаса, аны чанда чакырышчу. Жаз, күз эркек токту-козуларды бөлүп, эсебин чыгарганда гана жасоолдорго кошулуп, өздөрүнө окшогон малайлар келбесе, башка жан адам булар турган адырмактуу аймакка келише элек. Күйөөсү айтмакчы, булар балдары менен бир өлкө. Балдары жаш болсо да, ар биринин аткарар милдеттери арбын. Күйөөсү экөө койлорду караса, балдары жаңы туулган козу-улактар менен алек. Мал түйшүгүнүн көптүгүнөн улам жаз, күздүн кантип алмашып кеткенин да туйбай калышат. Мына ушинтип кыш узагына тартып, мезгил катаалдыгы шайды кетирип турат. Ала шалбырт кар кетсе, жерден тап чыгып, жайыттар ачылмак. Мал талаалап көк кууп, желинге сүт кирип, козулар тез тоюнса өлүм-житим, малдан чыгым тартышмак эмес. Катаалына айланган күн качан ачылып, кышы бою жааган кар качан эрип кетет?

Балдарынын үстүндөгү суюлуп кеткен кийиз, талпактарды оңдой кайрадан ойго чумуйт. Мына бүгүн гана күйөөсүнүн абалы шылтоо болуп, баары чогуу бир үйдө. Мындай кездер көпкө созулса кана? Түн терметип уктабай күйөөсүнүн, балдарынын бейкапар тынч дем алгандарын угуп отуруу канчалык жагымдуу. Чоң уулу Кулан, андан кийинкиси Кунан, эң кичиси Музочар. үчөөнүн тең аттарын күйөөсү экөө талашып жүрүп коюшкан. Кандай жагымдуу ысымдар. Өзүнүн ысмы ким экени эсинде жок. Атасы жөн эле Куран деп койчу.

- Ата, эмнеге менин атымды Куран деп койдуңуз?-десе, атасы жылмайып туруп, сен кичинеңде курандай элең. Эч бир жаның тынбай секирип, чуркап жүрчүүсүн,–деп коер эле.

- Эмне, дале Куран боло беремби?

- Өмүр бою Курансың.

- А карыганымдачы?

- Карыганыңда дагы.

- Ай, жылдыз-деп, ат койсоңуз болбойт беле?

- Болот болчу.

- А неге Куран дединиз?

- Ай, жылдыз бир ордунда тура берет. А Куран болсо эч бир тынбай чуркап жүрөт. Чуркаганы ушундай, эч ким жете албайт. Тим эле шамал. А шамалдай учуп күйгөн кызга Куран деген ат кантип жакпайт? Кийин Курандын ээрчиткен улактары болот.

- Жагат дечи. Эмне себептен коюлганын билгим келет? - дечү.

Аял бир азга болсо да, түйшүгүн унута калганында кайрадан тиричилиги эсине түшүп, селт эте ордунан туруууга аргасыз болду.

* * *

Кошчу чоң айылга келсе, ага көңүл бөлгөн эч ким болбоду. Ар кимиси өзү менен алек, келген–кеткендин карааны көп. Бири айылдан чыкпай жатып, тапырата атын чаап кетип жатса, кээлери ат моюндап алыстан келип, ортодогу өргөөгө чогулуп жатышкандыгынан улам бир коога бардыгын боолголоду. Болбосо айыл ичинде ат чапмак тургай, атчан бастырып жүрүү айың көрүнчү. Көбүн эсе алыскы, сырттан келгендер улоолорун четтеги керме арканга аса байлап же калмактарчасынан биринин атынын куюшканына, өз миңгичинин чылбырын чалып коюп, жөө басып келишер эле. Зубун[1], доргo[2] башчыларынын жана аба-аксакал, билермандардын аттарын алган жаш-өспүрүмдөр алардын уруксатсыз эле шапа-шупа мингичтердин жатып оонабасы үчүн басмайылдарын бошотушуп, каңтара байлашчу да, меймандардын алдына түшө, чуркап келишип, чоң өргөөнүн эшигин түрө, колдорун көкүрөктөрүнө ала ийилип калышчу. Адаттан тыш көрүнүштү байкаган Кошчу таң кала анкайды. Аны бирөө: - «Эмнеге келдиң?»

[1] Зубун – калмакча уруу.
[2] Дорго – айыл башчы

деп сурамак тургай, көңүл да бурган жок. Баң-баң[1] зайсандарга[2] дуу-дуулар[3] баш урушуп:

- Мөндү[4], чага[5]

- Мөндү, чагала, - дешип, алдыларына түшө бөйпөңдөй басышып, ортодогу өргөөнү көздөй баштап барып жатышты.

Сундун[6] калдайлар[7] бийик мансаптуулар келгенде этек, жеңдерин түзөп, «мөндүлөшүп» түздөнө туруп калышат.

Көпкө аңкая турган Кошчу мансаптуулардын көздөрүнө көп эле чалдыга бербейин деп, жыла басып, өзүнүн кожоюну-сундуга жолугууга четки өргөөнү тегеренди. Кожоюну ал жакта да жок болуп чыкты. Келээрин келип алып, бир ишти бүтүрбөй кайра кетүүгө мойну жар бербей, бир топко мүрүсүндөгү жүгүн жерге койбой туруп калды. Эч кандай таклиб болбогондон кийин өргөөнүн улагасын туштай отуруп ойлоно кетти.

- Буларга эмне болгон? Алыстан мал баккан кызматчылар келгенде канча аң терилерин алып келгенин, салыктын канчасынан кутулуп, канчасы калганын эсептешип, катка чийишип, анан кожоюнуна жолугууга уруксат берчү нөкөрлөр да көрүнбөйт. Ал тура берип, бутары талып жадаганда четки үйгө баш бакты. Өңдөрү тааныш үч-төрт дорго маңдай-тескей отурушуп, айран ичип жатышыптыр.

«Мөңдү» айтышып, көңүлсүз карамыш болушуп, каада боюнча баш ийкешип тим болушту да, өздөрүнчө кепке киришишти. Кошчу отурбастан кайра сыртка чыгып, чыгдан тушуна чочоё отура кетти. Дорголор кызуулана хорайлардын[8] байлыгын айтып, тамшанып жатышты. Алардын айтымында:

– Конгарай өлкөсүндө байлык тим эле чачылып жатат. Киш терилери ар бири үйдө жыйылып турат дейт. Аны оордунан козгоп, желдетүүгө хорайлар түк маани беришпейт экен.

- Ар бир хорайдын жок дегенде миңден кем эмес кыштымы бар-дейт.

-Ой-эй?

-Ошол үчүн хорайлар киш терилерин сактаганга алейне бир үйдү кыштым аялдарына бөлүп беришет экен.

---

[1] Баң-баң –жогорку даража
[2] Зайсаң-Улуу бийлик
[3] Дуу-дуу – аскердик мансап
[4] Мөндү - саламдашуу
[5] Чага – жүр
[6] Сундун – орто мансаптуу
[7] Калдай - офицер
[8] Хорай – жакынкы элдер кыргыздарды атаган

- Аны бузбай, кантип сакташат?

- Кыш ы менен топтошконун соодагерлердин бу. мдарына керегине ылайык алмашышат. Болгондо да кайсыларга дебейсиңби?

- Ийе?

- Кытай жибектерине, жубарларга[1] ала тамак[2],башайы[3] баалуу кездеме, Бухара, араб, индия буюмдарына, чайга, таттуу жемиштерге, курал-жарак, тамекилерге. Ий, айтып түгөтө алгыс.

- Соодагерлер эмнеге эле хорай жерине жутунушат десе.

- Ооба. Андан алар «муксус», куту, толгон токой буюмдарды алышат.

- Ой-эй!

- Кар кетип, жаз келгенде талааларда алтын-күмүштөр күндүзү күндүн, түндөсү айдын нуруна чагылып чачылып жатат дешет.

- Терип алышат да?

- Үйлөрүнө жакын жайлардагыларды гана теришет дешет.

- Хорайлардын жерине эртерээк жетсек кана.

- Алар өтө кекчил, жырткыч, эч бир жанды аябайт дешет.

- Ошон үчүн баң-баң, зайсаң, дуу-дуулар өзгөчө даярдыктарды көргүлө деп жатышпайбы.

- Качан чыгар экенбиз?

- Алгач ойротторго аттанып, анан ал жакка өтөт экенбиз.

- Эмнеге?

- Ойроттор ортолукта турбайбы.

- Биринчи хонгарайлык кыргыздарды баш ийдирип, анан ойротторго келсек болбойт беле?

- Баары бир ойротторду аралап өтөбүз. Кыргыздар ойротторго баш ийет дешет.

- Жо-ок, монголдорго, ойротторго салык гана төлөшүп, өз жерлерине киргизбей коюшуптур.

- Анан бизди киргизмек беле?

- Монголдор ойрот жерин басып алуу аракетинде. Андыктан кол салышса, кыргыздар да ар тараптан чыгып, монголдордун айласын кетиребиз дешет.

- Кыргыздар бизге жан тартабы?

- Балегеби? Салык алган монголдорду жакшы көрмөк беле?

- Деги кыргыз жерине эртерээк жетсек экен.

- Чаган[4] күндөн соң аттанууга бүтүм чыгарууга чогулушууда.

---

[1] Жубар – асыл таш,

[2] Ала тамак-аялдар мойнуна тагынчу бермет, акак, шуру

[3] Башайы - кездеме

[4] Чаган – жаздын башталышы

- Ал күнгө аз эле калды.

Кошундун жүрөгү болк этти.

– «Кайрадан калба башталат экен да?» Көңүлү алаң боло башы айланды. Акырын билинбейА туруп, жыла баса келген жолуна түштү. Айылдан карааны алыстаган соң алыс жайдагы үйдү көздөй чуркап жөнөдү. Келээр-келгенче жакында боло турган урушту ойлоп кыжалаттана берди. Эптеп жетип, болчу алааматты хонгарайларга эскертпесе, булардын калабалуу казабынан эл бүлүнүп-кырылат. Ал арып-ачып үйүнө келгенден кийин көтөрүп барган аң терилерин далдалоого буюмасы келбей жатып, аялына кеңеш салды.

- Ойроттор хорайларды басып алганы жатыптыр.

- Эмне балекет болуп кетти?

- Байлыгы аларды кызыктырат экен.

- Хорайлар оңойлук менен баш ийип беришпейт.

- Канткенде да, аларга кабар бербесек болбойт.

- Кабарды канткенде жеткиресиң?

- Өзүм барбасам болбойт.

- Сен бара албайсын. Алы-күчүң жок. Жолдо майып болосуң.

- Башка арга жок.

- Канча күндө жетсе болот?

- Төтө жолго салса, бир ай.

- Кайра келишиң да бир ай. Узак жолго жете аласынбы? Ашуулар ачыла элек Анан да жалгыз жүрүү опурталдуу. Жырткычтар талап, сөөгүңдү карга, кузгун жейт - деп аялы айнытуу аракетинде болду.

- Мен өз жанымды ойлосом, байкуш менин туугандарымдын айласы не болот?-деп ачууланды. Корайлардын жакшылыгын унутсам, Көкө-Теңири кечирбейт.

- Макул. Бир шерик тап. Жалгыз жете албайсың.

Күйөөсү бул сөзгө муюп, жумшара түштү.

- Ошону айт.

- Ылайыгын карап көр. Четинди же Тайынды жүр десең, алар ынайбы?

- Ансыз да, алар жаз келээри менен качып кетебиз,- деп жүрүшөт болчу.

- Экөө тең ылайыктуу.

- Малдарын кимге тапшырышат?

- Бири барса, бири калат. Мен келгиче, сага да кол кабыш кылып, караан болот.

- Алар бизге жакын журт которушсун?

- Сүйлөшүп көрөйүн. Сен азык камында бол! – деп үйгө кирбей. бир кесе жуурат жутуп, коңшу жайытты көздөй шаша жөнөдү.

Үйүнөн ат чабым алыс узай бергенде каршы тараптан астындагы улоосун тердетип, Чокун жолукту. Ал алыстан эле саламга да келбей, жекирип кирди.

- Ии? Эмнеге тоготпойсуң? Салыкты өз убагында эмнеге жеткирбейсиң?

- Салыкты алып баргам. Эч бирининин колу бош эмес экен.

- Анан?

- Анан келе бердим.

- Келе бердим. Сундун (орто мансаптуу) сага өзү келеби? Эмнеге күтүп турбадың?

- Талаадагы мал кароосуз калбасын, ит-куш тийбесин деп, шашып кайттым.

- Шашкалагыңды көр сенин. Үтүгүңө шоодай[1] малды карап эле жыргатып койгондурсуң! Кана, канчасын өлтүрүп, канчасын жоготтуң? Төлдүн кирешеси канча болду?

- Жаз катаал болуп. Мал оттон жутап, кырылгандары бар. Ачкачылыктан бала таштаганы да жок эмес.

- Мына кырылып дегин, бала таштап дегин! Муну неге, кожоюнга айтпайсын?

- Айтууга баргам. Анан, үлгүрбөй...

- Үлгүрбөгөнүңдү урдум сенин. Жаз катаал деп, оттон жутады деп, ачкалыктан кырылды деп, бала таштады деп... Өлгөндү, жоготконду; өзүң жегенди да эки эселеп төлөйсүң!

- Кантип төлөйм? Мен атайлап өлтүргөн жокмун. Балдарым да жаш.

- А балдарым жаш-дегин. Эмнеге балдарың жутап өлбөдү? Эмнеге балдарың кырылбайт?

- Татай[2] антип айтпа?

- Чага сундунга. Мунунду укканда ал эмне дээр экен!

- Кой, мени ая? Жоголгонду, өлгөндү күчүм менен төлөп берем?

- Төлөп бербей эле кой! Ансыз да, сен кожоюнга өмүр бою карызсың! Сенин дооң жок. Кожоюндун кулусуң. Катының, балдарың да, баарың кулсуңар. Силерди жазалаш гана керек. Салыкты өз убагында алып барбагандыгың үчүн кожоюн сага элүү камчы буйруду,-деп Чокун ат үстүндө үзөңгүгө тура калып камчы шилтеди.

---

[1] Үтүгүңө шоодай-уят сөздө сөгүнүү

[2] Татай-чочулоо

Кайыштан өрүлгөн, салаадай болгон камчынын көгү, анын жонуна чып-чып тийип жатты. Эки колу менен башын калкалап, камчынын запкысына чыдабай, жаны ачыша:

- Жан соога! Жан соога. Чокун?-деп кыйкыра, аттын алдына кире кала, кэзде тегеренди.

Чокун жаман тончон малчыны жүн сабагандай кылып, атына омуролото камчы чаба берди.

- Мына сага бир. Мына сага эки. Мына сага үч.... Мына сага отуз...

Ал бети-башын корголоп, жылаңач колдору менен төбөсүн жаба камчынын көгүнүн уусуна чыдабай ары-бери чуркап жүрдү. Заматтын ичинде ат үстүндөгү Чокун да жанын аярлап, ала качып жүргөн малчы да акактап тилдери оосдоруна батпай, күшүлдөп-бышылдап демигишти. Качкан жөөнү кубалай улам атын омуролотуп, темингенден мурда эле тердеп келген мингичинин буттары, соорулары титиреп, улам өпкө кага быр – бырэтип, чарчагандан жүрбөй калды. Чаалыккан атына тыным бербей, беркинин төбөсүнө алып жазганган эки колун кармай, камчынын көгүнө алды. Камчынын заары малчынын жонуна өтүп, артылып келип мойнуна, ээгине кулактарына тийип жатты. Камчынын уусунанбы же чарчагандanбы малчы аяк серпип баса албай, демигип бир оорундан жылбай турду.

- Кырк беш, кырк жети, элүү! – деп, беркини түртө сала колун кое берди. Дарманы калбаган малчы кыйган теректей жерге күп этип жыгылып түштү.

- Бул сага салык төлөбөгөндүгүң үчүн. Ал эми малды кыргандыгың үчүн башка жаза,- деп, Чокун оозунун кургаганына карабай, бетинин терин жеңи менен аарчып кыйкырды.

Чокун өпкө каккан атынан түшүп, чылбырды колунан чыгарбай мойну-башындагы терин тумагынын сырты менен аарчый баштады. Өзү да күйүккөнүнөн атындай болуп, быр-быр эте терең дем алып, сулк жаткан малчынын жанына отура кетти. Өзүнүн чарчаганынан улам ишинин оордугун ойлой башын чайкады. Күн-түнү үй бетин көрбөй кожоюнунун тапшырмасы менен «ары чап, бери чап», «аны алып кел, муну алып кел!»,- деген менен кеч киргизет. Кожоюн өзү уктаса да, чабаганчы эшик ага жигиттерин уктатпай, жердин жети түбүнө чейин өлөрүнө, тирилерине карабай жибере берет. «Аны өндүр, муну өндүр», «Айттырбай эле өзүңөр билсеңер болбойбу?». «Иттен айырмаңар жок, силердин», «Мунуңарды Сундун билсе барбы, эмне кылышты өзү билмек»,- деп сөгүп-сөздөп, тыным алдырбай, иш тапшырып турат. «Бөрк ал десе, баш алып», биреөлөргө өктөм сүйлөгөнгө, жазалаганга корстон болуп, «бирди

алып кел» десе экини алып, «айтып кел» десе, айдап келип, өзүн кожоюнга берилген, ишенимдүү киши экендигин көрсөтүүгө жан алекетке түшө аракеттенет. Өзүнүн кылганына өзү корстон. Сыймык көрүп, мойнун керкейтип, башын бийик көтөрүп, чабалдарга менменсинген, амалдууларга ийилип, бөйпөңдөй кошоматтанып жүргөнүнө кушубак. Мына, бир тапшырманы аткарып койду. Эми кожоюнуна жүзү жарык.

Отурган жеринен этегин күүп турду да, жанында көмкөрөсүнөн жаткан малчыны буту менен тээп, оодара карады. Кийген тону камчынын запкысынанбы дал-далынан айрылып, канаган жону айрындыдан карарып көрүнөт. Мойну-башы көк-ала кулагынан, камчы тийип жарылган жерлеринен шүйшүң каны чыккан камчынын көгүнүн изи түшкөн жерлери бүлөдөй болуп шиший баштаптыр. Жаткан адам оор дем ала тиштерин кычырата бирдемелерди сүйлөгөн болот. Качып жүрүп күйүккөнгөбү бети, мойну терлеп жылтырайт. Чокун жаткан адамдан жийиркенгендей серпе тээп, тыныккан атын көздөй басты да, үзөңгүнү тээп, чап мине артын карабай бастырып кетти.

Малчы канча жатканы белгисиз. Алдынан өткөн сыздан, акырын бети-колун жалмаган шамалдан улам эсине келди. Башына муздак жердин сызы өтүп калганбы салмактанып, мойну араң көтөрүлдү. Көзү электенип эч нерсе көрүнбөйт. Соксоң отуруп, жака белине кол созсо, башынан ыргыган тумагы урунду. Аны алып кийсе,башына батпай койду. Кургаган оозун шилекейлеп, өлдөгөн болду да, турууга аракеттенип, эки-үч обдулуп, тура албай койду. Эптеп энкейип, жермелөп жатып турду. Буттары калтырап, өзүн көтөрө албай теңселип араң жылып баратты. Ага үйүнөн да бир ууртам суу ашык көрүнүп, жакынкы өзөндү туспалдай кадам шилтеди. Канча кадам таштап, канча жол арбытканы белгисиз. Бир кезде шылдыраган булак үнү кулагына жагымдуу угулуп, ага жетүүгө буттары чалыштаганына карабай ашыкты. Булак четине жетө келип, чалчык-чөөткө көмкөрөсүнөн түшүп, үзүлө суу жута баштады. Муздак суу тамагынан өткөн соң баятан бери зыңылдап, кангыган башынын оорусу азайгансып, жону, мойнун ачыштыра ысыганы билинип жатты. Оюна биринчи эле үйдөгү балдары түштү.

- Жакшы. Жакшы гана болду,-деди өзүн-өзү табалай жылмая. Кайра ойлоно «Эмнеге?» деп өзүнө-өзү суроо салды.

- Жакшысы, келтек жегенимди балдарым көрбөдү. Байкуш, жанымай! Келтек жеп жатканымды балдарым көрсө барбы?-деп ойлоду да, кайра «Көрсө эмне болмок?» деп өзүнө-өзү суроо берди.

- Көрсө, жүрөктөрү канамак. Адам кейпиндеги жырткычты көрүшүп, коркушмак. Мыкаачылыкты көрүп кыжырлары келмек.

- Кыжырлары келсе, эмне экен?

- Кыжырлары келсеби? Кыжырлары келсе... Ойлонду.

- Чын эле, кыжырлары келсе...-Тапты.

- Жашоодон түңүлүшмөк. Жок. Кантип эле? - деп өзүнүн суроосуна өзү жооп таппай, башы кеңгиреп, ой түбүнө жетпей жатты. Терең оор күрсүнө башы ооругуча ойлонду. Жооп тапты.

- Балдарга жамандыкты көрсөтпөш керек.

- Эмнеге?

- Балдардын күнөөсү жок. Күнөөсү жок пенделер жамандыкты көрмөк тургай, угушу керек эмес. Айрыкча атасынын кыйналганын, жаны ачышканын, онтогонун. Бирөөнүн алдында байкуш болуп... кордолгонун!

Көзүнө жаш тегерене түштү. Ээрдин кырча тиштеди.

– Бул теңчилик эмес. Көз көрүнө кор болду. Атанын ыйлаганын, көз жашын бала көрбөш керек. Атасы менен бала дайыма сыймыктануусу тийиш. Мен атамдай болом деп өссө, жакшы атанын баласы эч бир кор болбойт.

- Кандай ата жакшы ата?

- Эч кимге мүнкүрөбөгөн. Бирөөдөн жалтанбаган, эч нерседен коркпогон. Мерген, уста, мээнеткеч. Оңой оокатты ойлобогон. Уурулук кылбаган. Дагы? Дагы боорукер, ак көңүл, мээримдүү, жалган айтпаган.

- Андай адамдар барбы?

- Бар.

- Кайда?

- Болсо керек.

- Болсо керек... Жомоктобу?

- Жок. Турмушта болуш керек...-Башы тумандап кетти.

- Кой, эмнени ойлоп жатам? үйгө жетүүнүн аракетин кылайын.

- Кантип балдарыңа көрүнөсүң?

- Ийи?

- Балдарың эмне болду дебейби?

- ...жардан түшүп кеттим десемчи?

- Жалган айтканыңды, алар билип койсочу?

- Чындыкты айтам.

- Балдарың сени алсыз, коркок, кантип кол кайры кылбадың дешпейби?

- Ошентет. Өгүш!-Сор үшкүрдү. Оозунан көк түтүн чыга түштү.

- Ушинтип жашаган да курусун. Ушундан көрө... Жан кыйса кантет?

- Жан кыйса? Балдары, аялы кантет?

- Анда жашаш керек экен.

- Кантип? Минтип жашоого болбойт.

- Эмн- кылуу керек?

- Эркиндик изде! Бактыңды изде!

- Ал кайда?

- Бар. Ал бар ойроттор айткан Хорой,Коңурай кыргыз жеринде.

- Аларга сен батасыңбы?

- Батам.

- Кантип?

- Каным кыргыз, задим кыргыз.

- Кыргыз?

– Ооба, насили кыргызмын!

Малчы түн бир оокумда үйүнө келди. Аялы кабатыр боло отту өчүрбөй, очок боюнда отуруптур.

-Барсынбы деги?

-Бармын.

-Эмне кечиктин?

-Кожоюндун адамдары келип сабап кетти?

* * *

Кошундун Коңурай жерине баруу жөнүндө ою оңкосунан кетти. Чоң айылга барып, шашылып келгенден соңку окуядан улам өңү таанылбай, эти шишип кетти. Мойну, жонунан сары суу чыга, купчөктөй болуп жатып калды. Болгондо да, ага кошул-ташыл боло, кан түкүрдү. Аялы жаңы териге ороп жатып, камчынын уусун эптеп кетирди. Кийинки оорусун кагын дешти. Баягы, буту-колдорун үшүк алдыргандын салдары окшойт. Жаз келип, жер көпкөнгө кайра козголгонбу бүткөн бою шалдырап жатып калды. Тынымсыз тык-тык жөтөлүп, эти от менен жалын. Эптеп эсине келип, аялына карандай кара сууну кайнатып берүүсүн өтүндү. Кара чөгүн очоктон түшпөй, суу күнү-түнү шарактап турду. Карандай суу ичүүдөн арыктап, сүлдөрү эле калды. Алка-шалка тердегенинен улам суу кайнам убакыттын ичинде жамынчуусун алмаштырууга туура келет. Омурткалары саналып, сынган кабыргаларынын ийрейип бүткөн жерлеринен бери айкын көрүнөт. Мурун эс учун билбей жата берүүчү ноокас эми денеси титиреп, делбелене тура калып, ар нерсени дөөрүп, сүйлөй берчү болду. Аялы көз ирмемге да аны таштап кете албай калды. Чарчаганынан көзү илинип кетсе, ал тура кала жылаңач боюнча бир нерселерди сүйлөй сыртка чуркап жөнөйт. Андыктан аны жамынчу менен ороп, улам ачылган жерин кымтылай тикирейип тиктеп отурууга туура келди. Күнү-түнү күйөөсү менен алек болуп, уйку көрбөдү. Кышы менен үйгө батпай

чаң-тополоң сала шоктонгон балдары керекке жарап, мал артында жүрүштү. Кечке жаш төлдөрдү карашып мал артында болушуп, анча-мынча сүттүү кой-эчкилерди талаадан тутуп саап, ичишип, талаадан тапкандарын жешип, кеч киргенде короого келишет. Жандыктарды бир бөлөк, козу-улактарды бир бөлөк камашып, апасы даярдаган тамактан шам-шум этишип, чарчашканынан баш көтөрүүгө алдары келбей, тез эле уйкуга кетишет.

Көкө Теңир жибергенби же жин-шайтандар кабар бергенби, бир күнү капылеттен чоң айылдагы бакшы өзү эле оорулуунун үстүнө кирип келди. Аны үй ээси таанып, аябай сүйүндү. Учурашуудан соң күйөөсүнүн абалын эбиреп-жебиреп сүйлөп жатты. Бакшы анын кебине сарсеп салбай, колундагыларын шалдырата, денесин титиретип, үйдүн ичин бир сыйра кыдырып чыгып, ноокастын баш-аягын сыдыра келип, тык токтоду да, колун созуп, Көкө Теңири менен сүйлөшө баштады. Ордунан шарт тура кала үй ичиндеги шайтандарды айдап сыртка чыкты. Бакшынын айтуусунда күйөөсүнүн жанын жин-шайтандар капчалда (бийик зоо) кармап турушуптур. Аны бирөө барып алып келиш керек.-Ким барат? Барган киши жин-шайтандардын кайда экенин билбейт. Аларга жолукканда да, анын жанын баары бир ага бербейт. Андыктан бакшы гана барыш керек. А бакшыга барууга жакшы улоо керек. Аял улоону кайдан табат? Аргасы куруган аял ары ойлонуп бери ойлонуп ат кунуна барабар белек берүүнү чечти. Эмне, күйөөсү аман калса, андай баалуу аң терилердин эчёнин табат. Салыктан кутулуу үчүн чоң айылга күйөөсү алып барган аң терилеринин бир тобун бекиткен жеринен алып чыкты. Аны көргөн бакшынын көзү күлүңдөп, уурту тартыла түштү. Бакшы барып, күйөөсүнүн жанын алып жүргөн жин-шайтандарды бул жакка кубалайт. Андыктан күйөөсүн оттон алысыраак жаткырууну, болбосо эшикке алып чыгууну улам кайталап, дайындап жатты.

Бакшы кеткен соң аял күйөөсүн сыртка көтөрүп чыгарды да, үйгө жөлөй күнөскө отургузуп, очоктогу күлдү чыгарып, үй ичин бир сыйра тазалай төшөнчү, жамынчыларды күүп, күнгө жайды. Бир топко тиричилик менен алек болуп, күйөөсүнүн жанына келгенде ал шалдыраган колдорун көтөрүүгө кубаты келбей, көздөрүн ирмегилеп өзүнө чакыргандай болду. Леп этип жетип барса, мууну кеткен оң колун көтөрүп. карма дегендей белги берди. Манжаларын кармаса, ал колун тартып алып, муштумун түйүп, билегин сунду.

- Тамырыңды кармайынбы?

Кошун башын ийкеди. Эти качкан билектин тамыры араң согот. Күйөөсү алаканын ачып, манжаларын көрсөттү.

- Тамырыңдын сокконун санайынбы? Ал дагы баш ийкеди.

- Бир, эки, үч, төрт, беш...

Ал экинчи колун сунду. Сол билегиндеги тамырын кармады да санай баштады. Бир, эки...

Кошун жаагын таяна башын ийкеди.

- Канча күн жаттым дейсинби?-Ал башын ийкеди.

Эстеп санаса отуз күн экен.

Оорулу башын ийкеп, бети, мойнун сылады. Ал канча күн тердедим? дегени экен.

- Күнү-түнү тынбай терледиң.

Оозун ачып, тилин көрсөттү. Ысык суудан тилдери агарып, бышара оюлуп кетиптир.

-Тилдериң агарып кетиптир.

Тилин бултайтып чыгара башын чайкады да, бармагын көрсөттү.

Анысы, эми мен өлбөйм, оңолуп кетем дегени эле. Бакшы барып, күйөөсүнүн жанын алып жүргөн жин-шайтандарды таап, бул тарапка кубалаган окшойт – деп ойлоду аялы.

Кошундун айтуусу боюнча аялы күн сайын төрт-беш маал кайнак сууну кара кесеге куюп, бир уртам жандыктын сүтүнөн кошуп, бозомук ак суу кылып бере берди. Андан кийин күн-түн алмашкан соң сууга чымчым талкан кошуп, кайнатып берип жүрдү. Күйөөсү күндөн-күнгө тыныгып, аягына туруп, эшикке өзү басып-кирип калды. Эми тердегени азайып, анын айтуусунда денеси карандай сууга тазаланды. Дагы да жакшы болушу үчүн катын-балдарына суур тутуп келүүлөрүн тапшырды. Аялы талаага барып, балдарына кылтак коюп, суур тутууну, итке алдырууну үйрөткөнчө жаа менен күн сайын суур атып келип, терисин сыйрып алып, күйөөсүнө этинен аз аздан кайнатып берчү болду. Күйөөсү убакыт өткөн сайын оңолуп, балдары менен бирге талаага чыгат. Күн сайын эрте менен өзүнүн тамырын өзү кармап, карандай кайнак суу ичүүнү токтотуп, суурдун шорпосу менен этин жегенден соң суусундукка сүт иче баштады. Эки ай дегенде куландай соо болуп, баштагы калыбына келди. Канча тоо-токойлорду аралабасын чарчаганды билбей, аңчылыкка киришип кетти. Балдарынын ар бирине жаа жасап берип, атуунун ыктарын үйрөттү. Жебеге ылайык чырпыктарды учтап, аны как кылып кургатууну, акырындык менен үйрөтө берди. Балдары жакынкы буталарды, канаттууларды атканга кызыга көнүгө беришти.

Кошун Коңурай жерине бала-чакасы менен биротоло кетүүнү чечти. Оюн аялына билдирсе, ал алда эмне болот деп кабатырлана берди. Ошонун ортосунда кожоюнунун жардамчысы Чокун эки курдай келип, малчынын өлүк-тирик ортосунда адам таанбай

жатканын көрүп, үнчукпастан бастырып кеткен. Кийинки келишинде мал жайытта болгондуктан короодогу малдын санын аларын жоголгон-өлгөндөрүн кайдан болсун таап, ордуларына коюларын эскерткен эле. Эми келсе ай-үйгө келбей, өз билгенин кылаарын Кошун туйду. Анын үстүнө аялынан балдарынын канча жашта экенидиктерин улам-улам тактап сураптыр. Бир шойкомду чыгарары бышык. Эртерээк үлгүрбөсө, кийин кеч болуп калышы да мүмкүн. Аялына жол азык камдатып, күн сайын балдарын алыскы аскаларды аралата адам бара албас жайытка жандыктарды айдап кетүүлөрүн эскертип жатты. Бир күнү коңшу жайыттагы Четин менен Тайынды чакыртып, өзүнүн бул жайдан кетерин ачык айтты.

- Балдар, менин башыма иш түштү. Жаздагы ала-шалбыртта короодогу мал жуттан өзөрүп, ачкалыктан чыгым тартты. Анысы аз келгенсип, жырткычтар тийип, ысырап болду. Өзөргөн мал ара тууп, козу-улак жөнүгө албай, төл кирешеси да абат болбоду.

- Жут, өлет бир эле сен караган малга эле тийбеди. Бардык жайда ушундай – деди Четин.

- Биздин короодо да киреше начар. Жуттан көп жандык кырылды,-деп кошумчалады Тайын.

- Сенин, кабатырланышың да туура. Кожоюн баары бир аларды бизден төлөтөрү анык.

Үзүкчүлүктөгү жут, өлеттү биз колубуз менен кылган жокпуз го акыры? – деди Тайын безилдей.

- Кожоюндун напсиси бузук экени баарыбызга эле маалым. Ага түлкүдөй болуп жайпаңдап, Чокун эки эселентип угузарын да билебиз, – деди Четин.

- Булардан төлөп кутулбасак, башка арга жок-деди мукурай Тайын.

- Кантип төлөйбүз? Эмнелерди беребиз? – деди Четин ордунан тура кала.

- Сен экөөбүздүн коколой башыбыздан башка эч нерсебиз жок. Ал эми Кошундун балдары бар,-деп айтып алып, Четин чочуп кетти. Ал Кошунду уурдана тиктеп, үнчукпай калды.

- Мен, балдарымды жамандыкка ыраа көрбөйм. Өзүм да, өмүрүм өткөнчө эрксиз болуп, колдон колго өтүп келе жатам. Бул жашоодон тойдум. Балдарымды сактап калышым керек.

- Кантип сактай аласың? – деди боор ачый Тайын.

- Балдарымды алып качам.

- Кайда? – деди чочуй Четин.

- Кожоюн жерге кирсең төбөңдөн, асманга чыксаң бутуңдан тартып алат. Анын колу узун. Кайда болсун жетет,-деди Тайын.

- Ошондуктан, алыс жайга кетишибиз керек!

- Кайда бар алыс жай? Жер кенен болгону менен биздин төрт тарабыбыз тосулуу о?-деди мукурай Четин

- Эмнеге?

- Бизди көрүшкөндөр, кулдар качышыптыр дешет.

- Ошондуктан, көрүнбөстүн аракетин кылып, эптеп жетишибиз керек.

- Кайда?

- Хорай кыргыздарга.

- Кожоюн билсе, ал жактан да карматып келет,-деди көзү алаңдаган Тайын

- Таптырбай кетүүнүн айласы барбы?-деди Четин, оор үшкүрүнө

- Бар. Биз кыргызбыз. Аман-эсен жетип алсак, аларга ачыгын айтабыз,-деди чечкиндүү Кошун

- Эмне деп?-Сүйүнгөн Четин. Шашыла суроо берди.

- Тууган сөөгүн кордобойт дейбиз.

- Кайсыл уруудан экенибизди билбейбиз, - дешип экөө бирин-бири караштары.

- Мен, уруумду билем.

- Кайсы уруудансын?

- Төөлөстөнсүн дешчү, мени кичинемде билгендэр.

- Анда биз да төөлөстөнбүз,– дешти экөө кубана.

- Деги, ата-конушубуз жөнүндө айтчы?-дешип, экөө тең обдула ордуларынан эңиле тура калышып.

- Оо..., -деди Кошун.Анын эсине бала кезинде уккан тоо, таш, жер, суу, көкүрөгүнө келе калды. Оюна туулган жери, балалык кези элестеди Кошунга.

Миңсуу ойдуңундагы таш курчалып курулган көрүстөндөрдү жана жазуусу бар чулу таштарды тээ ата-бабалардан же кыргыздардан калган эстеликтер дешчү. Анда «кыргыз сөөктөрү» деп аталган ого эле көп көрүстөндөрдүн тобу бар деп айтышчу. Жергиликтүү калк бул эстеликтерди кадырлап мамиле кылышар эле. Алар кыргыз бейиттерине жакындаганда, айрыкча айылга келин болуп келгендер жүгүнүшүп, шараптан ырымдап чачып сыйынууну адатка айландырышкан. Эгер бейиттерге жакын үй тигип жашаса, кыргыздардын аркы дүйнөдөгү арбактары кыжыры кайнап, аларга капилеттен оору тийет. Аны шамандын дубасы менен гана айыктырууга болот деп айтышчу. Бул дөбөлөр, көрүстөндөр тагыраак айтканда, монгол жапырыгына чейинки доордо, тагыраак айтканда «кыргыз доору» деп аталган учурда пайда болгондугун карыялар айтып калышчу.

Түштүк Сибирдин түрк элдеринин байыркы легендалары менен санжыраларында да мындай Ортоңку Энэ-Сай өрөөнү гана эмес, бүтүндөй Саян-Алтай аймагынын эзелки түпкү тургундары катары көрсөтүлөт. Кыргыздар Саян-Алтай аймагында дарактар али жер бетине чыга элек кезде, кийинки мезгилде эле жашап келишкен дешет. Кыргыздар өз энесинин атын түпкү энеси болгон «Кар кыздан» [illegible] чыккан деп айтышкан. Кытай жылнаамасы (XIII к. Юань Ши; Энэ-Сай кыргыздары жөнүндө «Хэнь (кытай) жеринин 40 миң Усо жеринин (Усо дарыясынын өрөөнү) [illegible] тутумунда [illegible] баштап [illegible] маалыматты жазып калтырган). (Ал эми кийинки элдин тарыхый санжыралары жана уламыштары боюнча кыргыз эли Кыргыз хан деген мамлекетти негиздешкен: мамлекеттин башчысынын ордосу бир маалымат боюнча Энэ-Сай өрөөнүндө (Эрбэ [illegible] Ак [illegible] тоосу), экинчи маалыматта [illegible] өрөөнүндө [illegible] болгон экен). Кыргыздар көп жерлерди [illegible] менен [illegible]. Үйүс (Июс) өрөөнүндөгү [illegible] жерлер азыр да «кыргыз [illegible]лору» деп аталат. [illegible] чөлкөмдүү, кумдуу жерлерде жаткан [illegible] эзелки кыргыздардын [illegible] маалым. Алар [illegible] эмес. [illegible] «Суу кыргыз» деп аташкан. Темир кени [illegible] Алтайдын [illegible] дөбө-дөбө [illegible] жерлер «Кыргыздар узанган жер» деп аталат). Чоюндун [illegible], [illegible] буюмдарды жасай билишкен. Дөңгөлөктүү арабаларды да пайдаланышкан. Кыргыздар олуттуу эл болгондуктан, кийинки [illegible] «Кыргыздан кыргын чыкты» — «Кыргыз эрдиги» деген накыл сөз бекер айтылбагандыр. Монгол тилдүү элдерде кыргыз (хиргис) деген [illegible] «каардуу», «жаалдуу» адамдардын тукумдары маалым. Саян-Алтай аймагынын түрк элдери — [illegible], алтайлыктар, шорлор жана [illegible] кыргыздардын каардуу [illegible] эстеринде сактап, уламыш, легендаларында айтып келишкен улуулардан [illegible] [illegible] айтып келишчү.

Кошун бала кезинде чоңдордон уккан ата-журту жана андагы [illegible] туугандары тууралуу [illegible] айта берет. Айткан сайын кайра-кайра [illegible] калган [illegible] сөзүн жебирэп-жебиреп [illegible], эстегенине [illegible] жанындагылары [illegible]. Бирок [illegible] [illegible] дүйнө ата-бабаларынын тарыхы тууралуу биринин тилинен, биринин [illegible] эмес. Ал тургай ошол улуулардан [illegible] суу, адам [illegible] тааныш, [illegible] менен кошо

басып-жүрүп, аз болсо да бирге жашагандай туюлуп өзүнө өзү ыраазы болуп, кубанып, улам эргип, мээсиндеги ойлор башына батпай, бүткөн бадани чымырап, кан тамырлары кадимкидей лукулдап, жүрөгү лук-лук согуп, өпкөсү көөп чыкчу.

Кошуп бала кезинде билген бир топту кижиндер деп калышчу чоңдор. Алардын айтышында кижиндер Асылбай дегендин жалгыз кызынан тарашат. Аны Темир толук (Кузнецк) жигиттер уурдап кетишкен. Кыз ал жакта эки жылдан ашык туруп калат. Ал жолго азык камдап, үйүн көздөй ·туткундан качып чыгат. Баатыр өрөөнүндөгү Балык таш дарыясына келгенде толгоосу кармап, Асылбайдын кызы уул төрөйт. Аны жалбыракка ороп, четин дарагына илип туруп:

«Эгер сенин бактың болсо, өлбөй жигит болуп чоңоерсун» деп айтып, жолун улантат. Атасынын үйүнө араң жетип жыгылат. Кийин эсине келип, үйүндөгүлөргө башынан өткөн окуларды баяндап берет.

Асылбай абышка окуяны угуп, атын токуп, бала калган жерди издеп жөнөйт. Балык ташка жеткенде четте илинип турган баланы, анын жанында жүргөн бүркүттү көрөт. Даракка асылып чыккан абышка наристенин тирүү, дени соо экендигин, бүркүттүн ага тамак берип, багып жатканын көрүп, таң калат. Небересине «Жалбырак» деген ысым берет. Андан тараган урук «кижин» (бүркүт) аталып калыптыр. Ошондон улам кижиндердин урук дарагы четин, сыйынган тоосу Балык таш болуп калыптыр.

Экинчи бир топту бука уругунан дешчү. Анын себеби да бар. Эне-Сай өрөөнүндөгү Күнү тоосунда кедей чарба, көк музоосунан башка эч нерсеси жок Кунари аттуу кыз жашаптыр. Күндөрдүн биринде Алтай тараптан жоо каптап кирип, элди Коңурай өлкөсүнөн чет тарапка, кулдукка айдап кетишет. Кунари музоосу менен туткунга түшүп калат. Бир нече жыл өткөн соң музоо кылыч сымал мүйүздүү көк бука болуп чоңоют. Аны моңолдордогу көзү ачыктар билишип,-«касиеттүү ухар[1]» дешчү. Ал төрт түлүктүн молчулугун колдогон касиетке ээ болот. Көк бука бөкүргөндө анын үнүнөн эле уйлар төлдөй баштайт. Алтайдын өрөөндөрү малга толуп кетет. Жаз айларынын бир күнүндө көк бука көлөкөдө уйкуда жатса, анын мүйүзүнө талаа булбулу келип конуп, ата-журт жөнүндө ырдап кетет. Ырды уккан буканын жүрөгүнө Коңурай мекенин сагынуу сезими ойгонуп, өкүрүп-мөөрөй баштайт.

Көк бука Кунарини жонуна мингизип алып, тайганы аралап Эне-Сайга карай бет алат. Абаканды ашып, капчалдардан[2] өтүп, Баатыр

---

[1] Ухар-моңолчо-өгүз, бодо, мал

[2] Капчал-моңолчо-тар капчыгай

өрөөнүнө келип түшөт. Кубанган бука күч менен бөкүрө баштаганда рөөндүн уйлары төлдөй баштайт. Буга таң калган сагайлар аркан менен көк буканы байлемакчы болушканда бука жиптерди бырын-чырын кылып үзүп салат. Көк бука Эне-Сайга келгенде ага килейген аюу кол салат. Экөө катуу кармашып, тайганын жырткыч айбаны буканын карынын жарып салат. Бирок, көк бука да кылычтай мүйүзү менен аюуну жерге кадап салыптыр. Жарадар болуп, кансыраган көк бука өз кыштоосуна жетип келет. Анын аккан канынан Көк суу пайда болот. Куну тоосунун этегине жетип, бука ташка айланып калыптыр. Көк буканын жардамы менен Алтай туткунунан кутулган Кунари өз уругуна «бука»-деп ат коет. Жергиликтүү кызылдардын уруулук бирикмесине киришкен бука уругунун өкүлдөрү үч жылда бир таш эстеликке «көк бука ташка» курмандык чалып, түлөө өткөрүп калышыптыр.

Жер аттарынын аталышттары да тээ илгерки согуштарга байланыштуу эле. Кыргыздар Кара жана Ак үйүз дарыяларынын ортолугун байыр алышат. Арча тоо кыркаларынын бийик чокуларына коргонуу сепилдерин куруп, кароолдорду коюшат. Чалап–суу дарыясына чукул жерге жоокерлер узундугу беш чакырым келген терең аңдарды казышат. Бул аңды (Чалап-суу сепилин) бир эле түндө казып, даярдап бүтүрүшөт. Ушул жерде кыргыз жоокерлеринин башчыларынын ордосу жайгашкан болчу. Арадан бир аз күндөр өткөндө душмандар тарабынан элчилер келип, баш ийип берүүлөрөн талап кылышат. Эл көз каранды болуудан баш тартышат. Жоопту уккандан сон душман аскерлери Кара үйүз дарыясына жакындап келишет. Тоолуу-Хорайдын эр жүрөк жоокерлери жебелерди жамгырдай жаадырып, жоону тоолордон тосуп алышат. Салгылашууда эки тарап тең чоң жоготууга учурайт. Курман болгон хонгордук кыргыздардын сөөктөрү Аштык-Кыр тоосунун этегине коюлат. Ал бейиттер азыр да «кыргыз көрүстөндөрү» деп аталат.

Коңурай эли Алтайдын аркы тарабына-Кыргыз жерине (Теңир-тоого) журт которууну чечишет. Алар алтын, күмүш идиш-аяк сыяктуу үй буюмдарын жасаш боюнча башка элдер арасында өзгөчө даңкталышчу. Журт которуунун алдында алар өз байлыктарын «Корай ашуу» – деген ашууга жакын жердеги Сарыкыр тоосунун этегине көөмп кетишиптир. Анан Ак үйүз дарыясын тогуз күн, тогуз түн кечип өтүшөт. Ошондон бери ал жер «Кыргыз кечүүсү» деп аталып калат.

Ошол кечүүдөн алыс эмес жерде Мекенинен ажырап, кайгы-муңга батып, шейит болгон Көзанак кыздын бейити бар. Ал кырылган жоокерлердин арасынан бир жума бою өзүнүн сүйгөн

жигитин издеп, такыр таппай кайгыдан көз жумат. Кийин ал жердеги эл Көзанак кыздын бейитин сыйынышып, ыйык дешип, ага жыл сайын атайлап арнап курмандык чалышат экен.

Корай эли түштүккө Темирлүү Ала-Тоосу (Кузнецк) аркылуу кетишет. Көч мезгилинде Сыгда жана Сыбы аттуу эки эркек балалуу аял тайгада жашынып калышат. Алар Улан дарыясынын жогорку агымында узак убакыт бою жашашып, кийин Үйүз түздүгүнө келип туруп калышат. Кыргыздар өз жерине кетишкенден соң Үйүз жана Абакан өрөөндөрүндө айрым уруктар жана уруулардын окүлдөрү калышкан болот. Алардан кийин шуштар, кызылдар, ажыгдар куралат. Мунун баарын аксакалдар балдарга жомоктотуп айтып беришчү.

Абакан өрөөнүндө Уйбат деген жерде жарык дүйнөгө келген Акмузоо деген баатыр боз улан жөнүндөгү уламышта ал башкалардан тентек мүнөзү жана кара күчү менен айырмаланчу экен. Жума күнү анын энеси каймактан кошуп ботко жасап жаткан эле. Акмузоо алыска жер кыдырганга чыкмакчы болуп калат. Эски салт боюнча «жуманын үчүнчү күнү кырсык болот» дешип, сапарга чыгышчу эмес. Энесинин каршы болгонуна карабай, баатыр боз улан «Кудайдын бардык күндөрү бирдей» деп жолго чыга берет. Өз баласын жолдон токтото албаган эне бышырып жаткан боткодон идишке салып, ээрдин канжыгасына байлап берет. Ал Саксар тоосуна көтөрүлүп, Ыйык тоосунда турган жоо аскерлерин байкап калат.

Куюл тоосунун үстүндөгү салынган сепилдерге жашынган жоо аскерлери жаа менен жакын келген элди элеп, тынбай атып турушкан эле. Ачууланган Акмузоо жаасын тартканда атылган жебе ыйык тоону тешип өтөт. Жебе тийип кулаган аска «Ак музоо аткан тоо» деп аталып калат. Душмандын аскерлери чилдей тарап, качып жөнөйт. Алардын артынан Акмузоо кууп алат. Терең-Өзөн башталган жердеги ыйык тоонун тушунан Акмузоо аргымагы менен Абакан дарыясынан секирип өтмөк болот. Аргымак секиргенде алдынкы туяктары кургакка тармашып, арткы буттары сууда калат. Ушул учурла ээрдеги ысык ботко аргымактын соорусуна куюлуп, эки алдынкы аягына жабыла төгүлөт. Бутары күйгөн аргымак мүдүрүлө жыгылат. Ат үстүнөн Акмузоо жерге кулап түшөр замат аны жоо аскери курчап алат. Бала баатыр акыркы мүмкүнчүлүгүнө чейин алар менен салгылашып жатып курман болот. Жоонун башчысы Монгол ханы канжары менен Акмузоонун көкүрөгүн жарып, таң калат. Анын жүрөгүнүн түктүү экенин көрөт. Элде эч нерседен тартынбаган адамды «жүрөгүндө жалы бар эр» деп

айтышат эмеспи. Терең-Өзөн капчыгайында Акмузоонун денеси таш болуп, ушул күнгө чейин каткан боюнча турат дешет.

Жаа согушу күчөп турган мезгилде Табат дарысынын өрөөнүндө Бөлтүрүк аттуу данктуу баатыр жашаптыр. Анын аялы менен баласынын турпаты да алп болуптур. Аң уулаганээлигине Табаттын жогорку агымы жана ушул эле дарыяга жанаша жайгашкан чөлдүү жерлер кирген.

Бөлтүрүк баатырдын уулу да зор балбан болот. Бир жолу баткакка батып калган буканы тогуз адам чыгара албай жатканын көрүп, ал бир колу менен эле мүйүздөн алып сүйрөп чыкканын эл аңыз кеп катары айтып жүрүшөт. Анын эбегейсиз алп күчү жөнүндөгү кабар бүткүл Абакан өрөөнүнө тараптыр. Ошол мезгилде Абакандын жогорку агымында сарылар уругунан чыккан Чалбарт аттуу кара шаман жашаптыр. Анын тогуз бабынын бири колодон жасалган экен. Чалбарт Бөлтүрүктүн атагын ичи тардык менен кабыл алат. Ал жаш баатырды өзүнүн күчүн сыноо үчүн күрөшкө чакырмакчы болот. Чалбарт Табат өрөөнүнө келет да, белбоо байланып, күрөшүүнү сунуш этет. Шарт боюнча жеңилген тарап өз букаларын жеңген тарапка берүүгө милдеттүү болот. Чалбарт биринчи көтөрүп чапканда Бөлтүрүк жыгылбай туруп калат. Андан соң жаш баатыр Чалбартты белбоодон алып, жерге чапканда шамандын кабыргасы сынат. Бул окуядан кийин Бөлтүрүк жана анын уругунун данкы дагы алыска тарайт. Жеңилген Чалбарт үйүнө кайтып келип, өч алуу туурасында ойлоно баштайт. Тогуз күн, тогуз түн шаман күчтөрүн топтоп, акыркы күнү тогузунчу коло бабы менен дубалаганда ал дуба Бөлтүрүктүн жүрөгүнө барып тийип, баатыр каза табат.

Ушул учурда Бөлтүрүктүн атасы аң улоодон кайтып келе жаткан экен. Ал Сибир тоодон үч эликти көрүп калат да, көп ойлонбостон туруп, алтын мүйүздүү, үч кулактуу эликти жаа менен атып өлтүрөт. Ушундан соң өзүн жакшы сезбеген жаш баатырдын атасы үйүнө келе жатып, Бөлтүрүк тоосунун башында жан берет. Алтын мүйүздүү элик баатырдын уругунун жаны эле. Бөлтүрүк жаанын огу менен өзүнүн жанын өзү атып алган экен.

Баатырдын аялы кош жоготуунун кайгысына чыдабай, аскадан боюн таштап өлөт. Алардын сөөктөрү Бөлтүрүк тоого коюлган. Азыр ал аймактагы тоолор «Бөлтүрүк тоо» деп аталат.

- Кыргыздар барган адамдан, алгач ата-тегин сурашат. Так билгендерди сүрүштүрүп отурушуп, өздөрүнө тууган кылып алышарын кичинемде эскертишкен эле.

- Ал жакта кантип жашайбыз?

- Туугандарга барсак, кулун чыгарганга да ыраазы элем,–деди Четин.

- Кожоюндун малын кимге таштайбыз? Тайын суроо салды.

- Андай болгондо бизди билип калышат.

- Билинбестин аракетин кылышыбыз керек.

- Үчөөбүз бир жайытка журт которобуз, – деди Кошун. Анын ою беркил экөөнү кызыктырып жатты.

- Анан?-деди шашкалактаган Тайын.

- Үчөөбүз тең жардан кулаган же жырткычтар талап кеткен бололу, – деди Четин.

- Анткенде өлүгүбүздү издешет.

- Бизди издешпегендей, түңүлгөндөй болушсун, – деди Кошун салабаттуу.-Артыбыздан куугун түшсө өлгөнүбүз ошол. Баары бир издесе таап алышат.

-Кийим-кечебизди канга булап, ар жерге чачып коелу. - Буюмдарыбызды суу бойлото таштайлы, сууга агып кетиптир дешсин, – деп айтты Тайын.

Кошундун оюнда ачык айтпаган купуя сыр турду. Беркилер айткандай, кандай айла кылса да, издеген адамдарды ишендирүү кыйын эле. Андыктан Кошун бүтүмдү өзү чыгарды.

- Баарыбыз бир жайытка чыгып, малдарды кошобуз. Силер эртеңден баштап жолго чыгасынар.

- А сенчи?- дешти экөө тең чочуп.

- Мен калам.

- Биз качсак, сени булар тирик койбойт. Балдарың кантет?

- Балдарымды силер алып кетесиңер.

- Жо–ок, Кошун!

- Балдарыңды алып, сен кет. Биз экөөбүз калалы.

- Аларга эмне дейсиңер?

- Билбейбиз дейбиз.

- Аныңарга ишенбейт. Силер качырдыңар деп, шоруңарды шорподой кайнатат.

- Анда кандай арга кылабыз?

- Аргасын табам. Силер менин балдарымды алып кете бергиле. Артыңардан кууп жетем. Менсиз суу кечпегиле. Сууга аксаңар кутула албайсыңар. Малчы менен мерген көзүнө чалдыкпагыла. Бири болбосо да, бири айгак болуп, караанынарды түспөлдөп, айтып коюушу мүмкүн.

- Биз кайсы жол менен кантип кетебиз? – дешти экөө жарыша сүйлөшүп.

- Силер Саян тоолорунун күн жүрүш тарабын көздөй суу бойлоп жолго чыккыла. Түнү–күнү от жакпайсыңар, кайберен атпайсынар.

Сагызганга көрүнбөгүлө, түлкүгө билинбегиле. Жырткыч көрсөңөр качлагыла, атыңарды таштабагыла,- деди Кошун эскерте.

- Биз сени кайсы жерден күтөбүз?

- Силерди өзүм таап алам.

Үчөө сөздү бышырышып, ошол күнү жаңы жайытка келип конушту. Жандыктардын баарын бириктирип, арасынан бирди тандап, ата–бабаларынын арбактарына арнап союшту. Этин түгөл салышып, ичеги – кардына тоюшуп, калганын азыкка дешип, жолго алышты. Экөөнө балдары менен аялын кошкон Кошун мал менен жайытта калды.

* * *

Малсаак Кошун жайыттагы жандыктар бири–биринен бөлүп, чачылып кетпесин үчүн көнүктүрүп, имере жайып, Чокунду күттү. Ал эртеби, кечпи баары бир келет. Эрте келсе ээси жок малды көрүп, шек санайт. Чуу көтөрүп, бардык жайга жарыя кылат. Анда куугун из кууп, аркадан түшөт. Саксаңдап ар кимге суроо салып, мерчемдүү жайларга тосот коюлары белгилүү. Анда балдар менен качып, кутулуп кетүү кыйын. Колго түшүшсө экинчи качкыс болуп, баштарына шире[1] кийгизишип, «Өлүү жок көрдө, тирүү жок элде" арасат манкуртка айландырышары белгилүү. Катын-балдарын кул, күңгө айландырып, башкаларга тартуулап же сатып жиберери шексиз. Андыктан, не болсо да суук көзгө чалдыкпай, колго түшпөстүн айпасын кылуу керек. Ушинтип ойлонду Кошун жадында. Кетүүнүн ар кыл жолдорун алдын-ала ойлоп, көкүрөгүндө бышырды. Дагы бир орчундуу маселе, эки иштен бир иш, Чокун менен эсептешип койбосо, экинчи жолу жолугарын бир Теңир өзү билет.

Чокундун күнөөсү өзүнүн боюнан да ашып кетти. Анын адал ишти булгаган, адам сатарлыгын кимдер билбейт. Канча жандын убалына калды. Анын кесепети менен ойрот–монголдордун коңурайларга салган кыргынын алдын ала туугандарына эскерте албай калды. Калбанын жапырыгынан канчалаган күнөөсүздөр набыт болуп, балдар атасыз, энелер күйөөсүз түтөп, зардап калышты. Кан суудай агып, адам денеси бутага айланды. Тирүү калгандар колго түшүп, өздөрүнө окшоп баскынчылардын колунда эзилип кул, күң болушканын ал туюп, жүрөгү сыздайт. Жугундукор Чокундун келтегинин залдарынан оорул, ары барып, араң бери келди. Аялынын астейдил кароосунан улам аман калды. Болбосо,

[1] Шире-тоонун териси

балдары жетим калып, аялы эбак кара киймек. Чокун балдарын башкаларга кул кылып, тартуусун алып жыргамак. Бадани кыраа куйту ала–шалбырттагы жуттун кесепетинен ара туулган козу-улактын өлөтүн өмөчөктөп, аргасын кетире төлөткүсү бар. Салык деп жанын суурган алабармандыгынын жообун алсын. Көзүнө көрсөтүп аманат баккан малды өткөрүп берейин деген Кошундун оюу үч күндөн соң орундалды. Чокун жаңы жайытка келип, Кошунга опурулду.

- Өлөм деп догуруп жатып, эптеп тирилипсин, да какай[1]! -деп саламга келбей демиге кыйкырды.

- Менду. Чокун батур!

- Саламга эч ким жутаган жок, үтүгүңө шоодай. (палит сөздө сөгүнүү)

- Мен сени адам деп салам берсем, чыныгы какай сен экенсин.

- Каяша сүйлөгөн тилиңди кесем, борсун[2]

- Баш кесмек бар, тил кесмек жок. Муну билип ал, борсун.

- Сен баш көтөрүп сүйлөп, ашынган экенсин кул. Сага коок[3] кийгизбесемби.

- Кожоюнундун жугундусун ичкен кул сенсин, Чокун!

- Сени экинчи сүйлөгүс кылайын, - деп атын темине камчы чабарда Кошун шамдагайлык менен үлгүрүп анын жагал тонунун[4] жакасынан силкти. Баш кийими ыргып, соксойгон башы менен жерге сайылды. Аты үркүп кетенчиктеди.

- Сени да экинчи тирилгис кылайын, – деп Кошун аны тизеси менен бир-эки ныгырганда деми буулган Чокун аптыга кыйкырды.

- Көрсөтөм сага. Экинчи кол кайруу кылмак тургай, тике карабас болосун!

- Жуттан өлгөн малды төлөтөсүңбү?

- Төлөтөм.

- Ара туулган, жок козуларды эмне кыласың?

- Төлөйсүң!

- Жырткычтар жеген малдарды дагыбы?

- Аны да төлөйсүн!

- Төлөшкө малым жок, кайдан табам?

- Балдарыңды баалап бересин!

- Сенин балдарыңды мен баалап албайын?

---

[1] какай-доңуз каман

[2] Борсун - суур

[3] Коок кийгизүү-башка кийгизиле турган териден жасалган каптама, кептеп коймо жаргак. Коок негизинен чылгый териден жасалып, кургаган сайын башты кысып, жанды кыйнайт.

[4] жагал тон-сырткы кийим

- Эмнеге?

- Сенин башыңа.

- Келжиреген акмак, кул! Кое бер! Турганда көрсөтөм.

- Тургузбасамчы.

- Тургузасын, үмүдүңө шоодой.

- Сөгүнөм дегин?

- Сөгүнөм.

- Сөгүнсөң, мына сага! Мына сага!-деп тизеси менен ныгырды.

- Ай, кабыргам сынды. Өпкөм кысылып баратат. Тур!

- Мага буйрук кылгың келеби?

- Буйрук берем. Сен мага баш ийген кулсун. Тур ары! Өлтүрөм сени.

- А ошондой дегин. Сен мени өлтүрөсүңбү? Мына сага! Мына сага!

- Ай, айланайын, жан соога! Кошун мерген, жан соога?

- А жаның ширин экен да? Мына сага!

- Какый, татый! Өлмөк болдум. Төлөтпөй калайын, тур! Экинчи сага сүйлөбөйүн. Жанымды аман кой?

- Жаның аманат. Мойнумда карызым жокпу? Айт?

- Карызың жок. Жаным аманат.

- Балдарымды баалап албайсыңбы?

- Албайм, албайм! Тургузуп кой мени. Кач, тур!

Чокунду жакасынан силке, ордунан тургузду.

- Сөзүң,-сөз, Чокун! Менин мойнумда карызым жокпу?

- Баш кийимин кийип, белиндеги кестигин алган Чокун Кошунга чамынды.

- Мен сенин башынды жутам. Экинчи кол көтөргүс кылам. үмүдүңө шоодай, кул! Сага шире[1] салбасамбы.

- А, илабиз кана, Чокун?

- Урдум илабизди. Төлөбөй кайда барасың? Бас, алдыга түш! Кожоюнга барасын. Сага камчы аздык кылган экен. Өлтүрсөм сенин кунуң жок. Мына, жардан ары таштап жиберем.

- Ушундайбы Чокун?

- Ушундай.

Кошун кетенчиктеди. Чокун кестигин[2] шилтеди. Кошун аярлабаса ал майып кылып же өлтүрүүдөн да тайгыдай эмес. Кошун чапсаңдык кыла, анын кестик кармаган колунан кармашка аракеттенди. Ага үлгүртпөй каршылашы кестигин анын бетине шилтеди. Кошун чалкалай түшүп Чокундун күүлөнгөн колун бекем кармай, аны өзүнөн оолак түrттү. Жулкунган ал колун бошотуп,

---

[1] Шире салуу-кыйноонун өзгөчө түрү.

[2] кестик-кынга салынып, курга байланган бычак

кестикти Кошунга урду. Ал Чокунду бутка тээп жыга, кестик кармаган колун өзүнө нытырды. Ык-этип анын колдору бошоно түштү. Жаны чыга элек Чокундун денесин бийик жарды көздөй тээп жиберди.

«Аа!» деген анын ачуу үнүнөн аскалар жаңырды.

Беш-алты күнгө чейин Чокунду издегендер болбойт. Малчыларды кыдырып жүрөт дешип, издөө салышпайт. Ага чейин анын денесин таап, аңдыган карага-кузгун талап жегенге үлгүрөт. Кошун анын атын тутуп минип, жайылган малга көңүл бөлбөй кеткендердин артынан салды.

* * *

Шериктерине ал алты күндө жете келди. Алар күндүзү токой аралап жүрүшүп, түнкүсүн ачык таалада жол арбытышыптыр. Алты күн ысык тамак ичпей дармандары куруп калган экен. Карагайлуу жылгада жашынып жаткандардын үстүнөн чыкты. Мергендин кыраакы көзү жол чалып, асманды тиктеп келди. Балдарды ээрчиткен жөө адамдардын күндүзү токой араласа жолдору арбыбайт. Түнкүсүн жердин шартын билишпегендигинен кыска жолго салышпай, төтөлөй сырттап кетишерин божомолдогон мергендин ою туура чыкты. Анын эскерткенине карабай токтоп, тамактанган жерлеринде жеген эттеринин сөөктөрү калыптыр. Аны жыт алган түлкүлөрдүн жойлогонунан, сагызгандардын учуп конгонунан эле баамдады. Өзү да минген атын күндүзү караган чердин арасында от чалдырып, түнү башкаларга шек алдырбай, айылдардан алыстай жүрдү. Алдынан капылеттен чыга калган эликтин куранын жаа менен атып алып, бөктөрүнө келди. Алыстан эле шериктери менен жолугаарын туюп, кайда экендиктерин билмекке жер чалып, куштардын учушун байкады. Алгач ага алыстан чуркап чыккан, бачкилерин ээрчиткен эне түлкүнү көрүп күмөндөдү. Айткандай эле ошол жайды кунт коң тиктегенде дарак башына конбой айланган куштардан улам, ошол жерге келип токтошконун баамдап ат оозун бурду. Адамдар жүрбөгөн сыртта кандай белгилер болорун кексе мерген айныбай билер эле. Шериктерине жетип учурашкан сон атын отко коюп келгенге чейин беркилер эликтин терисин сыйрышып, этин жиликтеп коюшуптур. Коюу бутак алдына монсуй[1] астырып, от жактырды, этти түгөл салдырып, суу бутактарды коюу далдоолоп, түтүн чыгартпай от жактырды. Ар бири ысык шорпо уурташып, жаңы эт жешип, буту-колдорун кенен сунушуп, эс алышты. Эми мерген баштаган топ

[1] Монсуй-жан казан

жалгыз атка учкаша-чиркеше өр тарта жол арбытышты. Улам өйдөлөгөн сайын ‹р жылгадан аккан суулар бөлүнүп кечип өтүүгө ыңгайлуу болду. Саян тоолорунун аймагы башталып, Миң-Суунун башатындагы миндеген булактар ташып, чоң дарыяларга айланарын көрүп билишти. Эзели адам буту баспаган эңилчек-туландуу аралашып, колдогу малдай кенен жайылган кайберендердин үйүрлөрүнө аралаша жол арбытышты.

Жолоочулар суу бойлой келе беришип, капчалга[1] туш келишти. Ат эмес, жөө адам өтө албагыдай кууш капчыгайды айланып салбаса, суу бойлогон жол жок болуп чыкты. Кошун шериктерин суу боюндагы бадалга «баш баанек кыла тургула» деп отургузуп коюп, өзү жер чалып кетти. Оңор эмес жол басып, эртеден түшкө чейин жүрдү. Алдынан тоо таяна конгон айыл көрүндү. Тоо этеги жыланач түзөңчө болуп, созулуп кеткен экен. Жыйырма, отуз үй чачыла конуп, айланасындагы жайылган мал ирдүү. Төө, уй, кой, жылкылардын саны арбын. Ууру, ит-куштан сак бололу дешкенби тегерете конушуп, түнкүсүн малды ортолукка кайтарышат окшойт, мал жаткан жердин чөбү такырая саргайып, алыстан байкалды. Бул аралыктан түнкүсүн өтүүгө болбойт. Чоочун карандарды көрүп, иттер абалап шек берсе, уурудан же капилеттен келген чапкындан запкы жеп, сестенген айылдагылар бири –бирине үн салыша заматта чогулушкудай. Ансыз да, ар бир үй алдында ээр токулган аттар ооздуругу чыгарыла оттоп жүрөт. «Айт», деген үн чыкса эле шап эле ооздурукту сала коюп, аттанууга даяр турган калба замандын адамдары түнү менен уйку көрбөй, сыртта жер чардоо (байкоо, кароол) менен алек болушкан кайгылчуулар күндүзү ат чалдырып, тук этип алуунун аракетин көрүшкөндөй. Муну жакшы түшүнгөн Кошундун башы маң[2] болду. Күндүзү келүүнү ойломок тургай, караанды көрсөтүүгө болбойт. Анткени салт атчан бала өңөрүп, эки баланы учкаштырып, үч карааңды ээрчите келе жаткандарды көрүшсө, дароо эле качкындар экенин айттырбай билишет. Анан алардын айгак болбогонун көр.

«Качкындарды кармадым. Тартуу алам. Сүйүнчүгө марыйм» деп, көрүнгөнгө жарыя кыла өбөлгөгө[3] мөөсүл[4] үмүт этет. Качкындар кармалды дегиче кайрадан кайтарылат. Качкынга бир эле жаза… Анда шордуу балдары кантет? Андаза[5] болгон

---

[1] капчал-бийик зоо
[2] маң болду-айласы кетти
[3] өбөлгө-сүйүп суроо
[4] мөөсүл-олжо
[5] андаза-кыжалат ойго батуу

Кошундун башы маң болуп, заманасы куурулду. Ыштан салды[1] кылып кетүүнүн эч кандай жолу көрүнбөйт. Эмне кылса болот? Оюнда өзү менен масилатташып жатып, коркунучту да унутуп койду. Бир караса аңдоосуздан айылга жакындап калыптыр. Чаңк–чаңк этип үргөн канчык иттин үнү угулду. Чочуп кетти. Аттын башын буруууга болбойт. Байкап калган бирөө болсо, үн салып кыйкырса, маңдай–тескейдегилердин баары угуп, чоочун карааанды көздөй атчандар атырылта чаап жөнөшөөрү да мүмкүн. Жакын келишип, жат экенин байкашса, жалгыз атчан жүргөн тоорул (айыл тооруган ууру) экен дешип, кармашары анык. Андыктан шек алдырбас үчүн түз эле четтеги үйдү көздөй атын теминди. Ит үнүн эч ким этибар алышпады окшойт, ат алууга эч бир жан чыкпады. Өзү түшүп, атын каңтара байлап, боз үйдүн эшигине түшүрүлгөн кышасын көтөрдү. Сырттан кирген шооладан жапсарга (боз үйдүн жабык башы) артылган түндүк жабууну тарттырып коюп, төрдө уктап жаткан эркекти байкады. Уйпаланып, чачылган кийиз үстүндө сырт кийимин да чечпестен жатып, шыбыштан ойгонгонбу, кызарган көзүн ачып, соксойгон башын көтөрдү.

- Мөңдү-деди сыр алдырбай, колун суна.

- Мөңдү–деди ал дагы ордунан тура. Өзүнүн жаткан жеринен орун берип, төмөн жыла отурду.

Салт боюнча мал–жан сурашышты. үй ээси таңыркай мейманга тигилип калды.

- Жолоочумун.
- Ууру эмессиңби? – деп корс этти.
- Жок издеп жүрөм .
- Эмнеңди жоготтуң?
- Буржун[2].
- Эни, өң-түсү?
- Эмне, көрдүңбү?
- Деги дейм да.
- Нар[3]
- Анда таанымал экен,-деп эстеп, бети- башын сылады.
- Ооба. Бир эле бизде болчу
- Буржун болсо кирбейт.
- Атаңды зэрчип кеттиби дейм, да?
- Андай болушу да мүмкүн,–деп көчүгү менен алга жылды.
- Бу айланада чалдыкпадыбы?
- Жок. Жат мал болсо, айылдагылар эчак эле айтышмак.

---

[1] ыштан салды-будамайлоо
[2] Буржун-жаш эркек төө
[3] Нар-бир өркөчтүү төө

- Издебеген жерим калбады.

- Жоголгонуна канча күн болду?

- Басаң[1].

- Оо. Изи сууй элек экен.

- Ооба. Изин суутпайын деп…

- Чөлдедүңбү? – деди үй ээси акшырая тиктеп.

- Болсо кана?

- Үй ээси туруп барып, чыгдан тараптагы чаначтан чоң кара кесеге кымыз куюп, калтыраган колу менен конокко сунду.

- Ич.

- Ырахмат! деп кесени алып, шыпкай жутту. Үй ээси кесени алып, кымыздан кайра кайтарды.

- Төөлөр силерден ары өтүп кетпедиби?

- Жок. Өтсө бирөөнүн болбосо да, бирөөнүн көзүнө чалдыкмак. Бу жерде төө эмес, кимдин кою, кандай козу тууганынан бери кеп кылып келишет. Мына, сен келдиңби, сен жөнүндө бүтүндөй кары-жаштан бери билишет. Ал тургай кийген кийимиң, бетиңдеги белгиң, кандай тукумдан (мырзабы, кулбу) экениңди кеп кыларына ишене бер. Кошун колуңдагы кымызды оозуңа жакындатып баратып, чочуп кетти. Турган турпаты, кийген кийими бу сырттагы минип келген атын көрсө, уурулук экенин туйбай койбойт. Анткени ноён, зайсандардын атына, малчынын, томаяктын мингичи өлүп кетсе да окшобойт. Акыр–тукур, кашан, эптеп аяк артары гана ашпаса, жүрүшү бар эттүү миңгич ээли тийбейт. Жакшы атты көргөн мырза унчукпай келип, атты жайдактатып, өзүнүн жабдыктарын тактырып, көөнү келсе өзүнүн атын таштап, болбосо аны да жетелеп, артын карабай кетет. Андайда ат талашып көр. Каалагандай токмоктоп, өлтүрүп койсо да өзү билет. Көөнү алаң бекуш[2] боло түштү. Арга таппай кымыз жутумуш боло ойлонуп жатты. Шарт чыга калып, ат моюндап[3], жүрүп берсе кантет? «Анткенде иштин баары бузулбайбы. Артынан куугунчу түшөт. Жеткирбей кеткен убакта да зубунга (монголчо-ууру, топ) кабар берилип, сак-сакташып, кулак түрүшөт же издеп жүрүшүп, бири болбосо бири табат. Анда иштин бузулганы ошол. Кой. эптеп бир арга таппаса болбойт. Кантип сөз таап, эмне шылтоо айтам?». Кымызды ичер-ичмексен боло бышылдай дем алып, аяк көтөрүп жатты.

- Чындап өпкөң кургап калган экен. Көкүрөгүң (ашказаның) чайкала түштүбү?-деп какшыктагандай суроо салды үй ээси.

---

[1] Басаң-бешинчи күн

[2] Көөнү алаң бекуш-эс мас

[3] ат моюндап-катуу чаап

Ал сүйүнүп кетти. Жооп таап айтса дагы сөз чыгып, алаксыта олтурса, ага да табылып калаарын ойлоно түштү.

- Бах, кымыз эмес бекен? Даамдуулугун айт. Октой[1] эле бар экен. Күчтүүлүгүн. Тим эле башымды айландырып, тилимди кургатып жиберди.

- Үтүгүңө шоодай (өтө балит, уят сөз менен сөгүү) кымызды өзүм жасайм. (Монгол, калмактарда бээни эркектер саай беришет) Ок ичесиңби? Кайнатма[2] деп жоопту күтпөстөн колундагы чаначты баканга илем деп, теңселгенинен мас экендигин баамдады. Чаначты илип, ашкана оозундагы керегеге байланган кол чаначтын жибин чечип-чечпей булка тартты. Кымыз, айрандын ачыган кермек жыты, чаначтын оозун кайрый, кесеге куярда «бур» дей түштү. Чаначты көбүрөөк көтөрө бергенгеби, ал куйган ок окшуй жерге төгүлүп кетти.

- Татай, чага![3]. Оо, жытын көр да, жытын көр? Күчүнө бир кириптир. Ушуну ич, аңтарылбаганыңды көрөйүн? Кайнатманын күчү жытынан эле билинет.

- Эзали ичкен эмес элем, сундун[4].

- Ултанга[5] окшобой ич!

- Кымыз эле ичейин?

- Үтүгүнө шоодай, ичесиң!- деп жекирди.

Ичип кутулбаса, балээсине калчудай. Сыр бербей шарт тартып жиберди. Ачуу, кермек даамынан бети башы бырышып, оозу кургап, окшуп кетти.

- Мыкты бекен? Азамат. Мына, эми кайфин сүрөсүң, – деп сүзүлө түштү.

Элтеп үй ээсин мас кылып жыкпаса, оңойлук менен кутулгудай эмес. «Өзүн кыстап көрөйүн» деп, ойлоду.

- Ич? Өзүң ичпесең, мен капа болуп калам.

Үй ээсине бул сөз жага түштү окшойт.

- Ал – бали. Тартип билген, сыйды түшүнгөн адам экенсин. Ичем, азыр өзүмө куям – деп, сунган кесени карабай эле, колун суна берди.

– Мына, минтип куюп ичем. Мен сени сыйлайм. Бүгүн сага кой союп берем. Мени сен сунду дедиң. Мени көргөндөр баары сыйлашат. Катыным, катыным кадырымды билбейт. Азыр урушуп, балдары менен айдадым. Кет! дедим. Эми мен соо болгонумда

---

[1] Ок-калмактар кайнатма аракты аташкан

[2] Кайнатма - арак

[3] Татай, чага-чочугандагы сөз

[4] сундун – орто мансаптуу адам

[5] Ултан-бут кийимдин таманы

келишет. Сени өзүм сыйлайм. Азыр шорпо салабыз, – деп былдыруктады. Үй ээсинин катын, балдары али-бери келбестигин угуп, уйгу-туйгу болгон көңүлү бир аз тына түштү. Эмне кылса болот? Чыга жөнөсө, ал кыйкырып артынан чыгат. Мас болсо, уктап калса, эптеп азгырып кетер беле?

- Ич, сундун? Сени сыйлай албаса катыныңдын мээси жок, - деди көңүлүн улай.

- Мына. Сен туура айттың. Мээси болсо, мага тийеби? Мен... Мен деген ачуума тийгенди аябаймын. Мына, ичтим, деп, кокосун куркулдата какап-чакап, ууртунан куюлта ичип жиберди. Оозун жеңи менен аарчып, сол колундагы кол чаначты мейманга сунду.

- Мэ, эми сен куясың. Сен мени сыйлашың керек. Ии, сен эмнеге келдин эле? А төө издеп дедиң. Төө издебей эле торул[1] болуп жүрбө. Доргого[2] билдирип коеюнбу? Билдиңби? Жер чардап[3], кадик[4] ибилис[5] болуп көрүнгөн. Менин... керзэтим[6] бар. Мени «жезит»[7] «кортук» дешет. Кортукту билесинби? «Кортук кочкор кой бузат» дешет го! Мен Кортукмун. Эч кимге жакшылык кылбайм. Бирөөдөн жакшылык да күтпөйм. Алсам алам, бирөөгө бербейм. Ошон үчүн айылдын четинде отурам. Сен өзүң келдиң. Атың барбы? Ал меники. Сени жөө айдайм. Үй ээсинин тамаша чыны билинбеген сөзү, мейманга катуу тийип жатты.

- Ии, мени жаман көрүп калдыңбы? Мен сени байлап коемун. Эч жакка кетпейсин,– деп ордунан тура баштады. Меймандын көңүлү кирдеп, жүрөгү бир жамандык болоорун сезди. Үлгүрбөсө болбойт. Анан кеч болуп калат. Заматта бир бүтүмгө келе калды. Мас неме темселе туруп тамтаңдап баскыча болбой, мейман илбирстей секирип барып, кырректен алды.

- Сен мени байлайсынбы? Эч жакка кетирбейсиңби? деп баса кала колун кайрыды.

-Үй ээси булкунуп, бошоштун аракетинде, үстүндөгүнү чапчып жатты. Күчтүү неме көрүнөт. Колуна чындап тийсе аягыдай эмес. Колдору менен муштай, буту менен тепкилей, тыпырай берди. Жардам чакырып, кыйкыруунун аракетиндеги немени бир колу менен кокодон ала, чанач боо менен байлаштын аракетинде болду. Көмкөрөсүнөн түшүрө колдорун кайрый, жер тиштетти. Алдында

---

[1] Торул-ууру
[2] Дорго - айыл башчы
[3] Жер чардап-байкап
[4] Кадик-алдамчы
[5] Ибилис-азгыруучу
[6] Керзэт-алдын ала түю
[7] Жезит-бузуку, аракзо

жаткандын мастыгы таркай, соолуга каршылык көрсөтүп, балит сөздөр менен сөгө берди. Колдорун чанач боо мене кырча байлап, тура кала үй ээсин буту менен түртө чалкасынан жаткырды. Ал күшүлдөп-бышылдап, тили оозуна батпай улам кеберсиген ээриндерин жалап, энтиге суу сурады.

- Суу, суу бер? – деди буюра сүйлөп.

Жипсиз жаткан кол чаначты ала оозун кайрып, чалкасынан жаткан үй эсинин келберсиген эрдине туштады. Өпкөсү көпкөн үй ээси акактап көзүн жума оозун ачты. Кол чаначтагы кайнатманы шоркурата оозуна куйса какап–чакап, аптыга жуткан үй ээси эриндерин жумууга үлгүрбөдү. Ачуу, кермек даамданган кайнатма жаткан адамдын оозу-мурдуна киргенине болбой, ал суусун кандыруу аракетинде апсыга жута берди. Күчтүү ок башын кеңгирете койду окшойт, бир топко какап-чакап жатып, тынчып калды. Кошундун азыркы кылган ишинин баары өзүнө душмандык эле. Өзүнүн арабасын согуп, жат көзгө көрүнбөстүн аракетинин ордуна, чакалайдын чак түшүндө ойго келбеген жорукту чыгарып, минтип бөтөн жер, бөтөн үйдүн ээсин байлап коюшу капылеттен болуп кетти. Эми, эмне болсо да, кеч болуп калды. Бир эле максат кандай болсо да, тобокелдикке салып, аман качып кутулуу. Эс-учун жоготуп, коркурата коңурук тартып, уктап жаткан мастын жанындагы таллакта олтуруп, Кошун ойлонуп жатты. Аңгыча дүпүрөтө бастырган ат туюктарынын добушу үй жанына келип токтогондой болду. Кошун тура кала, туурдуктун тешигинен, сыртка уурдана карады. Эки киши аттарынан түшүп, казыкка байланган чоочун атты кылчак-кылчак тиктеше үйдү көздөй басышты. Кошун шарт мастын жанына жете барып, анан колундагы жипти чече сала, чаначтын оозун бууган болуп отуруп калды. Шып этип эшик көтөрүлүп, каршы-терши караган эки баш көрүндү. Алар үй ичиндеги чоочун адамды көрүшүп, токтой калыша, жарыша салам беришти.

- Мөндү.

- Мөндү.

-Кол алышып, учурашышкандан соң өздөрүн тааныштырышты.

- Менин атым Тумук. Бул Суксар- деди чапсаң сүйлөп.

- Кортук мас бекен?-деди Суксар суроо салды.

- Эсин билбейт, – деди мейман токтоо.

-Экөөң кошо ичтиңерби?-деди Тумук мейманга ишенбегендей.

- Жаңы эле кирдим. Мас болуп жатыптыр.

- Сен, кайдан келдин? - деди Суксар.

Тумук анын жообун күтпөй, шашыла суроо салды.

- Таанышы болосуңбу?

Кошун экөөнүн суроосуна үн дебей, баш чайкап койду.

- Бул мындай абалында доргого (ай-л башчысына) бара албайт,-деди өзүн Тумук дегени.

- Эмне, соо болушун күтөбүзбү? - деди чарчаган кебетеде Суксар.

- Айла жок. Тумук жооп берди.

- Колу-бутун байлап болсун, алып келгиле дебедиби

- Мас немени атка артып барганда эле эмне? Бүгүн ушул жерде конок болуп, эртең менен бирге аттанабыз.

- Мейли, дорго өзү да эртең мененкиге таап келгиле дебеди беле.

- Күнөөсүн мойнуна алар бекен? - деп сурады Суксар.

- Албаска айласы жок. Ал жерде канча күбө турат.

- Ээ, сүйлөй берет экенсин да. Азыр күбөгө карайбы. Бегилигин[1] берсе, муну актап жибериши да мүмкүн.

- Бул адам эмне күнөө кылган эле?-деп Кошун кепке аралашты.

- Күнөөсү болбосо, дорго муну беймаал чакыртмак беле?-деди Суксар көңүлсүз.

- Сырттагы ат сеникиби? - деди Тумук мейманга кызыга карап.

- Меники.

- Атты алмашпайлыбы?

- Ал үчүн экөөбүз дос болушубуз керек да?

- Мен достуктан качпайм. Сенчи?

- Менин бир шартым бар. Айтсамбы, айтпасамбы – деп ойлоно калды.

- Айт.

- Жолоочулап келе жатып, кырсыктан бир атыбыз өлүп, шериктерим улоосуз калышты.

- Эмне? Ат бергин дегени турасынбы? – деп Тумуктун бети жыйрыла түштү.

- Бизди айылдан өткөрүп, узатып койсоң, атымды сага берем.

Оңой жерден жакшы аттуу болоруна сүйүнгөн ал, ойлонбой туруп макулдугун билдирди.

- Жигит, бир сөздөн кайтпайт,–деп Кошун сынай тиктеди. Ал унчукпай колун сунду. Экөө кол алыша бүтүмгө келишти.

- Кортукту алып келгиле-деп дорго жөнөткөн.-Мас абалында бул бара да албайт. Сен шериктериңди баштап келе кал. Мындан ары бирге кетебиз.

- Экөөң шерик болуп, барып келгиле. Мен бул жерде эс ала турайын, – деди анын шериги Суксар.

---

[1] Бегилгин-атаганын

Эки атчан Сухсардын салт атын коштой жетелеп, жолго чыгышты. Кошун болгон сырын «кайтсамбы, айтпасамбы? Качкын экенибизди билип калбагай эле. Эмне деген шылтоо табам?» - деп кыжалаттанып баратты.

- Кайдан, кай тарапка баратасынар? - деди Тумук жолдо баратып.

- Ээ, турмуштан эмнелерди гана күтүүгө болбойт. Калбада чачылган бир туугандар кайрадан чогулуп жатабыз. Бул жактагылар кербен тарткан соодагерлерден кабар жиберишкен экен. Эптеп таап, кайра алып кетип жатам.

- Туугандарың олжого түштү беле? – деп кызыкты ал.

- Кайдан? Олжо жумшагандардан эле. Айылын жоо чаап, мал-мүлктөрүн талаганда качып кетишип, аман калышыптыр. Эми итке минген абалга келгенде башкаларга олжо болуп кетпесин деп, алып кетип баратам.

- Баш баанеги болбосо, олжо кылып алыш оңой эле болуп калды. Бөрүлөрдүн күнү тууп, момундардан эрк кетти. Эч кимдин эртенки күнгө ишеничи жок.

- Өзүңдүн жайың кандай? Тегиң ким, кайсыл элден болосун?

- Ээ,– деди Тумук көңүлү калгандай. Баары эле өзүн хандын, бийдин тукуму кылып көрсөтүшөт. Баарынын эле ата теги хан, бий өткөнсүшүп. Же хандардын уруктары жер бетине чачылып кеткенби? Айтор кулдун, күңдүн баласымын дешпейт. Акыркы учурда кимдин ким экени, насили кайдан экенин теңир өзү билбесе, пенде билбей калды. Менин бабаларым хорайлардан экен. Тумат кызына үйлөнүп монголдор менен аралаш жашашыптыр. Анын баласы монгол кызына үйлөнүп, ойроттор менен бирге жашашыптыр. Монгол баласы ойрот кызына үйлөнүп, мен төрөлүпмүн. Азыр кайсы уруу өктөм болсо, ошол уруунун тайчжисинин[1] камчысын чаап, шилтеген жагына жебедей сайылып калдык. Мен ойроттордун хошут уруусунун кызына үйлөнгөнмүн. Менин балдарым насили жагынан ким болот? Аны өзүм да түшүнбөйм.

- Ичинде кири жок, калп айтпаган шеригине Кошундун ичи жылыды. Мындай адам асти бирөөгө жамандык кылбайт. Колунан келсе жакшылыгын аябайт. Андыктан чынын айтып, жол сурайын. Бөтөн эл, бөтөн жерди аралап бараткан жакшы ат жанга аралжы боло да албайт. Атка кызыккандар душман чыгып, зордук менен тартып алышы да мүмкүн. Бербесе, аямак беле, «ким көрдү?» кылып анга таштап койсо, ким доосун дооламак. Жакшылыгына

[1] Тайчжи-калмакча бий

жакшылык деп, атты алдына тартайын-деген бүтүмгө келди. Канчалык оозун сомдоп барып, чындыкты айталбай жатты. Бел байлап, башын көтөрө шеригин тике карады. Пешенеси жайык, жүзү жылдыздуу жигит экен. Узун жолдо чечиле кетти.

- Тууган. Тумук!

Анын сөзүнөн улам шериги таңыркай тиктеди .

- Тууган дегениме таңыркаба, жигит. Сен менин көңүлүмө толгонуңдан туура сөздү айтуудан тартынып баратам.

Шериги анын сөзүн бөлбөй, кулак түйүп калды.

- Жакшылык кылайын десең сөзүмдү айтайын. Жок, колуман келбейт десең, сен кала бер. Мен кайтайын. Бирок, менин жөнүмдү айылдагыларга айтып, айгак болбо? Мусапыр жолоочулардын көз жаштарынан, убалынан корк? Ток этер жери, жакшылык кылуу колуңдан келеби?

Шериги ойлонуп туруп, Кошундун жүзүнө тике карады. Көздөрү моймолжуй күлүңдөп турду.

- Кандай жакшылык күтөсүн?

- Айылдан өткөрүп, жол көрсөтүп бере аласыңбы?

- Ошол үчүн баратпайлыбы?

- Айылдагыларга, шериктериңе кармап бербейсиңби?

- Атыңды «ошол үчүн берем» дедиң го?

- Шеригиңе ишенесиңби?

- Анын жайын мага кой. Сен мага ишенбейсиңби?

- Заман түрү бузук экени сага да, мага да маалым. Эки адам эмес, эки көзүң бирине-бири жоо чакта ишениш кыйын.

- Сөзүн туура. Мен бир гана сүйлөйм. Ишенбесең жолдон кармабайм.

- Анда сөзүмдү алдым.

- Кеттикпи?

- Кеттик.

Экөө бирин-бири карап, жылмайып коюшту.

- Алдамчы көз, алдамчы жүз бул жигиттикиндей болбойт,- деди Кошун ойлонуп.

- Коркпо, ачык айт? Силердин коопсуздугуңар менин мойнумда,-деди жаңы шерик.

- Сенин тегиң хорай экен. Насилиң кыргыз, аны өзүң айттың. Мага сөөк тууганcын. Ошон үчүн тууган деп кайрылдым.

Шериги сөзүн бөлбөйүн дедиби, үн деген жок.

- Шериктерим менен туугандарды издеп бараткан качкынбыз. Кечээ күнү капчалга келип, такалып калдык. Жол издеп жүрүп, силерге туш келдим. Кантип кутулуп кетүүнүн айласын таппай, мукураган кезим,-деп мойнуна ала сүйлөдү.

Шериги аны жалт карап, унчукпай кете берди.

- Тигил жакта аялым, үч балам жана эки шеригим бар. Баарыбыз жетибиз. Чогуу алып, өтө аласынбы ?

- Өтө оор абалга бей убак кезде туш келипсиңер. Заман тейи бузулуп, эки эле эл бири-бирине душман болбостон, уруу менен уруу, бир айыл менен экинчи айыл чабышып, алдуусу алсызын басып, талап, тоноп турган чак. Олжого түшкөнүн буюмга айрыбаштап, адамдардан нысап кетти. Ортодо карапайым калк жапа чекти. Элди кыйнашууда. «Эки дөө жөөлөшсө ортосунда чымын өлөт» болуп калды.

Төмөндөн шамал согуп, аттардын жал-куйругун сапырып кирди. Күндүн түрү бузулуп, заматта булуттар көчүп келип, калыңдай берди. Жанаша бастырып бараткан кош атчандын биринин кебин бирине угузбай, уйгу - туйгу шамал жүрүп, чаң аралашкан кумду сапырып жатты. Удургуган булуттар тытылган жүндөй болуп, сургулт түстөгү үзүк–үзүк бөлүктөрү чогулуп жатып, калың кара булутка айланды. Күндүн көзүн жаап, айлана караңгылай добулдун башталарын туюнтуп, муздак мөндүрдүн жыты келе баштады. Кошун катуу добул болоорун туюп, шериктерине тез жетүүгө умтула жортуп бараткан атын улам–улам теминип жатты. Тумук да андан калбастан атын демите жанаша бастырды. Зуу-зуу эткен шамал чаң сапырып, айлананын күүгүмдөнүшүнө кошул–ташыл боло уюлгуй келип, жолоочуларды уйпалай жогору карай өтүп кетери менен кайрадан демеп келген куюн атчандардын этек – жеңдерин делбиретип, колдорунан тизгиндерин жулчудай болуп, буркан–шаркан түшө жулмалай берди. Жер шартын жакшы билген Тумук шеригинин көңүлүн улай:

- Бул жердин шамалы ушундай. Жамгыр жааганга чейин басылбайт. Алыс-алыстан булуттарды сүрүп келип, анан токтойт, - деди.

- Жайкы шамал ушунча, кышкысын кандай болот?

- Кышы бул жерде эч ким турбайт. Бороон улуп, куюн сапырып, канчалык кар жааса да, заматта учуруп, алыс жакка алып кетет,-деп кыйкыра жооп берип жатты.

- Тез бүркөлгөн күн тез ачылат дешчү эле. Булут сүрүлүп кетсе керек ?

-Жок. Бул жайга келген булут түнөмөй сайын кетпейт. Алдын жамгыр катуу нөшөрлөп жаап, андан соң ак жаанга айланат. Үч–төрт күндөн кийин уйгу–туйгу шамал болуп, булуттарды сапырып алып кетет.

«Күндүн тез бүркөлүп, катуу жаашы бизге жакшы,бул жердегилер калкаланып үйлөрүндө болгондо билинбей өтүп кетүүгө

шарт түзүлөт» - деп, ойлонду Кошун. Мергенчи менен чарбадар күн жаамактан таш жааса да, карааны сая кетирбейт. «Бир көргөн адамбы, кайберенби эмне кылып жүрөт, эмнеге бул жакка келди? Кай тарапка кетет?» муну заматта туюп билбесе, анын кеңкелестиги, сезиминин сокурдугу. Анда сөзсүз аңдабай ууруга, же жырткычка алдырганы. Андыктан, күнү болобу, түнү болобу, кулагы сак, мурду жытчыл, көзү көрөгөч, бардыгын билип–туюп турушун тирилик, шарт талап кылат. Себеби, казаптуу калба ошого үйрөттү. Карыдан жашка чейин капсаландуу казат кайдан башталып, кай тарапка кетет. «Жан кууруган жаң качан баса калат?» деген коркунуч пенде баласынын аң–сезимине орноп, жашоого болгон кумар эптеп аман калуунун аракети сактанууга мажбурлап койгон. Кошун ат үстүндө баратып да, көкүрөгүн өйүгөн санаадан алагды боло албады. Эптеп бул жайдан кутулуп, кыргыз жеринин чегине жетип алыш эңсеген мураттары, зарлаган тилектери эле.

- Теңири, колдой көр? Колдой көр, Теңир!-деп, басса–турса тилек кылып күбүрөнө өзүнө ак жол тилейт. Кутулуп кетүүнүн аргасын издей, улам шеригине суроо сала кыжалат боло берди.

- Айылдагылардан аман–эсен өтүп кетебизби? Көрүп коюшпайбы? – деген кыжалаттанган суроосуна ал да сабырдуу жооп берет.

- Бир–бирине кыр көрсөтүп чабышып, айылда да зордукчунун күнү тууду. Эптеп өткөрүп коюу милдетин алам. Буйга жолго салып, из жашырбасаңар, кырсыкка кабылышыңар мүмкүн. Кыргыз жерине баруунун жакын жолуна түшкөн экенсиңер, болбосо ээн талаа, эрме чөл кезсеңер жетишиңер кыйын болмок,–деп шеригинин көңүлүн жубатат.

Кошундар уйгу-туйгу шамалда үшүп, титиреше күтүп, отургандардын үстүнө чыгышты. Алда кудай деп алактап жүрүп, оңор эмес убакыт жүрүшүп, Тумук баштаган жолоочулар үч атка учкаша-чиркеше кеч-күүгүм талаш айыл четине келишти. Тумандуу жаандан караан таанылбайт. Тумук шеригине барып-келгенге чейин далдоо жайда жашынып отурушмак болушту. Ага дейре Тумук бая айылда калган шериги Суксардан кабар алганы кетти.

Ал барганда Кортуктун мастыгы тарап, эми ойгонгон экен. Мас, кепке-сөзгө келбей чыр салып жатыптыр. Күндүн сууктугунан Суксар очокко от жагып отуруптур.

- Төө издеген селсаяк кайда? - деди беркилерге.

-Төөчү түшүңүзгө кирдиби? - дешти алар билмексенге салышып.

- Менин колумду байлабады беле?

- Колуңуз бош эле турбайбы?

Кортук колдорун алга сунуп, туруп олтурду.

- Мага бирөө келгендей болгон.

- Ибилис көзүңүзгө көрүнгөн окшойт.

- Жо-ок,-деди кадиктене[1].-Экөөбүз уруша кеткенбиз. Ал жыгып алып, менин колумду байлаган. Силер качырып жүрбөгүлө. Доргого өзүм алып барып берем.

- Айылыңыз менен урушканыңызды эстесеңиз керек. Келсек, эч ким жок экен. Сиз уктап жатыпсыз.

- Анан?

- Уйкуңузду бузбайлы,–деп күтүп олтурабыз.

- Эмнеге келдиңер?

- Дорго жөнөттү.

- Эмне кылат экен?

- «Алып келгиле!» - деди.

- Билсек болобу?

- Өзүңүз барып, сүйлөшүп билесиз.

- Менин күнөөм жок. Барбайм.

- «Келбесе, байлап келгиле!» деди.

- Ошенттиби?

Экөө унчугушкан жок. Ал заматта өзгөрө түштү.

- Айланайындар, жок экен деп койгула? Силердин алдыңардан өтөмүн. Кой союп сыйлаймын. Макулбу?

- Качан барасыз?

- Эртең эрте менен.

- Болуптур. Эртең кошо баралы.

- Бүгүн эмне кыласыңар?

- Бүгүн сиздикинде конок болобуз.

- Аялымды кууп жибергем.

- Мейли. Этти өзүбүз деле бышыра беребиз.

- Мейманга кызмат жасатуу  уят эмеспи.

- Анда өзүңүз бышырыңыз?

- Ох, ох,-деп онтолоду.-Чыгданда эт бар, сала бергиле.

- Эмненин эти?

- Эмнени эмне кыласың! Мен айткандан кийин сала бербейсиңби!

- Уурулук эмеспи?

- Уурулук болсо, жебегиле!

- Ууруга кешиктеш болуп, күнөөгө баткыбыз келбейт. Биз короодогу койдон эле соебуз,-дешти тамашалашып.

Кортук үн ката албады.

---

[1] Кадиктене-күмөндөнө

- Мейли, күн катуу жаап жатат. Эртең эрте келебиз, Доргого чогу барабыз,-деп чыга жөнөштү.

- Жигиттер жамгыр катуу жааса, тиги кийизди алып, жамынып алгыла,-деди үй ээси аларга кам көрүмүш боло.

- Алып келдиңби? Кай жерде? – деди сыртка чыкканда Суксар шеригинен.

- Качып жүргөн мусапырлар экен. Билинтпей өткөрүп койгула дешет Убада берип койдум. Көңүлүң келбесе кал. Мен узатып келем. Тумук досунан болгон ишти жашырган жок.

- Экөөбүз кошо жүрсөк, эч ким шек албайт. Мен да сага кошулам.

Эки дос ээрчишип, жолоочуларга келишти. Бая үйдөн ала чыккан кийиздери менен балдарды жабышып, үчтөн боло үч атка минген шериктер, жамгырлуу түндө айыл четтей жолго чыгышты. Алдыдан утурлай үргөн иттен улам сыртка баш баккан үй ээлерине Тумук менен Суксар үн сала салам айтып, же өздөрүн таанытa токтобостон өтүп баратышты.

- Мөндү. Биз элебиз.

- Биз деген кимдер?

- Тумук, Суксар.

- А, кайдан?

- Кортукка Дорго жөнөткөн эле. Кетип баратабыз.

- Жамгырда жүдөбөй, конуп кетпейсиңерби?

- Дорго жообун алып келгиле деген эле. Жетип баралы.

Жолоочулар жамгырлуу түндө сууга түшкөн чычкандай, кургак жерлери да калган жок. Тумандуу караңгылыктан кайсы убак болгону да билинбейт. Бирде шамал ышкырып, каттуу нөшөр төксө, бирде жамгыр себелеп, жолоочулар ат басыгы менен айланага саресеп сала албай кетип баратышты. Эки дос жерчилдик кылып, алдыда жүрүштү. Жайдын кыска түнүндө тез эле таң атып, коюуланган түн агарып баратты. Тынбай жүргөн аттардын улам өпкө кага дем алгандарынан улам ор тартып бийиктеп баратканы билине баштады. Жайдак тоолор артта калып, алдыда токойлу аймактын карааны көрүндү. Ат үстүндө калчылдап үшүшүп, суу болгон бети-колдору көгөрө жамгырлуу түндүн таңында жолоочулар чер токойдун четине келип токтошту.

- Ормонго да жете келдик. Тереңдеп кирип барып, от жагып курганып алсаңар да болот – деди Суксар.

- Ыракмат, боорум - деди Кошун.

- Ыракмат! Мээримдүү адам! - деди аялы.

Тумук, Суксар жолоочуларды аялуу карап турушту. Алардын эмне үмүттөнгөн максатыңарга жетер бекенсиңер? Аман-эсен

баргыла! Кырсыктан ылайым эле сырткары болгула!» – деген боор толгоо бар эле.

Кошун каңтарылган атын жетелей келип, Тумуктун алдына туура тартты.

- Тарттым сага. Кылган жакшылыгыңа ыраазыбыз!

- Жок. Бейтааныш тууганым! – деди Тумук.

- Узак сапар бараткан силерди карактаганым болбоюн. Атыңды албайм.

- Атымдан башка бере турган эч нерсем жок. Көрүп турасың. Жылтырак-жылтырак бизде эзели болгон эмес.

- Жолоочум, силердин бейсалдуу болсо, белегиң ошол болсун. Силерден мен эч нерсе үмүт этпейм.

- Жакшылыгыңа кантип кайтаруу кылбай кетем, алганым уялтпай?

- Мен болгону шериктериң менен айылдан гана чыгарып койдум. Аныңды колко кылбайм

- Бизди колго түшүрбөй, коркунучтан аман алып койдуң. Ыраазычылык билдирип, берип жатабыз. Илебиз, илебиз. Атыңдан бер деп өзүң айткансың. Алгын.

- Атыңа кызыкканым ырас. Бирок, жети бакыр[1] мененден бир атты тонуп алсам, кесирлик болор.

- Досуң экөөңдүн жакшылыгыңды билбесек, бизди Теңир урат. Чын көңүлүбүздөн берип жатабыз. Алгын атты?

- Макул алайын, жолоочум. Бирок, аты жок адам, канаты жок куштай. Канаты жок куш, боору менен сойлой албайт. Атсыз жолуңар да арбыбайт. Ташыркап, мүргүп, баса албаганыңар аяк артып, жол арбытасыңар. Ошону ойлоп, силерге берген тартуум болсун. Силерге өбүлгөм (сүйүп сурагэн) ушул. Жылкы жаныбар күндүз жүрсө улоо, түнү көз, коркунучтуу жайда кулак, зериккен жерде эрмек. Багыт алган сапарыңарга ат гана жеткирет. Силер менен бирге жылкы пири да кошо жүрөт,- деди Тумук.

- Ыракмат, ак пейил адам! Сенин жакшылыгыңды кайтарыш үчүн мен да адамдарга жакшылык кылам. Аманат жаның дайыма аман болсун? Тирүү болсок тизгин тийиштире бир көрүшөрбүз. Өлүп кетсек, аркы дүйнөдө жолугарбыз. Кош!–деп келип, Кошун Тумукту сыга кучактады. Андан соң Суксардын колунан бекем кармап, төшүнө–төшүн тийгизди.

Тумук да, Суксар да түнү менен жамгырда келип, ушүгөн жолоочунун денеси, колдору ысык экенин туюшту. Кошундун шериктери да келип, боорукер адамдарга ыраазычылыктарын билдирип жатышты.Тумук шериги экөө жамынчу кылып калган

---

[1] бакыр-кедей

кийиздерин жолоочуларга калтырышып, аттарына мине келген жолдору менен кайра кайтышты. Алардын бийик адамгерчилигине терең алкыштарын айта алышпаса да, жылуу сезимдери жүздөрүндө жайнаган качкындардын тобу аларды узата карап турушту.

Кошундун эскертүүсү менен качкындар эртерээк калың токойго сүнгүп кетүүнүн аракетинде жалгыз аялды атка мингизип, балдардын бирин өңөртүп, экөөнү учкаштырып ордуларынан жылышты. Токой ичи жалбырактардан тамган жамгыр суусунан, шүүдүрүмдөн улам жүргүнчүлөрдү аябай жүдөттү.Кошун колуна кургак таякты алып, ар кадам сайын бутактарды кагып, шүүдүрүмдү силке, сарыккан тамчыларды кетире жол баштап келе берди. Түнт токойдун арасына келишип, бутактуу карагайдын алдына далдааланыша бир аз тыныгып, суу болгон үстүлөрүн кургатуу максатында тыным алмак болушту. Кошун айлана–тегерекке саресеп сала кыдырып келди. Кайберенден башка адам изи түшпөгөн жайдын коопсуздугун байкап, атты тыныктырып отко коюга шериктерин жиберди да, өзү куу бутактарды чогултуп, кургак жайда от күйгүзүүгө чакмак таштары менен алектенди. Куу бутактар тутанып, от алоолоно күйдү. Ысык тапты тегерене кургана баштады. Монсуну коюшуп, суу кайнатышты. Кайнак суу ичке барып, кандары жылып, көк муштум болгон колдору жазылып, үстүлөрүндөгү кийимдери оттун табына кургай бууланып жатты.

Кошун аялы менен балдарына, ал тургай коло-коңшу жакшы санаалаштарына чокой ийлеп берчү. Чылгый теринин түгүн алып, кышында кийилүүчү кончтуу, такасыз, жылуу бут кийимди ийлеп, бабына келтирип жасоо ар кимдин эле колунан келе берчү эмес. Аны Кошунга окшогон колу эптүүлөр гана жылкы менен өгүздүн калың моюн терисинен жасап, дайыма барган жеринде куурап, катып калбас үчүн төскө салып матап ийе талкууга салып, кайра-кайра жумшатып отурчу. Түнү менен жамгырда калып былбырап, баскан сайын былчылдап үн чыккан чокойлорун от боюна кургак бутак үстүнө коюшуп, улам оодарып отурушту. Чокой болбосо жөө адам жолдо басыш кыйын. Жалаң аякка чөңөр, тикен кирип, таш өтүп, тез эле мүргүп, жол арбыбайт. Ал эми чокойчон адамдын буту тез шилтөөгө келип, оңойлук менен таш өтпөйт, тикен кирбейт. Алгач күйгөн отко эт-бетинен түшө калышып, жылынуунун аракетинде болгондор улам алоолонгон оттун,кызарган чоктун табынан кетенчиктешип, тезирээк курганыш үчүн коркунучту унутушуп, ар-ар жерге от жагышып, жылаңачтана кийимдерин от табына тосуп жатышты.

Айлана жымжырт. Суу болгон канаттарын парпырата учкан канаттуу куштардын дабышы да билинбейт. Алыстан гана күкүктөрдүн үн алышкандары, байлуунун кышылдаганы, үкүнүн уулдаганы анда-санда угула калат. Түнү менен жол жүргөн ат отко коюлгандан бери анда-санда бышкырып коюп, токой ичиндеги тулаңдан күртүлдөтө оттоп жатты. Жарым жыланач чондорго теңелген балдар да чечинишип, тери тондорун оттун ысык табына тосушат Алардын апасы улам кобурап коюп, балдарынын чокойлорун алмаштыруу менен алек. Өзүнүн үстүндөгү кийимдери суу болгондон балбырайт. Белин кайыш менен курчана ачык тонунун этегин куруна кыстарып алган.

Кошун кабыргалары саналган арык балдарын тиктеп отуруп, санаага чөктү. Кайберендер качан болбосун коркунучтан элтеңдей качып жүрүп, эттенсе да май албастыгын жакшы билет. Анын үстүнө жырткычтан күйүгө качып жүрүп, жеткирбей кутулат эмесли. Таптакыр ич май албайт. Кайберендер баштанып өзү тургай аялы, балдарынын ашыкча эттери жок. Кабырга, омуртка сөөктөрү кадимкидей билинип турат. Буларга ысык шорпо-шилен ичирбесе карандай кайнак суу кандай кубат берет? Дагы канча жол бар? Аялы менен балдарын гана атка алмак-салмак мингизбесе, эки шериги менен арыганы, үзөнгү кармай чарчаганы ат куйругун тартып жол арбытышат.

Аңгыча болбой кургак жыгачтын тырс-этип сынганы угулгандай болду. Кошун артын караса, оттоп жаткан ат башын көтөрүп, кулактарын тикчийте эки тарабын элтең-элтең карап жатыптыр. Ал сактана, аялы менен балдарынын жанына жете келди. Калың бутак баскан тумандуу токойдо эч нерсе көрүнбөйт. Өзүнүн тура эмес иш кылганын байкап койду. Курганууга али эртерээк эле. От жакпай, жакса да бир жайда лавылдатпай аз-аздан жагып, жылынышса болмок. үч-төрт жердеги жагылган оттун түтүнү коюу чыгып, жакынкы айланага жыттанары белгилүү эле. Калпыстык кетиргенине өкүнүү кеч болуп калды. Жакынкы жайдан өтүп бараткан жолоочу туйбаса да, эртең мененки аң уулаган мергенчи байкабай койбойт эле. Куугунчубу же буларды аңдыган мергенчиби?

Алар канчоо болду экен? Кандай адамдар? Адамгерчиликтүү пенделер болсо тил табышса болот. Кара мүртөз кеженейлер жолукса кантет? Коркунучту күтүп, ал ордунан жылган жок. Кулак түргөн атасын көрүп, балдары да элеңдей калышты. Аркы тараптагы эки шериги эч нерсе менен иши жок, алда немелерди сүйлөп жатышты. Кошун алдыртан белги берип, акырын үкүдөй үү, үү деп үн чыгарып койду. Беркилер туйду окшойт, үндөрү угулбай

калды. Аңгыча туура жактагы бутактар кыймылдап, Тумуктын тааныш өңү көрүндү. Ал алыстан эле кепке-сөзгө келбей туруп:

-Качкыла! Тез из жашыргыла! Кортук баш болгон куугунчулар издеп жүрүшөт, -- деди күшүлдөп – бышылдай.

Качкындар от боюна жайып койгон, толук кургай элек кийимдерин шашыла чогултушуп, качуунун аракетинде болушту.

- Бөлүнүп, бөлүнүп качкыла! Чогуу жүрсөңөр байкалып каласыңар. Чарга сүңгүп кеткиле! Анан табышып аласыңар,-деп Тумук шашкалактады суу болгондон шөлбүрөгөн этек-байчаларын сыгына.

Кошун шапа-шупа жайдак атын токуп, ооздуругун сала эки баласын мингизип, аялына жетелетти. Бир баласын эки шериги ортого ала шап коюу бутактарды аралай көрүнбөй калышты.

- Жүр, сени менен далдоолоно турайын. Кайра кайтсам алардын жолунан чыгып, шек туудуруп алам – деп досу Кошунду тарткылады.

Көңүлүндө кири жок, бейтааныш бирөөгө жакшылык кылууда бардык коркунучтарды капарына албай, бөтөндөр үчүн түйшүк тарткан адамды көрүп, Кошун ыраазычылык менен анын жүзүнө тигиле карады. Кандайдыр тынчсызданууунун белгиси билинген Тумук ага эң жакын адамындай сезилип кетти.

- Сен, бизге кылчандап жатып, жаман аттуу болбо! Башка жолго сал. Ыракмат, эскерткениңе! Жакшылыгыңды өлбөсөм бир кайтарармын. Болбосо, Теңирден кайтар. Айылыңа барсам, үкү болуп чакырып, белги берем, - деп анын эки мүрүсүнөн кармады. Жүзүнөн ыраазычылыктын белгиси билинген досу да жонунан таптай:

- Колго түшпөй, кутулуп кеткиле. Биздин кеткенибизден шек санаган Кортук сары изибизге чөп сала айылдагылардан сураштырган окшойт. Шериктерин ээрчите жолдо келе жатканын алыстан таанып, из жашыра бул тарапка салдык. Эми биз да башка тарапка салып, аларга көрүнбөштүн аракетин кылышыбыз керек. Кой, кармалба, жолоочум. Канчалык тез кетсең, өзүңө пайда. Кайрылбай кет, - деген бойдон төмөн карай атын уюлгута салып, жөнөй берди.

Кошун күйгөн отторду өчүрүп, түгөп күйбөгөн бутактарды жашырып, алдыда кеткен аттын изин акмалап, токой аралап жөнөдү. Дарактардын ичи күүгүм тартып, жалбырактардан сарыккан тамчылар анын желкесине куюлуп жүдөтүп жиберди. Жолдун тоому көрүнбөйт. Улам калын черге такалып, кайра андан чыгып кетүүнүн жолун издейт. Бирде эңкейе, бирде боортоктой алдыга кетип баратты. Бир маалда багытынан адашып, кайда басарын билбей,

төбөдөгү дарак учтарына тигилди. Дарактардын күн тийген тарабындагы жалбырактуу бутактар калың өскөндүгүнөн күн чыгыш менен батышты аңдоону баамчыл пенде гана туйбаса, көпчүлүк адамдар биле бербейт. Аялы менен балдары, берки шериктери кайда кетти? Же алар да адашып жүрүшөбү?

Кошун баамчыл көзү менен аңдап, айланага кулагын төшөп, бир топко турду. Анысынан майнап чыкпады. Жым-жырт. Эч нерсе билинбейт. Айласы кетип жанындагы узун даракка чыгып, сересеп салмак болду. Үстүндөгү балбыраган кийимдерин, бутундагы чокоюн чечип, кайышка таңып, белине байланып алды. Карагайдын бутагына асыла көтөрүлүп, жанаша карагайлардын бутактарынан биринен бирине өтүп, заматта кылда учуна чыга келди. Туман баскан токой дүңүйүп, айлана-тегерек араң көрүнөт. Жыш,-калың бутактардан адам караанын көрүп-багыш кыйын эле. Анда – санда учкан канаттуу чымчыктар гана бир маңден билдирбесе, адам же кайберен бардыгынан эч кандай дарек жок. Тоо, токойду жыш чүмкөп алган тумандуу булуттар бийик карагай учтарына чейин майда жамгыр себелейт. Ийне жалбырактардан сарыга миң-миңдеген көздүн жашындай мөлтүрөгөн тамчылар кулайт.

Капилеттен жакынкы туштан жамгырдан далдоолонгон чымчыктардын дүрдүгө учканы байкалды. Кунт кое тиктеди. Аттардын удаама-удаа жөткүрө, бышкырганы угулду. Демек куугунчулар келип калган экен. Катуу келген ат гана тыныгарда күрс-күрс жөткүрүнөт. Ачкалыгынан үзүлө оттоп, бышкырына ээсинин тизгин тартканына карабай, чөптү күрт-күрт чайнап, курсагын тойгузуу аракетиндеги аттар жерден баш көтөрүшпөйт. Куугунчулардын үндөрү үзүл-кесил угулуп жатты.

- Ачык жайда бир жөн. Чер токойдун ичинен табыш өтө кыйын.

- От жаккан жерди таптык. Чоктун күлү ысуулай экен.

- Биздин келерибизди туюп, бекиништи бекен?

- Алыс узагыдай болуша элек. Тинтип карагыла. Ушул эле ортолукта болушса керек.

- Токой ичинде жөн жүргөн адам адашат. Бекингендерди табуу кыйын.

- Издейли. Жер түбүнө түшүп кетишкен жок.

Бак-бак эткен үндөр алыстап, угулбай баратты. Бир маалда адамдардын кыйкырыгы чыгып, баланын чыңыра ыйлаганы угулганда Кошун чочуп, карагай башынан тайып учуп кете жаздады. Шаша-буша сыйгалана түшүп, үн чыккан жайды акмалады. Кою бутактан эч нерсе көрүнбөйт. Бир гана баласынын аянычтуу жардам сурап:

-Ата! Ата-а! - деген Куландын үнү угулду.

Кошун тарбалаңдап, жарым жылаңач боюнча үн чыккан жерди туспалдай чуркады. Бутактарга бети-башынын, денесинин айрылганына карабады. Жетип барса, үч киши бошонууга аракет кыла тыбырчылаган баласын кармашып, күчкө салыша жип менен таңууга алектенип жатышыптыр. Баласы улам колу менен апчып-чапчып, буттары менен тээп, моюн бербей тарбаландап, алышканын көрдү. Ал шамдагайлык менен чуркап барып, бирөөсүн кырзэктен алды. Ал көзү чекчейе кыйкылыктап, жан-талбастана бош колдору менен апчып жатты. Баласы атасынын жардамга келгенин көрүп:

- Ата, ата! – деп энтиге моюн бербей булкунгандыгына карабай, Кортук анын колу-буттарын бириктире бекем кучактай шериктерине кыйкырды.

- Мен айткан ушул. Кармагыла! Аны да, колдон чыгарбагыла!

Кошун каршылык кылганга шайманы келбей колдору бошошкон каршылашын тамактап муунта берди. Кортукка кошумча болуп, баланы таңууга аракеттенген да бир шериги, жардамга келе калды да, күрөктөй колу менен Кошунду кежигеге муштап, бутары менен тепкилеп кирди. Кошун оор муштум менен тепкиден эсиңгиреп, шайы оол баратты. Аңгыча эси ооп жерде жаткан шериги өзүнө келип, жаны ачыша колуна кирген ташты алып, Кошунду бет талаштыра былчылдата коюп жатты. Оозу-мурдунан кан жая берген Кошундун деми чыкпай сулк жыгылды. Каршылыгы жок, көк чаначтай ийленген денени өлдү дешип, куугунчулар кармап туруп, аңга ыргытышты. Кортуктун колундагы бала колго түшкөн коендой тырпырап, өзү жөнүндө коркунучту унутуп, анда-санда:

- Ата, ат-а! - деп өпкөлөп, эң жакын адамынын көз көрүнө өлтүрүлгөнүнө ишенип-ишенбей бакыра берди.

- Анысы өлмөктөн доңуз копсун. Мунусун бекем чырмагыла! - деп, колундагы баланы шериктеринин жардамы менен көк кайышты чытырата таңып, олчойгон олбурлуу шеригине өңөрттү.

- Шериктери дагы болсо керек? – деди болчойгону баланы зэрге ныктай.

- Аларды эмне кылабыз! Ушул олжобуз эле Доргого чоң тартуу. Алдынан өткөнүбүз болот.

- Бул бөлтүрүктүн атасы шамдагай неме экен, өлтүрүп коң жаздады. Сен болбосоң, эчак муунтуп салмак.

- Жаны ачышкан карышкыр аянбайт.

- Аның тирилип кетпейби?

- Тирилгис кылып, таш менен эзип жанчтык.

- Мойнун толгоп, белин оморуп койбодук да?

- Тирилсе тирилип кетсин! Бирок адам болушу кыйын.

- Кеттик.
- Кеттик.

Кыйкыра атасын жоктогон баланын тамагы каргылданып, үнү да чыклай калды. Колу-буту таңылып, денесине кыл чылбыр оролгон баланы өңөрүшкөн үч атчан шатырата теминишип, келген жолу менен кайра кетишти.

* * *

Четин менен Тайын бири-бирин күүгүм талаш араң табышты. Көк муштум боло эриндери кеберсип, үстү-баштары карагай-черге айрыла, тондорунун жүндөрү булаят. Бая эрте менен үч караан ээрчише кетишкенде эле суукта ичи шамалдаган бала басып бараткандa улам ооруган ичине чыдабай, токтоло калып отурат. Ач карын немении ичинен канча ыйынса да, эч нерсе чыклай, кайра шымын көтөрө, шериктеринин артынан чуркайт. Мурунураак келишкенби же байкап калышканбы, астейдил пайлап отурган куугунчулар шымын чечип, ыйынып отурган баланы барып басып калышат. Колго түшкөн баланын бакырыгынан экөө чочуп, өз алдыларынча калың бутактарга бой урушту. Куу бутактарга чалына канча чуркашканы белгисиз, күйүгүп, дармандары куруганда барып, жеткен жерлеринде сулк жыгылышат. «Пыр» эте чымчыктын учканы, «тып» этип жамгырдын тамганы да аларга коркунучтуу сезилип, дирилдеше чер токойдогу далдоолорго кекиликтей бысып жата беришет. Акырында эч бир куугунчунун дареги билинбегенде бирин-бири издей улам-улам жылып жөнөшөт. Кыйкырса эле бирөө укчудай, билип калчуудай туюшуп, үн чыгарышпайт. Анда-санда «чыйт-чыйт» эткен токой чымчыгынын үнүн угушуп, Кошундун:

– Эгер адашып кетсеңер, канаттуу-куштардын же кайберендердин үнүн туурап чакырышкыла деген эскертүүсүн эстерине салышып, бири үкү болуп-үүлөп, бири, байлуу болуп кышылдап үн алышат. Алыстап кетишкен экөө үн улашып араң табышышат. Эмне болсо да, качкан жерден кабар алалы дешип, аярлап, бекинип келишсе эч кандай шек-шыба билинбейт. Уйпаланган чөптөрдү тапталган жумшак топуракты көрүшүп, баладан башка куугунчулар менен кимдир бирөөнүн алышкандыгын билишти. Болду болбоду Кошун болсо керек дешти. Из, белги калдыбы дешип, айлананы бирме-бир карап чыгышты. Четин кан болгон аяктай ташты тапты. Андан алысыраак жайда, Кошундун кайышка таңылган кийими жатыптыр.

- Кармаш катуу болгон экен. Куугунчулар баласын ажыратып алууга үмүттөнгөн ата менен аябай алышышыптыр. Акырында

көптөп уруп, таш менен жанчып, ата-баланын колу-буттарын таңып алып кетишиптир деге тыянакке келишти. Бирок, эки шерик бирин-бири жек көрө тиктеп турушту.

- Жаны ширин, коркок! – деди Четин Тайынга.

- Сенчи акмак? Биринчи чуркабадыңбы! – деди Тайын.

- Кошундун жакшылыгын билбеген, айбан!

- Сенин адамгерчилигин жок!

- Сен колго түшсөң Кошун жанын аябас эле.

- Сенен аяйт беле?

- Чыккынчы!

- Саткын!

Экөө ачууга буулугуша бири-бирине жаман сөздөрдү айтышып, жакалаша кетишти. Улам бирин-бири силкише, жакаларын айрышты. Жаны ачышып муш коюшуп, бети-баштары көк-ала болду. Улам алыша кетишип, суй жыгылышты. Аянттагы тулаңдар уйпаланып тебеленди. Экөөнүн тең тамактары кургап, шайлары ооду. Ырп этерге алдары калбай, канаттары түшкөн таскарадай болушуп, экөө эки жерде отуруп калышты. Бирин-бири жеп ийчүүдөй жек көрүшүп канча отурушкандары белгисиз.

Бир маалда «кың, кың» эткен үн угулду. Экөө тең кулак түрүп калышты. Алар отурган жайдын таманынан үн чыккандай болду. Экөө тең тура калышып, үн чыккан жакка чуркап жөнөштү. Кан жайыла бети-башы таанылбаган, жарым жылаңач адам денесин көрүштү. Бири-бирин тиктеп, денени аярлай караштьı. Сөөлөтү Кошунга окшош болгону менен бети-башы таанылгыс. Бириси башынан, бириси аягынан көтөрүп, баягы отурган жайларына алып келишти. Кошундун бети-башы ташка жанчылып, оозу-мурду долдоң шишип кеткен. Суу издеп чуркашып, акырында жылжып аккан булактан кочуштап суу алып келишип, жарадардын эринине тамчылатышып, жуткурушту. Былбыраган суу тондору менен каткан кандарын аарчый башташты. Бети-башына тийген муздак суудан Кошун чыйралды окшойт, долдойгон эриндерин жуумп, көздөрүн ачууга аракеттенди. Күн кечкирип, күүгүм кирип баратты. Экөө далдаа жай издешип, карт карагай түбүнө Кошунду көтөрүп келип жаткырышты. Жамгыр өтпөй, суу тийбегенге карагайдын түбү кургак, жумшак экен. Кошундун алдына кургак чөп төшөшүп, эптеп таңды атырышты.

Түнү менен жамгыр шыбырчыктап жаап, тынган жок. Эти от менен жалын болгон Кошун улам алда бирдемелерди сүйлөп, сөгүнө-уруна чабалактап чыкты. Эки шерик кирпик ирмебей Кошунду кайтарыша укташкан жок. Оорулуунун денеси бир кезде муздап, калчылдап үшүй баштады. Анын эки тарабындагы

шериктери бекем кучакташып, эптеп жылытуунун аракетинде болушту. Таң эрте менен үчөө тең катуу уйкуга кетип иптир. Алгач Кошун ойгонуп, эки тарабындагы кучактап жаткан шериктерин туйду. Кечээки окуянын эмне менен бүткөнүн эсине келтире албай «Кайда жатам?. Булар кимдер?» деп бүшүркөдү. Кулагын салып тыңшаса абада нымдуу жамгыр себелеп жаап жаткансыйт. Көзүн ачайын десе, ачылбайт. Бети-башы долдоюп өзүнүкү эместей. Ой тизмегин таппай, кечээкилер бүдөмүктөнө түшүү сымал элестей берди. Кулагына баласы Куландын атаалаган үнү угулуп, жүрөгү зырп эте булкуп алды.

«Баламды бошото алдымбы? Балам кайда?» деген суроо улам тынчын ала берди.

Алар үчөө болчу. Кортук жулунуп-жулкуна бакырган баланы тыбырата бекем кучактап, ага олчойгон бирөөсү кошул-ташыл боло кармап, үчүнчүсү тыбыраган баланын буту-колун жип менен чырмоого алектенип жатканда секирип барып, бирөөсүн тамактан алган. Экөө чарпышып жатканда баягы олчойгон неме шилисинен кармаганда, ага каршылык кылганын билет. Андан кийинкиси эсинде жок. Чыкыйына тийген ташбы, оор салмактуу нерсенин соккусунан эсинен танган. Былч-былч этип, бети– башына тийген муштумдун ооруксунганын туйбай калган. Анан кайдан бул экөө менен жатып калды? Мурдуна келген жыт карагайдыкына окшойт. Үйдө же үңкүрдө эмес, сыртта карагайдын түбүндө окшобойбуз бу Оодарылуунун аракетин кылды эле, сыга кучактап жаткан экөөнөн кыймылдай албады. Анын аракетинен беркил экөө ойгонуп кетишти. Алардын Четин менен Тайын экенин тааныды.

- Экөөң кайдан менин жаныма келип калдыңар? Балам кайда? - деп удаама - удаа суроо жаадырды.

Экөө болгон окуяны биринен сала бири айтып, өздөрүн күнөкөр сезишти.

- Баланы ажыратып алууга башыбызды саябыз. Болбосо баланын ордуна биз баралы- дешти. Кошундун жүрөгү туз куйгандай ачышып, тилинип жатты.

- Болуптур. Аны да көрө жатарбыз,–деди оор үшкүрө. Үчөөнүн тең ойлорунда «Эмне кылыш керек?» деген суроо турду.

Эртең менен жер жарыганда Кошун:

- Эмне болсо да, эртерээк жараттан айыгуунун аракетин кылалы, - деди шериктерине.

- Сени канткенде тез айыктыра алабыз? – деди Четин күнөөлүүдөй.

- Анын жарасы жеңил, Четин сен мага тирүүлөй кирпи таап кел? А сен Тайын аялымы балдары менен таап, бул жакка баштап келесин!

- Ушул жергеби? – деди чочуй Тайын жалтаңдай.

- Жок. Башка жайга орун которобуз.

- Ооба. Орун которбосок болбойт. Куугунчулар кайрылып келиши мүмкүн,-деди экөө жарыша.

- Алар менден түңүлүштү. Эми карга, кузгундун түшүшүн алыстан акмалашат. Бирок, силерди издээр, издешпесин билбейм,- деди оюн бүдөмүктөнтө.

Убакытты кечеңдетпей үчөө орун которууга жай издешмек болушту. Кошундун башы айланып, кулагы тунжурай баса албай койду. Беркил экөө Кошундун айтуусу боюнча бийиигирээк жайдан ылайыктуу орун издеп табышып, Кошунга орун даярдашып, аны жөлөп-таяп жеткиришти. үчөөнүн тең өзөктөрү карарып, ачкачылыктан ооздоруна кара суу келди. Кошун шериктерин эки тарапка кирпи таап, кармап келүүгө жөнөттү. Бири-бирин тиктеп, өздөрүн бул иштин айыпкери катары сезишип, кылмырына кысылып жатышты.

Кайдан табышат? Эмне, кирпи жайылып оттоп жүрөбү? Тапкан мезгилде да, аны кантип тутушат? Кирпи ийнеси менен душмандарын атат дейт. Кантип кармашат?

- Экөөң тең кирпи кармоону билбейсиңер да? Аны эске албаптырмын. Бир-бирден барсаңар таппайсынар. Тапсаңар да тута албайсыңар. Экөөң чогуу барып көргүлө. Элден башта кеңешип, анан ишке өтөлү-деди жаны ооруксунган оорулуу. Кирпилер тан эрте менен тоют издеп чыгышат. Ийиндерин тапсаңар тутушка оңой. Баш кийимиңерге козу карын тергенче баргыла. Кирпинин ийини суур, кашкулактыкынан башкача болот. Алар ийинди тик казышса, кирпи туурасынан казат. Суур менен кашкулактын ийинин табыш оңой. Алар жеген коңуздарын ийиндеринин ооздоруна чычышып, ийиндеринин айланасындагы чөптөрдү туш келди тебелей беришет. Ал эми кирпинин ийини таза. Дайыма бир баскан изинен чыкпай, чөп-чарды тебелебейт. Ийининин оозунда бузулган же түшүп калган козу карын болот. Аны байкасаңар ийинге кайыш куруңардан кылтак салгыла да, пайлап жаткыла. Эне кирпи эшикке чыкпайт. Эркек кирпи эртең менен козу карынды ийнесине сайып же оозуна тиштеп, ийинине кайтат. Аны катуу шаштырып, кубаласаңар ийинин көздөй качат. Ал башка жырткычтарга окшоп, туш келди ийиндерге кирип жашына бербейт. Шашып келген кирпи, кылтакты этибар албай, ага илинет да тисерилип, кетенчиктеп, бошонушту билбейт. Эмнеге урунса да,

илинсе да, аны жулуп, үзүп кетүү аракети менен алдыга умтула берет. Андай учурда арткы бутунан тартып алып, тумшугун кабыштыра кармасаңар ийнеси менен атууга үлгүрбөй калат. Кокус калпыстык кетирсеңер, анын огунан майып болуп калышыңар да мүмкүн Андыктан өтө этияттанып, абайлагыла! Анан да эскертип коеюн. Ал ире – ширеде гана ийинден чыгат. Күн жарыганда издеп таппайсыңар,-деп кургаган эриндерин жалай кынтай кетти.

Шериктери кеткенден соң таштан сызыла аккан сууну улам тили менен жалап, бети-башындагы ысылаган жараттарын муздак ташка тийгизе улам-улам алмаштыра берди. Муздак таштын таасириненби, көздөрү акырындык менен ачылып, айлана бозомук көрүнө баштады. Башы улам айланып, жер айлан кечек боло окшуй берди. Ашказанынан эч нерсе чыклай, көңүлү айныды. Кусса башына күч келгидей. Башын ташка жөлөп, чалкасынан түшө эч нерсени ойлобоско аракеттенип, төбөдөгү карагай учтарына улам тигиле өзүн алаксытты. Каниет, колу–буттары, омуртка-кабыргалары сынбаптыр. Келтектен адам өлмөк беле. Эки-үч күндө оңолуп кетет. Жылуулай териге оронуп, кам шорпо ичкенде барбы, жараты так айыкмак. Айыкпай өлсүн! Тирүү туруп баласын алдырганы эмнеси? Баласынын аталаган үнү кулагына улам жаңырып, жүрөгү тызылдап, эстеген сайын, акыл-эсин жоготуп, талып калып жатты. Бир маалда «тарп, тарп» эткен добуш угулуп, ал эсине келе чочуй башын көтөрдү. Шериктери экен. Силердин басканыңар мага жакпайт. Кадамыңардын дабышы бирөөгө эмес, өзүңөргө угулбасын. Минтип жүрсөңөр, баарын үркүтүп, кур жалак каласыңар,-деди кыртышы сүйбөй.

- Таптык, –деди Четин.

- Экөөнү эптеп кармадык, – деди, Тайын ага кошула.

- Бириң сойгула! Бириң отун топтоп, таш кордо кыл! Канын төкпөй менин колума мууздагыла, терисин сыйрып, муздатпай мага бергиле,-деди баш көтөрө отуруп.

Тайын кирпини мууздап, Кошундун сунган алаканына канын куюлтту. Кошун булоосу чыккан канды ууртап, калганын бет-башына шыбады. Кирпинин терисин ысуулай бетине жаап, чалкалай ташка сүйөнө отурду. Аңгыча Четин куу жыгачтарды топтоп келип, чет тараптагы кара таштын бетине жалын тиерлик кыла чакмак таштары менен от тутантты. Ысык ташка жабылган эт, чоктун табына кызарып, чызылдап жатты. Кошун терини ысык чокко кактап, кесилген, айрылган жерлерине улам баса берди. Заматта кирпинин эти таш кордого бышып, үчөө өзөк жалгашты. Ич этинен чыккан майын Кошун колу менен эзип, бети-башына, ооруксунган жерлерине сүйкөдү. Жылуулай тери, шишиктерди тартып алып,

оорулуунун көзү ачылып, бая жиги билинбеген мурду, кашы, эриндери калыбына келе баштады. Канталап, айрылган, жарылган жаралары майга жылтырап чыкты.

- Кирпинин этин жеп, кара курсак кампайды. Эми ишке өтөйлү, «карышкырлар»,- деди шериктерине Кошун. Бул сөз аларга аябай оор тийди. Какшыктагандай туюлду. Экөө тең баштарын көтөрбөй жер караишты. Алардын абалын байкаган Кошун үнүн жумшарта сүйлөдү.

- Билип турам. Экөөң тең бул ишке өзүңөрдү айыпкер сезип, кысылып жатасыңар,-деп бир топко токтоло кайра сөзүн улам.

- Тагдырга айла жок. Баламын ичи оорубаса, ал силер менен кошо качмак. Мүмкүн, анын ордуна бириң кармалып калсаң да, ушундай окуя болмок. Мейли, өттү, кетти. Арга издейли?-дегенче ар биринин жүзүнө тигилди.

- Четин сен бая биз түнөгөн жерге кирпинин ич этин, ашкан-ташкан сөөктөрүн алып барып таштап келесиң! Деги сөөгү да, калбаса керек? - деп айланасын карап койду. Чындап эле чокко какталып бышкан этти ачкалыктын азабын тарткандар сөөктөрү менен кошо кемирип, жеп коюшкан эле.

- Мен силерди бүгүндөн баштап, «карышкыр» атайм. Себеби, карышкыр шеригин, баласын эгерим бөтөнгө алдырбайт. Алдырса да, андан өчүн албай койбойт,-деп оор күрсүндү. Чымчым этке болсо да, кузгун түшпөй койбойт. Тигилер мени «кузгун талады» дешсин. Тайын, сен апасы менен кеткен балдарды издеп, таап келгин. Алар бизди издеп жүрүп, кырсыкка кабылып, колго түшүшпесүн.

Эки шериги тең анын көңүлүн алыш үчүн ар бир сөзгө баш ийкей беришти. Алардын ою чаржайыт экенин туйган мерген сөзүн кайра-кайра тактап, таамайлап эскертип жатты.

- Кайдан табам деп кыжаалаттанып жатасыңбы?-Капылеттен берилген суроого экөө элеңдей түшүштү.Шашкан же корккон адам эч качан өргө чуркабайт. Эңкүүлөй жүрөт. Аны билесиң да? Туура тартып жашынбай, түз кетет. Алар ачка. Жаа, жебелер ээр каштa. Кекилик, чил атыштын аракетин кыл. Черлүү токойдо элик көп. Этти кайнатма кылып бер! Эти тамак, шорпосу кубат. Анан бул жайга баштап келесин! Бул жерде, бир аз аярлайбыз, «көк жалдар»! Силердин аткарар милдетиңер али алдыда. Көп кыжаалат болуп, ойлонбогула!

Айткандай, Четин баягы эски жайга барып келери менен куркулдаган кузгундардын үнү угулуп, биринин артынан бири учуп келе баштады. Кошундун көздөрүнүн шишиги кайтып, кадимкидей көрүп, кулагынын туңжураганы да басылып, өзүн кадимкидей сезип

калды. Четиндин кестигин сурап алып, улам чакыр ташка кайрай, курчутуп отурду. Күүгүм талаш, ире-шире болгондо Четинге-«Беркилерин күткүн!» деп төмөн карай түшүп кетти. Жамгырлуу түндөрдүн эченин башынан өткөргөн Кошун кыйналбастан, дабышсыз жол тартып келе жатты.

* * *

Тумандуу күндөрдө чарбадарлар өтө сактанышып уктабай, түнү-күнү малдын артында болушат. Кара малды ыктоо жайытка агытышып, тынбай көзөмөлдөп турушат. Жандык короодо. Ит-куш, ууру-кескилер өтчү жолдордон сыртта улам бири-биринен кабар алыша үн алышып, кезек менен кайтарышат. Кокус эле бир кабар болсо, шап жетип бармакка аттарын үй алдына каңтарышып, чечинип уктабай куралдарын жаздана улам-улам баш көтөрө кулак түрүшүп, жамгыр өтпөс кийиз, терилерди жамынышып, кезек алмаша сыртка чыгып турушат.

Ал айылга жакындай берип, Тумуктун үйүн билмекке түнкү үкүнүн үнүн туурап, топ айылды акмалайт. Бешинчи жолу үкүнүн үнүн чыкканда, орто туштагы бир үйдүн эшиги леп эте сыртка серпилди. Дабыш чыгарбай, билинбеген кыймыл менен заматта ошол үйгө жетип барды. Кийиз жамынган караан белин бошото үй алдында ары-бери басып туруптур. үйдөгү от жарыгынын шооласы ага түшүп, Тумук экени таанылган соң, үкүнүн кыска үүлдөгү кайталанды. Тумук үндү болжой кадам шилтеди. Эки караан бириге түшүшүп шыбыр-күбүргө кириши.

- Кулandын кайда экенин билесиңби, досум?

- Кортук токойдон келээри менен Доргого жеткирген.

- Эмнеге мынча шашылыш?

- Кортуктун күнөөсү көптүгүнөн баштагы күнү дорго чакыртты дебедик беле? Эптеп шылтоо таба албай турган Кортук сенин уулуңду кармаган соң, «олжо» тартуулап, дорго менен достошуп келиптир.

- Доргонун үйү кайда?

- Бара албайсың! Ал кайтарууда. Мен десең, балаңдын өмүрүнө коркунуч келтирбейин десең, оюндан кайт?

- Баламды бошотуп алмайын кетпейм.

- Көзөмөлдүк өтө катуу. Куралдуу жигиттерди чогултуп жатат. Эгер анте турган болсоң өзүң да, балаң да майып болуп каласыңар!

- Кортук, бизди кантип билип калды?

оорулуунун көзү ачылып, бая жиги билинбеген мурду, кашы, эриндери калыбына келе баштады. Канталап, айрылган, жарылган жаралары майга жылтырап чыкты.

- Кирпинин этин жеп, кара курсак кампайды. Эми ишке өтөйлү, «карышкырлар»,- деди шериктерине Кошун. Бул сөз аларга аябай оор тийди. Какшыктагандай туюлду. Экөө тең баштарын көтөрбөй жер караштты. Алардын абалын байкаган Кошун үнүн жумшарта сүйлөдү.

- Билип турам. Экөөң тең бул ишке өзүңөрдү айыпкер сезип, кысылып жатасыңар,-деп бир толко токтоло кайра сөзүн улам.

- Тагдырга айла жок. Баламын ичи оорубаса, ал силер менен кошо качмак. Мүмкүн, анын ордуна бириң кармалып калсаң да, ушундай окуя болмок. Мейли, өттү, кетти. Арга издейли?-дегенче ар биринин жүзүнө тигилди.

- Четин сен бая биз түнөгөн жерге кирпинин ич этин, ашкан-ташкан сөөктөрүн алып барып таштап келесиң! Деги сөөгү да, калбаса керек? - деп айланасын карап койду. Чындап эле чокко какталып бышкан этти ачкалыктын азабын тарткандар сөөктөрү менен кошо кемирип, жеп коюшкан эле.

- Мен силерди бүгүндөн баштап, «карышкыр» атайм. Себеби, карышкыр шеригин, баласын эгерим бөтөнгө алдырбайт. Алдырса да, андан өчүн албай койбойт,-деп оор күрсүндү. Чымчым этке болсо да, кузгун түшпөй койбойт. Тигилер мени «кузгун талады» дешсин. Тайын, сен апасы менен кеткен балдарды издеп, таап келгин. Алар бизди издеп жүрүп, кырсыкка кабылып, колго түшүшпөсүн.

Эки шериги тең анын көңүлүн алыш үчүн ар бир сөзгө баш ийкей беришти. Алардын ою чаржайыт экенин туйган мерген сөзүн кайра-кайра тактап, таамайлап эскертип жатты.

- Кайдан табам деп кыжаалаттанып жатасыңбы?-Капылеттен берилген суроого экөө элеңдей түшүштү.Шашкан же корккон адам эч качан өргө чуркабайт. Эңкүлөй жүрөт. Аны билесиң да? Туура тартып жашынбай, түз кетет. Алар ачка. Жаа, жебелер ээр каштa. Кекилик, чил атыштын аракетин кыл. Черлүү токойдо элик көп. Этти кайнатма кылып бер! Эти тамак, шорпосу кубат. Анан бул жайга баштап келесин! Бул жерде, бир аз аярлайбыз, «көк жалдар»! Силердин аткарар милдетиңер али алдыда. Көп кыжаалат болуп, ойлонбогула!

Айткандай, Четин баягы эски жайга барып келери менен куркулдаган кузгундардын үнү угулуп, биринин артынан бири учуп келе баштады. Кошундун көздөрүнүн шишиги кайтып, кадимкидей көрүп, кулагынын тунжураганы да басылып, өзүн кадимкидей сезип

калды. Четиндин кестигин сурап алып, улам чакыр ташка кайрай, курчутуп отурду. Күүгүм талаш, ире-шире болгондо Четинге- «Беркилерин күткүн!» деп төмөн карай түшүп кетти. Жамгырлуу түндөрдүн эченин башынан өткөргөн Кошун кыйналбастан, дабышсыз жол тартып келе жатты.

* * *

Тумандуу күндөрдө чарбадарлар өтө сактанышып уктабай, түнү-күнү малдын артында болушат. Кара малды ыктоо жайытка агытышып, тынбай көзөмөлдөп турушат. Жандык короодо. Ит-куш, ууру-кескилер өтчү жолдордон сыртта улам бири-биринен кабар алыша үн алышып, кезек менен кайтарышат. Кокус эле бир кабар болсо, шап жетип бармакка аттарын үй алдына каңтарышып, чечинип уктабай куралдарын жаздана улам-улам баш көтөрө кулак түрүшүп, жамгыр өтпөс кийиз, терилерди жамынышып, кезек алмаша сыртка чыгып турушат.

Ал айылга жакындай берип, Тумуктун үйүн билмекке түнкү үкүнүн үнүн туурап, топ айылды акмалайт. Бешинчи жолу үкүнүн үнүн чыкканда, орто туштагы бир үйдүн эшиги леп эте сыртка серпилди. Дабыш чыгарбай, билинбеген кыймыл менен заматта ошол үйгө жетип барды. Кийиз жамынган караан белин бошото үй алдында ары-бери басып туруптур. үйдөгү от жарыгынын шооласы ага түшүп, Тумук экени таанылган соң, үкүнүн кыска үүлдөгү кайталанды. Тумук үндү болжой кадам шилтеди. Эки караан бириге түшүшүп шыбыр-күбүргө киришти.

- Куландын кайда экенин билесиңби, досум?

- Кортук токойдон келээри менен Доргого жеткирген.

- Эмнеге мынча шашылыш?

- Кортуктун күнөөсү көптүгүнөн баштагы күнү дорго чакыртты дебедик беле? Эптеп шылтоо таба албай турган Кортук сенин уулуңду кармаган соң, «олжо» тартуулап, дорго менен достошуп келиптир.

- Доргонун үйү кайда?

- Бара албайсың! Ал кайтарууда. Мен десең, балаңдын өмүрүнө коркунуч келтирбейин десең, оюндан кайт?

- Баламды бошотуп алмайын кетпейм.

- Көзөмөлдүк өтө катуу. Куралдуу жигиттерди чогултуп жатат. Эгер анте турган болсоң өзүң да, балаң да майып болуп каласыңар!

- Кортук, бизди кантип билип калды?

-«Мастын акылы соо» дегени, ыраспы дейм. Жергиликтүү жашоочуларга силер келген жак коопсуз. Бар балээнин баары, токойдон чыгат. Ууру да, жырткычтар да токойго бекинерин ал жакшы билет. Биздин барганыбыз да анын эсинде экен. Бизден шек санабады. Себеби, аны «алып кел»-деп доргo өзү жөнөткөнүн жакшы билет. Токойго кошо барган шериктери айылга сенин келгениңди, артыңдан өңү-түсүңдү түгөл Кортукка жеткиришиптир. «Ууру болсо кармайбыз, жолоочу болсо тонойбуз» деген ой менен барышыптыр. Ал жерден уулуң менен сени көрүшүп, шериктериңди байкашпаптыр. Болбосо сары изиңерге түшүп, токойду тинтип чыгышмак экен.

«Ууруну өлтүрүп, баласын кармап келдик» дешип, айылдагыларга мактанышыптыр. Эртең мененки айланган карга-кузгундарды көрүшүп, сенин өлүгүңдү «жеп кетти»-деп ойлошуп, уулуңдан сурашса:

- Атам экөөбүз мал издеп жүрүп, адашып кеттик, – деп жооп бериптир.

- Деги балама жолугуунун аргасы барбы?

- Азырынча аны унут. Калганыңар аман кутулуунун аракетин кылгыла! Бая айтпадым беле, доргo куралдуу жигиттерди топтоп жатат деп. Бир балээ башталчуудай. Уруулар ортосунда тополоң чыгат же башка элди чабышат. Бизге ачык айтыша элек. Эртерээк калабалуу[1] жайдан алыстоонун аракетинде болгула!

- Кортуктун шериктери кайда?

- «Баары Кортуктун үйүндө отурат» дешти коңшулар.

- Мен уулумду «аманат» деп, сыртынан болсун сага тапшырам. Көз салганча жүр?

- Макул. Кабар алып турам.

- Айт, качуунун аракетин кылып, балээге учурабасын Мен баары бир келем. Сөзсүз бошотуп алам. Жакшы сөзүңдү, улуулук кеңешиңди аяба, досум!

- Доргодо болсо эле үзбөй барып, жолугуп турам.

- Уулум, сага аманат. Бир ишенгеним сен, досум! Тар кечүү, тайгак жолдо жолугуп калдык. Мөөсүл[2]тартуулап, бедөө ат[3] мингизишип, кучакташа акыретке чейин-деп, дос боло албадык. Байын[4] айтып, батыл сүйлөп жатам, туура кабыл ал Бир келээрим бышык! Кадырыңа бир жетээриме ишен, досум!

---

[1] Калаба-тополоң

[2] Мөөсүл-соогат

[3] бедөө ат-күлүк ат

[4] байын-ачык так

- «Эки тоо көрүшпөйт, эки адам көрүшөт» дешет элде, көрүшүп калаарбыз. Балаңдан көп камтама бо.ю бербе. Аман-эсен болсо, сени издеп табат. Заман тейи бузук. Мага ишенгениңе мен да ыраазымын!

- Досум, балама айта жүр! Анын насили кыргыз. Элин эч унутпасын? Элин издеп тапсын? Теги кул эмес. Нарктуу жердин тукуму. Сөөгү таза. Ээали байлыкка кор болбогун. Назары ток болсун! Уурулукка барбасын! Менин атымдан айткын, досум! - деп шашыла шыбырап жатты. Баласын бошото албастыгын ойлой, өзүнүн алсыздыгына арданып, ичи ээилди.

"Тирүүлөй кулунумдан кантип айрылам? - деп каңырыгы түтөдү. Аттиң ай! Муну билгенимде кулагына кумдай куюп, элин сүйгүзө насаат айтпайт белем. Чоңойсун, эр жетсин, акылы толсун деп жүрбөдүм беле. Кокустук кайдан гана жармашты» деп мин санаага түшө кайра өзүнө-өзү сабыр келтирди.

«Кокустан баарыбыз колго түшсөк эмне болмокпуз? Кой, суук көзгө көрүнүп, Тумукту балээге калтырбайын. Жат көзгө илешпей кетейин»-деп кыйыла досунун мойнунан кучактап, бетинен өптү. Өпкөсү көөп, көздөрү каканактады. Кучагындагы досу баласы болуп сезилди.

- Коркунучту ойлоп, үйгө киргизип, даам татыта албадым,-деп бурулуп, шашыла үйүнө киргенинен да чыкканы бат боло түйүн көтөрө чыкты.

- Жолдугуң болсун. Тез көрүнбөй кет! Жолуң ачылсын!-деп досун аяай өзүнөн оолак түрттү.

Жалгыз караан карангыга сиңип кетти.

Эртеси айылга «Кортук достору менен бычакташып, бирин-бири өлтүрүптүр»- деген кабар таркады.

* * *

Тайын ат туягынын изин кубалап жүрүп, аябай азап чекти. Калың токой ичиндеги кайберендер жүргөн изге салып, бирде тик өйдөлөй, бирде жан боордой жүрүп, борпоң топуракка баткан ат туягынын изин бирде таап, бирде жоготуп жиберип, аябай убараланды. Бутактардан сарыгып, жалбырактарга жабышкан жамгырдын тамчылары үстүндөгү кийимдерин малма-малма суу кылып, кургак жери да калбады. Чуркап жүрүп, эти ысып булоолонсо, шүүдүрүмдөн чокою былчылдайт. Кадам шилтеген сайын суу чокойдон үн чыга алда кайда угулат. Аңдардан аттап-буттап бирде атырыла чуркай жол тоомуна салса, бирде булуңдуу черлерден жөрмөлөп өтүүгө туура келди. Канча убакыт жүргөнү

белгисиз. Тумандуу жамгырда дүңкүйгөн токой ичи андан бетер караңгылап, кайсыл мезгил болгонун билүү да кыйын. Жедеп чарчаганда карагай-кайыңдын коюу бутактарынын алдына далдоолоно олтуруп, эс алгысы келди.

«Кайдан, кантип табам?»-деген суроо башынан кетпей кыжалаттанды.

Канча турганы белгисиз, бир маалда сагызгандын шакылыктаганын, бармактай болгон котур чымчыктын учуп-конгонун туйду. Акырын саресеп салса, алар жөн жеринен тынчсызданбагандай. Кулак түрө кунт коюп, жер тыңшады. Дүп-дүп эткен үн, адамдардын кобуру угулгансыды. «Арттан келген куугунбу?» деп ойлоп, жүрөгү болк эте катуулап сокту. Улам-улам боортоктой кулагын жерге төшөй тыңшап, чыккан үндү айырмалай текшерип жатты. Шектүү үн бир жерден чыгып, кайра жок боло тынчып калып жатты. Тайын акырын сойлоп, үн чыккан тарапка жакындады. Коюу бутактар арасында улам дүп-дүп басып, башын чулгуй коюп, ат оттоп жатыптыр. Ал шектүү дабышты туйдубу, же жыт алдыбы кулагын тикчейте башын көтөрдү. Суу өтпөгөн далдоодо апасынын колтугундагы кобурашкан балдар оттон алагды боло баш көтөргөн атты байкашып, чочуй, элтең-элтең этише моюн созушуп, айланаларын абайлай карашат. Эки уулун эки колтугуна кыса кучактаган эне көптөн бери уйку көрбөгөнгөбү улам көздөрүн сүзүп, үргүлөй кетет. Дабышты уккан балдар корумга бекинген кекиликтей бысып калышты. Тайын аларды чочутпас үчүн акырын жөтөлө бутак арасынан баш бакты. Ал баш кийимин колуна алып, камырабай, жай баскан түрдө «барсыңарбы?» деп үн салды. Алар аны таанышып, үчөө тең тура кала чуркап келишти да, суроо артынан суроо беришип, аны жүдөтүп жиберди.

-Тайын аке, атамдар кана?-дешип эки жаш бала эки тарапка чыкты.

- Силерди издеп таптым. Эми алар, бизди издеп табышат - деди, кыска гана тамашалай.

- Коопсуз жерден жай таапсыңар. Андан көрө, отун топтоп курганып, жылыныштын аракетин кылалы-деди.

Балдар энеси менен жөн отурушпай, керек болот дешип, далдоо жайга отун даярдап коюшуптур. Алар Кошун үйрөткөндөй кылышып, коюу бутак арасындагы кичинекей чуңкурчага куусаң тулаңдардан чогултуп келишип, оттук менен от тутантышты. Заматта майда бутактардан аралаштыра каланган куу чөпкө от кетип, ортодо лавылдаган жалын көтөрүлдү. Кургак бутактар тез күйүп, быкшыган түтүн да чыкпады. Чоктун табына кийимдерин кургатышкандан соң кара курсактарынын камын көрүштү. Ат

куйругунан кылтак, тузак түйүшүп мерчемдүү жерлерге, дарактардын арасындагы ачык жайларга байлашып, өздөрү калың бутак арасына бекиништи.

Бир мезгилде уя баскан мастегинен бөлүнүп, мас болгон короз кекиликтин бак-бак эткен үнү чыкты. Ага удаалаш түгөй издеген мастек кекиликтин сайраган үнү көтөрүлдү. Ал улам безилдеп, короз кекиликти чакырып, кайра-кайра сайрап жаты. Суу кайнам убакытка жетпей ар тараптан учуп келишип, мастек кекиликтин үнү чыккан жайды айлана канаттарын жазып, тооруй баскан, мас болгон короз кекиликтер көбөйө баштады. Баятан безилдеп жаткан мастек кекиликтин үнү дымый түшүп, акырын гана чык-чык эте короз кекиликтерди өзүнө кызыктырып жатты. Көздөрү бозоргон кекиликтердин короздору аңдабай келип тузакка илинишип пырпыраса, экинчилери келип, кызганычтан урушууга даярданышып, канаттарын жаза текөөрлөрү менен тебүүнүн аракетинде айлана чуркап жүрүшүп, тузакка илингенин билбей пырпырап жатышты. Заматта эле койгон тузак-кылтактарга беш-ондон ашык кекилик түшүп берди. Мастек кекиликтин сайраганын тууураган Тайын талыган тилин чыгара коюу жалбырактардын арасынан баш көтөрдү. Анын кылыгына таң кала суктанган балдар жашынган жайларынан чуркап келишип, тузактагы кекиликтерди топтоого киришишти.

* * *

Кошундардын келээрин үмүттүү күтүп отургандар аларды алыстан көрүшөрү менен эле мостоюшту. Себеби, Кошундун беттеринин али тагы айыга элек эле. Өтө опурталдуу окуя болгонун туюшуп, алар Тайынды суроолуу карашты. Ал эмне дээрин билбей, болгон ишке өзү күнөөлүүдөй баш көтөрбөй жер карады.

Кунан менен Музочар чуркап барышып, атасын кучакташып, суроо салышты.

- Ата, Кулан кана?

Ата балдарын кучактап, жооп таппай мукактана аялын караса, ал купкуу болуп, тынчсыздана тиктеп туруптур.

Кошун аялына, балдарына эптеп бир нерсе деп жооп айтуусу керек экенин туюп, айласы кете ичи тызылдады. Жооптуу жолду ката ойлонуп, миң толгонуп жатып, эч бир таба албады. Ал жалган айтып көнгөн эмес эле.

- Куланды...
- Эмне болду? – деп аялы чуркап жетип, күйөөсүнө тигилди.
- Кармап ...

- Эмне дейт!

Баары сел-йе аны тиктешти.

- Алдырып... жибердим!

- Алдырганы эмнеси?

- Куугунчулар кармап кетишти.

- Аа! – деген боюнча аялы кыйкыра жыгылып түштү.

Кошун эңиле калып, аялынын башын желөй, актанар сөз таппай кыйналды.

- Алып кетишти. Барып куткарып келем - деп мукактана, чулдуруктады.

Бир топтон кийин аялы бетине суу чачкандан соң эсине келип, оор үшкүрдү. Алайган көзүнөн жаш чыкпай, күйөөсүнө жалдырай тигилди.

- Куткарып келем... – деди Кошун тилдери булдуруктай.

- Кана куткарганың? Куткарып албай, эмне келдиң?-деди аялы жек көрө тиктеп.

Күйөөсү жооп таба алган жок. Анын айрылып, сыйрылган аптиси катуу кармашты билдирип турду. Топтогулардын бири да үн чыгара албай, селейип катып турушту.

- Миң алектенсем да, күчүм жетпеди. Алар мени көптөшүп... ыргытып жиберишкенин кийин... эсиме келгенимде туйдум. Дарегин... кайда экенин билгеним менен бошотуп алууга, эч кандай арга табылбады,-деди үшкүрүнө ооз учунан шыбырай сүйлөп.

Аял шолоктоп ыйлап, улам-улам болгон окуяны сурамжылап, тынчы кетип, кажаалат боло берди. Эки баласы, эки жерде томсоруша ыйлагандан көздөрү шишип, Кошундун аргасын кетиришти.

Тайын менен Четин эмне кылаарын билишпей, улам кайгыргандардын көңүлүн улашып, өздөрүн коңрго жай таппай кысынышып жатышты. Топтогулар эки күн наар алышкан жок. Кайгыга батып, көзүнөн жашы төгүлгөн аялын соорото албаган Кошун ичинен эзиле, тобокелге салып жолго чыгууга камынып, ордунан турду.

* * *

Качкындар кыргыз жерине Бекбала абышканын айылына көрбөгөн кордукту тартышып эптеп жетип келишти. Алардын караанын алыстан эле байкашкан коло-коңушулар заматта чогула калышып, жакын келгенге чейин бүшүркөй карап турушту. Арып-ачкан селсаяктар «Кайдан, кимдикине келе жатышат?» деген суроо ар биринин көкүрөгүндө турду. Айылдагылар тегеректеп, жөн-жай

сурашканда Кошун өзүнүн үй-бүлөсү, шериктери туурасында ачык айтып, атайлап качып келгендиктерин жашырган жок. Таңыркай тиктеп тургандардын кээлери ишенсе, кээлери ишенбей, боор ачыган таризде сынай тиктешет. Алардын көбү катын-калач, бала-бакыра эле. Араларында аксакалдуу эки-үч карыянын карааны көрүнөт. Топтошкондор алардын ата-тектерин, кайсыл уруудан тарагандыктарын дембе-дем сурап жатышты. Жаштайынан акыл-эстерин тааный электе жетим калышкандыктарынан улам урууларын, ата-тектерин билишпегендиктерин моюндарына алышты.

Каар замандын капсаландуу апаат күндөрүндө душман колуна түшүп, айласыздан башка элде эркеги кул, аялы күң болуп жүргөндөр арбын эле. Алардын да ата-энелери барган жерлеринде барымталанып эрксиз болушуп, кийин эр жетишип эптеп үйлөнүп-жайланып, тукум улашып балалуу–чакалуу болушкан. Жокчулуктун, теңсиздик-оор казаптын, оорунун кесепетинен эрте көз жумушса, тапкан балдары тегин билбей, ата-жотосунун кимдигин да туйбай багар-көрөрү жок ай талаада калаары айкын. Ата-энесин билбегендерди «теги жок» дешип, эл арасында кемсинтишип, «Жети атасын билбеген-кул»дешип теңине алышпай, катардан чыгарышып, жандарына жолотушпайт. «Өз атасын билбегенден кийин көбинин ырысы жок»-деп аташып, адам катарына көрүшпөйт. «Арам сийдик»-деп андан жаа бою качышат. Бул абалды жакшы билген аксакалдардын бири «качкындар» укпаган, билбеген кул атыккандын маанисин чечмелей суроо салды.

-Деги бириң ата-бабаларыңар кайдан экенин билесиңерби?

-Биз Төөлөс көлүнүн боюнда жашоогубуз,-деп жооп берди Кошун.

-А тегиң бар экен, жолочум!-деди карыя барпалаңдай.

-Кыргызда тегин билбегенди, теги жок «кул» дейт. Кулдун балдары тургай, небер-чөберелөрүнө чейин кул аты өчпөйт. «Кулдун баласы»-деп баатыр болсо да, байлыгы ашкан бай болсо да башкалар теңине албайт. Ал тургай анын «жөлөгү жок, боор ачый турган күйөрү жок»-дешип, жекелетишип, тапканын тартып алышып, кордошору айың эмес. Мен силерге кул жайын чечмелеп берейин. Ага чейин бизге үйүр алышып эс ала тургула-деп кепке кирди.

–Кул баласы «кулдун тукуму» аталып, ар түргө бөлүнөт. Андайлар ата-бабасынан бери кул-күң болсо, «боору такыр кул» аталган. Бийдин же байдын кызматында жүрүп тууган күңдүн балдарын «үйдө туума кул» же «тоңдуу кул» аталган. Эри жок туулган күңдүн баласы «төшөк жатар кул» аталган. Кыз бергенде

жумшатып берген «жумшатылып келген кул» аталган. Кулдар «калынга келген кул-күң», «жоодон түш-көн кул», «олжо кул» урук, эл журтун билбегенди «дарексиз» туруп калганды «түпсүз кул», «жетесиз кул» дешип, макал чыгарышкан: «башы мукул, аягы тукул», «сайда саны жок, кумда изи жок» дешкен. Сатып алган кулду «кесик кулак кул» дешкен. Мындай кулдар уктап калса, бардар ээлери кол менен ойготкондон наамыстанып, буту менен тээп ойготкон.

-Кой, арып-ачып келишти. Кеп сурай бербей тоюнталы-деди тургандарын бири боор ачыйт.

- Тууган сөөгүн кордобойт, ата-тегиңерди аныктап, урууңарды сүрүштүрөбүз, дешти аксакалдар. Келгендер төөлөстөрдөн экен,-деди бири биларманы билип-билбей эле. Аксакалдар катын-калач, бала-чакаларды калтырышып, «качкындарды» Бектенейге ээрчитип барышты. Бий «келгиндер» кабарын узун кулактардан укканбы.

- «Ата конушун аңкабас, адам болбойт» деген. Олжого кетип дарексиз, кайрылып кайра келдиңер. «Башка баш кошулушу дөөлөт». «Элим-жерим» деген үмүтүңөр акыры келип акталып отурат. Мөрөй силердики. Кааласаңар айылдын бири болуп жүрө бергиле. Жок, урууубузду, тууганыбызды табабыз десеңер, ат улоодон жардам берели, ыктыяр өзүңөрдө,-деди.

- Бий, айтканыңызга миң мертебе ыраазыбыз. Артыбыздан куугун болбой койбойт. Сизге салакабыз тийбесе дейбиз, - Кошун ыраазылыгын билдирүү менен кошо бийге эртенки боло турган кокустукту эсине сала кетти. Жашамал аксакал адам булардын сөзүнө аралашты.

- Башыңарды тобокелге салып, баш баанек издеп келип олтурасыңар. Биз силерди кантип эле жаттарга кармап берип калабыз. Силердин жооңор, биздин да жообуз. Жоолашсак да калкалайбыз. Бейкам болгула!-деди.

- Жөлөнөр жөлөгүбүз, калканаар тообуз деп силерге келдик,-деди Кошун анын жообуна кубана.

- Элиңерди таап отурасыңар-деди ал ичинде кири жок.

- Элибизге башыбыз тартуу. Туугандарыбызга «каруубузду казык, башыбызды токмок кыла» кызмат кылабыз,-деди Кошундун аялы жетине албай.

- Ылайым бар болгула!-деди Кошун кубанганынан көзүнөн жашы куюлуп.

- Баракелде, тууган! Келе колуңду? Ушул күндөн баштап, силер биздин бирибизсиңер. Эл деп келсеңер, эл да силер дейт.

Барпалаңдаган Бекбала карыя келгиндер менен кайра учурашып, колдорун кысканга, жаңы туугандар жетине албай кубанычтары терилерине батпай сүйүнүштү.

- Биз, чет тарапта ойрот-монголдорго жакын турабыз. Силердин «куугунчу келет» деген сөзүңөрдө калет жок. Андыктан, бөтөнгө шек билдирбей, эл ичине тереңирээк барып жайгашканыңар оң болот деййм. Алтыр аймагындагы эл биларман бийибизге жиберейин силерди-деп Бекбалай абышка жолоочуларды тыныктырып, түнөтүп, эртеси улоо камдап, ат коштотуп өзүнүн айылынан узатып койду. Жолоочулар туугандарынын жылуу мамилелерине ыраазы болуша жүрөктөрү жылый өздөрүн алгачкы жолу бактылуу сезишти.

* * *

Биларман деген бийдин конушу өзгөчө кооз жерде экен. Тээ бет маңдай да ээзели эрибеген мустак-ак карлу Ала-Тоо. Анын этеги карагай чөрлүү адырмак, керилип жаткан өрөөнгө чейин түшүп кетет. Бой жеткен кыздын ак балтырындай болгон жыш ак кайыңдар дүпүйгөн калың токойго уланып, түркүн түстөгү дарак учтары жогортон соккон шамалга бой керип, шоодураган жалбырактары тынымсыз дилдирейт. Мөңгүлөрдөн ийиген мөлтүр кашка булактар ар тараптагы жылгалардан агып келип, мөңкүп аккан азоо дарыяга кошулушат. Көлбөти келишкен мелмилдеген кең өрөөн жашыл кымкап жамынган. Миң түрдүү түстөгү бетегелүү талаа конок, тaруу, арпа, буудайдын айдоосуна туташып, алда кайда созулуп кеткен. Дарыя боюнда катар-катар тигилген көп боз үйлөр мөңгүсү кетпеген ак чокулардай алда кайдан көзгө чалдыгат. Абанын салкындыгынан уламбы, жап-жашыл аймакта алакандай такырайган жер көрүнбөйт. Баскан адамдын аягы тулаңга батып, жумшак чөптөн деги эле дабыш билинбейт. Айлана-тегеректе бир да малдын караанын көрүнбөйт. Алыстан келатып саресеп салып, бир караган адамга топ боз үйлөр чөккөн булуттай бири-бирине туташып барып, аркы тарабы алыстап кетет. Ортодогу боз үйлөрдөн да, өзгөчөлөнгөн сегиз канат ак өргөө алдында орнотулган узун шыргый каскакта да кан түсүндөгү туу желбирейт. Мындай көрүнүштү кийин-мурда көрбөгөн жаңы туугандардын кулактары дегдейип, оздору ачылды.

Ай-даа! Жер эмес бекен? Кооздугун айт! Ушул керемет жомоктогудай сулуулукка боз үйлөрдүн жарашканын кара? Бекер жеринен элибиз, жерибиз дешпеген экен? Накта кыргызга таандык тиричиликти, болгондо да тоосуна ою, адырына токою жарашып тургандыгын көр! Чайыттай асман алдындагы теребелде ыңкып

жаткан жер, ырдап аккан миң булак, көпөлөктүн канатындай жумшак жел, килемдин түркүн түсүндөй сан гүлдөр ортосунда кыт куйгандай жеп-жеңил боз үйлөрдүн тигилип турушу не деген көрк да, не деген сулуулук! Тим эле жомок!

Келбети келишкен мындай кереметти көргөндө качкындардын каны дүргүп, жүрөктөрү көкүрөктөрүнө батпай туйлап, ээ-жаа бербей дүкүлдөдү. Өрөпкүп, көздөрү каканактап, көптөн бери көрбөй куса болгон, сагынган энесин көргөн жаш балдардай кубанычтары ашып-ташып толкундануунун кучагына балкышты. Алда нече жолу тамандарынан төбөсүнө чейин денелериндеги тамырларынан кан дүрүлдөп, ата журттун кол тийгис ыйыктыгын алгачкы жолу туйгандай болушту. Мындай сезим канында кыргыз каны кайнаган пендеде гана болушу мүмкүн окшойт? Чындыгында кыргыз гана кыргыз жашоосунун башкаларга туюлбаган сырын тулку бою, дүкүлдөгөн жүрөгү менен сезери анык. Болбосо ат жалын шамалга сапырылта чаап баратканда, комузду колго алып, кыл териле күү угулганда, күпүлдөтө ыр саптары төгүлүп, манас айтылганда, ошол сезимдер көкүрөгүндө кирген суудай кыргыз баласынын бүткөн бою дүркүрөп кайнап, өзүн коерго жай таппай дээлигип, аба жара кыйкырары жалганбы?! Аны кимдер гана билбейт? Аны кыргыз гана туюп, кыргыз гана жасары анык.

Качкындардын тунарган көздөрү эми ачылгандай болду. Баштарынан өткөргөн эчендеген азап-тозоктору унутулуп, өздөрүн жаңы төрөлгөндөй сезишти. Касиеттүү Умай эне аларды бейиштин төрүнө жетелеп келгендей теребелдин кайталангыс сулуулугуна суктанышып таңдайлары так ката көрсөм деп дегдеген, барсам-деп сагынган үмүт-тилектерин биротоло арнаган Ата Журт таман алдыларында, бет маңдайларында көөшүлүп жатканын көрүшүп, өздөрүн жогото селейишип көпкө туруп калышты.

Кошун эңкейип, тизе бүгүп ийиле ным жыттанган топуракты өпкөнүн өзү да туйбай калды. Көздөрүнөн салаа-салаа жаш куюлуп, өпкөсүн кага эки бөйрөгүн бүлкүлдөтүп шолоктоп жатты.

Бах! Чиркин ай! Ата Журттун ажары, касиети улук белем! Өзүнө тартып турган ыйык келбетин сүрөттөп айтууга сөз жетеби. Анын кадыр-баркы, кандайча, канткенде чеңелерин ар бир пенде өзү гана туйбаса, башка жан айтып бере албайт-ов!

«Туугандын топурагы алтын» деген сөз жөн жеринен айтылбаптыр. Биларман бийдин мамилесине Кошун өзгөчө ыраазы болду. Айрыкча бийдин уулу Ишей келгиндерди өзүнө имерип, бөлөксүнтпөй кошуп алып, «баш баанек кылгыла» деп, Кошундун үй-бүлөсүнө өзүнчө, беркил Четин менен Тайын экөөнө өзүнчө алачык тиктирип берди. Жаңы ото дешип, айыл-ападагылар

өрлүктөшүп кийиз, талпак-бостектерин, идиш-аяктарын, тамак-аштарын алып келип жатышты. Айрымдары союшка деп, жандык-мал жетелеп келишти. Жаңы туугандар айылдагылар арасына тез эле сиңишип кетишти.

Күндөрдүн биринде эртең менен Номчу бий Кошунду өзүнө чакырды. Дасторкон үстүндө ал-жай сурашып отуруп, кеп салды.

- Ко-ош, тууганым! Катаал жол басып, алыс сапар кечип, качып келишиңе, кандай себептер болду? Ал жакта кандай жашап жаттыңар эле? Бөтөн элге алынбай бөлөктөңдүңөрбү?

- Моголдор «олжого» келгендерди тыркыратып, ар тарапка бөлүп жиберишет. Өздөрүнө түк кошушпайт. Мал бактырышып, маал-маалы менен кабар алышып, турушат. Анын үстүнө ноен, зайсаң, дуу-дууларына туткундарды бөлүп, ашкандарын согушта мыкты кызмат көрсөткөн калдайларына беришет. Ал эми түшкөн мал, буюмдарын жоокерлерине чейин тең бөлүшүшөт. Кунтайчжилерден кийинки тайчжи, ноен баш болгон жетекчилери: зайсаң (улуу бийлик аталышы), сундун (орто мансаптуулар) дуу-ду (аскердик мансап, аймак башкаруучу) калдайлар (офицер) үлүшүнө бөлүнгөн туткундарды алар башкаларга береби, алмашабы, жумшашабы өздөрү билишет. Көбүн эсе «олжо» кулдарга мал бактырышат.

- Айтканыңдын баары белгилүү. «Кулда эрк жок» дегени ошол. Кандай максат менен качып келдиң? Өмүрүңдү, балдарыңды тобокелге салганыңдын себеби эмне?

- «Эл сагынбас эр болбойт да, жер сагынбас ат болбойт» дешет эмеспи элибиз. Элиме кошулайын деген максат менде кичинемде эле пайда болгон. Күн өтө берет экен. Томолой жетим болуп жүрүп, бирөөлөрдүн жетелөөсү менен ары урунуп, бери урунуп жүрүп ушул күнгө келдим. Кожоюндардын айтканын аткарып жүрүп, көбүнүн көңүлүн алдым. Уурулук кылбадым, ушак сүйлөбөдүм. Жүрүш-турушум кожоюнума жакты. Кийин өзүмө окшогон, чала могол абышканын энесиз кызына үйлөндүм. «Эки бакыр, бир тукур» болуп жашап, үч балалуу болдук. Өткөн жылдагы ала-шалбырт үзүмчүлүктө жут болуп, кайтарган малыбыз кырылды. Жыл сайын мойнубузга аң терилеринен салык салышчу. Себеби, менин аңчылык да жайым бар. Топтогон буюмумду көтөрүп алып, чоң айылга барсам, монголдор ойротторго кол салып, андан өтүп кыргыз жерине келүүнүн масилатын кылып жатышкан экен. Угуп калып, бул жакка кабар берүүнүн аракетине түштүм. Бирок, менден кыйкым тапкан иш башкаруучу-сундундун азабынан төшөктө көпкө жатып калдым. Кийин малдын кырылганын шылтоолоп, колумдагы балдарымды барымталашаарын билип калып, качып кетүүнүн

аракетинде болдум. Жанымдагы эки жигит башта эле качабыз деп жүрүшчү. Мен аларды тыйчуумун. «Колго түшкөн кулдун сурагы жок. Этият болгула!» дечүмүн. Айла кеткенде, буларга оюмду айтсам, жан деп кабыл алышты. Бул жерге келүүгө көзүбүз чачырап жүрчү. Насип экен, сиздей тууган таап, өзүбүздү эркин сезип отурабыз.

- Эми эмне кылайын деген ойдосуңар?

- Эрк сизде. Кандай иш, кандай тапшырма берсеңиз өтөсүнөн чыгабыз.–деп ойлойм. Ээрчип келген балдар да ишенимдүү. Турмуш аларды да ылайдай жууруган. Сууга салсаңар да, отко салсаңар да баш тартпайбыз. Элибизди таптык. Кызматын кылганга, жанды аябайбыз.

- Аныңа ишенем, тууган. Жана аңчылык жайым бар дегендей болдуң окшойт?

- Аң улоодон, капкан коюудан артык өнөр барбы? Кичинемден тасыктым. Чынын айтсам аңчылыктан жакшы көргөн ишим жок. Жаа ийип, жебе жасай алам. Мал багып, жер иштеткенден качпайм. Өзүңүзгө кошуп алып, жортуулга жүр десеңиз да, кете берем.

- Көңүлүң таза, жигит экенсин! Менин уулум Ишей менен бирге болуп, жүрө бер! Балдарыңды анын балдарына кош. Биринен бири өнөр үйрөнүшсүн. Ал эми эки жигитине, Четин менен Тайынга эмне иш берели?

- Мага ишенгендей, аларга да ишене бериңиз? Жоокерликке пайдаланам десеңиз да, мал кайтартам десеңиз да, жарай турган азаматтар!

- Аны да көрө жатарбыз. Азырынча айылдагылар менен боор батырышып, жакындан таанышышсын. Андан соң усталарга кошобуз. Өнөр үйрөнүшсүн, – деп Номчу алардын сыртынан тон бычып алдын ала иш табыштады.

- Куп болот, бийим!

- Тууганым, могол-ойроттордо олжого түшкөндөр көппү?

- Ойрот, могол жерлери ого эле кенен, элдери көп. Бирок, көбүн эле мал баккандь, отун-суу камдаганды олжого түшкөндөр жасайт. Ойроттор чогоол, уруу-урууга бөлүнгөн, ынтымагы жок эл. Анткенимдин себеби уруулар ортосундагы чабыштар тез-тез болуп, бири–бирин талап-тоногондор көп болуп турат. Олжого келгендерди айоосуз жазалашат. Алардын көңүлүнө туура келбесе биринин кулун бири жазалап өлтүрүп коюшса, кун алышпайт. Ойроттор зубун-зубун (уруу-топ) болуп жашашып, малчы-жалчыларды бөлөк кармашат. Баары доргонун (айыл башчысы) масилати менен болушат. Олжого түшкөндөр арасында кытай,

могол, тумат, татар, хорой өңдүү насилдер арбын. Алар да аралашып кетпей, өз алдынча бири–бирин эш тутуп жашашат.

- Макул. Дагы да сүйлөшө жатарбыз – деп Номчу ордунан турду. -Бирок, сен көпчүлүк учурларда мени менен бирге болуп, эл аралап журт менен кенен таанышасың! Бош убактыңда шериктериң менен айыл ичиндеги колу жөндүү усталарга кол кабыш кыла өнөр үйрөнгүлө! - деп буйра сүйлөдү.

* * *

Бий айткандай коңшулардын дээрлик бардыгы колдору жөндүү усталар экен. Бири идиш-аяк жасаса, бири ээр чаап, бири керегe, уук матаса, бириси үкөк – сандык кадап, ал эми аялдары тери өңдөп кийим тигишип, андан сырткары өрмөкчүлүк, тикмечилик өнөр адамдары болуп чыкты. Жаңы туугандар тобу менен тез эле аларга аралашышып, жылдын төрт мезгилине ылайык жумуштарды аткарышып, бир бирден өнөр үйрөнө башташты.

Жаңы коңшу отурган Эрбиш уста аларды күндө тындырбай токойго ээрчитип барат да «муну кес, муну жык, тигини бута» –деп иш бөлүштүрүп берет. Топтошкондорун кечинде ат-өгүздөргө жүктөшүп турган жайларына алып келишип, устанын айтканындай салкын жайга кургатыш үчүн иреттеп коюшат.

Эне–Сай өрөөнүнө күз келди. Жашыл жалбырактар саргайып, кээлери кызарып, теребел тим эле асан–үсөн нурларындай түрдүү түскө боёлгон. Кайберендердин козучак–улактары телчигип, канаттуу куштардын балапандары жетилип сайрап, күзгү желдин шоокумунун шаңына-шаң кошулуп, керемет көркү көргөн адамды өзүнө суктандырбай койбойт. Салаадай болуп, ар жылгадан агып түшкөн мөлтүр кашка суулар үн алыша аска-зоону жаныртат. Бүлдүркөн, карагаттардын мөмөлөрү төгүлүп, ой кырдагы сан-сан болгон жемиш дарактарынын бышкан мөмөлөрү леп эткен тоо желинин эпкинине туруштук бере албай, быдырап биринин артынан бири жерге түшөт.

Анда-санда тык-тык этип, жыгачка урулган балта-теше үнү чыгат. Эзиле бышкан жемиштер кыйылып, жыгылган бутактардын эпкининен мөмөлөрү жайкы мөндүрдөй дыбырап, куураган куу жалбырактардын беттерин сабап төгүлөт. Жемиштер тийген бети–баштары, жылаңач эттери, колдору кара-кочкул кызарган балдарын ээрчиткен Кошун баш болгон, Четин менен Тайын жыш өскөн дарактардын биринен–сала бирин тандай, ылайыктап жетилген түптүз шыргыйларды, чырпыктарды тандап кесип алышып, күн тийбес кургак жайга топтоп жүрүштү. Аз эле убакыттын ичинде узак

кышка ылайык иш таап, эрмектеп узанарга жыгач даярдап алышты

Дарак жай бою жерден маңыз алып, жалбырактары менен дем алып эркин жетилет эмеспи? Жоон жыгачтарды кыркандан соң жарылбас үчүн кабыктары менен кургатышып, ага кошумча долоно, четин тал, шыргый кыркышып, бутактарын алып ийишти. Жыгач иштетүүгө пайдаланууга, куралды кантип таптоо, кантип кармоо керектигин Берди аксакал баш болгон усталар үйрөтүштү. Алардын жардамы менен топтолгон жыгачтарды ченеп, бөлүп-бөлүп жыйнашты. Иш арасында кереге–уукка, түндүк, эргелчекке ылайыктап четин, кайың-талды кыркышып, чий-камышты топтошту. Жаны тынбаган, баш көтөрбөгөн мээнеткечтиктери менен жаңы туугандар айылдагыларга тез эле жагып, оозго алынып кетишти. Эл да аларга сураган, керек деген буюмдарын зарыктырбай таап берип турушту. Кимиси жумшаса да, тил алышып, алдары жеткен, жардамдарын, кол кабыштарын аянышкан жок. Айылдагы Берди аттуу кары уста узанышка дарманы келбей калган экен, Кошун «үйүңүздү жаңылап берем»-деген убада менен көмүркөйүн[1] аманат, сурап алды. Ал шириден орточо көлөмдө жасалган экен. Көмүркөйдө чебер камдуу устанын ат жабдыктарына, жыгаччылыкка, деги эле тиричиликке узана турган куралдары: капкы, тешкич, ойгуч, тез ийдисинен[2] бери баарын түгөл берди. Айрыкча ийдинин бардыгы Кошунду кубандырды. Себеби, ийди жыгач устанын эң зарыл куралы болуп саналат. Анын уч жагы ичке, түп жагы жоон болуп, эки жагы тең миздей ийилип, кадимки бычак сымалдантып курч болоттон жасалат. Аны жумуру мүйүзгө, же жыгачка саптап иштегенге эптүү болсун үчүн уч жагын колдун имергичиндей бир жагына ийип коет. Ошондон улам «ийди»-деп аталат. Ал ээр, табак, аяк, соку, челек сүзгү, чөмүч, кашык, жан аяк, чөйчөк өңдүү жыгач буюмдарын жасоого колдонулат. Андан башка ат такалаганда туякты тазалаганда, анын өсүп кеткен жерлерин тегиздөөдө жука четтерин кесүүдө да пайдаланылат.

Кары уста зериккенде же жөн эле үйүнө отура албай күнүнө үч төрт маал келип, кабар алып турду. Кошун Четин менен Тайындын жанын койбой кыш бою тындырган, жок. «Иштегениңер да, үйрөнгөнүңөр да өзүңөр үчүн» деп, жыгаччылык иштин баарын жасатып билбегендерин, Берди абадан башка устадан, айылдагы колдору усулдуу өнөрдү баалагандардан үйрөнүштү.

Алар узанышканда жандарына ала отургузушуп, таамай чаап, кунт коң иш жасоону талап кылдышып «Темир кессең кыска кес,

---

[1] Көмүркөй-устанын курал-аспаптары салынган сандыкча

[2] тез-ийди-жыгач уста аспабы

чокко салып ийитсең узарат, жыгач кессең узун кес, өлчөп кессең кыскарат» деген элдик накылды кулактарына кумдай куюшуп, «Уста жанында ийри жыгач жатпайт» деп, тездөөнү үйрөтүшкөн болчу. Жыгачтын түрүн, катуу, жумшактыгын, эмнеге керектелерин айтып, кайра, кайра сурап бышыктырышкан болчу.

Улам буюм жасатышып, кемтигин көрсөтүп зеригишпей үчөөнү тең тастыктырышып:

-Ар бир ишти кармай турган маалы бар. Боз үй жыгачтарын жасоо, ээр чабуу эрмек, идиш-аяк, курал жасоо иш дечү карт уста аларга.

- Айрыкча кыргыз баласы боз үй жасоого милдеттүү. Адам өзүнө, үй-бүлөсүнө кам көрбөсө талаада калат. Боз үй кыргыз баласына башбаанек гана эмес, турмуш-тиричилигине зарыл керектелүүчү отону, жашоосуна түзүлгөн ыңгайлуу шарты бар уясы. Боз үй жайында салкын, кышында жылуу. Ошондуктан боз үй кыргыз баласы үчүн өзгөчө аздектелип бааланат. Көрүнүшү жөнөкөй болгону менен аткаруучу милдети арбын – деп, анын ийне жибине чейин айтып, зериклей улам-улам «жаңы усталардын» эсине салчу. Күн сайын карыя, алардын маңдайына келип алып, зериклей божурай берүүчү.

- Боз үй толугу менен жыгачтан турат. Үстү кийиз менен жабылат. Муну көрүп эле жүрөсүңөр. Түндүк, уук, кереге, босого талдан, кайыңдан жасалат. Түндүк жабуу, үзүк, туурдук, эшик жабуу кийизден, койдун жүнүнөн жасалаары белгилүү. Боолору түндүк жабу боосу, жел боо, канат боо, үзүк боо, туурдук боо, кырчоо, эшик боо, уук тизгич, керege чалгыч болуп бир нечеге бөлүнөт. Ал боолорго жылкынын куйрук жалы, эчки, койдун жүнү кошулат. Аны көбүн эсе аялдар бүткөрөт.

- Аба, кээ бир үйлөр ого эле чоң . Кээси аябай эле кичине. Алардын айырмасы кайсы? Анан үйдүн ичин да аркы аташат экен?- дейт Четин, карт устага суроо сала.

- Боз үй төрт канаттан, он эки канатка чейин, кээ бирде кырк, алтымыш, сексен, жүз, жүз жыйырма баштуу боз үй деп жасалат. Боз үйдүн ичи улага, эпчи жак, төр жана эр жагы болуп бөлүнөт. Эпчи жак чыгдан менен тосулган кире бериштин оң тарабы. Анда тамак-аш, аяк каптар илинип коюлат. Төр-үйдүн эшикке карама-каршы тушу. Ала кийиз, өрө кийиз, шырдак, көлдөлөң салынып, жүк жыйылган, эр-жагы-үйдүн сол жагы. Анда эркектердин кийими, куралдары, ат жабдыктары коюлган. Талдан жасалган керege канчалык кенен жайылса, уук ошончолук узун жасалат да, жеңил болот.

- Түндүктү дале талдан жасаса болбойбу? Жалаң эле кайыңдарды тандаттыңыз го?-дейт Тайын кеп арасында.

- Түндүк, босого кайыңдан, арчадан жасалганын себеби, ал суу кезинде каалагандай ийгенге ылайыктуу жана оор келип, керегеуукту төбөдөн басып, канчалык шамал болсо да, оор кар жааса да тең салмакты сактайт. Канчалык оор жүк, кар болбосун, бир жайга күч келбей ар бир уук-керегеге салмак тегиз түшөт. Бири-бирине ашталган кереге тайыбайт. Ал эми ууктун учу түндүктөгү тешиктерге сайылып, түп жагы керегеге байлангандыгын билесиңер.

- Боз үй канча убакытка чейин чыдайт?-дейт Четин кызыга.

-Жакшы жасалган боз үйдүн жыгачтары кунт коюп, кургак жайда сактап пайдаланса отуз-кырк жылга чыдайт. Ал эми туурдук боолору он беш-жыйырма жылга жетет. Боз үйдү жайында салкын, кышында жылуу кармаш үчүн камыш, чий каланат. Жыгач ишин эркектер бүтүрүп, калган эмеректерин жабдып, жасалгалоо аялдарга тиешелүү болорун ар бир кыргыз баласы жакшы билиши зарыл деп жооп берет карыя.

- Боз үйгө бир да темир кетпегени кызык экен? Анан да темирге караганда малдын териси көбүреөк пайдаланып, негизинен тери иштетилет экен да? деп суроо-артынан, суроо салат Четин.

- Ооба. Жыгачтарды ийди, теске салган соң аларга көзчөлөрдү салып, уйдун терисинин бучкактарынан көк[1] тилдирип, керегелер көктөлөт. Ашканынан көнөк[2] идиш, ээр каптайт, өтүк, кол кап, чокой жасашат. Жапайы кайберендердин терилерин ийлетишип, ыштатып жаргак шым тиктиришет. Иш арасында тери кайыштарды колго, талкууга салып ийлетилет. Алардан жүгөн, басмайыл, куюшкан, көмөлдүрүк, үзөңгү боо өрүлөт –деп түшүндүрүүдөн ал зерийпейт.

Берди уста колунун каруусу, көзүнүн кубаты жетпесе да, өзү башында болуп, шакирттерине шыргайларды как кургаттырып, жоокерлерге, мергенчилерге-деп жаа найза, куралдарга сап жасаттырды.

«Жаңы усталар» улам-улам жаңы буюмдарды жасаардан мурда аксакалдан анын таржымалын, пайдаланыш эбин сурашып, карт устанын көрсөтмөсүн аткарышат.

- Жаа-үч бөлүктөн турат. Жыгач же мүйүз, тептирге жана жебе. Жумуру же бир жагы жалпайтылган болуп, жаа жыгач, арча, четин, сексөөл сыяктуу серпилгич катуу жыгачтан жасалат. Эгерде жаанын жыгачы текенин мүйүзүнөн жасалса, ал «мүйүз жаа» деп аталат. Жаа жыгачтын же мүйүздүн орто жери жоонураак, эки четин көздөй

---

[1] көк-теринин ичке тилиги

[2] көнөк- ышталган териден ийдиш

ичкертилип, учтары тептирге байлаганга ылайыкталып, туурасынан кертмектелип жасалат. Жаа жыгачтын же мүйүздүн орто-унун сол жагына (бир тутам жерине) чийден жоонураак жипти, ширини оройт же сөөктөн мүйүздөн эп кыят. Ал жаа «тутка» деп аталат. Жаа тутка, жаачынын колуна эптүү, чак жана токтомдуу кылып жасалат. Жаа жыгачтын эки учун ийе тартып, катуу байланган жип, же тарамыш тептирге деп аталат. Ал төө жүнүнө кыл же тарамыш кошуп, ийрилген бышык жоон жипти бир нече каттап чыйратылып жасалат. Жаанын огу жебе. Жаа жөнөкөй жана татаал болуп экиге бөлүнөт. Жөнөкөйү эч бир асеми жок жыгачтан тептиргеден турат-деп, карыя билгенин ийне-жибинечейин эбиреп баяндайт

-Татаал деген жаа кандай жасалат? Аны биз жасай алабызбы?- дейт ишин токтотуп Тайын.

-Татаал жаанын жыгачынын сырт жагынан майда таралган тарамыш жыш желимделип, ичке бети жука мүйүз менен капталып, эки учуна жана орто жериндеги туткасына сөөктөн эп кылынат. Мүйүз жаалар алтын, күмүш, жез чөгөрүлүп, оймо-чиймелер менен асемделет. Аны бийлер, кол башчылар пайдаланышат. Жаа сол ийинге, саадагы оң ийинге асылат

-Жаанын огуна кандай жыгач пайдаланылат? Канткенде аны түз тийгизүүгө болот? –дейт Четин алдындагы жыгачты жонуп жатып.

-Жаанын огу келөк же жебе, ал табылгы, ыргай, шилби, кайыңга окшогон ийилчээк, катуу жыгачтан жасалат. Тийген жерге кирип кетсин үчүн жебенин учуна кийгизилген темирди (коло, жез, коргошун, темир) келөк же кыма дешкен. Жебе түз жана алыс кетиш үчүн арткы бөлүгүнө узата жебенин канатын жайгаштырган. Жаачылар жебени оң жагына асынган саадакка сакташкан.

- Бизге саадак жасоону үйретө элексиз го? Же аны аялдар жасайбы?-деген Четиндин сөзүнө шериктери жабыла күлүп жиберишти.

- Саадак делип жебе салынуучу кутуча, баштыкча аталат. Ал тери, кайыш, кийиз, таар жана жука териден жасалат. Анын бети жана оң жагы түрдүүчө асемделип, четтери чачыланып коомдолгон. Саадакты далыга асынгандай же курга илингендей эки түрдү боо тагышкан. Айтканга сенин башың жетпесе колу усулдуу аялдар чырайына чыгара жасай берет-дейт ал терикпей.

- Бу өнөр деген түгөнгүс окшойт. Жыгаччылыгын али толук өздөштүрө элекпиз. Темирчиликти качан үйрөнөбүз?-деп куудулданды Четин.

- Алдын кестик курчутушту үйрөнүп алсаң,-деди аны Тайын тамашалай.

- Силер жыгаччылыкты үйрөнүп жатасыңар, андан соң теричилик,андан соң темирчилик өнөрдү үйрөнөсүңөр. Ар бир эркек адам жанына кездик байлана жүрүүсү зарыл. Кестик деп кынга салынып, курга байлануучу бычак аталат. Ал шамшардан чакан, жалкыны калыңча, темири курч бычак аталган. Кайыңдан, бугу, текелердин мүйүзүнөн чокко ысытып кестик, бычактарга саптарды жасоону үйрөнгүлө!-дейт каря отурган жайында чалкалай.

Пайдаланылган жыгачтардын ашканынан ысырап кылбай, табак, аяк, соку, челек, сүзгү, чөмүч, кашык, жан аяк, чөйчөк кырдырды. Карагайдын желимин арбын алдырып, жасалган идиштерди сууга кайнаткандан сон какшытпай туруп, улам-улам желимге салдырып, майлатып чыкты. Сууну кана ичкен, салкын жердин дарактарынан жасалган тиричилик буюмдарынын уюлдары кеште салынгандай кооз көрүнүп, тиктеген адамдын көз жоосун аларлык эле.

Берди устанын көмөгү менен жаңы туугандардын өнөрлөрү ашып, кыш ичи жасаган буюмдарын Номчунун айылына алып келип, таркатып беришти. Аксакал устанын көмүркөйдөгү аспаптарын пайдаланышкандыктарынын колкосу дешип, алты канат үйдүн жыгачын толук жаңылап беришти. Номчу бий менен Ишей мергенге он эки канат үйдөн экини жасап тартуулашты. Усталардын колу кур калбасын дешип, айылдагылар минерге ат, сааганга уй, короолоруна кой-эчки беришип, бир жылга жетпеген убакытта алар үстүлөрүнө үйлүү, короолоруна малдуу болушту. Жаңы туугандар уста аталып, айылдагылардын сүймөнчүлүгүнө айланышты. Айрыкча эр азаматтардан баштап эркек таналар жаңы жаа-жебелүү болушту. Кыш бою тынбаган мээнеткеч «жаңы туугандар» эл арасында тез эле сиңишип кетишти.

Кошун өзүнүн тобу менен жергиликтүү чарбагерлердин аракетин туурап, эмнени кылышса, ылгабай аларга аралаша берди. Аны зарыгып издегендер кайсы учурда болбосун тоо-токой тараптагы аймактардан табышчу болушту. Күнү-түнү жаны тынбай, шериктерин да тындырбады. Ар кимдин кеңеши менен улоо сурап, соко менен жер айдашты. Кыныгын таап таруу менен карлык (таруунун бир түрү) себишмек болушту. Кетмен сымал куралды «абыл» деп коюшат экен, аны менен жер тегиздешип, арык-жөөктөрдү тартууну айтышты. «Салкын аймактын жери нымдуу келип, көп эле сууну талап кылбайт» дешти. Жергиликтүү дыйкандар жыл сайын жер айдагандан соң тез бышуучу буудай, арпа, таруу, конок сепкенден баштап күн санашып, эгин дүмбүл болуп, кыйгач быша баштагандан тартып орок башташат. Как бышырса баш ыргып, «даны куюлат» дешип эртерээк орокко түшүп,

боо боолашып, аны тикелей кургатышат. Ат, өгүздөрдөн темин бастырышып, кырманда эгин сапырышат. «Чеч кор» айтышкан көпчүлүк эгин экпегендер кырман башына келишип, «малга, жандык-койго» дешип, дан айрыбаштап кетишет экен. Салкын жайда даны толо болуп, түшүм мол, асыл көтөрөрүн айтышты.

Жаз чыгары менен жаны тынбаган Кошун айылдагы чарбадарларды ээрчий чыгып эки шериги Тайын менен Четинди ээрчитип алып, жер айдап аштык эгүүгө белсене киришишти. Жергиликтүү дыйкандар эрте бышчу буудай, арпанын уруктарынан жардам беришти. Андан сырткары жаңы дыңды тилип, кайракы кыла бир каллак толор-толбос конок септи. Жаз жаанчыл болуп, эгин, сугаты жок эле баш алды. Дыйкандар эмне кылып, эмне иштешсе ошону кайталашып жүрүп, жандарын жанга карч уруштy. Өмүрлөрүндө алгачкы жолу колдоруна орок кармашып, колдору тилинип, жарылганга карашпай эрте бышкан конокко орок салышты. Жаңы жерге айдалгангабы, же күн жаанчыл болгонгобу бышкан конок башын көтөрө албай ийилип жатып калыптыр. Дыйкандардын үйрөтүүсү жана көрсөтүүсү боюнча ордуларынан козгобой бышырбай орушуп, катуу кыймылдатып силкпестен, кырманга жеткирип, темин бастырышты. Эгин сапырып, дөңсөлөгөн кызылды салганга ийдиш каптарды таппай убара чегишкенине жетине алышпай, кушубак болушту. Мээнеттин ырааты менен баштан өткөн кордуктар, кечээки эле эрксиз кулдук, эстен чыга, оoздору нанга, кардылары ашка, мүрүлөрү кийимге жетип, өздөрүн алгачкы жолу чыныгы адам катары сезишкендигин көптөн жашырышкан жок.

Жергиликтүүлөр тамак-ашына жапайы өскөн жер-жемиштерди жана жегенге жарамдуу өсүмдүк тамырларын кеңири пайдаланышат экен. Жай айларынын баш ченинде аялдар менен жаш балдар кандык жана сарананы жыйнаганга чыгышчу. Аны атайын жасалган «озоп» деген курал менен казып алыша турган. Бир үй-бүлө беш-алты каптан кандык менен сарананы даярдашып, жууп тазалагандан кийин, кургатып таңгактап салышкан. Кургатылган тамырларды жаргылчакка тартышып, анын унунан ботко даярдап, нан жасашарын үйрөнүштү.

Кошун колу бош боло калганда жакынкы жерде узанып жаткан темир усталардын жанына барат. Алар жаңыдан курал: кылыч, канжар согуп жатышкан экен. «Жаңы тууганды» жылуу кабыл алышып, алардын иштери менен таанышты. Ал абайлап дүкөндүн ичин кызыга карап, астейдил көңүл бөлдү. Айрым бүткөн куралдар илгичте илинүү турат. Айлана басып барып, кылычтын бирөөсүн колуна алды. Кылыч көгүш тартып, ага ширетилген болот мизи

күмүш сыяктуу жылтылдап турду. Жаңы сугарылгандай. Буюмду ары бери көпкө карап, ойлоно кетти

«Темир устачылык өзгөчө өнөр окшойт? Жыгачтан, териден мындай кооз курал, же буюм жасай алышпайт. Бул жөн кылычтын бири эмес! Атайлап бирөөгө арналып жасалгандай, чебердик менен кооздолуптур. Капырай, адам өнөрүнүн сыры башкача! Мындай кооздукту кантип жарата алды экен?»-деп ичинен күбүрөндү.

- Атайлап согулганбы?-деп жанындагы узанып жаткан устага суроо салды. Ал унчукпай, баш ийкеди. Көөрүк күш-күш этип, басылган сайык чок кызарып, андагы кызыган темир кыпкызыл чоктон айрымасыз.

- Бийге атайын арналып жасалды-деди темир уста Кошундун илинген кылыч жөнүндө сурап жатканын туюп.

Ал хордогу кызыган темирди заматта чебердик менен алып дөшүнүн үстүнө кое чак-чак балка урат. «Узанган ишке тоскоол болбоюн» деп, анда-санда токтоло калган устасын күткөн көөрүкчүнү кепке тартты.

- Темирди кайдан аласыңар? – деп, көөрүк баскан баланын кулагына катуу айтты Кошун.

- Тээ-тиги тараптагы темир тоодон алынып келинет-деди бала бош колун төбөсүнөн бийик серепчилей алыскы тоо тарапты көрсөтө.

- Кимдер алып келишет?- Кошун кызыгып, дагы кыйкыра үн салды.

- Темир казган кулдар бар,-деди ал көңүлсүз Кошунга.

- Кантип казып алышат?-дейт, Кошун ага жабыша.

- Алар казылган аңдан чанач менен жонуна ташышат. Топтошконун аттарга жүктөп, алыстан ашуу ашып, суу кечип алып келишет.

-Анан силер иштетесиңерби?

- Жо-ок. Атайын темир эритүүчүлөр бар. Алар очокко салышат. Аны кандай жасаарын билбесеңиз да керек?-деп суроолу тиктеди.

- Кошун ийинин куушурду. Көөрүкчү кыйкыра түшүндүрүп берди.

- Атайын жасалган үстү жабык очокто эритилет. Анын узун-туурасы эки кадамдай келет. Бийиктиги менин киндигимден өйдөрөөк жеткен таштан оюлуп, чуңкур жасалат. Ал жерди казып орнотулат. Анын алдыңкы бети мына мындай, көөрүктүн үйлөгүчү киргизилгендей кылып, ылай түтүк жасалат. Анан аны атайын дайындалган жумушчу басып үйлөтөт.

- Бу көөрүктөй кылыппы?-дейт Кошун беркинин астейдил түшүндүрөйүн деген оюн кубаттай.

- Ооба. Маш болгон темир усталардын кылыч сокконун көрө элек болсоңуз керек?

- Жок. Көрө элекмин. Мизин кантип чыгарат?

- Ага болоттон миз ширетет.

- Оо, өтө курч болсо керек?

-Андай кылычка эч кандай зоот-чопкут туруштук бере албайт дешет. Тийген жерин шарт шылып түшөт – деди, мактангандай.

- Болотту кайдан алышат?

- Ал асмандан түшөт.

Кошун, жаш баланы шылдыңдап жатабы? деп ойлоп тигиле карады. Устанын шакиртинин жүзүнөн калп айтпаганы билинип турду.

- Таң калбай эле койуңуз. Жамгыр жааганда чагылган болуп жерге түшөт дешет.

Иш менен алектенген карт уста менен дөшү чапкан жардамчысы алардын аңгемелерине кызыкпагандай өз иштери менен алек болуп жатышты.

Кошун «чарт-чурт» этип, катуу жамгырдагы асман бетиндеги кара булутту айрый, эбегейсиз жаркыраган чагылганды ойлоп, көз алдына элестете кетти. Чагылгандан болот түшөрүн такыр ойлобоптур.

Чак-чак этип дөшү үстүндөгү кызыган темирди балкачы менен уста алмак-салмак ургулап, ийлеп жатышты.

- Сиз жылдыздардын учуп барып жерге түшкөнүн көрдүңүз беле?-деди көөрүк баскан бала дөшүчү менен балкачынын өз иштери менен алек болуп жатканынан пайдаланып. Кошун жаш уста баланын айтканына чындап таң калды.

- Көп көргөнсүз. Бирок, алар жылдыз эмес эле, асмандан жааган болоттун сыныктары дешет. Аны биз, кыргыздар гана билебиз,-деди өзүнүн кыргыз экенине сыймыктана мактанды.

-Биздин куралдар дал ошондуктан курч болуп, башкаларга өтүмдүү. Бардык жерде, бардык элде кыргыз кылычы өзгөчө бааланат.

Оозунан эне сүтү кете элек жаш баланын «биз-кыргыздар» деп кыргыз экенине жана устачылык өнөрдүн, болгондо да темирдин касиеттүү сырын билип алганына сыймыктанышы ичин элжиретти. Ошондой даңктуу куралды жасоодо өзүнүн үлүшүн кошуп, чын дили, ак мээнети менен иштеп жаткан баланын устачылык, өзгөчө темирчилик өнөргө болгон ышкысынын зордугуна суктанды. Бул бала баралына келгенде өзгөчө өнөрдүн ээси болуп, кооз, көз жоосун ала турган буюмдарды жасаарына ынанды.

- Болот оңойлук менен эрибесе керек? – деди Кошун көрүкчүнү баалаганын билдирип.

- Аны эритүү үчүн өтө чоң жылуулук керек.

- Канга жууйт деп укчу элем.

- Аныңыз да туура. Атайын эчки союшуп, усталар канга жуушат - дешет. Эң акырында, жай бышкан мезгилде, ай толгондо жыйналган уу чөптөрдүн ширесине сугарыларын уккамын. Бирок, аны мен көрө элекмин.

- Эмне себептен?

- Ууга сугарылган кылычтын мизи тийген дене оңойлук менен айыкпастык үчүн дешет. Уста бала башын ийкеп оозун шык дегизе:

- Душмандын иши душман. Сени аябаган душманды сен да аябайсың да туурабы?- деди делдейген Кошунга дагы да башын ийкей.

Кыргыз жеринин тоолуу, токойлуу аймактарынын жашоочулары, айрыкча щорлор темир кенин казып алышып, темирди чебер, ээритүүчү катары атагы чыккан «хура» деп аталган, анчалык чоң эмес темир ээритүүчү мештер кышында жашоочу үйлөрдүн ичинде орнотулган. Темир кенин соку менен майдалап, бир аздан көмүр аралаштырышып, мештин төбөсүндөгү тешиктен салышкан. Эки көөрүк менен үйлөтүп мештеги жогорку ысыктыкты камсыз кылышкан. Бир жолку эритүүдөн бир- бир жарым килограмм темир алышчу. Темир усталар бычак, кылыч жебе учтарын, туулга жана малга эн салуучу тамгаларды жасашкан. Өзгөчө согушта көкүрөктү тосуучу калкан-куяктар баалуу болгон.

Кыргыз зергерлеринин жасаган буюмдарынын атагы алыска кеткен. Күмүш буюмдарын жасаган зергерлер сөйкө, билерик, оттук, ээр, токум, жүгөн, куюшкан, көмөлдүрүк, тарткы үзөнгү, басмайыл, кемер ж.б. буюмдарды даярдашкан.

Конгурай, Сибир хандыгы, Монголия, Кытай жана Орто Азия менен тыгыз соода-сатык иштерин жүргүзүп турган. Кытайдан жибек кездемелери, фарфор идиштери, сыр идиш–аяктары ж.б. товарлар келип турган. Конгурайда бухара, кытай жана түрк соодагерлери жашашкан. Кыргыздар Азиянын базарына аң тери, мускуз, «хуту» мүйүздөрүн, курал жарактарды, темир буюмдарын ж.б. чыгарып турушкандыгы тарыхта маалым.

* * *

Ишей менен Кошундун ымаласы ысык болуп кетти. Өздөрүнөн мурун да балдары керээлден-кечке ойношуп, кечинде жатаарда гана бөлүнүшпөсө, калган убактарда бир короонун козу-улагындай

чогуу болушат. Ишейдин аялы да бала жандуу болуп, жаңы келгендерди түк бөтөнсүтпөдү. Балдарынын эски ускусун берип, тез эле бооруна тартып алды. Балдарынын үстү башы өзгөргөнүнө Кошун келинчеги экөө аябай кубанышты.

Бир күнү үй-бүлө тамактанышып, кеңири отурушканда Кошун балдарына кеп салды.

- Мына, козучактарым курсагыңар ток, кийимиңер бүтүн. Бектин балдарынан айырмаңар жок. Өз эл, өз жерибизге келип, көргөн кордугубуз да унутулду дегенче өз алдынча кобуранды.

Өз өз да. «Бөтөн жердин бийи болгуча, өз жериңдин кулу бол» деп бекерден айтылбаса керек.

- Ата, мага Ишей абам тай энчилеп берди,-деп сүйүнчүлөдү Кунан.

- Ики, сени күйөө бала кылып алам дебедиби абам,-деп Музочор сөзүн бөлдү.

- Ооба, сага. Атаң, кызыма калың төлөсүн дебедиби.

- Калынга эмне берсин дейт, уулум, абан?-деп Кошун балдардын кебине аралашты.

- Аны айткан жок. Көп калын төлөйсүңөр,-деди Кунан ойлонбой туруп.

- Көп калыңды кайдан алабыз, уулум?!

- Ата, чоңойгондо мен аңчы болом. Көөп суусар, кундуз, түлкү токойдогу кайберендерди атып келсем, сиз абама бересиз да,-деди Музочор атасынын мойнуна асыла.

- Оо, анда сен абаңын кызын алууга азыртан эле камдана баштапсын да? Аласы, көрчү уулуң эр жетип калган тура. Сен келин алууга камдан.

- Бек бизди тоготор бекен? -деди аялы кепке аралаша.

- Бек башкаларга окшоп, бой көтөргөндү билбейт.

- Эмнеси болсо да, көргөн-баккан жердин тукуму эмеспи.

- Аның да туура. Бизди тең ата көрүп, кээде башкаларга айтпаган сырын мага келип, масилат салып калат.

- Ал кандай сыр экен?

- Четин менен Тайын эр жетишиптир. Жайлуу жерге барып куда түшсөклү дейт.

- А сен эмне дедиң?

- Эгер андай болсо, сенин жакшылыгыңды алар өлөөрчө унутушпайт дедим.

- Ии?

- Айылдагы кыздары барларга айтып көрөйүн. Макул көрүшсө керек дейт.

- Бек айтып жатса, кимиси жок демек. Анда иш бүткөн эсебинде эле болгон окшойт?

- Анткени менен калыңы бар. Калыңы болбосо, каадасы бар. Аны да ойлонушубуз тийиш.

- Ээ, ак ниет ишке да ойлонуп, баш оорутасынбы? Короодогу малды сарпта. Экөөбүз малсыз да жашап келгенбиз.

- Ап-бали. Сени эмне дейт экен деп ойлогом. Бул экөө эгиз козудай болуп, бизге бир тууғандай эле болуп калбадыбы,-деп Кошун бапырандады. Кайра өзүнүн айтканынан өзү чочуй, эрдин тиштеди. Акырын аялын караса аялы көздөрү жашылданып, астанадан ары сыртка карап туруптур.

- «Кайдан да эгиз козу деп Куланды эсине сала койдум. Ойлонбой сүйлөгөн шашмалыгым бар» деп, өзүн-өзү жемелей кетти ичинен.

Аялы Куланды эстеп, боору эзиле араң турганын туйду. Эч арга таппай, очоктогу күйүп жаткан отту үйлөмүш боло, эңкейе берип аялын уурдана тиктеди. Ал оозун ачса эле бакырып ийе тургансып, эриндерин бекем кымтып, турган экен. Моймолжуган көздөрүнөн каканактап барып, жашы таамп кетти.

Үндөшпөй калган ата-энесине жалт карашкан балдары апасынын жашын көрүп, улутунуп алышты. Алардын эсине да Кулан келе калып, бирин бири аянычтуу тиктешти.

Эгиздердин жаны бирге деген чын окшойт. Куран түнү уйкусурап жатып да:

- Кулан, Кула-ан! - деп кыйкырып, түшүндө издегенин уккан эне байкуш солкулдап ыйлап, таңды таң аткыча кирпиктүү көзүн ирмебей чыгат. Ал тургай жакшы тамак ичип жатканда да, Кулан эсине келе калып, чайнаган тамагы алкымынан өтпөй, көпкө томсоруп туруп калат.

- Алда, балам ай! Жаныбызда болсоң ушул тамактан ичип-жээр белең? Бир туугандарың менен ойноп жүрөр белең? - деп санаасы санга бөлүнө берет. Аргасы болсо, баласына жетип барбайт беле. Ал чалынган торду үзүп-булкуп бошотуп, көтөрүп алып, алды-аркасына карабай жыгылып-туруп, алып качмак. Аны байлап олтургандарга жеткирбей, учуп-күйүп чуркамак. Сагынган белегин, эң кымбат баласын эч кимге бермек эмес. Баласы үчүн эне отко да, чокко да түшүүгө кайыл болуп, жанын берүүгө да макул эле.

-«Сагынып жүрүп сары ооруга чалдыгам го? Сагынбай кантип коң алам, кулунумду. Ал да санаа тартып бизди эстеп жүргөндүр? Жароокер көзүн жалжылдатып, күн сайын, эле эмес көз ирмем сайын жол карап, белестен караан көрүнсө «Атамбы?» деп, жолук салынган аял көрсө «апамбы?» -деп, жолдон өтүп бараткан

балдарды көрсө «бир» тууганДарымбы?» деп үмүт менен умсунгандыр? Кагылайыным, ай! Кандай күнгө туш келдиң экен? Кандай тагдыр бешенеңе жазылды экен? Же качуунун аракетин кылып, жолго чыктың бекен? «Жол азабы көр азабы»-деп жол таппай адашып, тентип жүрбө? Бизди издеп, кайда барарыңды билбей, ээн тала, эрме чөлдө каңгып калба, алтыным балам!

- Качпа уулум, качпа? Жолдон адашасың! Кыйналасың! Атаң барат. Сезсүз барат. Сени издеп табат. Кандай айла кылып болсун да, сени бошотуп алат. Сөзсүз бошотот, уулум! Сен келесин! Баары бир жолугабыз, уулум! Уу-лум!» Эне байкуштун кынтайса, тикен үстүндө жаткандай уйкусу келбейт. Баласын эстесе ойдолоктоп, таңды таң атканга чейин үшкүрүп чыгат. Аны Кошун туюп-сезип, уктамыш болуп жата берет. Антпегенге айласы жок. Баласы тук эсинен чыкпайт. Канча убакыт өтсө да, энесинен айрылган жетим кулундай. «Ата-а! Ата-а! – деген ачуу чыңырыгы кулагынан кетпей койду.

- Аттиң ай! Каракчылар көптүк кылбаганда баласын өлүп баратса да бошотуп алмак. Колун сыңгыр каракчы! Артынан чыкыйга таш менен коюп, эсин оодара колунан уулум сууруп алып кетишпедиби. Болбосо, соо болгонунда таймашып жатып, миң бир арга таап болсун аларга бермек эмес. Баягы, могол-кыргыз досу кабар алып тургандыр!

«-Акыреттик доспуз. Балаңа барып турам. Эли-жерин эсине салып, кандай болсо да кабарын сага билдирем»-деп убадасын бербеди беле? Андан бери каттаган жан жок. «Ана барам, мына барам» менен күндөр өтүп жатат. Узак жолго жалгыз-жарым аттанып чыгуу да опурталдуу. Анын үстүнө монголдор басып алганы жатыптыр деген – каңырыш чыңга чыгып, алдыртан карама-каршылык күчөп барат. Бул тараптан орустар улам сүрүп, мезгил опурталдуу. Ал да кандай иш болот деп, кулак түргөн эле адам». Кошун ушинтип ойлонот.

Эрди–катын заматта миң толгоно санаага берилип кетишти. Кошундун эркектик эрки күчтүүлүгүнөнбү, башын чуулгап алып:

- Кой, эмне болсо да, бекке оюмду билдирип, масилат кылайын-деп ордунан козголду.

Кайгы-кубанычты анчейин этибарга албаган балалык сезим менен балдары да. -«Мен да барам» дешип, ээрчий чыгышты.

Ишей колуна кушун кондуруп, өргөсүнүн жанында жай басып жүрүптүр. Атасынан мурда жарыша балдары салам айтышты.

- Жол болсун, баатырлар? – деди Ишей күлүмсүрөй карап, утурлай басып.

- Аба, куш таптаганды мага да үйрөтөсүзбү? – деди Кунан жакын барып.

- А, үйрөтпөй анан. Сен менин кызымы аласынбы? - деп тамашалай кетти.

- Калынга эмне сурайсыз? – деди Музочор каадалуу.

- Ии, сен бере аласынбы? –деди талпынган кушун өйдөлөтө кармай берип.

- Аң терилерин көп топтоп берелибы?-деди ал куштан жазгана кетенчиктеп.

- Бали, бали! Агаң кызымы алса, экөөбүз куда болобуз, макулбу?

Музочор ойлонбой башын ийкеди.

- Анда, топтогонуңарды алып келип, кудалашып кеткиле? - деди тамашалай.

Кошун балдарын чоң кишидей көрүп, тамашалай сүйлөгөн бекке ичинен ыраазы болду.

Балдарга сүйлөп жатып, улам колундагы кушун эркелете сылаган бекке Кошун кызыга суроо салды:

- Бу кушту дайыма эле өзүңүз таптайсыз, башкалар деле жем берип тойгузар эле го.

Ишей мурутунан күлдү да, колундагы куштун канаттарын тарай шеригине кайрылды.

- Башкалар жем берип койгудай, бул мал эмес. Муну куш дейт. Жемди да табы менен берет. Туш келди тамактандырууга болбойт. Куш көрүнгөндүн колунан эле жемди жей бербейт. Тамакты да ылгап жейт.

- Анда мунуң жаш баладан айрымасы кайсы?

- Ооба. Куш дегениң жаш баладан бетер чыр. Көбүн эсе көңүлүн тапканды жакшы көрөт.

- Канаттуу куштун көңүлүн канткенде табат? Буларың жырткыч. Качан көрсөң эле майда канаттууларды пырпыратып баса калат.

- Жо-ок. Тууганым. Жаңылыштың. Бул куштар канаттууларды ылгап алат.

- Бул жерден апырттыңыз, бек. Качан көрбөйүн, асмандагы куш келип эле кекилик-чилби, тоодак, өрдөкпү ылгабай эле баса калып, курч тырмагы менен тумшугун мала калат го?

- Айтканыңдын жөнү бар. Сага окшогон, канаттууга кызыкпагандар бүркүттөн бөлөгүн, ителгини да, ылаачынды да, жагалмайды да, кыргыйды да, жалпы жонунан куш деп тааныйсыңар. Асмандагы учкан жалпы аталышы куштар. Анын ар кандай түрлөрү бар. Адамдардай эле алардын ак көңүл, кара көңүлү болот.

- Бул куштун кайсы түрүнө кирет?-деди Кошун Ишейдин колундагыны көрсөтүп

- Муну ителги деп коет. «Ителги тегирмендин ташын бөлө тээптир» деген элдеги сөздү угуп жүрөсүңбү? Бул сөз жөн жеринен айтылган эмес.

- Ителгини кантип кармайсыңар?

- Кыраандарды кармоону «куш күйүт» дейт. Тордун эң чоңу жүз баш (көзөнөк) болуп, ал бүркүттөрдү кармоого пайдаланылат. Ителгиге, кушка, ылаачынга андан чакан сексен баш тор туура келет. Ал аттын кыл куйрук-жалынан өрүлүп жасалат. Тордун көзүнүн чоңдугу бүркүттүкүнө караганда кичине нукум келет. Тордун төрт чыбыгы бар.

-Кайсыл мезгилде кармалат?

-Жаз айынын же биринчи айдын аяк ченинде кыраандар тукумдашуу жайына келе башташат. Алардын ар бир түрүнүн аша турган ашуусу, учуп келүүчү багыты болот. Көпчүлүгү бир жерден өтөт. Бүркүт, ителги өңдүү кыраандар бир багытта учат. Ошол учуп өтүүчү «жолуна» жерге ачык жер төлө жасалат.

- Жер төлөнүн эмне кереги бар?-деди таңыркай Кошун.

- Кыраандар көктө учуп баратып, жердин үстүндөгүлөрдүн бардыгын көрүп турат. Куш кармоочу мүнүшкөр, жер төлөдө отуруп да, жатып да куштардын өтүшүн күтөт. Башта кармап келген кекилик же чилдин бир бутуна танап[1] тагып айланма кылып, жер төлөөдө кармап отурат. Ал эми тордун төрт чыбыгын казык аркылуу төрт бурч керегe сымал төрт ээлидей тереңдикте бош сайып коет. Көзү курч кыраан айланып торду карай бет алат. Жакындары менен танап тартылат. Тордогу кекилик ойсоңдоп бөжүйт. Кыраан аны көрөт да, муштумдай болуп куушурулуп келип, кекиликти тордун ичине тебет да, торго чалынат. «Чыгам» деп жулунуп атып, тордун көзүнө чалынып, чырмалып калат.

- Жер төлөдөгү адам чуркап келип, аны кармап алат экен да?

- Торду көздөй баскан адамды көрүп, кыраан шаңшып, жаасына келип, жакындатпайт. Ал тери мээлей кийет. Аны кол менен кармоого болбойт. Ителги терини үзмөк түгүл, адамдын колун жулуп алат. Анын бычагы тумшугунда. Ителги кара мүртөздүгүн карматып, ачуусу, каары сыртына чыгып, канат-жүндөрү үрпөйүп, тиштегилеп, тырмактарын матырат. Мойнунан ылдый куйрук учуна чейин бөлөп ороп, куйрук башынан кур бошоп кетпөө үчүн кайыш менен байлайт.

- Кыраан боо-деп каласыздар Аны келери менен байлашабы?

---

[1] танап тагып-узун жип

- Аба, куш таптаганды мага да үйрөтөсүзбү? – деди Кунан жакын барып.

- А, үйрөтпөй анан. Сен менин кызымы аласынбы? - деп тамашалай кетти.

- Калынга эмне сурайсыз? – деди Музочор каадалуу.

- Ии, сен бере аласынбы? –деди талпынган кушун өйдөлөтө кармай берип.

- Аң терилерин көөп топтоп берелиби?-деди ал куштан жазгана кетенчиктеп.

- Бали, бали! Агаң кызымы алса, экөөбүз куда болобуз, макулбу?

Музочор ойлонбой башын ийкеди.

- Анда, топтогонуңарды алып келип, кудалашып кеткиле? - деди тамашалай.

Кошун балдарын чоң кишидей көрүп, тамашалай сүйлөгөн бекке ичинен ыраазы болду.

Балдарга сүйлөп жатып, улам колундагы кушун эркелете сылаган бекке Кошун кызыга суроо салды:

- Бу кушту дайыма эле өзүңүз таптайсыз, башкалар деле жем берип тойгузар эле го.

Ишей мурутунан күлдү да, колундагы куштун канаттарын тарай шеригине кайрылды.

- Башкалар жем берип койгудай, бул мал эмес. Муну куш дейт. Жемди да табы менен берет. Туш келди тамактандырууга болбойт. Куш көрүнгөндүн колунан эле жемди жей бербейт. Тамакты да ылгап жейт.

- Анда мунуң жаш баладан айрымасы кайсы?

- Ооба. Куш дегениң жаш баладан бетер чыр. Көбүн эсе көңүлүн тапканды жакшы көрөт.

- Канаттуу куштун көңүлүн канткенде табат? Буларың жырткыч. Качан көрсөң эле майда канаттууларды пырпыратып баса калат.

- Жо-ок. Тууганым. Жаңылыштың. Бул куштар канаттууларды ылгап алат.

- Бул жерден апырттыңыз, бек. Качан көрбөйүн, асмандагы куш келип эле кекилик-чилби, тоодак, өрдөкпү ылгабай эле баса калып, курч тырмагы менен тумшугун мала калат го?

- Айтканыңдын жөнү бар. Сага окшогон, канаттууга кызыкпагандар бүркүттөн бөлөгүн, ителгини да, ылаачынды да, жагалмайды да, кыргыйды да, жалпы жонунан куш деп тааныйсыңар. Асмандагы учкан жалпы аталышы куштар. Анын ар кандай түрлөрү бар. Адамдардай эле алардын ак көңүл, кара көңүлү болот.

- Бул куштун кайсы түрүнө кирет?-деди Кошун Ишейдин колундагыны көрсөтүп

- Муну ителги деп коет. «Ителги тегирмендин ташын бөлө тээптир» деген элдеги сөздү угуп жүрөсүңбү? Бул сөз жөн жеринен айтылган эмес.

- Ителгини кантип кармайсыңар?

- Кыраандарды кармоону «куш куйүт» дейт. Тордун эң чоңу жүз баш (көзөнөк) болуп, ал бүркүттөрдү кармоого пайдаланылат. Ителгиге, кушка, ылаачынга андан чакан сексен баш тор туура келет. Ал аттын кыл куйрук-жалынан өрүлүп жасалат. Тордун көзүнүн чоңдугу бүркүттүкүнө караганда кичине нукум келет. Тордун төрт чыбыгы бар.

-Кайсыл мезгилде кармалат?

-Жаз айынын же биринчи айдын аяк ченинде кыраандар тукумдашуу жайына келе башташат. Алардын ар бир түрүнүн аша турган ашуусу, учуп келүүчү багыты болот. Көпчүлүгү бир жерден өтөт. Бүркүт, ителги өңдүү кыраандар бир багытта учат. Ошол учуп өтүүчү «жолуна» жерге ачык жер төлө жасалат.

- Жер төлөнүн эмне кереги бар?-деди таңыркай Кошун.

- Кыраандар көктө учуп баратып, жердин үстүндөгүлөрдүн бардыгын көрүп турат. Куш кармоочу мүнүшкөр, жер төлөдө отуруп да, жатып да куштардын өтүшүн күтөт. Башта кармап келген кекилик же чилдин бир бутуна танап[1] тагып айланма кылып, жер төлөөдө кармап отурат. Ал эми тордун төрт чыбыгын казык аркылуу төрт бурч кереге сымал төрт ээлидей тереңдикте бош сайып коет. Көзү курч кыраан айланып торду карай бет алат. Жакындары менен танап тартылат. Тордогу кекилик ойсоңдоп бөжүйт. Кыраан аны көрөт да, муштумдай болуп куушурулуп келип, кекиликти тордун ичине тебет да, торго чалынат. «Чыгам» деп жулунуп атып, тордун көзүнө чалынып, чырмалып калат.

- Жер төлөдөгү адам чуркап келип, аны кармап алат экен да?

- Торду көздөй баскан адамды көрүп, кыраан шаңшып, жаасына келип, жакындатпайт. Ал тери мээлей кийет. Аны кол менен кармоого болбойт. Ителги терини үзмөк түгүл, адамдын колун жулуп алат. Анын бычагы тумшугунда. Ителги кара мүртөздүгүн карматып, ачуусу, каары сыртына чыгып, канат-жүндөрү үрпөйүп, тиштегилеп, тырмактарын матырат. Мойнунан ылдый куйрук учуна чейин бөлөп ороп, куйрук башынан кур бошоп кетпөө үчүн кайыш менен байлайт.

- Кыраан боо-деп каласыздар Аны келери менен байлашабы?

---

[1] танап тагып-узун жип

- Кыраан боо-кыраандын бутун байлоочу кайыш. Чолок боонун эки башы мына, бутка байланып, узундугу сөөмдөй эки өөли катуу жыгачтын эки башын, ортосун тешип, чолок боонун эки башы ожого өткөрүлөт. Ал жыгач «айланпа» деп аталат. Анткени боо чырмалбай айланып турат. Жыгачтын ортосундагы тешикке узун боо өткөрүлүп туурга отургузулат. Туур алачыктын ичинде болот. Үндөккө киргенче ошондо отурат.

- Үндөккө кантип келтирилет?

- Үндөктөө-кармалган кыраанды туурга отургузуп, жем сугунтуу. Көндүрүү. Узун боо менен төмөндүрөктөн жакын барып, этти көрсөтүү. Кыраандардын кара көңүлү болот. Ал жонун да сыйпатпайт. Аны ачка коюп, эртеси ушул маалда жем берет. Кара көңүлү үч күн катары менен жем жебейт. Андайда мээлейди колго алып, секин сыйпагылап, төртүнчү күнү аркан керип, «селкинчек» кылып, ошого отургузат. Таң атканча термелип уктабай чыгат да, эртеси эрксизден эт чокуйт. Эртеси жем берер маалда этти салып, туурунда отурган жерден көрсөтөт. Кара мүртөзү качып, этке жулунат. Боону кармап жакын барып, жемди көрүп, колго шап отурат. Эми жемди алысыраактан көрсөтөт. Эртеси алыстан шап эле колго конот да, жемин чокуйт. Күн сайын өзгөртүп, үндөктөп, кыраанды үйүр кылып алат. Ал жем берген кишини жазбай тааныйт.

Кушту «лө», «пө», «кел, пө, кел» деп чакырып үйрөтөт. Андан соң «тир»-көгүчкөн, таан, дагы ушулар сыяктуу канаттууларды тирүү көрсөтүү. Тир кармоо-тузак менен жемин кармап, бутун байлап алыстан окчунтуруу. Куш тирди көрүп,-жемге учуп келет. Аны тирдеги көгүчкөн, таан менен оозантуу.

- Ителгини беркилерден кандай айрымасы бар?

- Ителги-уусун тебүүчү кыраан. Шумкардан шумкар туулбайт. Ителгиден шумкар туулат. Анын он-он беш чакты уясынан бирөө чыгат. Же чыкпай да калат. Ал үч-төрттөн гана жумурткалайт. Аны эркек-ургаачысы алмак-салмак басып, балапандарын чыгарат. Эркеги ургаачысынан кичинерээк келет.

- Ителги кандай канаттууларды алат?

- Ителги бардык канаттууларды ала берет. Ал тургай бүркүткө да кол салат. Ал ууда жүргөндө кокус бүркүт келип калса кызганып, коркпой бүркүткө кол салат. Анча-мынча чабал бүркүттөрдү тээп түшүрөт. Ошондон ителгини көргөн бүркүттөрдүн айрымы качып кутулушат.

- Ителги салганда бизди да ала барышыңыз керек экен.

- Ителги салгандан кызыгы жок. Ар шилтеген сайын ителги уусун алып турса, көргөн адам да бир кумардан канат-деп бек ордунан козголду.

Кошундун оюна бекке, келгени эсине түшүп, өз оюн ортого салды:

- Бек, эки жетимди үйлөйлү дегендей кылдыңыз эле?

- Ооба, үйлөйбүз. Эки баладан алдыртан сурап көрчү! Айылдыгы кыздардан жактырышканы бар бекен?

- Жетимдерди ким тоготмок эле.

- Жетимдериң жетилип, жигит курагына келип турушат. Эми аларың жетим эмес. Жерден боор көтөрүп алышты. үйлөп койсок, ата-энелүүлөрдөн артык тиричилик кылышат. Жетим жетилет дегени ушул. Өнөрдүү жигиттерден акылдуу ата-эне кыздарын аяшпайт.

Кошун маселе оңой-олтон чечилерин туюп, Четин менен Тайынге барды. Жактырган кыздарын айтышсын деген, бектин оюн билдирди. Эки жетим кудуңдашып, өздөрү шакирт болуп жүргөн Берди абышканын кенже эже-сиңди кыздарын айтышты. Ал тургай алдыртадан жоолугушуп, сөз бекитишкениндер, да жашырышкан жок.

Бек Кошунга тойчук жасатып, айылдагыларды чакыртты. Карыя устага жуучулукка өзү барып, эже-сиңдилүү эки кызды, эки жетимге баш байлатып, элден бата алып берди. Кошундун үй-бүлөсүнө эки баш кошулуп, чакан айыл болуп калышты. Өзүнчө түтүн булаткан жаңы отолорго Кошун куттук айтып, эшик алдындагы малдарынан энчи бөлүп берди. Келин көрдү, үй көрдү-деп, көрүндүгүн ала келген айылдаштарынын бири идиш-аяк, бири кийиз, бостектерин тартуулашып, үйлөнгөндөрдүн үйлөрүн толтурушту. Айылда аш-той болобу же жөндөн-жөн төрт кишинин башы бириккен топ болобу, кептен кеп уланып, жомокторго жетип, тээ атам замандардан берки окуялар биринен бири улам айтылып, уккан адамдын кулагынын кычуусу канчу. Эки күндөн берки тойдун этегинде да айылдагы аксакалдар кеп учугун улап, жаштар аларды тыңшап, кулак түрүштү. Кеп алдын уганактар менен көрөнөктөрдүн «тиги тоодо андай болуптур», «мына бу сууда мындай болуптур» «аркы көлдөгүнү айтсаңар», «бу жылгадагыны уктуңарбы?»-деги биринен-бири талаша жаңылыктардын малыматынан кептин башы башталды. Анан «Ал жер неге антип аталып калган?» «Бул жайга мындай ат кантип коюлган?», «Тигил тоонун аталышына кандай себеп болгон?»-деген суроолор жаап, аксакалдар айтып, билгендер жобурап, сөздөн-сөз чыгып, улуу жомок уланды. Санжыра, тарых баяндарда, өткөн окуялар ортого салынып, куйма кулак, жөө чечендердин тили сайрайт. Эне-Сай аймагынын сырлары акырындап агылып жатты.

Согуштук жүрүштөргө жык болгон «кыргыз доору» Миң-Суу аймагынын жер, суу аймактарына кеңири чагылдырылган. Алтын көлдүн жанындагы Сос дарыясынын өрөөнүндө эзелки убакта согуш болуп, карчылдашкан жер, «Кыргын» деген ат менен ушул кезге чейин белгилүү. Жаңы туугандар бой батырышкандан соң айыл-аймактар менен таанышышып, жер, суу, тоо, токой, жылга-жыбыт, ал тургай жол боюнда турган таштардын да энчилүү аттары бардыгына таң калышты. Жергиликтүүлөрдүн айтымында бул жердеги тоо-таш, көл, аймак ал тургай өскөн дарак, кайберендердин бардыгы ыйык. Касиеттүү ээлери бар имиш. Көбүн эсе адамдардын, кайберендердин аттары менен аталган себеби канча мезгилден берки апаат кыргындарда алар элди сактап, касиеттүү жерден душмандарды сүрүп чыгарышып, өлбөс болуп элде аттары калгандыктарын жаңы келгендерге сыймыктануу менен кеп кылып беришти. Бул айтымдарга бир эле балдар гана эмес, Кошун баш болгон чоңдор да кулак төшөшүп, муюп угуп отурушту.

Уламыш, легендаларга жык толгон Эне-Сай жергесинин таржымалы өтө узак болуп, аны унутпай, карылар санжырага айландырышып, муундан муунга, мурункулар кийинкилерге кастарлап, калтырбай көркөмдөп, алы жеткени ыр кылып айтышчу экен. Андай чечен, сөзмөр, акылмандар өз насааттарын жаштардын кулагына кумдай куюшуп,

-«Уккула! Билип алгыла, балдар! Бизден кийинкилерге да силер айткыла! Алар кийинкилерге жеткиришсин! Атадан балага калган баалуу мурас. Мураска кыянат келтирбегиле. Бул аймак, бекеринен Эне-Сай аталган эмес. Касиеттүү жердин тузу оор. Аны таткан адам кайрылып, баари бир келбей койбойт. Бир кыргыз эле эмес, башка элдер да бул жердин даамын бир таткан соң баары бир кайра-кайра көргүсү келип, куса боло сагына берет» дешет.

Байыртан бул аймакка кызыккан, кыргыздардын күчүнөн айбыккан эчен жоо улам-улам кол салып, ээн жаткан жерди, эркин элди басып киришип, байлыгын топтоп, эн башкысы, эркегин, катын-балдарын кул, күңдүккө сүрүп айдашканы канчалаган мезгилден бери маалым. Бирок, баары бир айдалып кеткендер, Эне-Сай атын эңсеген уул-кыздар бөтөн жерди байыр кылбастан, эчен деген тозокторду баштарынан кечиришип, жыты сиңген ата-конуштарына качып-тозуп келип кошулушуп, эл эсебин толукташып, тиричилик кечиришүүдө.

Элдин башынан өткөргөн эчен мезгилди камтыган таржымалы, тарыхы, айрыкча элдик ооз эки чыгармаларда кеңири берилиптир

«Абышка менен кыздын айтышы» аттуу эл оозунда айтылган чыгармада айкын чагылдырылгандыгы таң калыштуу.

* * *

«Юань династиясынын жылнаамасында» кыргыз жериндеги дарыялар тууралуу төмөнкү маалыматтар айтылат. «Цяньхэ дарыясы (Кем-Эне-Сай) алардын жери аркылуу түндүк-батыш тарапты көздөй агат. Мындан сырткары түштүк батышта Ану (Абакан) деген дарыя бар. Ал эми түндүк-чыгышта Юсюй (Усани Туба) дарыясы. Бул суулардын баары тең Цянь дарыясына кошулуп Анкэле (Ангара) дарыясына агат. Ал андан ары түндүктөгү денизге куят.» Төрт кылым өткөн соң, бул маалыматтарды орус булактарында да ырастаган. «Енисей дарыясы кыргыз жери аркылуу агат. Ал эми Енисейдин ары жагында Абакан жана Уйбат дарыяларын жээктеп, ошол эле Енисейдин бойлорунда, көп сандаган кыргыз адамдары, ал эми Енисейдин берки ойдунунда жана Упса дарыясы тарапта тубалар деп аталган кыргыздар турушат» деп белгиленген.

Өткөн замандарда Уйбат талаасында кыргыз жерлерин монгол аскерлери курчап алганда алар ок атуучу тешик таш сепилине кирип коргонушкан. Моңголдордун бир бөлүгү Уйбат дарыясы-Кызыл көл, экинчи бөлүгү Бижа дарыясы-Узун-Кыр тоосу тараптан чабуул жасашкан. Жоого сепилдеги кыргыз баатырлары чулу таштарды жамгырдай жаадырышкан. Жоо кырылып, андан тарыхый эстеликтер «Чаа тастар»-согуш таштары пайда болуптур. Археологиялык илимде кыргыз доорундагы таш көрүстөндөр «чаа-тастар» деген ат менен белгилүү.

Монгол жапырыгы доорунда Сахсаар деген тоодо кыргыздарды жетектеген жети баатыр кыз жашаптыр. Күндөрдүн биринде күтүлбөгөн жерден монголдор Абакан өрөөнүнө кол салышат да элди Саяндан ары сүрөт экен. Жети баатыр кыз жоодон качып кутулушуп, Аскыз өрөөнүндөгү бир үнкүргө жашынышат. Ошондон улам кыздар жашынган тоо – «жети кыз» деп аталып калыптыр. Монгол атчандары экинчи ирет кол салышканда жети кыз Ак Июс (Ак Өйүз) дарыясынын жогорку агымы тарапка ооп кетишет. Алар оболу Кыял тоосунун жанындагы Кызтурак (Кыздар) жерине жайлашышып, андан Итчүл дарыясына чукул жерге конушташат. Кыздардын сары изине чөп салган монгол атчандары бул жерге кууп келишет. Аргасы кеткен кыздар ар тарапка кетүүгө бүтүм кылышат. Бириси Үйүз талаасына, экинчиси Туба өрөөнүнө, үчүнчүсү Эне-Сайга... тарашат. Жети тарапка кеткен кыздар кийин ташка (иней таш) айланып калышкан экен.

Кыздардын эң кенжеси Саксаар тоосуна жайгашкан, ата журту кыргыздардын айылына кайтып келет имиш да, Никя деген жердеги бийиктикте «ыйык ташка» айланып калат. Ушул жерде жашаган «кыргыз» уруусунун өкүлдөрү ага түпкү энеси катары сыйынышып, жылына курмандык чалышып, түлөө өткөрүшөт.

Эне-Сай аймагынын жергиликтүү калкы жакынкы коңшу өлкөлөргө «коорай» (хоор, кооро) деген ат менен белгилүү болушкан. Миң-Суу аймагынын XV-XVII кылымдардагы жазма булактарда «Конгарай» (Конгурай, Конгарей, Конурай) деген ат менен аталышкан. Эзелки бир уламышта Үйүс өрөөнүндө өткөн бир доорлордо оболу тогуз бир тууган кыргыздар мекендешкендиги баяндалат. Арадан бир топ убакыт өткөндө алардын тукумдары тогуз миң адамдан турган корай элинин кыргыз бирикмесин негиздешкен экен.

Корай уурулук бирикмесинин башында ордосу Шор-Көлгө жакын жерде (Солбан тоосунун этек-белинде жайгашкан) Корунбек турган. Корунбек теги «кыргыз» уругунан эле. Ушул учурда да Солбун тоосунун этегиндеги эзелки көрүстөндөр азыр да «кыргыз көрүстөндөрү» деп аталат. Ошол мезгилде коңшу өлкөлөр менен өңчөй жаа менен атышкан согуштар болуп турчу. Баскынчыларга каршы күрөшүү жана күзөт коюу үчүн Эне-Сай, Үйүс жана Абакан өрөөндөрүндөгү бийиктиктерге таш сепилдерди салышкан. Алар Июс (үйүз) дарыясынын жанындагы Пулаң-Ашкан (Сахатин), Кызыл-Кыя, Шибер-Тоо тоолоруна коргонуучу жайларды негиздешкен.

«Корай» деген энчилүү ат эң оболу Саян аркылуу ашып, Маткечиктин жанындагы Кызыл-Кыя тоосундагы сепилди кыштоо катары тандап алган монгол канынын оозунан чыккан экен. Ал кытайдагы монгол аскерлерин жетектеген Хубилайдын бийлигине каршы чыккан Арык Бука болучу. Арык Буканын аскерлери менен бир тууганынын колунан жеңилип калат да, кыргыз жерине качып барып, кошуну менен тынч, кыштан чыгат. Ырыстуу жерге суктанган монгол ханы: - «Хоорай түмөнү түбөлүк жашасын! Хоорай элинин малы сансыз көп болсун!» деп алкаган экен. Ошондон баштап Миң-Суу жери, Хоорай деп (мумкүн коңур айга окшоштурганбы) аталып калыптыр. Ушундан улам Хоорай (Конурай) деген энчилүү ат монгол доорунда (XIII-XIV- кылымдарда) келип чыккан деген божомолдоолор бар.

Монголия, андан сон Жунгария Конгорайдын турмушуна өз таасирин тийгизбей койгон жок. Конгорайларга Борбордук Азия (Моол, Ойрот, Дербет) жакшы малым. Уламыштар боюнча жер ортосундагы же жер киндигиндеги турган эбегейсиз коло мамы

Дэрбэтияда (Түндүк Батыш-Монголия) жайгашкан. Элдик айтымдар чындыкка жакын. Анткени Азиянын географиялык борбору коңшу Тубада жайгашканы белгилүү. Ортолук Эне-Сай өрөөнүнүн орто кылымдардагы тургундары Хоорай этноними менен катар кыргыздарды «хыргыстар» же «Корай кыргыздары» деп аташкан.

Хонгорайдын тарыхын монгол-жунгар баскынчылыгы менен болгон согуштук кагылышууларсыз элестетүү кыйын. Көз карандысыздык, ата мекен үчүн болгон күрөш согуш өнөрүн өнүктүргөн хонгор жоокерлери согуш мезгилинде тулку боюн, моюндан тизеге чейин тосчу соотторду кийишкен. Коргонуучу баш кийим катары төбөсү шоңшогой туулга кийишкен. Баатырлардын кыя чапчу куралы болот кылыч, сайчу куралы найза боло турган. Айтымда аргымак минген кыргыз өкүмдары Кетөн хан найза менен жоосу Ак Көбүктү ээрден кулаткан. Мындай беттешүүлөрдө тажрыйбалуу жоокерлер найзаны ээрге такап, миңгич тулпардын күчү менен жоонун кийген соотун тешип, өткөрө сайышчу. Кыргыз жоокеринин аралыктан атчу куралы жаа болгон. Жаа атайын жасалган кутуга–саадакка салынып, далыга асынчу. Жебе салынган окчонтой белге байланчу. Аскер жүрүшүнүн мезгилинде кыргыз атчан жоокерлерди саадактарды ээрдин алдынкы капталына кесип чапчу куралдарын ээрдин арткы капталына, байлап жүрүшкөн. «Ху-ух» деген аскердик урааны уламыш боюнча канаттуу жырткычтардын чакырыгын билгизет дешкен. Канаттуунун этти көргөндө үн чыгарганы өлгөн жоонун сөөгүн билдирет дешкен.

Монгол бийлигинин тушунда Конгорайдын эли өз алдынча түмөн болуп, тогуз миң жоокер чыгарууга күчү жеткен. Гүлдөп учугу узарган хоорай элин бириктирген тогуз миң кыргыз бирикмеси же тогуз булуңду хоорай өлкөсү «Тогуз булуңдуу кең Алтай» деп уламыштарда айтылат. Монголдордун бир нече жолку чабуулунан жабыккан хоорай эли күч менен сүрүлгөн. «Ортолук Эне-Сайда (Ал Ким) жер жүзүнүн борбору жайгашкан. Ал эми калган элдер бул борбордун айланасында жайгашкан дешкен жергиликтүүлөр. Хонгор кыргыз баатырлары ак жүздүү, кара чачтуу, нур көздүү, келишимдүү болушкан экен .Кеңири Хонгорайды «Теңир тоо» деп аталган тоо кыркалары курчап турат. Көз жоосун алган кыргыз жеринин этегин Абакан, дарыясы анын арткы тоолуу-талаа жайыттарын түбөлүктүү Эне–Сай кесип өтөт.

Абакандын оң жээгинен Арбат жана Табатка чейинки жерлер белтир уруусуна таандык болгон. Өткөн замандарда Хонгорай кыргыздарынын башында Хан Сурте деген турган экен. Монголдор менен болгон согушта жергиликтүү калк баскынчылардын колунда калат. Жаштарды монгол аскерлеринин катарына алышып, кары-

картан бала-бакыраларды Арбатты, Аны дарыяларын, жээктерин Хара Моол (Кара Монголия) өлкөсүнө сүрүп айдашат. Хан Сургенин Хансулуу атту уулу монгол аскерине чакырылат. Ал өз айланасына жакын адамдарды топтоп, кыргыз жергесин көздөй качкан экен. Матур (Баатыр) дарыясына жетип, Хансулуу Кыргыс тоосунун этегин мекендеп калат. Матыр тайгасында Хансулуу өзү менен кайтып келгендерди жетектеп калыптыр. Арадан убакыт өткөн соң качкындар белтир же «аргындар» деп аталып калат. Себеби качкындар менен кошо монголдор да келишип, жергиликтүү эл менен аралашып кеткен экен. Хансулуу алардын аксакалы аталып калат. Кыргыз тоосу белтирлер сыйынып, түлөө өткөрчү жай болуп, Матур дарыясынын өрөөнү, жайыты Хан Теңир дарыясынын өрөөнү аң уулай турган коругуна айланат.

Хан Сулуунун Хан Онбилек, Ташбилек жана Кочкор аттуу үч уулу болуптур. Анын уулдары тайгадан түздүккө көчүп келишет да, Таштып дарыясынын жээктерин мекендешет. Жыл сайын салык жыйноого ойроттор менен монголдор келе баштащат. Монгол жоокерлери жаз мезгилинде Эне–Сайдын музунун үстү менен келишчү. Жай айларында салык жыйноочулар Коңурайда болушуп, кайра кетишчү. Салык элди бүлгүнгө учуратып, чарбаларынын өсүшүнө кедергисин тийгизген.

Белтирлердин башына Онбилек турган мезгилде коңшу Тубаны Алтын–Курөң сурап турчу экен. Өзү менен бирге улуу аялынан төрөлгөн эки уулу жашоочу. Экинчи аялы өгөй балдарын жактырбаганын жашырчу эмес. Бир жолу ал балдарга кара кийизден кошуп, чүчбара жасап берет. Алтын–Курөң-хан балдарынын өңүнөн байкап калат да, ачууланып аялын камчы менен сабап коет. Бул жанжалдан коркуп калган балдар Саян токоюна кире качышыптыр. Ошол кезде Онбилек, Ташбилек, Кочкор Хан Теңир өрөөнүндө аң уулап жүрүшкөн экен. Азык–түлүктү атайын жасалган жерге катышчу. Алар талкан жана кургатылган эттин улам азайып баратканын жана айланадагы кардан жаш балдардын изин көрүп, байкап калышат. Ташбилек хан аңдып отуруп, тамак уурдаганы келген балдарды кармап алат. Алар Алтын Күрөң–хандын балдары болуп чыгат, Балдар өгөй энесинин айынан качып жүрүшкөндүгүн, ачарчылык аларды уурулук жасаганга мажбурлаганын айтып берет. Онбилек, Ташбилек жана Кочкор балдарды өстүрүп-чоңойтушуп, Арбат өрөөнүнө жайгаштырышат. Аргындардан «Какбын» уругу таркаган экен. Какбын уругу ыйык тоонун этегин мекендеп, ал тоо кийинкилер үчүн сыйынуучу жайга айланыптыр. Алтын-Курең-хандын балдарынын бири Коштаяктан «тоо какбына» уругу тарайт. Коштаяктан

Чыныштай, андан Тукбай деген уулдар төрөлөт. Экинчи уулу Чштаяк Таштып дарыясынын өрөөнүнө көчүп түшүп Бутрахта деген жерди байырлап жашап калат. Андан Чандай, Чандайдан Манас, Манастан Көңдүк, андан Муклай, Чебочак эки уул калыптыр.

Буруттардын түпкү бабасы деп Абакан өрөөнүндөгү Ыйык тоосунда жашаган Эр Токчун аталат. Ошол учурда кыргыз жеринин түндүгүндөгү Июс-Үүс талааларында бийлик жүргүзгөн, ала түстүү ат минген атактуу Баян аттуу баатыр кыз жашаптыр. Өз жерин, өз элин коргоо үчүн Баян кыз монголдорго каршы жүрүш уюштурат. Кырчылдашкан беттешүүдө чарчаган Баян кыз Сон дарыясынын боюнда салкын таза абада магдырап уйкуга кетет. Ал жерге Эр Тохчын келип калат да, уйкудагы сулууну сүйүп калат. Алардан бала туулуп, тукум уланып, кийинки «Сохы» уруусу тарайт. Сохы уруусунун ичинде «Сартак» деген тукум бар. Уламыштар боюнча Сартак тукумун хонгарайлар бир куржун курутка сатып алган татар кыздан тарашарын кеп кылышат. (Сарт саратаул, сартак-түрк-монгол элдеринде соода менен кесиптенген адамдарды туюнтат). Өйүз жана Эне-Сай дарыяларынын ортосундагы талада качиндердин «ызыр» уругунун өкүлдөрү жашашчу. Качиндердин кашка, бурут, кыргыз, ызыр уруктарынын ичинде тахчан (тайчан) уругу Кача дарыясынын жанындагы Кум-Тигей тоосуна көчүп келген хака уругунун түпкү энеси Талчан Иней жана анын жети уулунан тарашкан дешет. Качиндер манжур сүргүнүнөн аман калган кыргыз-езерлер, Кызыл-Жардан (Красноярск) ооп келген качиндер (хааш, ариндер, сара) жана ойрот качкындардан куралган. Эне-Сай менен Абакандын он-жээктериндеги жайыктарда байырлаган койбалдар (туба) Миң-Суу ойдуңунун эң эле ээлки тургундары делет.

Жергиликтүү элдин ичинде койбал менен туба уруктарынын өкүлдөрүнө карата шылдыңдашып:

«Туба, туба, тубалар,
Туба уйду кубалар.
Жегендери кожагат,
Кийгендери тери кап» –деп ырдашкан.

Сагайлар эң ири уруу болуп, «кара кыргыз» деген түрк элинин калдыгы болуп саналат дешчү аксакалдар. Сагайлардагы «жети-бөрү»-деп аталган уруу бар. Алардын аталышында ээлки бир мезгилде кош бойлуу бир аял согуштук бир кагылуушулардан Ниня дарыясына чукул жердеги үнкүргө, карышкырлар үйүрү турган үнкүргө келип жашынат. Төрөт учурунда ал каза табат. Баласын алты бөлтүрүгү бар эне карышкыр эмизип чоңойтот. Бөрүнү ээмп чоңойгон баладан жети бөрү уруусу тарайт. Андан жети бөрү-(чөдигер) жедигер деп аталып калат.

Монгол хандыгы менен болгон катуу кармашууларда сагайлардагы сарыглар кыргыздар менен бирге катуу жеңилүүгө учурайт. Аман калгандары Саяндан ары Монголияга айдалып, сүрүлөт. Натыжада Хонгорой ээн калып, сарыглар уруусунан эки адам, жашы өткөн аксакал жана анын жаш келини аман калат. Көптү көргөн кыраакы абышка келинине «Биздин жерде тукум улай турган киши калбады. Сөзүм далилдүү болушу үчүн Сары тоону айланып, карап көрөлү» дейт. Алар ыйык тоону айлана карашып, эч кимди таба алышпайт. «Биздин сарыглар уруусунун тукуму улансын» – дешип баш кошушат да, балалуу болушат. Анын атын Кеңеш коюшат. Анын уулу Кенеш сарылар уруусунун улантуучулары болуп калышат.

Уламышта сагайлардын ичегилер урусу Конгорайда «топон суу» мезгилинен бери жашап келе жаткандыгы айтылат. Жети бир тууган жез кайык менен «топон суудан» аман калышып, суунун деңгээли төмөндөгөндө Сакчак тоосунун чокусуна токтошот. Сакчакта азыркы күндө да таш болуп катып калган кайык бар имиш. Бул уруунун өкүлдөрү тоону ыйык деп эсептешкен. Ал эми аялдары «Улуу тоо», «Улуу аба» деп тергешкен.

Кайыкта аман калган жети бир тууган Сакчак тоосунан төмөн түшүшүп, Аскис жана Бий сууларын бойлоп отурукташышат. Алардын эжеси тубалыкка турмушка чыгат. Үч жыл өткөндөн соң ал күйөөсү менен энчиленген себин алып кеткени келет. Ичеги уругунун өкүлдөрү жети кара союшуп, мыктылап коноктоп тосуп алышат. Эжеси Тубага кайра кетээрде бир туугандары бир торбодон гүл азык беришет. Жолоочулар салт атчан Саянды көздөй жөнөшөт. Күүгүм киргенде алар тайгага алачык жасап, эс алууга токтошот. Алар тамактаныш үчүн гүлазык салынган торбону ачканда малга берилүүчү жемди көрүшөт. Ач көз жеңелери түйүндөргө союлган жети каранын жети кулач болгон ичегисин салып коюптур. Бир туугандарына ызаа болгон эжеси ичегилерди алачыкты жети айланта курчап, байлап чыгып, каргыш айтыптыр.

«Силердин мекенинер Бий дарыясы болуп калсын! Өмүрүңөр кыска болсун! Малыңар аз болсун! Силердин уругуңар ичеги деген атка консун! Турмушуңар ичегиден да ичке болсун!» -дептир. Ошол мезгилден бери алар ичеги уруусу аталып, узак бай жашагандары болбоптур.

Хонгорлуктар тоолор ыйык, элдин тагдырын чечет дешип, өзгөчө кадырлап мамиле жасашкан. Монголдордун үзгүлтүксүз чабуулдарынын биринде кыргыздан Чабыжок деген жаш бала Темирлүү (Кузнецк) тоосуна жашынып калган экен. Ал Том жана Палбын суу дарыяларынын жогорку жагында отурукташып калат.

Андан Чабылгай, андан Чулжан, андан Акбаш, Кестүк деген эки уул төрөлөт. Күндөрдүн биринде Акбаштын үч үйүр жылкысы жоголуп кетет. Ал жылкыларын издеп чыгып, Азкыз өрөөнүнөн табат. Акбаш менен Кестүк Азкыз дарыясына жакын жердеги Жети-Сары Кыз тоосунун этегине байырлап калышыптыр.

Кызылдар өздөрүнүн тегин сагайлар менен бир карашып, түпкү теги атактуу Кызылак баатыр экенин белгилешет. Кызыл уруусу кыргыз жергесинин Алтысар уруусуна кирген уруулардын бири болгон. Алар оокаттуу, бардар жашашчу. Ал эми качиндер болсо кедейчиликте жашап, алардын малдарын багышчу. Кызылдардын бакыбат турмушу ата-бабаларынын Үйүз дарыяларынын ортолугуна каткан байлыгына байланыштуу экен. Монголдор сүргөндө Солбон-Кара-Куш, Сары Кыя тоолоруна алтын–күмүштү, алтын отургуч менен алтын кулунду кошо көөмп кетишкен экен.

Белтирлердин чыстар уругу (түндүк токойлуктар) байыркы замандарда Абакан суусунун агымын жана Түндүк Алтайды байырлаган. Ал мезгилдие чыстарды Туура бий аксакал башкарыптыр. Аларга монголдор кол салганда Туурабий, Асылбай, Токтобий, Тотонбай деген уулдары менен Абаканды көздөй качат.

Матур дарыясынын куймасынан чыстарды белтирлердин уруу башчылары Хан Онбилек, Ташбилек жана Кочкор тосуп чыгат. Алар жакын жерде адам бар экендигин сууда агып келе жаткан жыгачтын чамындысынан байкап калышат. Ташбилек сүзүп келе жаткан чыстарлардын кайыктарын токтотуп, аларды Хан Онбилек белтирлерге кошуп, Сос дарыясынын куймасы чендеги жайыкка отургузат.

Таштып өрөөнүндөгү Сос дарыясынын боюнда Токтобай аттуу абышка жашаптыр. Абышканын Байары аттуу жалгыз кызы болгон. Ага жараткан аябай ажарлуу сулуулукту ошого жараша уккулуктуу үндү да бериптир. Комузда кол ойнотуп черткенде көргөн адам таң калчу. Абакан өрөөнүндөгүлөр арасынан ырдоо жагынан ага эч ким тең келе албаптыр. Байары сулуу бүткүл Коңгурайды кыдырып ырдап, «мен менмин» деген акындар менен айтышып жеңет. Элдин баары ага суктанып, өнөрлүүмүн деген жигиттердин бири калбай ага ашык болушат. Акын кыз алардын бирин да теңине албайт. Жаакта жок, тил безеген «чеченмин» дегендер келип да, андан жеңилип калгандыгына элдин көбү күбө болот. Жашы өтүп бараткан кызга суктанышканы менен айтышта андан жеңилген жигиттер үйлөрүнө кайтууга аргасыз болушат. Өзүнүн жаштыгы түбөлүк турбастыгын туйган кыз өнөрүнө ишенгенби, же жаштыгына менменсингенби, көпчүлүккө кайрылыптыр:

«Кимде-ким, ыр менен айтышууда жеңип» чыгам дечүүлөр келсин. Өнөрпоз азаматка, анын майыптыгына жана жашына карабай турмушка чыгамын деп» жар салат. Анын алдына даап эч ким келе албайт.

Том дарыясынын жогору жагындагы Темирлүү (Кузнецк) тоолорунун токойунда көмөкөй ыры боюнча (хай) учурунда, алдына ат салдырбаган Арыкбай аттуу эки көзү көрбөгөн, сокур абышка жашачу экен. Байары сулуунун жардыгын элден угуп, өзүнүн күчүн бир сынамакка жакындарынан беттешүүгө алып барууну сураныптыр.

Эки акын жолукканда эле ыр менен саламдашып, жаштыктын күчү, карылыктын деми, тирүүлүктүн ыракаты, өлүмдүн кайгысы, бул жашоонун чектелүүлүгү, аркы дүйнөнүн түбөлүктүүлүгү жөнүндө, жазгы жамгырдай нөшөрлөтө айтып өтүшөт дейт.

Жер, сууну, күн менен айды, асмандагы жылдызды, жер бетиндеги жан-жаныбарларды түгөл айтышып, тил безешиптир. Уккандын кулагы канып, көргөндүн көөнү толуп, сулуу кыз менен абышканын өнөрлөрүнө ыраазы болушуптур. Эки ырчы бири-биринин тапкычтыгына, шар суудай төгүлүп, кынтыксыз төп келген уйкаштыктарына бир чети таң беришсе, бир чети элдин кубаттоолоруна эргишип, убакыттын өткөнүн сезишпей, жети күн-түнү тынбай айтышыптыр.

Көрүп отургандар алардын эс алууларын суранышып, алдыларына аш коюшуп, тамактанууларын өтүнүшөт. Экөө тең бири-биринин оңой эмес экендиктерин байкашат. Кайрадан колдоруна комуздарын алып беттешеринде Арыкбай акын улуулук кылып кеп салыптыр:

- Сулуу кыз өмүр менен өлүмдү, жашоо менен тирүүлүктү, жер, сууну жети күн эле эмес, бир ай айтышсак да түгөнбөстүгү белгилүү. Туура көрсөң атайлап ат тандап, максат коюп айтышканга кандайсың?-дейт.

- Мейли, карыя! Жашыңыз улук, сиз айткандай болсун-дейт өзүнө терең ишенген Байары сулуу.

- Кыздын кырк чачы улук. Көөнүңө жакканын тандап айт!-дейт Арыкбай акын.

- Чачымды сыйлаганыңызга ырахмат, карыя! Туура көрсөңүз шертибизди дагы бышыктап алалы. Ага кандайсыз?

- Кандай шарт коесуң, кызалак?

- Жеңсем кулумсуз.

- Женилсеңчи?

- Жеңилсем, сизге күң боломун.

- Буттан тайгылган турат.

- Тилден тайгылганды кудай урат!

- Тил кудайдын мөөрү делет.

- Тобокел, өнөр тагдырды чечет.

- Кана. Эмне турасың?Анда, айтышалы? - дейт абышка.

- Сиз менин чачымды сыйласаңыз, мен сиздин жашыңызды сыйлайм.

- Макул, кызалак! Чач мурун чыкса да, сакалдын аты улук. Мен айтсам айтайын. Калкыбыздын аты улук. Калкыбыз, анын карт тарыхы туурасында айтышалы! Уккандардын да кулагында калсын!

- Мейли, карыя. Тарыхты билиш, ар бирибиздин милдетибиз эмеспи. Мен да билбегенимди сизден үйрөнөйүн?

- Ээ, кызалагым. Адам баласы канча жашаса да, өмүргө тойбогондой көөдөнү бөксө, көкүрөгү жарды болот тура. Бизден мурдагы аксакалдар да, «Сакалымдын агы бар, балалыгым дагы бар» дешип, арман кылышкан экен. Көрсө баары эле билип төрөлбөйт тура. Өмүр бою үйрөнүп жүрүп, пенде баласы баары бир акылга толбойт экен.

- Аны эмнеге айттыңыз, жарыктык?

- Экөөбүз тең бири-бирибизден үйрөнөбүз,-деп турабыз.-Аягы акылсызыраак болуп калабы - дейм.

- Айтыңыз, аксакал! Эзелтен элибизде байгедеги күлүк менен чертилген күүнү эч ким токтотуп, өксүтпөгөн. Күлүктү байгеге кошуп чаппаса, анын күлүктүгү не? Тагдырга жазганын көрөлү. Андан эч ким качып кутулган эмес.

- Анда мындай кылалы? Ыр өнөрүн кадырлаган ушул пенделер калыстык кылышсын, - дейт карт акын.

- Ак көз, кара көз көпчүлүк! Силер күбөсүңөр! Экөөбүз тең элибиздин башынан өткөргөн тарыхын-таржымалын ырга салмак болдук. Бирибизге да тартпагыла?

Отургандар чурулдап, макулдугун билдиришет.

Ортодон бир карыя суурулуп чыгып, отургандарга кайрылыптыр:

- Аламан көпчүлүк! Ойлонбой туруп, бүтүм чыгарууга болбойт. Адамдын жүзү ысык. Өң тайды, жүз тайды болоору анык. Андыктан, ар бириң, алыңдын жетишинче ашыктай таштан каалашыңча топтоп келгиле, - дейт.

Тургандар таң калыша бирин-бири тиктешет. Кээлери:

- Абышка алжыган окшойт? - деп үн чыгара күңкүлдөшөт.

Абышка өз айтканына бек туруп, чогулгандардын бардыгын таш топтоп келүүлөрүн талап кылат. Көпчүлүк таң кала айрымдары ичтеринен шылдыңдашып, абышканын айтканын аткарышат. Баары келип отургандан соң абышка аларга кайрылат.

- Эки булбул таңшыса, жашоонун тирилиги баарыңардын эсинеоден чыгат. Эки акындын кимисинин ыры маанилүү так, уккулуктуу чыкса колуңардагы ташты обого таштагыла, - деп карт акындын калпагын бир тараптагы, ырчы кыздын топусун бир тараптагы обонун жанына коюптур Акылман карыянын калыстыгына баары таң беришип, макул болушат экен. Карыя колуна таш бекитип:

- Ким тапса, кезекти ошол акын алат,-дейт. Улуулук кылган Арыкбай ташты таап, алат.

Карыя колундагы комузун күүлөп келип, кезегин баштаган экен.

- Уламышта айтылгандай, Эне-Сай аймагынын Абакан өрөөнү илгери «ак карек» элине таандык болуптур. «Ак карек» деген атты алар, ак жүздүү, ачык чырайлуу өңүнө карай алышыптыр. Алардын көздөрү да өзгөчөлүү болуп, каректеринин айланасындагы чели жок экен. Алар зор чулу таштардан үйлөрдү, коргондорду тургузушкан болот. Ошол үчүн бул курулуштун калдыктарын азыркылар «ак карек журту»-«ак каректүүлөрдүн журту» деп аташат.

«Ак карек» эли эгин айдап, түшүм алышкан эмес. Алар ак түстүү жылкыларды (акмаган) багышып, үйлөрүнө иттерди жана үй канаттуларын кармашкан. Күндөлүк турмуштарында таштан жалсалган балталарды, коло бычактарды колдонушкан. "Ак карек" адамдарынын бою өтө бийик, алп денелүү жана күчтүү болушкан. Алар эч кимди тоготушпай, көктөгү кудайларга да ишенишкен эмес. Күн бүркөлүп, чагылган чартылдаганда асманга наалат айтышып: көктү көздөй таш ыргытышкан. Асман теңирине баш ийбей, каяша айтып таш атышканы үчүн кудай тарабынан жазаланышат.

"Ак карек" эли жашаган мезгилде ак кайың өсчү эмес. Кийин ак кайыңдар ак каректүү элге асман теңири тарабынан жаза катары жөнөтүлөт. Коктуларга ак кайындар өсө баштаган мезгилде "Ак карек" эли жаратылыштын бул кубулушун түшүнүп-билүү үчүн тогуз баптуу Палабан-кам деген башкы шаманга кайрылышат. Шаман тогузунчу коло бабынын жардамы менен ак кайын-бул Ак хандын бийлигинин белгиси. "Ортолук Эне-Сайга ак кайын менен кошо Ак хандын бийлиги келет"- деген аян айтат.

Эркиндикти сүйгөн күч-кубатуу "ак карек" эли теңир жиберген тагдырдын жазымышына баш ийгилери келишпей, ак кайыңдарды балталап кыя башташат. Бирок, бир кайыңды кыйса, ордуна эки, экини кыйса анын ордуна төрт, төрттү кыйса сегиз кайың өсүп, жылгалар дарактарга толуп кетиптир. Ошондо "ак карек" эли көрөр күнү, ичер суусу түгөнгөнүн сезишип, таш үйлөрүнө киришип, тирөөчтөрүн балталап бузушуп, өздөрүн тирүүлөй көмүшөт. Ээсиз каралбай калган иттери, тооктору бир топ убакыттан соң жапайы

болуп кеткен экен. Токойдогу тоодак, кыргоол, иттер ошол ак карек элинен калган делет.

- Байары сулуу кезекти леп этип илип алып, комузун күүлөп ырга кирет.

Санжыраларга караганда Өйүс талааларында өткөн бир замандарда көп сандуу, өтө бай тумат деген уруу жашаптыр. Жайлаганы Айран-Көлдүн жээктери, кыштаганы Тарча дарыясынын өрөөнү болуп, мезгилге жараша көчүп барышчу. Айран-Көл менен Тарча дарыяларынын ортолугундагы түздүк азыр «Тумат талаасы» деп аталары белгилүү.

Туматтар сансыз көп кой, уй, жылкыларды кармашчу. Алардын аялдары кымыз жана айрандан, сүттөн жасалган аракты (арака) даярдоого үлгүрө алышпай, сүт азыктарын көлгө коюп жиберишчү. Ошол мезгилден бери бул көл Айран-Көл деген ат менен белгилүү болуп калыптыр. Кийин жергиликтүү эл бул көлдү ыйык деп эсептешип, анын суусуна түшүү, жууну, кала берсе жүзүн чаюу «чоң күнөө» болот деп ишенишкен. Тумат талаасында бул уруунун багылган сансыз көп малы төрт түлүк малдын ээсинин колдоосу менен көбөйөт. Малдын колдоосунун бою дарактай бийик, өңү кара киши болуптур. Ал өзү көзгө көрүнбөй, туматтардын малын кайтарып бакчу экен.

Туматтардын бир кызы Кара-Көлгө жакын жерди байырлаган Кашкарлык аттуу шаманга күйөөгө чыгат. Күндөрдүн биринде Кашкарлык туматтардын малынын Кара-Көлгө өз алдынча сууга барып, кайтарын байкап калат. Кунт коюп байкаган шаман чубалган малдын артында өңү кара, дарактай бийик бойлуу зор немени көрөт. Кашкарлык коркунучтуу желмогузду атып салат. Бул окуядан соң Айран –Көлдүн жээгиндеги аскадан үч күнгө, үч түнгө созулган аялдын кошок-ыйы угулат. Ал төрт түлүктү колдоочу пирдин энеси болуп чыгат.

- «Менин жалгыз уулум малын багып туматтардын ишеничине кире албады. Алардын башынан бакыт кетсин!» - деп туматтарды каргайт.

Туматтардын ичиндеги бир көзү ачык адам малга тийген кырсыктын, анын себебин айтканда туматтар күйө баладан өч алмак болушат. Алар Кашкарлыктын жылкы үйүрүн Кара-Көлдүн так ортосундагы Соол түбү аралына айдап барып камашат. Арадан көп өтпөй жылкыларды издеген Кашкарлык келет. Туматтар жаанын жебелери менен Кашкарлыктын денесин теше атышса да, ал өлбөйт. Бирок, жарадар болот. Ошондо ал: «-Менин көкүрөгүмдү жылкынын курч кабыргасы менен ачып, жүрөгүмдү сууруп алгыла. Ошондо гана өлөмүн. Андан соң жүрөгүмдү жээктеги аскадан

«Кара-Келгө курмандыкка тартабыз» деп таштап жибергиле. Ошондо гана силерге бакыт кайтып келет. Силердин укум-тукумуңар көбөйөт! дейт. Туматтар шамандын өлөр алдында айтканын аткарышат. Кашкарлыктын ыргытылган жүрөгү сууга тийерде өрдөккө айланат да, элге кайрылып:

«-Эми туматтарга күн жок, силер үчүн акыр заман болот» деп учуп кетет. Жаалданган туматтар Кашкарлыктын сөөгүн бетин төмөн каратып көмүшүп, далысына казык кагып салышкан экен. Ошондон баштап туматтар тукум-курут боло баштайт. Аман калганы коркуп, качып жер которуп кетишкен болот да, ал аймак кыргыздарга калып калган делет.

Арыкбай акын кезекти леп илип алып, улап кетет.

- Кыргыздар согушчан эл болушкан. Бекер жеринен ал аймактарда жашагандар «Кыргыздын кыргычы» деген лакап айтышпагандыр. Монголдор кыргыз-харгис-дешип, «каардуу», «жаалдуу» деп аташкан. Өткөн бир замандарда Абакан тараптан Аны суусун кечип, душман каптап кирет. Жоо Мөнөк жана Абакан дарыяларынын бириккен куймасына токтойт .Кыргыздар жоо аскерлерин Сос дарыясынын оң жээги аркылуу тосуп чыгат. Дарыянын карама-каршы жээгинде беттешишкен аскерлер жаа менен бир жума бою аткылашып, согушушат. Учкан жебеден күндүн бети көрүнбөй калат. Салгылашкан жерде эки тарап тең толугу менен курман болушат. Алардын каны төгүлүп, өлгөн жылкылардын сөөгү жаткан жерде кызыл карагайлуу токой өсүп чыгат. Жоокерлер курман болгон жер «кыргын талаа»- деп аталып калыптыр.

Карыя акындын ырына кунт кое отурган Байары сулуу бир демге да токтобой, ырды улай кетет.

- Саян-Алтай элдеринин арасында атактуу Сартабан аттуу адам болуптур. Аны ири дарыяларды чыгарып, сугат каналдарын кургандыгына байланыштуу элдин баары жакшы билишчү (Сартабан «таза суу»). Саян тоолорун тешип, Абакан дарыясынын нугун салган экен. Анын Куртуяк таш аттуу аялы Аны дарыясынын агымын эки тарапка бууп жатып, Оттуу таш тоосунда болчу жолугушууга үлгүрбөй калат. Алдыга карай озуп кеткен Сартабанга катуу капа болгон аялы кайгырган бойдон ташка айланып калыптыр. Ошол учурда Сартабан Абакандын нугун Эне-Сайга (Ким сууга) жеткирген экен. Аялын күтө берип, келбеген соң кайтып келе жатып, Камказыдагы таш болуп калган аялын көрүп, оор жоготуудан кайгырып, Сартабан Абакандын боюнда Каражулдун жанында жамбаштап жатып, өзү да таш болуп катып калыптыр. Бул жер азыр да «Сартабан таш», же «ыйык таш» деген ат менен белгилүү.

Жаз мезгилинде чоң суу кирген убакта жергиликтүү эл суу боюндагы ыйык ташка майрам өткөрүү үчүн жыйналышып, ал ташка сүт, ботко чачышат. Алардын ишениминде Сартабан ташка качандыр бир убакта жан кирип, суудан чыгып, өзүнүн падышачылыгын калыбына келтирет дешет. Ал жергиликтүүлөрдүн айтымында Сартабан Абакан өрөөнүнө Монголиядан келген имиш. Сартабан баатыр асмандан жамгыр жаап, күн күркүрөгөндө чагылган менен кошо түшүптүр. Алтай жерине Эне-Сай тараптан барган экен. Ал мезгилде Саян Алтай тоолорунда токой болбоптур. Ал эми таштар жумшак болгон экен. Сартабан Катуп жана Бай дарыяларына нук салууга, Кан Куней тоо кыркаларын тургузууга үлгүргөн. Саян Алтай элдеринин эсинде Сартабан баатыр жолдордун жана сугат каналдардын жардамы менен жүргүзүлүүчү дыйканчылыктын ээси катары сакталып калган. «Сарт же сартак» жер иштетүүчүнү, соода кылуучуну туюнтат. Анын урпактарынан сарт уруусу тараптыр-дейт.

Арыкбай акын ырды улап, кезекти алат да, комузун күүлөп башка обонго салып төгүп ырдайт.

- Бир мезгилде Саян тоолорунун койнунда кыргыздар бейкапар жашап турушкан. Түрк кагандыгы ондогон жылдар бою кыргыз урууларын багындырууга жасаган аракети ийгиликсиз болот. Түрк аскерлери Селенге менен Орхондун жээктерине чегинишет. Алар айласыз өздөрүнүн падышасынын кызын кыргыздардын жол башчысы Барсбекке күйөөгө беришет. Кыргыздарды өздөрүнүн олуттуу душманы деп эсептешкен. Кыргыздардын байлыгын тартып алууга түрк кол башчылары өзгөчө кызыгышкан. Себеби кыргыздар күчтүү мамлекет болуп, аларга коркунуч келтирип турган. «Карышкыр башына кырсык түшкөндө уялаштарын таштап кетет. Барс эч качан таштап кетпейт» деп, кыргыздар өздөрүнүн баатырларын Барс-бектер» деп аташкан.

Түрк аскерлери жашыруун жалгыз аяк жол менен кыргыздардын күзөттө турган оругун билинтпей басып алууну ойлошот. Кышында Саян кырка тоолору аркылуу жортуулга чыгышат. Улуу карды жирешип, адам өтө алгыс мөңгүлөргө жол салышат. Чыкыроон аязда жоокерлер күндөп-түндөп тынбастан жыгач таякты таянышып, бир ай дегенде тоого кыйынчылык менен чыгышат. Токой каптаган бел аркылуу карды тапташып, өтө татаал ашууларды ашышат. Жарымынан көбү суукта тоңуп өлүшөт. Жарымы кар ширендисине көмүлүшүп, жолдон адашышат, көп колдун калганы бейтааныш, кар баскан тоодон түшүшүп тыныгышып, бир айга жеткен убакыт ичинде калың, муз тонгон дарыянын үстү менен Миң Суу өрөөнүнө келишет. Түрктөр

тыныккан аттарына минишип, капысынан бей капар жаткан кыргыз өлкөсүнө басып киришет.

Кыргыз жоокерлерине уйкуда жатканда түрк черүүлөрү кол салышат. Теңдешсиз таймашууда кыргыздардын негизги күчтөрү талкаланат. Барс бек калган күчүн Черни Сунганын тоодогу токойлуу жерине чогултуп, көпкө чейин душманга каршылык көргөзүүгө аракеттенет. Айыгышкан кандуу согуш бир нече күнгө созулат. Түрктөр кыргыздарды аскага сүрүп келип, мелмилдеген дарыяга ыргытууга аракеттенишет. Алар кубаттуу кылычтары менен кырып-жоюп чабуул коюшат. Эрдик жана каармаандык эки тараптан тең бирдей көрсөтүлөт. Бирок, түрктөрдүн эки артыкчылыгы бар эле. Биринчиден, санынын көптүгү, экинчиси кыргыздарды камынтпай басып алгандыгы болчу. Кыргыз жигиттери кан-жанын аябай, канчалык эрдик кылышса да, аларга тең келе алышкан жок. Миңдеген жоокерлер кармашып жатып курман болушту. Кыргыз башкаруучусу Барсбектин сөөгү сырдуу жоголду. Аны түрктөрдүн жоокерлери канчалаган күн бою өлгөндөрдүн арасынан, тоолуу токойлордон издеп түк таба алышпады.

Миң-Суу өрөөнүндө кан кечкен кармашуунун ээлери болгон түрктөр өздөрүнөн башчыларды коюшту. Аларга түрк мамлекети кулаганга чейин кыргыздар көз каранды болуп турушкан жок. Ички каршылыктарды көрсөтүшүп, тынбай согушту уланта беришти. Элүү жылга жакын убакыт ичинде күч-кубаттуу түрк кагандыгы талкаланып, шайы кетип, Миң-Суу өрөөнүнөн сүрүлүп чыгарылып ташталды.

Байары сулуу да токтолбой, атаандашынын айтканын улай ырга кирет.

- Түрк каганаты кулагандан соң уйгурлар, басмылдар жана карлуктар түрк мураскорлугу үчүн күрөшкө чыгышкан. Кыргыздарды бир топ убакытка чейин басып алышкан. Алар биротоло жеңишке ээ болобуз дешкен. Эмки ийгилик кыргыздарга оойт. Алардын башчысы болуп Яглакар хан (жааган кар, аяздуу кар) аталган эле. Хандын тактысына ээ каган деп жарыяланат. Кагандын байтактысы Орхон дарыясы менен Хангайдын ортосунда жайгашкан. Ордо-Балык шаары болуп калган. Уйгурлар Миң Суу өрөөнүнө күчтүү аскерлерди жөнөтүшүп, басып алышкан болчу. Алар калкты аңсуз талап-тоношуп, катуу талаптарды коюп, эзип жиберишет. Тең эмес салгылашта коркуп, качкан жоокерлердин башы алынган. Эгер тапшырылган иш аткарылбаса, элчинин да башы кеткен. Чыккынчы суроксыз өлүмгө өкүм кылынган. Мындай өкүм элдин бузулгус мыйзамы болгон. Жогорудагы эрежелерди катуу сактоо менен уйгурлардын үстөмдүүлүгүнө каршы кыргыздар көтөрүлүшкө

чыгышкан. Согуш узак убакыт бою Тубада жүргүзүлгөн. Чечүүчү салгылашууда кыргыздар талкаланат. Уйгурлар Эне-Сайлык кыргыздардын жерлерин басып алышкан да, өздөрүн туш тарапка таратууга аракеттенишкен. Бирок, кыргыздар аскер күчтөрүн топтоп, күрөштөрүн уланта беришкен. Бир топ мезгилди камтыган уйгурлардын үстөмдүгүнө каршы коргонуучулук эмес, чабуул коюучулук аракеттерди жүргүзүшкөн.

Уйгур каганатынын ырксыздыгынан ич ара козголоң чыгат. Ага кошумча кар оор түшүп, ачкачылык, жугуштуу оорудан козголоңчулар кыргыздарды жардамга чакырышат. Ордо Балык шаарына чабуул коюуга жүз миң кыргыз армиясы келип, уйгур аскерлерин талкалап, бай тактыны өрттөгөн. Ордо-Балыкты калыбына келтиришкен кыргыз каганынын байтакты-борбору Тубада Убсу-Нур көлүнүн жээгиндеги Тес суусунун куйган жерине жайгашкан. Уйгур каганатын талкалаган соң «Улуу кыргыз бийлиги» орнойт.

Кыргыз жоокерлеринин катарында коркокторго орун жок болгон. Түрк кагандыгынан кем эмес уйгур кагандыгы кыргыздар менен тынымсыз согуш жүргүзүп, аларды каратып алуунун ордуна кыргыз жоокерлеринин колунан өлүм табышкан. Кыргыздардын башчысы Яглакар согушка өзү баштап кирип, Эне-Сайдын ыйык-жайыттарын кордогону үчүн уйгурлардан өч алышкан. Кыргыздар Саян-Алтай тоолорунан көчкүдөй куюлуп түшүп, түндүк Монголиядагы уйгурлардын борборун бороон сыяктуу каптап кетишет. Күрөштүн башчысы жана туусу болгон ханды-кыргыздар Яглакар деп аташкан.

Борбор азиялык ордо кыргыздардын катуу чабулуна туруштук бере алган эмес. Каршылаштарынын каганына кыргыздардын ханы: «Сенин күнүң бүттү. Мен жакында сенин алтын ордоңду алып, алдына атымды байлап, төбөсүнө өз туумду саям. Эгер сен мени менен салгылаша алсаң тезинен кел! Анте албасаң тезирек кет!» деген.

Уйгурлардын бир бөлүгү карлуктарга, бир бөлүгү - Тибет менен Кытайга кире качып, кутулат.

Кезекти Арыкбай төкмө улай комузунда не деген күүнү кайрып, ырды улантат.

- Монгол аскерлери кыргыз жерине чабуул жасап, басып алганга чейин кыргыз ханынын ордосу Абакан өрөөнүндө жайгашкан. Алаамат баскынчылыктан кийин борбордук өргөө (ургу) түндүккө Өйүс өрөөнүнө көчүрүлүптүр. Ошол катаал чакта Үйүс

талаасындагы Кызыл-Каш тоосунун этегинде Тарса[1] кыз аттуу баатыр кыз жашаптыр. Монгол аскерлери Эне-Сай өрөөнүнө басып киргенде Тарса кыз, Кыргыек баатыр, Кордун баатыр, Түрүш баатырлар менен кошо жоого каршы аттанат. Жоо Үйүс тарапка Тес дарыясынын башы ченден кечип өтмөкчү болот. Тарса кыз Сон дарыясынын боюнда буктурма уюштурат. Монголдор көптүк кылышып, жолдогу буктурмадан айланып өтүшүп, Ак Үйүстөгү Кызыл-Каш тоосундагы сепилдеги кыргыз жоокерлерин курчап алышат. Тарса кыз шериктери менен душманга капысынан сокку урат. Кан кечкен кагылышууда көптөгөн баатырлар каза болушат. Кыргыз жоокерлеринин жан аябаган кысымынан монголдор качууга аргасыз болушат. Тарса кыз жоонун артынан куугунга түшөт. Анын колу Ыйык тоого жеткенде ага душмандын жебеси тийип, аргасыз артка кайтууга мажбур болушат. Өзөнгө жакындап, чаңкаган жоокерлер суу ичкени жатышканда буктурмадагы монголдор Тарса кыздын жоокерлерине ок жаадырышат. Көкүрөгүнөн жарат алган кыз жан бериптир. Ал жер анын аты менен Тарса аталып калыптыр.

Ошол аймакта өскөн «тарса чөп» деген дарылыгы күчтүү чөп ушул кезде да кеңири колдонулат. Ал чөп менен өлөрчө жарадар болгон баатыр кызды нөөкөрлөрү дарылоого аракет кылышкан экен, ал дагы кызды ажалдан алып кала албаптыр. Тарса кыз менен бирге курман болгон даңктуу баатырлардын ысымдары да Ак Үйүстөгү бийик агарган чокуларга берилген. Түрүшкө баатырдын ысмы Тогуз Аш айылына жакын жердеги Туруш тоого, Кордун баатырдын ысымы Тарса суусунун боюндагы Кордун тоосуна коюлган.

Байары сулуу кезекти шап ала коюп, шар аккан суудай ырга салып, төмөндөкүлөрдү айтат:

- Сырттан келгендер кыргыз жерин Кем-Кемжиут деп аташкан.

Кем-Кемжиут-чоң дарыя. Ал бир жагынан монголдор, экинчи тарабынан тайжиттер жайгашкан Селенге дарыясы чектелип турса, бир тарабы Анкара-мурен чектешип, Ибир-Шибир аймактарына барып такалат. Кем-кемжиуттун бир тарабында найман уруулары жердеген тоо-түздүк жатат. Насили монгол урууларынан болгон

[1] Тарса-кыз аттуу ысым-Монгол мамлекетиндеги христиан-нестреиандар менен байланышкан болуу керек. Себеби көпчүлүк түрк тилдүү элдерде, азыркы учурда да христиандарды «тарсе» деп аташары белгилүү. Христиан динındеги керейлер Чыңгыз хандын соккусу астында талкалангандан кийин алардын бир бөлүгү кыргыз жерине көчүп, өздөрү менен христиан динин (тарса) ала келиши ыктымал. Мүмкүн ошол жерде төрөлүп, жердеп калган христиан динindеги же алар менен жакындашып жүрүп, жакшы адамдын урматына коюлгон ысым да болушу мүмкүн.

корк, баргу, тумат, байаут уруулары Боргужин-Токум жерлерин мекендешет. Кем-кемжиут аймагынын аталышы Кем-кемчик дарыяларынын атынан келип чыккан. Жалпысынан ал Эне-Сай деп аталат.

Кем-Кемжиут (Эне-Сай) деген чоң дарыя, «Анкара-мурен» (Ангара) дарыясы менен биригип, «Ибир-Шибир» аймактарына (Тайгалуу Сибир аймагы) жетет. Монголдор наймандарды талкалаганда согушта жеңилген найман ханы Буйрук кыргыз жери Кем-кемжиутка качып барган.

Темучин жеңип алган урууларды башкарууга Корчуну дайындап, ага буйрук берет.

- «Түмөн башчы болуп, Алтын тоолорго чейин башкар!» Токой элдерине гана эмес, үч миң баарындарга гана ээлик кылбай, Токай жана Ашык миң башчылары менен бирге сан түмөнгө чейин жетчү адаркин, чинос, төөлөс, теленгуттарды башкар. Эртыш дарыясына чейинки аймактарда эркин көчүп жүр. Ошондой эле токой элдерине да өз көңүлүңдү бур!

- Корчунун макулдугусуз токой элдери бир жерден экинчи жерге өз алдыларынча көчүп жүрүүгө акылары жок» дейт каган.

Арыкбай карыя кезекти иле калып, ташкындаган суудай көбүрүп-жабырып ырдап кирет.

- Монголдук курултайда Темучин улуу каган болуп шайланып, Чынгызхан деген наам алат. Ошол курултайда «бүткүл дүйнөнүн элдерин моюн сундуруу» ниетин билдирет. Кыргыздар курамына кирген «токой элдерин» багындырууга Чынгыз хандын уулу Жучу оң канаттагы аскерлер менен жөнөтүлөт. Анын жол көрсөтүүчүсү Бука болгон. Ойрот, бурят, баркун, орсут, кабканас, канкас жана тубастарды баш ийдиргенден соң Жучу түмөн кыргыздарга каршы аттанат. Кыргыздар каганга баш ийгендигинин белгиси катары ак шумкарды, ак боз аттарды, ак булгун, кундуз терилерин тартуу кылышты. Жучу монгол бийлигине токой элдерин баш ийдиргенден соң шибир, баит, тукас, танлек, төөлөс, тас, бачжиги урууларын да каратат. Ал өзү менен бирге кыргыздардын түмөн башы, миң башы ноендорун, токой элдеринин ноендорун алып, Чынгыз ханга моюн сунгандыктарын билдирүүнү буюрат.

Кыргыз бектери наймандардын жана башка коңшу уруулардын кайгылуу тагдырларын көрүшүп, урушсуз баш ийип беришкен эле.

Байары сулуу кезекти улай кетет.

- Чынгызхан кыргыздарды өзүнүн Алтан жана Бурка деген элчилери аркылуу баш ийүүнү талап кылат. Кыргыздар элчиликке жооп иретинде өздөрүнүн үч эмирин жөнөтүшот. Монголдорго согушсуз багынып беришкен кыргыздар өз жергесин бир аз

убакытка чейин кан төгүүдөн куткарышкан эле. Бирок, «баш ийип берүүнүн негизги талабы» монгол жоокерлерине аскер берүү милдети, башкача айтканда «хан салыгы» болгон. Монголдордун кыргыз жоокерлеринин күчүн пайдалануунун зарылдыгы бир аз убакытка жетпей билинди. «Кыргыздардын чегине жакын жашаган согушчан жана тынчы жок туматтардын көтөрүлүшүнүн учурунда монголдор кыргыздардан ошол көтөрүлүштү басууга аскер талап кылган. Кыргыздар аскер бербей, кайра өздөрү да кошо көтөрүлүп чыккан.

Чыңгызхан баарын уруусунан чыккан Ная ноенго аттанууга буйрук берет. Ная ноен ооруп жаткан эле. Ал Борогул ноенду жөнөтөт. Монголдор чоң согуш ачышып, туматтарды баш ийдиришет. Бирок, бул согушта Борогул ноен курман болот. Туматтар өтө кекчил жана тынчы жок эл болушкандыктан монголдор алардын көпчүлүгүн кырып салышат. Хошун уруусунан чыккан түмөн башчы Борогул-ноенду Чыңгызхан өзү кадырлап, сыйлаган. Борогулдун өлүмүн укканда ал: "Мен анын өлүмүнө ишенбейм» - деген экен. Борогул өлгөндөн кийин туматтарга каршы Дорбо Докшин-ноен жетектеген жаны аскерлер жөнөтүлөт. Ал жоокерлерине балта, кескич, ара ж.б. куралдарды таратып, токойлорду кыйы :, жол салууга буйрук бер. Алар жол салып, тоо баштарына чыгышып, бейкапар жаткан туматтарды басып алышат. Туткунга түшкөн жүз үй бүлө тумат Боргул-ноендун бүлөсүнө кулдукка берилген. Бирок, туматтардын күчү али майтарыла элек болчу. Кийинки барс жылында Баргужин-Токум менен Байлуктагы туматтардын бир уруусу көтөрүлүш чыгарганда аны басуу үчүн монголдор туматтарга жакын жашаган кыргыздардан черик[1] сурашат. Кыргыздар ага каршы көтөрүлүш чыгарышат. Чыңгыз хан аларга каршы Жучу башында турган аскерлерди жөнөтөт.

Акын Арыкбай абышка кыздын айткандарына кулак төшөп кунт коюп угуп отурган эле. Убакытты созбой жооп берет:

- Кыргыздардын жетекчиси Курлун эле. Ноко алдыңкы аскерлери менен аларга каршы аттанды. Ал кыргыздарды чегинүүгө мажбур кылып, сегизинчи дарыядан кайтып келди. Курлун башында турган кыргыздар монголдорго Саян-Алтайдагы үстөмдүгү үчүн эң коркунучтуу ::үч эле. Ошондуктан кыргыздарга каршы монголдордун башкы күчтөрү жөнөтүлгөн болчу.

Монгол аскерлери Туба, Миң Суу жана тоолуу Монгол Алтай аркылуу басып өтүшүп, «токой элдерин» баш ийдирүүгө бир ай жумшап, сапырык салып өтүшкөн. Бул жүрүштүн жыйынтыгында

---

[1] черик-аскер

Миң Суу ойдуңу каңгырап ээн калган. Кыргыз калкынын бир бөлүгү курман болуп, экинчи бөлүгү түшкундалып кеткен. Дагы бир бөлүгү алыскы токойлуу-тоолуу аймактарга баш калкалашса, бир бөлүгү Чулум боюндагы тайгаларга качкан. Калгандары адам колу жеткис түндүк аймактарга журт которууга аргасыз болушкан. Кыргыздар зор жоготууга карабастан бир топ убакыт өткөн соң өздөрүнүн негизги жашаган аймактарына кайрадан келе башташкан. Алар монгол хандары дайындаган бектер, ноендор тарабынан башкарылган.

Байары сулуу ырды улап, комуздун коштоосунда жооп берет.

- Саян-Алтай, жалпы эле кыргыздар жашаган аймактар Жучу ханга берилген. Бул аймактар Монгол мамлекетинин түндүк – батыш чектери болуп калган эле. Жучу хан өлгөндөн кийиң бул жерлер улуу ханга, Чыңгызхандын кенже уулу Тулуй хандын энчисине тийген. Улуу каган Угэдэй такка отуруп, баш ийген урууларды «тынчтандыруу» максатында меркиттер менен кыргыздардын тектүү кыздарына үйлөнгөн. Бул жергиликтүү башкаруучулар менен түзүлгөн «туугандашуу» келишими эле. Угэдэйдин төртүнчү «башкы аялы» кыргыз-хутени (айым) Жачин болгон. Бирок, кыргыз жерлеринде чыныгы бийлик тизгини керейлерден чыккан Тулуй хандын жесири Саркуктани-бегинин колунда эле. Ал Ангара жана Эне-Сайдан төмөн карай Адутап, Мангу, Алахия жана Балаурнан тарапка үч миң аскер жөнөтөт. Анда карчукур уругунан Тунликти, каратут уругунан Бахжуну, Манкур-Хитнаны миң адамдан кошуп, кайык менен жөнөтөт. Алар көп күмүш алып чыгышат. Болгону алардан үч эмир, азыраак адамдары менен кайтып келишкен.

Угэдэй көз жумгандан кийин Гуюк хан улуу каган болуп калат. Андан он жыл өтүп улуу кагандын тактысына Сорхуктани-бегинин уулу Мүңкө хан отурат. Ал Бука-ноенду эки түмөн аскери менен кыргыздарды талкалоого жөнөтөт. Соркуктани-беги көз жумгандан кийин Саян-Алтай анын уулу Арык-Буканын ээлигине баш ийип калат. Анын жайлоосу Алтайда, кыштоосу Теке жана Кыргызда жайгашкан эле. Миң Суу ойдуңунда кыштаган Арык Буканын ордосу кыргыздар жашаган жерлерди кысымга алып, салыкты өлчөөсүз жыйнап турган. Мүңкө хан өлгөндөн кийин монгол мамлекетинин борбору Каракорумда болуп, Арык Бука улуу каган деп жарыяланат. Кытайдагы монгол аскерлерин жетектеген бир тууганы Кубулай Арык Буканын бийлигин таанығысы келбейт. Аскерлерин ага каршы жөнөтөт. Арык Бука көп колу менен качып, кыргыз жерине келет.

Жеңилгендигине ызаланып, Арык Бука туткундарды, жергиликтүүлөрдү кырып, кыргыз жеринде бекемдеп туруп калышат. Жаңы аскер жыйнап, Арык Бука Тангут жерине аларды жиберет. Анда да женилип, чарчап чаалыккан Арык Бука ачка аскерлери менен Кем-Кэмжиуттагы дарыянын чегине келип, кагандын келишинен коркуп, ага элчи жиберип, кечирим сурайт. Согушта уттуруп койгонуна ызаланган Арык Бука Кубулайдын колуна түшүп берет.

Миң Суу ойдуңунда Тубада монгол аскерлеринин бир топко чейин туруп калышы, жергиликтүү элдерден аскерлерди алышы аймактарга терс таасирин тийгизип, кыргыздар Саян-Алтайдагы үстөмдүгүнөн ажырашына себеп болуп, Монголдор бийликти да, ээликти да ээлеп алышат.

Арыкбай кыздын айткандарына ынангандай башын ийкеп отурат. Бир маалда кезеги келгенде жооп берет.

- Арык Бука жеңилгенден соң кыргыз жери Кубилай башкарган Ийон (Юань) бийлигинин карамагына өтөт. Алар борбору Каракорумда болгон Лин-бэй аймагынын (провинциясынын) курамына кирет. Кыргыз жерлери бир бир нече аймактык бирдиктерге бөлүнүп калат. Юань бийлиги кыргыздарды тогуз миң түтүнгө бөлүп коет. Кыргыздарды башкаруу үчүн монголдордон миң башылар коюлат. Юань императору Кубулай Саян-Алтайдын аймактарына теги кытай акимин дайындайт.

Бирок, Арык Бука жеңилгенден кийин Кубулайга монгол төбөлдөрүнүн бир бөлүгү каршы болушту. Таласта болуп өткөн монгол төбөлдөрүнүн курултайында Арык Буканын биргелеши Кайдуну хан деп жарыялашат. Кайду Саян-Алтай жана Монголиядагы жерлерге ээлик кылууга аракеттенет. Кайдунун бийлигин жактаган кыргыздар Юань акимдигине каршы көтөрүлүш чыгарышат. Себеби, жүз жылга жакын убакыт ичиндеги ич ара согуштардын жүрүшүндө кыргыздарды бир нече жолу Саян-Алтайдан Монголияга, Манжурияга, Кытайга жер которууга аргасыз кылышкан. Кубулайдын атайын буйругу менен кыргыздар жана башка уруулар аскер айылдары катары жаны негизделген Чжаочжоу шаарына отурукташтырылат. Андан «Хэсыхэ жерине» Манжуриянын дагы бир башка аймагына жайгаштырылат. Андан соң Шаньдун аймагына көчүрүлөт. Улам көчүп жүрүүдөн жана өз ара хандыктардын кагылушуусунан биротоло жакырданган кыргыздарга бийликтегилер эгин талааларына иш үчүн урук, бодо мал бөлүп беришкен. Саян-Алтайда монголдордон, уйгурлардан жана кытайлардан турган калк түзүлгөн.

Саян-Алтай, Монголия курамына кирген Юань империясы ич ара чыр-чатактардан кулап, кыргыздардын үстүнөн болгон бийлиги жоюлат. Кыргыздар бул түзүлгөн кырдаалда өз мамлекеттүүлүгүн калыбына келтирүү үчүн аракеттене башташат. Кыргыздар монголдорго каршы күрөшүүдө түзүлгөн ойроттор менен биргелешкен биримдикке башкы абалда болушкан. Ойрот биримдигинде кыргыз түмөнүнүн жетекчиси Угечи-кашка бийлик жүргүзөт. Ал (1399) өзүнүн эмгегине жаңы расмий аталыш берүүгө аракеттенет. Ортолук Эне-Сайда кайрадан кыргыздардын көчүп келүүсү жүрө баштайт.

Байары сулуу карт акындын айткандарына ынанып, баш ийкеп отурат. Кезеги келгенде комузун башка күүгө күүлөп, карыя акынды коштойт.

- Абакан дарыясынын куймасы ченде паратан деген урук жашаган. Уламыштар боюнча бул уруктун түпкү атасы бала чагында кайык менен Абакандын жогорку агымына сүзүп келген. Баланы «кашка» уругунун өкүлдөрү тарбиялап өстүрүптүр. Бул уруктун ичинде кыз алып, кыз берүүгө тыюу салынган. Чулум өрөөнүндөгү кашка уругунан Боражан деген кыз алиги жигитти жактырып калат. Анын аты Каратай болот. Урук ичиндеги жыйын Боражан менен Каратайдын үйлөнүүсүнө тыюу салышканда сүйүшкөн жаштар качып чыгышат. Урукташтары кууп жетишип, аларды мыкаачылык менен өлтүрүшөт. Алардын сөөгү жаткан жер «Муңдуу тоо», ал эми аны жандап аккан суу Боражан кыздын наамына Боражаул деп аталып калыптыр.

Карыя акын Байары ырын токтотоору менен өзүнүн ырын баштайт.

-Саян–Алтай элдеринде (алтайлыктар, телеуттар, урянхайлар, хотон, торгот, дэрбэт) кеңири таралган «бурут» уругунун өкүлдөрүнүн теги ушул аймактын эзелки элине барып такалат. Бурут уругунун түпкү мекени Бурятиядан башталат дешсе, экинчи маалыматта Дэрбэтия (Түндүк-Батыш Монголия) экени баяндалат.

Бурут уругунун түпкү бабасы Эр Тохчын өз уулуна бурут ханынын кызын алып берүүнү чечет. Кара далы болуп калган хан кызы ак кирген чачын үч тал кылып өрүп алыптыр. Кудалашуудан соң бурут ханы өз кызын толгон-токой себи менен Эр-Тохчынга кошуп берет. Алар Саянды ашып, Өйүс талаасына келип түшүшөт. Өйүс сууларынын айрылышкандагы Үттү-Кыя тоосунун этегине конуп калышат. Кыз уктап жатып түш көрүптүр. Түшүндө ата конушунун колдоочусу коен кебин кийип алып, кыздын артынан келе жаткан болот. Эрте менен ооруп калган кыз өзүн ээрчип келген бурут колдоочусун кайрып кетүүгө мажбурлоо үчүн Эр

Тохчындан курмандык чалып, түлөө өткөрүүнү суранат. Бул сүйлөшүүдөн соң ачууланган Эр Тохчын:

-Уу-татай! Мен келиндүү болуп баратам десем, шаман турбайбы, – деп кыйкыра ачууланат.

Бул сөздү уккан бурут ханзадасынын эси ооп жыгылып, балбал ташка айланып калыптыр. Бул таш бүгүнкү күндө «коен кыз» деп аталат. Анын жаны ак коенго айланып, каргыш айткан бойдон Үттү-Кыя тоосун үч тегеренип, көздөн кайым болуптур. Ошондон соң Эр Тохчындын элине жугуштуу оору тарайт. Эр Тохчын шамандарга жардам сурап кайрылганда алар:

- Урукту аман алып калуу үчүн, ар бир боз үйгө коенго окшош куурчак коюш керек. Ал эми бурут ханынын кызы минип келген, агыш жалдуу кула атты (урукту коргоочу - «ыйык») сактоо керек, – деп айтышат.

Ушул окуядан соң Эр Тохчындын уруусу бурут аталып калыптыр. Буруттар үч жылда бир ирет «коен кыз» балбалына:

- Сен атак-даңктуу буруттардан чыктың эле. Ак коенго айланып калдың! Эми бизди колдой жүр! – деп түлөө өткөрүшөт.

Буруттардын уруулук колдоочу тумары «коен кыз», төрт түлүктүн сактоочусу – «ыйык» ак жалдуу кула ат болуп калат.

Арыкбай акын токтоору менен ырга кулак төшөй кыймылдабай угуп отурган акын кыз төмөндөгүлөрдү айтат:

- Абакан дарыясынан алыс эмес Ыйык тоосунун этегинде жашаган Эр Тохчын улуу баатырдыгы, атактуу хайчылыгы менен белгилүү болгон экен. Эр Тохчын Ыйык тоосунун чокусуна чыгып алып, көмөкөй ыры (хай) менен машыкчу экен. Анын ыры бүткүл өрөөнгө угулуп турчу дешет. Анын эки атактуу кара аргымагы болуптур. Эне-Сай талааларына аң улоого чыкканда карт аргымагын, алыскы тайгага, Казыр жана Кизирге аттанганда жаш аргымагын минчү экен. Коңшу Монголиядагы (Хаара моол) күлүк элик, кулан, жейрендерге Эр Тохчындын аргымактары гана кууп жетчү дешет.

Күндөрдүн биринде монгол ханынын уулу Согдай мерген өзүнүн күчүн жейрендерге аң уулоодо сынамакчы болот. Монгол аргымактары бул ишке жараксыз болгондуктан, өзүнүн карындашын аргымактарын сурап алып келүү үчүн Эр Тохчынга жибериптир. Эр Тохчын монгол ханзадасынын сулуулугуна туруштук бере албай, өзүнүн жаш аргымагын берет экен. Буга кубанган Согдай – мерген чөлдө жейрендердин артынан түшөт. Шамалдай учкан жейрендер жакындап келгенде жөө тартуу үчүн тиагенди коң берүүдөн коркуп кетет. Экинчи үчүнчү күнү деле ушул окуя кайталанат. Согдай мерген катуу чапкандан чочулап, артта кала берет. Өзүнүн ызаасын

аргымактан чыгарып, анын бутуна темир кишен салып коет. Кеч киргенде Эр Тохчындын аргымагы аткананын кашаасынан секирип өтүп, бутундагы кишендери менен Эне-Сай тарапты көздөй жөнөйт. Бирок, ошол учурда эле Эне-Сай тарапта абдан зор көк жал бөрү пайда болуптур. Көк жал аргымактын жакындап келгенин сезип, өз үйүрүнө:

- Эгер Эр Тохчындын аргымагы тирүү кайтып кете турган болсо, анда бизге күн жок. Аны кармоо керек-дейт.

Бөрүлөрдүн үйүрү кишенделген аргымактын алдынан тосуп ачыгышат. Көп карышкыр аргымактын артынан бири чарчаса экинчиси чуркап, тынбай кубалашат да, Типсей тоосунун жанына барганда кууп жетишип, жарып салышат.

Байары сулуунун оюн улап, карт акын сөзүн жулуп алып, токтобой төмөндөгүлөрдү айтат:

- Эр Тохчындын түшүнө карышкырлар жарган аргымагы кирет. Баатыр чочуп ойгонуп, атын токуп, Типсей тоосун көздөй чаап жөнөйт, да жаш аргымагын карышкырлар талап жеп, сөөгүн гана калтырганын көрөт. Этке тоюп эс алып жаткан шериктеринин ичиндеги карт бөрү куугундун дүбүртүн угуп, үйүрүндөгүлөргө айтат.

- Эгер Эр Тохчындын аргымагы картаң бээден туулса, анда анын таманы жука болот. Андыктан таш жолго салып чуркайлы. Энеси жаш болсо, анын маңдайы жука болот. Анда шамалга каршы жүрөлү. Эгер бээ орто жашар болсо, биз кутулуп кете албайбыз – дейт.

Эр Тохчын из кууп жүрүп, карышкырлардын үйүрүнө бат эле жетип, үйүрдүн башчысынан башкасын бүт атып өлтүрөт. Ал карт бөрүнүн артынан Хонгорай боюнча сары изине чеп салып келе берет. Ар бир атылган огу түшкөн жерге, ат коет. Натыйжада Өйүс жана Абакан түздүгүнүн көпчүлүк дарыялары менен тоолорунун аттары Эр Тохчындын айтканы боюнча Сарагач, Тиргеш, Таштып, Туйум, Бурия ж.б. аталып калат. Эр Тохчын карышкырга Саян тоосуна барганда кууп жетет да, буту-колун жазып алуу үчүн токтойт. Өлөрүн билген карышкыр анын аргымагын эс алып жаткан жерине пайлап келип, жара тартууга үлгүрөт. Эр Тохчын жөө кубалап жүрүп айла менен карышкырды кармап, терисин тирүүлөй сыйрып, ал жерди Кара-Таш деп атайт. Баатыр атактуу аргымагынан айрылып, ээр-токумун алып, кайык менен Эне-Сай аркылуу Абаканга сүзүп келет. Тулпарынан айрылып кайгырып, куугундан чарчап-чаалыгып, Эр Тохчын Ир тоого көтөрүлүп, ээрди жаздана, катуу уйкуга кетиптир. Ал азырга чейин ойгоно элек имиш. Кыш күндөрү Ир тоодо баатырдын деминен буу көтөрүлүп чыгып турат дешет.

Арыкбай акындын ырын улаган акын кыз комузун кайра күүлөп, шар аккан суудай эргип ырга кирет.

- Ошол элде Эр Тохчындын деңгээлиндей эле баатыр Баян аттуу кыз болуптур. Анын ордосу Туума дарыясына жакын жайгашкан экен. Ал айтылуу баатыр Барс бектин жалгыз кызы эле. Барс бек Өйүс түздүгүндөгү элдин башчысы, андагы жайылган төрт түлүк малдын ээси экен. Анын сансыз үйүрлүү жылкылары, жомоктордогудай керемет аргымактары, кара-тору түстө болуптур. Барс бектин жылкылары Беле көлүнүн аймагындагы кенен талааларда жайылып жатчу. үйүрдү кара-ала түстүү, ала айгыр жылкынынны «ыйыгы» (пири, ээси) кайтарчу экен. Күндөрдүн биринде ала айгыр жоголуп кетет. Аны издеп барган Барс бек Ак Өйүстү кечип өтүп, айгырды тоонун үстүнөн көрүп калат. Ошол күндөн бери ал тоо «ыйык тоо» аталып калат.

Барс бек жоголгон айгырын таап, алып баргандан соң капилеттен баскан жоодон мерт болот. Анын ордуна элди баатыр Баян кыз бийлеп калат. Ошол кезде Темирлүү Ала-Тоосунун (Кузнецск) түндүк тарабындагы тоо кыркаларына жакын жайгашкан Кыя дарыясынын жамаатташ жерлеринде калмактар жашашчу. Алардын арасында атагы чыккан жылкы ууру Каратай жашаптыр. Күндөрдүн биринде Каратай баш болгон уурулар Өйүс түздүгүнө түшүшүп, тору жылкылардын үйүрүн чаап, тым-тыракайын чыгара бөлүп, айдап кетишет. Баян кыз жылкычылары менен бирге алардын артынан куугунга түшүшөт. Күн катуу ысыгандыктан Баян кыз соотунун жакасын чечип коет. Буктурмада турган Каратай Баян кыздын мойнуна жаа менен атып, жарадар кылат. Жыгылып, бараткан баатыр кызды жоокерлери жерге түшүрбөй кармап калышат да, кайра кайтышат. Кансыраган Баян кыз Кара Өйүс өрөөнүн көздөй жөнөйт. Ал өзүнүн ысмы Хонгорайдын тарыхында унутулуп калышын каалабай бир топ көлдөр менен сууларга Кара-Көл, Тирпек-Көл, Таргыжул суусу, ж.б. деп ат коюп кетет.

Баатыр кыз Ак Өйүс дарыясына жеткенде күчү кетип, алсырай баштайт. Өлүм алдында жаткан баатыр кыз денесинен аккан канды бир чычкан келип ичип жатканын көрүп, «Мага окшоп, сен да азап тартып кал!» деп кармап алып, ыргытып жибергенде ал чычкандын шыйрагы кырс этип сынып калат. Ал өлбөй эле, түшкөн жердеги бир чөптүн тамырын жесе заматта айыгып кетет. Ал кайрадан баатыр кыздын жанына келип, катып калган жаратынын канын жей баштайт. Аны байкаган баатыр кыз чычкан жеген үч муунду дары чөптүн тамырын алып жеп жиберет. Заматта жаратынан аккан кан токтоп, денеси айыгып кетет. Баян кыз өлүм алдында жатып айыккан жер Кара-Булуң деп аталып калат.

Карыя акын кыздын ырын коштойт.

Катуу жараттан алсыраган кыз Орлән дарыясына жетип, дарактын түбүнө жатып, катуу уйкуга кетет. Ошол мезгилде Абакан тараптан өз жылкыларын издеп Эр Тохчын келип калат. Ал уктап жаткан айдай сулуу кыздын чырайын көрүп, өзүн кармана албай анын этегин ачып басмачылап коёт. Баян кыз ойгонуп кетип, ызасынан чыдабай:

- «Талаа иттери сенин кара аргымактарыңды жара тартып, жеп кетсин! Сенин тукумдарыңдын кебете-кешпири суук болсун! Бети чулчук, торпок мурундуу болсун!» – деп каргыш айтат. Каргыш Эр Тохчындын тукумуна тийип, ошондон улам бул уруктун өкүлдөрү жалпак бет, торпок мурун болуп калган экен дешет.

Баян кыз уятына чыдабай адамдардан качып, Ак улактуу toocуна барып жашынат. Ай-күнү жеткенде Эне-Сайдын жээгине келип, көз жарат. Наристени кайыңдын кабыгынан жасалган кайыкка салып, сууга агызып жиберет:

«Барс бектин тукуму ылайым өлбөсүн! Дайыма учугу улансын!» дейт да, кыз өзү сууга боюн таштап, чөгүп кетиптир. Эли анын сөөгүн таап, Эгиз-Тигей тоосуна коюшуптур.

Дарыяда агып келе жаткан баланы Куман жана Кубан деген эки бир туугандар кармап алышат. Алар Эне-Сайга жакын жердеги Сарагаш деген жерде жашашчу экен. Наристени Кубан багып чоңойтот. Бала жашынан чачы жок болгондуктан ал «хоох» (таз) деген лакап ысым менен аталыптыр. Бурут уруктары мына ошолордон таркап, Баян кыздын каргышы менен буруттардын өңү башы монгол сымал болуп калган имиш.

Байары сулуу өзүнүн ырын илбериңки илип кеткен карыя акындын чебердигине таң бере башын чайкайт да, шериги токтой электе анын сөзүн жула качып, ырга кирет.

- Өткөн замандарда буруттар «кашка» уруусу менен бирдикте монгол ханына салык төлөшчү экен. Бир жолу алар киш аң терилерин Монголияга алып бара жатышып, түн киргенде кызыл асканын алдына түнөп калышат. Буруттар эртеси таң калышат. Себеби, оонаган аттары кызыл жошого боңлуп, түстөрү өзгөрүп калган эле. Алар монгол ханынын алдына жээрде ат минишкен кашкалардан айырмаланып туруу үчүн минген ак жалдуу кула аттарын жошо менен боеп коюшат. Кашкалардын өкүлдөрү аларды күтпөй жол тартып кетишет. Буруттар өз ийгилигине кубанышып, жолго чыгышат. Монгол ханынын өргөөсүнүн алдына келгенде жамгыр жаап кирет. Аттардын боңктору жамгырдын суусуна жуулуп, элчилер сүрдүү хандын алдында жүдөгөн, кир абалында туруп

калышат. Салыкты кабыл алгандан соң, монгол ханы кечигип келген буруттарга:

- Мага баш ийген элдердин ичинен силер ишенимсиз, калпычы болуп чыктыңар. Кашкалардын жээрде жылкыларынын түсүн туурап, минген аттарыңарды кызыл түскө боёдуңар. Эми силердин кошумча лакап атыңар «Түлөгөн кашка» болсун! деп айтыптыр. Монгол ханы өзүнүн үстүндөгү тигиши алтын чепкинин кашкалардын жетекчисине жаап;

- Мындан кийин сенин уругуң Конгорайдагы журтту башкарат! Сенин уругуң кашкасы бар жээрде ат минген «кашка», - деген экен.

Ошондон улам буруттарда[1] «түлөгөн кашка» лакап ат пайда болот деген сөздү айтып калышат.

Эки акын элдик уламышты, ата-бабалар эскерген тарыхты ырга кошуп, көпкө айтышты. Аны угуп отургандар улам сүрөшүп, калыстыкка алып келген таштарын ортолукка таштап жатышты.

«Күч атасын таанybайт» демекчи, мелдеш да аягына келип жетет. Эл өкүлдөрү калыстыкка ташталган таштарды эсептеп чыгышат. Акыйкаттык менен алынып барылган иштин жыйынтыгында Арыкбай аксакалга ташталган таштын саны көп болуп чыгат. Ага ишенишпеген Байары сулуунун күйөрмандары кайрадан ташты эсептөөнү талап кылышат. Калыс болуп отурган көпчүлүк Байары сулуу тараптагылардын суроолорун канааттандырышып, түшкөн таштарды өздөрүнүн эсептешүүсүнө макулдук беришет. Кайра-кайра эсептелген таштар сокур абышкага көп ташталганына күбө болушат.

Жаш бой жетип, солкулдаган сулуунун куураган дарактай болгон картаң абышкага, болгондо да эки көзү тең көрбөгөн сокурга барышын көпчүлүк каалабайт. Анткени менен мелдештин иши мелдеш. Жеңишке айласыздан тан бересиң. Оoздон чыккан илабиз, аткарбаса арам. «Оoздон тайгылган түрбайт» демекчи Байары улуу көзүнүн жашын көл кылып, сокур абышканы ээрчип кетүүгө аргасыз болот.

Арыкбай акын жаш сулууну өнөрү менен жеңип, Абакандан алыс аймактагы өзүнүн жашаган турагына алып кетет. Байары сулуу өзүнүн жаштыгына кесирленгендигинен, бармагын тиштеп, айткан убадасынан тана албай, сокур абышка менен жашап калат. Ээн аймакта эки акын элден бөлүнүп жашап жүрүшөт. Айрымдардын айтымына караганда алар сөз сүйлөшпөй бири-бирине ыр менен жооп беришчүү экен. Арыкбай акын Байары сулуудан «Эмнени көрдүң, эмнени түйдүң, жаратылыш жан-

---

[1] Бурут-монгол тилинде – дини буру, жалкоо деген сөздү түшүндүрөт

жаныбар, аалам асман-жер, аккан суу, жүргөн шамал» деги эле жашоодогу болгон нерсенин баарын сураптыр. Байары анын суроосуна жооп берип, жаратылыш, ааламдын көркүн, өңү-түсүн, жытын деги эле көзү менен көргөнүн, жүрөгү менен туйганын ырга айлантып, көркөмдөп жооп берчү экен. Акын абышка аны угуп, ошол керемет нерселерди көрө албаганына арманда болуп ыйлачу дешет.

Эл укпаса эки акындын акындыгы, өнөрлөрүнүн бийиктиги кайсы? Адам аягы баспаган аймактын булагындай шылдырап, эч кимге пайдасы жок ага бергендей, эки акын өздөрүнчө жетимсирешет. «Эл ичине баралы»-деген Байарынын суроосуна «Көзүм көрбөсө, бутум менен басып кайда барам? Андан көрө туулган жерде жүрүп өлөйүн» деп карт акын ынабай коет. Эл сагынган Байары бир күнү абышкасын шар аккан сууга түртүп жиберип, өзү элине келүүгө камданып чыгат. Байары сулуу абышкадан боюнда болуп, айы-күнүнө жакындап калган эле. Ал жолдо келе жатып, ээн жерде төрөйт. Баласын жоолугуна ороп, эптеп эл четине аман келет да, баласын бирөөлөр таап алгыдай кылып, аманат таштап, өзү белгисиз тарапка кеткен дешет.

Көпчүлүк «эки акындан калган бала аман болсо, ата-энесин тарткан чоң акын болот» дешип, эл ичинен чыккан өнөрпоздорду акмалашат экен. Жаштардын «кимиси чоң акын болору төрөлгөндө билинет» дешип, чоң акындын чыгышын эл зарыга күтүп жүрүшүптүр.

* * *

Жогоруда акындар белгилегендей, Эне-Сай кыргыздары Барс бектен тартып, акыркы күнгө чейин не деген азаптарды баштарынан кечиришкен жок. Алеңгир жоо капилеттен жапырып кирип, калк башына алаамат түшүрүп, чаап, талкалап, эчен жолу жер котортуп, кул, күңдүккө айдап, бүлгүнгө салды. Бирок, кыргыз кыргыз атын өчүрбөй, ата-конушуна канчалаган убакыттан соң кайрылып келип, топтолуп эл болуп, кайрадан биригишинен улам Эне-Сай аймагы эч качан ээнсиреп калган жок. Бирде түрктөр, андан соң уйгурлар, кытай, монголдор кол курап басып алышынан улам айласыздан кыргыз Евроазия аймактарына бир нече жолу орун которуп барып, жүз-эки жүз жылдардан соң кайрадан касиеттүү ата-бабалары турак кылган Ата-Журттарына кайрылып келгендигин эл унутпайт экен. Бабалардан кийинки балдарга калып, санжыра, уламыш, уруулук текти сүрүү, тууган урук, уруу, айыл издеп, баары бир өз тууруна келбей койбойт тура. Урууну, туугандыктын ата тегин сурашуу өз канына тартуу, улуулуктун

улуулугу окшойт. Акындар белгилеген мезгилге сарееп салганда алардын айткан окуялары, белгилеген мезгилдери ондогон кылымдар аралы чындагы тарыхка дал келип олтурат.

Илгери Миң-Суу өрөөнүндөгү кыргыз акими өзүн каган деп жарыялайт. «Каган» түрк элдеринин тарыхынын алгачкы мезгилдериндеги эң жогорку наам болуп эсептелген. Түрктөр бул наамды бир кездерде өздөрү баш ийип турган жуандарды туурап алышкан. «Каган», «император» деген наам менен тең туруп, аны «Көк теңирим өзү сүйгөн пендесине гана ыйгарат» деше турган. Буга дейре кыргыздар саянтоо түрктөрүнө көз каранды болуп, элтебер наамындагы акимге (цзяньго) баш ийишкен. Кыргыздар кийинчерээк Борбордук Азиядагы уйгур каганатына көз каранды болуп турушкан. Кыргыз акими каган деген наамды алышы кырғыздар менен уйгурлардын ортосундагы согушууга алып келген. Согуш кыргыздардын жеңиши менен аяктап, Кыргыз каганаты Борбордук Азиядагы түрктөрдүн күч-кубатынын соңу болот. Кыргыздардын башкаруусу көпкө созулбайт. (X кылымдын башында азыркы ички Монголия деген автономдуу райондун Кытай Эл Республикасынын ордунда) кидандардын мамлекети пайда болот.

Таң доорунда кытай сарайы менен алакасы бар кыргыз акиминин уйгур каганатына чейин эле элтебер деген наамы болгон. Кыргыздарды уйгурлар каратып алгандан кийин кыргыз акими «билги... эркин» - деп аталып калат. Элтебер, эркин деген жогору турган наам болгон. Чыңгызханда[1] бул наамдарды каган деген наамы жок түрк акимдери алышкан. Бардык түрк каганатынын ичиндегилерди салыштырып келгенде кыргыз каганатынын башкаруусунда кытайлардын таасири күч эле. Кыргыздардын хан

---

[1] Чыңгызхандын түпкү энеси Алан Гоа беш баласынын экөөнү монголдон, экөөнү түн ичинде түндүктөн жарыктын шооласы менен кошо түшүп келген сары кишиден төрөгөнү белгилүү. Чыңгызхандын уругу Алан Гоанын кичүү уулу Бодончардан башталат. Чыңгызхандын өзүнүн да, укум-тукумунун чачтары сары, көздөрү көк болгон. Буларга окшош кишилер Эне-Сай кыргыздарынын арасында кездешкен.

Алан Гоа өзүнүн үч кичүү уулун кыргыздардан төрөгөн деген божомолду окумуштуу Березин өткөн кылымда эле айтып кеткен. Бул пикирди монгол-кытай тарыхын жакшы билген белгилүү немис окумуштуусу П.Рачневский (ГДР) да ырастайт. Ал Алан Гоанын үйүндөгү жалгыз эркек Малик Баяудецти Чыңгыз хандын бабасы Бодончардын атасы турк болгон деп эсептейт. Алан Гоа жөнүндөгү уламыш Л.П.Потапованын ою боюнча түрктөрдүкү деп айтылат. Түштүк Сибирдеги байрыкы түрк-шамандар адамдын өмүрү көктөн башталат дешкен. Ал көктөн жерге кандайдыр бир зат түрүндө түшүп турат. Кээде жылдыз болуп учуп түшөт. Кээде күн нуру болуп төгүлөт. Булардын баары тең жерге учуп калатып, боз үйлөрдүн түндүктөрүнөн очокторго, төшөктөрдүн баштарына түшөт. Андан соң барып, аялдардын бойлоруна бүтөт.

үйү кытайча «Ажэ»-деп аталчу. Себеби, кытай жазуулары «ажэ» деген сөздүн бир эле мезгилде элди башкарып турган урууну да, наамды да түшүндүргөн. Кыргыз[1] каганы кытайдын хан сарайынан «Көк теңирдин нуру төгүлгөн эр жүрөк, ак ниет жана баатыр каган» деген наам алат. Кагандан кийинки мамлекеттин чоң башкаруучулары болуп жети цзайсян (вазир, канцлер) эсептелүүчү. Кыргыз каганатынын өзүнүн мыйзамы болгон. Мамлекетке каршы кылмышкерлер, уурулар өлүм жазасына тартылган. Өтө чоң уруулук кылгандардын аталары да жазага тартылып, өлгөн уулунун башын кесип туруп, атасынын мойнуна тагып коюшчу. Ал аны өлөр өлгөнчө тагынып жүргөн.

Монголдордун Халкеде бекем орун алышы Халкинин түштүк-чыгышындагы монголдорго этникалык жактан жакын кидандардын башкаруу мезгилине тура келет. XI кылымда Халкеде көчмөндөрдүн бир топ мамлекети (улустары) түзүлөт. Булардын эң күчтүүлөрүнөн болгон кереит уруусу менен найман улусу болгон. XII кылымдын ортосунда кереиттер Хангай тоолору, Керулен дарыясы, Гоби чөлүнүн аралыгында көчүп-конуп жүрүшкөн. Наймандардын түндүктөгү жерлери кыргыз жерлери менен чектешип турган. 1128-1130-жылдары көчүп бараткан кара-кытайлар (кидандар) менен кыргыздардын ортосунда кагылыштар болот. 1199-жылы кереиттер менен монголдордон качкан наймандардын каны Буйрук «кыргыздардын жери Кем-Кэмжиутка качып кеткен. Бул Селенгадан Алтайга чейин созулуп жаткан чоң өрөөн, кыргыздардын ыраакы түндүктөгү Ангара менен Эне-Сайдын кошулуп кеткен чатында Кикас деген шаар болгон. Көтөрүлгөн кыргыздарды басууга чыккан Чынгызхандын уулу Жучу тоңуп калган Селенга ж.б. дайралардан өтүп, кыргыздар жашаган аймакты басып алган. Туматтар (тубалыктардын түпкү атасы түрк дешкен). Кыргыз өлкөсүнүн чегинде жашаган өтө эле согушчул уруу болгон.

Кыргыз мамлекети жалпы жөнүнөн бир «ээликке» кирген. Бирок, иш жүзүндө бири-бирине көз каранды эмес эки улуска

---

[1] Кыргыздар батыштагы Кашкарга жана чыгыштагы Амурдун баш жагын мекендеген швейлерге чейин бир топ жолу жеңиштүү казаттарга чыгышкан. Кыргыздын Хангай тоолорунун ары жагындагы Монгол жергесине сүрүп чыккан алардын швейлерге (847-жана башка жылдар) шивей-кидандарга (885-887 жылдары) жасаган жортуулдары Борбордук Азиядагы олуттуу да, чукул да өзгөрүүлөргө алып келет. Шивей урууларынын арасында (шивей деген сөз-Сибирдин биринчи аталышын түшүндүрөт) монголдор болгон. Аргундун чатында, Амурдун башы жагында, Чон Хингандын жанында жашаган монгол уруулары акырындап батышка ой берет. Монголдор акырындык менен ар кайсы түрк урууларын Калка жергесинен сүрүп, түрктөр, анын ичинен кыргыздао да батышка ооп, монголдорго аралашып сиңе баштайт.

бөлүнүп калган. «Кыргыз жана Кэм-кэмжиут бири-бирине жанаша жайгашкан эки аймак, алар бир мамлекетти түзөт. Кэм-кэмжиут дарыя, ал бир жагынан монголдордун ээликтреи менен экинчи жагынан тайжиут уруулары жайгашкан Селенга дарыясы менен чектелет. Ээликтин бир тарабы суусу мол Ангара мурен менен чектешип, Ибир-Сибир аймактарынын жерлерине барып такалат. Кэм-кэмжиуттун бир тарабында найман уруулары жердеген тоо-түздүк аймактары жатат. Насили монгол урууларынан болгон кари, баргу, тумат менен байоут уруулары Баргужин-Токум жана ага чектеш жерлерди мекендешет. Кэм-кэмжиут аймагынын аталышы Кем (Жогорку Эне-Сай) жана кемчик дарыяларынын атынан келип чыккан. Ал наймандар мекендеген Монгол Алтай, тумат, баргут, байаут уруулары жайгашкан Чыгыш Саяндар (Баргужин Токум) жана Селенга дарыясынын жогорку агымдары менен чектешет. Бул аймак аркылуу Кем-Кемжиут (Эне-Сай) деген чоң дарыя, «Анкара мурен» (Ангара) дарыясы менен биригип, сибир аймактарына жетет.

XIII кылымдын ортосунан баштап кыргыздардын тагдыры, ушул жүрүп турган согуштарда коңшулаш ойроттор менен тыгыз байланышта болот. Ошол мезгилде кыргыздар жашоо шартына жана чарба жүргүзүү мүнөзүнө карап, эки топко бөлүнүшөт. Биринчиси мал чарбачылыгы менен дыйканчылыкты кесип кылган талаа кыргыздары. Экинчиси мал чарбачылыгын жана аңчылыкты кесип кылган, Эне-Сайдын баш жактарындагы тоолуу жериндеги токой кыргыздары. Алардын коңшулары ойроттор болчу. Арык Бука менен Кубулайдын кармаштарында Арык Буканын аскерлеринин негизги бөлүгүн ойроттор менен кыргыздар түзгөн. Согуш кыргыздарды ар кайсы тараптарга ыдыратат. 1275-1276-жылдар кыргыздардын бир бөлүгү көтөрүлүп чыгат. Көтөрүлүш басылып, кыргыздардын борбору Чжаочжоу шаарына көчүрүлөт.

Кайду менен Кубулайдын ортосундагы согуш кыргыздарга чоң мүмкүнчүлүктөрдү ала келген. Алтай-Хангай тоолорун мекендеген кыргыздар Кубулайдын буйругу менен 9 миң түтүндү Баяндын (1236-1295) түмөнүнө бириктирилет да, Монголиянын ички райондоруна көчүрүлөт. 1290-жылы монголдорго кызмат кылган кыпчак Туту Хубулайдын буйругу менен Алтайдагы Кайдуга каршы жортуулга чыгат да, бул жортуулдун натыйжасында 3 миң үй-бүлө көчүрүлүп кетилет. Туту хандын соң Эне-Сайдын башын мекендеген кыргыздарды баш ийдирет. Кайду кыргыздарды куткарып алмакчы болот. Бирок, жеңилип калат. Кыргыздардын бир бөлүгүн монголдор Кубулайдын ички жерлерине көчүрүп алып кетишет. (1293-жылы кыргыздардын бир тобу Чжир хэхусотойдон

Хэсыхе) 1295-жылы Алтайдан Шаньдунга көчүрүлөт. Кыргыздарды зордуктап көчүрүү XIV кылымдын биринчи жарымына чейин Юань династиясы кулаганга чейин (1389-ж) улантылган.

XV кылымдын башында кыргыздар ойрот-монгол согушунда негизги күч катары ойроттор тарабында болушкан. XIV кылымдын акырындагы кыргыздын акими Угэчи кашка монголдор менен ойроттордун көбүнүн үстүнөн бийлик жүргүзүп калат. Тарыхта Угэчи кашка деген жаман ат менен кирсе да, (Угэчи-уйчу) монголчо аны Мүнкө-Темур деп аташкан. Ал Юань династиясынын Монголияда сакталып калган эски атын өзгөртүп, мамлекети менен элине «Дадань» (татарлар)деген ат берет. Себеби, бир кезде даңкы таш жарган «татар» деген ысымды алыш түрктөргө кеңири тараган эле.

1399-1425-жылдары Ойроттор менен Монголияда бийлик жүргүзүп турган кыргыз акимдери Чыгыш Түркстан, Хоми менен соода байланыштарын түзүүгө өзгөчө көңүл бурушкан. 1407-жылы Мүнкө Темур Хоминин акимин өлтүрүп, аялын олжолоп алат. Ал Хоми базарын жылкы сатып соода жүргүзүүгө пайдаланган. Бешбалыктын акимдери Хоминин үстүнөн ойроттордун бийлик жүргүзгөнүнө нараазы болушат. Угэчи кашка 1408-жылы өлөт. Ал бийлик жүргүзгөн 1403-1408-жылдар аралыгында кыргыздарга нааразы ойроттор менен алда нече жолу согуштар болот. Өзү өлөөрүнө жакын Угэчи-кашка Батулай-чинсангды өлтүрөт. Угэчи кашканын мураскору Батулай-Чинсангдын жесирине баш кошуп, хан тактысында он бир жыл бою былк этпей отурат. 1421-жылы ойроттор Хомини экинчи жолу ээлешет. Моголстанга карай алардын жортуулунда кыргыздар да катышышат. 1430-жылы ойроттордун арасында Бебер башкарган кыргыздырдын түмөнү болгон. 1439-жылы монгол-ойрот акими чыгыш монголдорунан чыккан Тото-буханын чинсанги кыргыздардын түмөн башчысы Ababарцы эле, он чинсанги чоростордун акими Тогон болгон, сол чинсанги хойттордун акими Энькe болгон. Көп өтпөй Тогондун уулу Эсен моголдордун баарынын ханы болуп калат.

1449-1450-жылдары кыргыздардын түмөнү ойроттор менен монголдордун бириккен армиясына Пекинге жортуулга чыгат. Пекиндин өзүн ала алышпаганы менен кытай императорун колго түшүрүшөт. 1459-жылы Эсан хан өлгөндөн кийин монгол-ойроттордун ичинде кайрадан чыр чыгат. 1468-жылы монголдор ойротторду талкалайт. 1469-жылы башында Эсен хандын уулу Хэрхуда турган. Ойроттордун бир бөлүгү түндүккө көчүп, бир бөлүгү чыгышка качат. Негизги бөлүгү Синьцзяньдын чыгыш тарабындагы Хоми-Баркуль аймагына оойт. Ababарцы башында турган кыргыздардын түмөнү Чыгыш Тянь-Шандагы Хоминин тегерек

белине көчөт. Кийин ойроттордун акими Аши-Тэмур Моголстанга жортуулга чыгат. Ойроттордон Или дарыясынын жээгинде женилип калат.

* * *

Сибир аймагына жутунган Россия мамлекети XVI кылымдын 70-80 жылдарында согуштан, чума эпидемиясынан жана опричинадан (башкалардын жерин, мүлкүн тартып алуу) бүлгүнгө учурады. Иван IV опричиналарды түзүү үчүн эбегейсиз зор салык салган. Борбордук жана түндүк-батыш райондорунун дыйкандары жана отурукташкан адамдар шаарлардан жана кыштактардан кете башташты. Өз өлкөсүндөгү куралсыз адамдарды талоончулукка алып өлтүрүшкөн опричина аскерлери падышанын жазалоочуларына айланышты. Эл Россиянын түрдүү аймактарына жана андан сырткаркы жерлерге көчүп кете башташты. Чарба ыдырап, көптөгөн шаарлар айыл-кыштактар ээн калды. Эл массасы бүлгүнгө жана зомбулукка каршы дыйкандар согушуна алып келген. Кургакчылыктын кесепетинен каардуу ачкачылык миңдеген адамдардын өлүмүнүн себепкери болду. Элден корккон жана өздөрүнүн кызыкчылыгын көздөгөн ак сөөктөр, боярлар, дворяндар элдик көтөрүлүштү басууда эч кимди аяшкан жок. Падышалык бийлик көтөрүлүштү араң зорго басууга жетишкен.

Бул мезгилде мамлекеттин эл аралык абалы начарлай баштаган. Польшалык-литвалык көп магнаттар (ири жер ээлери) жана дворяндар Батыш Европага дан жана башка продуктуларды сатууну көбөйтүү үчүн мол түшүмдүү жаңы жерлерди алууга аракеттенишип, Россия мамлекетин басып алууга камданышкан. Батыш чек арада чептер тургузула баштаган. Ошондой эле өлкөнүн түштүгүндө да, чыгышында да жана Сибирде да, (Түмөн, Төбөл ж.б.) чептер курулган. Сибир эң баалуу кымбат терилерге бай болучу. Бул жер эбактан эле демилгелүү орус өнөр жай ээлерине жана соодагерлерине белгилүү болгон. Мехтер тышкы рыноктордо кымбат бааланган. Уралдан аркы тараптардагы элдерди түздөн-түз ар кыл амалдарды колдонушуп, көпөстөр баалуу терилерин алышкан. Мына ушундай адамдардын арасында Строгоновдор деген бай көпөстөр болгон. Өкмөт аларга чептерди курууга жана Уралда аскерлерди күтүүгө уруксат берген.

Строгоновдордун ээликтерине Волгадан падышанын каарына калган эркин казак-орустардын отряды келет. Казак-орустардын башында каардуу жоокер –атаман Ермак Тимофеевич турган. Анын жол башчылыгынын астында Строгоновдордун каражаты менен

1581-жылы Сибирге экспедиция жабдылган. Алар Сибирди өздөштүрүү жана Россияга кошуу үчүн жортуулга чыгышып, 1582-жылы күзүндө казак –орустар катуу чабуул коюудан кийин Сибирдин каны Кучумдун башкы чебин Кошлыкты (Төбөл), Иртыштын боюндагы (Төбөл дарыясын да) алышат. (Кыргыздар Чынгызхандын убагында эле Эне-Сай дарыясынын боюнда, кийинчерээк Сибирди басып алуусунда орустар жолуктурган жерлерде жашашкан. Бул өлкө аркылуу Анга (Анг-Кола) дарыясы менен кошулуп, түндүк-батыштагы деңизге куйган Киан дарыясы агып өткөн. Бул өлкөнүн Түндүк-Батышында Ону (Обь) дарыясы, түндүк-чыгышын карай Обдун куймасы Юс дарыясы агып жаткан.

Ал эми эл арасындагы айтым да жогорудагы тарыхый окуяга жакындап кетет.

Кыргыз жеринин бир тарабын Селенга, экинчи тарабын Анкара мурен деген чоң агын суу ээлеген аймакта ар түрдүү кендер арбын. Аяктуу малга жайыты кенен. Жылкылары чылгый ала болуп, жеринин аты Алакчын аталып, ал кийин шаар аталат. Шаардын тегерегинде күмүш кенине бай жерлер көп болуп, ошондон ал элдин казан-аягы, кашык-табагы соотунан бери күмүштөн жасалчу экен. Кийин башка эл аны жомок катары кеп кылышып, «ала жылкылуу, алтын очоктуу эл» деп аташкан. Ошол Эне–Сай жергесин кыргыз эли мекендегени маалым. Батыш Сибир аймагында хандык кылган кыргыздардын акыркы хандары Жедигер хан, Бекболот хан, Күчүм хандан жеңилип, өз баштарын куткаруу үчүн Бухара аймагына качууга аргасыз болгон дешет. «Ханы жок калк болсо да, калкы жок хан болбойт» демекчи, алар да теңдеши жок оор салгылашуудан, аргасы куруган алааматтан элин куткаруу үчүн аргасыз журт которушкандыр? Ошол эл эчендеген мезгил, оор шарттарды баштарынан кечиришип, урпактарынын коопсуздугуна кам көрүшүп, ажары келишкен айтылуу Ала-Тоо жергесин конуштаганы сапар кезишип, башбаанекке ылайык жериндей жер, отуругундай журт издеп, аалам кезип, акыры ак карлуу тоолорду баанек кылып, Ала-Тоону мекен кылгандыр. Не болсо да байыртан бабалар кийинки урпактардын камы үчүн кан кечип кармашып, тар жол, тайгак ашууларды ашып, кылымдарды кыдырып, жердин баарын сыдырып, тагдырын ташка чегип келгендиги анык.

* * *

Улуу Монгол империясын негиздөөчү Чынгызхан күн батышты көздөй сапар алган чабуулунда кыргыз Мамык дегендин уулу Тайбука улуу каганга багынып, өзүнүн кыргыз–түмөн колу менен

Чыңгызхандын жортуулунда бирге болгон экен. Чыңгызхан Бухараны багынтканда (1220) Тайбука хан Иртыш, Том, Төбөлдө хандык кылууну хандан өтүнүп сурайт. Улуу хан Тайбука хандын айтылган суроосун орундатып, хандыкка уруксат берет. Кыргыз хандыгы Тайбука хандан кийин анын уулу Кожо ханга өтөт. Кожо хандан кийин анын уулу Маркан хандык кылат. Маркан казактын Упак ханынын карындашына үйлөнөт. Кийин Упак хан Марканды өлтүрүп, анын Абдур, Жапалык деген балдарын туткундап, Казанга алып кетет.

Убакыт өтүп, Казанда Абдур Мухамбет, Жапалык Аңгыш деген уулду болушат. Алар Упак хандан чоң атасынын кунун куул, өч алышат да, өз аталарынын хандыгын тартып алышат. Ангыш Касым деген уулду болот. Атасы өткөндөн кийин Касым хан болот. Андан соң Ангыштын Бекболот жана Жедигер деген балдары хандык кылат. Ошентип, Тайбуканын балдары биринен кийин бири хандык жүргүзүп, Батыш Сибирде (Иртыш, Ишим, Төбөл аймактарында) бир нече жыл бийлик дооранын сүрүшөт. Бардыгы болуп жети хандык бийлиги болгондугун төмөндөгүдөй далилдешкен.

Батыш Сибир хандыгы Тайбука хандын тукумунан Шибан уруусунан болгон Көчүм ханга 1563–жылдарда өтөт.

Чыңгызхандан Тайбука хандын Батыш Сибирдин Иртыш, Ишим, Төбөл аймактарында хандык кылууну сурап алганы ошол мезгилде улуу хандын Бухара аймагына жортуулу 1220-жылга дал келип отурат. Демек, кыргыз уруусунан чыккан Тайбука хандын укум–тукуму Батыш Сибирде 346 жыл хандык кылган деген айтымдан так тыянак келип чыгууда. Тайбука уругунун урпагы Жедигер хан менен Шибан уруусунан болгон Күчүм хандын ортосунда көп жылдарга созулган согуш болот. 1563–жылы Күчүм хан Жедигер хан менен Бекболот ханды жеңип алып, эки хандын кол алдында болгон элди тартып алат. Бекболоттун баласы Сыдык Бухарага качып баш калкалайт. Сибир тарыхында айтылган маалыматтарга караганда бийлигин Күчүм ханга алдырган кыргыз уруусунун башчысынын качып келип баш калкалай турган Орто Азия аймагы болгондугу айкын. Хандар Көчүм хан тарабынан өлтүрүлүп, Тайбука уруусунан тарагандардын кийинкилеринин бири Бекболот хандын баласы Сыдык Түркстанды (Бухараны) көздөй качканда эли менен биргеликте орун которгондугун айтпаса да белгилүү. Алар ооп, көчүп отуруп, Анжиан, Наманган, Аксы, Алай тоолоруна келери айкын. Адатта, хан эли жок кайда качмак?

Албетте, Тайбука Батыш Сибирге келип, таянганы өз эли, өз колу болбосо, аны башкалар бат эле жыгат эле. Демек, Сибирге

хандык кылуусунда Эне-Сайды жердеген кыргыздар да Сибирге ооп, көчкөндүгү анык. Алардын урпактары 345-жылдын аралыгында канчалаган апааттарды аралап өтүп, аман калгандыгы кийинки муундагылар үчүн табышмак болуп келүүдө.

Ал эми Күчүм хандын тагдыры жөнүндө бизге адабияттар боюнча айрым маалыматтар жетти?

* * *

Россия мамлекети XVI кылымдын аягында согуштан, чума эпидемиясынан жана бүтүндөй аймакты ээлеген ачарчылыктан борбордук жана түндүк-батыш райондорунун дыйкандары жана отурукташкан адамдары шаарлардан жана айыл-кыштактардан каңгып кете башташат. Азык-оокаттын жоктугунан миңдеген адамдар кырылды. Ага кошумча кургакчылыктын кесепетинен элдүү аймактар ээсиз, ээн калат. Массалык көтөрүлүштөрдүн абалынан өлкөнүн абалы өзгөчө оор болчу. Жаңы жерлер, Сибир аймагы өздөштүрүлө баштайт. Сибир аймагын басып алууга падышанын каарына калган казак-орустардын отряды келет. Казак-орустардын башында каардуу-атаман Ермак Тимофеевич турган. 1581-жылы Ермактын жетекчилигиндеги экспедиция Сибирди өздөштүрүү жана Россига кошуу үчүн жортуулга аттанышат. 1582-жылы күзүндө казак-орустардын катуу чабуулунан Сибирдин ханы Күчүмдүн башкы чеби Кашлакты (Төбөл) дарыясынын башындагы Иртыштын башындагы Төбөлск алынат. Күчүм качып, каршылык көрсөтүүнү токтотпойт. 1585-жылы августун түнүндө Ермактын отрядына капыстан кол салып талкалашат. Катуу кагылышууда анын колу да чыгымга учурайт. Аман калган жоокерлерин алып, артка кайтат. Бирок, дагы бир нече жылдар өткөндөн соң Күчүм хан, тагырак айтканда 1607-жылы Сибирь казак-орустардын куралдуу жортуулунан жеңилүүгө учурайт. Сибир хандыгынын кыйратылышынан улам Батыш Сибир аймагына кеңири жол ачылат да Сибир жеринде биринин артынан бири келишкен орустар курулуштарды кура баштайт.

* * *

Энесайлык кыргыздар жай майрамына кызуу даярдыктарды көрүп жатышты. Чоң адамдар маарекеге кийүүчү аземи кийимдерин алдын ала камдашса, жаш балдар ары-бери дуу-дуу учкан чымчыктай чогулуп алышып чуркашат. Эркектер майрамга алдын

ала кам көрүшүп, жабдыктары жарашкан улоолорун тапташты. Келин-кыздар чачтарын жууп-тарашып керээлден кечке күзгү алдыларынан чыгышпайт. Бул мезгилде бир эле адам заты эмес, жаратылыштын да ажары ачылып, жер бетинде сандаган дүйүм чөптөрдүн жыты аңкыган миң түркүн гүлдөр ачылып, жашыл аймак бетинде жел ойноп, теребел өзгөчө куллуруп турду. Шар аккан суулардын үнү соккон желден дымый түшүп, кээде кулакка айкын угулат. Сансыз куштардын миң түркүн сайраганы теребелди тең көтөрүп, терметип жатты. Күн нуруна чагылышып жылтыраган кайың жалбырактары шамалдын эпкинине туруштук бере албай, тынымсыз шуудурайт. Бейиштей болгон теребел бейкутукка батып, тирүүлүктөгү түмөн түйшүктөн арылткан мамырычылыкка ынкып турду.

Жакында бир нече күнгө созулган жай майрамы болот. Жашыл талаада эл батпай, сандаган очоктордон жалын чыгып, түтүн булап, жаңы сызгырылган майга бышкан нандын жыты келип, казандарда боркулдап эт кайнап, тамак бышат. Дасторконго таттуулар батпай берекенин баары ортого төгүлөт. Обого ыр көтөрүлүп, күүлөр таңшыйт. Анан ар биринин делебесин козгоп, канын кызыткан элдик оюндар башталат. Каада-салттардын баардыгы ирети менен көрсөтүлүп, көптүн көөнү шаттыкка толот. Андан соң кербен тартып алыстан келген соодагерлердин базары өзүнчө бир ажайып дүйнөгө айланып, көргөндүн көз жоосун алган түрдүү-түркүн буюмдар жайнайт. Тапкыныңды берип, каалагыныңды ала бер.

Илгертен бери өзгөчө бааланып келген касиеттүү «Иней таш» жакында боло турган майрамды өзүнүн ыйыктыгы менен колдоочудай болуп, белгилүү жерде сырын ката зыңкыят. Ал жергиликтүү элге түпкү ата-бабаларынын элеси катары өзгөчө баалуу, ыйык эле. Айрыкча кышында кар жамынып, «каркыс» – ак буурул чачы бар кыздын өзү болуп урпактарынын өсүп-өнгөнүнө, бейкут жашоосуна көңүл бөлүп, мээрим, ырыскы чачып турарын аймактагылардын бардыгы жакшы билер эле. Жергиликтүү калк чага (алгачкы жаз айы) айынын маарекесине түп көтөрүлө түгөл келишип, үй-бүлөлөрү, тууган урук, жакын санаалаштары менен бирге шатыра-шатман зор кубаныч менен өткөрүшөт. Ата-бабалардын арбактарына түлөө арнап, көк теңирден тынчтык күндү, бейкут жашоону, деги жакшылыктыктын баарын-баарын тилешет. Колдоочуга сыйынууга кучактагы гөдөк наристеден, бөкчөйгөн карыга чейин чогуу келишип, «Иней-ташка» көрүнүп кетүүнүн өзү, теңирдин колдоосуна ээ болгонго барабар саналчу.

Эртең мененки мал жайытка айдалып, кыдырып кымыз ичкендердин аягы тыйылган кез. Себеби, ар бир үйдө кымыз

көрөңгөгө карай ачытылат эмеспи. Таңкы тундурмадан кериле кесе көтөрүп, таңдайга тийген ууз кымызды шимире жуткандардын алдынын баштары кеңиреп, эл менен кошо кысташа ичкендери сиңе электе аракка тойгондой эсин алдыргандар бар эле. Кымызга тойгондон кийин алардын жаны жер тартып, уктагылары келишип, эптеп үйлөрүнө жетүүгө шашылышат. Үйлөрүнө жетери менен салкын жайга жамбаштай кетишет. Жайдын ысыгынан көкүрөктөрүн ачып коюп, жалаңайлак, жалаң баш жеңилденишип, боз үйдүн капшытын түрө ууз кымызга тойгон эркектер эшикке чыгуудан эринишип, анда-санда кабыргаларын тырмап коюшуп, салкын жайда мемирешет. Аялдар болсо, койлордун жазгы жүндөрүн сабап, очокторго от жагышып, суу ысытып, кийиз жасоо менен алек. Жакында боло турган маарекени чыдамсыздык менен күтүп делбеленишкен айылдыктардын ойлорунда жамандык жок. Күндөгүдөй баары мамыры, бейкапар эле.

Капылеттен кайберендердин үйүрү айыл аралап, элтеңдеше иттерди абалата үркүп өтүштү. Асманда, чар-чар этип, кайкып учкан канаттуу куштар, коркунучтан кыйкырыша жапыс, учуп, канаттарын зыпылдай сермеп, кайдадыр кетип жатышты. Жел менен кошо чаң бозоро ат терине аралаш каңырсык жыт келди. Миңдеген ат туяктарынын күтүрөгөн дүбүртүндөй сүрдүү дабыш угулду. Сагызгандай сак, кузгундай көрөгөч, чычкандай сезгич, чөөдөй уганак, түлкүдөй аяр ормон адамдары бир саамга деңдароо болушуп, заматта кайра өздөрүн колго алышып, шашыла куралдарын колдоруна ала агытылып, отко коюлуп, бош жүргөн аттарын көздөй чалынып-жыгыла чуркап жөнөштү.

Туюусуздан ач айкырык, чуу чыгып, алеңгер жоо басып кирди. Калба ушинтип заматта көз ачып-жумганча башталды. Айыл аралай чапкан куралдуу атчандардан көөнү алаң болгон көпчүлүктү жасакчылар камдантпай басып киришти. Зып-зып этип ызгыт ышкырыгындай жебелер, кадалган караандар оор онтогон оңдогон денелер. Шилтенген кылыч шиберге чачыраган кып-кызыл кан, жан соогалап, жардамга чакырган жан. Кара таандай каптап кирген куралчандар ар бир айылга жетип барып, чаң–тополоң түшүрө чаап, кырып, колго түшкөнүн байлап-матап топтоп, кайдадыр шашыла айдап жатышты. Айылдын эр азаматтары капылеттен басып кирген жоого дап айтып, кол кайры кылууга үлгүрө алышпады. Катын-бала арасында, куралдары жок эр азаматтар, эркек таналар жан алекетке түшө жакын келгендердин куралын талашыша, жерге көтөрүп урушуп алдарынын жетишинче муштагылап, каршылык көрсөтүштү. Көбү кол кайруу кылууга үлгүрбөй жатып набыт болушту. Айыл аралаган алеңгир жоонун

айрымдары асыл буюмдарды, жалтырак-жултурактарды көрө алектенип буйдалышса, айрымдары шашыла талап-тоноодон колдору бошобой, үй эмеректерин, аң-терилерин, темир-тезекти, биринен бири кызганыша жулкулдаша, талаша алышып, бир буюмду экөө тартышып жакалашып чырдаша да кетип жатышты. Ноёндордун каары, зайсаңдардын заарынын күчү, камчынын көгүлө алган запкылары менен апсыккандар, тапкан табылгаларын артына-үртүнө жүктөшүп, андан ары жол тартып кетип жатышты.

«Жоо басты» деген суук кабар, алыстагы айылдагыларга шамал менен бирге жетти. Аба жарып кокту-колотту жаңырткан керней тартылып, добулбастар кагылды. Биринен экинчи улустагылар туюп, шыпылдаша ат токушуп, колдоруна шашылыша курал алышкан жоокерлер бирине бири кошулуп, ону жүзгө, жүзү миңге көбөйүшө белгиленген жайга чогулууга, ашыгып жатышты.

Бир улус кийинки улустан алыс болгондугунан улам басып кирген жасакчылар талап-тоноо менен күн кечкирип, айдай талаада түнөөгө мажбур болушту. Бат эле иңир кирип, жайдын кечи түнгө айланды. Асмандагы жылдыз жерге төгүлгөндөй. Кең аймакты ачуу түтүн чулгап, түнү менен от өчпөдү. Түнөк алган черүү капсалаңдуу кара түндө алда бир деме болуп кетет деген ойдогу жасакчылар улоолорунун чылбырларын белдерине байлашып, канчалык чаалыгып чарчашса да, көздөрү илинбей, улам бири-бирине үн салышып, кооптонгон кейпте. Керээлден кечке жанын тындырбай чапкылаган аттар анда–санда бышкырып коюшуп, күтүрөтө оттошуп, кара-курсактын камында.Чылбырларын кармаган ээлеринен алыс кете алышпай айланыша тебеленген туланды тандабай, бурдап сугунушат.

Жан кууруган жасак таң супа салганда башталды. Күн чыгыш тараптан аламан жапырыкты салып, жергиликтүүлөр күтүрөтө ат коюшту. Түнү менен жаңы гана мемиреген таң менен көздөрү илешкендер туюп-туя электе, айрымдары эми туруп, жыйынып жаткан черүү, ызылдаган жебелерге туштугушту. Ордуларынан туруп, оор кийимдерин толук кийине элек жасакчылардын аркы чет тараптагылары, коркунуч каптаган жакка шашыла умтулушту. Аңгыча күн жүрүш тараптан ат туяктарынын дүнгүрөгөн добуштары угулуп, сүрүлүп бараткандар арт тараптагы зыпылдаган жебелердин курмандыгына айланышты. Калкандарын алууга үлгүрбөй баш-аламанга түшкөн жоонун айрымдары өчө элек оттун чокторун тебелей, айрымдары, жан-соогалап качып баратып, беттери менен жыгыла чабалакташты. Чуру-чуу түшүп, чуркап келе жаткандар жыгылгандарга чалынып, ышкырган найза, жаркылдаган кылычтардын астында калышты. Ары-сүр, бери сүр болуп, баш-

аламанга түшкөндөрдүн сол тарабынан, андан соң оң тарабынан көптөгөн кыл мергендердин таамай мелжеген жебелүү соккусу жоо колун баш көтөртпөдү. Күн нуру асманга көтөрүлүп, жер жарыган мезгилде эки тарап бетме-бет бырчылдаша найза сайышып, жалаңдата кылыч шилтешип, жаркылдата айбалта чабышып, ач айкырык, куу сүрөөн абага көтөрүлдү. Согуш майданында булолонуп кан чыгып, коркулаган жан чыккан алаамат өкүм сүрдү. Ач айкырык, жапайы кыйкырыктарга куралдардын кагышканы кошулуп, уруш талаасынын «казаны боркулдап» кайнап» жатты.

Кан агып, жин жыттанган калба канчага созулары эч кимдин оюна да келбеди. Баарынын бир эле максаты «өзүңдү корго, коргонбосоң ажалыңдын жеткени, жаныңдын кеткени». Чабуулга киргендер эми уйкудан ойгонуп козголо баштаган колдун көбүн жер кучактатты. Ар-ар жерде томпойгон денелер, сулайган өлүктөр. Көптүн иши көп да, чабуулга киргендердин саны азайып баратты. Капылеттен акыл-эсин жогото алаңдашкандар эми түзөлүп, эс-акылын жыйыша коргонуп жаткандар көптүгүнө салды окшойт, курчоого алынгандар акырындык менен чачыла жайылып, ортолук кеңейе берди. Ошол учурда сырттагы чуулдаган үндөр катуулап, чабуулга киргендер курчоодо калбоонун аракети менен артка карап качып жатышты. Күтүрөгөн куугунчулар аттарын теминише качкандардын артынан кубалап кетишти. Көрсө душман колу бөлүнүп-бөлүнүп, ар-ар жерде түнөп калган экен. Жергиликтүүлөр жакынкы бир топту акмалап, таң каракчысында бурчатпай кол салышкан эле. Алардын чуусун уккан душмандын экинчи жайдагы колу шашылыш жардамга келип, кырчылдашкан уруш үстүнөн чыгып, аз колду чегинүүгө аргасыз кылып сүрүп баратыптыр.

Кечээки эле ажары ачылган жашыл аймак коңторо айдаган талаадай капкара аймакка айланды. Ар-ар жерде анда-санда түнкү оттун чычаласы түтөп, чокто күйгөн адам денесине, аккан кан менен төгүлгөн жиндин аралашкан коңурсук жийиркеничтүү жыты каптады. Куркулдаган кузгун, жогжоңдогон таз жорулардын тоюу түшүп, ысык кандын жыты сезишип, сугалактык менен кайдандыр бир жактан учуп келишип, улам саны көбөйө берди. Каргалар карк этип, өлгөн аттын тилин, көзүн чокуса, сагызгандар шакылыкташа денелерден чыккан канга тумшуктарын матырып, улам учуп-конуп жатышты. Заматта сулайып өлгөн улоолордон, курч куралдын курмандыгы болгон денелерден жырткыч куштардын саны артып, ажал талаасы канга боелуп, шагыраган сөөктөр пайда боло баштады. Бул алеңгир жапырык Алтан хан аталган монголдордун Эне-Сай жергесине жасаган капылеттен басып кирген капсалаңынын бири эле.

* * *

Түбөлүктүү улуу мамлекетти кургусу келген Чынгызхандын урпактары кылымдан кылымга өтүп, майдалана берди. Акыры Монголиянын бытырап бөлүнүшүнүн натыйжасында бир канча майда хандыктар түзүлдү. Алардын бири Алтан хан мамлекети болчу. Ал Монголиянын түндүк-батышында XVI кылымдын аягында, тагыраак айтканда 80-жылдары Дзасахту хандык ээлигинен бөлүнүп чыгып, аны Чынгызхандын урпактарынын бири Шолай Уваши (1567-1627жж) (Кун Канчей) хунтайчжи негиздеген. Ал белгилүү монгол башкаруучусу Даян хандын (Бату Мункэ) небереси болгон. Ошол кезде мамлекеттин хандары өз ысымдарын аташпастан, өздөрүн «Алтан ханбыз» дешкендиктен, «Алтан хан мамлекети» деп аталып калган.

Мамлекеттин ордосу Убсу-Нур көлүнүн айланасына жайгашып, бийликти. Түштүк Монголия, Алтай тоосунан, Түндүк Саян тоолоруна чейин, чыгышта Долгир-Мурэн өзөнүнөн батышта Ямишев көлүнө чейин жүргүзгөн. Андаги элдин негизги катмарын түзгөн «араттардын» үстүнөн бийликти хандарга жакындар жүргүзүшкөн. Араттар аларга милдеттүү түрдө салык төлөп турушкан.

Алтан хан мамлекети коншулаш мамлекеттерге үстөмдүк кылууга көбүрөөк аракеттенип, алардын куралдуу жоокерлери Саян тоосунан ашып өтүп, Миң-Суу ойдуңундагы жана Алтай жериндеги уруулардан салыктарды күч менен жыйнашкан. Эне-Сайлык кыргыздар жана алардын кыштым капчыгайларынын эсебинен салык төлөөгө мажбур болгону менен иш жүзүндө акыркы мезгилге чейин баш ийишпеген.

* * *

Эне-Сай жергесине кыргыздар качан, кайсыл мезгилде келишкендиги тарыхта али такталбай, божомол менен белгиленип жүрөт. Сайды Саян тоосунун түндүк тарабында же Эне-Сай дарыясынын жогору жагында Минусин (Миң-Суу) өрөөнүндө б.з.ч. III-II кылымдарда кытай тарыхый булактарында белгиленип жашап келгендиги маалым. Кыргыздар канчалаган кылымдар аралыгында эчендеген баскынчылык, алаамат алаңгир калбааларды баштарынан кечиришсе да, эч убакта ыйык жайын таштап кетишкен жок. Кийин XVI кылымдын акырында орустардын Сибирди, анын ичинде Эне-Сай «кыргыздардын өлкөсүн» каратып алууга багытталган калбаада бир нече улустар жана алардын майда

улустук уруулары биригип, каршылык көрсөтүүлөрү бир кылымдан ашык убакытка созулгандыгын адамзат бурмалап-буйдаласа да, жаап жашырса да тарых айкындап, мезгил кайра тактады.

Орус саякатчылары тарабынан Эне-Сай аймагын административдик жактан Кыргыз-Конгорайды төрт улуска жана ага тийиштүү кыштым капчыгайларына бөлүшкөн. Кыргыз жеринин түндүгүндө Июс (Үйүз) жана Теңир-Көл өрөөндөрүндө Алтысар улусу жайгашкан. Бул аталыш хонгор тилинде «алтын заркы»-түндүк дегенди билдирген. Орус документтеринде алтысарлыктар (алтын сары) Эне-Сайдын төмөнкү агымында жашаган «төмөнкү кыргыздар» деп аталышкан. Монгол жеңип алуучуларынан баштап, кыргыз жериндеги саясий борбор Абакан өрөөнүнөн түндүккө көчкөн. Ал Кара-Июс (Үйүз) дарыяларынын ортолугундагы жерлерде тектүү бектердин өргөөлөрү жайгашкан. Ошондон улам алтысарлыктар «чоң кыргыздар» деген экинчи атка ээ болушкан. Кыргыз уруулары бектердин тукумдарына айылдардан жана курамына кирген карапайым калк кирген аймактардан турган. Кызыл, Камлар, Шуй, Ачин, Ыгын, Алтысар бектеринин кыштым капчыгайлары Чулум, Кия, Том дарыяларынын өрөөндөрүндө Темирлүү (Кузнецк) Ала-Тоосунун түндүк тарабындагы тоо кыркаларына чейин созулуп кеткен.

Исар (Есер, Жесар, Елисар) улусуна Эне-Сай андан Абакан дарыясынын чаты (Хонгордун ичкерки чыгыштагы), андан Огур дарыясына чейинки жерлер кирген. Улустун негизги калкын «керейлер» жана «езерлер» түзгөндүктөн, орус документтеринде бул жер Езер же Кереит деп аталып келген. Исарлардын бектери Ерба жана Абакан дарыялары кошулуп аккан жерлерге жайгашкан. Езер аймактарынын ичинен Туба дарыясынын өрөөнү боюнча Камасин, Качин, Арин, Ястин, Хайтон, Сыда дарыясынын Сый, Мана дарыясынын бою - Кашин жерлери болгон. Алардын кыштым капчыгайлары Эне-Сай дарыясынан төмөн карай Убей, Мана, Кача ж.б. дарыяларды камтыган.

Конгарайдын эгин талааларында эрте бышуучу буудай, арпа, таруу жана конок себилген. Жер иштетүүнүн негизги куралы катары кетмен, соко колдонулуп, аны шор темир усталары жасаган. Тамак-ашка жапайы өсүмдүк тамырларын пайдаланышкан. Жай айларынын баш чендеринде аялдар менен жаш балдар кандык жана сарананы жыйнаганга чыгышкан. Аны кыргыз кыштымдары атайын жасалган курал менен казып алышып, жууп-тазалагандан кийин, кургатып, тангакташкан. Андан соң жаргылчакка тартышып, анын унунан ботко даярдашып, нан жасашчу.

Мамлекеттик маанилүү маселелерин чечүү үчүн Хонгорайдын төрт улусунун өкүлдөрү катышкан жыйын (курал) өтүп турган. Алар биргелешип, кеңешип, ар кандай маанилүү маселелерди чечишкен. Жыйында кыргыз жерин башкарууда жогорку бийлик эң «мыкты» деп сыналган бекке тапшырылган. XVII кылымдын башында «Немек башкы бек» болгон. Бектин буйруктарын жана мамлекеттик салыктарды жыйноо иштерин жасоолдор аткарышкан. Ар бир жасоолдун курамына кырктан түтүн бөлүнүп берилген. Жыйналган салыкты жана аскерге каттоо иштеринде бир, он, жүз, миңдеген сандарды аныктаган тактайга белгилер коюлган.

* * *

Аккан суудай айлар алмашып, жылдар тогошо берди. Казак–орустардын чапкынын изи сууп. Ибир–Сибир аймагына «ор казып, жер ченеген, асканы талкалап, таш издегендердин» аркасынан убап–чубап келгиндер келе баштады. Кээ бирлери дарак кыйып, жыгач таарышса, кээлери казык кагып, момук орнотуп жатышты. Жергиликтүүлөргө келгиндердин ар бир кыймылы, жасаган иштери кызык көрүнүп, алгач алыстан карап таңыркашса, бара-бара жакын келишип, ымдаша тил табыша баштышты. Келгиндер да кызыга карап турган жергиликтүүлөрдү «аны алып бер», «муну алып бер» деп жумшашып, тыныгууга отурэ калганда ачуу тамекилерин түтөтө кеп сураган болушат. Убакыт өткөн сайын алардын бири-бирине көздөрү каныгыша, жакындаша баштышты. Ачуу түтүнгө сакал-муруттарын ыштаган келгиндер, сонуркагандарга тамекилерин «сор, тарт» деп, суна коюшуп, какап-чакагандарды көрүп, шылдыңдаша күлүшчү. Көпчүлүктүн арасы ары шаңдуу, ары күлкүлүү келип, анча-мынча калпыстыктарды каткырыктар менен коштошуп, бекерпоз жергиликтүүлөрдү биротоло өзүнө тартып алды. Айрыкча жаш балдар чуру-чууга түшүшө күндүн мурду чыккандан баштап, келгиндер менен аралаша жыгач жонуп, казык каккандардын жанынан кетишпейт. Кийинчерээк чоңдор да аралашып, иштегендерге кол кабыш кыла жыгач көтөрүшө коюшса, кээлери ордунан жылдыра алгыс жоон дарактарды ат-өгүздөрүнө сүйрөтүшө алар айткан жайга тартып келип жардам беришти. Күндөн-күнгө үйрөнүшүп, келгиндер жергиликтүүлөрсүз, жергиликтүүлөр келгиндерсиз иштей албагандай абалга келишти. Түштөнүүдө ар кимиси тапкан тамагын жешип, кээлери жаңы тааныштарды чакырып, ортолук улам тыгыздап кетти. Жергиликтүүлөр керээлден кечке жаны тынбагандарга тапкан-ташынгандарын, суусундукка айран, сүт, кымызга чейин, бышкан эт,

майына дейре беришип, сонуркай жакындаша беришти. Аз эле убакыттын ичинде катарлашкан жыгач үйлөр тургузулуп, айланалары тосмолонуп, кирип-чыгуучу эшиктер орнотулду. Келгиндер жаңы үйгө турак алышып, күн бүркөлгөндө же кеч киргенде жергиликтүүлөр сыртта калышчу болушту. Иш токтоп, бош учурларда жергиликтүүлөр келгин меймандарды тоо, токойлорду аралата ээрчитип чыгышып, жер-жемиш тергенге, аң уулаганга баштап барышып, колдорунан келген жакшылыктарын аяшпады. Азык даярдаганга кол кабыш кылыша аң уулоого бирге чыгып жүрүштү.

Алгачкы жолу Эне-Сай аймагында Том калаасынын жер пайы түптөлдү. Том демекчи, Том дарыясынын аталышынын өзүнчө тарыхы жана жергиликтүү элдин арасында айтыла жүргөн уламыштар арбын эле. Тээ илгери Күчүм хандын мезгилинде Чулум жана Эне-Сай өрөөндөрүнө Иртыштан же Чаны көлү тараптан качиндер, сагайлар, белтирлер, койбалдар, бирюсиндер, шорлор, кызылдар, мелет уруулары журт которуп келишкен делсе, айрым уламыштарда алар жергиликтүү калктарга кирери айтылат. Июс талаасындагы Коронбек аттуу адамдын Тубулак, Сакаяк, Тумзук, Кызылаяк, Илет деген беш уулунан койбол (туба), сагайлар, шорлор (тумзук) аталышы Том суу (б.а. Том дарыясы), кызылдар жана мелеттер тарайт. Кайсыл уруулук топко, же белгилүү бир сөөккө таандык экендиги аталык жол менен аныкталып, түрк-монгол элдериндеги түпкү ата тек бир атадан таркатылат. Мисалы, качин тобу өздөрүн «хааш» же «хаас» деп аташкан. Алар Кызыл жарга (Красноярга) жакын аймактагы Кум-Тигей тоосу турган жердеги Кача дарыясын өздөрүнүн түпкү ата журту катары эсептешет. (Ал эми орустар ошол жерди мекендеген качиндердин атынан – Кача дарыясын аташкан сыяктуу Тумзук (том суу) Том дарыясы да аталып калган). Ибир-Сибир аймагында уруктар келип чыккан жерлер катары Саян аймагы жана Темирлүү (Кузнецк) Ала-Тоосундагы Ортолук Эне-Сай, Абакан, Том, Өйүс өрөөнүндөгү ыйык тоолор белгиленет.[1]

Калаа курулгандан баштап боярлар менен княздар жергиликтүү элдин эсебинен «ак падышанын буйругу» дешип, ясак (салык) чогултууну башташат. Том калаасынын айланасындагы капчыгайларга барышып, түтүнмө түтүн кыдырыша, аң терилерин талап кылышат. Алардын айткандарын бере албагандарды

---

[1] Эне-Сай өрөөнүнүн зор аймагындагы жер, суу аттары фольклордук жана тарыхый каармандардын ысымдары, алардын аттары, малдары ж.б. тиешелүү ат менен аталып, ар бири жөнүндө легендалуу уламыштар, жомоктор жана тарыхый окуялар айтылат.

опузалашып, жазалаганга буйрушту. үйлөрүн аңтарышып, айрым «керекке жаратам, соодагерлерге буюмга алмашам» деп бекиткен аң терилерин таап алышып, бербеген ойлоруна коюшпай, зордук менен алып жатышты. Мынчалык зомбулукка чыдабагандар кол кайры кылышса, андайда күч колдонушуп, болгон буюмдарын түгөл жулуп алышып, көз көрүнө уруп-токмоктошту. Келгиндер топтошуп алышып, Чулум волосундагылардын ыктыярына карабай, буюмдарын зордук менен тартып алышты. Жергиликтүүлөрдүн талаа мыйзамында мындай зордоп тартып алуу эч бир болбогон.

Салык алуунун атайын эрежеси жергиликтүүлөрдө бекем сакталчу. Анда ар бир эркеги бар үй-бүлө жылына бештен аң терилерин төлөшчү. Эгер аны таба албаса, кайберендин этин же темир буюмдардын наркы менен төлөп кутулушчу. Аны да салыкчыларды кыдыртпай, өздөрү жеткирип беришип, атайын китепке белгилетишчү. Же кырк түтүн кыштымдарга бир салык чогулткуч белгиленип, чогулткан аң терилерин кожоюнуна накталай же болбосо, эт же буюм түрүндө алып барып беришчү. Келгиндердин жергиликтүүлөргө кылган зордук-зомбулуктары жана үстөмдүк менен бербеген оюна койбой тартып алуулары ортодогу ишенимди жана өз ара мамилелерди бузду. Келгиндерге жакын жерде жашап келишкен жергиликтүүлөр алардан алысташып, көчүп кетүүгө аргасыз болушту.

Өмүр бою пайдаланып, аштык айдаган эгин талааларын, жашоого ыңгайлата тургузулган үйлөрүн таштай, тоо таянышты. Жергиликтүүлөрдүн качып, көчүп кетүүлөрү жаңы келгиндерди кубандырды. Жайыт кеңейип, эгин эккен сугатка ылайыктуу талаалар бош калып жатты. Колдорунда эч нерсеси жок, алыстан арып-чарчап келгендер түшүмдүү талааларды ээлешип, каалаган жайларга башбаанек кылуучу үйлөрдү курушуп, бекем орун алышты. Тез эле ирденишип, жер иштетүүдөн кардылары тоюп, аң терилерден үстү баштары бүтөлдү. Кире-чыга үйлөргө жакын жерлерди иштетишип, тыңып алышты. Мал курашып, чарба күтүштү. Россияда жери жок өмүр бою боярларга жалдана иштешип, «мээнеттин ыраатын» көрүшпөгөн укуксуз дыйкандар жерге ээ болушуп, салыгы жок пайдаланып жатышты. Эне-Сай өрөөнүндөгү кыштымдар кыргыздар жалпысынан «хонгордук кыргыздар» деп аталган. Конгорайдын ордосу Кара жана Ак Өйүз дарыяларынан ортолугундагы ак таштуу кыргыз шаарчасында жайгашкан Хонгорайдын төрт улусунун өкүлдөрү катышкан жыйын-«курал» өткөрүлүп, ага өкүлдөр катышкан. Чечүүчү добушту көбүн эсе кыргыз бектери ээлеген.

Жунгар бийлигинен тушунда салыкты жыйноо жогорку деңгээлде уюштурулуп, атайын китепчелер пайдаланылган. Жунгар бийлигинин таасири менен кыргыздар монгол наамдарын кабыл алышкан. Кыргыз бектеринин ичинен Жунгар ханына өзгөчө сиңирген кызматы үчүн салыктан бошотулган. Алар «тархан» деген наам алып жүрүшкөн. Бек тукумунун өкүлдөрү өз ысымдарына «кашка» жана «мерген» деген ардак наамдарды кошуп алышчу.

Хонгорайдын төрт улусунда кыргыз бектеринен саны элүүдөн беш жүзгө гө чейин жеткен. Алардын баары тең тууган-туушкандык мамиледе болушуп, монгол, ойрот башкаруучулары менен өздөрүн тең абалда сезишип, куда-сөөк болушкан.

Саян-Алтайдын капчыгайлары жана кыргыз улустарынын алыскы тоолуу-токойлуу аймактарындагы кыштымдар Хонгорайдын эзилүүчү табын түзүшкөн. Салык төлөгөн кара таман калк «табигый кулдар» же жөнөкөй эле «салык төлөгөн адамдар» Орусияга жана жергиликтү кыргыздарга салык төлөй баштшкан.

Жут, ачарчылык болгон жылдары алар кыргыз жерине келишип, кийим-кече, мал, үй-буюмдарын алып турушкан. Киш аң терилери төлөм катары эсептелчү. Талаа мыйзамы боюнча кыштымдардан беш кыш териси же анын наркынча салык алынган. Салык темир жасалгалары, курал-жарак, тамак-аш азыктары түрүндө да алынган. Салыкты жыйноодо аманат–барымта пайдаланылган. Салык төлөөгө кудурети жетпей калса, барымта катары анын аял, балдары алынган. Кыштымдар өздөрү жашаган капчыгайларда жана аймактарда өз башчылыктарына же аң улоочу жайларга ээ болгон. Кыштым капчыгайларына көз арткандарга кыргыздар согуштук жүрүштөр менен айбат көрсөтүшкөн. Кыргыз бектери беш жүздөн 1000 ге чейин кыштымдарга ээлик кылышкан.

Өнөр жай ээлери Сибир аймактарына биринин аркасынан бири келишти. Кийинчерээк ал жерлерде падышалык воеводалар да уюштурулду. Алгачкы жер чалуучулардан соң казак орустар жана камдуу майда өнөр жай ээлери агылып келе башташты. Сибирдин данкын чыгарган териси баалуу айбанаттарга аңчылык кылгандардын саны арбыды. Алар чакан чептерди острокторду куруп, жергиликтүү калктарга өкүмдүктөрүн жүргүзүшүп, теңкешип бийлик кыла баштшкан. Көп өтпөй Энисей өрөөнү негизделген. Ал жерлерге казак-орустары жана дыйкандар келип, конуш алышып, орус воеводалар жергиликтүү калктан «ясак»-аң терилерден салык ала» баштшкан Сибирдин аң терилери Россия мамлекетинин негизги кирешелеринен болуп, ясак чогултуу көбүн эсе күчкө салуу менен жүргүзүлгөн. Падышалык бийлик жергиликтүү калктан

барымтага кармап, ясак алганга чейин биреелердү камакта кармап турушчу.

Сибирге падышалык чиновниктер жана воеводалар, дыйкандар дээрлик согуштан качкандар тынымсыз көчүп келип жатышты. Алардын улам-улам келиши менен бош жаткан талааларда жер айдоо дыйканчылыгынын жана кол өнерчүлүктүн өнүгүшүнө негиз түзүлөт. Сибирдин аймактары шаарларга, келгиндерге кыштактарга айланып өнөр жайы менен соода борборлорунун пайда болушуна алып келет. Сибир элдери орус дыйкандары, казак-орустар менен таптык карама-каршылыктарга барышып, жүздөгөн жылдар бою көз-карандылыгы эместиги үчүн күрөштү ачык айкын жүргүзүп келишти.

Сибир аймагы жыл арткан сайын өлкөнүн өнөр жайы, соода турмушунун борборуна айлана баштады. Өндүрүштүн кээ бир түрлөрүнүн ичинде кол өнөрчүлүктүн улам жаңы, адистиктери мүнөздүү көрүнүшкө айланды. Мурда кол өнөрчүлөр жергиликтүү сырелорду иштетишсе, эми кээде алыскы аймактардан зарыл материалдар көбүрөөк ташылып келе баштады. Өнөр жай товарларын өндүрүүдө айрыкча кол өнөрчүлүктө: металл иштеткендер, кездемелерди токуу, жыгач усталарын, булгаарычылыкка кардарлар көбөйүп, ири жармаркалар өткөрүлүп, ага өлкөнүн ар кайсы жерлеринен тынымсыз соодагерлер келген. Алар товарларды дүңүнөн сатып алышып, башка жерлерге, кээде алыскы аймактарга алып барышып, өздөрү үчүн пайдалуу баада кайра сатышчу. Орус көпөстөрү Сибирдин аң терилерин, карагай, мехтер, кендр булаларын европалык өлкөлөргө алып барып-сатууну колго алышып, ал жактан кездемелерди, фарфор идиштерди, ок-дарыларды жана куралдарды алып келишин, чоң байлыкка туйтунушкан. Жергиликтүү эл тамеки менен ичкиликке тез эле азгырылышты. Өздөрү камдашкан аң терилерин, кайберендердин мүйүздөрүн накта темир, күмүш буюмдарын болбогон көлөмдөгү ичимдикке, тамекиге айрыбаштап жатышты. Арзан жана сапаттуу буюмдарды көбүрөөк чогултуу максатында соодагер көпөстөр Россиянын түрдүү аймактарынан агылып келишип, белгилүү жайларга кабыл алуучу жана буюмдарды айрыбаштоочу дүкөндөрдү ачышып, ага иштөөчү өкүлдөрдү жалдап пайдаланышты. Кирешелүү бул тармакты соодагерлер биринен бири кызганышып, жергиликтүүлөр көбүрөөк талап кылган буюмдарды алып келүүгө жутунушту.

Эне-сайлык кыргыздардын башкаруусундагы аймак илгертен эле Алтыр урусу деп аталчу. Улус Абакандын сол жээгинен Уйбат жана Таштып дарыяларынын ортосунан орун алып, түштүгүндө

Эне-Сайдын жогорку агымындагы аймактар кирген. Алтыр улусунун чегине Сагат, Чегинур, Сарыгдар, Ичеги, Белтир, Табып, Чыстар, Саян, Иргит, Хахпына айланасы, кыштымдар турак алган Том, Мрасу, Хандом дарыялары, Темирлүү (Кузнецк) Ала-Тоосунун токойлору, Түндүк Алтайдан Төөлөс көлүнө чейинки кеңири аймактар караган. Кыргыз жериндеги калк негизинен эки түргө бөлүнгөн: кашка сөөктөр (ак сөөк уруу эл) катмарында кыргыздар, кара сөөктөр (боз сөөктөр-тексиз уруулар туткунга келген, белекке берилген кулдар) катмарына кыргыздарга салык төлөгөн көз каранды урууларга кыштымдар кирген. Кыргыз жери түштүктөгү Июс жана Теңир көл өрөөндөрүндө жайгашкандыктан «төмөнкү кыргыздар» деп аталган. Монголдор жеңип алгандан кийин түндүккө көчүрүлүп, Ак жана Кара Июс дарыяларынын ортосундагы тектүү кыргыз бектеринин ээликтери жайгашып, «чоң кыргыздар» деп аталышкан. Кыргыз улустары чачырап, бүтүндөй Кызыл, Шуй, Кампа, Ачын, Гисар аймактарында жайгашкан эле. Ар бир улустун өзүнө тиешелүү кыштымдары жана кыштым капчыгайлары болгон. Кыштымдар кыргыздарга илгертен эле кыргыз каганатынан бери көз каранды болуп, баш ийип келген. Түбөлүк карыз деп эсептелинген. Талаа мыйзамы боюнча кыштымдар «табигый кулдар» аталып, бай киш аң терисине же анын наркындагы салыктарды төлөшкөн.

Башка элдер жалпысынан ал аймакты «Кыргыз жери», «Кыргыз өлкөсү» дешсе, Сибир аймагындагылар, монгол-ойроттор кээде Хонгарей, хоорой, кыргыз-хоорай деп аташчу. Сибир аймагындагы Том менен Эне-Сайдын ортосунда Ак жана Кара Үйүз боюн, Абакандын жана Саян тоолорунун жака белин мекендеп турушкан «кыргыз өлкөсү» бардыгы казак-орустар Сибир аймагын биротоло баш ийдиргенден кийин гана Россиялык бийлик ээлерине маалым болду. Бирок жергиликтүү кыргыздар бирде Россия тарабынан, бирде монголдордун Алтан ханынан, бирде жунгарлар тарабынан сокку жеп, канчалык таланып тонолсо да, баш ийбей келишкен. "Кыргыз жери" эчендеген кандуу кагылыштардын айкын күбөсү болгон.

Орустар Сибир жергесине келип отурукташып жумшак топурактуу талааларга эгин эгишип, кайракы жерлерди сугарууга таш көтөрмөлөр менен чыгарылган суу арыктарын, суу кубурларын жана көтөрмөлөрдү калыбына келтиришкен. Эгин талааларына шактарды чыгарышкан. Кыргыздар иштеген шахталардан кендерди казып келип темир алышып, алтын, жез калайды эритишкен. Түшүмдүү жана кенге мол аймактын дареги падышачылыкка жетип, жумушсуз жүргөн көпчүлүктү жаңы жерге көчүп барууга кеңири

үгүттөр жүргүзүлгөн. Ал тургай ыктыярдуу баруучуларга шарт түзүлүп, каражат берилиши жарыяланган. Ал эми батыштагы согушта жеңилүүгө учурап, качып кеткен адамдар кайрадан колго түшпөс үчүн өздөрү эле Сибирге карай самсып келишкен. Жергиликтүү эл улам «жаңы меймандарга» орун бошотушуп тоо тарапка, дарыялардын башка булуңдарына орун которууга аргасыз болушкан. Алар келгиндер келгенде «ушунчалык кең аймак кимдерге жетпейт, келе беришсин, жер кеңири Монголдордун жана ойроттордун коркунучунан кутулабыз» - деп ойлошкон.

Убакыт өтүп, эгин талааларына жакын барган малдарды кармап алышып «жазана» дешип, жолдорду тосуп өткөрбөй, өздөрүн шылдыңдашып, мергенчилердин тапкан олжолорун, колдорундагы буюумдарын тартып алышып, жергиликтүүлөрдү жадатып жиберишкен. Воеводдор падышанын акысы дешип, ар бир үйдөн кымбат баалуу аң терилерин «ясак»[1] өндүрүп ала башташкан. Жалгыз жарым жүргөн адамдарды кармашып, колдорундагы куралдарды, ал тургай кийимдерине чейин чечтирип, тоношкон. Мындай баскынчылыктан улам жергиликтүүлөр келгиндерге наразы болушуп, жакшылык күтпөй калышкан эле. Келгиндерге болгон келишпөөчүлүк күчөп, бийлерге, айыл башчыларга даттануулар көбөйүп жатты. Айрыкча кыштымдардын (киш-териси баалуу жаныбар), (кыргыздарга салыктары аң терилерин милдеттүү түрдө төлөөчүлөр) тапканын тартып алышып, кыргыздарга төлөнүүчү салыктар кескин түрдө кыскарат. Жакынкы жайдагы жергиликтүүлөрдүн короосундагы малдарын, үйүндөгү буюмдарын, баалуу аң терилерди, куралдарын себепсиз тартып кетишкен. Кол кайры кылгандарды уруп-сабап, айрымдарын өлтүрүп кеткен учурлар да көбөйө берген.

Эне-Сай кыргыздарынын тиричилигин негизинен мал чарбачылыгы, аңчылык жана дыйканчылык түзөт. Мал чарбачылыгы көчмөн мүнөздө болуп, жылкы, төө, уй жана кой багышкан. Жылкынын, уйдун жана койдун эти, бээнин сүтү негизги азык-оокаты болуп эсептелген. Ал эми терилеринен жылуу тондорду, бут кийимдерди, ат жабдыктарын, чарбалык буюмдарды жалпы эле тиричиликке пайдаланышкан. Жылкы жоокерчиликке, малчылыкка жана анчылыкка негизги унаа болуп, турмуш-тиричилик, көчүү, сапарга чыгуу сыяктуу жумуштарга пайдаланылган. Чарбалык тиричилик өткөрүүдө байлыктардын өлчөмү жылкылардын үйүрүнө жараша аныкталган.

---

[1] Ясак -салык

Мал чарбачылыгы жакшы өнүккөн. Аттары жал-куйруктуу, суук шартка ылайыктуу калың түктүү келет. Төө, уй, койлор арбын багылып, калын карда да кол карабайт. Айрыкча уй менен койдун саны арбын болот. Ал эми жапайы айбанаттар: жырткычтардан аюу, карышкыр, ак жана кара түлкүлөр, элик, бугу жана бугу сымал кабыргалар, кара куйруктуу текелер арбын эле. (Кара куйруктуу текелер кабыргаларга окшош, бирок чоң кара куйругу бар). Канаттуулардан жапайы каз жана өрдөк, сагызган, карчыга, карга, ал эми жайында ар кыл келгин куштар саны жагынан өтө арбын бологон. Дарактардан кызыл карагай өзгөчө бийик өскөндүктөн жаа менен тике атканда анын учуна жебе жетпеген. Ошондуктан бүркүттөрдүн, куштардын көптөгөн түрлөрү, узун карагайдын башына уя салышып, балапандарын асырашат. Баарынан да кайын өтө көп өсөт.

Эне-Сай аймагындагы жердин кыртышы жайкысын саздуу, кышында кары калын болот. Аба ырайы суук келип, ал турсун чоң дарыялар калың муз болуп тоңот. Жылдын башы биринчи ай-февраль эсептелет. Дыйканчылыктагы жер иштетүүдө кетмен, буурсун пайдаланылган. Соко тиштерин жергиликтүү аймактын кендеринен ылгап алган темирден жасашкан. Эгинден таруу, конок, арпа, буудай айдашып, жылдын үчүнчү айында сээп, тогузунчу айда оруп жыйнап, түшүм бастырышкан. Тоют жыйноого жана орум-жыйымга темир орок, чалгыларды колдонушуп, жаргылчак менен ун жана акшак тартышкан.

Киштин, сүлөөсүндүн, кундуздун жана суусардын, териси баалуу ар кыл чычкандардын терилери өзгөчө кымбат бааланат. Жери ар түрдүү кенге бай келип, көбүн эсе темир, жез, алтын, калай арбын эле. Жергиликтүү калк салыкты киш жана тыйын чычкандын терилери, темир жана темир буюмдары менен төлөшкөн. Кийимдери үчүн кездемелерди кербендер менен келген соодагерлерден баалуу аң терилерине алмашышкан.

Баалуу терилерден кыргыздардын ак сөөктөрү үчүн бөрк ичиктер, сый кийимдер тигилсе, кедейлери жүн, терилерден кийим кийишкен. Андан сырткары баалуу терилер алык-салык төлөөнүн жана соода-сатык жүргүзүүнүн каражаты болгон. Канаттууларга, кайберендерге жана жырткыч айбандарга аңчылык кылышкан. Кол өнөрчүлүк өнүгүп, айрыкча металл иштетүү, зергерчилик, жыгач иштетүү, карапачылык өнөрүнө өзгөчө баа берилип, Саян, Темирлүү Ала-Тоо тектеринен жана Миң-Суу талааларынан темир казып алынган. Кендерди ылгашып, кызыл жана күрөң темирлерди, жез, күмүш, калай, алтындарды эритишкен. Темирди көбүнчө жаанын жебесине уч сомдошуп, Сибирдин калкын жабдып турган.

Андан сырткары кош миздүү курч кылыч, канжар, найзага уч, соотко чарайна жана ар түрдүү ат жыбдыктарын (тоголуу, же жылаажындуу ооздуктарды, үзөңгүлөрдү, басмайылдардын таралгыларын ж.б.) жасашкан. Темир усталар менен кошо чебер колдуу зергерлер колодон, күмүштөн, алтындан асеми артык буюмдарды жасашкан. Башка элдер менен жүргүзгөн соода-сатык байланыштарында чет жактардан алынып келинген буюмдар жылына үч маал кире тарткан төөлөрдүн кербени келип турган. Чет жерден келген товарлардан соодагерлер кыргыздардын өлкөсүнөн темирден жасалган буюмдарды, атап айтканда жебенин учтарын, алтын, жыпар, кайын жыгачын жана бычактын сабына каптай турган «хуту» деп аталган мүйүздү сатып алып кетишкен.

Жазы жаандуу, суусу мол, жайыты кенен Эне-Сайдын жомоктогудай кооз Миң-Суу (Минуса) аймагы (тагыраак айтканда, «Миң Өзөн», «Мөңгү суу», «Түбөлүк суу») жай айлары жашыл кымкап жамынып, ажайып көрүнүшү менен өзгөлөнчү. Шаркырап аккан тунук мөңгү суулары салаадай болгон ар жылгадан агып түшүп, жашыл аймакты салкынга бөлөйт. Жашоонун кумарын кандырган табигаттын чырайы чыгып, көргөн адамдын делебесин козгоп, өзүнө тартпай койбойт.

Дал ушул жайдын ууз маалында жергиликтүү кыргыздардын жай майрамы башталып, «Иней таш», аталган «Ыйык ташка» сыйынуу шаан- шөкөтү башталат. Ага ар бир үй-бүлө толук келип, жакшы тилектерин билдиришип, элге тынчтык, жерге бейкуттук жана мол түшүмдүн болуусун тилешет. Жакын дос-жарларын, карындаш-уруктарын, деги эле жаңы көргөн адамдарды да ыйык майрам менен куттуктоо салтын өткөрүшөт. Оюн-зооктон соң тапкан даамдарын ортого төгүшөт. Айрыкча меймандарды ынтымакташып сыйлашып, тамактын даамдуусун, эттин чүйгүнүн жана улуу аталган устукан-жиликтерин ыйгарышат. үйлөрүнө чакырышат. Андан соң үй-бүлөө, тууган уруктар тобу менен алыскы тараптан келген соодагерлердин кербендери алып келген буюмдарды көрүүгө келишет. Мындай учурда соодагерлердин базары жүрүшүп, буюмдарын макташып, кардарларды чакыра башташат.

Соода базарына жамгырлуу күн, кеч кирген түн деген шылтоонун кереги жок. Эртеден-кечке чейин, ал тургай түндөсү да, күн санабай алып келген буюмдары түгөнгөнгө чейин сатып, же буюмдарга алмаша беришет. Жай майрамынын базары күндөн-күнгө күч алып, дооранын жүрөт. Соодагерлер дүйнө жүзүнүн кайсы гана жеринен келбеген. Ыраң башы, кийген кийимдери ар түрдүү, сүйлөгөн сөздөрү да бирине экинчисиники окшобогон ар кыл

диндеги адамдар: Кулжа, Кашкар, Хива, Бухара, Самарканд, алыскы Арабия, Персиядан алынып келген буюмдар көз жоосун алып, коздугу жана сапаты менен өзүнө тартып, имерип кызыктырган. Буюмдарга айрыбашталган, кош-коштоп айдалган кара малдын караанын улам калыңдай берет. Соодагерлер алдыртан кылая тиктеп, жергиликтүүлөрдүн баалуу буюмдарына көп деле маани бербегендей түр көрсөтүшөт. Шылуундардын суроолору менен арзыбаган буюмга айрыбаштаган кең колтук, колу ачык, аңкоо элди алты айча аралыкты басып ат арытып, алыстан издеп келген соодагерлер кардарга бүгүлүп саламдашып, кээ бир буюмдарын белек кылып беримиш болуп арбап, өзүнө тартып, чөнтөгүндөгү пулун, койнундагы буюмун кагып алып кете берет. Кийин келгенде таанымаксан болуп, аркасын салат.

Момун элдин мал дүйнөсүн терип алып, Кашкар, Кытай ары жагы Арабия аймактарына алып барып, бир буюмун он, жыйырма эсеге жеткирип каалаган баасына чыгарып, пул табуу адаты эле. Чоң шаарларда чоң- чоң дүкөндөрү бар соодагерлер кат-кат болгон түрдүү түстөгү кездемелерин, таттуу жер-жемиш, азык-оокаттарын, буюм-тайым, кийим-кечек, ал тургай курал-жарактан бери кардар алдына төгүп таштайт. Жергиликтүүлөр киш-бай аң терилеринен баштап, төрт түлүк малынын тери-жүндөрүн жана чебердик менен алардан жасалган кийим-кече, буюмдарын алып келип айрыбашташса, кол өнөрчү, чебер колдуу зергерлердин колодон, күмүштөн, алтындан жасалган асеми артык кыз-келиндерге, эр жигиттерге арналган буюмдарын алышчу.

Эне-Сай аймагынан гана чыгарылган кызыл, күрөң түстөгү сапаттуу темирлер, кылыч, канжар, үй буюмдары, найзага уч, соотко чарайна, ат жыбдыктар, соко, буурсун, орок, кетмен, балталар, карапачылык өнөрүндөгү жаныбарлардын, гүлдөрдүн, кайберендердин, канаттуулардын, ай, күн, суу, булут, ар кыл мезгилдерди чагылдырган чебер тартылган сүрөттөрү түрдүү түскө боелуп, көз жоосун алган идиштерди көргөн соодагерлердин көздөрү чекчейип, таңдайлары кургап, шилекейлерин жутууга дармандары келбей калат. Айрыкча жыпар жыттуу мускус, кайың жыгачтары, бычактын саптарына каптай турган «хуту» мүйүздөрү кайда болсун кардарын тапкан табылгыс буюмдар эле. Эне-Сай жергесиндеги ар бир буюм башка жайларда баасы теңдешсиз, аларманды өзүнө тартып турган. Көбүн эсе базардагы алмашуу тартиби аң терилеринин көлөмү менен аныкталчу. Ошол себептен чычкандардын териси «тыйын» аталып «тыйын чычкан», «пул» деген сөз да бекер жеринен чыкпаса керек.

Жарменке базары коңшу орустардын буюмдары жана эпармандарын катышуусу менен бир топ байый түшкендөй болду. Бирок, алар тарабынан жасалган айрым уурулуктар билинип, майрам этеги барып, чырга айланып кетти. Мас болгон мужуктардын бир-экөө келип, илинүү турган буюмдарды кымтып алышкан эле. Буюмдарын жоктошкон соодагерлер жергиликтүүлөрдөн көрүп, алып келген буюмдарына эч нерсе бербей коет. Тарткылашкан тополоңдон пайдаланган дагы бирөөлөрү, кармап турган буюмун катып жаткан жеринен байкалып калып, көпчүлүк эч жакка качууга үлгүртпөй кармап калышат. Соодагерлер улустун башчыларына даттанышып, мындай болсо экинчи келбей тургандыгын билдиришет. Жергиликтүүлөр, буюм уурдагандар башка элден экендигин далилдешсе да, соодагерлер тартиптин жоктугуна нааразылык билдиришет.

Эне-Сай жергесинде уурулук, алдамчылык жана талап-тоноо, зомбулук иштери эзелтен бери болгон эмес. Талаа мыйзамына ылайык айрым терс көрүнүштөргө бирөөлөрдү карактап, зомбулук кылгандарга жергиликтүүлөр курал менен жооп беришчү. Мергенчилердин жана кыштымдардын буюмдары кыштым капчыгайларындагы үңкүрлөрдө, коңулдуу жар, жер тамдарда жыл бою эч ким тийбей сакталышы көнүмүш көрүнүш эле. Адатка жат айрым терс жоруктардын бири дагы талаа мыйзамына туура келбесе, өзгөчө катуу жазаланып, кечиримдер берилбеген. Ошондон улам бирөө койгон буюмга экинчиси келип тийбеген. Мергенчилер жана кыштымдар жай-күз мезгилдеринде кайберендердин эттерин даярдашып, кийин келип алып кетүү үчүн эзели эрибеген мустактарга калтырып тоңдурушчу. Баалуу-аң терилерин сапаттуу кургатыш үчүн шамалкөй, нымы жок кургак жайларга илип коюшчу. Короо-жай, үйлөрдүн эшиктери бекитилген эмес. Ал тургай казылган кен, ээритилген темир, алардан жасалган буюмдарга ээсинен башканын тийүүгө акысы жок, андайды эч ким ойлогон да эмес.

Алыскы жайдан качып-тозуп келген келгиндер отурукташа баштагандан кийин уурулук, талап тоноо, зордуктап тартып алуу көбөйүп, аларга болгон жергиликтүүлөрдүн ишеними кете баштады. Катылып коюлган баалуу аң терилери, эт азыктары, ал тургай жайытта жүргөн малдардан уурдалганы билинди. Жалгыз жарым жүргөн кыштымдардын колундагы буюмдарын, тапкан олжолорун тартып алышып, каршылык көрсөткөндөрдү уруп-сабоолор көбөйүп кетти. Жакынкы жайыттардагы балалуу жана бооз кайберендерди туш келди ата беришип, үркүп алыска жайыт которуп кетүүгө аргасыз кылышты. Тоо, токойлор какырга, жер такырга айлана

баштады. Мындай даттануулар ар улустун бектерине жетти. Алар да бул абалды көрүп-билип турушуп бир чечимге келүү үчүн чогулуп сүйлөшүүнү макул көрүштү.

Айрыкча соодагерлердин Эне-Сай аймагына келбей калышы өзгөчө опурталдуу эле. Эне-Сайлыктар башка өлкөлөр менен соода аркылуу гана байланышып турушат. Дүйнөдөгү болуп жаткан окуялар, жаңылыктар, кайсыл жердин буюмдары кайда өтөрү, бул өлкөгө кимдер кызыгары, башка элдер кандай кийинишип, кантип жашары, деги баары келген соодагерлер аркылуу ушул элге жетчү. Жылына үч жолу келүүчү соода кербени толгон-токой жаңылык, «имиштерди» айтышса, ал кийинки жылга чейинки эне-сайлыктардын эрмеги болчу.

Ар биринин 24-30 дан төөсү бар соодагарлер кербен тартып суулар ташкындай электе ашуулар ачылып, мөнгүлөр эригенге чейин бирлери келишсе, суу тартылып жай толгондо экинчилери келип, күз акыры ашуулар бекигенге чейин үчүнчүлөрү келишип, тапкан-ташынганын кара малдарга жана баалуу аң терлерине, аземи асыл буюмдарга, сапаттуу темирден жасалган курал-жарактарга айрыбаштап кетишчү. Соодагерлер келгенден-кеткенге чейин сыйлуу конок болушуп, белек алып, белек беришишип, мейманчылыктан колдору бошошчу эмес. Жергиликтүү элдин эмнеге муктаж, эмнеге кызыкдар экендиги аларга жат болчу. Кийинки жылы келгенде ал өзү байкаган буюмдарды көп алып келип, каалагандай пулдап, көңүлү карк болчу. Ал тургай кийинки жылга келерине эмнелерди канчалык деңгээлде даярдап коюларын өтүнүп, атайын кызыктыруу максатында баа башы да таштап кетүүнү көңүлдөрүнөн чыгарышпаган.

Эне-Сай жергесине моңгол жапырыгынан соң соода кербенинин сээлдеши өзгөчө таасирин тийгизди. Кийим-кечек, пайдаланган буюмдар жергиликтүү тери, жүн, кендерин иштеткен чеберлердин, усталардын, кол өнөрчүлөрдүн, зергерлердин, карапачылардын, темир усталардын колдорунан жаралган, аземи буюмдардын баалары өтө төмөндөп кетти. Кардарлар жок, колунда бар, мүмкүнчүлүктөрү артык адамдар башка жайларга барышып, буюмдарын керектөөлөрүнчө алмашып келип-жатышты. Жүздөгөн жылдардан соң абал оңолуп, соода кербени байма-бай келип кетүүсүнөн улам жергиликтүү элдин жашоосу оңолуп бараткандыгы байкала баштаган эле. Мындай абалды туура түшүнгөн эл соода кербеңдеринин коопсуздугунун кепилдигин алуу боюнча өз ара сүйлөшүүлөр менен соодагерлерди өздөрүнө тартып жатышты. Элдин жашоосуна башкалар менен болгон алака, карым-

катнашына коңшу элдердин тынчтыкта болушунун өзгөчө таасири бардыгын турмуш айкындады.

Сибир казак-орустары тарабынан талкалангандан кийин башкалардай эле Эне-Сайлык кыргыздар да Россиянын бийлигине баш ийдирилип, ясак (салык) төлөөгө мажбурланган. Книяздардын жана аларга караштуу воеводдордун адептен ашкан зордук-зомбулугу, эрктен тыш талап-тоноочулугу жергиликтүү элдин кыжырын келтирет, «жаңы келгиндердин» үстөмдүгүнө каршы наразычылык күчөп, кагылышуулар чыкчу болду. Жергиликтүү элдин башчылары, келгиндердин ээн баштыктарын тартипке чакырууларын өтүнүү максатында орус бийлик ээлерине келип сүйлөшүүлөрдү жүргүзмөкчү болушат.

Ошол мезгилде кыргыз жеринде Туба улусу (Туба дарыясы боюнча, (Кызыл Жар) Красонярск уездинде жана Эне-Сайдын сол жээги боюнча Абаканга чейин) Езер улусу (Эне-Сайдын сол жээги боюнча түндүктү карай Батеновка токой тоолоруна чейин) Алтыр улусу (Езерден батыш жана түштүк батышты карай) жана Алтысар улусу (Азардан түндүк жана түндүк чыгышты карай) төрт улусту түзгөн. Алардын ичинде Туба улусу беркилерден обочо турмушта жашап, уй да, кой да багышпаган. «жылкы менен бугу гана асыралган». Ал эми калган улустарда жылкы, уй, кой, ж.б. төрт түлүк түгөл багылып, эт, сүтү жана күчү пайдаланылган. Кыргыз жеринин акими катары төрө эсептелип, негизинен аларда бийлик мураска калып, аны эч ким талаша алган эмес. Наметтун кол алдында «ак сөөк» Номчу жана Кара деген эки мыкты төрө өз улустарын башкарган. Улустар майда улустук урууларга бөлүнүп, аларды уруу башчылары Көчүбай, Бектеней, Ноен, Комку, Ыбрай ж.б. бийлеген. Бүткүл «кыргыз жеринин» улууу төрөсү катары орустар Алтыр улусун эсептешкен. Себеби, башкаларга караганда орустар менен алтыр улусунун башчысы Номчу мурдараак мамиле түзүп, алака кылган.

* * *

1604-жылы негизделген Том калаасынын башчысына Номчу Көчүбай баш болгон топту ээрчитип, нөкөрлөрү менен келди. Аскер гарнизонунун жетекчилиги баштаган аттуу-баштуу княздарды тез эле топтоду. Жергиликтүү топтун жасана кийиниши, өздөрүн сөөлөттүү кармашы калаадагылардын көңүлүн өзүнө бурду. Алардын ат жабдыктары да өзгөчө болуп, күмүш, алтын жалатылган жүгөн, үзөңгүлөрү алыстан эле күнгө жалтырайт. Баалуу аң терилеринен тигилген ичиктерди, баш кийимдерди кийишкен. Буттарындагы өтүктөрү да өзгөчө коздолуп аземделген

эле. Калаанын ортосундагы занкайган имарат алдында кабыл алуу болду. Салт боюнча каада сакташкан Номчу менен Көчүбай баш болгон топ аттарынан түшүп, колдорун көкүрөктөрүнө ала салам беришти. Жулкунган аттарын нөкөрлөрү кармап турушту. Эки тарап ал абалды сурашкан соң меймандарга ичкери кирүүгө таклиб болуп эки тарап тең чоң бөлмөдөгү тактайларга отурушуп, жайма-жай сөз баштады.

Жолугушуунун максаты: эмне, кандай талаптар менен келишкендиги тууорасында орус өкүлдөрү суроо салышты.

Номчу колундагы чебер өрүлгөн, аземделген камчысын көгү менен кошо кармай сөз баштады.

- Орус төрөлөр! Биздин жерибизге мейман катары келип, эми турак алып жатасыздар. Силерди кубана тосуп алдык. Бирок, бизден жерибизди ээлеп, талааларга эгин эгип, мал жайып, калаа кура баштадыңар. Аныңарга биз эч кандай киришкен жокпуз. Каршылык кылып, кеткиле дебедик. Болбосо бул жерге көп жылдардан бери монголдор, ойроттор уруксатсыз келишип, бир нече жолу басып алмак болушкан. Ата-бабаларыбыздан бери жаны-каныбызды аябастан элибизди, жерибизди коргоп, аларды кубалап, келтирбестин аракетинде кармашып келгенбиз. Алар дагы эле болсо элибизди кул кылмакка бизден жана бизге караган кыштымдардан салык алабыз дешип жыл сайын маал-маалы менен коркунуч келтиришип, пайлап турушат. Биз алар менен согушууну каалабайбыз. Дайыма ынтымактыкты бузбайлы деп, бири-бирибиз менен кеңешип, кымбат баалуу буюмдарды жана аң терилерин топтоп берип, сый мамиледе болуп келүүдөбүз. Негизинен биз четтен келгендерге көз каранды эмес элбиз. Биз сыйлашканды жакшы көрөбүз. Силер биздин талаа мыйзамыбызды бузуп жатасыңар. Бизде тээ бабаларыбыздан ушул күнгө чейин уруулук, зордук-зомбулук, талап-тоноочулук, алдамчылык эч болбогон.

Номчу бийдин сөзүн Кара коштоду:

- Жолдо кеңири бастырып жүрө албай калдык. Элдин тиричилиги жылда келген соодагерлерге байланыштуу. Буюмдарды алмашуу аркылуу алака кылабыз. Башка элдердеги жаңылыктарды, өзгөрүүлөрдү соодагерлер бизге жеткирип турушат.

Караны Көчүбай коштоп кетти.

- Бизге караштуу кыштымдардын салыкка берүүчү аң терилерин, кайберендердин эттерин силердин адамдарыңар тартып алып, уурдап кетип жатышат. Айрым кол кайры кылгандарды уруп, токмокко алган окуялар көбөйүп баратат. Соодагерлер сатып жаткан буюмдарын ууруларга алдырышып, бизге таарынышууда. Алар келбей коюшса, биздин буюмдарды ким

алат? Темир усталардын жасаган буюмдары, курал-жарактары таланыптонолууда. Силер тарабынан калаага жакын жашагандардан ар түрдүү шылтоолорду айтып, ойго келбеген салыктар алынууда. Эгер минте берсеңер, силер менен курал менен сүйлөшүүгө туура келет.

Кечүбай кайра сөзгө аралашты:

- Өз адамдарыңарды тыюуга алыңар жетеби? Же силер уурулук, зомбулук, талап-тоноочулук менен жашайсыңарбы? Соодагерлердин кайтып келишине жана кербендегилердин жол коопсуздугуна кепилдик бере аласыңарбы? Жогорудагы уурулук, зомбулук кылгандарды таап, жазалай аласыңарбы? Же аларды бизге өткөрүп бергиле Экинчи жолу кылмыш жасабай тургандай кылып, жазалоого уруксат бергиле Болбосо биз ойротторду баштап келүүгө кудуретибиз жетет.

Кайрадан Номчу сөздү алды.

- Биздин айткандарыбыздын баары чындык. Коңшу жашоого биз каршылыгыбыз жок. Биримдик болсок, сырттагы эзелтен берки душман болгон моңголдор, кытайлар да бизге тийе алышпайт. Силер биздин жашообузга кийлигишпей койсоңор да болот. Биз силерге ынтымакташып катташалы. Бизге конокко келгиле.

Орус төрөлөрү алардын айткан сөздөрүнө кунт коюшуп, баштарын ийкеп турушту. Капилеттен алардын четки тарабында отурган, чарчы бойлуу семиз княз сөзгө аралашты:

- Силер бул жерди өзүңөрдүн менчигиңер деп турасыңарбы?

- Ооба. Бул жерде биздин ата-бабаларыбыз эчен кылымдар бою жашап келген. Алардын сөөктөрү бардык аймактарда көмүлүп жатат-деп жооп берди Номчу такалбастан.

- Айрым жергиликтүүлөр силердин түбөлүктүү малайыңар дешет, бул чынбы? – деп суроо салды куркуйган узун бойлуу экинчи княз.

- Чын. Кыштымдар бизге илгертен баш ийип келишкен. Алардын ата-бабалары биздин ата-бабаларга көз каранды болушкан. Алардын балдары да бизге көз каранды,-деди, Номчу.

- Аларга акы төлөйсүңөрбү?-деди князьдар кызыга суроо салышып.

- Жок. Кыштымдар өздөрүн өздөрү багат. Биздин малыбызды карап, отун-суубузду камдап, тиешелүү түрдө салыктарды төлөшөт.

- Силер аларга кандай камкордук көрөсүңөр?-деди бетин түк баскан дагы бир княз, шашыла суроо салып.

- Биз аларды башкалардан коргойбуз. Карамагыбыздагы кыштымдарга эч кимдин тийишүүгө акысы жок. Эгер кимдир бирөө аларга кордук көрсөтө турган болсо, ал бизди кордогонго барабар.

А биз аны менен бетме-бет келишип, согушууга даярбыз,-деди Номчу.

- Кыштымдар дегени кимдер?-деди гарнизондун башчысы билсе да, билмексенге сала суроо узатып.

- Алар жортуулда туткунга түшкөндөр, белекке келгендер, баш калкалоо үчүн башка жактан качып келгендер.

- Кыштымдар силерге баалуу аң терилерди тапшыруудан башка, дагы кандай салыктарды төлөөгө милдеттүү?– деди ортодо унчукпай отурган княздардын бирөө көзүнүн төбөсү менен карап.

- Менин кыштымдарым менин үй-бүлөмө жана тууган-уруктарыма азык-түлүк, жылга жетерлик кайберендерди этин даярдайт.

- Аңчылык колунан келбегендери эмнелерди беришет?-деди биринчи суроо берген княз.

- Кол өнөрчүлөр, үй тиричилик, идиш аяктарды, дыйкандары эгин эгип, жылга жетээрлик дан даярдайт. Малыбызды карашат,- деп Номчу биринен өтүп бири суроо бергендерге өзүнүн шериктеринин атынан жооп берип жатты.

Келген өкүлдөрдү калтырышып, орус төрөлөр кенешүү үчүн сыртка чыгып кетишти.

- Биздин талаптар буларды ойлондуруп койду окшойт?-деди Көчүбай.

- Ким билет? Бирок, биздин кыштымдарга эмнеге эле кызыгып жатышат?-деди Номчу.

- Байлык кимдерди гана кызыктырбайт?-деди Кара.

- Кылмышкерлерди өздөрү жазалашабы?-деп суроо салды Көчүбай.

- Бизге бербейт. Бирок, өздөрү да жазалабайт,-деди көңүлсүз Номчу.

- Неге?

- Эли ачка, үй-жайы жок жардылары көп. Ачка-жардылар сугалак келишет. Көздөрү тойбой, уурулук кыла беришет.

- Жарды болсо эле бирөөлөрдү талап-тоной береби? Булардан жакшылыктуу тыянак чыкпайт го?-деди Кара.

- Биздин кыштымдар канчалык жутта калышып, ачка жардыланышса да, бири-бирин тоноону, уурулук кылууну билишпейт.Зомбулук ойлорунда да жок,-деди Кара шериктерине.

- Биздин кыштымдардын назары ток. Эртеңки күндөрүндө ачка калбастыгына ишенишет. Талаа мыйзамынын эрежелерин бузгулары келишпейт. Теңирден жана абийирден коркушат,-деди Ноен.

- Бу, келгиндер кудайсызбы? Абийир, намысты билишпейби? Элге-журттун бетине көө жабылат. Жаман аттуу болобуз дешпейби?-деди Номчу.

- Ушунча болду жыйынтык чыгарышса керек,-деди Көчүбай.

- Оңдуу жооп беришерине менин көзүм жетпей калды,-деди Бектеней.

Орус төрөлөрдүн кеңешүүлөрү көпкө созулуп, бир топ убакыттан соң келишип, тыянакты гарнизондун башчысы билдирди.

- Урматтуу мырзалар! Силердин билдирүүңөр боюнча кеңештик. Силер тарабынан айтылган айрым маселелерди биз жогорку жетекчилерге билдирип, алардын макулдугу менен чечүүнү туура таптык. Соодагерлердин маселеси бизди да кызыктырат. Бул боюнча ишти жакшыртууга убада беребиз. Орус падышачылыгынын уруксаты менен Россияда чыгарылган жана коңушу мамлекеттерден келген товарлар менен силерди көбүрөөк камсыз кылууну улуу урматтуу падышабыздан суранабыз. Ал эми чет өлкөлөрдөн келген кербендердин жол коопсуздугу жана соодасын тынч жүргүзүүгө, тоскоолдук болушуна жол бербейбиз.

- Биздин элибизге кысым көрсөтүлбөшүнө кепил боло аласыздарбы?-деди Номчу тике суроо берип.

- Силердин элиңердин милдетин биз мойнубузга ала албайбыз. Бирок, жер үстүндөгү байлык кудайдыкы. Аны ар бир адам пайдалана алат,–деди текебердене княздардын чарчы бойлуу семизи.

- Кыргыз жерине келип, өз алдыңарча эмне максат менен калаа куруп жатасыңар?-деди Кара да маселе кийинкиге калтырылганына ачуусу келип.

- Бул маселе биздин улуу урматтуу падышабыздын буйругу менен чечилет. Бирок, Сибир аймагы чексиз, кен байлыктары өзгөчө көп. Аны иштетүү колуңардан келбейт!- деди куркуйган княз корс жооп берип.

- Уурулук, талап-тоноо маселесин тыйып, элиңерди тартипке чакыра аласыңарбы? – деди Көчүбай кызуулана.

- Бары эле ууру болбойт. Уурулук кылгандарга чара көрөбүз-деди гарнизондун башчысы.

- Силер курал менен сүйлөшөбүз. Монголдорду чакырып келебиз - деп коркутасыңар.-Анда өзүңөргө жаман болот. Бизге кийлигишпегиле,-деп опузалаганга өттү.

- Мунуңарга биз да макулбуз. Силер да бизге кийлигишпегиле,-деди Номчу.

- Карап көрөбүз. Бирок, силер элди бизге каршы көтөрбөөгө, бизге карата колуңарга курал албоого ант берүүңөр керек,-деди гарнизон башчысы текебердене.

- Эмне себептен?-деди Көчүбай ордунан тура.

- Эки эл каршылашпай, жашоолору тийиш,-деди гарнизондун жетекчиси.

- Анда силер да ант бергиле!-деди Номчу. –Ынтымакташып жашоого убадалашалы.

- Биз силерден талап кылабыз!-деди гарнизондун жетекчиси өктөм үн менен.

- Мунуңар мажбурлообу?-деди Көчүбай ачуусун жашырбай.

- Эгер ант бербесеңер жаман болуп калат. Куралды пайдаланууга тура келет-деп эскертип, гарнизон башчысы отургандарды кыдырата карады.

- Жок. Эч убакта андай болбошу керек. Сүйлөшүүдөн тыянак чыкпай калды. Орус өкүлдөрүнүн так жооптору жана убадалары болбогонунан улам ишибиз чырга айланат төрө, муну эсиңизден чыгарбаңыз!–деди Кара ага жооп бере.

Орус башкаруучуларынын теңсинишпеген мамилелери жергиликтүү өкүлдөргө жаккан жок. Орус төрөлөрү кыргыздардын талаптарын уккулары келишпегендиктери билинип турду.

Баштадан дайындашканбы же белги беришкенби, жергиликтүү өкүлдөр сыртка чыкканда алардын нөкөрлөрүн куралсыздандырып, бир четте куралдуу воеводдор тосуп турушкан экен. Номчунун аялы менен Көчүбайдын баласын бөлүп, башка жакка алып кетишиптир. Абалдын өзгөргөнүн байкашкан экөө калаа башчыларына кайра кирүүгө аргасыз болушту.

Орус төрөлөр «Кана, баягы дымагыңар?» дегендей экөөнү сынай мыскылдуу карашып, отургула дегенге келишпеди.

- Бул эмне деген мамиленер?-деди Көчүбай ызылана.

-Силер бизди шакаба чекпегиле? – деди сабырдуу Номчу

Орус төрөлөрү бири-бирин тиктешип, үн катышкан жок.

- Биздин жакындарыбызды бошотуп, нөкөрлөрдүн куралдарын бериңиздер,-деди Номчу токтоо сүйлөп.

- Биз силерди адилеттикке барат, коңшу катары жакшы сүйлөшөбүз деп келгенбиз. Эгер мындай жамандык кыла турган болсоңор, өзүңөргө жараша иш кылабыз.

- Тагыраак айтканда монголдорду жардамга чакырасыңарбы?-деп какшыктай суроо салды курсагы чедирейген аскер башчысы.

- Жакшылыкка жакшылык менен жооп беребиз. Жамандык кылууну али биз ойлой элекпиз,-деди Номчу.

- Номчу хан биздин да силерге койчу талаптарыбыз бар.

- Угалы, айт орус төрө,-деди сыпайы Номчу.

- Сен кыргыз ханы катары «Алтан хан» жана кытай мамлекетинин хандары менен түз сүйлөшө аласын! Туурабы?

- Туура.

- Аларга барып келесин!

- Кандай маселе менен?

- Бүгүнкү сүйлөшүүлөр боюнча.

- Өзүмдүн атымданбы же силердин атыңарданбы?

- Албетте, биздин атыбыздан.

- Эмне деп айтышым керек?

- Алар бизге келип, сүйлөшүүлөрү керек. Түрдүү кырдаалдарда мамлекеттер аралык мамиле түзүүнү чечкибиз келет. Албетте, силердин да кызыкчылыгыңарды көздөп, соода байланышын күчөтүүгө келишим түзүүнү сүйлөшөбүз. Кербендердин коопсуздугун, бир өлкө менен экинчи өлкөгө байма бай каттоосуна шарт түзүүнү макулдашабыз.

- А менсиз эле өзүңөр сүйлөшсөңөр болбойбу?-деген Номчунун сөзү жоопсуз калды.

- А сен Көчүбай өзүңө окшогон кыргыз хандары Ноенду, Нөмөктү жана Обрайды орус падышачылыгына баш ийүүгө макулдатып, баштап келесиң!-деди талап кыла гарнизондун башчысы.

-«Кызыңа гана талак! Биз менен көптөн бери кошо жүргөнсүп, кыргыз хандарынын атын түгөл билип алганын. Биз булардан бекер жакшылык күтүп жатыпбыз. Булардын максаты башка тура. Көрсө өздөрүнө баш ийдиргилери бар тура» деп Көчүбай ичинен Номчу бийге акырын көз салса, ал да аны карап туруптур. Экөөнүн ойлору бир жерден чыккандай болду.

- Бул силердин өтүнүчүңөрбү же буйругуңарбы? – деди Номчу тигилерге тигиле ичиндеги сырын билдирбей.

- Өзүң кандай түшүнөсүн? – деди ортодогу княз.

- Али биз силердин карамагыңарга өтө элекпиз, орус төрөлөр,- деди баса үн менен Номчу.

- Туура түшүнгөнсүңөр. «Өкүл катары» же «калыс катары десек да болот.

- Биздин жакындарыбызды качан бошотосуңар?

- Тапшырманын аткарылышы кандай болот?

- Аны көрө жатарбыз.

- Биз да силердин аракетиңерге жараша иш тутабыз-дешти орус төрөлөр бири-бирин тиктешип.

Ар кандай аракет кылышса да, орус төрөлөр алардын сөздөрүнө муюшкан жок.

Номчу менен Көчүбай аргалары түгөнө шылкыйышып, көчөгө чыгышты. Куралдарын алдырган шериктеринин жанына келишип, бир топко ары-бери басып турушту. Орустардан эч ырайым болчудай эмес. Кайрылып барышса орустар эшикти ичинен бекитип коюшуптур. Эшикти муштагылап, кыйкырышып, кайрадан сүйлөшүүнү талап кылышты. Карап турган куралдуу воеводдор келишип, экөөнү дегендете мылтыктын кундактары менен түрткүлөшүп, шериктеринин жанына айдап келишти.

- Эмне кылуу керек? – деген суроо экөөнү тең ойлондуруп жатты. Айлалары кетти. Бир гана жол Номчу монголдор менен кытайларга барып, орустардын талабын айтып, жооп алып келет. А Көчүбай болсо Туба, Табын – Езер, Алтыр хандыктарын бул жерге баштап келип, орустарга баш ийдирип берет. Ошондо гана маселе чечилип, Номчу аялын, Көчүбай баласын бошото алышат. Ансыз булардан ырайым күтүүгө болбойт. Алардын тапшырмасын аткарып келүүгө канча күн талап кылынат? Алыскы аймактарды кыдырып келүү үчүн кеминде бир ай ашыгыраак убакыт керек. Ага чейин барымтадагылар кантет? Бир гана жол эптеп бошотуп алуу зарыл. Номчу менен Көчүбай баштаган топ куралдарын алдырышып, салт атчан үйлөрүнө кайтууга аргасыз болушту.

«Кыргыздар баары бир туткундарды бошотуп алууга келет»- дешкен орустар күзөттү бышыкташты. Барымтадагылар турган үйгө куралдуу воеводдорду айландыра коюшту. Түнү бою сак сакташып, эч кимиси укташпай, каршы-терши басып чыгышты. Күзөт эки сыйра алмашып, түнү эч кандай сырттан кол салуу болгон жок. Таң атып, күндүн мурду көрүнгөн кезде шоп эткен атчан адамдар эки тараптан чаап келип, күзөттөгү уйкусурап ныксыраган воеводдорду союл менен чаап өтүшүп, бир бирден сулатышты. Чочуп кетип, куралдарын атууга камдангандарды чалма ыргытышып, атка сүйрөтүп кетишти. Кийинки келгендер жыгач сепилдерди кыйратышып, анын ичине киришип, эшик-терезелердин туткаларына жип өткөрүшө атка сүйрөтүп, алыс-алып барышып, таштап жатышты. Заматта каршы-терши устундардан курулган үй кыйшая эшик терезелери аңырайып ачылып калды. Туткундар чыга кала чаап бараткандарга жандай чуркашып, учкаша заматта көздөн кайым болушту.Күтүүсүздөн болгон бул окуя чай кайнамга жеткен жок. Союл тийген, чалмага сүйрөлгөн воеводдордун бирөөсү да ок чыгарууга, кылычтарын алууга үлгүрө алышпады. Туткундар узап кеткенден кийин княз, боярларга жана воеводдордун жетекчилерине кабар жетип, офицерлер энтеңдей чуркап келип жатышты. Жакшы жери воеводдордун бирөөсүнүн да бир жери сынып чыгымга учурабаптыр.

1609-жылы жергиликтүү кыргыздар ясак чогултууга жиберилгендерди өлтүрүшүп, андан соң Чулым волюстуна кол салышат.

* * *

Күз өкүм сүрүп, куусаң тарткан теребел көзгө комсоо көрүнөт. Аба оорлошуп, муздак шамал денени ичиркентет. Ишке берилген Кунан, бою менен тең келген топ чийди күчүркөнө тартып жатып, денеси кызып чыкты. Анда-санда чекесинен терин аарчып, алы жетпегенде узун чийдин учун бириндете салааларына орой тартып, алаканынын ачышканына карабайт. Тынбай аракеттенсе да, иши арбыбай койду. Топтогон чийлери ар-ар жерде тутам-тутам болуп, бир көтөрүмгө толбоочудай. Иш арбысын деп беш-ондон бириктире жулууга алы жетпейт. Бирденин да күчүркөнө араң тартат. Кээлери кырс сынып кетип, алаканына зырапалар кирип, канап, жарылган жерлери андан бетер ачыштырат. Колдору талып, далылары уюп чыкты. Дем алууну унутуп, күчүркөнө тырс-тырс эткизе бириндетип жулуп жатты. Анда-санда ачышып, кабарган алаканын үйлөп коюп, ишин уланта берди. Колу иште болгону менен ой-санаасы алда кайда кетип, жаны тынбаган жашоосундагы табышмактарга барып такалат. Мейли өзүн го ата-энеси жумшайт, а ата-энесин кимдер жумшайт?

- Тигини кыл, муну бүтүр! Эми кантип жетишебиз? Керээлден кечке иш менен алектенген ата-энеси, түнү да ашаткан терилерди тартышып, куураган бучкактарын майлашып, оңдоп жатышканын уйку арасында туюп калат. Канчалык эрте ойгонсо да, ата-энеси эчак туруп кетишкен болот. Кышын-жайын ушундай көрүнүш. Апасы айтмакчы «тиричилик дегенин эч бир түгөнбөйт тура, бирин бүтүрсө бири калып, тыным алдырбай айдактап турат экен». Эми минтип колду кабартып, эки-үч күндөн бери күчүркөнө чий жулмай. Муну бүтсө, эртең дагы бир иш даяр турат – деп үшкүрүнө айланасына саресеп салды.

Капилеттен он-он беш арым аралыктагы топ чийлердин башы кыймылдагандай болду. Кунан коркуп кетип, салаасында оролгон чийди тарткан бойдон сактана тиктеп туруп калды. Чийдин баштары кыбыр-кыбыр эткенинен улам бир нерсе жүргөндөй. Согончогун көтөрө аярдана тиктесе малбы, эчкиби, койбу же жырткычпы төбөсү көрүнө калды. Ал элтеңдей чочуп, учу колуна оролгон чийди жулуп алды. Жанындагы караанга тал чийдин тырс эттире жулунганы угулгансыды окшойт. Ал дагы үн чыккан тарапты элтең карай мойнун созду. Бирин бири билбеген эки караан сактаныша

бөдөнөнүн балапанындай жерге пысышты. Бир топ убакытка чейин айланада эч бир шек билинбеди. Кунан акырын башын көтөрө бая шектүү көрүнгөн тарапты акмалады. Эч нерсе билинбейт. Жымжырт. Эмне болсо да качыштын аракетин кылып, орун которбосо жырткычка кабылышын ойлоп, көмкөрөсүнөн түшө чий аралай боортоктоп жөнөдү. Корккондон жүрөгү дүкүлдөп, кулагына угулгандай болот. Улам коюу чийден качып, чөп-чарга чалына боортоктоп баратып, багытынан да адашып кетти. Тизелей туруп, аярлай айланасын караса эч нерсе билинбейт. Акырын буттун учу менен тура калып, караан көрүнгөн жайды акмалады. Эч нерсе билинбейт. Айлана тып-тынч. Көрүнчү көрүндүбү деп, өз көзүнө өзү ишенбей, эс токтото туруп калды. Аңгыча жакын жайдан шыбыш чыгып, сорок эте бир караан тура калды. Капылеттен бири-бирине ыклас кое баамдашпаган экөө «а-а» - дешкен бойдон эки тарапка качып жөнөштү. Шатыраган чийдин добушу чочуган экөөнө ого бетер катуу угулуп, артынан кубалап жетип кармоочудай болуп, чалынып жыгыла тыз коюшту. Кунан шашып баратып, чийге буту чалына үстөмүнөн кулап түштү. Артынан келген неме баса калчудай болуп, жалт караса эч нерсе билинбейт.

Тамагы кургап, тили оозуна батпай, улам энтиге эрдин жалай эсин токтотту. Бейтааныш караандан үн чыккандай болду окшойт. Ал да чочуп тескери качты го? Адам баласыбы? Же атасы айткандай эле адам жегич «мусмалдарданбы?» Заматта атасы айткан жомок эсине түштү.

Токойлуу ыраак жердин түпкүрүндө мусмалдар деген жашайт экен. Алардын буттары уйдун туягы сымал болуп, үстүнө өсүмдүктөр, чөп-чар кештеленип, коолдолгон жабуу кийип жүрүшөт экен. Алар тайга ичинде казылган жер үйлөрдө, дарактын кабыгынан курулган алачыктарда жашашып, жыт аркылуу из кууганды жакшы билишет да, айылдарда түнкүсүн пайда болушат. Мусмалдар адам жегич. Сүйгөн тамагы уурдалган жаш наристелерден жасалган шишкебек дешет. Мусмалдар сырткы кебетесин өзгөртүп, кубулуу касиетине ээ болушуп, өздөрүн мурда көргөн адамдардын келбетине окшоштуруп, өзгөртө алат дешет. Алардан аман калуу үчүн дарактын башына чыга качуу зарыл, же жылгаяк музга качса, ал сыйгаланып жете албайт имиш.

Мусмалдар жаралгандан жалкоо келишип, биринин ийгилигин экинчиси көрө албайт. Ичи тардык кылып, ар кандай ишти бузуп турат имиш. Андыктан жергиликтүү калк аларды пайлап жүрүп кармап же алыстан көрсө атып жүрүп жок кылышат экен. Бирин-серин тайганын ичинде алардын калдыгы, тукумдары бар экендигин аң уулагандар көрүптүр дешчү.

«Мусмалдардан болсо ал эмнеге качат? Адам баласы эле болсо керек? Же адам болуп кубулуп алдыбы?» Башына миң түрдүү суроо келип, Кунан анын ар бирине жооп издеди. Акырында атасынын «Коркпо! Эркек адам эч нерседен коркпош керек!» деген сөзү эсине түшүп, акыл токтото баштады. Артынан түшкөн куугунчу болбогондон соң тегиз жердеги чий арасын кунт коң тиктей баштады. Ат чабым алыстыкта өзүнө окшогон бир караанды байкап, астейдил көңүл бурду. Алсыз, арык, арбактай бир жан экен. Ал дагы артынан түшкөн куугунчу болбогонун сезген окшойт же чуркаганга дарманы келбегенби, абайлай аны карап жатыптыр. Бойлору чамалаш, жүдөңкү бей тааныш караан да акыл токтото жал-жал тиктеп турду. Улам көздөрү көнүгүшүп бири-бирине кызыгыша кадам шилтешти. Аралык улам жакындап, экөө бетме-бет келишти.

- Ким болосун?-деп Кунан суроо салды.

Чоочун бала үн дебестен, ага кызыга тиктеп жатты.

- Кайдан келдиң?

Аркы анын сөзүн түшүнбөдүбү, арык денеси араң кыймылдап, колу менен төмөн жакты көрсөтө кетти. Кучак оюнда «жаңы меймандардан» экенин боолголоду.

- Сен корктуңбу?-деди беркиге сыр алдырбай.

Ал түшүнбөй ийинин куушурду.

- Сен минтип качтыңбы? – деди күлө кыймылын көрсөтүп.

Ал түшүндү окшойт, жылмайып туруп, каткыра кетти.

-Ха-ха-ха!

-Ха-ха-ха!

Экөө тең күлүп жатышты. Бири-бирине сөөмөйлөр көрсөтө, коюу чийдин арасында ооналактап каткыра беришти. Ичтерин баса, жаактары талыгыча күлүштү.

- Васия,

- Кунан

Экөө тилдерин билбесе да, дилдери менен түшүнүп жатышты.

Бири-бирине үйүр алышып, суроо салышты.

- Эмне кылып жүрөсүн? - деди Кунан.

- Сен эмне иш кылып жүрөсүн? – деди Васия.

- Чий терип жүргөм, - деди Кучак чийлерди көрсөтүп.

- Кардымы тойгозгону бирдеме издеп чыктым,- деди Васия тамагын көрсөтүп.

- Үйүң барбы?-деди Васия.

- Сен үйгө бар? Тамак берем- деди Кунан.

Васия жаңы таанышына жардам бермекчи болуп, эки-үч чийди бириктире тартты эле, такыр жулунбай койду. Кунан ага чийди

бирден тартарын түшүндүрүп, көрсөтүп берди. Экөө кобурашып жүрүп, эки көтөрүм чийди топтоп, үйгө жөнөштү. Туурасынан көтөргөн чий, караган-куурайларга тийип, жүдөшкөнүнөн төбөлөрүнө көтөрүп келишти.

- Тээтиги биздин алачык, -деди Кунан шеригине мактанычтуу.

Васиянын көзүнө алыстан дыйкандар топ-топ үйгөн чөп үймөк көрүндү. Коюу дарак ичиндеги жалгыз алачык аңдабаган кишиге анчейин көрүнгүдөй да эмес.

- Мындай үйлөр капчыгай ичинде арбын,- деди Кунан.

Эки караан кобурашып, алачыкка тез эле жете келишти.

Канаттуу куштарды туткан торун керип - жайып, үзүлгөн - жыртылган көздөрүн жамап жаткан ата-энеси чий көтөрүшкөн чоочун бала менен Кунанды алыстан таңный делдейе тиктеп туруп калышты.

- Менин сочоерум[1] өзүнө окшогон дагы бир торпокту ээрчите келгенби?-деди үй ээси аялына тамашалай

Энеси балдарды утурлай басып, төбөлөрүнөн баскан чийди алып жерге койду. Чоочун бала илмейип, өтө эле арык, алсыз эле. Анын көкмөк көздөрү жергиликтүүлөрдөн эмес экенин билдирип турду.

- Бул кандай бала?- деди баласына суроолуу.

- Карды ач экен. Тамак издеп жүрүптүр.

- Андай болсо келгиле, үйгө киргиле! - деп, эне шыпылдай баса кепеге кирип, ашкана тараптан бышырылган муштумдай эки кесим этти алып чыгып, жыгач табакка сала балдардын алдына койду.

- Жегиле! Тойбой калсаңар, азыр тамак асам. Ботко кайнатып берем! - дегенче ачкалыктан үзүп-булкуп, апсыгып жаткан чоочун балага көз кырын салды.

Көптөн бери тамак көрбөгөн окшойт, тиштеп тартканын чайнабай эле жутуп жатты.

- Алда байкуш ай! Кезерип калыптыр. Ата-энеси жок окшойт?- деп боолголоду. Чоочун бала заматта этти жеп, сөөгүн мүлжүп кирди. Эне боор ачый, өзүн тиктеген баладан:

- Ата-энең барбы?-деп өзүн Кунанды көрсөттү.

Мейман бала көзүн жашылданта башын чайкады.

Үй ээлери жаңы келген балага арнап, атайын казан асышып, этти арбын салышты. Оттун жарыгында кечки тамакты кобурашып жешти. Айлана караңгылагандыктан конокту түнөп кет дешти. Ал да эч кандай кетүүгө ашыккан жок. Үй ээлериндей эле өңдөлгөн жумшак терилердин үстүндө жатып, тынч уктады. Ошол күндөн

---

[1] Сочоер –маралдын баласы

тартып, Васия Кунандардын үйүнөн турак алып, үйрөнүшүп кетти. Аны эч ким издеп да келбеди. Алар аны кет да дешкен жок. Убакыт өткөн сайын тилди түшүнүп, ал тургай анча-мынча сүйлөй баштады. Күн сайын экөө бири-бирине эрмек болуша салынган капкандарды текшеришип, тор жайышып, кылтак коюшат. Түшкөн илбесин-канаттууларды, жырткычтарга жегизбей акмалашып, тор-кылтак үзүлсө улашып, жайлуу орундарга капкандарды которушат. Васиянын жолунанбы, ал келгенден бери коюлган кылтак- торлорго тоодак, кекилик, чилдер илинип, капканга элик, марал түшүп, жаңы этке карк болушту. Курсагы тойгонбу, же аңчылык көңүлүнө жактыбы, Васиянын дагы деле кеткиси жок. Кунандын энеси да анын үстү-башын карап, ийленген терилерден шым, чокой, тон тигип берди. Бала да күндөн-күнгө өңүнө чыгып жаш шорпо ичкенгеби, жүзүнө кызыл жүгүрүп баштагыдай күрсүлдөп жөтөлгөнү калды. Ата-энеси, баш калкалар үйү да жок экенин беркилерге айтып түшүндүрдү.

Кышка деп камдалган жапайы жер-жемиштер, жегенге жарамдуу өсүмдүк тамырларын кеңири топтошкон эле. Айрыкча жай айларынын баш чендеринде Кунан апасы экөө кандык жана сарананын тамырларын оңор эмес жыйнашкан болчу. Аны атайын курал менен казып алышып, жууп-тазалап, үйгө көтөрүп келип кургатып, кап-кап кылып таңгактап, асып салышкан эле. Тамырларды кышта абдан кургагандан соң жаргылчакка тартып, унунан ботко даярдап, нан жасашмак. Энеси Васия келгенден кийин:

– Жалаң эт арык баланын ичине жукпайт. Андыктан кандык менен сарананы жаргылчакка тарталы,–деп, эртели-кеч андан ботко бышырып, нан жасап берип жүрүп, Васияны торолтуп салды. Алгач келгенде ар кадамын санагансып, араң бут шилтеген жетим бара-бара аягы жеңилдеп, шайдоот тарта чуркап калды.

Кыштын алгачкы кары жаап, айлана ак шейшеп чүмкөндү. Аңчылыктын мезгили келип, таңдан кечке үй бетин көрбөй тоо-токойду аралап из куул, кокту-колот, сайма-сай, кыр-жондордо, үнкүр-тешик, ийиндерге сасытты таштап, капканга түшкөн торго, кылтакка илинген илбесиндерди чогултмай. Алардын терисин сыйрып, ача жыгачка керип астейдил кургатмай түйшүгү башталып, бири-бири менен кеңири олтуруп сүйлөшкөнгө убакыт жетпейт. Кечке чуркап басып жүрүп, чарчап-чаалыгып үйгө келип баш коңру менен уйкуга кетишет. Васия да Кунанды ээрчип жүрүп, анын атасынын өнөрүн өздөштүрө баштады. Кай жерде кандай үнкүр бардыгын, анда эмнелер катыларын, эмнелер үйгө алынып

барыларын көрүп билди. Аларда ит-куш, жырткычтар жетпегидей жайга илип, суу болбос, ным тийбес кылып калтырууну үйрөндү.

Кунандын атасы таңдан туруп, капкан койгон мерчемдүү жайларды кыдырып, түшкөн аңдарды көтөрө келген. Алачыктын жанындагы дарактарга илинген аңдардын бирин алып, эки балага түлкүнү кантип союп, терини кантип керүүнү көрсөтүп үйрөтүп жаткан Васиянын кулагына орусча сүйлөгөн үн угула түштү. Жалт артын караса куралчан топ караан алачыкка жакындап калган экен. Кандайдыр бир жамандыкты сезип, жүрөгү дүкүлдөй оозу кургап чыкты. Тизелери калчылдап, неге коркуп кеткенин өзү да сезбей, бир орунда туруп калды. Келген топ саламга келбестен эле Кунандын атасына опурула:

- Ясак чогултуп жүрөбүз. Топтогонунду алып чык! – деди воеводдордун алдыда келгени.

Иш менен алек болуп жаткан Кунандын атасы да кобурду угуп, жалт карай чочуп кетти. Жеңи түрүлүп, бычагын кармаган боюнча делдейди. Али-бери көрбөгөн куралчан бейтааныш адамдарды көрсө, ким болсун да чочумак.

- Киш терилерин алып чык! – деди экинчиси өктөм.

Чоочун адамдардын эмне деп сүйлөп жатканын түшүнбөгөн Кунандын атасынын оозуна сөз кирбей эмне дээрин билбей турду. Келгендер Васияны көрүшүп, бири-бирине суроо салышты.

- Муну кайдан таап алган.

- Уурдап келсе крек.

- Эмне турат делдейип?

- Бул баланы кайдан алдын?-деди дагы бирөө Васияны көрсөтүп.

Васиянын атасы сөзгө түшүнбөй жалдырай тиктеп тура берди.

- Уурдап келген жок. Мен өзүм келдим,–деди Васия акыл токтото үн чыгарып беркилерди кыдырата карап.

- Эмне кылып жүрөсүң бул жерде? - деди дагы бири сөгүнө.

- Ачкалыктан тамак издеп келгем,-деди ал.

- Айт буга! Бизге ясак берсин. Тапканынын баарын алып чыксын!-деп опурулду келгиндердин ичинен дагы бири.

- Булар ясак чогултуп жүрөҪүз, Ясак бер! деп талап кылышууда. -Васия которуп берди.

Кунандын атасы кепке түшүнбөй, кайра өзүнө суроо салды.

-Ал эмне дегени?

- Ясак деген эмне экенин түшүнбөй жатат,-деди бала.

- Киш терилерин алып чыксын! Салык чогултуучуларбыз,-деди куралчандардын бири.

- Киш терилерин алып чыксын дейт, -деп бала которуп берди.

- Алымды, киш терилерин биз кожоюнга тапшырабыз, – деди араң сүйлөгөн Кунандын атасы. Бала анын сөзүн которуп берди.

- Бизге тапшырасыңар! Падыша буйрук берди. Мындан ары биз кожоюнбуз – деди воеводдордун башчысы.

- Ээ, булардан сурап олтурасыңарбы, Алып чыккыла! – деп буйра сүйлөдү жетекчиси.

Заматтын ичинде алачык айланасындагы кермеге керилген, бутактарга илинген аң терилерин, илбесин, канаттуулардын эттерин чогултушуп, идиштерине салып алышты.

Кунандын атасы делдейген бойдон ар бирине бир карап, акылы айраң болуп ымтырап турду.

- Кана, дагы эмнең бар?-деди алардын бирөө суроо сала.

- Эмнеси калды дейсин? Бүгүнчөсүнө ушул жетет,-деди экинчиси.

- Түшүндүрүп койгула! Бүгүндөн баштап, талаадан тапканын, тутканын бизге алымга берсин! Баш тарткан болсо жазана салынып, үй мүлкү алынат. Эгер биздин айтканга көнбөй, каршылык кылса, жашыра турган болсо аялын же баласын алып кетебиз, – деди башчы сөрөйү. Аны шериктеринин бирөө келип кайталап, түшүндүрө кетти.

Кунандын атасы делдейген бойдон сүйлөгөндөрдүн сөзүн тиктеп тура берди. Анын түшүнбөй жатканын туйган бирөөсү Васияга буйрук берди:

- Түшүндүр! Кожоюнуңа айтканындай болсун! Эгер кымындай эле калпыстык кетирилсе, өзүнө жазана салынат, – деди.

- Менин кожоюнум бар,-деди Кунандын атасы.

Анын кебине эч кимиси көңүл бөлбөдү.

- Жүргүлө кеттик! А сен биз менен болосуң! Айтканыбызды которуп бересиң! – деп Васияны делдеңдете түртүп, алдыга салды.

Ал каршылык кыла моюн толгоду эле, бирөөсү желкесинен мыжыга кармап алдыга түрттү. Кубаты жок баланын башы кежейе, сүрдүгүп барып, көмкөрөсүнөн түштү.

Кунандын атасы жете келе калып, жыгылган баланы тургузууга аракеттенди. Воеводдордун экинчиси аны жыга түртүп, Васияны алдына салды.

Кунандын атасы боз ала боло кол кайры кылбай жыгылган жеринде отурган бойдон калды.

Васия алыстап барып кылчайса, Кунан ата-энеси менен аңкайган бойдон карап туруптур.

Топ-топко бөлүнгөн воеводдор Чулум волосунун айланасындагы кыштымдарга барып, «падышанын буйругу» дешип, каалаганча ясак (алым) чогулушту. Алардын бергендеринен

тышкары да каалашканча аң терилерин, эт-азыктарын, жылтыраган буюмдарын тартып алышты. Кол кайруу кылгандарды уруп-сабап тепкилешти. Көз көрүнө күп-күндүзү колдорундагы баалуу буюмдарын, азыктарын алдырышкан кыштымдар эч арга таппай, сомсоюп-сомсоюп кала беришти.

Бул зомбулукту уккан кыштым ээлери бирине-бири кабар беришип, чогула баштashты.

- «Кыштымдарды тоногону жалпы элди басмырлаганга барабар. Биз качан эле ак падышанынын карамагына карады элек? Воеводдор бизден уруксатсыз эмнеге алым алышат?» – деп каарданышты жергиликтүү элден чогулуп келген өкүлдөр.

Көчүбай тургандарга жар сала, кыйкыра сүйлөдү.

- Салык деп, бечара момундардын болгон азыгын, тапкан-ташыганын, жыйган-тергендерин зордуктап алгандарга чара көрүү керек! Биз орустарга салык бербейбиз!

- Бизди басмырлашып, теңине албай, зордоп алым алгандарга каршы туралы. Адам катарына көрбөй, эскертпей салык деп оокаттарды тартып алгандар менен эсептешебиз. Керек болсо алдырган буюмдарды кайра кайтарып алалы!

- Орустар бизди басмырлашпасын. Ким экенибизди аларга таанытабыз. Каракчыларга каракчыдай мамиле! Зордукчуларга каршы чыгабыз!

- Биздин жашообузга воеводдор киришпесин! Зордукчуларга каршы чыгабыз!

- Монгол менен ойроту аз келгенсип, эми орусу чыктыбы? Салык бербейбиз. Урушса урушабыз.

Көпчүлүк жаалашып, мурда келгендери келбегендерге кабар беришип, кийинки күндөрү Чулум волосунун аймагындагы кырғыздар кыштымдар менен улам-улам топтошуп, наараазы болгондордун караанды көбөйүп жатты.

* * *

Жаңы кошумча топту жетектеп келген воеводдордун башчысы Тиманын аңчылыкка ышкысы күчтүүбү же жергиликтүү элдин шарты менен таанышкысы келдиби, жанына куралдуу воеводдорду алып, Алтыр аймагын кыдырчу болду. Казармада воеводдор менен жаман сөздөрдү айтып сөгүшүп-кажышкандан жадайбы, же жаңы жерди кыдырып соңуркагысы келеби, куралдуу топ менен чыгып, сейилдеп келет. Жаңы жетекчиге жагынгысы келишип же чын көңүлдөрүнөн аны сыйлаштыбы, жол көрсөткүчтөр издетпей өздөрү табылат. Куралдуу топ илбесин, кайберендүү аймакта каалагандай

ойноп-күлүшүп, тапкандарын талаада шиш кебеп кылып жешип, ашкандарын казармага алып кетишет. Аларды «ай дер ажо, кой дер кожо жок» ээн-эркин жүрүшүп, биринин кылыгына бири маашыр. Биринен-бири эрдемсишет. Талаадагы жумуртка баскан, уялуу канаттуулардын, жаңы төлдөгөн же бооз кайберендерди тандабай, жолуккан жайда ортого алышып, көптөп аткылашып, убактылары жеткен жерге чейин барып кайтып жатышты. Ошондой күндөрдүн биринде убакыт чак түштөн ооп калган мезгил болуп калган. Шатыра-шатман келе жаткан воеводдордун алдынан ээрчишкен карышкырлар чыга калды. Куралчан топ тарсылдата ок чыгарышып, жрткычтардын бир топ шаштысын алып жиберишти. Жаза-буза ок тийген каны аккан карышкырлар токойдун улам бир жеринен көрүнө калышып, өздөрүнө кызыктырып койду. Алыс кетпеген карышкырларды биротоло атып алмак!.а, ок тийген жарадарлары «кансырап барып, баары бир жыгылышат» - деген воеводдор белсене киришишип, аркаларынан калбай акмалап жүрүштү. Эртеден бери минген аттарын аңды – дөңдү карабай чапкылап жүрүшүп, чаалыктырып алышкан эле. Анын үстүнө суюк токойдун ичинде атчан жүрүүгө болот. Жыш өскөн кайың ичинде эңкейип, кээде сойлоп, жөө адам араң өтчү жайлар көп кездешкендиктен, мингичтерин от чалдырышып, өздөрү үн алыша ээрчишип, капчыгай ичин акмалап жүрүштү. Акыры күн кечтеп көз байланганда суй жыгылыша, келген жактарын көйдөй кайра тартышты. Караңгыда саллактап кайың бутактарына, тамырларына чалына жыгылып-туруп, ат чалдырган жайга келип, аңкайып отуруп калышты.

Ок жеп жандары ачышкангабы же артынан калбай куугунтукка алган куралчандарга өчүгүшкөнбү, же башка карышкырлардын тобу келгенби, тушалган, аркандалган аттарды ортого алып, тамактап, жарып кетишиптир. Өз көздөрүнө өздөрү ишенишпей Тимка баш болгон воеводдор оздорунан алдыргандай болушуп, олтуруп калышты.

- Булардын көздөрүн тазаламайын биз да кетпейбиз, – деди Тимка шериктерине ичи ачышканын жашырбай.

Ал түнү кирпиктүү көздөрүн какпай, бир чети жырткычтардан коркушуп, экинчиси үшүгөндөн уйкулары келбей, тынбай мылтыктарын тарсылдатыша түн күзөтүп чыгышты. Эртеси таң кылайып, жерге жарык түшкөндөн баштап, каны таамп жарадар болгон жырткычтарды кайра издештин аракетинде болушту. Күн түшкө жакындап калган чакта кечээ күнү карышкырлар жолугуп, алгачкы ок чыгарган жерге жакын чар ичиндеги ийинин табышты.

Жырткычтар өздөрү жок. Кечке күтүшүп, түңүлүшө үч бөлтүрүктү көтөрүп агышып турактарына кайтышты.

Ошол күндөн баштап ийиндеги бөлтүрүктөрүн алдырышкан карышкырлар Алтыр аймагынын айланасындагыларга тынчтык беришпеди. Жин тийгендей болушуп, канчалык сак-сактаганга карабай жайыттагы, ал тургай короодогу малды кырып жиберишти. Тийгендерин жара тартышып, аларды жешпей, кара малдарды тумшуктан ала чалып урушуп, жара тартып, жандыктарды муунтуп кетип жатышты. Жергиликтүүлөр карышкырлардын мынчалык өчөшкөндөрүнө таң калышты. Аңчылар анын себебин таппай, карыларга келип сурашса, алардын да баштары маң болду. Аны уккан аңчылар бири-бирине жоолугушуп «Кандай арга табабыз?» дешти. Улустагылар аттуу-баштуу мергенчилерди көрүшсө, артынан да жаман сөздөр менен тилдеп жатышты. «Жатып ичерлер, даяр аштын ээлери» дешип, зер-зеберлерине жеткире сөгүшкөнүн айтпаса да белгилүү эле. Аңчылар да канчалык айла-амалдарды ойлонушпасын карышкырлардын өчүккөн кыргынын токтото алышпады. Ал тургай айылдагы аттуу-баштуу аңчылардын малдарын да жара тартканы маалым болду.

Аңгыча айылдагылардын арасынан бая күндөрү воеводдордун жер кыдырып, талаа мыйзамынын эрежесин бузуша бооз, балалуу, уялуу кайберен-илбесиндерди тандабай аң уулашканын, келип-келип балалуу карышкырларга жолугушуп, аларды мылтык менен аткылашып, жеңил жарадар кылышканын, артынан калбай куугунтукташканын, каарданган жырткычтар, алардын улоолорун жара тартканын, воеводдордун ал күнү ээн талаада калышып, түн ичинде коркушуп мылтык атып чыгышканын, алардан чочушкан эне карышкыр менен дөбөт карышкыр бирден баласын көтөрүп кетишип, калган үчөөнү алып кете албай калышканы дайын болду. Калган үч бөлтүрүктү воеводдор алып кеткени, адамдардан өч алмакка бул кырсыкты карышкырлар атайлап жасап жатканы аныкталды.

Улустагы аңчылар айлалары түгөнгөндө намысты коюп, карылыктан ордунан жыла албай калган атактуу Ташаяк абышкага келүүгө мажбур болушту. Анын ата-энеси атайлап койгон ысымы башка болсо керек, кесибине жараша элдин койгон аты Ташаяк эле. Ал ысым лакапка айланып, тундурада анын даңазасы жомок болуп айтылчу.

- Мунун бир гана туура жолу бар,-деди баарын-угуп билген соң унчукпай отурган Ташаяк абышка. -Болгондо да кандай дейсиңерби?

- Кандай жолу бар?-дешти кары-жаш баары жабыла суроолуу тиктешип.

- Ал кечиримдүүлүк,-деди карт аңчы башын көтөрбөй, улам жөткүрө жөтөлүп.

- Карышкырлар да кечирим кыла алышабы? Кечиримди алар түшүнүшөбү?-дешти жаалдаша.

Жашы жетишип, куусаң, карт дарактай болуп, каштары аппак болуп, чачы жок жалтыраган таз башын, бырышкан колдору менен сылай онтолоп жооп берди.

- Жакшылыкты ким түшүнбөйт. Жакшылыкка-жакшылык.

- Карышкырларга кантип жакшылык кылууга болот?-дешти чогулгандар чуулдаша.

- Бөлтүрүктөрүн... Балдарын бергиле,-деди башын ийкеңдете.

- Балдарын берсе кол салууну токтотушабы?-деди сакалын ак аралаган аңчы.

- Токтотот,-деди ишенимдүү сүйлөп Ташаяк абышка.-Бир эле өздөрү эмес башка жырткычтарга да кол салдырышпайт.

Алтырлык топ үч бөлтүрүктүн артынан Чулум волосунун гарнизонундагы воеводдорго барышты. Бөлтүрүктөрдү берүүнү өтүнүштү. Тима баш болгон воеводдор баягында карышкырлар жара тарткан алты аттын ар бирине ондон киш терисин төлөгүлө дешти. Айласы кеткен кыргыздар аны да эптеп топтоп жеткирип беришти. Бирок, орустар бөлтүрүктөрдүн көздөрүн чукуп коюшкан эле.

Сокур бөлтүрүктөр ийинге жеткирилет. Жырткычтардын кылыгы токтобой улантыла берет. Аксакалдар Ташаяк абышкага кайрадан келишет. Болгон окуяны уккан абышка:

- Карышкыр деп бекеринен айтылбайт. Алардын кеги жанбайт, өчөгүшсө адамдарга да кол салуудан жазганбайт. Бир гана жол кеч күз болду, кайберендер семирди. Эми жамааттык аңчылыкты уюштуруу керек. Ошондо карышкырлар биротоло жок болот.

Хонгарай кыргыз жергесинде жамааттык аң улоо салты бар. Ага айылдын бүт калкы катышат. Ага байланыштуу макал да ушул кезге чейин эл ичинде жашап, айтылып келет. «Жалпы жамаат бириксе аң уулайт, коңшулар бириксе ушак айтат» же «айылдагылар бириксе аң уулайт, аялдар бириксе ушак айтылат» деген айтым жөн жеринен чыккан эмес.

Жамааттык аң улоого алдын ала даярдык көрүлүп, күн болжолдонот. Ал күнү таң эртең менен эркектерге аралаш аялдар менен балдар бүтүндөй аттанышып, талаага аңга чыгышат. Алар алгач бири экинчисинен жүз кадам аралыкта катарга тизилишет. Андан соң жүрүш башталып, эки канат бири–бирине жакындай

баштайт. Атчандардын катары алдыга карай жылганда зор айлана пайда болот. Аң улоого чыккан жамаат тарабынан шайланган башкаруучу баарынан алдыда жүрөт. Анын оң жана сол канаттагы элди башкаруу үчүн эки жардамчысы болуп, эки канат биригер замат, аңчылар тарабынан кыйкырык, чуру-чуулар чыгып, кармалчу аңдар чочуп кача баштайт. Аңчылардын башчысы, бир нече мергенчилер ортого чыгышып, жапайы жаныбарларды жаа менен ата башташат. Айрым учурларда аң улоонун айланасын бир, кээ бир учурда эки ирет курчашкан. Бир жолку аң улоо жүрүшүндө айланып курчоо үчүн он чакырымга чейин жол жүрүшкөн. Эртеден кечке чейинки атылып алынган аң бир жерге жыйналып, ортодо тең бөлүнүп алынган. Аң улоо абдан татаал болуп, көп күчтү, эмгекти талап кылган. Бекер жеринен жергиликтүү калк «аялдын күчүн бала, эркектин күчүн талаа (тайга) алат» деп айтышпаган.

Үйүрлүү карышкырлар жайгашкан аймак түпкүлүгү алтырлыктарга баштатан эле белгилүү эле. Ал тургай ал жайдагы карышкырлардын ийини деп аталган үңкүрлөрдө айрым аңчылардын, кыштымдардын тапкан-ташыган, кийинкиге калтырган буюмдары, азыктары сакталчу. Карышкырлар кышын-жайын алыскы аймакта болушуп, жаз башталар алдын туур мезгилинде келип, ошол аймакты байырлашчу. Аны билген жакынгы чарбагерлер, аңчылар ал тарапка малдарын жайбай, эне карышкырлар бөлтүрүктөрдү тууп, торолгонго дейре кем катташчу.

Ташаяк абышканын кеңеши менен көздөрү оюлган бөлтүрүктөрүнүн кегин алууга өчүгүшкөн жырткычтарды биротоло жок кылмай сайын алардан кутулууга болбостугун түшүнгөн улустагылар жалпы жамааттык аңчылыкка бүгүн таң эртең менен чыгышты. Жырткычтарга арналган аңчылык бир чети коркунучтуу болсо да, бир чети кызыктуу эле. «Көпчүлүк менен көргөн иш-той» деп айтылат эмеспи элде. Айрыкча жаш балдар ата-энелери, жакын тууган-уруктары менен аң улоосу аларга майрамдагыдай сезилди. Колдоруна жаа, белдерине шап, ай балталарын кыстарыша улуулардын тескөөлөрү менен чоң-кичине аралаш катарлаша баратышты. Жамааттык аңдын бир жаман жери-шылдыңга калыш. Шылдың болбош үчүн ар кими аябай аракеттенип, ары чечкиндүү, ары шамдагай болушу зарыл. Кокустан алдыңдан чыга калган аңдан чочуп коркуп жүдөсөң, ал заматта аттап-буттап кутулуп кетет. Анда айыл боюнча абийириң кетип, «чабалдык кылды, коркоктугунан ата албай калды» деген сөздөр тарап, анан шылдыңга айланат. Ал тургай жаш кыздар-балдар шылдыңдашып ырга айлантып, көпчүлүк отурган жерде абийири айрандай төгүлөрү бештен белгилүү. Андыктан аңга

чыккандардын баары элпек, сезгич, эр жүрөк, шамдагай болуулары тийиш. Муну жакшы билген кары-жаш баары аңчылыкка кунт коюшуп, чарчап-чаалыккандарына карабай көпчүлүктүн катарында болушту.

Акырында карышкырлар качып кетише албай октун жеми болушту. Баягы көздөрү оюлган үч бөлтүрүк тирүүлөй колго түшүрүлдү. Жырткычтар менен кошо канчалаган кайберендерди карт аңчылар тосмолошуп жаштарга аттырышып, жамааттык аң жаштар үчүн чоң майрамга айланды.

* * *

Чулум волосунун аймагындагы кыргыздар кыштымдары менен көтөрүлүштү.

Топтолгон көпчүлүк күн шашке болгондо ар тараптан чепке ат коюшту.

- Хух-хух эткен ызы-чууга кошул-ташыл бирин-бири сүрөгөн жергиликтүүлөр калаанын чебин каптап өтүштү. Воеводдор мерчемдүү жайларга жашынып алышып жакын келгендерди ок менен тосуп алышты. Атчан чаап келе жатып, ок тийип ала салгандар болду. Колдоруна союл-таяк алган айрымдары, чеп катары тосмолонгон жыгачтарды дүмпүлдөтө уруп, кайра тартышты. Бире-экөө шамдагайлык менен чаап баратып, тосмолордун соройгон учтарына чалма ыргыта атка сүйрөтүштүн аракетинде болушту эле, бышык орнотулган түркүктөр туруштук берип жыгылган жок. Дүпүлдөгөн мылтыктардын огу жетпес жайга барышып, арткы келе жаткан сүрөөн менен мурдагы келгендер кайрадан тосмолорго такалып жатышты. Жакын чаап келгендерди мээлеп атууга камданып, жашынган жерлеринен баш көтөргөн бирин–экин воеводдорго чып-чып эткен жаанын октору таамай тийип жаты. Төбөдөн зуулдап учуп өткөн жебелерден сестенишкен воеводдор шаштылары кете мээлебей эле туш келди ок чыгарышты. Калаа ичи түтүнгө толуп, чочуп кыйкыра ыйлаган жаш балдардын, аялдардын үндөрү баш-аламан угулуп жатты. Атылган октордон жазгана кайра кайткан жергиликтүүлөрдүн тобу кийинки келгендердин сүрөмөлү менен кайрадан ат коюшту. Жапырт ыргытылып, соройгон жыгач тосмолорго илинген жип-аркандардын учун ээр кашка орой, үзөңгү боого басып айдаган атчандардын күчүнө туруштук бере албай, сыртка карай шалак-шалак кулаган тосмолор аңырая ачылып калды. Тосмо артында бекинишкен воеводдор чабуулдан жалтаныша кетенчиктеп чуркаганча туш келди атып качып, ортодогу казармага кирип жатышты. Сырттагылардын келишин билип, мурдатан бышыктап тосмо

орнотушуп даярдангандар, жакын чаап келгендерди дал мээлеп жыкканынан улам, алардын чабуулу сээлдеп, мылтыктын огу жетпес жайга барып кыдырата тизилип, кетпей турушту. Баятан албасташып, эстен чыгарышканбы же буйрук ошондой болгонбу, тосмо артындагы замбиректер күү-күү эттире топ атчандарды карай ок чыгарышты. Ышкырып келип, жерди оодара тийген замбиректин огунан жергиликтүүлөр сестенише бириндеп кача беришти. Замбиректин кулак жарган үнүнөн жер чаңыта дал келип тийген октон жергиликтүүлөрдүн минген аттары үркүп, үстүндөгү ээлерине баш бербей баш- аламан чуркап аңды-дөңдү карабай кача беришти. үрккөн аттары менен алек болушкан жергиликтүүлөр ок жетпей турган жайга алыстап барышып, сепилди тиктей көпкө турушту.

Калаадагы окуя заматта эле бүтүндөй Чулум аймагына, айрыкча эне-сайлыктарга тарап кетти. Жергиликтүү эл менен келгиндердин мамилеси жакшырмак турсун, татаалдыкка айланды. Бири-бирине ишенбөөчүлүк пайда болуп, жарым жалгыз каттоо үзүлдү. Күндөн-күнгө араздашуу күч ала берди.

* * *

Бир жолу Номчунун жубайы жан-жөөкөрлөрү менен жанаша улуска айылчылап бара жаткан. Жолдо аны капилеттен чыга калган жаңы келген аскер горнизонунун жетекчиси тосуп калды. Атчан зайып аларга көңүл бөлбөстөн ат оозун тартпай, токтобостон жол улай берди. Токотпогонсуган аялга бир чети ачуусу келип, бир тарабы сынамакка аскер жетекчиси жардамчысына буйрук бергенче атын теминди.

- Токтоңуз айым! Биздиң жетекчибиз сизди сурап жатат, – деп кайталады воевод.

- Аныӊ менен менин ишим жок – деди аял жаман кезү менен карап.

Жетекчисинин буйругу аткарылбай калганынан сестенген жоокер аял минип бараткан аттын жылоосуна асылды. Мындайды күтпөгөн ал териге воеводдун кылыгына ачуусу келип:

- Кач жолдон! Атты жылоолобо! – деп теминди. Воевод аялдын каршылыгынан дендароо боло селейди.

- Аны бери алып кел!– деди жетекчиси буйра сүйлөп.

Жоокер аттын жылоосунан бышык кармап, жетекчиси тарапты көздөй тартты. Ат үстүндөгү аялдын тизгинди катуу силккенинен улам ат моюнун көтөрө башын чулгуп токтоп калды. Менменсинген воевод жетекчисин карай бергенде алдындагы куруч аттын

тизгинин силке, аял катуу теминди. Ойдологон аттын соорусу жоокерге тийип, дегдеңдеген боюнча баш кийими ыргый жол четине чалкасынан түштү. Талаа аялынын аларды тоготпой, шамдагайлык менен ат ойнотуп воеводду омуроолотуп кетип баратканына ачуусу келген жетекчи өзү минген атты чаап барып, аялдын атынын тизгинине жармашты. Булардын кылыгына бир тарабы таң калышып, бир тарабы сестенишкен бийдин аялынын жан-жөөкөрлөрү аттарынын оздорун тарта токтоп калышты.

- Менин атымды жылоолотпой, алгыла муну! — деген аялдын буйругун уккан нөкөрлөрү воеводдордун колдоруна куралдарын алууга камдантпай, асыла кетишти. Ары-бери тартышып жатып бошонушкан орус воеводдору төбөгө карай мылтыктарынан ок чыгарышты. Бийдин аялынын тобунун аттары үркө кошкурушуп, тымтыракайы чыга бириндешти. Воеводдор шапа-шупа аттарды кармашып, бардыгын ат үстүнөн түшүүлөрүн талап кылышты. Аскер жетекчиси аялдын каршылыгына карабай атынан оодара тартты. Атсыз калган айымды көрүшүп, анын шериктери да аттарын калтырышып, анын жанына топтолушту.

Аскер жетекчиси бир саам аларды кыдырата карады. Кулпурган киш ичиктерди кийген талаа ээлери аны жек көрө тиктеп турушту.

- Чечкиле ичигиңерди! – деди ал буркулдап.

Тургандар анын буйругун тоготушпадыбы же түшүнүшпөдүбү, кыймылдашкан жок.

- Мен силерден ичигиңерди чечүүнү талап кылып жатам!— деди кыйкыра. Айымдын тобунун бири да анын сөзүн этибарга алышпады. Ачууланган аскер жетекчиси өзү келип, айымдын ичигин, булка-силке тартып алды. Аны көргөн жоокерлер да беркилердин ичиктерин чечишин күтпөй булка жулкушуп жондорунан сыйрып алышты.

- Ичиктерди бергиле, – деди айым ачуусу келип туталана воеводдорго.

- Берилбейт!

- Эмнеге берилбейт?

- Мындай баалуу ичиктерди кийүүгө акыңар жок – деди тиртеңдеген аскер жетекчиси.

- Ушуга эле кызыксаң, керегиңе жаратып, тешигиңди бүтөп ал, кайырчы—деди айым сурдана.

- Доошуңду бас, шайтан!

- Тфу! Сен шайтан, акмак! — деп бетине түкүрө айым басып кетти.

Кызара-татара ачуусу келип, бетиндеги түкүрүктү аарчып, энтиккен аскер жетекчиси:

- Алып барып, камагыла!-деп жер тепкиледи ал воеводдоруна.

Баятан «эмне болуп кетет» деген ой менен аярлап турган айымдын колдору бош нөкөрлөрү, жутунган воеводдорду буймага келтирбей камчылары менен сабап, кылыч- мылтыктарын даярдоого үлгүртүшпөй тартып алышты. Офицер дүрмөттүү мылтыгын асманга тарс атып, кайра октогуча айым баш болгон топ аттарына шап минишип, качып жөнөштү. Бакырган офицер алардын аркасынан ок чыгара:

- Токто! Токтогула! – деп кыйкырып кала берди.

Бир чети коркуп, экинчиси ачуусу келген айым бий отурган өргөөгө көздөрү алаңдап, сурданган боюнча кирип келди. Суукта ичиги жок, жеңил кийинген аялын көргөн Номчу жаман бир окуя болгонун сезип, ормоң тиктеп калды.

- Орустар, орустар,-деди аялы энтиге.

- Ии?

- Орустар бизди тоноп, ичиктерибизди сыйрып алышты.

- Эмнеге?

- Жолдо келе жатсак, аттарыбызды жылоолоп, тономок болушту.

- Анан?

- Алардын тилин алган жокпуз. Бизди ат үстүнөн оодара тартышып, ичиктерибизди күч менен тартып алышты.

- Кол кайруу кылбасаңар делеби?

- Ооба. Каршылык кылып, аларды камчыга алып, куралдарын тартып алдык. Өздөрүн байлоого үлгүрбөй калдык. Чоң төрөсү биздин башыбыздан ашыра мылтыгын тарсылдата атып кала берди. Карматбай качып келдик

- Артыңардан кубалашпадыбы?

- Үлгүрө алышпады, «токто, токтогула!» деп кыйкырган боюнча кала беришти.

- Силерден колго түшүп калгандар жокпу?

- Жок.

- Жарадарларчы.

- Жок.

- Барып тур! - деп Номчу аялына зэк какты. Ал өргөөдөн чыга бererде суроо салды.

- Алар кайсыл жерден тосушту?

- Биздин кыштым капчыгайдын кашатында.

- Чаттагы бурулуштабы?

- Өзөндөн өтө бергенде.

- Саны канча бар?

- Жети – сегизден ашпайт.

- Түшүнүктүү, - деп жанындагыларга кайрыла буйра сүйлөдү.

- Жигиттерди топт гула!

Заматта шаптай болгон он чакты жигит топтоло калды.

- Жигиттер! Орустар чаттагы бурулушта биздин адамдардын көз көрүнө кийимдерин тоноп алышыптыр. Алар узай элек. Төтө жолго салып, үчтөн болгон тобуң бирин оң тараптан, экинчи тобуң сол тараптан айланып барып, алдынан тоскула! Биз калганыбыз ачык эле жол менен барабыз. Ок чыгарбай этияттагыла. Алардын бутасына айланып калбоонун аракетинде болгула! Кармасаңар өлтүрбөгүлө! Жазаларын колдоруна берип, экинчи катылгыс кылалы!

Жигиттер жеңил кийинише леп-леп чуркашып, токойдун ичине кирип кетишти. Номчу үч жигитин эрчитип, баягы качып келгендердин жолуна салды. Куугунчулар төтө жолго салышып, заматта жетип барышкан. Жигиттер Номчулар барганга чейин орус жоокерлерин жетекчиси менен кошо эпчилдик менен кармап, күтүп турушту. Колго түшкөн воеводдор Номчуну көрүп селэйише оң алеттен кетишти.

- Ии, зордукчулар? Эми карактаганга өттүңөрбү?

Алар баштарын көтөрө албай шылкыйышты. Каршылык кылгандарын жаза-буза мушташканбы айрымдарынын бети-баштары сыйрылса, айрымдарын чекелери томуйган.

- Эмнеге жөн бараткандардын ичктерин сыйрып алдыңар?

Туткундагылар жетекчи тарапка караштьı.

- А айып сенде тура?

Бая аялдарды тоскондо эрдемсинген топтун жетекчисинин жылдызы жерге түшүп, «алда, эмне балекет болот?» деген ой менен коркуп, көздөрү алаңдай, ырайым күтүп калыптыр.

- Кечириңиз, төрө? Биз айыптуу болуп калдык?-деди боз ала боло шылкыйып.

- Күнөө кылган соң кечиримди сурабай эле кой,-деди бий сурданып.

-Жан соога, төрө? Жан соога? Айып менде-деп жалдырады. Анын өңү коркконунан боп-боз болуп, колдорунун калтыраганы билинип турду.

- Эки тарапты тытыштырып, ортого от жагайын деген экенсин да? Кана, күнөөңдү кантип актайсын?-деди бий колундагы камчысы менен анын ээгинен көтөрө.

- Жан соога? Кызматыңызды кылайын, төрө?-деди ал ыйламсырай.

- Макул. Мен силерге тийбеймин. Силер да бизге тийишпейсиңер! Эгер тийише турган болсоңор, анда кечирбейбиз. Чечкиле колдорун!-деп жигиттерине кайрылды бий.

- Ыракмат, ыракмат!-дешти «Алда эмне балакет болуп кетет» деп турган туткундар.

Алар жергиликтүүлөрдүн адамгерчилигине ишенип-ишенбей кылая тиктеп жатышты. Чымырата катуу таңылган колдорду жигиттер тез эле чече коюшту.

Номчу жиптин тагы өтүп, колдорун ушалап жаткандарга кайрылды.

- Дагы да эскертип коеюн! Ынтымакташып жашайлы! Ыркты буза турган болсоңор, биздин душманыбыз болуп каласыңар! Абайлагыла! Биз силерге жамандык кылганыбыз жок.

Орус воеводдору алар эмне десе да, макулдуктарын билгизише баш ийкеп жатышты.

- Баргыла!-деп бий алардан жүзүн буруп, тескери басты.

Воеводдор аркаларын кылчак-кылчак карашып, шашыла байланган аттарына жетип, барышып, чечип минишери менен бири-бирине карабай чаап жөнөштү.

- Бий! «Жоо аяган жаралуу» дечү эле го биздикилер?-деди жигиттердин жашамалы качып бараткандарды карап туруп.

- Өзүбүзгө орустарды өчүктүрүп албайлы, - деди Номчу.

- А орустар бизди аяша элек–деди экинчи бирөө четтен үн катып.

- Адамгерчиликти билишсин! «Таш менен урганга, аш менен жооп бер» деген улуу сөздү унутпайлы.

-Үйгө кирбей жатышып, төр талашышат. Эртең түбүбүзгө жетип жүрүшпөсүн, кызыталактар - деди дагы бири кобурап.

- Биздин адамгерчилигибиз улуу. Арканды узун таштайлы, - деди Номчу шериктерин кыдырата карап. Бирок, ичи эңшерилип, көңүлү уйгу-туйгу эле.

- Сугалак жандар адамгерчиликти туюшкудай эмес, бийим! Булар менен эсептешип жүрбөсөк болбойт,-деди баягы карт жоокер көңүлсүз.

- Андай болсо, жазаны өздөрү сурап алышат. Канга забын болбой, абайлайлы! Алакандай элбиз. Укканга караганда, сансыз эл дейт буларды. Талоонго калбайлы. Ансыз да ойрот монголдордон запкы жеп, тукулжурап турган чакта душман санын көбөйтпөйлү. Мүмкүн бизге «тууган болуп беришээр». Коңшу болуп, коюн-колтук алышсак,түпкү душмандарыбыз сезтенишээр. Не болсо да бизден кетпесин. Жакшылык кыла туралы «Ичкен суусуна

түкүрбөстүр?» деген ой менен Номчу шериктерине ичиндеги сырын ачык айтпаганын алар туйгандай болушту.

* * *

Жаңы келген княздар жергиликтүү калктан киш терилерин жана кымбат баалуу аң терилерин майда буюмдарга, эң зарыл керектүү эмеректерге, кездемелерге алмашып алышса, бара-бара баасын айтышып «мынчадан таап бер?» деп өтүнүшчү. Кийинчерээк талап кыла башташты. Белгиленген маалды алып келе албай калгандарга кошумча ясак салып, үйлөрүндөгү баалуу буюмдарын зордук менен тартып алууга өтө башташты. Орус көпөстөрүнүн бирөөсү келип, салык (ясак) алып кетсе, экинчиси дагы келип талап кылып, талап-тоноо күндөн-күнгө күчөй берди. Көпөстөрдүн алдым-жуттумдугу жергиликтүү качын татарларын, арын урууларын жадатып жиберди. Эне-Сай татарлары кыргыздардын «өз адамдары» катары эсептелип, аларды сырттан келген душмандардан коргогондугу үчүн алар кыргыздарга салык төлөп турушчу.

Киш терилерин жана кымбат баалуу аң терилерин көбүрөөк топтоо максатында Москвадан келген княздар биринен бири өтүп Эне-Сай аймагына улам тереңдей киришип, падышанын буйругу дешип, ар түрдүү ясактын түрлөрүн ойлоп табышты. Алардан жадаган жергиликтүүлөр көчө качышып, кыргыздардын аймагына келип, уруу башчылардын уруксаты менен кыштымдарга аралаша отурукташа башташты. Качкан жана каршылык кылган жергиликтүү элге көпөстөр орус воеводаларына таянышып, күч колдонуу менен мүлктөрүн тартып алышып, жайкы убактан сырткаркы мезгилдерде баалуу киш терилерин жана эт азыктарын даярдоонун өлчөмүн милдеттүү түрдө талап кылышты. Чулумдук татарлар орус көпөстөрү менен тил табышып, кайсыл аймакта, кандай баалуу буюмдар бардыгын, аны кайсыл мезгилде чогултууга боло турганын айтып үйрөтүп келишкен эле. Ал тургай орус воеводаларына жол көрсөтүп, кыштым капчыгайларына дейре эрчитип барып жүрүшкөн.

Калаанын эптеп курулган чеби туруштук бере албады. Адегенде эле жергиликтүү атчандар каршы-терши чапкылашып, ышкырган жебелерди биринин артынан бири жаадырышып, чеп ичиндегилерди бекинүүгө аргасыз кылышты.

- Аткыла! – деп воеводдорго берилген буйруктан соң тарсылдаган топ мылтыктардан түтүн чыгып, жакын келген атчандар кулай баштады. Атчандардын экинчи жапырыгы чептин

түбүнө келишип, айлана чапканча соройгон мамыларга чалмаларды ыргытышып, сүйрөп кетип жатышты. Алардын артынан келгендер майда бутактарды чогулта келишип канаттуу куштардын качантан бери как болуп курга ган уяларына от коюшуп, чептин ичине ыргытышты. Заматтын ичинде жумшак тыбыт жүндөрдөн жасалган кургак уялар жалбырттап күйүп, чеп ичиндеги тактайларга от жармашты. Атчандар каршы–терши чаап баратып, соройгон мылтыктарды, айрым воеводдорду дал ыргыткан аркандары менен тартып алышып, улам алыска сүйрөп барып ташташты. Калаадагылардын канчалык каршылыгына карабай чеп түтүнгө толуп, жалын жалбырттап көтөрүлдү. Быкшыган түтүнгө тумчуга жөтөлүшүп, көздөрү ачышып, жалындын ортосунда калган воңводдор сырттан келгендерди атмак тургай, өздөрүнүн жаны менен алек болуп калышты.

Эт бышым убакыт ичинде Том калаасынын айланасы ачуу түтүнгө толуп, чеп ичинде жашынгандар айласыздан сыртка чыгууга мажбур болушту. Чабуул койгон жергиликтүү атчандар ок жетпеген алыстыка барышып, чуру-чуу түшкөн калаалыктарды үндөбөй карап турушту. Орустардын ачууланган кыйкырыктарына, коркуп ыйлаган аялдардын, жаш балдардын ызы-чуусуна, бири-бири менен ажылдыша айтышуусуна калао ичи толуп чыкты. Бир топ убакыт өтүп, калаалыктар бир тарапка сүрүлүп, багынгандыктын белгиси-ортолукта ары-бери ыргалган ак желек көрүндү.

Орус падышалыгынын өкүлү Тобольскинин воеводасы княз Иван Катрев–Ростовский (1609-жылы) Томскиден жиберген билдирүүсүндө «Кыргыз адамдары Томск шаарына эч кандай зыян келтирбөөсү жана капыстан келип жер иштетип жүргөн адамдарга, малга эч кандай жамандык кылбастыгы үчүн чара көрүүгө кошумча адамдарды жиберүүңүздү көптөн-көп өтүнөм!» - деп өзүнүн чоңдоруна шашыла салам жолдоду.

Том калаасындагы окуя заматта эле бүтүндөй Эне-Сай аймагына, андан аркы Сибирь, Орхон, Монголдорго тарап кетти. Келгиндер менен жергиликтүү элдин мамлеси жакшырмак түгүл улам татаалдана, улам касташуу күчөй берди. Андан соң орустар тарабынан Энисейск 1618-жылы негизделет.

Кыргыздардын орус воеводаларына каршы ишенимдүү кол салышына Батыш Монголия урууларынын кол башчысы Алтан хандын өз ара тыгыз мамиледе болушу жардам берген. Алтан хан кыргыздар менен жунгарлардын ортосундагы тосмо катарында болуп, кыргыздардын орус шаарлары менен чептерине каршы күрөшүн алдыртан колдой тургандыгын билдирген. Себеби, кийинки

жылдары ясак-деп орустар көп салык чогултушуп, монголдорго бери‿ген жыйымдардын көлөмү азайып бараткан эле.

Том калаасына жакын жашаган арын урууларынын башчылары Номчуга келип даттанышты.

- Номчу баатыр! Келгиндерден жадап бүттүк. Көпөстөрү келип, ар кыл талаптарды айтышып, салыктын түрүн көбүйтүп жиберишти. Биз силерге жылына бир жолу ыктыярдуу салык төлөөчүбүз. Анда да көңүлдөн чыкканын берчү элек. Орус князддары ай сайын ясак төлөтүшүп, көңүлүбүзгө көк таштай тийди. Алымынын түрү көбөйдү. Биринен кутулсак, экинчиси дагы ойлоп табылып, ичкен суубузга, баскан жолубузга, байырлаган журтубузга, жаккан отунубузга, короодогу малга, үйдөгү жанга ясак төлөгүлө деп алчуусун алып, жулчуусун жулуп кетишет. Төлөөгө кудурети жетпегендерди айдап кетишип, караңгы жайга ач карын камап коюшат. Аларды эптеп ажыратып алууга артынан баргандарды тоношуп, каалаган өлчөмдөгү алымдарды талап кылышат. Анын да алы жетпесе жазалашып, Россияга кызмат кылууга сүргүнгө айдашат.

Ойлонгон Номчу «кандай сөз чыгар экен?» деп өздөрүнө суроо салат.

- Кана, эмне кылганыбыз оң болгудай?

- Эгер уруксат берсеңер, биригели да, өз жерибизден орустарды биротоло кетирели.

- Биринчиден, орустарды биздин жерибизден кетириш оңойго турбайт. Экинчиден, алардын колдорунда алыстан тийип, тез атылуучу мылтыктары бар. Бөөдө эл кырылат.

- Андай болсо биз теңирдин иши деп кол куушуруп отура берелиби?

- Жок. Отура берүүгө болбойт. Аргасын табуу керек.

- Каткенде табабыз?

- Курал менен сүйлөшүү калды.

- Анда курал алалы?

- Куралды кайдан алабыз?

- Орустардын өздөрүнөн.

- Ага акчаны кайдан табабыз?

- Орустардын салыгына берүүчү баалуу буюмдарды жана аң терилерин силерге берели. Мылтык, ок дары алгыла.

- Бул жөндүү кеп.

Кыргыздар арын урууларынан, жергиликтүү эне-сайлык качин татарларынан күч топтоп, алгач чулумдук татарларга кол салышты. Биргелешкен жортуулга чыдабаган чулумдук татарлар үй-жайларын, чарбасын жана малдарын таштап, Томдогу чепке жашынууга аргасыз болушту. Кыргыздар башында турган чабуулга

каршы орус воеводалары кыргыз жерине жортуулга чыгары белгилүү эле. Номчу бий ага карата катуу даярдыктарды көрүп, эр жигиттерди чогулттурду. Бийдин уулу Ишей мерген буктурма уюштуруп, орустарды тосуп алып, өткөрбөгөнгө аракеттенди. А орус воедовалары болсо жергиликтүү кыргыздарды экинчи баш көтөргүс кылып үшүн алып коюу максатында өзгөчө даярдык менен аттанышты. Биротоло баш ийдирип, милдеттүү түрдө салык төлөтүүнү көздөгөн куралдуу колго коңушулаш Том, Езер, Абакан, Кызыл-Жардагы воеводдор түгөл чакырылган эле.

* * *

Кыргыздарды толук багындырууга карата Тобольскинин воеводасы княз Иван Катрев – Ростовский демилге көтөрүп, алгачкы чапкынды өзү баштап чыкты. Анын ою боюнча Алтысар улусун алмайын жамы Эне – Сай кыргыздарын биротоло багындыруу мүмкүн эмес эле. Ал билгендей, Алтысар улусу түзөңдүү аймакта жайгашып, тегереги аккан сууга, жайытка мол, кенен өрөөн эле. Кымбат баалуу аң терилери, эт камдалуучу кайберендер да бул аймакта арбын, тоо-талаалары оттуу келип, күнөстүү аймак жылдын кайсыл мезгилинде болбосун төрт түлүктүн жана кайберендердин от куушуна, көп тарабынан ыңгайлуу талааларына окшоп, токойлуу адыр-тоолорунда кышында кар калың түшкөнү менен башка аймактарга караганда жылуу келип, он-он беш күндөн ашкан бороон-чапкын аз болор эле. Жаз эрте башталып, кар тез кетет. Ал эми жайы салкын тартып, кеч күзгө чейин аймактын баары жашыл тулаңга бөлөнүп турат. Жапайы мөмө - жемиштин баары болуп, кышында да дарактардын башында көздүн жоосун алып, салаңдап тура берет. Ошондон уламбы, кайберен, жан – жаныбар, миң сандаган канаттуу куштар, териси куллурган киштердин ар кыл түрлөрү арбын эле. Алтысар аймагынын кыштымдары да жайы – кышы кыйналбай жашашып, деги эле төрт түлүк мал кол карабай, жайытта болсо да эти бузулбай кыштан семиз чыкчу. Кыш узагына айланып, жут болгон чакта, токойлору пайдаланылып анын ичиндеги жумшак тулаңдан улам мал ачка калбагандыктан эне-сайлыктар өздөрү суктанып, башка улустагылар көз артышчу.

Эне–Сай аймагынын ой-түзөңдөрүнүн шарты менен тааныштыгы бар адам үчүн Алтысар өрөөнү жер ортосу. Анын төрт тарабында төрт улус (хандык) жайгашып, эң ирдүү жаман-жакшылык, соода-сатык, негиздүү майрамдар ушул жайда өткөрүлчү. Ага алыс жууктагы беш-он күндөп ат арытып, тууган–

урук, жек-жаат эч болбоду дегенде жылына бир жолудан келип-кетип турушат. Жаңылык кабар да алтысарлыктар аркылуу алыскы кокту колоттогуларга, мал артындагы малчы-жалчыларга, аңчыларга жалпы эле эне–сайлыктарга жетет. Кыскасы Алтысар Эне–Сайдын дарбазага салган кулпусу. Ошол кулпуга жетип ээлеп, алгандан соң Эне–Сайдын башка коюн-кончу кайда качмак?

Иван Катревдин кошуну Алтысарды көздөй жаз өтүп, жай башталган чекде жүрүшкө чыкты. Кошуун башы болуп княз Петр Еремин дайындалган. Томдон чыккан Ереминдин кошууну өзөн, дарыялардан өтүп, токой аралап, дөңсөлүү талаа жерине келгенде өрүш жасады. Андан дөңсөө талаалардан өткөндө чаалыккан чапкынчылар кайрадан тыныгууга токтойт. Жол жүрүп ысыкта алсыраган кол шар аккан сууга жуунуп, суусундары кангандан соң бир саамга болсо да көлөкөлүү саябан издей кээлери даарат ушатканы, кээси тамаша–шоокко алаксый куралдарын бир жайга чогултушуп, бет келди чаржайыт, өз алдынча басып кетишет. Аскер жигиттери чогулушуп, тапкан-ташкандарын ортого коюша алдыда өлүм коркунучу жатканы эч биринин оюна да кирбейт. Кыргыз жери али алыс. Ага жетүүгө чейин али дагы канча жолду басуу керек? Кошуунда келаткан колдун ичинде бир да жергиликтүүлөрдөн жок эле. Чыккынчылык кылбасын деген ойдо Катрев кыргыздар менен ымала кылган жергиликтүү татарлардын эч кимисин кошуунга жолоткон эмес.

Кошуундун жол чалгычы эне-атасы жок туумайта жетим баягы Васия эле. Ал ата-энесинин Эне–Сайга качан келгенин да билбейт. Бирок, өзү ушул жерде чоңоюп, ата-энесинин сөөгүн ушул жерге берген. Төрт жашынан жетим калып, көрүнгөндүн улагасында арткан тамак менен оозанып, иттен бейкарып болуп жүрүп чоңоюп келе жатат. Ал кар жаагандан жазга чейин, кыйналат. Жаз башталгандан кеч күзгө чейин аны менен эч кимдин иши жок. Ээн талаада эркин жүргөн кайберендей сезет өзүн. Себеби, канаттуулар уя салгандан баштап, жапайы жер-жемиш бышып түгөнгөнгө чейин талаадагы каалаган тамак болоор даамдын баары ошонуку. Жумурткадан баштап, чил, кекилик, коен, ал тургай, алы жетип жаа менен атып алган кайберендердин эти өзүнөн ашып, канчалаган жетимдердин курсагын кампайтты. Кийин акылына киргенден соң кыш камын көрүп, азыктарын кургатууну да үйрөндү. Васия өзүнө окшогон айрым достору менен Алтысар аймагындагы кыштымдардын канчасы менен даамдашып достошту. Жан багуунун бардык өнөрүн ошол кыштым балдар үйрөттү. Балыкты кантип тутууну, аны жана тапкан этти кантип кургатууну, жаа керип, кылтак салууну ошол досторунан өздөштүрдү. Кыштым

капчыгайларын түрө кыдырбаса да, жакынкы өрөөндүн кокту-колотторун эчен аңтарып аңчылык кылып, кеч үйлөрүнө да барып түнөп калчу. Өздөрүнүн улутуна караганда кыргыздардынг, айрыкча кыштымдардын балдары менен кошо болуу ал үчүн жыргал эле. Ээн эркин, эч кымырынык-кысынууну билбейсин. Уруп-соккон, кемсинткен эч ким жок. Анан да алар Васияны өзгөчө жакшы көрүшүп, тапкан-ташыганын эч аябай ушуга беришчү. Эч бир кытмырлыгы жок, ак көңүл бала көбүн эсе кыштым достору берген кийимди кийип, алардан айырмаланчу эмес. Жергиликтүүлөрдүн тилин үйрөнүп, ырларын, кызыктуу кылып үн созуп ырдап, жомокторун айтып да берер эле. Айткан сайын жергиликтүүлөр кубанып, кайра-кайра сuранышчу.

Кийинчерээк Васияны Том калаасындагы курулган чептеги воеводдор көбүрөөк кызыктыра баштады. Ар тараптан келген орус аскерлеринин эртели-кеч машыгуулары аны өзүнө тартар эле. Шам-шум этkенге да бир нерселер табыла калчу. Кээде алар Васиядан бир немелерди сурап, кургатылган эттен, балыктан алып келип берсе, алар аны аябай мактап калчу. Бирин-бири ыплас сөздөр менен сөгүп тамашалашкандары, кээде мушташа кетишкендерине таң калчу. Ал тургай белгилүү атамандары да балага мамиле кылып, бир нерсе сурашып, иш тапшырып калышчу. Аскер жетекчилери аны ары-бери жумшап, кээде ашкан тамекилирин бере коюшуп, кээде бирге түтөтүшүп калышса, өзүн кадимкидей чоң адамдардай сезип калаар эле. Көңүлү жакын воеводдорду ээрчитип, калаанын сыртына чыгып, аларды аймак менен тааныштырчу. Ошондон улам анын дареги воеводдордун башчыларына жетип, Васияны жол чалгыч кылып кошуп алышкан. «Жапайы» кыргыздарды баш ийдирүүгө атайын жүрүш жасап бараткан чапкынчыларга кошулуу анын оюнда түк болгон да эмес. Капыстан көзгө көрүнүп, зордук-зомбулуктан улам аргасыз макул боду. Бул абалды ал мурда билсе, калаадагы чепке түк жоломок эмес. Кокустан барып калып, воеводдордун жетекчилерине кабылып, мойнунан байлаган иттей болуп араң келе жатат. Эрк өзүндө болгондо ал көзгө көрүнбөй качып кетмек.

«Канткенде кыргыздарга кабар берип, чапкындан аман алып калууга болот?» деген суроо жүрөгүн өйүп келет. Бей-бечара момун эл куралдуу баскынчылардан кантип кутула алат? Катары ат чабым болбосо да, тай чабым аралыкка созулган куралчандар бейкут жаткан элди чочутуп, ызы-чууга түшүрө кылыч менен чапкылап, мылтык менен аткылары белгилүү. Коркунучтун жакындап бараткандын, кандуу жүрүштү жергиликтүү эл туюп, баш калкалап жашынып же жалпы куралданып тосуп алышса мейли эле. Оюо онго,

санаасы санга бөлүнгөн Васия кыргыз жерине жакындаган сайын ирейи бозоро тынчсызданып баратты. Жергиликтүүлөрдүн күнөөсү кайсы? Канткенде аларга эптеп кабар бере алат? Жандай көргөн өзүнүн досторун канткенде аман сактап кала алат? Көзүнө кызыл кыргын, кулак тунган көп мылтыктын тарсылдагы, кыйрап жыгылган адамдар, ачуу кыйкырган энелер, көз жашын көлдөткөн жаш балдар элестеген сайын буттары улам чалыштады.

Эртең менен тынбай келип каржалган чапкынчылар кайрадан тыныгууга токтоп, айрымдары суусун ичип, айрымдары чар жайыт, туш келди басканда оозу кеберсий, шалдыраган бала айласы куруп, нестейип ордунан жылбай отура берди. Аны менен эч кимдин иши жок. Анын бүткүл ою алтысарлыктар кантип атышат экен? Кантип аларга кабар берем? Чапкынды билишер бекен? Же күндөгүдөй эркектери кэлөкөлөп, аялдары жүн тытып, балдары чуру-чуу ойноп, бейгам бекен? Кантип кабар берем? Элдин баары бекинип качышса, алыс, алыс кетип калышса кана? Анда булар барып, жер сыйпалап калышар эле... Андай болгондо кана? Эч болбоду дегенде коркунучту сезип калышса... Даярданып турушса... Куралдуу эки тарап бири-бирин акыйа тиктешип, тарап кетсе болбойт беле? Эмне болсо да аларга кабар берүү керек? Кантип? Капылеттен төбөдөн кузгундун үнү угулду «курк, курк» этип, жакын эле жерден сагызган шакылыктады. Санаага баткан бала кыштым досторунан үйрөнгөн адаты боюнча кузгундун куркулдагын, сагызгандын шакылдагын туурап үн салды. Аны уккан аскер башчылары, баланын кылыгына күлүп жатышты. Васиянын оюна заматта коркунучтан кабар берүү мүмкүнчүлүгү бар экендиги келе калды. Эч болбоду дегенде жакынкы жерде жүргөн кыштым малчылары мунун үнүн угуп, божомолдоолору бышык. «Болбосо үндү улап, кандай өлүмтүккө кузгундар кызыкты же койгон капканга кайберендер түштүбү? деген ой менен баары бир кызыга келе калышып, куралчандарды, жат адамдарды көрүшү мүмкүн. Анда алар сөзсүз «Чоң айылга» кабар бериш алат. Воеводдорго билинбей бөтөн жолго салып, айылга мурда жетишет. Чет айылдагылар сактаныша куралданышып башкаларга белги берери анык. Эмне болсо да белги берип көрөйүн». Ал ушинтип ойлонду.

Васия эки колун оозуна такай түтүкчө кыла мас болгон бука бугуну туурады.

- Буу-буу-буу. Анын кылыгы отургандарга жагып, каткырып тамашалаша бирдемелерди айтып жатышты. Бала дагы а бугуну туурап, улам-улам кыйкыра-бөкүрүп жатты. Капылеттен шамалдын эпкини менен кунажын бугунун кыска бөкүргөн үзүл-кесил үнү угулду. Васия ал добушка ишенип-ишенбей, ордунан туруп

«бөкүрдү». Эми эне бугунун «буканы чакырган» добушу экинчи тараптан чыкты. Булар бугулардын чыныгы үнү эмес эле. Себеби, туут маалы аяктап бараткaнда бугунун букасы эч бөкүрбөйт. Айрыкча алар жазгы туут мезгилде бири-бирин чакырып үн салышары жергиликтүүлөргө маалым болчу. Жооп кылган бугунун үнүн уккан жоокерлер Васияны тамашалай баштаашты.

- Бугуларды көбүрөөк чакыр. Мергенчиликтин кумарына бир каналы?

- Бугуну чакырып, байлап алсаң дале болгудай, – дешип жажылдашты.

-Урушка баратып, кайдан бугу атмаклыз? Анда «тигилер» туюп калышпайбы?

- Туюп кайда барышмак!

- Жаалары менен бизди терип салышат.

- Мылтыктын алдында жаа эмнеге жарайт дейсин?

- Бүгүн алардын азабын берип, экинчи баш көтөргүс кылабыз.

- Эркектерин байлап, кыздарын катындыкка алабыз.

Васиянын кылыгынан соң жоокерлердин тамашасы күчөдү. Ар кими өзүнүн оюн айтып, каткыра сүйлөп жатышты.

Кошуун эртең менен чыккандан бери тартип сактоо анчейин болгон жок. Казармадан чыкканда катар жүргөндөр ээн талаага келгенде чачыла басышып, ар ким өз алдынча болуп, кээ бирлери сөгүнө кетишип, воеводдор арттан келе жаткан жетекчилерин анчейин этибар алышпады. Тамашалаша, каткырышып, кээлери кыйкыра алдыңкыларга чуркап жетүүгө тапырашып, күрөшө кетишинен улам шатыра-шатман дабыш алыска кетип жатты. Кошуундун деми алда кайдан көрүнүп, жылга-жыбыттардагы жүргөн аңчыларга, мал карагандарга алда качан дайын болгон. Токой элине кичинекей эле кабар улам биринен экинчисине өтүп угулуп отуруп, заматта чагылгандай тездик менен бүтүндөй журтка тарайт.

Воеводдор эне-сайлыктардын жеринин шарты, элинин кыял – жоругу бөлөк экендигин таптакыр эске алышпады. Турган жеринде эле барып, камынтпай баса калуунун, колго тийгенин мууздап, сес көрсөтсө, калганы келип чөгөлөп, жан соога сурайт деп ойлошту. Кол учундагы жеңиштерин эстеген сайын көздөрүнө кымбат баалуу буюмдар, аң терилери, уютулган алтын–күмүштөр элестеп, воеводдорду ээрчиген княздар бири-бирин жек көрө кызганышты.

- Буга эмне жок,-дешип, ичтеринен тына сиркелери суу көтөрбөй, сыртын салышат. Азыркы түштөнүүдө да ар ким өзүнүн алып келген азыгын өз алдынча жеп, бири-бирине мамилеси келишпей кекирейишет. Түштөнүүдөн соң жайкалган жумшак тулаңга бой созо керилишип, бири чалкалай, бири кынтая, кээлери

көмкөрөсүнөн түшө көздөрүн иле чырым этип алгылары келишти. Айрым күрөшө кетип, тамашалаша каткырышкандарды «тынчымды алба» дешип тилдешип, сөгүп-сөздөшсө айрымдары уйкуга кетип, коңурук тарта башташты.

Капилеттен ат туягынын дүп-дүп эткен добушу угулуп, андан соң күтүрөгөн туяк үндөрүнөн жер дүңгүрөдү. Айрым сергектери коркунучту туя, селт тура калышат, уйкулуу көздөрү менен ары-бери карагыча воеводдор эс алган түзөңдүн эки тарабынан атчандардын карааны көрүндү. Алар ат жалына өбөктөп жааларын атууга белендеп, шукшурула чаап келе жатышкан эле.

Жатып эс алгандар менен топтолуп отургандар ордуларынан туруп, ортодогу куралдарына жеткиче ызгыттын ышкырыгандай зып-зып эткен жебе үндөрү ышкырып жатты. Чет тарапта отурган он чакты адам набыт болду. Бая чачыла ар тарапка кеткен жоокерлер атчандардын караанын көрүп, туш келди качып жөнөштү. Ышкырган жебеден аман калганы корккондуктан өңү-баштары кумсарып, калтыраган колдорун көтөрө багынганын билдиришти. Ал жерде Номчу хан баш болгон бир тобу калып, хандын уулу Ишей мерген баш болгон чабандестер чачырай качкандардын артынан кубалап жөнөдү. Заматта жетип барышып, куралы жокторду шыбай чаап, камчыга бөлөштү. Бир аз эле башта дымактуу кербезденишип «жергиликтүүлөрдү экинчи баш көтөргүс кылабыз», «эркектерин байлап, кыздарын катындыкка алабыз» дешип дөөгүрсүгөн воеводдор атчандардан качып жүрүшүп, камчы жешип, бети-баштары айрыла күйүккөндөн акактап, оздору кургап, араң дем алышат. Заматтын ичинде кыргыз кошууну чапкынчылардын тымтыракайын чыгара тозутушуп, алеңгир чабуулдары менен катылгандардын көөндөрүн алаң кылды.

Чабандестер куштардан качкан чымчыктай болуп, ар-ар жерге бекинген воеводдорду бирден теришип, Номчу бий турган топко айдап келип жатышты. Баары түгөл келип бүткөн соң шаабайлары сууп, баштары шылкыйган воеводдорго карай камчыдан башка куралы жок бий суроо узатты:

- Биздин аймакка кандай максат менен келе жаттыңар эле?

Тургандардын эч кимисинен сөз чыккан жок

- Же мейманчылап келе жатканыңарды билбей жазалап алдыкпы? Таарынчыңар болсо айткыла? Күнөөбүз болсо моюнга алалы, катуурак кол тийгизсек, кечирим сурайлы.

Воеводдорду чекчендеп тилдеп, тик караганын каарыган аскер жетекчилеринин бири да баш көтөрө сөз айта алышпады. Ал эми «кымбат баалуу буюмдарга, аң терилерге марыйбыз» деп жутунушкан кнඋздар шоңшоюшуп, жер караштьы. Жергиликтүүлөрдү

теңсинбей, жийиркеничтүү карап, менменсинген абалдарынын бири да жок. Мурундарын тарта ыйламсырашат. Бий тарабынан азыраак эле боорукердик билинсе, чөгөлөп жата кала жыгылып, буттарын кучактап, жан соогалап жалбарууга даяр турушат.

- Кана, эмне максат менен келдиңер?-деди Номчу жаңы келгендерге суроолу карап.

Жооп жок.

- Демек, күнөөлүүлөр гана унчукпайт. Биз анда жазалоого өкүм чыгара беришибиз керек экен да?-Бий бир сыйра тургандарды кыдырата тиктеди.

Князьдар, аскер жетекчилери ортодо шалдырап турган князь Иван Катревди караашты.

- А эски тааныш, князь. Куш уясына кол салган жору баштанып, күтүүсүздөн чаап алууну көздөп, сен ээрчитип келген экенсин да?

Иван Катревдин түспөлүн жоруга салыштырып таап айтты. Себеби, анын ичиги шалдырап турган денесине кең келгендей шөлпөйүп, узун мойнундагы тасырайган башы кашкайып, кулкуйган мурду-кызарып, канатын жайбай жалжаңдаган жорунун кейпине чындап окшош эле.

- Урматтуу, урматтуу хан! Биз, биз өткөндөгү калааны кимдер өрттөгөнүн билмекке келе жаттык эле,-деп калп айта актанышка түштү.

- Ушунча кол мененби? Өзүңүз эле эки-үч нөкөрүңүз менен келсеңиз болмок. Ушунча колду бекер убара кылыпсыз.

- А булар ушул жерде калмак, - деп жалганды шыпыртып, ырайым күтө карады.

- Анда биз айыптуубуз? Кечириңиз мейман? Биз калааны кимдер өрттөгөнүн таап берели. А сиздер болсо жергиликтүүлөрдү тоногондорду, уруп–сокконордору, уурулук кылгандарды таап бербедиңиздер эле го?-деди бий какшыктай сүйлөп.

Катревден үн чыкпады.

- Жүрүңүз анда? Элге барып, калаага өрт койгон «күнөөкөрлөрдү» таптыралы?

Катрев баш көтөрүп, шериктерине жалдырай «сөзгө аралжы болобу?» деп үмүттүү кыдырата карады. Бири да баш көтөрүп, үн каткан жок.

- Кана, кимдер менен бармакчысыз?-деди бий анын абалын билип турса да атайлай.

Катрев өзү айткандарды кошуп алып барып өлтүрүп салат деген коркунуч менен ыйлам сырай бийдин аягына жыгыла буттарын өпкүлөп кирди.

-Өлтүрбө, хан!Өлтүрө көрбө! Балдарым жетим калат. Аларды ая! Кудай үчүн кечире көр! – деп жан соогалап жалынып, жалбарып жатты.

Хан аны жийиркеничтүү тиктеп, буттарын тартып кетенчиктеди. Княз боору менен жыла хандын бутун кучактап, көзүнөн жаш чыгара ырайым сурап, эбирей берди:

- Жанымды калтыра көр Мен сизден өтүнүп суранам.

- Тур өйдө!-Бийдин үнү өкүм чыкты.

- Бутту ит жалайт. Сен иттен да пас экенсин! Сен саткын! Шериктериңе чыккынчылык кылдың. Өзүңдүн пас, иттигиңди айгинеледиң. Сен шериктериңдин душманысың!

Катревдин денеси титиреп, шолоктоп ыйлап, эсин жоготуп койду.

Князьдар баш болгон туткундар, бийден кандай кайрым болоорун күтүп, жалдырап-жалбарып турушту.

-Кляк, кляк эткен төбөдөн үн чыкты. Тургандардын бардыгы баш көтөрө асманды караштьы. Шаңшыган барчын канаттарын акырын солбуп сермей учуп баратыптыр.

Бий камчысы менен өтүгүн тарс чаап, туткундарга кайрылды.

- Төрөлөр, биз ушул бүркүттөрдүн тууганы болобуз. Дайыма эркинбиз. Бизди эч ким көз каранды кылып багынта албайт. Илгертен бабаларыбыз катылгандардын катыгын берип келишкен. Канчалаган, түмөндөгөн жоолор келди. Мизин майтардык. Бирок, биз бөтөн бир элди басып алабыз деген жокпуз. Андай ниет бизде эч качан болгон эмес. Биздин элде «сыйга сый, сыр аякка бал» дейт. Сыйлаганды сыйлайбыз. Силердин жерибизге келип, элибизди кордогонуңар, талап-тоногонуңар, минтип чаап алууга келгениңер бизге, деги эле адамгерчиликке, кудайга да жакпайт. Биз ынтымакташып жашаганды каалаган элбиз. Биздин жек көргөнүбүз каракчылык, уурулук, баскынчылык. Биз менен достошуп, ынтымакташып, бирге жашасаңар болот беле?

Тургандардын көөнүндө ырайымдын оту жылт этип, жакшылык болорун боолголошту.

- Болот эле, болот эле,–дешип, жакынкылар кобураштьы.

- Эмнеге бизге кордук көрсөтүп, жерибизди тартып алып, элибизди кубалап жатасыңар? Мээнет менен тапкан элдин ак эмгегин, эмнеге колдорунан жулуп алып, талап–тонойсуңар? Анысы аз келгенсип, бүтүндөй тынч жаткан элди чаап алуу үчүн аттанып чыктыңар? Биз өзүбүздү гана коргоп жатабыз. Силерге эч кандай жамандык күнөө кылган жок элек го? Бизге жырткычтардай ыркырашып, талашып жашоонун эмне кереги бар?

- Хан, бизди кечир? -деди княздардын биреө баш кийимин ала ийилип .

Аны коргон княздардын баары баш кийимдерин алыша таазим кылышты.Ары жакта турган воеводдор да кечирим сурап жүгүнүштү.

Бий бардыгы уксун деген үн менен:

-Биз силерди бошотуп, азаттык беребиз! – деди. Тургандардын бетине заматта кызыл жүгүрүп, үмүттүн шооласы жанды. Айрымдары уккан кулактарына ишенишип ишенишпей делдейишсе, айрым сергектери кубанычтарын жашырыша албай:

- Ура, ураа - деген кыйкырыкка кошула баш кийимдер төбөгө ыргып жатты.

Бирок, ...

Чурулдагандар дымый түштү.

- Биздин аймакка экинчи жолу жаман ниет менен келбегиле. Жаман ниетиңерден кайтып, ынтымакташып жашайлы десеңер, биз силерге тийбейбиз.

Сүйүнгөн княздар бийге келип, ички кубанычтарын жашыра алышпай учурашып, колдорун өөп жатышты.

- Баргыла! –деп бий куралсыз топко уруксат берди да, өзү турган жайынан ары басты.

Чапкынчылардын биреөсү да кадам шилтеп, топтон чыга албады.

Жергиликтүүлөрдүн оюнда «кантип эле?» деген ишенимсиз суроо турду. Душманга айкөлдүк кылууга болобу? Кантип эле ойлонбой туруп, бул чечимге келди? Келгиндер да, жергиликтүүлөр да Номчунун бүтүмүнө таң кала тиктеп турушту. Бул акылсыздыкпы? Же сынап жатабы? Урушуп, кан төгүүгө келген баскынчыларга кантип ырайым кылып жатат? Эгер алар колго түшпөгөндө эмне балакет болуп кетмек? Келгиндер жергиликтүүлөрдү түк аямак эмес. Кары-картаң, катын-бала кылыч мизинин, мылтык огунун жеми болмок. Талап-тоноо, уруп-сабоо, жан аябай өлтүрүүдөн канчалаган бейкүнөө адамдардын жаны кыйылмак. Боз үйлөр өрттөлүп, тапкан-ташыган буюмдар талоондо калмак. Мындай кан төгүүнү каалагандарды кимдер айайт, кимдер кечирим берет? Эч ким. Эч бир пенде аябайт. Кечирим бергендин акыл- ээси ордунда эмес. Акмактын иши болмок. Муну бары түшүнүп турушат.

- Ооба, азаттык! Булардын бизге кеги калбасын. Жол бергиле! Кана, орус төрөлөр үйүңөргө уруксат!-деди Номчу сурдана.

Тургандардын бири да орундарынан жыла алышкан жок. Баары, эки тарап тең ишенишпеди.

-«Кантип эле? Өлтүрбөсө да, барымтага кармап, акчага, дүнүйөгө алмашса болбойт беле? Же алдап жатабы?-дегендей ишенип ишенбей бири-бирин алдыртадан суроолуу тиктешти.

- Кеткиңер келбесе, конокко жүргүлө. Бизде «таш менен урганды, аш менен ур» деген сөз бар. Сыйыбызды көргүлө? Кана, жүргүлө - деп өзү ордунан жылды. Анын ар бир кыймылын акмалап турган туткундар да акырын ордуларынан жыла башташты. Кетенчиктей басып барышып, шарт бурула чуркашты. Улам-улам кылчак карашып, келген жактарына карай шашыла кадам таштай жөнөштү. Бир аз узай түшкөндөн соң коркунучтуу жайдан тезирээк алыстоону самашып, чуркаганга өтүштү.

- Эй, буларыңарды таштабай алып кеткиле!–деди бий жаткан денелерди көрсөтүп. Ага көңүл буруууга эч кимисинин чамасы келбеди. Кара башты аман алып калуунун камында баары коркунучтуу жайдан алыстап кетүүнүн камында күйүккөндөрүнө карабай чуркап баратышты.

Ишей мерген акырын атасынын жанына келип, кулагына шыбырады:

- Ата, жоо аяган жаралуу дечүү элеңиз го?

- Жок, уулум. Жаңы туугандардын көңүлүн алдык.

- Жо-ок. Буларыңыз бизге ырайым кылбайт. Мени айтты дээрсиз. Баары бир баш көтөрбөй коюшпайт.

- Булар түптүү. Арты калың. Опурталдуу чакта душмандын санын көбейтпөйлү-деди үшкүрүнө.

- Биз колго түшсөк, булар аябайт болчу.

- Ооба. Ырайым кылбайт эле.

- Анаң, ата?

- Биз буудуңдуу түндө булуттан көрүнгөн аз жылдызбыз. А орустар, асман бетин бербеген сан жылдыз, уулум!

Бий эч кимге кылчайбай басып кетти.

Жеңил кийимчен, куралдуу кыргыз колу чегинип бараткандарды тиктеп унчукпай турушту.

* * *

Орус падышалыгынын атайын тапшыруусу менен 1616- жылы кыргыздарга Василий Ананьин аттуу көпөс Лукас деген тилмечи менен кыргыз жерине өкүл болуп келди.

Номчу аларды жылуу кабыл алды. Меймандарга атайын дасторкон жайылып, түрдүү даамдар келтирилди. Анда ар түрдүү кайберендердин этинен баштап, чүйгүн тамак, айран, быштак, каймак, май, эжигей, эзилген куруттан бери дасторкон бетине

жайнады. Суусундукка кымыз сунулуп, келген меймандардын ал жайы суралды.

- Урматтуу хан! Биздин улуу урматтуу падышабыз сиздей кыргыз өлкөсүнүн башчысына өзгөчө урматтоо менен салам жолдоду,- деди орус көпөсү Василий Ананьин.

- Ыраазычылык билдиребиз, падышага, –деп жооп берди Номчу бий.

- Биздин падышабыз, сиздин жана сиздин үй бүлөңүздүн тынчтыгын сурайт, элиңизге амандык тилейт.

- Ыракмат, төрө! Тынчтык. Көкө теңирдин буйругуна ылайык жашап жатабыз

- Улуу урматтуубуз! Силерге бейкут жашоону каалайт жана сиздер менен алака түзүүнү көздөйт.

- Падышанын каалоосуна өзгөчө кубанычтабыз.

- Орус падышалыгы менен жакындан байланыш түзүү, сизге жана сиз аркылуу элиңизге өзгөчө пайдалуу экендигин кабарлоону мага тапшырды. Бул маалыматты мага тапшырып жөнөткөндүгүн билдирип коюу мен үчүн чоң сыймык! Эли-жериңиздин коопсуздугуна жана сиздердин кол тийбестигиңиздерге падышабыз өзгөчө кам көрөөрүн билдирүүнү мага дайындады. Жер байлыгын изилдөө жана андагы кендерди иштетүүдөн сиздерге чоң байлык түшөт деди. Андан сырткары соода байланышын жүргүзүү менен сиздердеги буюмдарды Россияга, андан ары чет өлкөлөргө жеткирүү жана сатуудан, чет өлкөлөрдөн жана Россиядан сиздерге керектүү буюмдарды алып келип алмаштыруудан эки тарап тең эч убакта утулбастыгына сиздин көңүлүңүздүн бурулушун көптөн-көп өтүндү. Андан да жер иштетүү, тоо, токой байлыктарын пайдалануунун ыңгайлуу жолдорун үйрөнүүгө жана аны кыргыз жергесинде иштетүүгө көмөктөш болооруңузга, ага уруксат беришиңизге терең ишеним билдирет.

Номчу ар бир сөздү кунт коюп угуп жаткандыгын билгизип, улам баш ийкеп отурду. Өкүлдүн сөзүнө караганда орус падышасы кыргыз жерине көбүрөөк кызыгаары байкалууда. Соода байланышын түзүү сунушу абдан туура. Жергиликтүүлөрдүн тапкан буюмдары алармандардын, соодагерлердин жоктугунан улам наркынан түшүп баратат. Жер байлыгын иштетүүгө жергиликтүүлөр көп эле кызыга беришпейт. Айрым гана уста, зергерлер кен казуу менен алек болбосо, калктын көпчүлүгү кыштымдарга аралашып, аң улоо менен алек. Кол өнөрчүлүк, дыйканчылык кылгандардан азык-түлүк, зарыл буюмдарды көпчүлүк өздөрү барышып малга, аң терилерине алмашып келишип, тиричилик кылышат. Кендерди иштетүү баарынын эле колунан келе бербейт. Анда саналуу гана,

Туба улусуна Эне-Сайдын бүткүл оң өйүзү башкарышкан. Саяндардан Сыда дарыясына чейин Абакандын оң өйүзүндөгү талаалар кирген. Улустун борбору Упса дарыясынын өрөөнүндө жайгашкан. (Орустар кийинчерээк бул жерде көп сандуу тубалардын атынан Туба деп-аташкан) «Модар» аттуу башка бир уруу Саян тоо этектеринде байырлашчу. Айрым этникалык өзгөчөлүктөргө карабастан, модарлар жана тубалар кыргыз катары эсептелинип, бир урукту, бир урууну түзүшкөн. Туба улусунун курамына Байкет, Кол, Уштер, Каменко-Мотор, Койбал, Ярин, Бахтин, Алыт, Бугус, Алахам, Карнасхам, Бугачев сол жээктери үч улус (төмөнкү, жогорку, ичкерки) кирген.

Номчу ойлонуп отуруп, көп төркүнүн түшүндү. Элчилер бир эле өзүн кыргыз өлкөсүн самап келишпеген сыягы. Бекер жеринен сөз арасына Алтан ханды кошуп коюшунун максаты бар экендигин туйду.

- Орус төрө, сиздин Алтан ханга барып жоолугайын деген максатыңыз бар окшойт?

- Албетте, сиз эки өлкөнүн келишими үчүн Өкүлдөрдү жиберүү милдетин алсаңыз.

- А сиз Алтан ханга качан аттанайын деген оюңуз бар?

- Биздин максатыбызды билдирүүнү сиздер тараптан бирөө мойнуна алышы керек.

«Эки өлкөнүн сүйлөшүүсүнө бизди арачы кылгысы бар окшойт»- деп ойлоду бий.

- Бизден өкүлдөр барса дейсизби?

- Сиздин өлкөгө биз атайын «Алтан хан» үчүн келгенибизди билиши тийиш.

- А сиз?

- Өкүл барып-келгенге чейин ушул жерде сиз менен бирге күтөйүн.

- Орус төрө! Биздин мамлекеттин абалы, эртенки тагдыры туурасында чынын айтыңызчы, сиздин падышаңыздын ою кандай?

- Хан, орус падышасынын бирден-бир максаты сиздер менен жакындан алака кылуу. Сиздин мамлекеттин бүгүнкү абалынан да эртеңки тагдыры өзгөчө кызыктырат. Бул туурасында сизге келгенден бери белгилеп жатам.

- Төрө, сиз анткениңиз менен сиздердин адамдар келгенден бери жергиликтүү калктын тынчы кетти. Пайдаланган жерлер тарый баштады. Карактап,тартып алуу күчөдү. Ал тургай бизге күч колдонуп, курал менен келип жатышат.

- Урматтуу хан! Сиз акылдуу адамсыз. Чоочун эки адам тез тил табышып кетиши кыйын экендигин жакшы түшүнөсүз. Ал эми айрым

кеткен кемчиликтерди сүйлөшүү жана түшүнүшүү жолу менен бүткөрүүгө болот.

«Орус төрөнүн билгени көп окшойт. Биздин суроолорго жөн-жөндөп, сыйка, сыпайы жоопторду берүүдө. Жоопкерчиликти өз тарабына алгысы жок. Падышасынын оюн так билсек болбойт беле? Каапыр, зынкыйгандан эле зынкыят. Көрсө, булар бир сырдуу адамдар болот тура ... Сабыр кыла туралы. Дагы кандай сөздөр чыгар экен»деди хан ичинде меймандардын жүзүнө тигиле. Экөөнүн көздөрү улам тиктеше калып жатты.

«Көзүнө караганда кытмырлыгы жоктой. Сыры ичинде. Сүйлөгөндө бир шашылбайт. Оюн так-так билдирип, сөзгө туура жоопторду таап айтып жатат. Неси болсо да, акылы толук пенде экен. Мындай адамдын колунан жамандык күтүүгө болбойт. Сырын аста тартып, сыпайылыкты көрсөтөлү. Дагы да ийигээр. Бирок, даамга, жасалгалуу буюмдарга көп эле үзүгө түшө бербей, үстүртөн мамиле кылууда. Ал эмне, менменсине теңине албай жатканыбы? Неси болсо да сыпайы көрүнөт. Бөтөн жайда өзүн эркин сезгени, кымырылып- кысынбаганы жакшы экен». Дагы бий жадында ойлонуп койду.

«Дөөлөттүү бийлик ээсинин кабыл алуу жайы жупуну көрүнөт. Мейман келгенден бери үй ичин кыдырата тиктеп сонуркай баштады. Эки ээлиге жетпеген жоондуктагы эки-үч метрдей жыгачтар бири-бирине ашталып бардык тарабы беш-метр өлчөмдө тегерете конустун формасындай коюлган. Ал жыгачтардын баштарына ошондой эле жоондуктагы 2-2,5 метрдеги узун шыргыйларды төбөдөгү тегерек жыгачка сайып жайгаштырышыптыр. Жыгачтардын баары кызылтым түскө боелгон. Аларга жүндөн жасалган материалды жабышыптыр. Бийиктиги 3,5, туурасы 5 метр келген тегерек формадагы бөлмөгө жарык төбөдөгү жарым-жартылай ачылган тегерек тешиктен түшүп үй ичин толук жарытып турат. Ашталган жыгачтардын баштарына ат жабдыктары, курал-жарактары жана кымбат баалуу аң терилери илиниптир. Жерге жалаң аюу, жырткычтардын терилери төшөлгөн. Отурган адам өзүн өзгөчө жеңил сезерин туйду. Сырттагы күндүн ысыктыгына карабай, бөлмө ичи бир топ салкын. Тамак үстүндө аңгемелешүүнү жана маселе чечүүнү туура көрүшөт экен да? Бирок, хан даражасына ылайык үй ээсинин кооздоп шөкөттөлгөн кийим-кечеси, таажысы жок. Даража ээсинин кийген кийимдери, бүт айланасы табигый, колдо жасалган. Жасалма эч нерсеси көрүнбөйт. Дээринен жалтырак-жултуракка кызыкпаган, жупуну эл болот окшойт? Бирок, кымбат баалуу аң терилер өзгөчө көп экен. Баары эле аңчы болот окшойт? Берилген суроолорго, падыша

тарабынан айтылган талаптарга али жооп бере элек. Менин суроомо көп деле маани бербей жатабы? Бир сырдуу адам, өз арасында монгол, кытай, ойроттордон көргөн запкы, кысымдар тууралуу сөз кыла элек. Адамды жалтакбай тиктегенине караганда өзүнө көп ишенет окшойт? Өзүн салабаттуу кармап, отурушуна караганда туруктуу экендиги көрүнүп турат. Мындай адам эч убакта саткындык кылбайт. Мейли, дагы да көрө жатарбыз» деп ой чүргөп жатты мейман.

- Мейли, сиздин атыңыздан өкүл барат. Чакыртамын, –деди бий.Аны менен өзүңүз да сүйлөшө аласыз.

Маселенин ушунчалык тез чечилиши мейманды кубандырды. Көңүлү көтөрүлдү. Бөтөндөр катышпаган мейманды кабыл алууда сырттан кирген бирөө ийиле келип, салам айтты. Ал кол берип, отургандар менен учурашкан соң бийдин каршысы тараптан орун алды. Бий сөздүн ток этер жерин айтып, ага кайрылды.

- Кара, сен орус падышасынын атынан Алтан ханга элчиликке барасын!

Ал макулдугун билгизе үндөбөстөн башын ийкеди.

- Кандай тапшырмаларды берүүнү бул киши өзү айтат, – деди да, сырттан келген адам тууралуу мейманга тааныштыра кетти.

- Езер аймагынын бийи. Аты Кара.

Эч кандай белги берүүсүз, мурунтан эскертилгендей, чакыруусуз дал сөз үстүндө, болгондо да экөөнүн жолугушуусун билгендей кирип келген Карага мейман улам көз салып, таң кала улам-улам көңүлүн бөлө карап жатты. «Каранын кийген кийими, турган турпаты жагынан Номчудан эч айырмасы жоктой. Болгону Номчу бий олбурлуу кагелес болсо, Кара эткелинен келип, булчундары кийиминин сыртынан билинип турат. Өзүн салабаттуу, токтоо кармайт экен. Номчу бийдин бир сөзүнө да каршы чыкпай, сөз катпай макул болуп, баш ийкешинен улам булардын ынтымак экендиги билинип турат. Кара Езер аймагынын бийи болсо Эне-Сай аймагында буга окшогон дагы алты хандык бар экендиги боюнча мааламаттардын топтому орус падышачылыгында сакталуу турат.

Сибир аймагын, болгондо да Эне-Сай өрөөнүнүн тууралуу топтолгон материалдарда кеңири жана түшүнүктүү берилген эле. Аны менен бул тарапка жөнөөрдө бир нече жолу окуп таанышып, ал тургай тиешелүү адистердин кеңештерин уккамын. Демек, Номчу хандардын ханы деп эсептелери анык окшойт?» Ушинтип ойлонуп койду орус төрөсү.

Мейман Караны карай бурулганда ал жылуу жүз менен ыклас кое тиктеп туруптур.

- Урматтуу хан, биз «кыргыз өлкөсү» менен орус мамлекетинин ынтымактуу байланыш түзүүсүнө себепкер болуу максатында келип отурабыз. Дайыма алакалаш болуп, эки тараптын ортосундагы мамилелерди жакшыртабыз. Соода байланышын чыңдап, кендерди биргеликте иштетүүнү колго алабыз деген ойдомун. Ошону менен катар, тарыхый бул ишке катышканыма өзгөчө сыймыктанам.

Езер ханы мейманга кунт кое кулак төшөп, баш ийкеп турду.

- Улуу урматтуу орус падышасы сиздер аркылуу ойрот, монгол өлкөлөрү менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө ишенимдүү өкүл катары мени жөнөттү. Менин сиздердин жериңиздерге келгеним жана Алтан хан менен байланыш түзүү жөнүндө монголдор кандай ойдо болорлугун билип, сүйлөшүп келүүңүздү сизден өтүнөмүн! Улуу даражалуу хан, бул ишке кандай мамиле кыларыңыз өз ыктыярыңыз. Эки мамлекетти байланыштыруудагы ортомчулук эмгегиңиз, биздин улуу падышабыз тарабынан өтө жогору бааланарын сизге алдын-ала айтып коюу милдети менин мойнумда.

Номчу экөөнүн сөзүнө аралашпай, тиктеп отурду.

- Биздин өтүнүчтү кабыл алганыңызга ыраазычылык билдиремин. Улуу урматтуу хан! Ал эми Том калаасындагылар менен сиздердин ортоңуздардагы келишпөөчүлүктөрдү улуу урматтуу падышабызга билдирем деп сөз берем.- Ал Каранын оюн айттырбай эле, алдын-ала өзү жооп берип койду.

- Орус төрө! Калаадагылар менен болгон талаш-тартышууда кыргыз өлкөсү тарабынан эч кандай күнөөлөр болбогондугун сиздин эсиңизге салып коеюн. Сиздердин «келгиндердин» басып алуучулук, талап-тоноочулук, зомбулугу көз көрүнөө жыл өткөн сайын күчөп жаткандыгын эске алууңуздар тийиш. Элибизде илгертен бери мейман достук өзгөчө бааланат. Жаныбызга келген коңшуну эч убакта кет дебейбиз. Үйүбүзгө жылан кирсе да ак чачып, душман келсе да ак даам таттырып чыгарабыз. Бул эч убакта каршылатпайлы, ынтымакташып кошо жашайлы деген белгини билдирет. Муну жыландар да, жырткычтар да жакшы билишет. Жанаша жашап, бизге тийишишпейт. «Таш тойгонго, аш койгун» деген аталарыбыздан калган салтыбыз бар. Үйгө душман келсе да, тапкан даамды андан эч аянбайбыз. Мындай мамилебизге «келгин меймандарыбыз» баа беришпейт. Түшүнгүлөрү да келбейт. Бирок, биз жамандыгыбызга алсак, түп көтөрүлө келип бир жапырсак, андан эч ким кутула да албайт. Бул сизге, улуу урматтуу мейманга айтылган коркутуу эмес. Жергиликтүүлөр менен келгиндер ортосундагы мамилени

өзүңүздөрдүн тобуңуздарда талдоого аларыңыздарга ишеним билдиребиз.

Мейман Каранын өз жергесинин тынчтыгына жан күйгүзө күрөшөрүнө ынанды. Чындыгында бул маселени чечүүдө Томдогу князьдар менен сүйлөшүү жүргүзүүнү, аларга эскертүүнү ойлоду. Бирок, бул маселе анын вазипасына кирбейт болчу. Анын жалгыз максаты мойнундагы милдети, падыша тарабынан берилген тапшырма-Алтан хан менен байланыш түзүү. Ал эми Эне-Сай жергесиндеги маселе боюнча колунан эч бир нерсе келбестигин өзү мойнуна алды. Себеби Россиядан, Сибир, Эне-Сай аймагына адамдар атайлап, керек болсо күч колдонуп, көчүрүлүп жаткандыгынын айкын күбөсү болчу. Ээн аймактын чексиз байлыгын эртерээк ээлеп алуу максаты да, ойрот, монгол мамлекеттери менен сүйлөшүү аркылуу чечилмек.

Россияга түрктөрдүн коңшу, чектеш мамлекеттеринин коркунучу туулуп, коргонууга, оор индустрияны өнүктүрүүгө, курал жарактарды чыгарууга сырьелордун жетишпестиги, чоң калаадагы элдерди иш жана азык менен камсыз кылуу, сооданы өнүктүрүүгө ачык деңизге чыгуу жолдору бөгөлүп, мамлекет дарманы кетип, тумчугуу абалына келген жандай алапайын таппай жаткан учуру болчу.

* * *

Көпөс Василий Ананьин Езер ханы Кара аркылуу Алтан хандын Россия мамлекети менен сүйлөшүүгө макулдугун алып, Москвага кайтып кетти. Андан көп убакыт өтпөй эле Москвадан орус падышачылыгынын атайын элчилери Василий Тюменец жана Иван Петровдор хандын Алтысар аймагындагы Номчунун конушуна дагы келишти.

Келберсиген жашыл аймак. Ортодо кенен талаа созулуп, чакан-чакан көлмөлөрдө жапайы өрдөк-каз суу бетин бербей бажырайт. Ар бир ат чабымга жетпей, шаркырап аккан тунук суулар. Жолоочулар баратканда булаң эте чыга калган коен, түлкүдөн баштап, баалуу терилүү кундуз, суусар, киштер атчандарды көрө кала элтен этишип, качып жоголушат. Аңкыштап кыйкырган суурлар биринин үнүн бири коштойт. Андан бийигирээк жерлерде мүйүздөрүн каркайтып, балдарын ээрчиткен бугу, марал, кабырга, элик жана башка кайберендердин жалгыздап, топ-топтон жүргөн караандары, үйүрлөрү көрүнөт. Бийикте бүркүттөр шаңшып, жапайы жырткычтар кыйкырса, этекки жайыкта кекиликтер чакырып, миң түркүн канаттуу чымчыктар сайрайт. Меймандар теребелге суктанышып, ажайып коздугуна таңданыша жолдун

ыраактыгына карабай, өздөрүн заматта эле жетип келгендей сезишти.

Кыргыз ханы москвалык меймандарды жылуу кабыл алып, тыныктырып, сый көрсөттү. Кечээ түнкү эс алуудан соң таанышкан хандын уулу Ишей келип, меймандарды эртең менен атасы отурган боз үйгө баштап барды. Өзүнүн аземделүү боз үйүнө кабыл алып, эрте мененки нанүштада да бир дасторкондон даам татышты. Ардактуу меймандар чечилишип, өздөрүнүн максаттарын билдиришти. Алтан хандыгына орус падышачылыгы тарабынан атайын элчилик кылып келишкендиктерин, мурдагы келген көпөс Василий Ананьинге көрсөткөн мейман достугу жана жардамы үчүн орус падышачылыгынын ыраазычылыгын билдиришти. Алтан ханга чейин барып келүүгө жол көрсөткүч жана абройлуу коштоп баруучулардан көмөктөшүүнү өтүнүштү.

- Орус төрөлөр! Биз кызмат кылуудан эч аянбайбыз. Силер менен ынтымакташып жашоону каалайбыз. Талабыңар дайыма аткарылат. Силерди менин уулум Ишей мерген коштоп барат. Ал ойротторго да, монголдорго да таанымал адам деди Номчу меймандарга.

- Улуу урматтуу хан! Биздин падышаны урматтаганыңызга, анын өтүнүчтөрүн дайыма так аткарууга жасаган мамиленизге биз өзгөчө кубанычтабыз,–деди жайдарылана Иван Петров.

- Мамлекеттик тапшырманын, биздин ишибиздин аткарылышына көмөктөшүүгө кам көрүп, өзүңүздүн таанымал уулуңузду кошуп беришинизге ыраазычылык билдиребиз, – деди Василий Тюменец да кубана.

- Урматтуу элчилер! Эли-жерибиздин эртеңи мени өзгөчө тынчсыздандырат. Өзүңөрдүн падышаңар аркылуу ойрот, манголдор тарабынан бизге зомбулук көрсөтпөөлөрүнө кепил боло аласыздарбы?

- Сиздин өтүнүчтү биз алдын падышага билдиребиз. Ал маселе мамлекеттик деңгээлде чечилерин өзүңүз туура түшүнөсүз, хан!- деди Тюменец.

- Алтан ханды орус мамлекети менен байланыш түзүүгө сүйлөшсөк, бул маселе да көңүлдүн сыртында калбасына сизди, ишендирип кетебиз-деп толуктады Петров.

- Урматтуу хан, мамлекетиниздин тагдырын, коопсуздугун жана Россия менен өз ара мамиле түзүүнү көздөгөн максатыңызды биздин падышага элчиңизди жиберүү аркылуу макулдашсаңыздар болот,-деп билдирди Тюмнец.

- Мындай ой менде дайыма болуп келген. Бирок, Том калаасындагылардын үзгүлтүксүз зомбулугу мени кайра баш тарттырууда-деди бий өз оюн жашырбай.

- Сиз наарazылыгыңызды билдирип, падышага өтүнүч кат жазыңыз. Бизге кошуп, элчи жөнөтүңүз. Москвага чейин ала барып, падышанын кабыл алуусуна көмөктөшөлү-деди Иван Петров чын дилинен.

Номчу бий орус элчилеринин айткан жоопторуна канааттанган жок. «Демек, орустар кыргыз өлкөсүнүн коопсуз болуусуна жардам берүүгө маани беришпегендей. Айтууга караганда өз ара байланышты, кызматташууну күчөтөбүз деген шылтоо менен Томдон сырткаркы аймактарды кеңейтип, кен иштетүүчү ишканалардын санын арбыткыдай. Аймактар кеңейген сайын кен иштетүүчү ишканалардын саны бара-бара көбөйүп, анда иштөөчү адамдар арбын болоору айтпаса да белгилүү. Ал адамдарды кийим-кече, азык-түлүк, турмуштук керектөөлөр менен камсыз кылуу баары бир алыстан ташылып келбейт. Эне-сайлыктардын башына түшкөн түйшүк болоор. Келген өкүлдөр жылуу сүйлөшкөнү менен аста-секин жоошута, акырын чалма салгылары бар окшойт?» деген ой бийдин тынчын алды. Меймандардын айтканын кунт коюп укту. Эртеси уулу Ишей мергенди орус элчилери менен бирге Алтан хандын өлкөсүнө сапарга узатты.

Орус элчилеринин Алтан хандын ордосунда болушу ары жагы кытай жанындагы ойроттордун көңүлүн өзүнө бурду. Алтан хан ордосунун үстөмдүгү Эне-Сай кыргыздарына өктөм болгону менен Монголиядагы майда хандыктардын деңгээлинен өз алдынча бөлүнө алган эмес. Ага караганда ойроттор өз алдынча биригүү, баш кошуу аракеттеринде оожалып бараткан эле.

Алтан хандын адамдары орус элчилерин өзгөчө кубануу менен тосуп алышты. Учур опурталдуу эле. Монголиядагы майда хандыктар жалпы үстөмдүктү жеңип алуу аракети менен бири-бирине кол салу максаттарын көздөшкөн. Андан да ойрот урууларынын биригип кетүүсүнүн натыйжасында Алтан хандар үчүн негизги душман болгон алардын күчү түптөлмөк. Орустар менен болгон алака аларга чоң калкан болоорун алар жакшы түшүнүшөт. Өз ара байланышууну зарыл учурда бири-бирин колдоо тууралсындагы мамлекеттер аралык келишим түзүүгө макулдашуу боюча да сөз болду. Себеби, орус элчилери келбей жатып эле, Алтан ханды орус букаралыгына өтүүсүнө үгүттөө алдыдагы болуучу иштердин баарын бузуп коет деген ойдо болушкан. Алтан хандын адамдарынын орус падышалыгына барып, кеңири таанышып келүү сунуштары айтылды.

Номчу бий жакынкы уруу башчыларын, аба-аксакал кеңешчилерди өзүнө чакырды. Кабар жеткендер топ-топ болуп келип жатышты. Айылдагы жигиттер билермандарды чуркап барып утурлай тосуп, ийиле салам беришип, колтуктай түшүрүшө аталышып, боз үйгө баштаса, калгандары улоолордун басмайылдарын бошотушуп, кермеге байлап жатышты. Алыстан келгендер этек-жеңдерин кагыныша бой түзөшүп, тырышкан денелерин жазып, жай каалгый ортодогу боз үйгө карай басышты. Чакырылгандардын көпчүлүгү келип, боз үйдүн ичинде жашына жана башкаруучулук бийлигине карай төрдөн орун алышты.

Билермандар түгөл келип бүткөнгө чейин суусундукка кымыз сунулуп, сүр эт келтирилди. Улуулата устукандар алдырылып, досторкон үстүндө турмуш-тиричилик, аңчылык, деги эле чарбалык иштер тууросында сөздөр айтылды. Ар улустагы жөндүү окуялардан кабар берилип, кимдин аты күлүк, кимдин тайганы алгыр», «бүркүт-куштарды ким жакшы таптайт», «ким той-аш берет», «ага кандай байге коюлат», «жаз майрамы кай жерде кандай өттү», «жай майрамга даярдык кандай көрүлүп жатат», «быйыл кербендер качан, кай тараптан келет», «аң терилерин даярдоо кандай болду», «кайсыл устанын буюму жакшы, зергерлер эмне жасады», «быйылкы төл кандай болду» ж.б. толгон токой окуялар, болуп жүргөн турмуштук кабарлар тууралуу жаңылык, маалыматтар айтыла отуруп, кызыккандар суроо беришип, кээлери жөндөн-жөн эле аралаша бир топко сөз учугу улана ээн-эркин бакылдап жатышты. Ортодогу идиш-чаралар алынып, кеселер топ-тобу менен чыгарылып, дасторкон жыйыштырылды. Ортодо отурган аксакалдар кынтая жамбаштаса, андан кийинки орто жаштагылар буттарын кенен суна, аркаларындагы жумшак жөлөнгүч, жастыктарга чалкалашты. Жаштары мандаш токунган сындарын бузбай, кепке да аралашпай улууларды кунт кое угуп отурушту.

Сырттагы жигиттер адам боюна барабар келген серке чаначтарды мүрүлөрүнө көтөрө киришип, боз үйдүн босогосунун оң капшытына отура кала чанач боолорду чечишсе, аяк-кеселерди көтөрүп келгендери чайкалган идишти чанач оозуна тосо коюшуп, кош колдоп ийилише аксакалдар отурган төр тарапка шыпылдай узатып жатышты. Төрдө отургандар сунулган кесени кош колдоп алышып, отургандарга тегиз жеткенден соң колдорундагы аякты баштарынан ашыра көтөрүп турушуп, анан кылкылдата жутуп, бош кесени узатып жатышты. Отургандарга кесе бир нече жолу кыдыртылгандан соң дасторкон кайрадан жыйыштырылып алынып,

ортолук бошой түштү. Баарына кылдат көз жүгүртүп отурган бий тамагын акырын кыра кеп баштады.

- Орус падышасынын өкүлдөрү келгенин баарың эле билсеңер керек?

Баары жым боло суроолуу тиктешти. Үй ичиндегилердин биринен да сөз чыккан жок.

- Алар Алтан хан менен сүйлөшүүгө келиптир-деди бий башын бир тарапка серепчилей.

- Орустардын максаты эмне экен? –деди сөздү жыра сүйлөп Номек бий.

- Айтууга караганда кызматташууну, күчөтөбүз дешет.

- Эмне деген кызматташуу? Бизсиз эле сүйлөшө беришпейби!- деди сабырсыздана Көчүбай бий жактырбай.

- Монголдорго орустар биздин жер аркылуу гана өтө алышат. Башка жол жок,–деди Номек бий.

- Бизге болгон мамилелери кандай экен? Алака-кылабыз деп айтыштыбы?-деди Баатыр бий.

- Айтышты. Жер кендерин иштетели, соода алакасын күчөтөлү, биз силерге керектелүүчү буюмдарды алып келип, көбүрөөк буюмдарга алмаштыралы-дешет.

- Калаадагы орустардын зордук-зомбулуктары, тоноочулуктары туурасында өздөрүн күнөөлүү сезип, уялышар бекен?- деди Кара кызуулана.

- Элчилер алыстан, орус падышасынын өзүнөн келишиптир. Томдогу туугандарынын жоруктары тууpасында да сөз кылдык,- деди бий сөздү жыра сүйлөгөндөрдү жактырбаган түр менен. Бирок, отургандар кызыгуу менен жабыла суроо артынан суроо узатышты.

- Алтан ханга кандай маселелер менен барышары турасында ойлорун айтыштыбы?- деп Бектеней бий шашыла суроо берди.

Көп маселелерди тезирээк билүүгө кызыккандардын ойлорун туйган бий:

- Алтан ханга да кызматташалы, өлкө арасындагы байланышты күчөтөлү деген максат менен барышарын айтышты,–деди бий өзүнүн туугандарынын кылыгына сабырдуу жооп берип.

- Орус элчилери эмнелерге кызыгып жатышат? - деди Кашка бий туурадан.

- Орус падышасы биздин жерибизге тоо–токойлорубузга деги эле баарына кызыгат экен.

- Эмнеге кызыгат алар? Биздин жердей жерлери жок бекен?- деди бакылдаган бирөөсү.

- Орустардын кызыгышы жакшы. Биз менен алака кылышса ойроттор да, монголдор да сестенишет. Коркунуч бир топ азаят,- деди Нойон бий айланасындагыларга карап.

- Алтан хандар салык үстүнө салык-салып жадатышты. Тапкан-ташканыбызды жөндөн жөн эле чогултуп кетип жатышат-деди Бектеней бий даттана.

- Монгол ханынын кошуунчуларын көргүбүз жок,-деди Тууганбай.

- Тапкан каржыбызды (кыш терилерин) орустарга, алыстан келген кербендегилерге айрыбаштасак, оңор эмес өл маалдын (товарлардын) ээси болмокпуз,-деди дагы бири.

- Алтан хан да, ойроттор да бизге чоң душман. Күн өткөн сайын биздин байлыгыбыз менен оожалып бара жатышат. Өздөрүнчө ынтымакка келбей, моюн толгогондорун биригип алгандары секин кежигеге койгулап, опузалашып, айлаларын кетиришүүдө. Кокустан ынтымакташып кетишсе, чоң күчкө айланышат. Акыры барып бизге кол салышса, айласыздан алардын камчысын чаап калып жүрбөйлү?-деп Кара обдула калып, отургандарга эскертти.

- Каранын кеби жөндүү. Ойроттордун чоросторунан чыккан (чорос уруу) Кара–Хула бүтүндөй урууларды бириктирүү аракетин каттуу колго ала баштады. Моюн сунбаган урууларды талап–тоноого уруксат бергендигин угуп билдик. Эгер күч алышса, алар Алтан хандан да калышпаган душман болот бизге. Бул жагынан орустар бизге жардам беришер беле?-деди кызуулана Кашка ордунан козголуп.

- Орустар оокат таппай, биздин жерлерибизге көчүп келишти. Айтуудан көп эл болот окшойт? Келгендери эле бизге душман. Муну азыртан тыйбаса, аркы чоң жердегилери да колдоп, басып алары да кеч эмес,–деди ордунан тура кала Козу бий. – Элчилери да Алтан ханга барабыз деген шылтоо менен биздин жон терибизди тартып, байкоого алып жаткандыгына да маани берели.

Номчу хан үнүн жасай тегерегиндегилерге кеп узатты.

- Билермандар! Баарың төп айтып жатасыңар. Бирок, орустар неге бизге кызыгат?-Баарына суроолуу тигилди. Отургандардын бири да капылеттен берилген суроого мелтейген бойдон жооп беришкен жок.

- Биздин ата конушубузга неге орустар көчүп келип жатышат? Неге калаа курушуп, сепилге бекинишет? Булардын эртеңки ойлорун билгениң барбы? Жок. Баарың билсең да ага маани бербейсиңер. Орустар биздин жерди эбак эле ээлеп алышкан. Эми келгени келе берет. Куусаң да кетпейт. Илгертен ата-бабаларыбыз «орус казык каккан жайын менчигим деп эсептейт. Эч кимге

бербейт» дешчү. Жок кылабыз, кетиребиз дейбиз. Аныбыз туура эмес. Жаныбызга көчүп келдиби, мамиле кылышыбыз, барыш – келиш каттамыбыз болушу керек. Жерди коруй албайбыз. Элчилерин кабыл алабыз. Орус падышасынын сунушун кабыл албоого чарабыз жок. Бирок, биздин бир гана талабыбыз «кыргыз жерин» чектешибиз керек. Орустар андан өтпөсүн деген шарт коелу. Андан да, биздин жашообузга орустар, орустардын жашоосуна биз кийлигишпейли. Буга кандай дейсиңер? Монгол менен ойроттордун жайы башка. «Үйрөнгөн жоо, атышарга жакшы» демекчи, алар бизге жоо болуп келген, жоо боюнча калат. Жакшы жери-аларды журтубузга келтирбейбиз да, алардын аймагына барбайбыз дагы. Орустар Алтан ханга барышса барышсын. Биз аларга жол көрсөтүп, кайтса узатып коелу. Бизди алардан орустар гана сактап кала алышат. Орустарга жамандык кылбайбыз, жакшылыкты аябайбыз,–деп бүтүм чыгара сүйлөдү.

Баятан бери бакылдагандардын үндөрү басылды. Аркы үйдө эс алып жатышкан орус элчилери чакырылып, жергиликтүүлөр отурган үйгө киргизилди. Орус элчилери салт боюнча төрдөн орун берилгенге ынанышпай, боз үйдүн чыгдан тарабынан орун алышты. Меймандардын алдыларына күрскүлөр койдурулуп, анын үстүнө аюунун териси жабылды. Дастаркон кенен жайылып, түрдүү түмөн даам: кайберен менен малдын ар кыл эттери, сүттөн жана ич эттен бышырылган тамактар менен кошо тээ чыгыштан келген жер-жемиш, мөмөлөрдүн ар түрдүү кургатылган кактары, шире, шараптар, таттуу шириндиктер, жергиликтүүлөр колдо тарткан аркыт (арактар), орустардын самогонуна чейин кооз алтын, күмүш, жез, калай, темир, жыгач, ийленген тери, айнек идиштерде арбын коюлуп, жылкы, койдун шорполору, андан соң эттер тартылды.

Меймандарга сый–урмат арбын көрсөтүлүп, эттердин чүйгүнү, шириндиктер, ичимдиктердин өзгөчөлөрү коюлуп, бардык аракеттер азиз конокторго арналып жатты. Алар да коюлган тамактардан чын көңүлдөрүнөн татып көрүшүп, көңүлдүү сый тамак узакка созулуп, эч бир жан эч жакка шашкан жок. Бата кылынып, дастаркон жыйналгандан соң чогулгандар жайма–жай баарлашканга өтүштү.

Кепти Намек баштады.

- Урматтуу элчилер! Кыргыз жергесинин билермандары, бийлери менен чогуу отуруп, кошо даам таттык. Даамдаш болуп калдык. Биздин салтта «бир жерден даам сызсаң, миң жолу салам бер» деген кеп бар. Эми даамдаштар бири-бирибизге эч жамандык ойлобой да, жамандыкка кыйбай да ынтымакташ бололу. Эне–Сай аймагын ушулар бийлейт. Ал эми алыскы талаалардагы, тоолордогу бийлерге ат чаптырып айттырып, тынчын албадык.

Жакынкы жерден келген эл башылар ушулар,-деди боз үйдө кыдырата отургандарды көрсөтүп.- Биздин илгертен келген салтыбыз бар. Бир маселени бир адам чечпейт. Кандай оор шарттарда болбосун эл өкүлдөрүн чогултулуп, маселе ортого салынат. Бардыгын көпчүлүк талдап, ойлорун айтышат. Жалпы сунуштардан соң жыйынтык-тыянак чыгарылат. Ал жыйындын бүтүмүн эч ким бузууга акысы жок. Аны биз Кеңеш деп атайбыз. Кеңештин чечимине хандар да, бийлер да моюн сунуп келген. Эч ким каршы чыкпаган. Бул биздин бузулгус мыйзамыбыз. Ал эми бүгүнкү чакан жыйынга азыраак эл өкүлдөрү гана келип олтурушат,- деп кыскача түшүнүк бере кетти.

Орус элчилери сыпайыкерчилик менен орундарынан турушуп, отургандарга таазим этишти. Алар да ыраазычылыктарын билдиришти.

- Элчи мырзалар! Кыргыз жергесине куш келипсиздер! Сиздердин келишиңиздер-албетте жакшылыктын белгиси. Ушинтип өз ара сүйлөшүп, ынтымакташып жашоо силерге да, бизге да пайда. Биз тынч жашоону каалаган эл болобуз. Эч кимге тийиштик кылбайбыз. Биреөлөр тийишсе, өч албайын тынбайбыз. Сиздердин кызматташалы, соода байланышын түзөлү, кендерди иштетели деген падышаңардын тапшырмасын алып келгениңерди уктук. Бирок, бүтүм чыгаруунун алдында биз жакындан бери жанаша жашап жаткан келгиндердин талоончулугу жана зордуктары туурасында кандай тыянак чыгара аларыңарды билгибиз келет?- деди бий.

Хандын суроосуна Василий Тюменец жооп бергиси келип, шеригин карады. Ал акырын баш ийкеди.

- Урматтуу хандар жана бийлер! Том калаасындагылардын туура эмес мамилесин биз падышабызга айтабыз. Бул маселени падыша билбейт. Бирок, кайрылып бара жатканыбызда Томдогу князьдарга силердин наразычылыгыңарды сөзсүз билдиребиз.

- Элчи мырзалар! Силердин падышаңар кендерди иштетип, кызматташалы дептир. Кендерди иштетүүгө канчалаган адамдар керектелет. Аларды да силер алып келесиңер, бүтүндөй биздин жерди ээлеп алат экенсиңер? Биздин тиричилигибиз кандай болот?- деди Кара шашыла суроо менен кайрылып.

- Силердин тиричилигиңерге эч кандай тоскоолдуктар болбойт. Силер бул жерде жашай бергиле! - деди Иван Петрович көпчүлүктүү жооткото.

- Силер Алтан ханга барып, бизди салыктан куткарууну сүйлөшө аласыңарбы?-деп Көчүбай Иван Петровго түз суроону берди.

- Силердин салыгыңар боюнча Алтан ханга биз талап кое албайбыз. Жаңы мамиле түзүү боюнча сүйлөшүүнү жүргүзүү максатында бара жатабыз.

- Силердин элиңер биздин жерге көчүп келип жатышат. Аларды эмне, бага албай жатасыңарбы? Же атайлап бул тарапка кубалап жатасыңарбы? - деди Ноен.

- Бул жайга адамдар өздөрү келип жатышат. Ал жакта жашоо жаман эмес. Эч ким кубалаган жок, – деп жооп табышты элчилер.

- Биздин өкүлдү падышаңар кабыл алабы? -деди Бектеней.

- Албетте, силердин өкүл падышага барганы жакшы. Бизге айткан суроону өкүлүңөр падышага айтсын !- деди Тюменец.

- Калаадагылар зордуктарын жана үстөмдүктөрүн токтотпосо, биз каршылыгыбызды күчөтө берерибизди кошо билдиргиле, –деди Кара.

Калаадагылардын маселеси элчилер тарабынан чечилбестигин туйган жергиликтүүлөр кепти көпкө созушкан жок. Элчилер да жергиликтүүлөргө болгон одоно мамиледен улам, кендерди иштетүү, кызматташууга каршылыктардын болорун туюшту. Ал эми орус элчилеринин Алтан ханга баруусу боюнча эч кими эч кандай пикир кошушпады.

Кийинки күнү бий уулу Ишей мергенди орус элчилери менен бирге Алтан хандын өлкөсүнө карай узатты.

* * *

Алтан хан орус элчилери менен Намек хандын уулунун келерин уккан окшойт, жол тостуруп, күтүп алды. Орус элчилерине монголдор менен кыргыздардын жашоо тиричилигинин окшоштугу бирдей сезилди. Монголдор да аларды боз үйдө кабыл алып, дасторкон четинде сүйлөшүүнү жүргүзүштү. Орус падышасынын Алтан ханды кызматташууга чакырган сунушу, аны өзгөчө кубандырды. Эгер «орус букаралыгына өт» деген сунуш болсо, ал ойлонбостон макул болор эле.

Себеби, Монголияга майда хандыктардын арасында Алтан ханга ар тараптан, болгондо да зор кытай империясы, айлана тегерегиндеги майда хандыктар, топтолуп жаткан ойрот урууларынын биримдиги коркунуч келтирип турган. Орус элчилигинин талабы боюнча болдубу же Алтан хан өзү ойлондубу, орус элчилигин өзүнчө Ишей мергенден бөлүп, башка үйдө кабыл алды. Элчилер менен сүйлөшүү бүткөн соң Алтан хан Ишей мерген олтурган үйгө өзү келди. Ал-жай сурашкандан соң ал кыргыз жергесине көчүп келгендердин кылык-жоруктары тууралында

чекмелеп сурап отурду. Ишей андан болгон жаңылыктарды эч жашырган жок. Орустардын үстөмдүгүн, айрыкча кыштымдарга жасаган мамилесин жана кыштым капчыгайларындагы талап-тоноолордун, базардагы соодагерлерге болгон алардын мамилелерин айтып берди.

Алтан хан кызыга суроо салды.

- Деги орустар менен мындан ары кандай мамиледе болобуз деген ойдосуңар?

- Талоончулугун жана зомбулугун койбосо, каршы турганыбыз-турган- деди Ишей.

- Орус падышачылыгы силердин мындай мамилеңерди жактырбайт-деп ойлойм. Эгер андай болсо, силер кантип жооп бересиңер?

- Келгиндердин үстүнөн даттанабыз.

- Орус падышасы өз букараларына жан тартышын ойлободуңарбы? Силердин даттануунарды угуп, тыяр бекен?

- Тыйбаса биз тыябыз.

- Күчүңөр жетеби?

- Күчүбүз жетпесе башкалардан жардам сурайбыз.

- Кимдерден жардам сурашыңар мүмкүн?

- Кыргыз өлкөсүнөн салык алгандар биздин сурообузсуз эле орустарга каршы чыгышат.

- Себеби?

- Аны өзүңөр да жакшы билесиңер. Колундагы ашын башкалардын тартып кетишин эч ким каалабайт-деди Ишей. Алтын хандын билип туруп суроо берип жатканына териге. - Орустар үстөмдүгүн күчөтүп, силерге берилүүчү салыкты токтотуп коюшу да мүмкүн.

- Бул сүйлөшүүбүздү орустар билбесин!-деди монгол ханы алдыртан эшик тарапты карап.

* * *

Орус падышасынын элчилерине кошуп Алтан хан өзүнүн өкүлдөрүн Москвага жөнөттү. Аларды узатып баратып, коштошордо «тынчы жок кыргыздарды тынчытуу милдетин мойнума алам»-деп, Алтан хан элчилерге убадасын берди. Ал эми Ишейге, эгер «келгин орустарга кыргыздар каршылык кыла турган болсо, эч убакта жардам көрсөтпөй тургандыгын» белгиледи.

Алтан хандын кыргыздарды колдобой тургандыгын уккан эне-сайлыктардын жыйыны «орус падышасына баш ийүү зарыл» деген бүтүмгө келүү керектигине токтолушту.

- Алтан хандын салыгына чыдап турган кыргыз өлкөсү, орус падышачылыгынан качып кутула албайт. Себеби, Алтан хан өзү орустарга баш ийип жатпайбы дешти жыйындагылар.

- Жок. Оруска да, Монголго да баш ийбейбиз! - деди Намек бий.

- Көз каранды болуп жашоонун бизге эмне кереги бар? Салык төлөө- биз үчүн айласыздыктын иши. Керек болсо, аны да төлөбөскө аракет кылалы деген сунуш айтышты билармандар.

- Салык төлөбөсөк, Алтан хан биздин жерди басып алуудан кайра тартпайт, – деди Номчу бий.

- Убактылуу салык менен кутулуп туралы-деди Бектеней.

- Орустарга, ойротторго, монголдорго баарына салык төлөгүчө, бул жайдан көчүп кеткенибиз оң-деп кыйкырды Кара бий.

- Мажбур салык төлөйбүз,-деди Намек бий.

- Айланабызды курчап алган душмандарыбызга каршылык көрсөтө албайбыз,-деди Козу бий ортодогу ордунан тура.

- Алар бизге кол салышпайт.

- Эмне себептен? Кимге ишенип айтып жатасын? – деди Номчу бий опурулуп.

- Өзүбүзгө, ишенели.

- Өзүбүзгө ишенсек, ушул күнгө чейин Алтан ханга айлабыз жоктугунан салык төлөп келдикпи? Алар бизди көз каранды деп ойлошот-деди Бектеней ызасына чыдабай.

- Көз карандылык эмес. Салык да убактылуу. Алтан хан менен эми эсептешебиз,-деди Козу каардана.

- Орустарды эмне кылабыз? үч карышкыр бир багышты камалагандай абал болуп турат. Аңгектен качсаң-доңгокко. Алардын бири да бизге ырайым кылбайт.

- Орустардын падышасына элчи жөнөтөлүк, көпчүлүк,-деди Номчу айланасын кайрыла.

- Эмне, «букаралыгыңа кабыл ал» дейлиби?-деди Намек какшыктап.

- Жок. «Келгиндериңди тый? Зомбулугуна чара көр?» Коңушу болуп, чырдашпай жашоону өтүнөлү, деп Номчу бүтүм чыгара сүйлөдү.

- Орус падышасы эмне деп жооп берер экен?-дешти отургандар.

- Аны биздин жиберген элчи келгенден соң билебиз. Силер туура көрсөңөр ушундай бүтүмгө келели. Башка арга жок. Жырткычтардан баары бир ырайым күтүүгө болбойт.

Намек бийдин айтканын бардыгы туура табышты. Алтан хандын элчисине кошулуп, Москвага кыргыздардан да элчинин баруусуна жыйындагылар ынанышты.

Орус элчилери Тюменец менен Петров кыргыз элчилерин алып кетүүнү кийинкиге калтырып, учурдагы абалды өздөрү билдиришерин айтышты. Орустардын айтуусунда жолдо Том, Төбөлдө көпкө турушарын, жогортон падышачылыктан чакыруу болгондо гана Москвага жөнөшөрүн билдиришти. Бирок күндөлүктөрүнө орус элчилери «Алтан хан (Кумканчей) салыкты саяндардан, буряттардан, мулдардан, орчиктерден, тулумандардан, терегулдардан, кыргыздардан алат экен. Алардын бектеринин бардыгы көчүп-конуп жүрүшөт» деп белгилеп жазып алышты. Андан көп өтпөй Иван Петлиндин элчилиги Кытайдан кайтып келди. Ал Алтан хандын элчилиги менен кошо кыргыз бийи Кара баштаган кыргыз элчилерин Төбөл (Тобольск) аркылуу Москвага алып кетти.

Кытайга барып келген элчи Иван Петлиндин орус падышачылыгына жазган рапортунда Эне-Сай кыргыздары боюнча төмөндөгүдөй маалыматтарды берди:

«Енисей кыргыздары» бир бүтүм мамлекетти түзбөгөн. Алардын төрт башкы хандыгы бар: «Туба хандыгы (Туба дарыясы боюнча, Краснояр (Кызыл-жар) уездинде жана Енисейдин (Эне-Сай) сол жээги боюнча Абаканга чейин), Езер хандыгы (Енисейдин сол жээги боюнча түндүктү карай Батневка токол тоосуна чейин), Алтыр хандыгы (Езерскиден батышты жана түштүк батышты карай), Алтысар хандыгы (Езерскиден түндүк жана түштүк - чыгышты карай) орун алган. Томскиден кыргыз жерине чейин кадимкидей катуу жүрүш менен он күндүк жол (ат менен жүрүшүн белгилейт), Кыргыз жергесинен Абаканга чейин алты күндүк, Абакандан Кемчикке чейин тогуз күндүк жол. Кемчиктен Чоң-Көлгө чейин, башкача айтканда Убсыга чейин үч күндүк жол. Алтысар ханы Намектин ордосунан Батыш Монголиянын акими түмөт Алтан хандын жергесинин чек арасына чейин жарым күндүк гана жол. Кыргыз жеринин акими катары Намек төрө эсептелет. Ал бийликти атасынан алган. Намектин кол алдында Номчу жана Кара деген эки мыкты төрө бар» деп белгилеген.

Ал эми Батыш Монголиянын Алтан ханына 1616-жылы барган орус элчилери Василий Тюменец менен Иван Петров «Кыргыз жергесинен ары карай Табындардын жери да кыргыздардын жери деп аталат. Алар оолак жашашат. Салыкты кыргыз жерине жана Алтан ханга төлөшөт. Негизинен кыргыздардын маданий деңгээли анчейин жогору эмес. Балык жешет. Айбанаттарды атып алышат. Кыргыздардын пайдаланган куралы жаа. Жылкылары менен уйлары көп. Маданиятынын төмөндөп кетишинин себеби Монгол имперdown дын доорунда гүлдөгөн кербендик сооданын сээлдеп

калышы менен түшүндүрүшү мүмкүн. Ал эми тубалыктар маданияты жагынан кыргыздардан да төмє·: тургандыгы көрүнүп турат. Аларда уй да, кой да болбойт. Жылкы менен бугу гана бар. Бүткүл кыргыз жергесинин улук төрөсү-деп Алтыр хандыгын эсептөөгө болот. Ал биз менен дайыма Алтысар ханы Номчо жакындан алака түздү»-деп жазган.

* * *

Алтан хан менен кыргыз бийи Каранын орус падышасына жиберген өкүлдөрү да барып келишти. Алардын айтуусунда орус падышасы эки өлкөнүн өкүлдөрүн тең жакшы көңүл бөлүп өз букуралыгына кабыл алууну жана дайыма кызматташ болууну сунуш кылыптыр. Ортодогу мамилени мындан ары да жакшыртууга карата кыргыз хандарынын балдарын орус падышасы жана Алтан хан тарбиялоо милдетин алмак болот. Бул бүтүм кыйшаюсуз аткарылышы керек экен. Болбосо, андай шартка көнбөгөндөр чоң мамлекетке каршы чыкканга барабар болору баарына белгилүү эле.

Мындай шарт айрыкча чыгыш өлкөлөрүндө мурунтан болуп келген. Ири уруунун башчысы же бир өлкөнүн падышасы өзүнүн уулун экинчи бир өлкөнүн падышасына алып келип, анын уулу менен көкүлдөш кылып, таалим-тарбия алууга ордого берүү салтка айланган эле. Себеби, чоң уруулардын, чакан өлкөлөрдүн мыкты чыкмалары, бийлери, хандары кубаттуу өлкөсүн хандары менен достошуунун, туугандашуунун ар кандай жолдорунан баш тартбай, жакындашууну ага көңүлү таза экендигин билдирген далили болгон. Алдуусу алсызын алкымдап же баса кала жара тартып үстөмдүгүн көрсөтүп, эртеңкисине кам көрбөсө, анысы кубатына киргенден соң азуусун кайрап, байкатбай шилиден ала жыга тартып, азабын колуна берери, ажалынан мурда жок кылары бышык эле. Бүгүнкүсүнөн эртеңи ишенимсиз заманга ким кепил боло алат? Кимиси жоо, кимиси дос экени кайдан билинет? Ал үчүн сактаныш керек экен. Теңир да «сактанса, сактайм» дейт тура. Сак болсоң, коркунучтан да алыс болосун. Сактаныш үчүн эл алып, ызатташуу керек. Жоо жарагы шайма-шай жоокери көп кубаттуу өлкөгө ким даап тийе алат? Ошондуктан мыкты, тектүү падыша менен байланышты түзүүнүн эң ыңгайлуу жолдорунун бири көкүлдөштүк. Анын жайы, ал кездегилерге дайын. Же болбосо, атактуу адамдардын эки жаш баласын бирге чоңойтуп, анан алар эс тартканда атайын өстүрүлгөн узун көкүлдөрүн байланыштырып туруп, «ажыратпай жүргүлө» деп шерт коюшуп, бир канды экөөнө

бир тиштетип, төштөрүн төштөрүнө тийгизе кучакташтырган соң аларды шилекей алыштырат. Андан соң эки бала достон ынак бир туугандан жакын болуп жүрүшөт. Көкүлдөштөрдүн ичинде бири-бирин сатып, өз ара чыккынчылыкка баруу деген адам акылына сыйбай турган жорук. Учуру келген кездерде көкүлдөштөр бири үчүн бири өлүмгө баруудан кайра тартышкан эмес. Көкүлдөштөр өмүр бою бирге ойношуп, бирге жүрүшкөн. Билим алып, таалим-тарбияны бирге көрүшкөн. Жоокерчилик заманда согуш өнөрүн үйрөнүшүп, атта жүрүшүп, кылыч чабуунун, найза сайып, жаа тартуунун, чалма ыргытып, ат үстүндө алышып, жөө жүргөндө кармашуунун эң татаал сырларын өздөштүрүшкөн. Баралына келип, эл башкарар чактарында ар кими өз өлкөсүнө барып, эли-жерин коргошкон. Бири-бирине эриш-аркак болушуп, кубанычта бирге болушуп, кыйынчылыктарды бирге тартышкан. Өмүрү өткөнчө бирин-бири колдоп-таяшып ынтымактуу жашоого кам көрүшөн.

* * *

Орус падышачылыгы кыргыз өлкөсүндөгү козголоңдорду токтотуу аракетинде окшойт. Болбосо кыргыздардан ушул күнгө чейин эч кимди, эч бир жаңды орустар тарбиялайбыз деп алып кетишкен эмес эле. Алтан хандар тарабынан айтылган сунуштанбы, Россия мамлекетинин ички жана эл аралык абалы жакшы эмес болчу. Феодалдардын жана дыйкандардын ортосундагы күрөш күчөп, ал тургай үстөмдүк кылуучу таптын ичинде да карама - каршылыктар уламдан-улам курчуп бараткан.

Падышалык бийликке бояр Борис Годунов келип, мамлекеттик бийликти жана анын негизги таянычы болгон дворяндардын абалын чыңдоого аракеттене баштаган эле. Феодалдык ак сөөктөр Годуновго кастык мамиле кылышып, аны бийликтен четтетүүнү каалашкан. Мамлекеттин болсо эл аралык абалы начарлап, польшалык–литвалык көп магнаттар (ири жер ээлери) мол түшүмдүү жаңы жерлерди алууга аракеттенишип, Польша менен Россияны бириктирүүнүн арамза пландарын сунуш кылып жатышкан болчу. Польшалык-литвалык магнаттардын жана Годуновдун башкаруусуна нааразы болушкан боярдык ак сөөктөр Годуновду кулатуу үчүн өлкө ичиндеги карама-каршылыктардан пайдаланып калууну чечишкен эле. Алар Москвадан качып келген орус митайымын бетке кармап, Москвадагы Чудова монастрынын кечили Григорий Отреньевди колдой башташкан. Ал Польшага барып, магнаттар, король жана Рим папасынын Варшавадагы өкүлү

менен тыгыз байланыш түзүп, аларга Годуновдун колунан «аман калган падышанын уулу Дмитриймин» деп өзүн жарыялаган. Жалган атка жамынган ал тактыга отургандан кийин Польшалык аристократтарга Россиядан марттык менен жер тартуулого, ал эми королго болсо орустун бир катар аймактарын берүүгө убада берет. Жалган Дмитрий польшалык феодалдардын жана католик чиркөөсүнүн колдоосунун макулдугун алат. Жалган падышанын аскерлери Россиянын чет жакаларын бүт алат. Эл массасы алгач өздөрүн боярлардан жана дворяндардын кысымдарынан бошотуучу "чыныгы" падышадан үмүт кылышып, ага колдоо көрсөтүшөт. Жалган Дмитрийди доңдук казак-орустары да колдоого алышкан. Бир шаардын артынан экинчи шаар ага берилгендикке ант беришкен. Ошол учурда Борис Годунов капысынан каза болот. Жалган падыша Москвага келип, падышалык такка отурат да, аз эле убакыттын ичинде өзүнө тапшырылган ишенимди аткара албайт. Эл массасы жаңы падыша алардын абалын жеңилдете албастыгын тез эле түшүнөт. Москвалыктар көтөрүлүшкө чыгышып, Кремлге кирип барышып, жалган Дмитрийди өлтүрүшөт. Анын сөөгүн өрттөшүп, күлүн дары менен аралаштырышып, замбирек менен атып жиберишет.

Бийликти боярлар басып алышат. Аларга каршы элдик жаңы көтөрүлүш алоолой баштайт. Көтөрүлүштүн катышуучулары дыйкандар, шаардыктар, казак-орустар, майда кызматчы адамдар болушкан. Алар өкмөттүн аскерлерине каршы ишкердүү согуш аракеттерин жайылтышкан. Аларды бүтүндөй өлкө боюнча колдошкон. Көтөрүлүшкө чыккандар аесуз жазаланышкан. Бирок ага карабай шаарларды ала баштาшкан. Бийликтегилер эл массасына салыктарды азайтуу жана эртеңки эркиндиктерине, жер берүүгө убадаларын беришип, көтөрүлүшкө катышкандардын өмүрүн жана эркиндигин сактоого убадаларын беришкен. Кийин убадаларын бузуп, көтөрүлүшчүлөрдү туткунга алышып, жетекчилерин сүргүнгө айдашып, сууга чөктүрүп өлтүрүшкөн. Ошол кезде поляк королу Россияга кол салып кирди. Падыша Василий Шуйский жер жана акча берүүгө убада кылып, Швециядан жаңы отряддарды сурайт. Ал түгүл Корел шаарын берип да коет. Шаардын калкы шведдерди киргизүүдөн баш тартышып, шаарды коргоого аттанышат. Падышалык аскерлер польшалык-литвалык аскерлерден Клушиндин жанында жеңилип калат.

Өлкөнүн абалы өтө оор болду. Москвада басып алуучуларга каршы куралдуу күрөшкө жакыр эл массасы көтөрүлөт. Польшалык бийликтегилер шаарларды өрттөй баштาшат. Бирок казак-орустардын, дыйкандардын жана дворяндардын ортосундагы курч

карама-каршылыктардын натыйжасында кошун тарап жок болот. Швед интервенттери Новгородду басып алышат. Тышкы душмандар менен болгон күрөштө чечүүчү башкы күч эл массасы болот. Ал эми феодалдык ак сөөктөр интервенттер менен бүтүмгө келерин өлкө башына келген окуя айгинелейт. Москваны чет элдик интервенттерден бошоткондон кийин өлкөдө жаңы өкмөт түзүү зарылчылыгы келип чыгат. Канча талаш-тартыштан соң тактыга Михаил Федорович Романов (1613-1645) шайланат. Швеция менен тынчтык келишими түзүлүп, Новгород кайтарылып алынат. Ал эми польшалык феодалдар кайрадан Россияны ээлөөдөн баш тартышкан эмес. Польша менен убактылуу келишим түзүлөт. Россия өзүнүн көз каранды эместигин сактап калганы менен Смоленски, Чернигов жана Новгород--Түндүк жерлерин берүүгө аргасыз болгон.

Россия Балтика деңизине чыгуучу жолдон кол үзөт. Интервенция аяктагандан кийин бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүүгө көптөгөн жылдар керек болот. Ошондуктан кыштактардан дыйкандардын өз алдынча кетип калууларына тыюу салынат. Көп сандаган салыктардан дыйкандар бүлгүнгө, карыздардын ээгүсүнө учурашат. Айласыздан алыскы аймактарга качып кете башташат. Кыштактарда ээсиз калган короолордун саны өсөт. Өндүрүштүн кээ бир түрлөрүнөн кол-өнөрчүлүк өсүп, металл иштетүү, булгаары өңдөө жөнгө салынып, өлкөнүн айрым аймактарынын ортосунда чарбалык байланыштар кеңейе берет.

Жергиликтүү башкарууда зомбулук, падыша тарабынан дайындалган воеводалардын жана алардын кол алдындагы чиновниктердин паракорлуктары, казынага кол салуулары өкүм сүрүп турган. Бошотулган воеводалардын ордуна келген жаңылары да калкты талоонго жана кысымга алышкан. Воеводалардын кызматы туйүндүүгө мүмкүндүк берген.

Өкмөт Голландиядан курал сатып алып, армияны куралдандыруу күчөтүлгөн. Алгачкы аскердик уставдар түзүлүп, аларды окутуп, үйрөтүү колго алына баштаган. Бирок, өкмөттүн куралдуу күчтөрүн чыңдоо аракетине өлкөнүн артта калган экономикасы тоскоолдук кылган. Жогорудагыдай толгон-токой жагдайлардан улам Россия чектеш өлкөлөр менен убактылуу келишимдерди түзүүгө аргасыз болуп, өз ара сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп турган.

Батыш монголдордун ханы Алтан хандын элчилери менен кошо кыргыз элчилери Москвага падышага жолугууга келишкенде, Россиянын ички жана тышкы саясий абалы өзгөчө курчуп, падышалар алмашып, өздөрүнүн атын таппай турган кези болучу.

Атайлап чакырылган элчилер кабыл алуу өкмөттүн деңгээлинде жүргүзүлбөй, жеке княздардын жана падыша сарайындагы иш башкаруучулардын ангемелешүүлөрү менен чектелген. Өлкөлөр ортосундагы талаптар жана кызматташуу боюнча келишимдер учкай ооз жүзүндө макулдашылгандыктан, өкүлдөр келген сапарларына канааттанышкан эмес. Узак жол басып, ат арытып келген өкүлдөрдү кийинки жылы кайтканда сыпайгерчилик үчүн гана Төбөлдөн Томго, андан ары кыргыз чегине чейин узатып коюшкан.

Россия элчилигинин убадасы менен чоң мамлекетке кызматташуу келишими боюнча сунушка жана атайын чакыруу менен өкүлдөрүн жөнөткөн. Алтан хан орус падышачылыгынын колдоосуна ээ болом деп ойлогон. Өзүн ишенимдүү сезген Алтан хан коңушу жашаган ойротторго кол салат. Анын чабуулу ийгиликтүү болуп, ойрот хандыгын жеңип алат. Натыйжада Алтан хандын абалы бир топ бекемделет. Ал орустар менен сүйлөшүүнү токтотот да, кыргыздарга өкүлүн жөнөтөт. Жылдагыдай эле салык топтоочу мезгилде келчү топко кошулган Алтан хандын өкүлү кыргыз хандарын жана улус бийлерин чогултуп, «ырайымдуу Алтан хан» кыргыздарды өзүнүн букаралыгына алууга макулдук бергендигин салтанаттуу түрдө жарыялайт. Монгол ханынын колдооруна ишенген кыргыз колу биригип, 1622-жылы Темирлүүгө (Кузнецкиге) кол салышат, обунскилик татарларга жана Том уездине чабуул коюшат..

* * *

Эне-Сай өрөөнүндөгү орто туш аталган Миң-Суу аймагында керилип жаткан түз талаалар арбын. Том менен Эне-Сайдын ортосунда, Ак жана Кара үйүз (Июс) боюнда Абаканга жакын жерде атайын тандап алынган, илгери ата-бабаларынан бери «майдан талаасы» деп аталган жайык талаа бар. Ал жерди эл жылына үч–төрт айлап турак алчу соодагерлердин кербени жайгашкан базарга арнашкан. Ал жай төмөнтөн жогору карай созулуп кеткен жайпак талаа. Чаалыгып келген соодагерлерге биринин артынан бири чубалган кербендүү төөлөрдү жайгаштырууга өтө ыңгайлуу эле. Келген адамды өзүнө тарткан көрктүү жер. Кербен тарткан соодагерлердин көз жоосун алган бюмдары алыстан эле көрүнүп, соода кылганы келе жаткан жергиликтүүлөрдүн карааны да соодагерлерге айкын байкалат. Ал тургай жапсарга жайылган миң түмөн буюмдарды кардар аттан түшпөй туруп, кыдырата бастырып барып көрсө да болот. Андан да ал аймак жаздан кеч күзгө чейин жашыл түсүн өзгөртпөйт. Улоочон канча адам келсе да, бейкоога, жайыты кенен.

Жергиликтүүлөр быйылкы соодага алдын ала даярдык көрүштү. Алыстан жүктүү улоолор келип, четки тарапка тигилген боз үйлөр, ар кыл түстөгү чатырлар жашыл аймакта учуп келип конгон көпөлөктөй болуп кооз көрүнөт. Беленделген буюмдар тыкан жарашыктуу коюлуп, сапаты жана кооздугу жагынан биринен бири кем калбай кардарларды өзүнө тартпай койбойт. Көпөстөр көп бюмду алып келгендиктен биринен бири кооз көрүнөт. Алыскы Бухара, Хива, Самарканд, Араб, Индия, Кытай, Россиядан даярдалган кездемелердин түмөн түрү, көркү жана сапаты жагынан биринен-бири кем калышпайт. Адамдын баш-аягынан тартып, кышын-жайын кийчү кийимдер, чарбалык жана турмуш-тиричилик буюмдары, ат жабдыктары, жоо куралдары, аялдарга ылайык аземи жасалгалар. Ал эми азык-оокаттан дүйнөнүн түркүн бурчунда өсүп, бышкан мөмө-жемиштердин кургатылган кактары, таттуу даамдар, көзүң көрбөгөн, атын укпаган азык - түлүк, жашоого керектүү үй эмеректери тим эле толтура. Ар бирин кармабай эле карап отурса, бир жумалык күндөр саналып убакыт жетчүүдөй эмес. Ар бир буюмдун ажайып кооздугуну таң калып, тамшанарлык.

Ал эми жергиликтүүлөрдүн буюмдары обочо жерде жайылып соодагерлердикинен айырмаланып турат. Алар болгон буюмдарын жайып көрсөтүүнү көпөс соодагерлерден үйрөнүшкөнү менен көп эле көркүнө келтире тизип, миң алекетке түшө мактанышa кыйкырышпайт. Болгон буюмдардын дээрилик бардыгы дит коюлуп, чын көңүлдөн жасалгандыктан сапаттуулугу жагынан өзгөчө эле. Четтеги сапал идиштер, керамикалык карапалар, көзөөлөр, башка элдердикине окшошпогон түзүлүшү, көлөмү жагынан көпкө айрымаланар эле. Ал карапалар көбүнчө түбүн жалпак, туткусун жумурткадай жумуру кылып, оозун анчалык жогору чыгарбай, кууш кайрып, кырдантып жасалган. Андан да бөлөк ооз жагы кичине, бөйрөгүн кампайта чыгарып, жандыктын бөөнүндөй, карынындай, мөндүрдүн түзүлүшүндөй жумуру ар кыл көлөмдөгү идиштер да арбын. Идиштер суюк тамак куюла тургандан тартып, азык-оокат сактоого ылайык чоподон, таштан, топурак аралаштрып жасалып беттерине чегедектин, кайың, карагайдын ар кыл чөптөрдүн жана бажырайган гүлдөрдүн, айбанаттардын, канаттуу куштардын, аска–зоо, кыш-жайдын көрүнүшү ал тургай жаратылыштын түрдүү көрүнүштөрү чебер тартылып аземделген. Сырты сырдалып майлангандыктан жалтырап турат. Андан ары кымбат баалуу металл идиштердин, алтын карматылган, күмүш жалатылган кумуралар, чөйчөктөр, кумгандар, чөгүн, сүзгү, кеселер, табак өңдүү идиш-аяктар тизилген.

Кыргыздардын өзгөчө ат жабдыктарына астейдил мамиле кылгандыгы айкын байкалат. Кайын, кызыл карагай, суу талдан салкын жайда кургатылып чабылган ар кыл көлөмдөгү ээрлер, жеңилдиги, бышыктыгы, жана сапаттуулугу менен башка элдердикинен айырмаланар эле. Сырты ноопаз, торпоктордун терилери менен капталып кооздолгон. Ат жабдыктары, алардын турмандарына көңүл бөлсө, эки учуна шакек – тогоо тагылып, чынжырлуу коңгуроо байланган күмүш жезден жасалган оздуктар, үзөңгү, жүгөн, басмайыл жана ээр үчүн канылтыр таралгалар жасалып, кооздукка өсүмдүктөрдүн жана ар кыл айбанаттардын сөлөкөтү түшүрүлүп көрчөлөнгөн. Ийленген булгаары, кайыштардан басмайыл, үзөңгү боо, жүгөн-тизгин, куюшкан, көмөлдүрүк, жазы, камчылар ар кыл түргө салынып, кылдат өрүлүшү өзгөчө кооздолгон. Алардын беттери да күмүш чегерилип жалтырап турат. Темир усталардын айыл чарбасы менен үй тиричилигинин муктаждыктарын камсыз кылган соко тиш, буурсун, орок, балка, кетмен, балта, ошондой эле жыгач, темир, түстүү металлдарды иштетүүдө зарыл болгон ар түрдүү майда барат аспап–шаймандары жасалышы жагынан башкаларга эч окшобойт.

Темирден жасалган буюмдар, өзгөчө сапаттуу темир бычактар, шибеге, төөнөгүч жаргылчактын туткаларынан тартып, кош миздүү жана бир тарабы курчулган бычактар, найзага уч, соотко чарайна, темир учтуу жебелер да кылдат кештеленген. Жебе учтары: уч жагынан кырын чыгарып, курч миздүү кылып массалык түрдө даярдалган. Аны сибирдик кыргыздар үзгүлтүксүз алышып, чет тарапка сатууга беришкен. Жоокерлердин куралы кылыч, канжар, найза учтары, ай балта, жаа менен чарайна, туулгалар жасалган. Курчанууга ылайык киселүү кемерлерди, чебер колдуу зергерлер колодон, күмүштөн, алтындан, аземден көркүнө келтире жасашкан.

Аңчылык буюмдарында темир капкан, ар түрдүү бычактар, ж.б. териден ашатылып ийленген, ар түрдүү боекко салынган кийим кече, айран, сүт, кымыз куюлуучу идиштер, курут май, эт салынуучу баштыктар жүндөн жасалган кийим-кечек, шырдак, ала кийиз, төшөнчү, аяк каптар, чыйратылган, өрүлгөн, согулган сызма, тасма, боолор, аркан, жиптер көргөндүн көөнүн толтуруп таңдандырат. Кайберендердин мүйүзүнөн, бутунан, жүнүнөн, терисинен жасалган, тигилген, өрүлгөн буюмдар: камчы, шөкүлө, баш кийимдер, белдемелер түркүн түстө ширелген.

Аңчылыктан даярдалган баалуу терилер да ашатылып ийленген. Анда ири жырткыч жапайы айбандардын терисинен, майда жүнү куллурган чычкандардын терилери даярдалган. Чет элдиктерди көбүрөөк кызыктырган, алармандары арбын бугу,

кабыргалардан алынган «муксус», жылар, роган жана хуту да арбын даярдалып коюлган. Ал эми бир тарапта жашы ар кыл түстөгү жылкылар көпөстөрдүн көңүлүн өзүнө бурдурат. Көпөстөр менен жергиликтүүлөрдүн соодасы көбүн эсе буюмдарды алмаштыруу жолу менен жүргүзүлө турган. Айрыкча бардар адамдар гана алтын, күмүш тыйындарды пайдаланышкан.

Чарбалыктагы дыйканчылык, мал чарбачылыгынан да, аңчылыктан, кол өнөрчүлүктөн өндүрүлгөн буюмдар чет жактагыларга өтүмдүү болгон. Сибирдеги түлкү, карышкыр, суусар, кундуз, сүлөөсүндөрдүн жана башка кымбат баалуу терилери дүйнөнүн кай жерлеринде болбосун өзүнүн кардарын таба турган. Айрыкча аңчылык маанилүү эле. Жапайы жандыктарга тайган салып, жаа тартып, жебе менен атып тиричилик өткөрүшүп, эт азыгын топтоп, баалуу терилерди камдашкан. Аларды кире тартып, эки-үч айлап жол басып келген жыйырма, жыйырма бештен жүктүү төөлөрдөн турган кербен ээлери жылына үч жолу бири келип, бири кетип турган. Демек, бир топ көпөстөрдүн жүз элүү, эки жүздөн ашкан төө кербени кыргыздарга асемдүү курал-жарактар, идиштер, кездеме-тукабаларды жүктөп келишип, кымбат баалуу аң терилерин, сапаттуу темирден согулган курал-жарак, тиричилик буюмдарын, кайың, карагай жыгачтарын, кайберендердин мүйүздөрүн, жүн жана териден жасалган буюмдарды алмаштырып алып кетип турган.

* * *

Красноярск (Кызыл-жар) 1627-жылы негизделип, 1628-жылы чулум, арым, кач татарлары кыргыздарды Кросноярск острогун куруп жаткан орустарга кол салууга тукурушкан. Себеби орус воеводдордун зордук менен басып алышып оң жыл кыргыздарга берүүчү алымдарды өздөрү алып алышкан. Натыйжада алар кыргыздарга эсептеп келгенде 11миң 400 киш терисин төлөп бериши керек эле. Орус бийликтери өз кезинде чулум, арын жана кач татарлардан талап-тоноо жолу менен 2000 киш, 1000 түлкү, 1000 суусар, 5000 арс, 20 000 тыйын чычкан, 2000 кундуз жана башка терилерин алышканын билдирип арызданышкан.

* * *

Кийинки мезгилде же болбосо XVII кылымдын жыйырманчы жылдары ойроттордун тынымсыз кытай аскерлери менен

кагылышуусу улам күчөйө берди. Аларга каршы күрөш жүргүзүүнү чечкен кытайлар ойрот ордун кытай чек арасына жакын жашаган жерлеринен биротоло көчүп кетүүсүн талап кылышты. Болбосо, мал-мүлктөрү талоонго алынып, өздөрү тып-тыйпыл кырылары эскертилди. Манжулардын аскер чапкынынан жана зор Кытай империясынын эскертүүсүнөн улам ойроттор ата-бабалары жайлаган конуштарынан айласыздан журт которушуп батышты көздөй жыла башташкан. Ойроттордун биримдиги күчтүү, аттуу-баштуу уруулары, топ-тобу менен Сибир, Иртыш аймактарына, Эдил жайыкка, Астрахан аймактарына журт которушту. Жаңы жайдан турак алышкандан соң алар Орто Азия жана Казакстан тарапка жортуулга чыгышып, өздөрүнө туруктуу жайытээлөө менен казак-кыргыздардын мал-мүлкүн талоонго алып, басып алууга аттанышты. Сибир, Иртыш аймактарына зордук менен орун которуп (1620-ж) көчүп келген душмандардын дареги жергиликтүү элге малым эле. Ынтымакташкан казак-кыргыз уруулары баскынчыларды өз аймактарынан сүрүп чыгарышат. Бирок, ойроттор Сибир жерине келип, кетпей жашап калышат. Андан эки-үч жыл өтпөй казак-кыргыздар биригишип, калмактарга каршы чабуул жасашып, аларды Сибир тарапка кууп таштоого аракеттенишет. Казактар менен кыргыздардын катуу ынтымакташып кетишинен чочулашкан ойрот төбөлдөрү бир топко чейин кысымдарын токтотууга аргасыз болушат.

Бирок, 1627-жылдары бийлик талашуудан ойроттордун ынтымагы ыдырайт. (Кийинки калмак аталып кеткен торгут уруусу батышты көздөй Волгага, калмактар Тибетке көчүп кетишип, конуш которушат). Чоростор Жунгарияда калып, Хара-Хуланын жетекчилиги менен чакан чорос мамлекети түзүлөт. Мартабалуу хан тайчжи бүткүл ойрот жериндеги урууларды кайрадан бириктире баштайт. Ойроттор күчөп, торгут, кошут, хойт, чоростордон турган «Дөрбөн ойрот» биримдигине баш кошушат. Андан пайдаланган Алтан хандыгы ойроттордун калган урууларынын баштарын бириктирбей чабуул жасап, жеңип алат. Ордого тие качып алагды кылган ойроттордун биримдиги ыдырап, Алтан хандын байлыгына байлык элине эл кошулуп, аймагы кеңейип, хандыктын абалы бекемделет. Монгол ханы орустар менен сүйлөшүүнү токтотуп, кыргыздарды өзүнүн букаралыгына кабыл алууга макулдугун билдирип, элчисин жөнөтөт.

Алтан хандын элчилери Намектин айылына тартынбастан шыр эле атчан бастырып келишти. Утурлап чыккан ат алчууларга көңүл да бургулары келбей, Намектин кабыл алар албастыгын сурабастан мейман үйдүн алдына чейин атчан келишти. Мейман

каадасы боюнча саламдашууну эстеп да коюшпастан, хандын бар-жогун билүүнү каалашты. Өктөмсүнгөн немелер башта салык чогултууга келишкенде да мынчалык менменсинген эмес эле. Ойротторду жеңип алгандыктарынан улам дымактары бир топ көтөрүлө түшкөндүгүн «кыргыз жериндегилер» туура түшүнүштү. Эшик агалар аларды колтуктап жөлөп түшүрүшүп, каада боюнча боз үйдүн эшигин көтөрө үйгө кирүүлөрүн өтүнүштү. Меймандар кирер-кирмексен болуп, чоюлушуп, ары-бери басышып, Намек хандын кайда экендигин сурамжылашып, кайдан көрүнө калат дешип моюндарын созо карап жатып, араң киришти. Отуруп-отурбай жатышып:

-«Намек хан бизди кабыл алсын»-дешип талап кылышты. Намек хан алардын талабына:

- Жоо кубалаган жок. Убакыт-сааты менен кабыл алынат,-деп анчейин көңүл бөлбөдү.

Ойротторду жеңген болуп, «орустардан силерди биз калкалайбыз» деп көкүрөктөрүн көтөрүшкөн Алтан хандын адамдарынын мамилесин Намек хан далысында туйду.

- Ишейге кабар жибергиле!-деди хан.

Ишей аң уулап сыртка кеткен болчу. Эки-үч күндөн кийин Ишей келгенден соң хан уулу менен жекече сүйлөшүп, улам тынчы кетип, ачууланган монгол элчилерин кабыл алууга чакырат.

- Кана, кандай талаптар менен келдиңер?-деди хан.

Алтан хандын абалын сурабай туруп, анын аманчылыгын теңирден тилебей, улуу урматтуу хандын ардактуу элчилери келээри менен кабыл албай, кечендеткен Намек ханга элчилер кыжырданыша ачууланган көздөрү менен сая карашты.

- Бул менин уулум Ишей мерген. Сүйлөй бергиле,. – деди хан, элчилерди эмне дешерин билерин сездирбей оор-басырыктуу.

- Алтан хан сени өз букаралыгына кабыл алат. Муну бизге улустагы билермандар бардыгы чогулуп келгенден соң алардын алдында айткын, – деди улуу урматтту хан өзү дайындап.

- Мен уксам, менин уулум укса, Эне-Сайдагылардын бардыгы укканга барабар,-деди бий камырабай.

- Урматтуу хан силерди жалпы элтңер менен өз букаралыгына кабыл алат-деди биринчи элчи менменсине мактангандай көкүрөгүн кагып.

- Анда, силердин орустар менен болгон мамилеңер кантет?-деди бий суроосуна суроо менен жооп берип.

- Улуу өкүмдарыбыз орустар менен сүйлөшүүсүн токтотту,-деди экинчи элчи.

- Орустарга «кыргыздарды тынчытам» деп ханыңар убада бергенин укканбыз. Анда кандай болот?

Кыргыз бийинин сүйлөгөнү аларга жакпады окшойт. Жооп беришкен жок.

- Ойроттор силердин каршылашыңар эле. Эми биздин да каршылашыбыз болуп калат экен да? Туурабы? Же биз алар менен мамилени жакшырта беребизби?

Кыргыз бийинин сынаган суратына экинчи элчи кыртышы сүйбөй жооп берди.

- Ойроттор да бизге баш ийишти,-деди биринчи элчи сөздү бөлө.

- Бардык урууларыбы? Же чоростор элеби?

Намек баарын билип туруп, сынамакка суроо берди. Ошол кезде чорос уруусунун башчысы Хара-Хула катуу талаптарды коюп, ойрот биримдигин түзүүгө жан үрөп аракеттенип жүргөнү менен кабары бар эле

Чоростордон башкалары дагы. Бардыгы бизге көз каранды-деп жалган айтты ал. Ойроттордун башка уруу башчылары Хара-Хулага бийликти тарттырып жибербеске өзгөчө каршылыктарды көрсөтүшүп, ар кимиси ар тарапка көчүп кетип жатышкан.

- Алтан хандын биздин улусту өз букаралыгына кабыл алуусуна биз макулдук бербейбиз,-деди бий элчилердин жүзүнө тике карап. «Макул болбой кайда бармак элең?»-деген элчилердин мыскылдуу көз караштарын байкады.

Ансыз да алык-салыкты төлөп жүрөбүз. Орус княздары жана воеводдору биздин кыштымдарды жакырдандырышты. Көбүнүн курал-жарактарын тартып алышып, үйлөрүн өрттөп жиберишти. Үй-жайсыз кыштымдар каттуу суукта кантип жан сакташат? Алар кыштым капчыгайларына барышып, топслоң салышып, кайберендердин, жырткычтардын төлдөөр мезгилинде бооз экенине, баласы бардыгына карабай кырып салышты. Көбү алардан үркүп, алыска кетип калышты. Орустар темир ээритүүчү устаканаларды бузушту. Көмүр, кен алган жерлерди уратышып, анда иштеген кыштымдарды айдап жиберишти. Силер айтып баргыла. Биз орустарга наразы болуп, каршы чыктык. Эми алар менен ынтымакташуубуз кыйын!

Анысы силер да бизди наразы кылып, айтканыбызга ынанбасаңар каршылык күчөйт дегенди билдирерин меймандар түшүнсүн деген бийдин алдыртан эскертүүсү эле. Хандын уулу Ишей сөздөргө кошулбай, унчукпастан тиктеп отура берди.

- Силердин хандын айтканын мен Эне-Сай жергесиндегелерге толук жеткирүү милдетин ала албастыгымды ачык эле айтып коеюн,-деди-Намек.

- Алтан хандын жардыгы бүтүндөй Эне-Сай аймагындагыларга жеткирилүүсү тийиш,-деди опурулган биринчи элчи.

- Бул милдетти мойнума ала албайм, урматтууларым!-деди Намек. Көпчүлүк улустарды орустар салык төлөөгө мажбурлап алган. Аны орустар менен өзүңөрдүн ханыңар тикеме-тике сүйлөшүп чечүүлөрү тийиш. Элчилик кызматтын тыянагы ушундайбы, урматтуулар?

- Жок, хан.

- Ко-ош?

- Көкүлдөштүк боюнча сиздин талабыңызды ханыбызга маалымдашыбыз, билдиришибиз зарыл,-деди экинчи элчи.

Бий илгертен калган көкүлдөштүк каадасынын айтылып жаткандыгын заматта туйду. Анын себеби: күчтүү мамлекеттин падышасына майда мамлекеттин же уруунун жетекчиси өзүнүн уулун же аттуу-баштуу башчынын балдарынан аманат кылып берет. Ал ордодо тарбия көрүп, илим, тарбия алат. Ордо тартибин, жоокерчилик өнөрүн үйрөнөт. Ак үйлүүгө кармалган, аманат эр жеткенге чейин ордодо барымтада кармалат. Аны берген өлкө жетекчиси же уруу башчысы күчтүү мамлекетке каршылык көрсөтө албайт, же өз алдынча бөлүнүп кете албайт. Ордодо эр жеткен уулун же жакынын бошотуп алууга барган адам мол тартуусу менен падышанын алдынан өтүп, ыраазычылык билдирүүсү тийиш. Эл башкарганга ылайык тарбиялаганга ыракматын айтат. Мындай байланыш мамлекеттер ортосунда ынтымак болуунун кепили катары эсептелет. Ордодо тарбияланган адам өсүп-өнгөн, даам таткан жерине эзели каршы болбойт. Ордо менен даамдаш, шилекейлеш болуп, эч убакта сатпайт. Ал эми кичинекей балдар хандын баласы менен бирге чоңоюп өскөн айдары көкүлдөрүн байланыштырышып, ырым кылышат. Алар эр жеткенге чейин эгиз балдардай болуп, бирге өсүп, бирге чоңоюшат. Кийин бири-бирине эч убакта жамандык кылышпайт деген тартип ордо ээлеринин арасында мурдатан болуп келген.

Алтан хандан көкүлдөштүк боюнча Намек хан суранбаса да, баары бир ошондой алака болорлугун ал туюп, элчилер кээлери менен уулу Ишейди аңчылыктан чакырткан эле.

Ата-бала эч кимди үстүлөрүнө киргизбей жай отуруп, ангемеге киришишти.

- Уулум, кулак сал!

Ансыз да Ишей мырза от боюнда атасына кулак түрүп турган.

- Ишенгеним да, мураскерим да сенсин. Мына, эми үч мүчөлгө толуп отурасың. Ишенимим болсун деп, атыңды тандап койгом. Улуу жылы төрөлгөнсүң. Улуу деп ажыдарды айтат. Же жаян деп да коюшат. Айбанаттардын ичинен коркпосу да, кайтпасы да ажыдар. Ошондой ажыдардай айбаттуу деп элибизде салыштырышат. Улуу жылы туулган балдар мыкты чыгышат. Эч кандай коркунучтан коркпой, беттеген жагынан кайра тартпайт. Бардык нерсеге ээ болуп, элин жерин коргойт. Андай жигит майдачыл болбойт. Болбогон иштерге көңүл бөлбөйт. Ак көңүл, март келет. Бирок, ачуусуна тийгендирди аябайт. Эч кимге сыр бербеген, бирөөнүн сырын окуй алган билерман болот. Андай касиеттер сенде бар. Бул сага болгон мактоом эмес. Аталык баам, туюм. Теңирим, өзү колдосун, эл ичинде кадыр-баркың дурус. Даңкыңа жараша өзүңдү таза, бийик тутушуң ата насилин кадырлаганга барабар. Жашың өтүп баратат. Мен сени ханизек деп коеюн. Мага дайыма жаш көрүнөсүң. Себеби, бала атага балалуу болсо да бала. Бир жакка кетсең бушаймынмын. үшүп калбадыбы, ач болбодубу, сак болсо экен деп, көргүчөктү санаа тарта берем.

Сырт жым жырт. Очоктогу от жалбырттап, улам жалыны көтөрүлө калат. Кургак карагай түтүн чыгарбай күйүп, жагымдуу жыты боз үйдүн ичинде толо. Анда-санда чарт эткен чок, чачырап барып өчүп калат. Ата сөз учугун чубай, сыртка кулак түрөт. Ата-бала кооптоно турган да себеп жок эле. Бирок, сергек жандар, сезимтаал айланага саресеп салат. Себеби, жашоо, шарт, жоокерчилик заман ошого үйрөткөн. Капилет кабаргабы, кокустукка дайыма даяр. Көзү көрөгөч, кулагы уганак, мурду жытчыл, боло турган окуяны көкүрөгү менен туюп, денеси менен сезе билет. Мындай адат атадан балага өтүп, кандан агып, сөөкө сиңген. Болбосо жоо кучагында, өрт таманында, кокустуктун мандайында жашап көнүшкөн эле. Ата дилиндегилерин баласына ачык айтып, кеп чече элек болчу. Баласы анын айтарын туйса да, суроо салбаган билгенге белгилүү, туйбаганга табышмак турмуштун чиеленишкен түйүндөрү көп эле.

Ата жагымдуу, жай үн менен кепти уланта берди.

- Көрүп турасың, айлана–тегеребиздин баары душман. Опурталдуу чак. Жерибиз кенен, элибиз ээн-эркин дегенибиз менен күндөн-күнгө заманыбыз тарып баратат. Биздин өлкөбүздү орустар алты улуска бөлүшүптүр. Чамасы, алардын билгени ошол окшойт. Ата-бабаларыбыз ойроттор менен монголдор турган кең аймакты кеңири кечип, илгертен мекендеп келишкен экен. Найза менен жебе адам денесине батып, кылычтан кан тамган эчендеген замандар өтүп, аман калуу аракети менен Шибер аймагына келип жан

сактаган эл Кем–Кемжит аймагын бири Ээн-Сай аташса, бири энедей болуп, кучагына кабыл алып, аллечтеп асырады дешип, Эне-Сай аташкан. Ал сөздөрдүн да калети жок. Биздин ата-бабаларыбызга чейин ээн жатканы да туура. Качып–тозгон элди энедей асырап, кийгенге кийим, ичээрге тамак, жашоого калка болгон жери камыр, суусу мол, ар түркүн жаныбарга бай, каракчыдан калкалар токою бар, капилет капсалаң жоодон сактар тоосу бар-аймак энчилүү Эне-Сай деп аталды. Кыргыз эли ушул жерде төрөлүп өстү.

- Кыргыздардын бул аймакка качан келгенин билгендер бар болду бекен?-Ишей мерген атасына суроо салып, өз сөзүнөн өзү чочуп кетти. Себеби, ата-бабалардан калган адепте сүйлөп жаткан адамга кеби бүтмөй сайын сөздү жырып, эч ким суроо бербейт. Туурадан чыга калып, суроо берүү-адепсиздик. Кеп салган адам жолдо бараткан жоргого барабар делет. Жоргологон аттын оозун силкип, эч ким темпин бузбайт. Анда жорго мүргүп кетип жоргологон сынынан бузулат. Чертилип жаткан күүнү аягына чыкмайын эч ким токтотууга, бузууга акысы жок. Анда күү ыргагы бузулуп, мукам мааниси жоголот. Байгедеги чуркап бараткан аргымакты алдын тороп токтотууга эч кимдин акысы жок. Ал эми сүрөөгө уруксат. Күүлөнүп бараткан атка тоскоол болсо, ал өксүйт. Туягы жаздым басып мүдүрүлөт. Аккан суу, жүргөн шамал эч жанга баш ийбегендей, кеп кадыры да күүлөнгөн аргымактай, ага тоскоол болгон адепсиздик өнөр кадырын баалабаган түркөйлүккө барабар делинет. Муну дилинде туйган ата уулунун уялганын сезди. Өзүнүн суроосунан өзү чочуганын түшүнүп, кеп келебин чубай да, ойлоно да кетти.

- Туура айтат. Кыргыздардын бул аймакка качан келгенин эч ким билбейт. Мүмкүн, аталар балдарына айтып келгендир. Андан бери жылдар кылымга айланып, эчен замандар өттү. Бирок, кыргыздын Ата Журту Эне-Сай деген түшүнүк муундан муунга уланып келе берди. Кыргызмын деген пенде баласы касиеттүү Эне-Сайды өз мекеним, ата конушум дейт. Бул түшүнүк баарында бар. Ошол себептен жерим, элим деп ушул жайда жашаган айры бутту, жумуру баштуу акыл-эстүүлөр баскынчылар менен жан берип, кан берип, күрөшүп келе жатпайбы.

Мал чарбачылык жана дыйканчылык Эне-Сай кыргыздарынын чарбалык ишинин негизин түзгөндүктөн жыл мезгилине карай кыштоо, жаздоо, жайлоо, күздөөлөргө журт которушуп, көчүп жүрүшкөн. Ал эми дыйканчылык кылышкан кыштымдар туруктуу бир жайда отурукташкан. Жылкы жоокердин, малчынын, аңчынын айныгыс унаасы болгон. Байлыктын өлчөмү да жылкылардын

үйүрүнө карай аныкталган. Дыйканчылыкка өзгөчө мани берилген. Эгинди үчүнчү айда сээп, түшүмдү тогуз;нчу айда жыйнашкан. (Биринчи ай деп февралды аташып, апрелде эгин сээп, сентябрь, октябрда түшүмдү бастырышкан. Эгин темир орок менен орулуп, кол жаргылчактарга тартылган). Негизинен тез бышуучу таруу, конок, буудай, арпа айдашкан. Майда жана чоң арыктардын узундугу он, жыйырма чакырымга жеткен. Миң-Суу ойдуңдарындагы кайрак жерлер суугарылган. Эне-Сай, Абаканда сугат арыктар таш көтөрмөлөр, суу кубурлар жана ноолор айрыкча Уйбатта, Аксыз, Туба дарыяларынан чыгарылган. Арыктардан эгин талааларын аралатып, шак чыгарылган.

Кол өнөрчүлүк, айрыкча металл иштетүү өзгөчө орунда туруп, жогору бааланган. Миң-Суу ойдуңдары, аны курчап турган кырка тоолор пайдалуу кендерге: темирге, жезге, калайга алтынга бай келген. Саян, Темирлүү (Кузнецк) Ала-Тоо тектеринен, Миң-Суу талааларынан темир казып алуудан темир ылганып, кызыл жана күрөң темир алынган. Темирди Абакан менен Тубанын бойлорундагы кумдуу дөбөлөргө эритип алышкан. Карапачылык өнөрдү кесип кылышып аңчылык өнөргө өзгөчө маани беришкен. Куш, ит таптоо, бүркүт, деги канаттуунун баарын табына келтирип, илбесиндерди алдырышкан.

- Уулум, сен эр жеткенден ушул күнгө чейин экөөбүз, ата - бала катары жортуул жолунда, аңчылыктын уусунда, мамырчылыктын шаңында үзөңгү кагыштырып, ат тизгинин тартпай бирге келе жатабыз. Мен канчалаган теңтуштарымдан, жан сырдаш досторумдан айрылдым. Кайран адамдар шилтенген кылычтай, атылган жебедей өткүр пенделер эле. Алар мени менен, мен алар менен сыймыктанчумун. Мен аларды, алар мен сатышкан жок. Эчендеген кандуу кармаштарда бири-бирибизге эш болдук. Аламан сүрөөндө айбат, айгаш салган чабуулда кубат элек. Аргабыз кетип, качканда бирибизге-бирибиз далдоолонуп, бирибиз үчүн бирибиз, окко төш тосууга, кылычка моюн сунууга даяр элек. Ошол үчүн ынтымагыбыз бекем болду. Ажал таап алар аркы дүйнөгө кетишти. Бирок, жасаган эрдиктери, эр жигиттик баатырлыктары мени менен бирге жашап келүүдө. Ошол курбуларым бар үчүн эки тараптан алмак- салмак куйкалаган чокту кечип, өрттөнбөй келдим. Алар мени калкалашты. Мен аркылуу ыйык Эне-Сай жерибизди, кыргыз элибизди калкалашты. Мен алардын астында карыздармын. Ар биринин өлүмүнөн кийин арбактарына ант бергенмин.

Ишей мерген баш көтөрүп, атасына суроолуу тигилди.

- Мен алардын арбактарына өлгүчөктү, силер ыйык туткан касиеттүү эли-жерибизди душмандарга тебелетпейм. Эгерим элди

кор кылбайм дегем. Монголдор илгертен биздин аталарыбызды «харгис» деп аташчу экен. Биздин душмандарыбыз да, бизди «харгис» дешчү.

Улуулар сөздүн маанисин билчү. Ага түшүнүк берген жок.

Ортодогу от алоолоп күйүп жатты. Суюк түтүн боз үйдүн түндүгүнөн созулуп чыгып, кең мейкиндикке тарагандыгы көрүнүп турду. Анда-санда тырс эткен чоктун кыпындары түтүнгө аралашып, үйдүн чамгарагына тийип-тийбей жок болот. Алыста-алыста жымың-жымың эткен асмандагы жылдыздар көрүнөт.

- Менин теңтуштарымдын, досторумдун балдары аталарындай көк жал боло албады. Мүмкүн күнөө менде да бардыр. Аларга жакшылап тарбия бере албадымбы? Же алар ата даңкына, замандын бейкуттугуна карап, өздөрүнүн жоопкерчилигин унутуп баратышабы, өткүрлүктөрү билинбейт. Байлык, бийлик адамды бузат деген чын окшойт. Баары эле эл башкаргысы келет. Көр дүнүйөнү көбүрөөк чогултсам дешет.

Айтылган сөздү өзүнө алдыбы, уулу жер карап козголо отко карагайдын калосун (бир кертимин) салды. Уулунун байлыкка кызыкканын билбейт. Угушуна, байкаганына караганда колу ачык, марттай көрүнөт. Аңга барганда табылгасын кошо жүргөндөргө тегиз бөлүп берерин угуп, көрүп да жүрөт. Ал эми бийлик жөнүндө ойлонбостон, көп кызыкканы аңчылык. Анын мергенчилиги элге даңаза. Уулунун туура тарбияда жүргөнүнө ата ичи жылып, уурутунан жылмайып алды. Жакын отургузуп, башынан сылагысы келди. Уулунун түктүү эриндери ата көзүнө чалдыкты.

- Ойроттор менен монголдор биздин эзелтеден элдешкис душманыбыз. Биздин турагыбызга канчалаган коркунучтарды келтиришип, канчалаган кандуу чапкындарды жүргүзүштү. Биздин биримдигибизден, астейдил коргонуубуздан гана кайтып жатышты. Болбосо, бизди эчак басып алышып, кул, күң кылып жумшап же айдап кетишмек. Азыр да Алтан хан ойроттордон, ойроттор монголдордон кызганып турушат. Бириси эле бизге кол салса, экинчиси бизге кошулуп, беркини тамактан алып, муунтарына көздөрү жетет. Алардын бири биз менен тил табышса да, бири-бири менен тил табыша алышпайт. Биздин аларга кол салбашыбызды да жакшы түшүнүшөт. «Үйрөнгөн жоо атышаарга жакшы» –демекчи, алар бизге дайыма жоо боюнча калат. Ал эми кытайлар монголдорду, ойротторду тебелеп, бизге келүүгө даашпайт. Себеби, алардын чебине ойроттор тынымсыз катыла беришип, аларга кектери кайнап турат. Эгер ойротторду кытайлар басып алышса, монголдор да, биз да туруштук бере албайбыз. Аны орустар туура баамдашуда. Андыктан Сибир аймагын кытайларга

алдырбастын аракетинде орустар ойроттор жана монголдор менен мамиле түзүүгө жан үрөп жатышат. Бизге мамиле түзөбүз деп келишине мен ишене албайм. Алар монгол, ойротторго биз аркылуу гана өтө алышарын билишип, бизге келимиш болушат. Болбосо улам жерибизди басып алышып, бизди четке сүрө башташкандыктарын өзүң көрүп келүүдөсүн.

Ишей мырза атасынын айткандарына анзадалап[1] отурду.

- Бийликти эми колуңа алар кез келди. Мен карыдым, өзүңдөн бөлөк эл-журтка ким болот тутка?

Мырза бул туурасында ойлобоптур. Атасы али тың. Карылыкка моюн суна элек. Атасынан бийлик талашып эмне кылат? Алдыртан атасын карады. Бети-башы буурул тарта баштаптыр. Чымыр денесинде карылыктын белгиси жок. Олбурлуу отурушу өзүнө жарашып турат. Ал күрсүнүп коюп, сөзүн улай берди.

- Алтан хандын кабарын билесиң. Жакында бизге элчисин жиберет.

Ойротторду жеңип, орустардан кол үздү. «Кыргыздарды өз букаралыгыма кабыл алам» деген дымагы баштатан эле белгилүү болчу. Андыктан жеңишке ээ болгон мартабалуу ханга куттук айтып, атасы элчи жибериши эптүү эле. «Өз букаралыгыңа кабыл ал?» деп Алтан ханга кыргыздардын барышы абзел эле.

- Ал эмнеге элчи жиберет?-Атасына суроолуу тиктеди. Атасы анын дилин окугандай, жооп берди.

- Ал бизден ак үйлүү сурайт.

Ак үйлүү деп бийлик ээлери тарабынан көз каранды элдин көрүнүктүү, кадырлуу өкүлдөрүн (баласын же өзүн) барымтага алуу. Үстөмдүк кылуучу бийлик ээсинин буйругун эки кылбай (каршылык көрсөтпөй) аткарып туруш үчүн ак үйлүү ыкмасын монголдор да колдонушкандыгын уулу түшүндү.

- Кимди жөнөтөйүн дейсиң?-деди ата уулуна кунт коё тиктеп.

Уулу атасына карай суроолуу тиктеди. Анда кимди жөнөтүү сиздин эркиңизде деген моюн сунуу бар эле. Ак үйлүүнүн тагдырын хандар, бийлик ээлери гана чечет. Аны менен эл тагдыры байланыштуу. Себеби, бийлик ээлерине каршы эл козголсо, ак үйлүүгө күч келет да, бийлик ээси каалаган жазасын колдоно алат. Анда эки элдин же бийлик ээлеринин ортосунда уруш чыгышы да мүмкүн. Ошондуктан ак үйлүүгө кол тийгистик эки тараптан тең сакталуусу тийиш.

- Алар биздин эркибизге карабайт. Улус бий, бектерине да ынабайт.

---

[1] ойго батуу

- Мен барайын.-Уулунун кабак чытыбай, жайдары жүз менен ишенимдүү берген жообу атаны кубандырды. Жүрөгү тыз эте булкуп алды. Элим деп, баш тартпаган уулга ата ыраазы. Учур опурталдуу. Төрт тарабында коркунуч сагалап, айла куруп турган мезгил. Дагы эле ойрот, монголдор үйрөнчүк жоо болуп, бириненбири кызганса да, кол  салып, даап кире албай турушат. Ал эми орустар уламдан-улам кысып, ясагын көбөйтүп, ага алымсынбай талап-тоноп, зомбулугун күчөтүп, жерлерди ээлеп, чептерди курушууда. Булар баары бир жакшылык кылбайт. Эмне болсо да, душман санын көбөйтпөй көңүлүн таап, бир-бирден колго ала берүү зарыл. Эли-жери тынч болуп, акыры жакшылык болоор. Сагалаган душмандардан сак-сактап бет келгенине төш тосуп, канчалаган кырчындай жигиттердин өмүрлөрү кыйылды. Жоокерлердин саны, элдин карааны азайды. Алардын орду жаштар менен толукталаар. Көк чырпыктай гөөдөктөрдү телчиктирип, жоокерчиликке үйрөтүүгө дагы канчалаган убакыт талап кылынат? Миң толгоно ичинен бушайман болуп, алды-аркасын ойлогон бий уулунун жүзүнө тик карады.

- Сен-менин мураскорумсун. Сенден башка элге-журтка ким баш болуп, ким күйөт?

- Мен болом дечүүлөр көп. Чыгат элден. Ар урууда мен дечүүлөр арбын. Бирок, алар эл башы боло алышабы, жоопту милдетти, эл жүгүн көтөрө алышабы? Заман тейи башка. Жыландай арбашып, жырткычтардай пайлашкан учур. Колуна курал кармап, көптү ким ээрчитип, жоо алдына жалтанбай ким бетме-бет чыга алат? Даражанын аты улук. Анын милдетин алып, өтөсүнөн чыгуу кыйын. Түнү уйку көрбөй, күнү тыным билбей сана тартып ойлонот. Ойротко барып ойротчо, монголго барып монголчо, оруска келип анын дилиндегидей мүнөз таппаса,– алоолонгон өрт ичинде заматта жок болору белгилүү. Жеке өзү жок болсо, жок болсун. Ага мейли эле, Элчи? Элдин эртеңи, кийинки тагдыры кандай болот? Жанаша жашап, көрүп-билген канчалаган эл, анын ичиндеги уруулар кийинки аленгир заманда ың-жыңы жок дайынсыз болуп, аты өчтү го? Кээлери бир урууга жетпей тыркырап, таруудай чачылып, майдалап бөлүнүп кетти. Улутун эмес, уруусун айтуудан айбыгып, насили кимдигине баамы жетпей ал тургай атын унутту. Зомбулук ушундай экен, айласыз ага баш ийип, тирүүнүн өлүгү, өлүүнүн тирүүсү болуп, ортодо жанын оозуна тиштегендер баш көтөрүүдөн жалтайлап, саны сайда, изи кумда жок, эптеп карааны болгону менен калк боло албагандар канча? Алар тегин билбей, темселеп күчтүүлөрдүн этегине жармашып, эптеп аман калуунун аракетинде жан багып жүрүшөт. Алар эртең эл

боло алышабы? Эл болушу кыйын! Башкаларга тел болуп, темселеп жашары бышык.

Бийликке, байлыкка кимдер гана кызыкпаган? Бийлик, байлык кимдерге апы болуп түндүгүнө түркүк болуп берди? Аны түбөлүк колунан чыгарбай ким кармай алган? Каниет, бул жашоого келип, акыл-эс тааныгандан баштап, бешенеге жазгандарды көрүп келе жатабыз. «Ханды бийлиги, байды байлыгы сактады» дегенди деги эле уга элекпиз, байлык колдун кири экен, жууса кетет. Жугуп калбайт. Бийлик элдин шору экен. Чапса өтөт. Туруп калбайт. Байлык эриген туз, кочушка толгону менен эрий берип жок болот. Бийлик тоңгон муз, күчтүү тап болсо көз көрүнө жок болот. Анын карааны болгону менен, карманар жери жок. Абайлабаса карсынат. Аны аңдап, көрүп-билип туруп, пенде баласы байлыкты топтойм, бийликти кармайым-деп тырмыша берет. Опосу жок дүнүйө ай! Бул экөө неге эле пенде баласынын дилин ачынтып сугун арттыра берген – деп ой тереңине чумула калып, сүйлөп жатты.

- Сени ак үйлүүгө берсем, алар сүйүнбөйбү! Бир элдин болочок ханы колубузда. Каалаган салыкты салып, алымын алабыз дешип, барымтага кармагандай болбойбу? Сени бербесимди алар билишет.

«Менин балдарымды көздөп жатышабы?» деген суроо келе калып, Ишей атасынын жүзүнө тике карады.

Кексе бий уулунун дилин окуп, баш ийкеди.

- Ооба. Сенин балдарыңды сурайт.

- Сиз маакулсузбу?-деп жумшак суроо салды баласы ичи ачышканын билдирбей.

- Макул болбогонго чара жок. Монголдордун улуу билерман, чыгаан Чыңгыз ханы: мен караткан мамлекеттер кайрадан көтөрүлүш чыгарбоосу үчүн кандай айла кылуу керек?-деп, ар дайым жакын кеңешчилерине сынамакка суроо салыптыр. Анда бирөөсү туруп:

- Сизге кол караган мамлекеттердин башчыларынын балдарын ордого «ак үйлүүгө» алсаңыз, эч кимиси көтөрүлүш чыгара албайт – деген экен.

- А биз Алтан ханга мүнкүр болуп жүрө беребизби?

- Жок. Кези келгенде ал бизге мүнкүр болушу мүмкүн.

- Качан?

- Ойроттор ага азыр көз каранды. Бирок чоростор баары бир ага баш ийишпейт. Чоростордун башында Хара-Хула кыйык, өтө тажаалдыгы, бир ишти колго алганда аягына чейин биротоло бүтүрө турган, көктүгү менен ойротторго гана эмес, коңушу

урууларга маалым. Ал ойрот биримдигин түзүүгө аракеттенип жатат. Аны аткармай сайын жаны тынбайт.

- Башка уруу башчылары, ага кошулбай коюшары да мүмкүнбү?-деди Ишей кызыга.

- Ал жагы да бар. Бирок, кошулбайм деген уруу башчысынын шору куруйт. Хара-Хула элин чаап, тымтыракайын чыгарып болсун, аргасын кетирип, чөгөлөтпөй койбойт.

- Ага каршы бир нече ойрот уруулары биригип кетишерин да ойлогондур?

- Ойроттордун карышкыры аны да, жадынан чыгарып койбойт. Моюн толгогондорду бөлүп туруп, Алтан ханды тукурат. Алтан хан аттанып чыкканда бөлүнөм деген уруу башчысы айласыз Хара-Хуланы баанектеп келип, алдынан өтөт. Кара мүргөз Хантайжи ага моюбайт. Бөлүнгөн урууну беркил топторго таратып бөлүп берип, уруу башчысын жалгыз калтырып жазалайт.

- Хара-Хуланын бийлиги ошончолук эле ишеничтүүбү?

- Токойдогу кабылан карды ачмайын эч кимге тийишпейт. Көргөн аңды ал алмайынча койбойт. Хара-Хула да Жунгар аймагынын баш кабыланы. Аны менен Алтан хан азыртан эсептешпесе, убакыт өткөндөн кийин алдырары бышык.

- Ал качанга чейин созулат?

- Тынчсызданбай кое тур. Билем, ичиң толгонуп жатат. Сенин уулуң-менин неберем. Ал эч жамандык көрбөйт. Мен сага бир айтымдан кеп салып берейин.

Күнөстүү аймакты эки шер мекендеп калат. Бири эс алып уктаганда экинчиси аң уулап, эки шер бирин-бири билишпейт. «Бир казанда эки кочкордун башы кайнабайт» демекчи, бир аймакта эки шер эч убакта жашаган эмес. Бири кетип, бири калышы керек. Болбосо алсызы ажал табаары бышык. Эки шердин ортосундагы жашыл аймакта бир бугу музоосун телчитип жүрүптүр. Бетегелүү жайыттын тунук суусу мол. Алда кандай болуп кетет деп, бугу музоосун ээрчитип, башка аймакка кеткиси келбейт. Бир күнү салкын жерде оттоп жүрүп, шерди байкап калат. Күнөстүү аймактын экинчи тарабына качып жөнөйт. «Жырткычтан кутулдум»- деп, жашыл төрдүн четине барса, ал жактан экинчи шер көрүнөт. Айласы куруган эне бугуга жер тарып, заманасы куурулуп, алапайын таппайт. «Ажалыбыздын жеткени ушул экен» деп, көзүн жашылдантып, музоосун ээрчите далдааланып, тынч жай издей баштайт. Өзүм өлсөм да, музоом аман калса экен-деп, бир коого барып жашынып, денеси титиреп туруп калат.

Аңгыча бугунун изине түшкөн эки шер «Баары бир, бүгүнкүлүк тамак таптым» деп келе жатышып, бири-бирине карама-каршы

кезигип калышат. Алгачкы жолу бирин-бири көрүшүп, кайберендин жаңы этин, ысык канын кызганышып, күр-күр эте бири-бирине эес көрсөтүшөт. Тайбас, экөө тең кызганычтан жана өздөрүнө ишенгендиктеринен тажаалданып кармашышат. Салкын жайдын бетеге-туланьы жапырылып, бажырайган гүлдөр тебеленет. Мөлтүрөгөн булак көздөрү алардын таманында эзилип, суусу ылайланып, чалчыгы чыгат. Биринен-бири калышпаган эки шердин, канча убакыттан соң биринин карды жарылып, экинчисинин алкымы айрылып, каршы-терши сулап жыгылышат. Алардын этин карга,-кузгун заматта талап кетет.

- Эки шер ойроттор менен монголдор дейсизби?

- Ооба. Экөө тең биздин байлыгыбызга кызыгышып, шилекейлерин куюлтушуп, көздөрүн кызартып турушат.

- Кимиси кол салышы мүмкүн?

- Кол салбаганы жеңишке ээ болот.

- Ойроттор жеңээри бышык.

- Таптың.

- Менин неберем ошого чейин Алтан хан деп аталган ордодо болот. Сен көп кыжаалат болбо. «Душмандын сыртында болгуча, ичинде бол» дешет элибиз. Монголдордун тартибин көрсүн, ордо тарбиясын алсын. Ал жерде уулуң «эрке бала» болуп өсөт. Келип-кетишине эч кимди кийлигиштирбейбиз. Алтан хан менен мамилени жакшыртып, орустардын жерибизге жылышына жол бербейли.

Ишей атасынын бүтүмүнө каршы чыкпады. Мындан башка арга жок. Элди эптеп да болсун, убактылуу ушинтип сактап калууга аракеттенген атасынын айласына макул болбоого чара да жок эле. Уулунун өмүрүн көкө теңир өзү сактасын.

Намек хан чоң небереси Абалакты ак үйлүүгө Алтан ханга жиберүүгө макулдугун билдирип, элчилерге кошуп берди. Элчилерди узатар алдында кайрадан кабыл алып, Алтан ханга берилүүчү тартуудан тышкары ар бирине белектерди аяган жок. Кымбат баалуу аң терилеринен сырткары соодагер, көпөстөр алып келген, аттары белгисиз өлкөлөрдөн даярдалган буюмдарды атайын бир жайга тиздирип:

- Алгыла, урматту меймандар! Булар менден силерге белек болсун,-деди.

Меймандар биринен бири өтүп, сугалактык менен ар бир буюмду кармалап жатышты.

- Хан, сен буларды, бизге бекер берип жатасыңбы?-деди ишенбей биринчи элчи.

- Аз десеңер дагы берейин,– деди какшыктай Намек бий.

- Жо-ок. Бизге өтө эле көп берип жатпайсыңбы.

- Алгыңар келбесе эмне кылабыз? Силердин көңүлүңөргө жаккан эмес окшойт?

- Бул, буюмдар кантип жакпасын? Баасына саныбыз жетпейт. Булар биздин ханыбызда жок да?-деди энтиге сугалактык менен буюмдарды карап жаткан экинчи элчи.

- Эмне? Ханыңар алып коет деп, чочулап жатасыңарбы? Ага тартуум башка. Мен силерди сыйлап, дайыма катташкым келет,- деди бий үнүн ишенимдүү чыгарып.

- Хан, Намек баатыр. Биз сага карызбыз-деди биринчи элчи кубанычы терисине батпай.

- Жок. Менин неберемe көз салып, жардамдашып жүрсөңөр эле болду.

- Андан бейкам бол, хан Намек! Биз мындан ары сенин досуңбуз,-деди экинчи элчи жайдары.

- Анда силер Алтан ханга болгон тартууну кошо алып, уулум менен ордого түшкүлө. Бул белектерди менин жигиттерим силердин үйүңөргө жеткирет.

- Оо, акылман хан. Буга биз макулбуз. Жакшы тур, хан Намек! Марттыгыңа биз ыраазыбыз!

Хан Намек небересин кучактап, көкүлүнөн өөп узатып жатып, анын кулагына:

– Элдарым! Эл кадырын, журт тагдырын көтөргөн баатырсың. Аман бол! Сагынганда көрүшүп турабыз, – деп шыбырай булкунган аргымакка өзү көтөрүп мингизди.

Небереси алайган көзү менен чоң атасына таңыркай карап, баш ийкеди. Аны менен кошо Музочар да кошо кетти.

* * *

Жергиликтүүлөр Том калаасындагылардын малын сыртка чыгарууга мүмкүндүк беришпеди. Ал тургай дыйкандар да жер иштетүүгө талаага чыга албай калышты. Калаадагылар топ-тобу менен куралчан чыгып гана жан сакташпаса, өздөрүнө окшотуп жалгыз-жарым жүргөндөрдүн колдорунда эмнелери болсо да тоолуктар тоноп алып кетип жатышты. Жайытка чыкпаган малдары ачкалыктан мөөрөп, чочколору коркулдап, каздары каркылдап, чуру-чуу түшүштү. Орустар топ-топ болуп чогулуша бирин-бири тилдешип, «чала болду» дешип, өздөрүн-өздөрү табалап жатышты. Айрымдары ачуусу келишип, «жапайыларга чара көргүлө!», «жолукканына айткыла!» дешип, воеводдорго келип жатышты.

Княздар чогулушуп, ары тартышып, бери тартышып жатышып, бир тыянакка келе алышпады. «Кыргыз өлкөсүнө» баруудан

коркушуп, эч кимиси белсенип чыгышкан жок. Акырында жаңы келген соодагерлерди ортого түшүп берүүлөрүн өтүнүштү. Сооданын кызыкчылыгы үчүн коопсуздукту камсыз кылууга ынтызарланган бухаралык соодагерлер арачылык кылууга макулдук беришти. Сибир аймагынын тынчтыгы алардын соодасынын жүрүшүнө да өбөлгө түзөөрү белгилүү эле. Коогалаңы жок бейкут болсо соода да ийгиликтүү болот. Кардарлар арбын болуп, буюмдар жакшы өтөрүн билген соодагерлер «Кыргыз жери» менен калаанын чек арасына кире тарткан кербендерин жайгаштырышып чакан жүктүү аттарды жетелешип, кыргыздардын айылына өздөрү келишти.

Намек хан башына чалма салынган бөтөн жердик меймандарды зарыктырбай кабыл алды. Алардын орустар тарабынан элчи болуп келишкендигин туйду.

- Кош, меймандар! Жергебизге куш келиңиздер?

- Улуу урматуу хан. Биз Бухарадан келген соодагерлербиз.

- Жакшы болот. Аныңар кийимиңерден эле көрүнүп турат. Сапар жолдо кыйналбай келдиңерби?

- Ыракмат, хан! Сизге орустардын өтүнүчү менен келүүгө туура келди.

- Кербениңер кайда калды?

- Кербенди калаанын сыртына, силердин жериңердин чегине жайгаштырдык.

- Биздин жерди кыдырбайсыңарбы?

- Кыдырабыз, хан. Алдын орустардын талабын билдирели.

- Билем.

- Орус дыйкандары талаага барып иштеше албай, малдарын жайытка чыгара албай жатышыптыр.

- Ага эмне себеп болду экен? – деди Намек хан билмексенге салып.

- Сиздин адамдарыңыз алардын сыртка чыгышканын тоноп, колдорундагы буюмдарын тартып алып жатышыптыр. Малдарын жайытка чыгарбай, жолдорун тоскондуктан калаадагылар сиздин адамдарга наразы.

- Биздин адамдар эмне себептен орустарды мындай абалга алып келишти экен?

- Тартипсиздик дешти алар.

- Орустар жергиликтүүлөрдү талап-тоношкондугун жана зордук-зомбулуктарын эстеринен чыгарышкан окшойт?

- Мындан ары жакшы мамиледе бололу-деп жатышат.

- Алардын убадаларынын кепилдигин алдыңарбы?

- Ынтымакташалы-деп жатышат.

- Аларга жергиликтүүлөр ишенбей калышты. Дайыма убада беришет, аны аткарышпайт. Алардын талап-тоноолорун, зомбулуктарын биздикилер жакшы билишет.

- Урматтуу хан, биз эки элди ынтымакташтыруу максатында ортомчулук милдетин алдык. Тиричилик, шартыңар бир экен. Соода жармакесин бир өткөрүүгө урукса бериңиз?

- Азиз меймандар! Биз алардын тиричилигине, жашоо турмушуна аралашпайбыз. Каалагандай жашай беришсин. Бирок, жергиликтүүлөргө «көп өткөргөндөрү» бар. Биздин жерди бүлүнтүп бүтүштү. Өздөрүндөй кылганга алар чыдабай жатышат. Биздин тиричиликке кейлигишпей, биздин аймакка өтүшпөсүн.

- Биз сиздин адамгерчилигиңизге ыраазыбыз хан! Эки элдин ортосундагы ынтымакка аралжы болгонубузга кубанабыз. Биздин келгенибиз да сиздин чоң адамгерчилик менен меймандардын өтүнүчүн аткарганыңыз сооп иш болду. Ылайым баарыбызды кудайым колдосун.

- Бирок, орус төрөлөрүнүн өз күнөөлөрүн мойнуларына алышына кандай ишеним бере аласыздар?

- Сиз кабыл алсаңыз, ~~ардын келип-кетишинин коопсуздугуна көзөмөл кылам десеңиз, алдыңызга келүүгө орус төрөлөрү даяр.

- Биз күнөөсүз адамдарга катылбайбыз. Силер аларга эскертип койгула! Жер, суу коруганды биз билбейбиз. Теңир берген жер бетиндеги ырыскы баарыбызга тең. Бирок, катылгандын катыгын берүүгө дайыма даярбыз.

- Сиздердин жакшы адамдар экениңерди биз билебиз. Ошондон айлап-жылдап «жол азабы, көр азаб' ына» кайыл болуп, келип турабыз. Сиздердин меймандос, ак пейил, адамгерчилигиңерге курсантпыз.

- Биз да силердин келишиңерди чыдамсыздык менен күтөбүз.

- Азиз хан! Биздин өтүнүчүбүз - сиздердин жердин чегиңиздерге соода-сатыгыбызды жүргүзүүгө уруксат этиңиз. Неге дегенде сиздерге да, орустарга да ортолук болуп, бири-бириңерден кем-карчыларыңарды толуктоого шарт түзүлөт. Сатык жарманкеси канчалык бай болсо, керектүү буюмдар да арбын алынат. Буюм алмашуу иши да жөнгө салынарын өзүңүз жакшы билесиз, ханым!- деди бойпоңдогон соодагерлердин бири.

- Ага каршылык жок.

- Көп жашаң, хан! Сырттагы коштолуп келген аттардагы жүктөр сизге, бизден соога.

- Ыракмат коноктор! Биздин да силерге арнаган белегибиз белен.

Бий менен соодагерлердин сүйлөшүүсү бири-бирине белек берүү менен аяктады. Соодагерлерден арачылыгы менен орус князьдары хан алдына келишип,

-«Ынтымактуу жашоону улантаьы» деп, убадалашып, кыргыз пейилиндей кенен жайылган дасторкондон меймандар чоң сый көрүштү. Орус князьдарын уруу башчылары конокко келүүлөрүн өтүнүшүп, үйлөрүнө чакырышты. Эки тарап тең ынтымакка келишкенине ыраазы болушту. Андан көп өтпөй чек арада чоң жарманке уюштурулду. Томдогу калаа калкы өздөрүнүн тапкан-ташыганын, «кыргыз өлкөсүнүн» адамдары аңчылык буюмдарынан тартып, тиричилик шаймандарына чейин, чулым, арын, качин татарлары өздөрүнүн буюмдарын алып чыгышып, соодагерлердин базарын кызытышты. Кыштымдар да арбын келип, керектүү буюмдарын аң терилерине алмаштырып жатышты.

Мас болгон воеводдордун кээ бирлери кыштымдардын буюмдарын зордуктап тартып алышса, бирлери коюнга тыгып уурдай коем деп, көптүн көзүнө чалдыгышты. Базар аягы чырга айланып, мушташ чыкты.

* * *

Кийинки калмак аталып кеткен тергут уруусу топтолуп, батышты көздөй (Волгага) Эдил жайыкка, кошоттор Тибетти көздөй көчүп, конуш которушат. Ойроттордун ынтымагы ыдыраганына пайдаланган Алтан хан аларды оңой эле басып алат. Канчалык катуу тоскоолдуктарга карабай каардуу Хара-Хула жетекчилиги менен чорос уруусу жунгарияда калып, ошол жердеги уруулардын уюткусуна айланат. Андан эки-үч жыл өтпөй контайчжиси Тарбагатай тоолорунун этегиндеги Иле дарыясынын бойлорундагы жана Жайсаң көлүнүн жээктериндеги уруулардан түзүлгөн колду баштап, өзүнүн кандуу жүрүшү аркылуу Орто Азия тараптагы казак-кыргыз көчмөндөрүнө басып киришет. Кабарсыз жаткан элди зордук-зомбулук менен басып, чабышып мал-мүлктөрүн талап-тоноп алышып, эбегейсиз дүнүйөнүн ээси болушат.

Мартабалуу Хара-Хуланын жан аябаган өжөрлөнгөн аракети менен чакан чорос мамлекети түзүлөт. Ал өзүн контайчжи атап, бүткүл ойрот жериндеги уруу башчыларынын каршылыгына карабастан аесуз зомбулуктун күчү менен калмак урууларын бириктире баштайт. Чоң уруулар болгон торгут, хойт, кошут, чорос урууларынан бириккен ойроттор «дөрбөн ойрот». Кийин кубаттуу Жунгар хандыгы аталып кетет.

Жаңы хандык калмак бийлеринин белин бекемдейт. 1633-жылы жазында калмак аскерлери кайрадан казак-кыргыз жерин көздөй жылып жөнөшөт. Жергиликтүү эл канчалык каршылык көрсөтүшсө да баскынчыларга туруштук бере алышпайт. Сибирден Түркстан аймагына чейинки чачырап кеткен калмактар биригип, жунгар хандыгы күч ала баштайт.

1634-жылы жаңы хандыктан Алтан хан Саян тоолорун ашып, Эне-Сай аркылуу Абаканга барып, орус падышачылыгына өкүлүн жөнөтүп, өзүнүн баш ийгендигин билдирип, орус букаралыгын кабыл алууга аргасыз болот. Андан пайдаланган орустар кыргыздарды жарашууга ынатууну Алтан ханга тапшырышат.

Монгол ханы атайын чабаганчы чаптырып хан Намекти келип кетүүсүн өтүнүптүр. Кыргыз бийи монгол жерине барууга камданып, улус бийлерин өзүнө чогултту. Аттуу-баштуу билермандар келгенде ал досторкон үстүндө сөзүн баштады.

- Алтан хан жайын жакшы билесиңер, урматтууларым. Ал келип-кеткиле – деп чакырыптыр. Кандай кеңеш берер элеңер?

- Кызыталак, монгол ханы жөн жайынан чыкырбаса керек-деди өзүнчө сүйлөнүп койду Көчүбай.

- Ойроттордон дап жеп калды. Эми, кыясы бизди таяныч кылайын дегени окшойт-деди Бектеней.

- Орустардын букаралыгына өттү–деп уктук. Ал тургай орус падышасына элчи жөнөтүп, өзүнүн багынгандыгын билдириптир – деген маалыматты кошумчалады Ноен бий.

- Ооба. Алтан хандын айласы куруп турган чак. Ордосуна чакырса маанилүү масилати бардай – деди Номчу хан.

- Баягында орустар менен алгач мамиле түзгөндө теңирин тааныпбай кутурган эле. Андан соң ойротторду басып алып, башкаларды теңсинбей, ал тургай орустардан да, кол үзүп, тескери карап кеткенин баарыбыз жакшы билебиз. Эми орустарга бүгүлүп «Өз букаралыгына алуусун өтүнүп отурат. Миң кууланса да, анын кимдигин, бултаңдаган куйругу эле билдирип турат – деди Көчүбай мыскылдай.

- Кытайлардын пешинен баштатан эле өзү коркco, эми ойроттор муштумун көрсөтүп айласы кеткендиги ырас. «Чакыргандан калба, өзүң басып барба» – демекчи сөзүнө жараша, сөз кайтарарсыз, бий деди Бектеней.

- Силердин айтканыңар туура – деп Намек баш ийкей кеп салды. Алтан хан биз менен жакындашууну көздөйт. Бир болсо «орустар менен жакындаштык. Эми силер да орустар менен алакага келгиле»-деп үндөшү мүмкүн. Андыктан биз ага бере турган жообубузду камдап коелу.

- Намек бий, орустар бизге жакшылык кылбады. Алар жерибизге мейманчылап келбеди. Биротолю басып алышып, зордоп зомбулугун көрсөтүп отурушат. Анысы аз келгенсип, ясак бергенибизге алымсынбай, бизди улам тоо тарапка сүрүп баратышат. Биз аларды жаңы ото, мейман деп сыйладык эле, кызыталактар сыйды түшүнүшпөдү. Бизди коркок-билиш кылып алышты. Коендун ийнин тартып алган карышкырдай болуп, эми өзүбүзгө кол салып отурушат. Булардын оюу жаман экен. Бизге коңшу, тууган боло алышкыдай эмес. Мамилени таптакыр үзүшүбүз керек, – деди Кара жан күйгүзө.

- Алтан хан ортого түшө турган болсо, орустар менен чек бөлүшөбүз. Алар биздин жерге өтпөсүн, биз аларга өтпөйбүз. Монгол ханы орустар менен жакшы болсо өздөрүнө. Бизге ортого түшпөсүн, – деди Көчүбай.

- Орустарга да, монголдорго да салык төлөгөндү токтотолу. Коңушулаш ойроттор менен мамиле түзөлү. Эмне дейсиңер билермандар? – деп суроо салды Кара.

- Алтан хан жайын билбей туруп, тартышканды коң туралы, жакшылар! Намек хан акылдуу пенде. Барып көрсүн. Кеп жөнүн карап, жооп берерсиң. Сөзүңдөн качан эле чыкчу элек. Сага ишенебиз. Өзүң талдап, өзүң чеч. Бирок, эки тарапка салык төлөө оорчулук келтирет. Монгол ханы менен кеңеш. Ушул бүтүмгө келели, жакшылар!

Номчунун сөзүнө баары макул болгонун билдир.шип, үндөбөй калышты.

Намек хан жумшак үн менен шериктерине кайрылды.

- Жакшылар, Алтан хан бир мени чакырган жок. Мен аркылуу баарыңарды чакырып отурат. Өзүм жалгыз (жан жигиттердин жайы башка) барсам, сөөлөтүм селтүк болоор. Баарың жүргүлө. Көп болбойлу десеңер, эки-үчөөң кошулгула. Баарыбыз түптүү журттун ээсибиз. Ар бириңер улус ханы (улус бийлери) катары аларга аброюңар ар башка. Чакыруунун тейине ылайык жооп да, бүтүм да өзүнчө болоор.

Улус башчылары талашып жатышып, Номчу, Көчүбай, Ишей баш болгон топту жигиттери менен Намек ханга кошушту.

* * *

Кыргыз ханы баштаган топту Алтан хан кыргыз салтындай кылып, улак тартуу менен тостуруп алды. Чабендестер килейген торпокту өңөрүп келип, Намек хандын атынын алдына ташташты. Бий улакты шап эңип алып, ат жалына таштап, ага бутун ашырып,

бир азга чаап барды да, шериги Номчуга ашырды. Ал Ишей мергенге ашырып, ат оюнунан сыпайы сыртка чыкты. Ишей мерген атын чаап баратып жан жигитине берип, ойноктогон атын желдире атасы турган топко келип кошулду. Алтан хан менен ардактуу меймандар бир дөбөдө кошо турушуп, биринен-бири талаша жулкуп алыша улак чапкандарды тамаша кылышты.

Илгертен улак чабуунун тартиби, эрежеси бар. Мамлекет башчысы хандыбы деги эле сыйлуу адамды атайын улак тартып тосуп алуу салты тээ турк насилинен калган. Ал келген мейман, атактуу адам үчүн чоң сый катары эсептелген. Улак тартуу мезгилинде күч атасын таанybайт. Алгыр чабендестер өлөр – тирилерине карабай, атын чаап баратып улакты жулуп алат. Улакты ат жалына арта салып, үзөңгүлүү эки бутун ашырат. Андан башкалар тартып алышы кыйын. Чыгаан чабендес балбаны гана жулкуп алып кетиши мүмкүн. Болбосо улакчан чабандес кадырлуу мейманга, сыйлуу аксакалга, же жакын көргөн досуна ашырып берүүнү өзү билет. Кокустан улак жерге түшүп кетсе, көпчүлүк эңип кетүү аракети менен канча чабандес болсо, ошонун баары ага умтула ат салышат. Аны кала деп коюшат. Калада жердеги улакка аттын аты, чабандестин шамдагай эпчили гана жетип, башкаларга алдырбай жерден көтөрүп кетет. Эңкейген улакчыга аттын башы, үзөңгү же шилтенген камчы тийип кетсе башы-көзү жарылып, канап, көгөрүп кетиши да мүмкүн. Ага эч кимге док урбайт, кайыл болот. Оюндун шарты ошондой. Андыктан «кала» болгон кезде чабандестер камчы шилтебей, камчынын көгүнөн тиштеп, эки колун бош коюп, улакка жетүү аракетинде болот. Кокустан аттар жыгылып, адамдын өзүн, буттарын тебелеши болоор иш. Кээ бирлеринин буту-колдору кокустап, чыгып, сынып да кетиши мүмкүн. Анда да ал эч кимге догура албайт. Бутун таңып алып кете берет. Андыктан улак тартышты «Көк бөрү» деп да коюшат. Анысы бөрү талаш дегенди билдирет. Ким бөрүдөй өжөр, алгыр, кыйын болсо, алып–жулуп мөрөйгө жетет. Оюндун шартын көрүп-билгендер жакшы түшүнүшөт.

Өзүн Алтан хан атаган атасын ала келип, жайык дөбөдө туруп тосуп алды. Алыстан эле бөйрөгүн таяна менменсине кооз кийинген карааанды көрүшкөн меймандар анын Кунканчей экендигин боолголоп билишти. Топ караандын четине жакындаганда ат алуучулар колдорун көкүрөктөрүнө алыша ийилип чуркап келишти. Аттан түшкөн меймандар каада боюнча салам айтышты. Көздөрүнүн алдын бырыш баскан хан атасы аларды сүзүлө тиктеп оозун бүлкүлдөтүп, алик алган болду. Ал карылыгы жетип калса да, кыймылы шайдоот, баскан турганы чапсаң экендиги билинип турат.

Сынай тиктешкен эки топ кол алышып, ал-жай сурашкан соң, аларга жакын бастырып келишкен улакчыларды карап бир азга туруп калышты.

Салт боюнча Намек бийдин тобу атайлап улак таштаган чабандестерге атайын, белектерди беришти. Улак тарткандар артта калып, топ атчандар Алтан хандын ордосун карай жөнөштү. Алтан хан менен Намек бий аттарын жорголотушуп алдыда, алардын артында кадырлуу бийлер, монголдордун зайсан, ноендору, андан соң аттарын желдиришкен жан жигиттер. Эки тарапта сап болуп тизилген монгол жигиттери меймандар жакындаганда колдорун булгалашып, кыйкырып жатышты.

Меймандарды атайын жасалгалап тигилген, жаңыдан көтөрүлгөн боз үйгө түшүрүштү. Анын ичине ийленип жумшартылган аюу, жолборстордун терилери калыңдап салынган. Алыстан чаңкап келишкенин туюшуп, суусундукка кымыз сунушуп, жанбаштап эс алууга деп жумшактап пар жастыктарды коюшту. Заматта дасторконду жайнатып, ар кыл дүйүм даамдарды келтиришти. Кыргыздардын кадимки тамак–ашынан айрып алгыс мал этинен, сүтүнөн даярдалган тамактар жайнатылды. Коноктор даам татышкан соң ал-жай суралып, кеп учугу уланып жатты. Сөз арасында Алтан хан адеп сактап, меймандардан кеп сурабай, өзү сүйлөп отурду. Анын айтуусунда ал башкарган мамлекет – Монголиянын түндүк-батышында Дзасаху хандык ээлигинен бөлүнүп чыгып, өзүнчө болуп түзүлүптүр. Анын негиздөөчүсү Шолай Уваши айтылуу Чыңгызхандын уруктарынан экендиги айтылды. Ордо Убсу-Нур көлүнүн айланасында жайгашып, мезгилге ылайык, конуш которуп турушары баяндалды. Бийлик мурасталып өздөрү ак сөөктөрдөн-тектүү уруктардан экен. Өлкөдө атактуу оин, солжак, адай, монгуш, тумат, элжиген, жокту, бүркүт, дөрбүт, елет, шархут, харкут, баркут, цорос, чопкут, унгер, уралас ж.б. уруктарынан таркагандар жашарын баяндады. Меймандарга чечилип сүйлөп, зериктирген жок.

Бир нече күндөн кийин моңгол ханы айылынан сырткары өзүнө караштуу уруу башчылары, атактуу тайши, ноен, зайсаңдар башкарган айылдарын кыдыртты. Бардык жайда куралчан монгол аскерлери топ-тобу менен алардын бет алдынан чыгып, негизги ордого топтолуп жатышкандай. Меймандар жер кыдырып, эл-кыдырып, сыйларын көрүп жатышты. Барган жайларында ар кыл улуттун өкүлдөрү жашаган айылдарда болушуп, ар кыл элдин салтында мейманчылыктарын көрүштү. Алар Алтан хан тарабынан багындырылган элдин айрым бир топтору эле. Хандын айтуусу боюнча ордого баш ийген аймак өзгөчө чоң. Ат менен бир айда

жете турган оолакта да жашаган букаралары бардыгын белгиледи. Көпчүлүк барган жайда монголдор төрт түлүк малды тиричилик өткөрүүгө пайдаланаарын байкашты. Көбүн эсе жандык мал арбын экен. Күтүрөгөн мал кең аймакта чачыла жайылып жүрөт. Ал эми жылкы, уй, төөлөр топ–тобу менен түзөнчөдө, суугa, көлгө жакынкы жайыттардагы оттуу жайларда малчылардын көзөмөлүндө экенин байкашты.

Күндөрдүн биринде эртең менен хан аларды мергенчиликке, аң уулого чакырды. Ага элүү, алтымыштай адам катышты. Алардын ичине хан баш болгон ардактуу меймандар гана мергенчи, калганы куугунчу-жандоочулар, карасанчылар эле. Монголдор мергенчиликке катышкандарды салбырынчы аташат экен, (мергенчилерди) салбырын[1] деп жатышты. Мергенчилеген топ кечке туландуу жашыл аймакта куш салышып, илбесиндерди алдырышты. Жапайы тоокторду, каз-өрдөктөрдү учурушуп жаа менен атып алып жатышты. Хандын жан-жөкөрлөрү заматта дасторкон жайышып, олжолорду кебеп кылышты. Меймандарды сыйлап, суусундукка артына келген кымыздардан сунушту. Аңчылык менен алек болгон топ кеч киргенин туйбай да калышты. Күн боз мунарыкка батып, тез эле караңгы кирди. Мингичтерди ат багарлар отко коюшуп, ортого улуу от жагып меймандар менен хан өзүнчө, калган ноңн зайсаңдар өзүнчө кызмат кылган жан-жөкөрлөр, ат багарлар өзүнчө топ-топ болушуп, бөлүнүп олтурушту. Меймандар зерикпесин дештиби, боочу кобуз[2] барбатта[3] ойногон адамды алып келишип, күү черттирип ырдатышты. Түн оогончо көңүл ачып олтурушту. Сейилге чыккандар ачык асман астында жылдыздар менен тиктешип эс алышты.

Жылдыздар суюлуп таң дык салганда талаадагы топ турушуп, жакынкы жайдагы шаркырап аккан булакка келип жүз чайышты. Аттар токулуп, баары шайма-шай туруп калышты. Жер жарып, чыгыштан нурларын чачыратып чыгып келе жаткан күндүн алоосу көрүнө баштаганда монгол ханы аркы дөбөгө чыгып, күн чыгыш тарапты карап, бир нерселерди сүйлөп жатканын байкашкан меймандар анын сыйынып жатканын түшүнүштү. Бир мезгилде ал кайрыла карап, артында турган колун шилтеп койду. Кара санчылар шапа-шупа аттарына минишип, кайдадыр чаап кетишти. Хан меймандарга келип, «кеттик» деп жай бастыра алдыга түштү. Аңгыча куусаң дөбөлөр артта калып, куумайык жапсарга туш келишти.

---

[1] салбырын – монголчо – кыраан куш
[2] боочу кобуз – чертме аспап
[3] барбат-кыл кыяк

Бир маалда айдактаган үн чыгып, күтүрөгөн туяктардын, аттардын күшүлдөп-бышылдаганы угулду. Жапыс дөбөлөрдөн шоп-шоп эте чыга келген кайберендердин үйүрү көрүндү. Сейилдегилер кызуулана бири-бирине карап туруп калышты. Монгол ханы колун шилтеген бойдон атын темине чаап жөнөдү. Артынан меймандар чапкылап, заматта кайберендердин туурасына жакындап келишти. Зып-зып эткен жебе үнү угулуп, чуркап бараткан кайберендер секирип барып, биринин артынан бири жыгылып жатты. Аны көргөн меймандар жааларын алып, качкан кайберендердин артынан түшүштү. Кээлери үйүрдү жандай чабышып, жакындаша жаа тартып жатышса, кээлери аркасынан кубалап жетип, үзөңгүгө тура калыша мээлей жебе артынан жебени узатышты. Жарадар кайберендерге жете келген аңчылардын аттары жалт бере үркүп, кээлери секире өтүп аралаша заматта кайберендердин караанды суюла түштү.

Аңчылыктын кызуусу менен сейилге чыккандардын тамактары кургап демигишсе, алдыларындагы аттары терлеп, өпкө кага күрс-күрс жеткүрүшөт. Сейилчилер качкан кайберендерди куубастан арттагыларга кайрыла топтолуп келишти. Баарынын дүүлүккөн кандары беттерин тээп, жүздөрү албырып чыккан эле. Кургак тамактарын какырыша-түкүрүнүшө чаң болгон ат жалдарын, үстү-баштарын күбүнүштү. Туйлап демиккен аттарын жай бастырышып келген жайларынан тууралай жүрүштү. Азырак барышкан соң жашыл сүйдаң токойлуу аймактын карааны алыстан көрүндү. Күн чызырап ысып, мингичтер куйруктары менен шыйпана леп эткен жел болбогондуктан аба оорлошуп, кумдуу жапсардан ысык тап келди. Топтогулар боз дөңсөлөрдөн өтүп, шашпай токойду көздөй бастырышты.

- Мага баарынан да мергенчилик кызык. Кээде салбырындарым менен беш-он күндөп талаалап жүрө берем,-деди монгол ханы ат үстүндө баратып.

- Кайберендердин жаңы этин өзүм даярдайм. Аңчылыктын түрүнө карай минген аттарымды да алмаштырам. Илбесинге чыккандагы минген аттарым башка. Ал эми жейрендерди кубалаганга күлүк аттар болбосо болбойт. -Минген атынын соорусунан таптай, жанындагыларга сыймыктана карады.

-Силер кайберендерди кубалап, туш келди атат турбайсыңарбы,-деди Номчу ээр кашты, камчысы менен тыкылдата.

-Силердечи? – деди Лупсан шап сөздү жулуп ала.

- Кайберендерди кубалабайбыз. Тандап атабыз.

-Силер көптүгүнөн тандайсыңар да, туурабы?

- Жалгыз болсо да, көп болсо да тандап атабыз.

-Эмнесин тандайсыңар?

-Бооз, кысырына, эркек, ургачысына карайбыз.

-Шашылышта бооз-кысырын, эркек-ургачысын кантип билесиңер?

-Туут мезгилден качарга чейин кайберендер бөлүнүп кетишет.

-Аны биз да билебиз. Бооз-кысырын кантип ажыратасыңар?

-Боздору чоң-кичинесине аралашпай, өздөрүнчө бөлүнө башташат.

-Жериңер оттуу. Ошон үчүн болсо керек?

-Жаратылыш заңы ошондой. Арык-семизине да карайбыз.

-Качып бара жаткан кайберендин арык-семизин кантип билесиңер?

-Жашына карап эле билүүгө болот.

-Шамалдай болуп качып бараткан кайберендин жашын кантип айрымалайсыңар? Мен калп айтканды жаман көрөм-деди монол ханы бети жыйрыла ачууланып.

-Мен да калпычы адамды жактырбайм. Бирок, баамчыл адамга кайберендин мүйүзү эле жашы канчада экендигин айтмак тургай, көргөзүп турат, – деди Номчу алдыртан сыпайы.

-Ой, эй! Муну таптакыр ойлобоптурмун-деди таңдана Лоджан шашыла сүйлөп.

-Анда силер–мускус менен хуту бере турганын гана атат окшойсуңар го?-деп таң калганын жашыра албады.

-Ал жагы да бар. Кээде этинин даамдуу чыгарына да карайбыз.

Монгол ханы Номчуну таңдана карады. Оюнда «калп айтпайм» дегени менен «чөлдө өрдөгүн учурган» чыныгы жалганчы окшойт. Тим эле шыпырат. Сүйлөсө эле мен ишене бермек белем? Качкан кайберендин этинин кандайлыгы жегенде билинет го? Шумдугуң кур! Угайынчы. Дагы эмне дээр экен?» деп өзүнчө сабыр кылды.

- Кайберендер кышка өздөрүн камдайт. Майлуу жаныбар суукка байымдуу келет эмеспи. Кайберенге биз көбүн эле кеч күздө, эрте кышта аңчылык кылабыз. Май алган эт даамдуу келерин ар бир чарбадар жакшы билет. Андан да көп күйүккөн кайберендин каны суюк келип, этинин дамы анчейин эместигин, аңчылар сурабаса да, өздөрү айтканын унутууга болбойт, -деп Лоджандын ички оюн түшүнгөндей кыргыз ханы айта кетти.

- Айтканынын баары тура,-деди ичинен. Өзүнүн тура эмес бүтүмдү ойлобой эле чыгара койгонуна уяла түшүп, аны сездирбес үчүн сөзүн бөлө сурай кетти.

- Силерде тандап аткандар көппү?

- Уга чыккан аңчы тандап ата албаса, анын мергендиги кайсы? Бизде «аңчылык колуңдан келбесе үйүңдө отур» дешет. А эркек адам үйдө отурса, катындан айырмасы канча?

- А бизде да чабандестик кыла албаган адам мунжулардан бейкары дейбиз.

- Силерде баары эле аңчы дешет?

- Ооба. Аял-эркегине карабай, аңчылыкка бара берет.

- Менин мергенчилерим менен кимиңер мелдеше аласыңар?-деди Лоджан өзүнүн орунсуз суроолорун жана оюн билдирбес үчүн аңгемени бөлө меймандарды кыдырата тиктеп.

- Биздин жашыбыз өтүп, денебиз оор тарта баштады. Тиги Намек хандын уулу Ишей менен мелдештир,-деди бий өз баркын билбей, чебелектеген ханды жактырбай.

- Эмне коесуңар?-деди хан адебин эстен чыгара.

- Сенин айтканың болсун!-деди экинчи бий көңүлсүз гана.

- Мен атымы коем,-деди өзүнө ишенген хан беркилерди сынаган түрдө.

- Анда, мергениңди чакыр!-деди Номчу, анын сөзүнө ишенип, ишенбей.

Монгол ханы ат оозун тартып токтой калып, артында келе жаткан ноен, зайсаңдарды карай үн салды.

- Мага Ушаңды жибергиле! – деп зоңк эте кыйкырды. Шериктери да токтошту. Арттагы топ атчандар топтоло калышып, хандын буйругун айтышты окшойт, алардын арасынан атын темине бирөө жете келди.

Колу-буту тартайган, кагалес, көздөрү бүтүк ноңн унчукпай келип хандын алдында туруп калды.

- Мына бу!-деди меймандарга мергенин тааныштыра. Анан өзүнүн ноенуна буйруду.

- Меймандардын мергени менен бута атышасын!

Ноен меймандарды сынай тиктеди. Анын көз карашында мени менен мелдешери ким деген суроо бар эле. Өзүнө өзгөчө ишенет окшойт сынамакка дагы бир сыйра меймандарды кыдырата карап:

- Байгеге эмне коюшат? – деди суроо сала.

- Мен атымы коем,-деди ханы. Анын үнү да ишеничтүү эле.

Ноен, эми өзүнүн ханына таңыркай карады. Анын ишенип-ишенбегендей, арсарсыган көз карашы бар эле.

- Ишене бер! – деди ханы башын ийкей.

Ноен дагы эле ишенбегендей делдейди.

- «Хан өзгөчө таберик кылган, теңдешсиз деп баалаган ушул атын кантип эле байгеге саят?» Араб жылкысы менен монгол жылкысынын уругунан аргындаштырылган, өзгөчө сындуу, башка

аттардан айрымаланган аргымак баарын кызыктырып, бүйүрүн кызытчу. Эгер хан сатса, андай атты ноендор канчага болсун алууга даяр экендиктерин, бир нече жолу кеп кылышканын уккан эле. Чынында кууса жетип, качса кутула турган накта тулпардын өзү эле. Хандын ат багарлары аны аздектеп, үстүнө чымын кондурушчу эмес. Бөөдө кырсыкка кабылбасын дешип, үйүргө да кошууга уруксат беришпеген. Ал тургай атты минип, сууткан ат багарларды хан жазага буйруганын билген ноен бушайман боло ишенип ишенбей арсарсыды. Анткени менен ага бир гана талап бар эле. Хан эмне болсо да, тигил мейманды жеңүү талабын койгондугун түшүндү. Утуп алса мейли, хан сыйлыгын аябаса керек. Кокус утулуп калса, анын катуу казабына калаарын билип турду. Меймандарды уурдана тиктеп, арасындагы өзүнө окшогон жашыраагына саресеп салды. Тулку бою чымыр, ат үстүндө түп–түз, нык отурган меймандын тизгин, камчы кармаган колдорунун манжалары узун, шыдылуу эле. Москоол денесинин булчуңдары үстүндөгү жеңил кийимдеринен билинип турду.

Номчу уулу Ишей мергенди чакырды.

- Мерген, Алтан хан мелдешке минген атын коемун дейт. Аны менен бута атышка чык!

- Биз эмне коебуз?-деди суроого суроо менен Ишей.

- Аны Алтан хан айтсын-деди кыргыз бийи.

- Мен женилсеңер айтам,-деди Луксан.

- Айта бер, билип алалы! – деди Номчу сүрөмөлөй

- Силер жеңилсеңер айтам. Бирок, ат сурабайм, – деди сөздү кыскарта.

- Деги аткарыла турган ишпи? Мелдештин башын ачып алалы. Оюн таза болсун,-деди талап кыла кыргыздар тарап чуулдаша.

- Бутага эмне коюлат?–дешти тургандар чуулдаша, шашылышып.

- Төрт жолудан кезек беребиз. Ким үч жолу утса жеңүүчү болот, – деди монгол ханы жалпыга кайрыла.

Өлгөн кайберендердин жытын сезгенби, токой тараптан атчандардын төбөсүнөн «каак–каак»-этип, каргалар, «курк-курк»-этип, кузгундар учуп өтө башташты. Аны көргөн хандын башына бир ой келе калды.

Каргаларды атып тийгизүү биринчи тапшырма–деди.

Хан айтып бүтө электе эле эки мерген жанаша учуп келе жаткан каргаларга барабар жааларын мээлешти. Тартылган жебелер ышкыра барып тийгенде жанаша учуп бараткан каргалар «ка-ка» деген боюнча октун күчүнөн делбек этишип, канаттарын жыйюуга алдары келбей, бирдей талп эте жерге түшүштү.

Атчан зайсаңдардын экөө чаап барышып, жерде жаткан каргаларды эңип келишсе, мергендердин жебелери, экөөнүн тең жакжактарын тепчип өтүп, жондорунан чыга түшүптүр. Тургандар дуу–дуу түшүп таңданышты. Топ атчан ордуларынан козголуп, хан алдыга түштү. Ага куйрук улаш жанаша бастырган эки мерген аттарын жорголотуп келе жатышты. Хан экөөнө кайрылып:

- Жолдо эмне көрсөңөр да, атыңарды токтотпой, жорголотуп баратып, менин буйругумсуз эле атып тийгизсеңер болот – деди.

Аңгыча болбой, сол тараптагы дөбөдөгү ийининен чыга калган суур аякксы эки бутуна тура калып, келе жаткан топ атчандардан жазгана ийнине кайрыла кирейин дедиби же аңдабай аңкыштап кыйкырайын дедиби, башын көтөрө бергенде чапчаңдык менен үлгүрө аткан Ушаң мергендин жебеси жеткенде суур «чыйык» эте башы шылкыйа түштү. Бирөө чаап барып, ордунда жыгылган суурдун куйругунан кармап жете келди. Жебе суурдун алкымынан кирип желкесинен чыга түшүптүр. Атчандар таңдана алдыңкыларынан кийинкилери алып көрө башташты.

Жол арбып, жолоочулар алдыңкы боз дөбөнү аша бергенде аңдоостон талаа чычкандарын пайлап жеп жүргөн түлкүнүн эки бачкиси чыга түштү. Алар атчандарды көрүп, кылчайбастан аркаларына качып жөнөштү. Аңчылар талп-талп эткизе этектерин чапкылашып, кыйкырыша кубалашты. Оң тарапта келе жаткан Ишей мерген жаасын мээлей тээкти тарта удаама-удаа эки жебени узатты. Зып-зып эткен, эки жебе бачкилердин колтуктарын тешип өткөнүн экинчи жигит чаап барып, бачкилерди алып келгенде көрүштү. Эртең мененки кайберендерди кууп аткан аңчылыктан да, эки мергендин алмак – салмак буталарга дал аткан өнөрлөрү топтогулардын бүйүрүн бир топ кызытты. Ушаң менен Ишейдин кыл мергендерден экенин кеп салышкан топ токойго жете келишип, шар аккан суу боюнан өргүү алышты.

Кызматчылар башта эле келишип, кайберендердин терилерин сыйрып, эттерин бузушканбы, беркилер аттарынан түшүп, чаңдарын кууп, бети – колдорун чайына сергип келишери менен жашыл тулан үстүнө жай даярдашып, дасторкон салышыптыр. Дарыянын шапатасы уруп, кайыңдардын жалбырактары дирилдеп, айлана жанга жагымдуу салкын эле. Төбөдөн тике тийген күндүн нурларына тынымсыз сеңселген жалбырактар киринишип, дүйүм чөптөрдүн, түрдүү гүлдөрдүн жыты аңкыйт. Түрлүү-түркүн куштардын тил безеп сайраганы дарыянын шоокумуна кошулуп, токой ичин кулакка угумдуу үндөр бийлеп алган. Чокко какталган кайберендердин жаңы эти менен боордун жыты мурунга келип, жолоочулардын табитин арттырып жатты.

Суусундукка бал кымыз татышкандар салкын саябандуу жайда кеңири эс алышты. Ашкан эттерди карасанчылар бөлүп алышып, келген жайларына таркап кетишти. Ал эми калгандары канчалык кызыгып, күткөндөрүнө карабай монгол ханы мергендерге үчүнчү шартты айтууга шашылган жок. Кымыздан даярдалган аркытты (ичкилик) чөйчөктөргө куйдуруп, улам жаңылап берип, сыйлап жатты. Түш ооп, күн кынкая берген мезгилде хан көлөкө жайдагы дарактардын арасында отуруп, келгендердин бардыгын өзүнө чакыртты да, мергенчилерге кайрылды:

- Мен силерге үчүнчү шартты коемун, – деди айланасындагыларды кыдырата тиктеп.

Кымыздан жасалган аркыттан улам татып отургангабы же ысык тийген күндүн табынанбы, жүзү албырып, чекеси нымшып турду.

Бардыгы кызыга кулак түрүштү.

- Экөөн тең, анык–каныкмерген экендигинерге көзүм жетти. Мен айткан шартты аткарганыңар байгенин ээсисиңер. Аткара албаганың...

Намек хандын чекесинен тер кетип, оозу кургай түштү. Ишей уулуна алдыртадан аркы өйүздү тиктей көз сала кетти. Уулунун өңү кумсара түшкөндөй, бирок сестенгенин билдирбестин аракетинде көздөрүн ирмебей турду.

- О, кудай! Мына бул былжыраган мээси жок хан сөрөй эмне деп келжиреп жатат? Бизге атайлап эле оор тапшырма берип, оюн – чынга аралаштырып, уулумду менден ажыраткысы бар окшойт. Бизди чакырыш максаты, ой-ниети арамбы? Оюндун шарты деп эптеп, шылтоо таап, менин жыккысы барбы? Балакет боло элегинде баш тарталыбы? Курал карманышсак көптүк кылышат. Буларды жеңген учурда да монгол аймагынан чыгып кетишибиз кыйын го. Сабыр кылсакпы? Ооба. Сабырдын түбү-сары алтын. Колдой көр, теңир? Пендеңден жакшылыгыңды аяба? Шерменде кыла көрбө?—деп Намектун денеси дүркүрөп чочулап жатты.

- Кызыңаганаталак, каапыр! Шайтан оюнун кайдан да таба калды. Мени кепке чаргытып отуруп, атайлап жаман ишке кириптер кылайын дегениби? Каяктан да Ишейди мерген деп айта койдум? Кара оозума кан толгур. Тилимден кеттим. Күнөө менде. Кой десем, каапыр монгол коңр бекен? Тилди алышы кыйын го, кесептин эмне балакети болуп кетээр экен?-деп Номчу түктөйдү. Уурдана Намекту карады. Ал мелтейген бойдон тургандардын башынан ашыра аркы өйүздү тиктеп туруптур. Ишейди карады эле, ал да сыр бербей зыңкыят.

Эки мерген тең сырларын катып, үн дешкен жок.

- Макулсуңарбы? - деди Лубсан эки тарабында тургандарды алмак-салмак карап.

- Шартын билели!-деди Ушан ноен. Буларга караганда мага жеңилдик кылаар деген ылымсанаган ойдо.

- Сенчи? - деди Ишейге кайрылган хан.

- Мен да билгим келет, – деди Ишей.

Хан аларды дагы да сынай тиктеди. Уурттары тартыла алдыртан караган кытмыр көздөрү кылыйып турду. үнүн жасап:

- Мен жыгамын[1] үстүнө чөйчөк коем. Ким атып тийгизсе ал утат.

Тегерегиндегилер ойго келбеген жорукка сестенише чуулдай түшүштү.

Бул алабармандык эле. Акмак адам да мындай жорукка бармак эмес. Ичимдиктен көбүрөөк ичип, мас болуп калдыбы дешти. Мас болбосо кантип, мындай тыянагы опурталдуу, ойго келбеген бүтүмгө барат? Өзүнөн башканы «бутага тур» десе, ким «жок» дей алмак? Же конокторго өзүнүн ким экенин, өлүмдөн да коркпостугун айгинелейм дейби? Же көпчүлүктү болгондо да кыргыздарды сынайын дейби? Көпчүлүк бул ойго каршы чыгышты. Айрымдары кошомат кыла жагынып жатышты.

- Оо, ханда жүрөк бар экен!

- Бул иш эч кимдин колунан келмек эмес!.

- Хан жоо жүрөк!

- Эч кимден коркпогон адам гана мындай ишти кыла алат!

- Хан, сиз коюңуз? Башка бирөөлөр турсун! – деди бириси жалбара өтүнгөн болуп.

- Сиз хан башыңыз менен...

- Тек тур! Мен силерден аны сурабайм! - деди хан тегерегиндегилерге ачуулана өз оюн бербей.

- Ханым! - деп бирөөсү сүйлөгөнү калды эле.

- Сени тургузайынбы?! – деп кайрылганда анысы корккондуктан кетенчиктеп, көпчүлүктү айлана аркага жашынды.

Ушандын көзү чакчайды:

«Ханга каягымдан жаздым эле. Мени эптеп шылтоо таап, жок кылуунун аракетиндеби? Үй-бүлөмө, мал-мүлкүмө кызыкдарбы? Же мени бийлик талашат дейби? Бая кайберендерди ээн-талаада кууганда оозунуп ат койдум эле. Ошого кырсыкканбы? Деги эмне жыга- хандык баш кийим болсо да, шорум куруган окшойт?-деп заматта миң ойлонуп, жонунан тер чыга түштү.

«Катуу жерден кармады, каапыр. Эки шартынан өткөнгө ызаа болуп калган экен. Ичи тарыды. Атынын деле кереги жок эле.

---

[1] жыга-хандык баш кийим

Мейли, тобокелчилик кылдым. Бактымдан көрдүм. Элиме, атама, үй-бүлөмө салакам тийбесе болду. Бир башымдын камын жебейин» деп Ишей өзүн өзү карманды.

- Хан аралык канча болот?–деди Ушаң өзүн карманып, толкунданганын билдирбесе да үнү кандайдыр дирилдеп чыкты.

- Сен канчаны каалайсың? - деди хан шап оздон ала.

Тургандардан кошоматтана бирөөсү:

- Эки жүз!- дей салды.

Хан сүйлөгөндү карап бурулгуча экинчиси:

- Жүз, – деди.

- Болуптур! Айткандардын сөзүнө ынайын. Жүз кадам болсун? Туура келеби?-деди Ушаңга.

Ушаң кооптонуп апкаарый башын удаама-удаа ийкегилеп жатты.

- Сен эмне дейсин? – деди хан Ишейге тик карап.

- Силерге тура келсе, мен да макулмун, – деди ал камырабай.

Хан экөөнүн турган жеринен чек коюп, жүз кадам чоң-чоң арымдап барып, башындагы жаганын үстүнө чөйчөктү койду.

- Кана, кимиң башта атасын? – деди беркилерге тикчие карап.

Эки мерген бири-бирин тиктешти. Тургандардын баары жымжырт болушуп, эки мерген менен ханды алмак-салмак тиктеше баш чайкай бул бүтүмгө ынанышпагандыгын билгизип жатышты.

- «Акмак. Бизди сынап жатат. Буга эмне күч келди? Же мастыкка салып жатабы? Чындап көпкөн экен. Көзүнө кан толгур. Кеги болсо, ачык айтпайбы. Эптеп бир шылтоо таап, бизди сындыргысы бар. Айтканын бербеген көктүгүн көр! Андан көрө акылдуураак бир нерсе ойлосо болмок. Неси болсо да, теңирим, Ишейдин ишин оңдой көр!» деп Номчу башкаларга сыр алдырбай тиштенип турду.

«Өзүнүн коркпостугун айгинелейин, кыргыздарга бир көрүнүп, мактанайын дегени окшойт. Анык ак сөөктөнмүн деп ооз көптүрө тынбай безилдеди эле. Алабарман көпкөлөң болбосо, ок менен ойногону эмнеси? Балакет басып, жебе жаңылса, кээсин биз тартпагай элек? Теңир Ишейди колдой көр! Ак сары башыл садага. Жакшылыгыңдан бер! Өзүңдөн өтөр эч ким жок, теңир! Жамандыктан сакта! деп ичинен көкө теңирге жалына ойлонду.- Бирок, айтканынан кайтпаган көк жалдыгы да барбы? дейм. Ким менен сүйлөшкөнүңөрдү көрүп, билип алгыла деп эскертип жатабы? Балакет ушундан бир кыйкым табабы?-деп Намектун ичине бүлүк түштү.-Кызыталак монголдун бир билгени бар. Өзүнүн ордуна башкаларды эле «Тур!» десе болбойт беле? Же бизди алдыга түшүп, «Сөзүңдөн кайт!» деп кечирим сураткысы барбы?

Эки мерген тең жааларын колго алып, жебе чоюп, тээк тартаарда, үнү дилдирей чыккан хан:

- Меймандын аты улук! Мейманга кезекти бер, Ушаң ноен! – деди Лубсан үн сала.

- «Миң көк жал болсоң да, көөнүң алаң болуп, жалтанат окшойсун. Намысыңдан гана сөздөн кайтпай турасың. Алаң сууланып калса керек» деди ичинен Ишей колундагы жааны мээлей берип.

- Хан, кандай болсо да «өзүм» деп мага боор тарттың окшойт. Кыргызды бир сынадың деп ичи жылыды. Кайра табалай, мейманды карады. Каң болуп турат. Колу тайыса эле ок чекеңе сайылат. Атса эле сени. Ылайым көзүнө ок кадалсын! Анда булар заматта бизден бири калбай чабылат. Аябайбыз кескилейбиз. Көк алды деген атак меңде калат. Мага, жол ачылат. Өзүм контайчжи болом. Атсын, ылайым сени.. Как чекеңе атсын! Как башың менен бийлигиң кошо жыгылса кана?» - деди Ушаң бир алдын табалап кубана, кайра эс-мас боло башы кеңгиреди.

Тургандардын бары «Эмне балакет болуп кетет?» деп дымып калышты.

Зуулдаган жебе ышкырып барып, чак дей түштү. Хандын көөнү алаң болуп, кызыл өңү кумсарып, башы кеңгиреди. Көзү алачакмактанып, муундары калтырады. Башта кайраттын, көктүктүн деми менен «кантер экен?» деп эзели душманы болгон кыргыздарды сынап жаткан.

- «Баары бир анчалыкка барбайт. Менин шартыман качат. Айрыкча Ишейди атасы да, шериктери да тыйып, алдыма түшүп чөгөлөйт»деп ойлогон.

«Мейманга кезекти бер!» – деп алып, мерген жааны мээлей тээкти тартаарда башы алаң болуп, айласыздан көзүн жуумп жиберди. Ышкырган ок келип, чак дей түшкөндө «өлдүм» – деди. Өңү кубарып, бүткүл баданы дүркүрөп, денесиндеги кан башына чыгып кетти. Бетинен ылдый тер тамчылап, колтугу- аласы сууланганы өзүнө билинди. Көңүлү айланып, кускусу келди. Заматта удаама-удаа окшуй, дарманы куруп, муундары бошоду. Шалдырап, эңкейе отургусу келди. Бирок, өзүн-өзү кармана алаксый дарак учтарын тиктеди. Асман чайыттай ачык экен. Жашоонун ыракатын, тирүүлүктүн кымбаттыгын эми гана сезгендей болду. Маңдайдагы жабыла тургандар чуулдашып, чуркап келишти. Быркыраган чөйчөктү, тенселген ханды көрүшүп, кубанып жатышты. Маңдайында Ишей жаасын кармаган боюнча сурдана тиктеп туруптур. Шарт эсиңе келе кармаган нөкөрлөрүнүн колун силке булкунду.

- Кач, качкыла! Кана, чөйчөк? Алып кел!-деп коркконун билдирбестин аракетинде. Эми кайра кайтууга кеч. Намыс деген кыйын окшойт. үнү баштагыдай болбой каргылдана:

- Ушаң, кезек сеники!- деди чаңыра жумган көзүн ачпастан. Кулактары бүтүп, өзүнүн кыйкырыгын өзү укпады. Заматта шар аккан суу, сайраган миң түркүн куштун үнү туюлбады. Жаркыраган күн нурлары, шуудураган жап-жашыл жалбырак, толуп ташкан теребел көзүнө көрүнбөдү.

- Ушаң бол, ымтырабай!-деп кыйкырып, башына коюлган чөйчөктү да сезбеди.

Кан басымы көтөрүлүп, толкундап өзүн жоготуп койгон Ушаң колуна жаасын алганда тизелери титиреп, колдору калтырады. Эриндери кургап, тили оозуна батпай чыкты. Бутунан – төбөсүнө чейин кан дүркүрөп, бетинин түгү чыга катуу тиштенгенине карабай, ээги шакылдай баштады. Жааны бетке кармай бергенде бет маңдайдагы хандын карааны экөө болуп көрүндү. Канчалык бир көзүн жуумп мээлейин десе да болбой, хан башындагы чөйчөк көзүнө илешпей жатты.

Каршысындагы жааны шашпай колуна алган ноенунун ымтыраганына хандын ачуусу келди. Бир саамга чейин келберсий улам мээлеп атпай, кайра-кайра шыкаалаганы ага шакаба чегип жаткандай туюлду. Ага бир демдеги убакыт жарым күндөй сезилди. Итиркейи келип, башкача ачуу үн менен чаңырды.

- Ат! Аминиңе шоодай, иттин баласы! – деп калмакча палит сөздөр менен сөгүндү.

Хандын калмакча сөгүнүшүнүн себеби «Ушаңдын атасы калмак уругунан» деген сөз теңтуштарынын арасында сөз боло калчу. Ушакчылар аны «калмактарга жан тартат, туугандары менен билинбей катташат. Ноендордун арасында менменсип, башкаларды теңсинбей, ал тургай ханга аркасын сала дүгдүйүп жүрөт» дешип кеп чыгарышчу. Хан ал сөздөрдү этибар албай, кыл мергендигинен жактырып, жаш өспүрүмдөрдү «Ушаңдан сабак ал!» деп кошуп берчү. Бет алдында туруп, колундагы жааны кезей кармай берип, кайра түшүрө улам шыкаалаганынан бир чети жини келип, бир чети чындап эле как жүрөккө же пешенесине мээлеп, тээктеги жебени тартып жибербесин-деген коркунучтан заманасы тарыды. Жан деген ширин экен. Өлгүсү келген жок. Чындап ажалдан коркту. Четтен келген меймандардын, болгондо да өзүн жактырбаган каршылаш душмандарынын көзүнчө анын шыкаалап «шакабалашы» кыжыбасын кайнатып жиберди. Как чекеге атып таштаса, тургандардын бириси да ага каршылык кылбай, кайра мактап, өлгөн ханды бая ийинден баш баккан суурдай кылып,

таңыркап, ары-бери оонатa тээп, эрмектешери бышык. «Аттиң!» деди бармагын эмес, ээрдин тырча тиштеп, кайдан да «мерген сынайм», «мөрөй алам» деп ойлодум эле? Коркпостугумду, баатыр-жалтанбастыгымды көрсөтөм деп менменсигеним ай! Башка бир ноен - зайсаңдарды же меймандардын бирөөсүн өзүмдүн ордума «тур!» – десем, турат эле го. Турбаса тургузмакмын. Коркоктугун, жалтаң экендигин айтып шылдыңдап, жанын бир ачытып алмакмын. Чыныгы жоокердигимди көрсөтөм, утамын деген максатымдын таш талканы чыгабы? - деген миң түмөн ой-санаа келе калды. Намысына келип кыйкырды.

Хандын үнүнөн чочуп кеткен Ушаң жаза атып албайын деп, мээлеген жебени башынан ашыра тээкти тартты. Зың... эткен жебе аба жарып барып, хан артында турган кайыңга «шак» эте сайылып туруп калды.

Сурданган хан эсин жыя делдейип турган Ушаңдын жанына басып келди. Мергенди жекире карады. Камчысын көтөрүп, так төбөгө көгүн артылта чаап-чаап жиберди. Камчынын көгү тийген Ушаңдын бети бир бозоруп барып, анан кызарып, кан жайыла берди. Төбөсүндөгү баш кийими ыргып кетти. Чачы жок башы соксоюп, эки кулагы делдейди. Үн чыгарбады, сестенип да койбой, чекчейе тиктеген мергенди көрүп, хандын ачуусу кайнаткан арактай ташыды. Жалтыраган как төбөсүнө бүлдүрсүн камчы менен күчөнө дагы да тартып жиберди. Төбөсү менен жер сайган Ушаңдын эки таноосунан салаадай болгон кан атып кетти. Лупсан камчысын Ушаң мергендин бетине ыргыта, ары суу тарапты көздөй басып кетти. Тургандардын бири да кой-айга келе алышпады. Ханга ким аралжы боло алмак? Хандын иши хан да Хандыгынан ал өзү билгенин кылат. Бир сүйлөйт. Бир гана бүтүм чыгарат. Муну жакшы түшүнгөн топтуң эч бири сөз катып, ортого түшпөдү.

Эртең мененки аң улоонун шаңы, шатыра-шатман тамаша эч кимисинде жок. Бети-башы жарылган Ушаңды жөлөп таяп тургузушкан шериктери сүйрөлтө колтукташып, хан кеткен тараптын каршысын көздөй алып жөнөштү. Үн, сөз жок Намектин тобу коюу даракты аралай басышты.

- Кызынаталак ит монгол «эрдик кылып, кой союп, иттик кылып төш тартты» дегенчелик кылды, - деди Номчу.

- Ызасына чыдабады, ажикыз хан. Мелдештин шарты бар. Эр болсо чыдабайбы? Атын берсе да албайбыз,-деди Намек.

- Мунуңдун койнунда котур ташы бардай. Кычылык кылып, кыйкым таба албай жатат. Эртерээк кетүүнүн аракетин кылалы. Бизди эмнеге эле эли-жерин аралатат? Мактанаарлык эч нерсе көргөн жокпуз. Эли, жери мол экен. Куралчан черүүлөрдү шайма-

шай тынбай машыгат экен. Жарактарынын биздикинен айырмасы жок. «Көптүгүбүздү көргүлө» деп жатат окшойт? Көп дейли десек, ойроттордон жалтанып отурушат. Ынтымактары жогураак окшойт?

- Кудайы коноклуз. Ат тизгинин шарт буруп, кеткенге болбойт. Не болсо да, узаткыча унчукпай туралы.

- Эгер Ишей жеңилсе, бул жоругун бизге да көрсөтмөк. Убада-убада деп, өз шартынан танмак эмес.

- Абийирди бир алып бердиң, уулум! Мөрөй сеники. Оомадыбыз бар экен.

- Азамат! Жүрөгүм копулдап, «алда бирдеме болуп кетет» деп тынчым кетип, жаман абалда болдум. Кыл мергендик даңазаңды актадың. Болгондо да уруу арасында эмес, карама-каршы эки элдин ортосунда. Жеңиш биз тарапта. Эне-Сай касиети колдоду. Ата-баба арбагы колдоду сени, Ишей батыр!

Ишей мерген улуулардын мактоосуна сүйүнгөн да жок. Тек гана жайдары жүз менен жылмайып койду. Уулунун сабырдуулугуна, мактаган сайын жупуну тарта, өзүн кармана билгенине ата ичинен ыраазы боло үндөбөстөн жалынып-жалбарып жатты.

- Бар бол, уулум! Элиңдин керегине ушинтип жара. Эрдик да, баатырдык да кайыптай болуп, капылеттен учурайт тура. Күтпөгөн окуяга туруктуулук, сабырдуулук менен мамиле кылып, аяр тыянак чыгаруу акылмандык иш. Качпастан, бет келе бекем туруу эрдик. Чебердик менен эс акылды токтотуп аткаруу улуу иш. Ушул касиеттерди кармана билүүнүн өзү-эр азаматтык. Сендей балдары бар ата-эне бактылуу, эл бактылуу. Ылайым көз тийбесин. Тфу! Тфу! Мен ыраазымын, арстаным! Балакеттен өзүңдү гана эмес, мени кошо сактадын. Утулсаң, шорумдун куруганы эмес беле! Кара башыл, карачечекей уулумду душманыма кулдукка берип, кантип басып жүрмөкмүн? Элиңе, жериңе тийсин пайдаң! Алдыңдан кетейин карегим! Аман болуп, аман жүр, көк жалым!

Эт бышым убакыттан соң арыдан Алтан хан келди. Ишей мергенди мактап, беркилердин көөнүн жайгарып жаты.

- Хан, уулуң анык мерген экен. Коркпогон, көк жалдыгынан көзүн бир ирмебей... Болбосо, бул иш көрүнгөндүн эле колунан келе бербейт. Менин мындай мергендерим болсо, эч кимден жеңилбес элем.

- Ыракмат, хан! Биздин ишибиз сиздин көөнүңүзгө толгонуна кубанабыз,-деди Ишей колун көкүрөгүнө коюп.

«Буруттун адептүүлүгүн айт. Ашыкча бир сөзү жок, чоңдордон ыйбааланып, оозуна сүйлөбөгөнүн көр. Сөзгө аралашып, бизден кеп талашпады. Суроо берилсе гана сүйлөп, жоопту так бергени - ордо тартибин көргөнү. Мистейип сыр бербейт. Ичимен тап болуп,

мактанганын да туйдурбайт. Мындайлар убадага так, сөзгө бекем болот. Өлүп кетсе да, сырын айтпайт. Сынын бузбайт. Анык ата уулу экен», деп ойлоду Алтан хан өзүнчө ичи тарый.

- Хан, черүүлөрүңүз байкашыбызча мыкты да, арбын да экен. Дайыма машыгуунун үстүндө окшойт?-деди бийлердин бири сынамакка.

-«Чакыруунун жөнүн туйган окшойсуңар көргүлө! Мага баш көтөрүп, кол кайруу кылууну оюңарга да албагыла. Мен силерге билдирбей сестентип, пешим менен алам. Ага чейин салыкты арбын төлөп, айтканыма көнгүлө. Бул менин бирден-бир максатым»,-деди, монгол хан ичинен сүйүнгөнүн билдирбеске:

- Ач карышкыр алкымдап, ажыдаар желкелеп турган калабалуу чакта жасалуу кол даяр болбосо, алеңгир[1] салып, азар түмөн жоо кайдан кирип, кайдан чыгарын ким билет? Ойроттор мандайыбызда, кытайлар желкебизде болгондуктан ар дайым куралыбыз колубузда. Кытайлар болбосо да, ойроттор биз эмес, силерди кошо пайлап, колун созо элек. Учуру келгенде кандуу чеңгелин бир таштаары бар. Ошондон орустарды пааналап келүүдөмүн. Чынында эртеңибизге ишенимди эч ким бербейт.

-Каапырдын айтканы ырас. Калети жок. Муну баарыбыз мойнубузга алышыбыз керек. Качан эле мамыры заманда жашап келдик эле? Айрыкча Эне-Сай аймагы калабалуу казаттын алеңгир эмдеөсүндө калып, бейкут күнгө чукак болуп, көөнү алаң-каң болуп алапайын таппай келгени жалганбы? Деги кыргыз болгондон бери өмдүгү[2] жок (үстөмдүгү) өзүнчө ээн-эркин жашап келдиби? Келсе да канча убакытка созулду экен? Элүү жылбы? Же анын чейрегиби? Өткөн кылымдарды карыткан кыйсыпыр мезгилдин бир көз ирмеми эмеспи? Билгенге бейкуттук, мамырчылык күндөр оңой келбейт!

-Азаттык муң-зарсыз, кан төгүүсүз болбойт. Азаттык, акыйкаттык, адилеттик курам–деп, далай азаматтар гүлгүн жаштыгын, күндөй өмүрүн берди. Далай дене ышкырган жебенин бутасында, кагылган найзанын учунда, чабылган кылычтын мизинде калды. Кан жошолоп, суу болду, сөөктөр кургап куу болду. Дене чирип, жер болду. Курал мизинде тагдыры чечилген эл чайналып төгүлсө да, тыркырап чачылса да, кайра биригип, бөрүдөй өжөр, итче чыдамкайлыгынан жоголбой келди. Шордуу эл куралдан чачылып, куралдан бирикти. Чыдамкай экен кыргыз. Болбосо канчалаган эл кумга сиңген тамчыдай элдигин жоготуп отурат. Күчтүүлөрдүн күңү, кубаттуулардын кулу болуп басынып-

---

[1] алеңгир – бүлүк
[2] өмдүгү - үстөмдүгү

тозунуп, чөлдөгү чөөттөй соолуп, калбанын эпкинине кумдай сапырылып жок болду. Эрктүү экен кыргыз. Апааттын азабына моюн бербей, көктүгүнөн кайра көктөп көбөйүп отурат. Анык көк жал-экен кыргыз. Ата-бабалардын айтымында канчалаган замандарды баштан кечирип, ошондон берки жашоонун азап-тозогуна моюн бербеген эрктүү элдин, наркуу журттун эртеңи кандай болот? Аны билген барбы? Эч ким билбейт.

Бүгүн деле үлкөн «үйрөнчүк» коркунуч өз үстөмдүгү менен басынткысы келеби? Төрт тарабында төрт азуулуу жырткыч. Ортодо жаралуу марал сочоерун калкалап, айланасын жалдырай тиктеп, жакшылыктан үмүтүн үзбөй, таш боор тагдырына дагы да таянып, дарманы куруп шалдырап айласыз турат. Канткенде ал, муунтуга кол созгон коркунучтан, кутурган ач-көз жырткычтан кутулат? Ага кантип арга табылат? Болгону алакандай аймакта тукулжураган төбөсү, жешилген туягы менен сес көрсөтүмүш кылганы менен азуулуу жырткычтар жара тартуунун аракетинде көз ирмебей турат. Капкандуу капчалдан (бийик зоо) канткенде чыгууга болот?» - Намек хан жүрөгү сыздап, сандаган кан тамырлары болкулдап, жооп таппай, тумчугуп санаага батып турду.

Бир гана айла бир-жырткычка калп болсо да жагынымыш болуп, ылым санап, экинчи жырткычтан калкалануу. Заманың түлкү болсо, түлкү бол. Кылтылда, жылтылда миң түрлөнүп кубул да кутул. Бөрү болсо бөрү бол, азууңду арсайтып ыркыра, жаалданып чамынып сес көрсөт. Биринен бири кызганган жырткычтар алкымдашып алышса, алаксыта жылт коюп, көз жаздым кылуу. Артынан куугун түшсө эптеп качып жүрүп, паана издөө. Жалгыз жартылай болсо, кол кайруу кылып, пешин көрсөтүп, убакытты созуу. Андай күндө теңир да тескери карабас. Ылым санап, ырыскы чачаар. Мүмкүн жырткычты жылас кылар, эптеп айла чыгар. Неси болсо да, эр уулдарды тандап, кошуунду камдап, чыңоол чыңдап, курал менен укташып, курал менен жытташып жашоо гана бир арга. Башка ой, башка арга, башка жол жок.

Теңир ырыскысын чачып, жер бетинде тегиз жаша деген эл жоо жоолашпай ынтымакташып, достошсо кана? Аманат өмүрдө алакалаш болуп, сыйлашып, кадыр-сиңди катташып, мамырчылык күндө мээрим менен боор батырышса кана? Кана, андай болоор күн? Бактылуу күндөр, тынчтык заман качан болгон? Же жомокто эле айтылабы? Эки эл бириксе, үчүнчүсү суктанып, үчөө бириксе төртүнчүсү кубанып, ишеним үстүнө ишеним артып, асманда учкан ала куштан, куркулдаган кузгундан башка бактылуу күндөрдүн миң миңдеген куштары жан жыргаткан жагымдуу үндөрү ыргактуу абазы менен миң түрлөнтүп сайрабайт беле? Жер бети

бажырайып, түркүн-түстүү, түмөн жыттуу гүлгө толбойт беле? Адам бар жерде кубаныч, каткырык, шатыра-шатман оюн-күлкү, тамаша уланып, пейили ачык берешен, бейпилдик өкүм сүрмөк. Кыз алышып, уул үйлөшкөн, эркин жел менен кошо бешик терметкен эне ыры жамы жаанда (жер жүзүндө) созолонуп, булакка булут коңуп, асмандагы агарган нур ар бир жан адамдын жүзүнө төгүлүп, ай чыккан жерге күн батып, кой үстүндө торгой жумуртказаламак. Андайды пенде баласы бейиш дейт. Ошол бейиш деп аталган бейкут күндөр келээр бекен? «Жакшылыктан күдөр үзбө» дейт илгертен ата-баба. Ай, күн арып, жем кылган ал күндөр кайда? Ал жомокто гана айтылбай, адам жашоосуна да келсе гана? Ошол бейпил заманды биз көрбөсөк, урпактар көрөр. Калабалуу кан кечкен казап күндөр мүмкүн кийин-кийин жомокто айтылаар? Атаганат, андай болгондо кана? Элди, жерди көздүн карегиндей сакташ ата-бабалардан калган. Биз да Ата Журтту аманат сактап, кийинки урпактарга калтырышыбыз - адамдык бирден-бир милдетибиз. Элден эр азаматтардын башы садага. Эр жоголсо да, эл жоголбойт. Эрдин атагын эл чыгарып, эл сактайт. Эр азаматтар гана эл ишеничин актайт. Ылайым ишеничибиз илгери болуп, ишибиз ырбаш тапсын! Жоонун ою таш капсын!-деп ичинен ак тилек айтып, миң алекетке түшүп, миң толгонду.

«Ааламды алаканыма салгандай кылып бийлейм» деген улуу каган Чыңгызхандын күнү бүтүп, өмүрү түгөнгөндөн бери не деген замандар өзгөрдү. Куралынан кан тамызган каардуу хандар чыгып, жер, аалам кеңдигиндеги элди бийлейм деген ач көздүгү башына жетип, өкүмдүү жашоосуна бапа болгон жок. Кара таандай каптап келген, азар-түмөн кошууну менен кайра – кайра калаба чыгарып, бей күнөө элдин пешенесине таш болуп, ырыскысын кыркты. Кырып – жоюп жүрүп, эч кандай мүдөөгө жете алган жок. Же дүйнөгө түркүк болуп кала албады. Адамдыкка сыйбай турган ач көздүгү менен зордук-зомбулугун эрдигим деп санады. Көз көрүнөө чаап, тоноп, талап алганга тойбоду. Канчалаган каргышка калганын ойлободу. Кан кечкен казат токтобой хандын башын хан жеди. Дагы да түптүү эл түгөнбөдү. Азап-кордукка, кайгыга түтөп жүрүп күйбөдү. Эне–Сай аймагы бирде түрктөрдүн, бирде кидандардын, бирде уйгурлардын, бирде монголдордун будуңдуу кан агызган казаттарын көтөрдү. Жүз жылдап башын жанчып басынтса да, жыландай чыйралып, кайра жаралуу башын көтөрүп, байкуш жанга айланбады, башын ийип мүңкүрөбөдү. Эл элдигин сактап, тилин жоготпой, канчалаган сансыз азаптарды чексе да, душманына дилин бербеди, сырын алдырбады. Хан төрөлөрү күлө сүйлөп күлүгүн тартып алса, кыйыла тиктеп кызыгып, кызыл кызын кыйнап

кыңшылата кордошсо да муюбады жер тиктеп мүңкүрөбөдү го кайран кыргыз! Баш көтөргөн далай эр кашкалардын териси тирүүлөй сыйрылды. Өлүмгө тике караган тирикарак "көк жалдардын" жүрөктөрү суурулду, койчу, не деген кыйноону көрбөдү, кайран кыргыз! Өткөн мезгилдер ичинде эптеп аман калуунун аракетинде батыштан чыгышты, түндүктөн түштүктү көздөй эчен бир жолу талкаланган таштай быркырап чачылды. Түнөгүн таштап, жүрөгү сыздап чыркырады, тентип тебеленип чачылды, чабылды. Кеч күздүн суусундай тайыздап, жалгыз сынар, жетим булактай байып, соолуп бараткан кыргыздар далбастап, жан үрөп, кайрадан ташып толкуп күч алып, жака-белдеги башка бир элдер менен ирелешип, баарлашып, ымалашты. Көптүгүнө салбай ширелишип, көктүгүнө сала эзелки душмандарга кайрадан тайманбай каршы чыгышып, алардын талуу жерлерин таап, өткөн өчүн, кеткен кегин кайта алышып, быт–чытын чыгара баштатан байырлаган, ата-бабалары турактаган ыйык жеринен сүрүп ташташты. Ордуна келип, очокто отту кайра тутантышты. Өчкөн отторун кайра күйгүзүшүп, өмүр улашты. Түпкүлүгү учу-кыйырына көз жетпеген тундуралуу тоо-токой ичинде аман калган эл уюткусу эне-сайлык кайран кыргыздар эле.

Эми минтип, этектен орус тартып, желкеден монголдор басып, ойроттор бөйрөктөн кысып, кытайлар кыймылынан кынтык издеген учурда кайран эл кайрадан айлалары кетип отурат. Муну бир эле кыргыздар гана эмес, караса көз тайгылган, басса кадам жетпеген, алты айласа да аяк-башына өлчөм чендебеген Саян–Алтай тоо аймагынан орун алган элдердин баарынын тагдыры окшош эле. Душмандар атайлап Эне–Сай аймагын башкаларга алдырбас аракетинде кызганычтарынан көздөрү кызарып, ууртгарынан шилекейлери агып, аалам урап турган чагы. Демек, кырдаал өтө опурталдуу. Кандай балакет болоорун кара жолтой душмандар, бир Көкө Теңир өзү гана билет.

Жолоочулар жол улап келе жатышты. Аңчылыктан кийинки окуя Алтай хандын көөнүн алаң кылдыбы, беркилерге сыртын сала баягындай бакылдабай алдыда ат үстүндө, жорголордун басыгында термелишкен атчандардын орто тушунда. Алардан артта ханынын кабагына карап бакылдашпай, күнк–мыңк эте андасанда сүйлөмүш болушуп, ноңндор, зайсаң, жан-жөөкөрлөр. Жаңы көтөрүлгөн айдын нуруна бөлөнгөн айлана тынчып, тунуп калгандай. Кээ–кээде гана байлуунун бакырган үнү чыгат. Алыстан жылт- жылт эткен жарык көрүнүп, коюу түтүнгө аралашып, күйгөн куйканын жыты келет. Жакындан кошкурган жылкылардын,

бышкырган жандыктардын үнү угулду. Түнөктөгү короону жандай өтүшүп, жолоочулар жолдо кетип баратышты.

* * *

Меймандардын сапары карып, акыркы күнү Алтан хандын өргөөсүндө отурушту.

- Биздин эли–жерибиз менен кенен таанышпасаңыздар да, келгенден бери бир топ жерлерди көрдүңөр. Элибизди араладыңар. Дайыма катташ болуп, кайрылышып туралы,-деди монгол ханы.

- Хан, эли- жериңиз менен тааныштырганыңызга, катташалы деген сөзүңүзгө ыраазычылык билдиребиз, – деди Номчу шериктеринин атынан сүйлөп.

- Кайрылышып туралы деген сөзүңүз жакты. Бирок, сиз букаралыгын кабыл алган орус бийлиги биз менен эч кандай элдешкис иштерди жасап отурат. Кыштымдарыбыз жана кыштым капчыгайлары бүлгүнгө учурады. Орус төрөлөр өз билгенин кылып, ясак чогултабыз деген шылтоо менен биздин элди капа кылып жатат. Зордук–зомбулук кылышып, кыштымдарды талап–тоношууда. Бул маселеге кийлигише аласызбы?-деди Номчу Лупсандын эмне дээрин билип туруп.

- Номчу баатыр, кийлигише алам. Бирок, орустар сиздердин адамдарга чоң наразы. Биздин калааларга тынчтык беришпей, кол салып, өрттөп, талап–тоноп жатышат,-деп айтышууда.

- Биздин орустарды талап–тонойлу деген оюбуз жок. Тынчтык бербей келгенибиздин себеби, алар болгон буюмдарыбызды зордуктап, уурдап алып жатышат. Малыбызды сүрүп айдашып, эгин талааларыбыздын майканын чыгара тепселешүүдө. Суранып өтүнүп жүрүп койдура албадык.

- Орустарды согушуп жеңе албайсыңар. Каршылык кылганыңар бекер.

- Айтканын кылып айдаганына көнүп берсек, төбөбүзгө чыгып алышып, адам катарына санабай турушат. Алардын кордугуна жооп кыла албасак биздин элдигибиз кайсы?

- Айткандарын аткаруудан бүгүнкүгө чейин терс аяктык кылбадык. Бизди кысып, жерибизди тартып алып жатышат. Ясак салышып онго канаат кылбай, жыйырманы дешет. Аны аткарсак, отузду дешти. Уялбай уламдан-улам киш терилерин талап кылышып, жадатып бүтүштү. Биз алар менен кармашкыбыз келбейт. Жайыбызга коюп тийишпесин. Ортончу болсоң, биздин талапты жеткирерсиң, – деди Намек.

- Мен орустарга силерди жараштырууга макулдук бергемин.

- Орустар бизге тийбесе, биз да аларга тийбейбиз, – дешти меймандар.

-Эгер биз орустардын айтканы менен болсок, силер бизден кол үзүп каласыңар,- деди кыргыз бийи маселенин ток этерине токтолуп. -Орустарга ясакты неге төлөйбүз? Жер, эл өзүбүздүкү болсо. Эгер биз алардын букаралагын алсак, силерге салык төлөөдөн баш тартабыз. Силер тараптан кандай жооптор болот?

-Меймандардын суроолоруна, талаптарына монгол ханы жооп таба албады. Орустарга букара болгула дейли десе, меймандар айтмакчы кыргыздардын алымынан куржалак калганы турат. Биротоло өзүнө баш ийдирейин десе, кыргыздар оңойлук менен моюн сунушпайт.

- Менин көрсөткөн сыйым да, ызаттап чакыруум да, ушул максатта эле. Ал эми убада боюнча Ишей мергенге өзүмдүн атымды тарттым, - деди ал абдан мукурап турганын билгизбеске.

- Ыракмат – деди Ишей монгол ханына – Аргымагыңызга ыраазыбыз. Биздин сизге өбөлгө болсун. Үйүргө кошуп, уругун көбөйтүңүз!

Монгол ханы меймандарга өзгөчө белектерин тартуулады. Бирок, ички оюн жашырдыбы, же орустар менен букаралык тууурасында маселе так чечиле элекпи, кыргыздардын койгон талабына жооп берген жок.

1634–жылы ойроттор күч алып, коңшу монголдордон өз ээликтерин тартып ала башташты. Бийликке Хара-Хула атасынан калышпаган каардуу, өзүнүн ойлогонун бербеген кежир Эрдене Батур келди. Ал бытыранды ойроттордун башын кайрадан бириктирди. Өзүн атасынан мураска калган хунтайчжи атады. Калбадан качып, аман калуу аракети менен ар тарапта жүргөн чачыранды ойрот урууларын кайрадан көчүрүп келип, бириктирип, аларга Жайсан көлүнүн айланасынан Иртыштын жогорку аймагындагы жайыттарды бөлүштүрүп бере баштады. Хандыктын аймагы кеңейип, чыгыштан Хангай тоолорунун аймагынын батыш кыркалары, түштүктө Гоби чөлү, батышта Монгол жергеси, түндүктө Иртыш, Эне-Сай башталган жерлер камтылып, кийинки кубаттуу мамлекет Жунгар хандыгы түзүлдү.

1640-жылы мартабалуу Эрдене Батурдун демилгеси менен уруу башчыларынын башын бириктирген ордодо калмактардын курултайы чакырылды. Ага өлкөдөгү бүтүндөй калмактардын ээлермандары, а түгүл Россияга бөлүнүп кеткен калмактардын баш-ээруучулары да түгөл келишти. Анда хандыктын ордодогу эң жогорку кеңеши катары зорго түзүлдү. Анын мүчөлөрү хандын

жакындары менен таасирдүү уруу башчыларынан эле. Курултайда калмактардын атактуу "талаа жобосу" кабыл алынган. Ошондон баштап калмактар кийинки чоң жортуулга өзгөчө даярдык көрө башташкан.

Кыргыздар ойроттор тарабына өтүп, Алтан хандан кеткен кегин, өнбөгөн өчүн алууну самап жатышты. Алтысар ханы Бектеней тартынбастан ойроттордун букаралыгына өттү. Кыргыздар Кызыл-Жардын (Красноярск калаасынын) чет тарабындагы аймактардагы орустарга бүлүк сала башташты. Монголдордун Алтан ханыдыгынын өкүмдүгү кайтып, айласын таппай жатты. Ал ойротторго каршы өзүнө шерик издебесе, коркунучта калаарын ойлоп, Намек ханга шылтоолоп адам жөнөттү.

Монголдордон келген өкүл эл алдында отурган Намекке өз ханынын салам- дубайын билдирди.

- Биздин эки эл илгертен эле алакалаш, барыш–келиш менен жашап келдик. Бирок, мен тарабынан дайыма силерди жакын санап, кийинки жылдары бир да жамандыкка барган жокмун. Болгону силерден ыктыярдуу салык гана алдым. Ал дагы болсо, эки элди ынтымакташтырып турду. Биз болбосок да, ойроттор силерге кол салып, элиңерди бүлгүнгө учуратары белгилүү. Силер менен биздин биригүүбүздөн тайсалдашкан ойроттор баары бир кол салары бышык. Андыктан биз алаканы жакшыртуу камында бололу. Эгер коркунуч болсо эки эл бир турууга макулдашсак. Мунун баарын акылдуу Намек хан туура түшүнүп, баамдап турат деп ойлойм. Биз барбасак, силер да бизчилеп өкүл жөнөтүүңөр бештен белгилүү! Буга оюң кандай, хан Намек?

Албетте, биздин сурообузга өзүңдүн адамдарың менен кеңешип жооп берерсиң. Ага чейин биз катташты дагы да жакындатууга шылтоо издейли. Андай шылтоолор арбын. Балдарыбызды достоштуруп, кыз берип, уул үйлөшсөк. Андан да артык иштер арбын. Мен ойлонуп отуруп, сенин небереңе Ишей уулуңдун баласына эң кичине кызымды берүүнү туура таптым. Алар али жаш, бирок биздин катташыбызга жакшы шылтоо болот. Эки жаш эки элди ынтымакташтырат. Менин сунушумду макул тапсаң, жуучуңду жибер? Сенде да, менде да мал жокпу? Мен калың дебейм, жолдугун өзүң билесин.

Жергебизде бейпилдик болсун!

Өкүл Алтан хандын саламын айткандан соң хандан жооп күтпөстөн барып, төрдүн бир четине отура кетти.

Отургандар хандан кандай жооп болорун күтүшүп, анын оозун тиктешти.

- Макул, биз кудалашуудан качпайбыз. Мейманды сыйга чакыргыла! – деди хан жайдарылана.Өкүл чыгып кеткенден соң хан жанындагы уулуна кайрылды.

- Хан ойроттордон сестенген экен. Ал жагы да туура. Бизди ойротторго биригет деп, алдын–ала акыл таалтыр. Бирок экөө тең бизге өз болуп жарытпайт. "Балта көтөрүлгөнчө дөңгөч эс алат" – дешет элде. Теңирдин бул насибин да көрөлү. Сенин оюң кандай?

- Элдешебиз, ынтымакташабыз дегенден баш тартпайлы.

- Монол ханы ойроттор күчтөнсө, биз салыктан кур калабыз деп алдын ала эскертиптир. Ал салыкты үзгүлтүк кылба! Ойротторго төлөбөй мага төлө дегени. Аны да жакшы түшүнөбүз.

- Эми жуучуга баруучу адамдарды даярда! Белек – бечкекти арбын артып бер. Малым жоклу дегени, аң терилеринен көп болсун дегени. "Сыйлашканга жат жакшы". Алтан хандан алыстабай туралы.

Намек Ишейдин ортончу уулу Эренек небересин өзүнө жалгыз чакырып алып, кеңири сүйлөштү.

- Менин сөзүмө көңүл бөлүп, кулак сал, балам!

Ханызек кулак түрө, чоң атасына элпек карады. Намек маанилүү сөздү айтарын билдирип, бир саамга токтоло калып, анан улады.

– Сен менин неберемсин. Атаң Ишейди да жаш кезинен үйлөдүм эле. Тез эле үч уулдуу болду. Ага-ини үчөөң бир жетилип, атаңар Ишей менен бир туугандай эле болуп калдыңар. Атаң да жаш кезинен балалуу болуп, менин көзүмчө силерди эркелетүүдөн айбыкты окшойт, көп деле бети менен түшө калбады. Силер да ата-энеңерге эмес, чоң энең экөөбүзгө жакын болуп өстүңөр. Ордо тартибинен да, атка жүрүүнү, мергенчилик өнөрдү өзгөчө жакшы көрүп өстүңөр. Мунуңар да жаман эмес. Ар бир кыргыз баласы үч жашынан ат минип, андан соң ат жалында ойноп, өзүнүн чабандестигин көргөзө албаса ал жигит эмес. Ат табын, куш мүнөзүн туя албаса, комуз чертип, ырдай албаса, аны ким кыргыз дейт? Жылкы жаныбар айрыкча адамга жакын. Бир гана сүйлөй албайт. Болбосо ээсинин оюн билип, дилин сезет. Ээсинин көңүлү шайдоот болсо, минген атынын басыгы да элпек. Ээсинин көңүлү кирдеп, санаага алдырса, алдындагы аты да буттары чалыштап, тез-тез мүдүрүлүп, мүргүй берет. Эмнеге эле жылкыга токтолуп жатам? Жоокерчилик заманда гана эмес, бейпилдик күндөрдө дале мүлктүн эң кымбаттуусу, кадырлуусу аттын күлүгү болот. "Жанга өлчөгөн атым эле" деген сөз ошондон. Анткени, аты күлүк болсо коркунучтан кутулат, кууса максатына жетет. "Ат, аттан кийин жат" деген сөз ошондон калган. Айтылуу күлүк дайыма кадырлуу болуп

келген. Элдин көзөмөлүндө. Ошол себептен күлүк аты бар киши өз атына ээ болуп, башка бир айылга же башка журтка бере албастыгын билесин. Анткени күлүк ат элдики, ошол айылдыкы болуп эсептелет. "Эрдин куну, эр иштин айыбы"-деп кыргыздын калыңы бир ат менен бүткөн күндөр да болгондугун көңүлүңө түйүп кой!

Чоң ата неберенин маегине эч ким тоскоол болгон жок. Хан сөзү бир. Ал айтпаса да, айттырбай билет, "ак таяктары" сыртта акмалай сагызгандан сак, жырткычтай сезгич. Башка тургай, тааныш-билиштер да бийге уруксат менен өткөрүлүп, убактысы менен киришет. Шектүү адам хан турагына жакындамак тургай, айылдын айланасына жакындатылбайт.

- Өзүң жакшы билесин агаң орус падышасында, иниң монголдордо ак үйлүүдө аманат жүрөт. Ал дагы айласыздыктын иши экенин жакшы түшүнөсүн. Болбосо Эне-Сайдын учу-кыйырына көз жетпеген аймагына батышпай калмак беле? Өзүңө окшоп ат жалында шамал менен жарышып, эрдикти бүркүттөрдөн, эпчилдикти жырткычтардан үйрөнүп, эркин өсмөк.Өзүңө ишеничим бар. Бирок, алардын кандай адам болушаары мага табышмак. Задинда бар болуп, кандарын тартса кайда жүрсө да адам ата-бабасынын кылганын кылбай койбойт. Мейли, аны турмуш көрсөтөр. Өзүң да байкарсың. Бийлик даража бизге ата-бабалардан мурас болуп келүүдө. Ага канчалары кызыкпады. Бирок, анын өтөлгөсүнөн чыгууну эч ким ойлободу. Көбү эл башы, хан даражасы болсо жыргап жашап жүрө берет дешет. Жок. Хан мойнунда бүтүндөй калктын милдети бар. Ал милдетти аткаруу өтө оор да, жоопкерчиликтүү да. Ушул күн, ушул жашка келгенге чейин коркунучтун койнунда, курал мизинин алдында жашадым. Азыр да айланамда жебелер мага мээленип турат. Бир күнү болбосо да, дагы бир күнү жаа тээги тартылып кетсе, мага арналган жебе ышкырып келип, как чекеме же так жүрөгүмө кадалышы мүмкүн. Анда сен да, туугандарым да, калкым да мени менен кум-жан болосуңар. Демек, ажалдан мурда өлбөс үчүн амал менен жашоого туура келип жатат. Эрдикке бир эле майданда гана эмес, жошоодо да орун кеңири экен. Душманың менен тил табыша жанаша жашоо да эрдик. Себеби душман сенин бардыгыңдан сестенип турат. Жошоодо түйүндүү маселелер өтө эле арбын. Ал чиеленип кете берет. Ошол чиеленген маселелерди жандырам, деп жүрүп, пенде баласы картаят экен. Аны өзүң да башыңа келгенде көрөрсүң, кулунум!

Эр жетип баратасын! – Чоң ата көзүн жуумп чалкалай түшүп, уюган желкесин укалай отурду. Сырттан келген жел чамгарак

аркылуу кирип, ата-баланы сылай сергитип, түрүлгөн эшик аркылуу сыртка кетип жатты.

- Күйөөлөп барып, колукту ала турган кез келди. Буга чейин экөөбүз бирге жүрүп, бири-бирибизден сырыбызды жашырышпадык. Акылың толду, каныктың. Эми калганын турмуш өзү тарбиялайт. Эми үйлөн. Тектүү жерден түгөй күт. Атаң Ишей - менин мураскорум. Ал бийликти сага өткөрүп берет. Буйруса эл башы, журт атасы болуш сага да насип этээр.

Эренек мырза мелтирей кеп тыңшоодо.

- Күйөөлөп бара турган кайың журтуң тектүү жер-деп оңдонуп отурду хан небересинин жүзүнө тике карап. - Ал ааламды өзүмө баш ийдирем деген атактуу Чыңгызхандын тукумдарынан уланган бийликти бекем кармаган, ары куу, ары менменсинген Алтан хан. Алар аталарынан бери аттарын атабай өздөрүн "Алтан ханбыз" дешет. Аны менен Эне-Сай, Сибир аймагы кабардар. Орус, кытайлар менен алака кылып, ойроттор менен бизди кээде тоготпогондой кырданып жүрөт. Аны менен убадабыз бүтүшүп, тойдун болоорун гана күтүп калдык. Калыңын айдап барып, кыздын колун суроо сага тиешелүү.

-Чоң ата! –деген небересинин чочугандай кайрылуусуна Намек мыйыгынан күлө:

-Ии?-деди баш серпе.

- Монолдун кызын мен бир көрбөдүм го?

- Көрбөсөң, эми барып көрөсүң.

Небересинин дале эрке мүнөзүнө, көңүлүндө кири жоктугуна ичи элжиреди. Өзү менен сырдана да. Болбосо ушинтип суроо бермек беле.

- Эмне, ыраң-башы жакпайт деп турасыңбы? Же акылы кем дейсиңби? Монголдор да бизден өткөн акылдуу эл. Айрыкча хан тукуму алды-аркасын миң ойлоп, бир чечет. Башкалардан да өз тукумун зади кор кылбайт. Ага ыраа да көрбөйт. Тектүү жерге өзү менен барабардан да, ашык жайга узаткылары келет. Сен шашып кеттиң. Сабырдуу болуп, өзүңдү кармана жүр. Бүтүмдү чыгарууга эч бир ашыкпа!

- Андан көрө Монгол ханы сени көрүп кызын берер бекен? Ойлодуңбу? Же жакпаса кайра келе берем деп жатасыңбы?-деп тамашалай да кетти.

Небереси таң кала башын көтөрдү.

- Кантип?

Атасы мыскылдуу жылмайды.

- Мен сени эр жетип, өзүнө-өзү сын берет деп ойлоп жүргөм.

- Мен эмне?...

- Ооба, "өзүндү эр ойлосоң, бирөөнү шер ойло" дейт элде. Бирөөнү канчалык кадырласаң, өзүңдүн бааң ошончо көтөрүлөт. Башканын кемтигин эле көрө билбей, артыкчылыгын да сезе билсең, көп жакшы жактарын үйрөнө аласың. -Атанын зекигендей айтканына уулу уяла түштү.

- Биздин элде «тууган сөөгүн кордобойт» - деп коет. Тектүү адам тектүү жерден тең издейт. «Тең–теңи менен» деген сөз бекеринен чыкпаган. Мартабалуу адамдын алдында даражасы төмөн дайыма кичирип, кымырына – кымсына берет. Өзүнөн-өзү өөн таап кемсинет. Илгери бир хан сулуу кызды жактырып үйлөнүптүр дейт. Хан кагылышта набыт болуп, сулуу келин айласыздан, турмуштун айынан кулга баш байлайт. Кийин көңүлдөрү келишип, жыты сиңишкенден кийин «хан койнунда калтырагыча, кул койнунда кутурганым артык» деп айткан экен сулуу келин.

Байлык менен бийликтин сүрү да, мээри да болот. Сүрдүү адам өктөм сүйлөп, өзүнүн ою менен бүтүм чыгарат. Аны туурабы, туура эмеспи, уккандар баары колдойт. Себеби «токочтуу бала сүймөнчүк» деген сөз ошондон калган. Ал эми мээри болсо, ынабаган кежир да байлык менен бийлик алдында мактап койсо «мейли» деп, кандай оор тапшырмаларды да аткара берген. Бирок, бийлик да, байлык да түбөлүктүү эмес. Бийлик–тонгон муз, эрисе эч нерсе жок. Байлык–баштыктагы туз. Ал акыры барып түгөнөт. Экөөнөн тең из калбайт. Ошондон бул маселелерге абайлап мамиле кыла билиш керек.

Ала турган колуктуң сага жагат. Ата-эне баласына эч убакта жамандыкты каалабайт. Мен кайнатаң Алтан хандан башта анын кыздарынын бары-жогун билишке киши жибергем. Жашы тегинен, сөөгүнүн тазалыгынан бери сураштыргам, сындаттыргам. Акыл – эси зирек, сезимтал кызалак дешкен. Баралына келгенде мүчө башы жетилип, тукуму да таза болорун билдиришкен. "Курама темир курч болот" демекчи, монгол-кыргыз кошулса баатыр да, акылдуу да чыгары айдан ачык.

Атасынын сөзүнө Эренек муюп, укканынан бир чети кызара уялганын кексе хан түшүндү. Жакын курбусу менен сырдашкандай үнүн, кырааттуу чыгара:

- Сен хандын эле кызын алып жаткан жоксуң. Өзүн, бүтүндөй монголдорду алып жатасың. Ал тилегиң ишке ашса, бир колуң монголдорго, бир колуң кыргыздарга, ал тургай жунгар аймагына жетет. Сен ойлогондой кыздын өңү серт болсо, канчалаган монгол тайчжилери, ноендору куда түшөлү деп кардар болбойт эле. Алтан хандын кадыр – баркы монголдорго сыйбайт. Андан ашып орус,

кытайларга, ойрот, кыргыздарга жетип отурат. Деги сен Алтан ханды ким деп ойлойсуң? Неге анын алдына орус, кытай падышалары өз өкүлдөрүн уламдан – улам жиберишип, алакалаш болууга кызыктар болуп отурат? Түшүнүп ал, шумкарым! Ал бизди бекеринен өзүнө тартып, макулдук берип отурган жок. Ойроттор неге ага батынышып, кызынын колун сурашкан жок? Же аларда сенчелик ханызектер жок дейсиңби? Кызын биз сураганыбызга ал ошончолук сүйүнүп кетет деп ойлойсуңбу? Бул жерде кыздан башка эчен сыр жатат. Сен кыраакы болуп, баарын аңдап билип жүр! "Ойрот менен кыргызга ортомчулукта менин огожом бар. Кыргыз менен орустун кагылышын мен токтотом. "Менсиз, кана кимиси иш жүргүзө алат?" деп ойлойт ал монгол. Туура, ойротторго ортого түшүп, каршылыгыбызды азайтып келгени ырас. Орус менен мамиле түзүүгө сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп жаткандыгы да чын. Бирок, ал неге антип жатат? Себеби биздин колубузда чоң байлыктар турат. Баягы эле белгилегендей "токочтуу бала сүйгүнчүк" Алтан хан канчалык ортомчулук кылса, ошончолук даражада орустар менен ойроттор бизге сугун арттырып жатышат. Аларга алдырса Алтан хан ким? Анда анын өзү эмес, изи да калбайт. Муну ал абдан жакшы түшүнөт. "үйрөнгөн жоо чабышарга жакшы" демекчи, биз монголдорго, монголдор бизге душман да болсок керексиз.

Ал айткан "калың болбосо да, каадасын кылгыла" деген. Дегенкиси, алып барган калыңдан да, тойдо болчу каадалардан да өөн чыкласын. Кептин баары катташтыкта, шумкарым! Эр жигиттин үч журту болот дейт.Тага журтуң, кайын журтуң, өз журтуң. үчөөнү тең кастарласаң, калк кадырына жетесиң. Дос да, тууган да, кайын да көңүлгө карайт. Көңүл кирлетпей, таба билсең көпкө ээ болосуң. Колдооң көп болсо, коркунуч ошончолук жок болот.

Эренек макулдугун билгизе баш ийкеп отурду.

- Кана, калың жайын эмне кыласың?

- Ата, ал маселени өзүңүз билесиз.

- Ко-ош?

- Хан кадырын хан билбесе....

- Ал – бали. Ханга, хандай барбаса, кадыры төмөндөйт деген.

- Монгол-кыргыз бардык малдан жылкыны бийик көрөт. Сан жылкыны айда. Эң алдында дабанга аты чыккан сай күлүктөн болсун. Ага кебез байлап, көкүлүн өргүз. Илгертен калган салт. Аны унутпайлы. Бабалардан бизге калган мурас-нарк боюнча тогуздан кара айдат. Атан төөлөргө алтын-күмүш, зеркескен кытай жибектерин жүктөт.

* * *

Калың алган коюу топ кыргыз жергесинен монголдорду көздөй сапарга жөнөдү.

Ойроттордон жардам алабыз деген кыргыздардын үмүтү акталбады. Эрдене Батур кыргыздарды "өзүмдүн букарам" деп өз билгениндей салык ала баштады. Бир жолку орустар менен болгон сүйлөшүүсүндө ал «кыргыздарды теске салып, тартипке чакырып коемун» деп убадасын берди. Бирок, абалын оңдоп алган Алтан хан кыргыздарга кайрадан салык сала баштаганда, ойроттор аларга оңдуу жардам көрсөтө алышкан жок. Андан соң орустар ясак чогултууну талап кылышты. Киш терилерин бере албаган кесимдерди (кыштымдар) калаага айдап барышып, камай башташты.

\- Кимде ким кесимдерди чыгарып алгысы келишсе, белгилүү өлчөмдө салык төлөп алып кетишсин,-деген орус княздарынын жардыгы улана берди.

Кыргыздар жазыксыз туткундарды бошотуп алуу аракетинде Том жана Кызыл-Жар (Красноярск) калаасындагы чептерге кол салууга камдана баштаышты. Ишей мерген ар бир жоокердин даярдыктарын жана минген улоолорун кылдат текшерүүдөн өткөрдү. Ар бири колдоруна жаа, аркан, айбалталарды алууларын талап кылды. Шайма-шай кол чогулганда:

\- Калаанын адамдарына тийбейсиңер. Шамалдай аркырап барып, чептерди бузуп, камактагыларды бошотуп алабыз,-деген мерген көз байланып, түн болгондо эки топко бөлүнгөн жигиттерди өзү менен кошо алып жөнөдү. Жеңил куралданган салт атчандар кыргыз чегинен өтүп, калааны көздөй бөлүнө берерде орус воеводасы Пугачевский жетектеген мылтыкчандар капчыгайдын эки тарабынан алмак-салмак ок чыгарышты. Кууш тоо ичи жаңырып аалам дүңгүрөп кеткенсиди.

Тар капчыгайда мылтыкчан мергендер өңүттүү жайларды ээлеп алышкандыктан, жергиликтүүлөр чабуул кое алышпады. Тарсылдактан минген аттары үркүп, өздөрү чочушту. Үстүндөгү ээлерине моюн бербей капчыгай ичиндеги тар жолдо атырылып, кээлери шар аккан сууга кулап түшүп жатты. Чабандестер ат жалына жата калышып, алды–аркасына карабай коркунучтуу жайдан чыгып кетүү аракетинде аттарына камчы басышты. Тарсылдаган ачуу мылтык үндөрү капчыгайды жаңырта үрккөн аттардын эпкини менен тар жолдо төмөн кулады. Жээк бойлой кеткен такыр жолдогу адамдарды ташкындаган суу миңгичтери менен жалмап жатты. Шашкалакташкандар ачуу дары менен

түтүнгө толгон жайда мылтыкчандар кайда экени билбей элеңдешти. Кээлери аттарынан ооп түшүп, соо калганы жарадар болгондорду сүйрөй туш келди жайга жашынуу аракетинде чаң-тополоңго түшүштү. Эс токтоткону ташка калкаланып, каршы-терши атылган мылтыктын үнүн улай "бурк" эте от чыккан жайды мээлей жаа тартымыш болушуп, каршылык көрсөтүштү. Таамай тийген жебеден улам мылтыкчандардын айрымдары үн чыгарууга буймалары келбей жер кучакташты.

Ишей мерген алгач мылтык үнү чыкканда эле, абалды баамдап, орустар эртелеп келип, мерчемдүү жерлерди ээлеп, жол тосуп жаткандарын туйду. Алдыда баштап келе жаткан мергендин аты мылтыктын үнү чыгары менен үркүп, ээсине моюн бербей секиргенде ок жаңылып томолонду. Ат алдында калбайын деп, шамдагайлык менен секирген мерген сүрдүгө барып ташка чабылды. Аркасындагыларга карай:

- Аттан түшүп, жаткыла!–деп кыйкырды. Айрылган бети дуулдап, ачыштыра ысып чыкты. Анын сөзүн аман калгандар улам кайталашып, калгандарына айтып жатышты. Алдын өктөмдүүлүк менен ок чыгарышып, чогуу келе жаткандарды жайлаган воеводдор карангыда көрүнбөсө да, капчыгайдын таманын көздөй ок чыгарууну токтотушкан жок. Караңгыда канчасы окко учуп, канчасы жарадар, канчасы аман экендиги билинбеди.

Бет сөөктөрүнүн какшата ооруганына карабай Ишей мерген жанындагыларга «ок чыккан жерди мээлегиле!» деп эскертип жатты. Оңду, солду «жалп» этип ок чыккан бийиктикке жаачылар туспалдап жебе узатып жатышты. «Суу кайнам» убакыт ичинде аркы-терки мылтыктар тарсылдап, капчыгай ичи кабышкандай эле болду. Анда-санда мылтыктар тарс этсе, от бүркөн жерге зып эте жетип барган жебе мылтыкчандардын үшүн алды. Акырында мылтык үнү чыкпай, адамдардын кобуру угула баштады.

- Жапайылардан эч кимиси калбады окшойт?

- Кайдан? От чыккан жерди жаа менен атып жатышат.

- Аман калган бир-экөө туспалдап атышса керек?

- Буларга ишенип болбойт. Өлгөндөрүнөн да «өнөрү» чыгышы мүмкүн.

- Тарсылдаган мылтыктан, зуулдаган октон аттары үркүп, өздөрү чочуп эч кимиси аман калбады. Аман калганынын да жүрөгү оозуна тыгылып өлдү,-деди бири бакылдап.

- Ит жандуу келишет жапайылар.

- Экинчи баш көтөргүс болушту окшойт?

- Эми аман калганы да келе алышпайт. Улам кобур көбөйүп, аркы өйүздөгүлөр менен берки өйүздөгүлөр капчыгайды жаңырта

Тайын менен Четинге эскертип:

- Көзүң барың аман калуунун аракетин кылгыла! Байкап калышса дагы атып жүрүшпөсүн! Боортоктоп сойлоп, бет алды карангылыкка сүңгүп кеткиле!-деди.

- Жарадарларды эмне кылабыз?

- Жеңилин эптеп сүйрөй кеткиле, оорун таштагыла.

Жандары чыкпай коркураган, онтогон аттардын, ооруксуп кыйкырган, онтогон жарадарлардын үндөрү чыгып, жылуу кандын жыты келет.

- Мерген, биз ушинтип каапырлардан талкаланып калабызбы?– деди Тайын онтолой.

- Айла жок. Булар бизге билинтпей буктурма жасашкан экен.

- Бир айласын кылбайлыбы?

- Кантип?

- Аман калгандарды тастыктайлы, – деп оор онтоду.

- Сен кай жериңден жарадар болдун?

- Каруума ок жаңылды окшойт.

- Кана?

Мерген Тайындын денесин сыйпалай бергенде илешип аккан канга колу урунду.

- Кансыраган жоксуңбу?

- Жок, эсим ооп калган экен. Азыр сиздин үнүңүздү угуп, эсиме келгендей болдум.

- Таңууга эмнең бар?

- Чулгоом гана жарабаса, калган кийимдерим жалаң тери.

Тайындын чулгоосун алып, сөөктөрү кычырап талкаланган каруусун туспалдай кармап, жаратын таңып, кайыш куру менен колун мойнуна аса байлап берди. Ал онтобогондуктан ичинен «азамат экен» деди суктана.

- Мерген! Ушул боюнча билинбей кетип калсак болбойт – деди ал оорусун билдирбесин аракетинде.

- Не кылалы дейсин?

- Менин каруум талкаланса да, бир кишилик алым бар. Өлгөн шериктердин кегин алалы.

- Кантип?

- Азыр өлүмүш болуп жата берсек, алар сөзсүз жаныбызга келип, бирден тээп өтөрү бышык. Анан жаныбыз жокпу, кийиминин бучкагынан кармай, шыйрактан жерге чапсак, майып кылабыз. Анан алар экинчи бизге, ал тургай өлүгүбүзгө тийишкис болот.

- Муну качан ойлоно калдың?

оюма келе калды. Биз өлсөк, булар биздин туугандарга да үн көрсөтүшпөйт. Дайыма эле бизди бута кылып ойношо беришеби? Кокустан алдырып койдук. Буларды экинчи келгис кылсак болот эле. Жөн кетпей бир-бирден ала жатканыбыз оң болчуудай. Баары бир башка бир өлүм. Тирүү жүргөн туугандарыбыз, коркунучсуз жашашсын. Тобокел кылалы. Анан калгандарга айтыңыз. Сиздин сөзүңүздү эч ким жерге таштабайт, мерген!

Ишейдин каны дүргүй төбөсүнө чыга түштү. Жарадар шериги ушул сөздү айтып отурат. Сак калгандар кантип аман калуунун аракети менен кан майданды таштап кетет.

- Бали, азамат! От жүрөк экенсин!- деди Тайынга угуза. - Туугандарыбызды кор кылбайбыз. Аман калгандар бетме-бет чыгабыз, – деди кыжырдана.

- Аман калгандар кетпейбиз.

- Аман калгандар кетпейбиз-деди бири-бирине.

- Карангыда кантип алышабыз булар менен?

- Ай чыгышын күтөлү. Алар баары бир биздин жаныбызга келишет!

- Өлүктүн буларга эмне кереги бар? –деди бирөө корс этип.

- Буларың ач көз. Бирдеме-сирдемелерин тоноп алабыз дешип, өлгөндөрдү аңтарбай коюшпайт.

- Аңтарганда, мылтыгы бар немелерге кантип алыбыз жетет?

- Бирөөсүн ала жатпай жаның жокпу, макоо?

- Баари бир өлөт экенбиз да?

- Сен өлтүрбөсөң ал сени өлтүрөт. Келжиреген акмак. Корксоң эмнеге келдиң? Кете бер! Али да кеч эмес. Жан соогаласаң аман каласын! – деди жаны ачышкан бирөөсү шеригине.

- Силер өлүп, мен аман калбай калайын. Сурап койдум да,-деп актанып жатты баягы үн.

Ай мунарыгы алыстан агарып, асман толо жылдыздан улам айлана жарып баратты. Бирок, капчыгай ичи далдоолонуп, кара түн уюп турган эле. Суу бойлой кеткен жол таманында карарган караандар көрүнүп көрүнбөй, эч кандай шыбыш да, кыймыл да билинбейт. Бая келгендердин баары окко учуп, ажал таап кырылгандай. Эки тараптан кыйкырыша үн алышкан воеводдор айлананын жымжырттыгынан улам баш көтөрө кобур-кобур сүйлөшүшүп,. эңкүүлөмөк болушту. Айрымдары жанындагы шериктерин жүр дейин десе, үн чыкпай, кыймылдабагандарынан улам дал тийген жебеден жан таслим болушканын туюшту. Аралары суюла кимдин бар, жок экенин билишпей, воеводдор түзөңгө жакындашты. Жерде жаткан адамдарга басып келе

жаткандардын карандары элес-булас көрүнүп, айрымдарынын чыккан үнүнө тусбалдай жебелер тартылды. Азыр эле жанаша келе жаткан шериги ык эте түшүп жок болгонун байкаган воеводдордун айрымдары коркунучтан кетенчиктеп, айрымдары жата калып, жашынуунун аракетинде болушту. Алардын мурдуна жылуу кандын каңылжарды жарган жыты келип турду. Тоолуктар жытты сезгич келишкендиктеринен улам жаа огунан аман калуу аракеттериндеги жата калган душмандарынын чоочун жыттарына тусбалдай колдорундагы ай балталары менен шилтей жер жазданышты. Кээлери тура калып айкалыша алышышып, бирме-бир каршылыктарын көрсөтүштү. Айрым куу воеводдор алдыңкылардын күшүлдөй-бышылдай алышканын, ык эте жыгылгандарын боолголоп билишкени кетенчиктешип, аркаларын көздөй коркунучсуз жайга ашыга, бекинүүнүн аракетинде болушту. Канчалык аярланышса да, душман арасынан да чыгымдар болду.

Ишей паана кылган таштын далдоосунда жашынып жатып, жакындап келген элдир-селдир караандарга жаа тартып жатты. Капчыгай ичинде түнкү шамал тескери тараптан жүрүп, ачуу тер, сасык тамекинин жытынан улам кимдер келе жатканын айгинелеп турду. Баягы каруусун өзү таңып берген жарадар Тайындын шамдагайлыгына жана кайратына суктана кетти. Өзүнөн үч-төрт кадам аркы тарапта колунун ооруксунганынан жанын аярлап жатканбы же кыймылсыз жаткан денелерге бекингенби бир маалда денелерди аттап бараткан воеводдордун бирин тура кала жалт эткен миздүү темир менен башка чапты. Ал "аа" дешке алы келбей кулап түштү. Тайындын аркы тарабында эңкейип турган бирөөсүн ай-буйга келтирбей желкеге койду. Аңгыча аркасынан үлгүргөн бирөө мылтыгынын кундагы менен бет талаштыра башка чапты. Ал темтеңдей жыгылып баратып, колундагы миздүү куралды шилтеди эле, аны урган неме бук түшө жыгылып барып, кайра тура качмак болду. Аркасынан жетип, колундагы миздүү курал менен шилтей чапты. Алдындагы душман да үлгүрүп бычак сайды окшойт "ык"-деп барып, кыргызча сөгүнүп деми чыкпай калды. Мерген өзү өлбөсө аны эртең сөзсүз көрүп, Тайындын шердигин башкаларга айтып бермек болду.

Жебеси түгөнгөн Ишей жаасын таштай коюп, сабы кулачтай, пеши алакандай ай балтасын камдап, аркы тараптан келген кош каранга алмак-салмак шилтеди. Аркасы тарп дей түшкөнүнөн, үлгүрүп караганга болбой, олбурлуу бирөө баса жыгылды. Экөө кыректешип алышып жатышты. Алышкан неме бир демелерди сүйлөп, шериктерин жардамга чакырды окшойт аркасынан келип алар кармагыча болбой каршылашынын, кокосун жулуп алды. Колу

жылуу канга жылмышып, «кор-кор» деген үн чыкты. Аңгыча болбой төбөсү «дунк» деп, оор бир нерсе тийгенин бир билет. Андан соң эстен танып, эч нерсени туйган жок.

Капылеттен калбаага кабылган кыргыз колу кыргынга учурап, жазыксыз туткундарды бошото албай калышты. Качканга үлгүргөнү аман калып, калганы октон ажал табышты. Орус воеводдорунун бир тобу чыгым болгону менен эки тарап тең кыргыз колу жеңилди деген тыянакка келишти. Эртеси таң атары менен орустарга үлгүртпөй өлүктөрдү алып кетүүгө келген кыргыздар жебе, балта тийип өлгөн орустардын мылтыктарын чогултуп алышты. Караңгылыкта тосмодогу кагылышта жүздөй кыргыз жигиттери, алардын арасында Четин жана Тайын да бар эле. Сексендей орус воеводдору набыт болгонун эсептешти.

Кыргыз жергесиндеги жүз үй-бүлө эр азаматынан ажырап, кан какшап кайгы жутушту. Улустардагы ар бир айылда тоо-токойлорду жаңырткан өкүрүктөр чыгып, кайберендер сестенип, дарак баштарындагы канаттуулар чочушту. Энелер уулдарын жоктоп, келиндер «түгөйүм» деп боздоп, балдар «атам», «бир боорум» деп какшап жатышты. Көпчүлүктүн көөнүнө тамак барбай, кайгыдан кара кийишти. Муңканган кошок чыгып, муңайган жүздөн күлкү качты. Карылар кой-айга келишип, кайрат айтып жатышты.

Ылымжан эсин билбей, гараттап сүйлөгөнгө тили келбей, өзүн түздөп ары кетпей, эсин токтотуп башкарганга алы келбей жаткан Ишей мергенди баргандар кийиминен, куралынан араң таанышты. Ташка күү менен чабыла тийген бети сыйрылган. Кара кушу катуу оор нерседен талкалангандыктан былкылдап, кан токтобой мойнуна чейин аккан. Кара көк болуп бети-башы күпчөктөй шишип кетиптир. Аярлап өңөрүп келишкендерди туйбады. Буркурап ыйлаган ата-энесин, аялын, жакындарын да таанybады. Боз үйдүн ортосуна орун даярдалып, башына жастык коюлуп, алды калыңдалды. Ишей баатыр акыркы жолу жакындарынын ортосунда тил оозу жок сүлк жатты. Оозуна тамызган сүттү ирмеп жута албады. Эки муштумун түйүп, чиренген боюнча үн чыгарбады. Аркылыгы бар, беркилиги жок баласын аяган бий жүрөгү тилине сызды. Көзүнөн жаш эмес, кан аккан байбичеси менен келинине сыр бербей улам сыртка чыга күндүн батышын, кечтин чыдамсыздык менен киришин күттү. Ал көп жылдык тажрыйбасында ырыскысы түгөнгөн адам кеч кирерде түн оогондо же таң алдында жан таслим болорун улуулардан угуп өз көзү менен көп жолу көргөн. Улунун жараттан айыгышына эч кандай ишенич жок эле. Жигиттин бекем ден соолугу күчтүү эрки гана жанын кармап турган.

Уулун жамандыкка кыйбай, ал үмүттүү Көкө Теңирге жалына берди:

Садага кетейин, ботомдон? Уулумдун жанын алып кал? Чымындай жанын ая! Айыгып кетээр, шыпа бер? О, касиети улук, теңир! Жакшылыгыңды аяба, балаланымдан? Ажалдан өзүн сакта, теңир? О, теңир! Кыйнаба кулунумду. Ээбегин бүркүтүмдү. Аманат жанын алсаң, кыйнабай ал? Арстаныма мураскорлукту буйрубаасын, ал аманатыңды? Болбосо ажалыңды мага бер.

Аягандан ажал тилеп, ага көөнү барбай кайра өмүр тилеп, алдастаган ата баласын чарк айланат.

- "Мен өлсөм, балам көмсө туура келмек. Жамандыкка уулумду кантип кыям. Уулум «ата» --деп жоктоп ыйласа сыймык эмес беле? «Ботом» деп кантип...

Ок! Оозума кара таш. Тфу! Тфу! Шайтан азгырып, күнөөкөр пенденин оюна жамандык келтирген урдум ошол шайтанды! Кет, жамандык кет! Жакшылык кел? Өмүрүн бер, теңир! Баламды айыктырган даба бер!"-деп кайгысын башкалардан жашырган ата, үйдөн чыгып, кайра түтпөй, көөнү алаң болуп, кайра кирет. Бир маалда аялынын:

– Бийди чакыргыла?–деген үнү кулагына шак дей түштү. Шаша-буша баласынын жанына келди.

- Балам кыймылдагандай болду атасы! Кыйналба дечи!

Эне байкуш алкымына бир нерсе туруп, жамандыкты айта албаганын ата туйду.

- Кыйналба, кулунум! Кыйналба шумкарым! Азап тартпа көк жалым! Аман бол, аскар тоом!

Баласынын денеси титиреп, кыйнала чиренип, ары-бери ойдологондой болду. Эне жүрөгү жамандыкты сезип, туйду. Кайратына келип, өмүрлөшүнө ачык айта салды.

- Бала кылчактап, кайрылып жатат. Жан кыйналбасын! Кош айтыша албай жатат. Ата ыраазылыгыңы бер.

- Ыраазымын, кулунчагым! Менде карызың жок. Кечтим, көк жалым! Аманат жаныңды түй! Кайрылба, арстаным! Ботом деп боздосом да, мен ыраазымын сага! Тууган-урук, элиң ыраазы сага! Ата-буба арбагы ыраазы, гүл жигитим! Жаныңды эли-жериң үчүн бердиң, кылчактап кайрылба. Сенин кегинди кубалап алар элиң, эр жетээр уулдарың бар! Актан кечтим, уулум!

Ата көзү кызарып, жаш чыкпаса да бүткүл денеси солкулдап жашып турду. Аны тегеректеп турган жакындардын баары көздөрүнөн көз жаштарын мөлтүрөтө куюлтуп турушту.

- "Ба-а!" –деп бакырганга бири да дааган жок. Себеби, жаны чыкпай кыйналган адам жакындарынын үнүн укканда жыйрыла чыйралат экен.

- Балага сен да ыраазычылыгыңды айт, энеси! Аманат жаны кыйналбасын. Карызыңдан кутул, байбиче! Карызың жок дегин. Берген сүтүмдү кечтим дегин энеси!-деди бий кайраттана.

- Менде карызың жок уулум! Алыңдын жетишинче, намысыңдын болушунча элиңе кызмат кылдың. Эр болуп, элдин уулу болдуң! Бирөөгө жамандык каалабадың. Жакшылыгыңды аябадың. Эл ишеничин, ата-эне ишеничин актап, эр азамат аталган сага биз ыраазыбыз, уулум! Кайрылып, кылчактаба уулум! Кайрылар элиң, эне-атаң, уулдарың, тууган уругуң теңирге аманат. Кош, ботом! Мойнуңда карызың жок. Эр жүрөк, шер, арстаным! Түбөлүк жайыңа кылчактабай бар! Кош, ак сүтүмдөн, энелик карызымдан кечтим. Мага ыраазы бол! Мен сага миң мертебе ыраазымын, жүрөк толтом!-деди эне баласы уксун деп, жашыбастан кайраттуу сүйлөй.

Ханзада ата-энесинин ыраазычылыгына моюн сундубу чирене боюн түзөй көшүлүп кетти.

Хан жанында турган бирөө шыпылдай кыймылдап, баатырдын башына коюлган жаздыкты акырын сууруп алганда акыркы демин чыгарып, башы шылкыя түштү.

Тургандар чуру-чуу түштү. Баятан эне-атасынан, туугандардан айбыгып үн чыгарбай шишип-көөп ыйлап турган аялы, бетин тыта күйөөсүнүн денесине боюн таштады.

Эртеси каза болгон жоокерлердин денеси бир жайга коюулары жарыяланды. Хандын көрсөтмөсү боюнча жумшак топурактуу дөбөгө жай казылды. Ал жайга баары келишти. Эр жеткен уландан эңкейген карыга чейинкилерден эч кими калган жок. Эне-Сай аймагындагы эркек аттуулар алыскы жууктан убап-чубап түгөл келишти. «Атам» деп чыркыраган балдар, «ботом» деп боздогон карылар, «курбум» деп шолоктогон достор, «боорум» деп кайгырган агалар, чоң-кичине түгөл баары:

"Адамдан чыккан бөлөгүм
Аскар-тоом элең жөлөгүм!
Чырпыгым, чынар терегим,
Баатырым, айкөл, тереңим,
Асыл баа, кымбат белегим,
Эр жүрөк көк жал береним!
Айлансам алты ааламды да
Өзүңдү таппай келемин.
Жашыбас болот, темирим,

Азапка салып боорумду,
Алып бир кетти теңирим.
Өткүрү элең хандардай
Пайлаган душман мертинтти,
Айттырып мага арманда-ай!" деп өкүрүп, кайгырып жатышты. Миң-Суудай жаш төгүлүп, Эне-Сайдай кайгы агылды. Өлгөндөрдүн жакындары боору болкулдап, денелери солкулдап ыйлап, жоктошту.

Эр жигиттердин денелерин аруу жууп, ак кепиндешип, аманат жашоодон түбөлүк жайга ызаттап узатышты. Кочуштап топурак салышып, пенделик карыздан кутулууга келгендер элим-жерим деп жан берген эр азаматтарга ыраазылыктарын билдирип коштошушту.

- О, жакшылар! Ак көз, кара көз пенде балдары! Өлгөндөрдүн зыйнатын кылуу тирүүлөрдүн милдети экен. Биз каадасын кылып жоктоп, кастарлап топурак салдык. Түбөлүк жайларына урматтап узатып жатабыз. Өлгөндөр тирүүлөрдөн карыз болбосун. Айткыла, кимисинин кимде карызы бар?

Кайгыга чөккөн көпчүлүктө үн жок. Бири да баш көтөрбөй момурашты. Теребел тып-тынч. Тирүү жан билинбей, баары турган жайларында катып калгандай. Жакынкы жердеги суунун шары, шамалдын эпкини менен кээде «ша-ав», «ша-ав» деп, кээде угулбай, кээде угулуп, тирүүлүктүн бардыгынан белги бергендей. Анда-санда үкүнүн «үү-үү-үүлөгөнү, байлуунун «ба-ба баалаганы" үзүл-кесил угулгансыйт.

- Карызы болгондорду кечтиңерби?
- Кечтик!-дешти көпчүлүк бир добуштан.
- Күнөөлөрү болсо кечтиңерби?
- Кечтик! - дешти көпчүлүк.
- Эли-жери үчүн өмүрүн берген адамдын карызы болбойт. Эл, жер баарынан кымбат. Анын кадыры эч бир дүнүйө менен бааланбайт. Алардын өмүрү кымбат. Өлгөндөр алдында биз карыздарбыз,-деди орто жаштагы жылдыздуу бир адам.

- Аманат дүйнөдөн азаматтар карызы жок кетишти. Топурактары торко, жаткан жерлери жайлуу болсун! Ажал кайып, өлүм өктөм экен. Эр уулдардан кол жууп отурабыз. Баарыбызды кайгыга салышты. Кош! Кош болгула, азамат эл уулдары!

Эр азаматтар коркоктугунан, жамандыгынан душман колунан набыт болушкан жок. Эрдик кылып, эл коргоп, жер коргошту. Баатырдык кылып баары аттанышты. Капилеттен ажыдаарга алдырып, ажал табышты. Биз тирүүлөр өлгөндөрдүн алдында чоң

карызыбыз бар. Ал элди-жерди, Мекенди коргоо. Ал милдетти ыйык сактайлы, караламан калк!

Түшүнгөндөр түк үн чыгарбай үнкүйүштү. Аңдабаганы ары – бери суроолу тиктеп аңкайышты.

- Ал карыз ар бирибиздин өлөр өлгөнүбүзчө мойнубузда. Биз аны төлөшкө милдеттүүбүз. Өлгөндөр бизден эмнени талап кылат?

- Кек! Өч!

- Кек! Өч!- деген үндөр ар-ар жерден угулду.

- Кек алабыз! Өч алабыз,- дешти жай башындагылар жабыла кыйкырышып.

- Караламан, калың журт! Кайгыга камыгып, ачууга алдырбагыла, айланайындар! Акылга таразалап, бүтүм чыгаргыла! Сабырдын түбү сары алтын, абайласа баары алтын. Аз элди азуулууга алдырып албагыла, айланайындар! Ансыз да алоолонгон оттун ортосунда турабыз. Маңдайыбызда орус болсо, аркабызда монгол – ойрот. Баары бизге коркунуч. Коогадан этияттаналы! Бирөөнө тийбейли, тийишкен менен тикеленип, коргонуу аракетинде бололу, азаматтар!

- Коргонобуз деп кол куушурсак, кокуйлата сабап жатпайбы, душман! – деди бирөө кыйкыра.

- Орустар мерчемдүү жерде тосот куруп, бир пайдаланышты. Эмки кезек биздики. Экинчи тийиштик кылбас үчүн калааларын өрттөп чыгалы.

* * *

Алтан хандар өз ээликтерин кыргыз жериндеги Конгарай жана кыштым капчыгайларынын эсебинен кеңейте баштады. 1641-жылы орус көпөсү Я. Тухаевский Чулумга, Ачы чыңдоосун зордук-зомбулук менен курдурду. Ал мурда салыкты Алтан ханга төлөп турушкан төрт волосту Кызыл, Ачы, Басагар, Камлар аймактарындагы калкты милдеттүү түрдө салык төлөөгө мажбур кылды.

Жунгар ханы Эрдене Батур баш-аягын жыйып, күч-кубатына киргенден соң орустар менен кайрадан алаканы күчөтүүнү самады. Орустар менен жакындашуу ага чоң аброй алып келип, монголдор менен кытайлардын капилеттен кол салууларына бөгөт болмок. Курултайга келген алыскы–жууктагы баш көтөргөн билермандар Россиянын аймагындагы калмак өкүлдөрү хандын кабыл алуусунда болушуп, орус мамлекети түптүү, эли-жери эбегейсиз экенин айтып беришти. Айрыкча батыштагы согуштук абалы, аймагынын кеңейиши туурасындагы аңгемелер аны өзүнө тартпай койгон жок.

Согуштук куралдарынын жаны түрлөрүнүн ойлоп табылышы, башкалар менен соода алакасы негизинен каражаттардын молдугунан улам мамлекеттин күчтөнүшү аны кызыктырды. Жаңы жерлерди, элди басып алууда ага таяныч болоорун түйду.1642-жылы контайчжи «кыргыз жери» аркылуу өтүп, орус падышачылыгынын Сибир аймагындагы административдик өкүлчүлүгүнө байланыш түзүү аракети, согуштук куралдарды сатып алууга болгон өтүнүчү менен келди.

Ал учурда Россиядагы өкмөт куралдуу күчтөргө кам көрө баштаган эле. Узакка созулган оор согуштарды баштарынан кечирип, мурдатан Голландиядан курал сатып алып, туруктуу аскер полкторун уюштуруу колго алына баштаган болчу. Бирок, согуш убагында мажбурлоо менен тартылган адамдар күчтүү армиялык талаптарга жооп бере албагандыгын мезгил ырастады. Андыктан алгачкы аскердик уставдар түзүлүп, армияны куралдандыруу күчөтүлө баштады. Өкмөттүн бул аракетине экономикалык жардылык чоң тоскоолдук кылды. Андыктан өнөр жайды өнүктүрүү аркылуу "Жаңы түзүлүштүн" полкторун күтүү, чет мамлекеттерден куралды сатып алуу жана офицерлерди жалдоо үчүн шаар калкынан жана дыйкандардан салык чогултууга өзгөчө катуу көңүл бурулду. Чет өлкөлүк интервенция менен күрөш күчөтүлүп, эл аралык маселелер колго алына баштады. Тышкы саясаты жагынан өкмөт Крым хандыгынын кол салуусунан коопттонуп, ага чоң тартууларды жиберип тургандыгына карабастан, кол салуулардын аягы тыйылбай катуу кыйроолорго алып келди.

Түштүктөн кол салуулардын мизин кайтаруудан да эң маанилүү милдеттин бир бөлүгү башка мамлекеттердин – Польшанын жана Швециянын бийлигинин астында калган орус жерлеринин мамлекеттик бирдиктүүлүгүн калыбына келтирүү болду. Бир эле мезгилде бул мамлекеттерге каршы күрөш жүргүзүү Россиянын колунан келген эмес. Отуз жылдык согуштук кырдаалда Россия дан жагынан жардам берип, Швеция менен жакындашууну чечти. Польшага каршы биргелешип чыгуу маселеси коюлуп, Смоленскини кайтарып алуу үчүн согушту баштады. Бирок, аскер башчыларынын ыркы келишпей, Крым хандыгынын түштүктөн кол салгандыгы жөнүндө угушкан дворяндар өздөрүнүн менчиктериндеги байлыктарын сактап калууга шашып, майданды таштап баса беришсе, чет өлкөлүк жалданмалар начар салгылашышты. Смоленскини алууга мүмкүнчүлүк болбой, өкмөт Польша менен тынчтык келишимин түзүүгө шашылды.

Түркиянын чеби Азовду алган Дондун казак – орустары Азовду орус падышасынын бийлгине алуу жана Түркиянын

аскерлеринин чабуулдарынын мизин кайтаруу үчүн жардам жиберүү өтүнүчү менен Москвага кайрылышты. Падыша жана боярлар думасы Азов үчүн Түркия менен согушууну чече алышпагандыктан Азовду коргоочулардын тирүү калгандары чепти талкалап, таштап кетишти. Ошентип, Россия орус жерлерин бириктирүү милдеттерин чече албады. Ушундай кырдаалдарда Сибир, Эне-Сай аймагы менен туташ жайгашкан монгол, ойрот мамлекеттери орус падышачылыгы менен жакындашууну көздөп, уламдан – улам элчилерди жөнөтүшүп, көптөгөн көмөктөрдү күтүштү. Чет өлкөлөрдүн өтүнүчтөрүн канааттандырып чечмек тургай жанаша кыргыз өлкөсүнүн каршылыгына чара көрүүгө буямасы келбей жаткан орус бийлиги, бардык маселеде тил эмизип, көптөн көп үмүттөндүрүп, кандай суроолор болсун макулдук бере беришип, аларды убактылуу алдап турушту.

Ошол мезгилде орус чек аралары кытай-манчжуриялык согушчан бийлик ээлери тарабынан басып алынган болчу. Кытайдагы бийлик ээлерине каршы элдик көтөрүлүштөрдү баскандан кийин манчжуриялык Цин сулеласынын бийлөөчүлөрү Амур боюна көп аскерлери жиберди. Алар орус-казактары жана орус дыйкандары тарабынан өздөштүрүлгөн жерлердин бир бөлүгүн (Албазин воеводствосун) басып алышты. Аларга каршылык көрсөтүүгө жетиштүү күчтөрү жоктугунан орустар жаңжалды күчөтпөстөн орус-кытай келишимин түзүштү. Бирок, чек аралар такталбады. Россия менен Кытайдын ортосунда соода өнүгө берди. Ошол мезгилден баштап, Сибир элдери Россиянын карамагында кала берди. Падыша Сибир воеводосун көбөйтүп, алар жергиликтүү калктан ясак-аң териден салык алууну күчөтүштү. Сибирдин аң терилеринен түшкөн кирешелер мамлекеттин бардык кирешелеринин үчтөн бирин түзгөн. Ясак чогултуу көбүн эсе күчкө салуу менен жүргүзүлдү. Падышалык бийлик жергиликтүү калктан бирөөлөрдү барымтага кармап, аларды ясак алганга чейин кармашчу.

Кытай империясынын орус чек араларына басып кириши ойрот, монгол мамлекеттеринин хандарынын тынчын алды. Ойроттордун алдын ала кытай шаарларына кол салуусунун негизги себептери да жогорудагы маселелерге байланышкан эле.

Тоболскидеги орус өкүлчүлүгү Жунгар ханынан "кыргыздарды тынчытуу" маселесин өтүнүштү. Жунгар ханы "кыргыздар өзүнүн букаралары экендигин" жана андагы башчылар тилинен чыкпастыгын билдирди.

- Эгер кыргыздарды тынчыта алсаңыз, урматтуу контайчжи, сиздин талаптарыңыз толук аткарылаарына биз падышанын атынан сөз беребиз, – дешти өкүлчүлдөр.

Андан көп убакыт өтпөй Жунгар мамлекети менен мамиле түзүү келишимин аткарууга Боярдын уулу Данилла Аршинскини кыргыз өлкөсү аркылуу ойротторго жиберишти.

Орус өкүлчүлүгү кыргыз жерине келип, Жунгар мамлекети менен сүйлөшүүдө кыргыз өкүлчүлүгүнүн да болушун айтып, Намек хан баштаган кыргыздарды ээрчите келди. Эрдене Батур келген меймандарды чоң даярдыктар менен тосуп алып, сүйлөшүү ачык түрдө өткөрүлдү.

Орус өкүлү хан баш болгон тайчжи, ноен, зайсаңдардын баштарын бириктирген жыйында, өзүнүн келиш максатын түшүндүрүү менен Намек хан баш болгон кыргыздарды көрсөтүп:

- Кыргыздар өз таарынычтары аркылуу бөлүнгүлөрү келишет. Алар өздөрүн Россиянын карамагында деп эсептешсин! Себеби, биз менен жери бирге, силер менен чектеш жашашат. Андыктан, булардын коопсуздугу Россия тарабынан корголот - деп билдирди.

- Ал эми сиздердин Жунгар мамлекети менен ынтымак түзүү келишимине кол коюу жоопкерчилигин мага ыйгарышыңыздарга өзгөчө өзүмдү бактылуумун деп эсептеймин,-деди ал.

- "Кайдан орустардын карамагына карап калганбыз? Биздин коопсуздугубузду качанбан бери орустар чечип калган?"деген ой Намектин кайра кайтып, өз жерине келгенге чейин кетпей койду.

Азыраак убакытка чейин абал тынчыгандай сезилди . Анткен менен адаттагыдай эле монголдор, ойроттор, орустар кыргыздардан салык жыйноону токтотушкан жок. Соода, алака, байланыштар адаттагыдай эле улана берди. Турмуш тиричиликке керектелүүчү мергенчилик курал-жарактарга көбүрөөк орустарга келишип, буюмдарга алмашуу мамилеси жүргүзүлүп жатты. Орустар үстөмдүгүн күчөткөн сайын ойрот-монголдор тайсалдай салык деп, дембе-дем келүүлөрүн азайта башташты. Бектеней бий өзүнө караштуу урууну орустардын букаралыгын кабыл алууга ынандырды. Анын дагы бир себеби монголдордун бир аймагына туташкан жерлерди орустар чек ара дешип, кез–кезде көзөмөлдүк кыла тынбай келип–кетип турушар эле. Аларга таянган кыргыз улус башчылары моюн толгошуп, монгол, ойротторго тескери карап калышкан. Бирок, ага карабастан, Лоджан тайчжи орус элчилерине "Кыргыздардагы тубалар, алтырлар, керейлер жана алардын кыштымдары, биздин түбөлүк салык төлөөчүлөрүбүз. Кыргыз деген жеринин калкы көз каранды. Алар бизге бир топ жылдардан бери салык төлөшөт. Эгер кырдаал түзүлсө, аларды биротоло

моюнсундуруп же көчүрүп кетем" деп мактанган фактылары жазылып алынгандыгы тарыхый документтерде кийинкилер үчүн сакталып калган.

* * *

Ынтымагы ыдырап түрдүү аймактарга чачылып кеткен ойротторду куралдын күчү менен бириктирген Эрдене Батурдун бийлиги күч алып, коңшу өлкөлөргө коркунуч келтире баштады. 1643-жылы алардын жер жайнаган, 50 минден ашык колу черүүгө аттанып, Алтай кыргыздарынын карамагындагы эки аймакты каратат, жолуккан айылдарды талкалап, талап тоношот. Андан ары Орто Азиянын ичкери тарабына чапкынын улантат. Жасалуу колду халкас акими Алтан хандын атактуу кол башчысы жана кийин атактуу калмак колбашчысы Ко-Урлюк баштап, Ташкент менен Түркстанды көздөй каптап кирет. Бирок, калмактардын жолу болбоду. Алардын жолунда казак султаны Жаангер өз колу менен туруп калган эле. Ага Жалаң төш аталык баштаган өзбек колу жардамга келет. Андан соң кыргыз кошуундары да кошулушуп, калмактарды чегинүүгө аргасыз кылышкан. Алар өз жерлерине кайра келишип, илгертен коркунуч келтирип жүргөн, Кытайды башкарып турган манжурларга каршы аттанышат. Себеби, кытай аскерлери менен тынымсыз болгон кармаш бирде алардын, бирде манжурлардын аеосуз баскан чапкынынан кысым көргөн ойроттор байыртан ата-бабалары жайлаган конуштарга журт которууга айласыз болушкан.

Манжурлардын Цин сулеласынын негиздөөчүсү, кытай императору Кан–Ци кытай жерин басып алууга ар дайым тынымсыз аракеттенген монголдорду, айрыкча ойротторду жашаган жерлерин биротоло чыгарып салууга буйрук берер алдында бүтүндөй Жунгарлардын курултайын чакыруу талабын койгон. Императордун буйругун аткаруудан баш тарткан жунгарлардын ар бир уруусунун тайчжилери, ноендору, зайсаңдары керт башы менен жооп берерлиги эскертилген. Богды хандын эч ким өзгөртө алгыс бул талабы уруу башчылары тарабынан аткарылбаса, ал уруу адамдары тыптыйпыл чабылаары белгилүү эле. Хандын жарлыгына айласыз баш ийишти. Кытай империясынын кандуу чапкынынан качкан чыгыш монгол уруулары менен жунгарлар жазадан жер которуу аркылуу убактылуу кутулушкан эле.

Кийин Эрдене Батурдун жетекчилигинен улам күчтөнүп алышкан эч качан бөлүнбөс туугандык жана уруулук бирикмедеги ойроттор манжур-кытайлардын жүргүзгөн саясаттарына моюн

толгошуп, бир нече жолу чабуул коюп басып киришип, монгол жерине жакынкы кытайг арга тынчтык бербей келишкен эле. Андан көп убакыт өтпөй ойроттор Орто Азияны көздөй алеңгир түшүрө согушууга аттанышат. Жыйырма бир жылдык хандык бийлигин (1634-1653-ж) казатка арнаган Эрдене Батур 1653-жылы ажал табат. Анын өлүмүнөн кийин ойрот-калмак тайчжилеринин (төрөлөрүнүн) ортосунда бийлик талашуу күчөп, ынтымактары ыдырайт. Жунгар хандыгындагы ички чыр-чатактарды акмалап турган калмактардын душмандары чоң тополоңдон пайдаланып калууну аракеттенишет. Аңгыча болбой убактылуу салык төлөбөй койгон кыргыз жерине Алтан хан жана анын уулу Лубсан кол салып кирип барууга камдана беришет.

Мураскорлук хунтайчжинин уулу Сэнгеге калды. Ал атасына окшоп, ойротторду бириктире албады. Катуу талап менен уюштурулган ойрот урууларынын бузулгус биримдиги кыска убакыттын ичинде кескин төмөндөдү. Мартабалуу хандын уулу Сэнгенин бийлигинде "эч качан өзүнүн атасына окшоп, ойрот биримдигинин башчысы болгон эмес". Ал болгону чорос уруусунун башкаруучусу гана аталган. Хунтайчжи наамы Сенгеге атасынан калса да, андан бөлөк бир нече уруу башчылары тайчжи наамын алып жүргөн. Сэнге алардан өзгөчөлөнүп бөлүнө албай, Иртыштын жогорку агымында көчүп жүрүү менен тиричилик өткөргөн.

Ойроттор "Кыргыз өлкөсүндөгүлөрдөн" салык алууну токтотушат. Кыргыздар Алтан ханга да моюн толгошуп, койгон талаптарын аткарышпайт. Абал орустардын пайдасына өзгөрүп, кыргыздар менен сыпайы гана мамиле түзүлөт. Бектенай өз улусундагылар менен бирге орус букаралыгына өтүп кетти. Кыргыздын тоготпогондугунан улам Алтан хан жана анын уулу Лупсан кол салууну чечишет. Жылда кыргыздар тарабынан төлөнүүчү салыктар орустарга дит бурган мамилелери аркылуу төлөнбөй калды. Кымбат баалуу аң терилери монголдорго зор киреше алып келип турган. Хан ноңн, зайсаңдардын аземи кийимдери, сооданы башкалар менен кызыткан байланыштар мурдагыдай болбой үзүлдү. Ал тургай салыкка алынуучу темирлер да келбей калды.

Алардын тоготпогондугуна кыжырданышкан ата-бала Алтан хан менен Лоджан кыргыздарды талкалап, биротоло баш ийдирүүгө, болбосо жерин тартып алууга камданышып, куралдуу кошуунду баштап аттанышты.

Монгол ханынын күтүүсүздөн кол салуусун күтпөгөн кыргыздар чаң тополоңго түшүшөт. Жанаша жашаган улустун башчысы Бектеней хан жакында эле орус букаралыгын кабыл алып,

ойротторго да, монголдорго да ишенбестигин билдирген эле. Ал эми Көчүбай менен Каранын карамагындагы аймактар башчылары жок, уруштан бейкапар эле. Номчу хан баш болгон улустар алыскы аймактарда болгондуктан маалында кабар берүүгө үлгүрбөй калышты. Намек хан айласыз өзүнүн айылындагылар менен гана монгол черүүлөрүнө каршылык көрсөтүүгө аргасыз болду. Күч теңсиз болгондуктан катын-балдардын коопсуздугун ойлонуп, орус чегине жөнөтүштү. Ниети кара, атайлап келген жасалуу кол бейкапар жаткан кыргыздарды кыргынга учуратышты. Жергиликтүүлөрдүн айрымдары колдоруна курал алууга үлгүрүшкөн жок. Кошуун өмдөөгө[1] салып аркы-терки чыңоол[2] менен чапкылашып, четки тараптагыларды баш көтөртпөй кайсап жиберишти. Уруштун кайнаган жерине кыргыздар күчтүн баарын топтоп, монголдор келүүчү жолдордогу даракттарга мергендерди жайгаштырышты. Акыл топтоп үлгүрө калган даярдык оң натыйжа беришин алдын ала сезишкен Намектин колу кармаштан качкан болуп, чегине баштады. Уруштун кызуусуна кирген монголдор кыргыздарды узатпай талкалоо максатында алабармандыкка салып, аркаларынан үзүлбөй кубалап, чабуулга өтүштү. Сейрек дарактарды аралап өтө берерде чып-чып эткен жебелер куугунчуларды каршы алды. Чачырай куугундун кызуусуна баткан колдун караанын суюла түштү. Ар-ар жерде ээлери окко учкан салт аттар демиге токтоп калса, айрым арыган ачкалары көк майсада үзүлө оттоп жүрүштү. Сейрек токойдон чыга берген жоонун суюлган колунун аркасынан бош калган аттарга чап минген мергенчилер, чаап келишип, каршы-терши жаа тартып жатышты. Ортодо калган монголдор аман калуу аракети менен аттарын башы-көзүнө карабай чапкылашып, өздөрүнүн кошуунуна кошулуу үмүтү менен сүрдүгө чегиништи.

Паана издеп баргандардан жана атайын жиберилген чабаганчыдан улам орус калаасынан воеводдордун башчысы бир топ адамдарды ээрчите келип, монголдор менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүшүп ортого түшүштү. Сүйлөшүүдөн соң монголдор өз жерине кайтып кетишти. Эки элдин ортосундагы ишеним жоголуп, өчпөс кекке айланды.

* * *

Номчунун ак өргөөсүнө бийлердин көбү чогулушту. Ортодогу маек анча деле кызыган жок. Айтылчу сөздөр элчилердин

---

[1] өмдөөгө - каптоо

[2] чыңоол - аскердик бөлүк

келишине байланыштуу эле. Аңгыча сырттан кобураган үндөр чыгып, эшик ачыла меймандардын келгендиги жөнүндө айтылды.

- Алтан хандын элчилери келишти!

Өздөрүн салабаттуу кармаган меймандар эңкейе босогону атташты да, бийик үн менен салам айтышты. Жүздөрүндө менменсинүү бар. «Ошол тарап, биздин орун» дегендей текбердене чалкалай төргө тигилишти.

Ортодогу Номчу отурган ордунда чалкалай берип:

- Кош келиңиздер, меймандар! Кана орунга келгиле-деп чакырды.

Элчилер эки тарапты беттей ээрчише уй мүйүз отургандардын ортосунан жара өтүшүп, Номчу жаңсаган жайга келишти. Отургандардын бириси да тура калбаганына кабактарын сала түнөрүштү. Салт боюнча ал-жай сурашкандан соң, алдыга тамак алынып келинди. Адатта айтыла жүрчү нарк боюнча Номчу суроо таштап отурду.

- Ордодогулар аманбы?

- Аманчылык, -деди бири оозуна сүйлөп.-Силерге да эсенчилик каалайт!

- Жериңер тынч, малы-жаныңар сакпы?

- Мал, жан тынч,-деди экинчиси.

- Тынчылык болушу каниет. Ылайым теңир пендесин жамандыктан сактасын,-деп сөзгө аралашты отурган бектердин арасындагы аксакалы.

Биринчи элчи ал жакты эңиле карап:

- Силерди жамандыктан да, тополоңдон да сактаган бизбиз. Бир тарабыңарда ойроттор, экинчи тарабыңарда саклаб-тарсалар (орустар). Силер аларга таянып, бизди тоготпой жатасыңар! Анткениңер менен тагдырыңар биздин колдо! Көп эле минте берсеңер, силерди көчүрүп алып кетүүгө күчүбүз жетет?

Отургандар дуу эте түшүштү.

- Булар, эмне, опузалаганы келишкенби?

- Биз орустар менен ойротторго таяна элекпиз.

- Элчилер ашынып кетти.

Номчу колун көтөргөндө дуулдагандар тып басылышты. Бийдин оң тарабында отурган Көчүбай сурдана кеп салды.

- Көчүрүп кеткидей, эмне, биз силерге көз каранды белек?

- Катуу сөздүн кереги жок,-деди Номчу элчилерге.

Биринчи элчи Көчүбайга карап:

- Тайчжиң турганда сен антип айтууга кандай акың бар? Сен «катыным ойроттордон» деп оолукпа! Алтан хан алардан коркпойт. Силер биздин түбөлүк салык төлөөчүлөрүбүз экениңерди орустар

да жакшы билишет. Биздин хан абайлап иш кылат. Айтып коеюн! Биздин талаптар аткарылбаса, жериңерди басып алабыз.

Отургандар элчилердин менменсингендерине макул эмес эле. Текеберденген немелердин сазайын берүүгө баары даяр болчу.

Элчилердин адебинен ашып кеткенин Номчу түшүндү.

- Кадырмандар! «Конок койдон жоош» дейт бизде. Дасторкон үстүндө катуу сөз айтылбайт. Андайга салтыбыз да жооп бербейт.

Экинчи элчи эки тизесин таяна чалкалай берип Номчуга:

- О бий! Силерди орустар эмес, ойроттор колдоп турганын билебиз. Силер Алтан хандын уруксаты жок алар менен мамиле жүргүзө албайсыңар!

- Алтан хан да, анын элчилери да менин жеримде мага буйрук бере албайсыңар,-деди Номчу ачууга жеңдирбеске аракет кыла. - Сөз кезеги келгенде эскертип коеюн, Алтан хан бизге эч ким эмес!

- Силер, бизге салык төлөп келгениңерди унутпагыла! Бизге каяша сүйлөгөнүңөр Алтан ханды тоготпогондук!-деди тиртеңдеген элчилердин картымагы

- А биз, силерге качан көз каранды элек?-деди Көчүбай сурдана.

- Орустардан, ойроттордон ушул күнгө чейин силерди биз сактап келдик!-деди экинчи элчи опурула.-Тагдырынарды биз чечип коебуз!

- Тагдырыбыз силердин колуңарда болсо, эмнеге орустар аламан алып жатканда койдура албайсыңар?-деди Көчүбай.

- Алтан хан силерге өтө эле боорукердик кылат. А силердин кылганыңар эмне? Ээнбаштык. Орус, ойротторго ишенесиңер. Билип койгула! Алтан хандын ачуусуна тийсеңер жаман болот!

- Жаман болгондо кандай?-деди бийлердин бири какшыктай суроо салып.

- Түмөндөгөн колун каптатат. Көрөм ошондо силерди! Куруңарды мойнуңарга артып келип, чөгөлөп жүрбөгүлө!-деди опурулуп элчилердин жашырагы.

Отургандар дуулдап жиберишти:

- Уятсыздар!

- Салт, наркты билбеген адепсиздер!

- Бизге тил тийгизип жатышат!

- Эмне, булар бизди кордогону келиштиби?

- Биз буларга эч качан чөгөлөбөйбүз!

Элчилер тиштерин шакылдата тап берген жырткычтардай каардуу ырай менен отургандарга кайрылышты:

- Силерди Алтан хан гана сактап турат. Болбосо, орустар менен ойроттордун талоонунда каласыңар. Төлөгөн салыгыңарды колко кылбагыла! Ал-силердин милдетиңер!

Текеберденген монгол элчилери жол-жосунду бузушту. Мындай мамилеге чыдоого мүмкүн эмес эле. Элчиликке кол тийбестик мыйзамы бар. Болбосо, эчак булардын тым- тыракайы чыкмак. Туш тараптан жаалданган үндөр көтөрүлдү.

- Акмактарды чыгарып салгыла!

- Көчүктөрүнө тээп айдаш керек!

- Алтан ханы да, булары да көөптүр!

- Чыгышсын эшикке! Кетишсин!

Көпчүлүк колдорун серепчилеп элчилерди кезеп жатышты. Кээлери обдула калышып, жандары ачышып, мушташууну көздөштү.

- Токтогула!-деди Номчу сабырдуу.

Билермандар бир аз дымый түшүштү.

- Буларды жазалоого болбойт,-деди Номчу - Мейман деген аты бар. Ак өргөөбүздүн ичинде дасторкон, даамдар турат. Талаа салтын баарың жакшы билесиңер? Кааданы кастарлайлы. Ата-бабаларыбыз илгертен үйгө кирсе жыланды да, ак чачып чыгарган. Тилдерине тиштери күбө «Ойлобой сүйлөгөнү, оорубай өлгөнү». Буларга теңелмей жок. Адеп сактайлы!

Элчилер көп чууданбы же бийдин сөзүнөн эсине келиштиби, же жаалдангандардан сестеништиби, унчукпай калышты.

Сол тараптагы төрдө отурган аксакал суроо салды.

- Бий, булардын саламын уктук. Талабы да барбы?

- Ал-бали! Биз ошол жагына кызыгалы,-деди аксакал бийлердин экинчиси.

Номчу элчилерге тике сурооо салды.

- Алтан хандын талабы эмне?

- Алтан хан миң жоокерди курал-жарагы, ат-улоосу, жабдыгы менен талап кылат-деди биринчи элчи кекирейип.

- Мындан сырткары черүүлөрдүн тамагына миң кой, төрт жүз кара мал бересиңер!-деди экинчи элчи буйруган үн менен өктөм сүйлөп.

- Миң куяк[1], жыйырма төөгө жүктөлгөн темир,-деди биринчи элчи шеригинин сөзүн толуктап.

- Ар бир жаага (эркектерге) бештен киш терилерин топтоп бересиңер!

Отургандар бирин-бири тиктешишти.

---

[1] Куяк - соот

- Элчилерге уруксат!-деди Номчу башын жаңсай.

- Меймандарды жайгаштыргыла!

Эшик ача жигиттер, элчилерди ээрчитип чыгып кетишти. Кеңеш эми чындап уланды. Номчу тамагын кыра отургандарга кайрылды.

- Душмандардын ортосундабыз. Элибиздин тынчтыгы,- деп ушул күнгө дейре алымын берип, салыгын төлөп келдик. Алтан хан үйрөнгөн жообуз эле. Ага кошумча ойроттордун зордугу, орустардын кордугу ашып кетти. Калкыбыз эликтей элтеңдеп, сестенип турат. Кимиси оозунуп бөйрөккө курал саят деп, коомайсызданган чак. Каргыш тийген капсалаң эл үмүтүн ушинтип кыркабы? Ырыскыбыз түгөнүп, аягыбыз кур калабы?-деп кайгыланып катын-баланы жер каратпайлы. Кимиңде кандай ой бар? Болорун айткыла! Кеңешели

Отургандар бир азга дымый түштү.

Көчүбай сөз сурагандай бийге карады. Номчу көзүн сүзүп, баш ийкеди.

- Аксакалдар уруксат беришсе, оюмду айтайын

- Айт!

- Айт!-дешти аксакалдар жабыла.

- Алтан хан атайлап алымды ойлоп тапты. Бир тарабы бизди сынап, тийишип жатат. Алымды колко кылат. Бербесек чыр чыгарат. Экинчиси ойроттордон коолтонуп, жоокер топтоюн деген аракети. Айтканынын баарын бере берсек, кайра өзүбүзгө коопту. Алдыртан убактылуу болсо да өбүлгө кылып, көңүлүн алсак.

- Ко-ош-деди Номчу.

- Кантип? Бүтүмдү кантип чыгарабыз?

- Кайда калбаган дүнүйө. Элибиз аман болсо баары табылат. Эртерээк айткан малын берип, кутулалы. Ал эми калганын курал[1] өткөрүп, көпчүлүккө салалы. Кандай дейсиздер?

- Туура!

- Туура,-дешип отургандар кубаттап кетишти.

* * *

Мезгил күзгө таяп, өрөөн ичи салкын тартып калган. Токойдогу дарактардын жашыл жалбырактары түсүн өзгөртүп, сары-кызыл, күрөң-мала боло алда кайдан көрүнөт. Акырын жел жүрсө этектеги карагаттардын, миң түрлүү дарак-өсүмдүктөрдүн бышкан мөмөлөрү мөндүр сымал быдыр-быдыр эте биринин артынан бири төгүлөт. Айлана-тегеректеги чөптөр, бетеге-тулаңдар кагына тартып, катуурак шамал соксо же кайберендер аралап өтсө, сөңгөктөрү

---

[1] курал - курултай, кеңеш

шарт сынып, уруктары күбүлө ыргыйт. Жер бети атайлап жасалгаланган дасторкондой түркүн-түркүн бышыкчылыкка толуп, басарга из жок. Мээлүүн тарткан шапатада бышкан жемиштердин бур эткен жыты каңылжарды жара табитти ачып, тамшандыра шилекейди куюлтат. Ал тургай жемишке тойгон жапайы кайберендерден опкогу жок аюу баш болгон, суур, кашкулак, талаа чычкандары жел менен келген жытка ыракаттана тумшуктарын көтөрүп, кере-кере дем алышат. Асманда бүркүт каалгып, балапандарын телчиткен түркүн канаттуулар дүр-дүр эте бир дарактан экинчи даракка учуп өтүшүп, баштагыдай чуру-чуу түшпөй, акырын үн чыгарыша бейкут токчулукка каниет кылгандай. Шау-шау эткен аккан суунун шоокуму, күзгү желдин эпкини анда-санда угула калып, теребел бышыкчылыкка ынкып келберсийт. Тээ өндүрдөгү баш аягы ат чабым тегиз аянтта күжүлдөгөн көпчүлүктүн үндөрү баш аламан чыгып, бака-шака түшүп жатты.

Калпагын кабагына түшүрө кийген бирөө зоңк-зоңк эте кыйкырды.

- Өмүр бою мүнкүр болуп жүрө беребизби үйрөнгөн адат деп? Өз жерибизде өзүбүз кор болобузбу? Алым үстүнө алым көбөйүп, ат тезегин кургатпай, демитип келген жасоолдор көңүлгө көк таштай тийишти. Биринен кутулсаң экинчиси келет. Ага куп десең, үчүнчүсү даяр. Салыгынын түрү көбөйдү. Булардан не коркунучубуз бар? Неге эле өктөмсүшүп басынтышат? Башты жерге салбай, саламына жараша эсептешүү керек,-деди тегерегиндегилерге кайрыла.

Колуна алган баш кийимин булгалай бак-бак сүйлөгөн дагы бирөө ордунан тура калды.

- Тууган туура айтат! Орусунанбы, ойротунанбы, монголунанбы карызыбыз жок. Алсак аласабыз бар. Бирдиктүү туруп, бүтүмгө келели. Салыкты бербейли-деди арыкчырай сакалын ак аралаган мойсопут адам баштагы сүйлөгөндү коштой.

Этегин белине түрө кыстарган бирөө тура калып:

- Жакшылар! Бербейли деп эле, бере албай калбайбыз. Алар коркутуп, үркүтүп, бербеген оюңа койбой зордуктап, тартып алып жатышпайбы. Анысы аз келгенсип «мынча бересиң!» деп милдеттендиргенин айт! Алардын күчү артык экенин эске алалы. Каяша кылабыз деп, аз журтубузду аздырып-тоздуруп албайлы. Абайлагыла!-деп ортодон эскерте сүйлөдү.

Көптүн четинде отурган москоолунап келген, сакалы жайкалган карыя мурутун жаный кыйкыра сүйлөдү.

- «Көп кеп айтат, кеп айтканда да төп айтат» деген сөзүбүз бар. Баарыңдын айтканың адилет. Бир бүтүмгө келели. Ушуга токтойлу!

Көпчүлүк турган жайдын аркы дөңсөө тарабындагы көрүн жерге Номчу бийдин алачыгы тигилген. Анын алдындагы узун нич шыргыйдын учунда асабасы желбирейт. Бийдин москоолун келген денеси оорлошуп, жашы бир топко барып калганы байкала Башындагы ак калпагы күрөң түстүү таар чепкенине жарашы күндүн аптабынан толмоч бети тамылжып жылтырайт. Кооздолу кеште салынган күмүш кемерине сол колунун бармагын сала с колу менен ээгиндеги сакалын тарай секиде ойлуу отурду.

Сырттан шыпылдай жеңил баскан кимдир бирөө келаткандай Алачыктын оозу артка серпилип, «ак таяк» жан жигитинин төбөс көрүндү. Ал оң колун көкүрөгүнө ала чөгөлөй калып, жумшак ү менен кайрылды:

- Бийим, жыйындагылар сизди күтүп жатышат.

- Чакырылгандардын баары келиптирби?

- Кабар жеткендер түгөл келди дешти.

- Андай болсо баралы,-деп, обдула ордунан жеңил туруп сыртка бет алды.

Ат кошчу анын алдына жабдыгы келишкен тору кашканы туура тартты.

Жан жигиттеринин колтугунан сүйөгөнүнө үлгүртпөй, үзөңгүгө сол бутун сала ээр үстүнө отуруп, тизгинди колун ала теминип койду. Сырдана торукашка жорго дароо арышын кере жүрүп берди. Беш-алты кадам арт жагындагы топ бийди ээрчий аргымактарын атырылта заматта жыйындагылардын четине жете келишти. Эки жигит эки тараптан чуркап келишип, бийдин атын алышып, ары жетелешти. Бий билегине илинген камчыны солбуй кайышын кошо кармап, башын ийкей бийик үн менен көпчүлүккө салам айтты.

- Амансыңарбы, кадырмандарым?!

- Амансызбы бий?!-дешип, отургандар дүпүрөп, ордуларынан тура калышты.

- Козголбогула, козголбогула! Ортоңор толсун!

- Жол болсун!-дешти отургандар чуулдашып.

- Кана, бул жакка келиңиз!-дешип, бектер сол колдорун көкүрөктөрүнө ала оң колдорун аксакалдар отурган тарапка созушту.

- Ыракмат!-деп бий даярдалган секичеден орун алды.

Аны ызаттап тура калган көпчүлүк ыңгайлаша бий тарапты карай бет бура отурушту.

Бий оң колу менен ээгиндеги сакалын сылай адатынча сол колунун бармагын бөйрөк тушундагы кемерине кыстара тургандарга кайрылды.

- Журт эгелери! Чогулуп, бир топ маселелерди чечип алалы деп отурабыз. Учур опурталдуу экендиги баарыңа маалым. Элибиз көп жылдардан бери коңшулар менен ынтымак жашап келген. Башка жерге, башка элге барып, чапкынчылык кылган эмес. Бирок катылганга кайрылып, күчүнүн жетишинче жооп берип келгендигин баарың жакшы билесиңер,-деп шашпай, үнүн ишенимдүү чыгарып, көпчүлүккө кайрыла сүйлөп жатты.

-Баарыбыз тынчтыкты жакшы көрөбүз. Кийинки жылдары жерибизге орустар келди. Канчалык сыйлашалы десек да, биздин элдин, жердин байлыгына көз артышып, тополоң үстүнө тополоң салышууда. Мал-мүлкүбүздү кээде тартып алышып, өз мыйзамдарын бизге тануулашууда. Монголдор да өздөрүн чындоо үчүн биздин элден аскер күчүн, улоо, курал-жарактарды талап кылышууда. Аларга кол кайры кылалы десек, уруш чыкчудай. Элибиздин уруштан көңүлү калган. Уруш апааты ата-бабаларыбыздын көңүлүнө көк таштай тийген. Карыялардын айтымында белгилүү болгондой согуштун кесепетинен кыргыз эли касиеттүү Эне-Сайдан көп жолу орун которуп, башка жайга зордук-зомбулук менен бир нече жолу айдалып барыптыр. Көпчүлүгү Монголия, Кытайда калыптыр. Бабаларыбыздын акылмандыгынан ыйык ата конушуна кайра келишип, Эне-Сайды ээнсиретпей тукум улашыптыр. Кыргыз эч убакта Эне-Сайдан ажыраган эмес, ажырабайт дагы. Биздин жерибиздин тоосу да, ташы да, суусу да, топурагы да ыйык. Бейиштей көрктүү, бешиктей жумшак. Ата конушубузду таштап, биз дагы эч жакка кете албайбыз.

Отургандардын биринен да ашыкча кыймыл, тук эткен үн чыкпады. Теребел да Номчунун кебине уюп турду. Анда-санда араактагы кантарылган аттардын курс-курс эте жөткүрүп-бышкырганы гана угула калат. Асманда айры куйрук акырын канат сермей айланып учуп жүрдү. Салкын желдин илебинен улам суунун шары шау-шау этип угула калат.

Бий салмактуу үнү менен кебин улады.

- Бизге капсалаң салуучулар менен кармашабыз. Каны-жаныбызды аябайбыз, өлсөк, балдарыбыз жашайт бул жерде. Жерибизди алдырсак, элдигибизди жоготобуз. Анда бизди кийинкилер урпактарыбыз кечиришпейт. Өз жерибизди, элибизди коргоо ыйык парзыбыз. Ар бирибиздин жүрөгүбүздө элди, жерди, ата- конушту коргойбуз деген сезим жашайт. Ал каныбызга сиңген. Биздин бирден бир милдетибиз балдарыбызды, балдарыбыз ата-энелерин коргоо болуп саналарын эске бекем туталы. Менин сөзүмө макулсуңарбы? Милдетибизди унутууга болбойт.

- Макулбуз!

- Милдеттүүбүз!

- Милдеттүүбүз!-деген бирдиктүү добуш көтөрүлдү.

- Кагылайын журтум!-деди бий обдула үнүн катуу чыгарып.

Мен силерди башкарып келдим. Алымдын жетишинче элимдин, жеримдин кызыкчылыгын көздөдүм. Аны туура түшүнүп, мени сыйладыңар. Сөзүмдү угуп, айткан талабымды аткардыңар. Мен силерге ыраазымын! Өлгүчөктү силер мененмин. Той-тамашанарга аралашам. Жаман-жакшылыгынардан калбайм. Жашым жетип, карылыкка жол койдум. Кокустук, коогада ат жалында айгайлап, жаштар менен тизгин кагыштыра бирге болоюн деген ниетимди карылык моюндап, баш бербейт экен. Дале болсо ат үстүндө жаа тартып, кылыч чабууга каруу-күчүм жетет. Бирок, учур опурталдуу. Орустар сүрүп, монголдор кысып турган чак. Колго курал алчу кез келди. Менин ордумду баса турган жаштар, эр азаматтар силердин араңарда, эл ичинде арбын. Бирөөсүн тандап, талдап, башчылыкка көрсөткүлө. Колго салып, ынтымак менен башчы кылып алалы

Жыйындагылар тунжурашты. Жашы барып калган бийдин калыстык менен айткан оюн көпчүлүк туура көрүштү.

-Ыракмат! – дешти жабыла.

- Кызматың ак! Эл ыраазы! – дешти көпчүлүк чуулдаша.

- Бий! – деди ортодогулардын арасынан турган мойсопут адам. Өзүңүздүн көңүлүңүзгө туура келгени болсо айтпайсызбы? Көпчүлүк сизди колдойбуз. Эмне дейсиңер, тууггандар?-деп көпчүлүккө кайрыла кетти.

- Туура!

- Туура! – дешти жыйындагылар жабалакташа.

- Жок, жакшылар! Силер жактырганды көрсөтөлү,- деди бий элге сала.

- Сизге жакканы, бизге жагат-деп эл чуулдады.

- Мындай баш-аламандык болбосун, журт! – деди бий - Кана тартынбай айткыла. Ким ылайык?

- Чагыр болсун, – деди бир жаш улан.

- Көчүбай болсун, – деди Бектеней.

- Дагы ким бар? – деди Номчу отургандарга кайрыла.

Баштагылар айтканын жактырыштыбы, көпчүлүк унчугушкан жок.

- Эч ким жоклу? Андай болсо, колго салалы. Экөөнү тең жакшы билесиңер. Эл башкарууда каталыктарга жол бербей, эл башына мүшкүл түшсө чыдап көтөрүп, муюбай акыйкатсыздыкка турган, моюн сунбай турган азаматтын бирөөсү болот.

- Бий, мага сөз бериңиз! – деди Чагыр ордунан туруп.

- Сүйлөй бер, – деди бий башын ийкеп.

- Мен Көчүбай менен капылеттен жоо келсе тизе кагыштыра урушка киргениме сыймыктанам. Ал баатыр. Аны дайыма сыйлайм. Ал эч убакта досун сатпайт, намысчыл жигит. Мен Көчүбайга макулдук берем.

- Чагырдын сөзүнө эмне дейсиңер, көпчүлүк?-деди бий отургандарга.

- Туура!

- Көчүбай болсун!

- Макулсуңарбы?

- Макулбуз.

- Азамат, Чагыр!

- Жигит болсо ушундай болсун!

- Көңүлүндө бир да кири жок. Ак көңүлү менен айтты, азамат!

- Мен болом дечүүлөр барбы?-деди бий көпчүлүккө кайрыла.

- Жок,-дешти отургандар бир добуштан.

- Анда, Көчүбай, элиңдин алдына кел! -деди бий. Москоол денелүү, баскан-турганы чапсаң, шаптай болгон Көчүбай элпек тура калып, шыпылдай эл алдына басып келип, таазим кыла оң колун көкүрөгүнө алды.

- Бар бол, азамат!

- Кут болсун, эл башчылык!

- Ак жолтой бол!-деп жамаат жактырыша кыйкырышты.

- Журт, бул жигит башчылыкка татыктуубу?-деди бий кайра отургандардын пикирин укмакка .

- Татыктуу!

- Жарайбы?-деп суроосун кайра кайталады.

- Жарайт!

- Ишениминерди аткара алабы?-деди дагы кимден кандай сөз чыгат деп ойлоп.

- Аткара алат.

- Боло турган азамат!

- Көчүбай, элге башчы болуп бересиңби? - деди бий жүзү сурданып турган ага кайрылып.

- Эл ишенимин актайм, -деди Көчүбай сабырдуу, токтоо үн менен.

- Бийлик шаанисин кылалы, көпчүлүк!-деп бий тегерегидегилерге кайрылды.

Көпчүлүк дуу эте үн чыгарып кайра дымып калышты.

- Эл башы! Элине шерт берерден мурда ата-бабалардан калган ырымды кылып, ай туяк чалалы. Алып келгиле,-деди бий тургандарга буйрук бере.

-Алдын-ала даярдык көрүлгөнбү?

- Келгиле,-деп зоңк эткен үн чыкты. Көпчүлүктүн арасынан шаптай болгон үч-төрт жигит бөлүнүп чыгышканда.

- Мына,-деп буту-бутуна тийбеген чапсаң бирөөсү атайлап түлөөгө арналган жылкыны жетелеп келе калды. Башына нокто салынмак тургай, ээели чымын да конбогон, байланбаган аргымак улам диртилдеп, кош кулагын тикчийтип, кошкурук ата үркөт. Туу калган боз бээ кыл аркан менен чидерлеп төрт бутун бириктире таңабыз дегендерди жанына жакын жолотпой жатты. Чалноо бээ алардын аракетине моюн бербей, так секирип тээп, чапчып, дирт-дирт эте көзүн аңтарып, башын чулгуйт. Жанагылар шык-шыкташып, мойнундагы жибин бекем кармашып, убара болуп тартып жатышты. Аңгыча болбой ары жактан Чагыр ылдамдай басып келип, тырсылдаган корс бээнин тумшугуна кол созду. Үркүнчөк бээ асман-айга секирип, көпчүлүккө моюн бербей, көздөрүн алаңдата кошкуруп кетенчиктеди. Колдон чыгарбаска аракеттенген эки жигит мойнунан байлаган жипти чирене тартышып, бээ башын чулгуган сайын ары-бери теңселишет. Чагыр шап жете калып, шамдагайлыкка салып, сол колу менен тумшугунан алып, эки таноосун кычкачтай болгон манжалары менен кыса, оң колу менен кулактарын бириктире кармап туруп, оң буту менен бээнин алдынкы эки бутун тогонек чалып, көз ачып-жумгуча тарс көтөрүп урду да, башын жерге ныгырды.

- Эр экен, азамат!

- Күчүнө баракелде!

- Илбирстей секирген шамдагайлыгын айт!

- Колу кычкач тура!-дешип көпчүлүк таңдана алкашты.

Баятан чалма ыргытууга белендеген жигиттер жүгүрүп барышып, туруугa аракеттене мөңкүгөн чалпоо бээни бири моюндап, жалдан басты. Ныгырыла жерге башы басылганына карабай, чата бээ буттары менен жер таяна туруунун аракетинде кошкуруп, быр-быр эте туйлай берди. Аңгыча жабалактагандар кыл-арканды бээнин буттарына чала коюшуп, улам тарткылап, төрт аягын бириктире таңып салышты. Бээнин мойнундагы жипти тумшугуна орой тартып жаткан жигит, эки карыштай келген жалтылдаган канжарын алып, бээнин башын басып турган Чагырдын артынан эңкейип шыпылдай өтүп барып, бээнин муздоосун шылып жиберди эле ысык кан атып кетти. Заматта даярдалган ак кийизди алып келишип, шыркырап агып жаткан канга тосо коюшту. Аппак кардай ак кийиздин бетине чоктой кып кызыл кан жайыла берди. Жигит кан болгон кестигин улам бээнин мойнуна жаный сыйпап:

- Жанга садага! Башы –көзгө садага! Көкө теңир, кудай жолуна! Кан жолуна! – деп күбүрөп жатты. Айлана-тегерегинде тургандар да:

- Көкө теңир, кудай жолуна!

- Кан жолуна,- дешип бирин-бири кайталап, кобурашып жатышты.

Эки аксакал эки тарабынан аярлашып, булоосу чыккан ысык канга Көчүбайды баштап келишти. Ал ысык канга эки колун малып толкунданып, элге каргылдана шертин айтууга камданды.

- Колуна жылаңач кылыч бергиле!–деп буйра сүйлөдү арттагы аксакалдардын бирөө.

- Душманды кылыч менен жанчып жүр! – деп узатты как элес аксакал.

Сунган кылычты Көчүбай кош колдоп алып, жылтылдаган мизинен өөп, ысык канга малып алып, элге таазим кыла көзүн жуумп чөгөлөдү:

- Мен Көчүбай-элдин уулумун! Элиме башымды токмок, каруумду казык кыла кызмат кыламын. Эл-журтумдун алдында жалпы улустун адамдары үчүн, балдар үчүн, бир тугандар үчүн, урук, уруу үчүн, бүткүл кыргыз жергеси үчүн, кыргыз жеринин эң улуу кеңешинин алдында шерт беремин! Эли-жериме ак кызмат кыламын. Душман коркунучунан сактаймын. Эл ичинде адилдик, акыйкаттык, чынчылдык болушу үчүн күрөшөмүн. Касиеттүү Ата-Журттун ыйыктыгын бекем кармап, элим жерим үчүн өз өмүрүмдү аябаймын деп, силердин алдыңарда ант беремин!

Эгер антымдан тансам, төшү түктүү жер урсун, төбөсү бийик көк урсун! Агын суунун шары урсун! Түбү туюк көл урсун! Теңир тоонун кары урсун! Асмандын жарык таңы урсун! Адилдиктин агы урсун! Адал даамдын баары урсун! Анттан тансам, акырегим айгине, Көкө Теңир күбө! Касиеттүү эл күбө!

- Баары күбө!-деди эл чуулдап.

- Касиеттүү элибиз, ыйык жерибиз, тоо, ташы, суу, асманы, ай, күн-баары күбө. Күбөлүккө өтөбүз! Көпчүлүк чуулдаша үн салып жатышты.

- Коркоктук, чыккынчылык кылсам, элимдин талабын аткарбасам, ушул болот кылыч башымды кыя чапсын! Элдин максатына саткындык кылсам темирдин шерти уруп, жүрөгүмү жараласын! Темир көкүрөгүмө көк боюнча кирип, кызыл болуп чыксын. Убадамды бузсам, кызыл канга боелоюн!-деп Көчүбай кылычты төбөсүнөн өйдө көтөрүп, маңдайына тийгизип, мизинен өптү.

Шамдагай жигиттер Көчүбайды ак кийиздеги кызыл кан үстүнө отургузушуп, көпчүлүктү айландыра басышты. Жарчылар кыйкырып, жар чакырышты.

- Калк! Көпчүлүк! Бийибиз бар! Ханыбыз бар, таанығыла!
- Таанығыла ханыбызды! Бийибизди таанығыла!
- Кут болсун, бийлик даража!
- Кут болсун, хандык наам!
- Эл башылык, аманат! Хандык бийлик аманат!.
- Аманат эл башчылык!

Аңгыча болбой шамдагай кыймылдаган бир жигит сары эчкини жетелеп келип, буту–колун байлабай жыгып, бакырта мууздап жиберди да, көкүрөк өңүрүн шарт сөгө коюп, былкылдап согуп жаткан жүрөгүн өпкөсү менен кошо сууруп алды, тегерегиндегилер Көчүбайдын ак калпагын алып, башына ак касаны жаба койду. Эчки сойгон жигит каны куюлган өпкө менен жүрөктү алакандай кесип алып, ак элечекчен байбичеге узатты. Ал алда бир демелерди кобурап:

- Ак сары башыл! Мына садага! Тооруган ооруу, жамандык, илдеттин баарын алып кет! Жин, шайтан, балкет-салекеттин баары кетсин! Ырымым ушул болсун! Умай эне өзү колдосун!-деп кесиндини ыргытып жатты.

- Ак элечекчен дагы бир байбиче кара кесеге суу алып келе коюп, аны Көчүбайдын башынан айландырып, анын түкүртүп, суусун жерге чачты:

- Ак жалтой бол! Майлуу-сүттүү болсун жолуң! Эли-жериңди жоодон сакта! Элиңе тараза, калыс бол! Акыйкат адилет бол! Жетим-жесирлердин тиреги бол! Жеңиштин желбиреген желеги бол! Жамандык кетсин, жакшылык ыроолосун! Кел-кел,дөөлөт короолосун! Көкө теңир ылайым колдосун!-деп ырым-жырымын колдонуп жатты.

Кыргыздардын ордосу Кара жана Ак Үйүз дарыяларынын ортолугундагы ак таштуу аймакта эл башына түшкөн оор абалды чечүүгө төрт улустун өкүлдөрү катышкан жыйын (курал) өткөрүлүп, ага жети жүзгө жакын өкүл келип катышышты. Эл башыга жардамдаш жогорку бийлик ээлери болгон бектер шайланды. Ага жардамчы кыргыз элин башкаруу үчүн (мурдатан калыптанып келген, монголдордон кабыл алынган башкаруу аппараты) кызматкерлерди зайсаңдар «тузмер» деген монгол наамын алып жүргөн казы – соттордун милдетин, укук мыйзамын сактоочу «яргучилер». Жогорку соттун милдетин Жогорку бектин өргөөсүндө орун алган «Казы-Яргучи» -каардуу сот аткаруучуну бекитишти .

Бектин буйруктарын жана мамлекеттик салыктарды жыйноо иштерин жасоолдор аткарышкан. Ар бир жасоолдун карамагына кырктан түтүн бөлүнүп берилген. Жыйналган салыкты жана аскерге каттоо иштеринде бир, он, жүз, беш жүз, миң деген сандарды аныктаган тактайча белгилер колдонулган.

Улустардын башында турган кыргыз башкаруучулары байыркы түрк дооруна таандык болгон «бек» деген наамды алып жүрүшкөн. Алардын ар биринин өз асабасы, буйрук жана келишимдери күбөлөндүргөн тамга, мөөрлөрү болгон. Кыргыздар жунгарлардын таасири менен монгол наамдарын кабыл алышкан.

Ошол кезде төрт улустагы кыргыз бектеринин ысымдарына «баатыр» (матыр) же монголчо кошуунчу (кошеучу)-деген наамдар кошулуп айтылган. Алардын бардыгы тууган-туушкан болушуп, ойрот башкаруучулры менен өздөрүн тең абалда кармашып, куда – сөөк болушкан. Зайсаң баш болгон кызматкерлердин өз букаралары болгон. Баатырлардын колдоосу менен улус адамдарынын үстүнөн көзөмөл жүргүзүп, кыштымдарды баш ийдирип кармап турушкан. Кыштымдар кыргыздарга түбөлүк карыз деп эсептешкен. Жут, ачарчылык болгон жылдары алар кыргыз жерине келишип кийим-кече, үй буюмдарын алып турушкан. Кыштымдар кыргыздарга алымды накталай төлөөгө милдеттүү болгон. Киш аң терилери төлөм катары эсептелчү.

Талаа мыйзамы боюнча кыштымдардан беш киш териси же анын наркындагы салык алынган. Айрым учурларда салык темир жасалгалары, курал-жарак, тамак-аш азыктары түрүндө да алынчу. Салыкты жыйноодо «аманат»-барымта түрү пайдаланылган. Кыштымдардын төлөөгө кудурети жетпей калса, барымтага анын аял-балдары алынчу. Алар өздөрү жашаган капчыгайларда жана аймактарда өз башчыларына жана аң уулоочу жайларга ээ болушкан. Согуш учурунда бектер элдик кошуундардан, «улустук адамдардан», кыштымдардан куралчан өз алдынча атайын кошуундарды жетектеп чыгышкан. Карапайым калк аскерге милдеттүү болушкандыктан ар бир бектин беш жүздөн миңге чейинки туруктуу аскери болгон.

* * *

Монголдордун бириндеп кеткен хандыктары бир мезгилде дүйнөнү түгөл баш ийдирем деген ниетте ай чапчып, эчен мезгил Улуу Азия талааларын, Казакстан, Европа аймактарына чейин жеткен болчу. Бирок,кийинки урпактарынын биримдиги тайыздап, ынтымактары ыдырап, ал күчтөн тайый баштады.

Алтан хандар дүйнөсүнүн улуу тутуму – монгол хандыгы иш жүзүндө ырк келишпегендиктен бир нече майда хандыктарга бөлүнүп кеткен эле. Бир тарабы кытай чек ара тарабында, экинчиси ойрот, кыргыздар менен чектешип, ал эми дагы бир бөлүгү өзүнчө хандык болуп ажырап кеткен болчу.

* * *

Ойроттор монголдордун улам кодулап, тынчын кетирип, тийише коркунуч туудура беришти. Эби келгенде капылеттен сокку уруп, алдан тайдырып, басып алуу мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланууну көздөштү.Алтан хан ордосунун көңүлү алаң болуп,алапайын таппай жатты. Элчилер канчалык сүр менен катуу барышса да кыргыздар буйрукту аткарымыш болушуп, миң кой, төрт жүз кара малды араң жыйнап беришти. Эми курал-жарак, ат-көөлүктү бергилери келишпей кечендетишип, моюн толгошту. Башка учур болгондо «чарасын чак түштө көрүп» алдастатса болмок. Башка иш түшүп опурталдуу чакта алар да тоготпой жатышпайбы. Эмне кылуу керек? Ойротторду кое туруп, кыргыздарды зомбулук менен басып алса эмне болот?

Аскер кеңеши (зорго) тажрыйбалуу көсөм карыялар билермандар ордонун чечимин жокко чыгарышты. Салыкка кызыккан орустар аларды калкалашы мүмкүн. Же, жек-жаат болушуп, каттоолору калын ойроттор аларга жардамга келишсе, ордого андан берер коркунуч туулат. Андыктан, шашпай, ачууга алдырбай дагы да болсо, эрте-кеч жагдайды карап, көрүү керек! Шарты качан келет деп, канчага чейин күтүүгө болот? Алык-салык төлөөдөн кыргыздар биротоло моюн толгошсочу? Орустарга же ойротторго букаралыкка өтүп кетишсечи? Ойроттор орустардан айбыгышат. Ушу этеги кыска орустардын ойлогондору эмне? Максаттарын билүү керек? Билгенде эмне? Жыл өткөн сайын кыргыз жерине жылып киришип, аларды четке сүрүп чыгып жатышпайбы? Жеткен жерге чыңдоо курушуп, турук алып ээлешкени, кыргыздарга гана эмес, ойрот, монголдорго да жакпайт. Жылуу жайларынан козгогонунан улам кыргыздар деги эле аларды көргүлөрү жок. Кимиси өктөм болуп, өмөктөсө, алсызы кечирим сурамыш этишкени менен кайнаган кектери ичинде. Мүмкүн, орустар борбордун алыстыгынан, аскер күчтөрүнүн аздыгынан тартынып турушабы? Башка тараптагы эки-үч өлкө менен тынбай согушуп жатат деген кабар анык окшойт. Андай болсо, көп учурда аларга алагдыбы? Же ойроттор менен Алтан хандардан айбыгышабы! Болбосо биротоло басып, баш ийдирип алышы

кыйынбы? Андай десе, жыл сайын чегин кеңейтип, Кытайга чейин кыр көрсөтүп келүүдө. Не болсо да, жөн боло бербей, шартты пайдаланууга шашуу керек окшойт? Болбосо, колтуктагы кыргыз жерин карап отуруп, колдон тарттырып жиберсе, бардык байлыктан да, ээликтен да куржалак калбайбы? Илең-салаң болбой, убакыт өткөрбөстөн бир бүтүмгө келүү зарыл! Учуру келип турат. Мээленген жебенин тээгин «бар тобокел» деп тартуу керек. Кийин кеч болуп калат! Ордо бүтүмүн так ушинтип чыгарды.

Моюн толгогон кыргыздарга эскертпей сокку урууну тезинен колго алып, бир жаңсыл болууга убакыт жетти. Чамдаш керек.

Аскер кеңешинде белгилүү монгол башкаруучусу Даян хандын (Бату-Мункэ) небереси Шолой Убашинин уулу Омбо Эрдененин чечимин гана угуу калды.

Чакырылган кеңеш тойго камынгандай түрдө өзгөчө даярдык менен өтүп жатты. Дасторкон кенен жайылып чүйгүн тамактар арбын коюлду. Дасторкон үстүндөгү өткөрүлгөн кеңеш көңүлдүү да, ары кызыктуу да болот дешчү талаа ээлери. Эч ким, эч нерсе менен алагды болбой, аңгеме кызып, акылдуу кептер айтылат. Майдаланган кычык сөздөр эске келбей, айтылган сунуштар угумдуу болот.

Хан мыкты эрдиктери менен данкы чыккан ноендорун дасторкон үстүндө ары сыймыктана, ары сынай карап отурду. Ушул монгол урпактарынын оттон, чоктон кайтпаган эр жүрөк ата-бабалары хандыкты бекем кармап, жүздөгөн жылдар бою бийликти колдон чыгарбай келишти. Азыр да ордону ордо кылган, даңазасын көтөрүп бекемдеген ушулар. Ак кызматтары менен ордого топтолгондор-дал ошолордун бүгүнкү урпактары. Бөтөндөргө бүлгүн түшүрүп, аталардан калган куралдарды таштабай мурастаган согушчан бийлик ээлеринин балдары. Кимисинин көңүлүндө кытмырлык, көөдөнүндө менменсинүү, көзүндө көрө албастык бар? Кимисинде акыл уурдаган аярлык, митаамдык катылып турат? Аны канткенде билүүгө болот?

Отургандардын бардыгы чүйгүн тамакка алагды болушуп, апсыга даамдуу эттен сугунуп, ууруттарына жайылган майды этибар алышпай, шайдоот да, жайдары да, көңүлдөрү майрамдагыдай. Буларды сый-урмат, ардактуу кызмат, кымбат байлык, мактоо гана кызыктырат. Андан башка ойлорунда эч нерсе жок. Ордо буларга канчалык камкор көрүнсө, ошончолук абийирлери бийик. Бийликке кызыккандар да, кызыткандар да ушулар.

Бирок, буларды ордо канчалык эркелетсе, ошончолук теңирлерин таанышпай ашынып кетишет. Көкө теңирин гана эми өз

аталарын тааныбай калышат. Бир аз эле боштук кылса, моюнга шап минип, анан төбөгө чыгат да, тим турбастан тең ата болуп, өзүңү жактырбай, сөзүңдү тескеп, тизгин талашышат. Ансыз түгүн түктүйтүп, сыртын салып, тепкенге ырастанат. Андыктан буларды катуу кармап, талуу жерлерин издеп таап, маңдайда отуруп, тик кароого шарт бериш керек эмес. Миң тууган, жана-жан дос болсо да, сыр бербеш керек. Өңүтүн таап пайдаланып, учурунда боорго тартып, башка мезгилде ыраак кармаса, «көңүлүнө жагам, боорунан тап алам» деп далбастана жан үрөп, күйүгө чуркап жүрүп, кызмат кылат. Ордонун айтылбас сыры, жазылбаган мыйзамы ушундай. Аны билип, сезген бийлик гана пайдалана алат. Аны аңдабаса, терең маани берип түшүнбөсө, бөтөндөн эмес, дал ушул отургандардан, «так экининин биримин» дечүүлөрдөн дапи жеп, тебелендиге айланат. Муну талаанын айлакер карт бөрүсү жакшы билет.

Болбосо мына бул ким? Көзү чүңүрөйүп, эт чайнаган сайын ээгиндеги эки ача сакалы эрбең-сербеңдеген котур текедей болуп. Булчу, таначардын чулугундай дулдуюп, алдындагы тамакка эт-бетинен түшө калып? Мына булчу, ууртунан май аралашкан шилекейи куюлуп... Тигичи? Ач күсөндөй алдындагы тамакты түгөткөнгө чамасы келбей жатып, башкалардын алдындагыларга улам умтулуп сук арткан? Аркычы? Куу бутактай куркуйган, алкымынан аш өтпөй баарына көз жүгүртүп, сынап отурган?

Канткен менен буларың жөндөн-жөн адамдар эмес. Ушулардын кеп-кеңеши, масилаттары менен бийлиги күчтөнүп турат. Бириси эле аркасын салып тескери басып, каяша айтсынчы, башкалары да ага кошулат. Алардын антпеси үчүн баарынын кулк-мүнөзүн көөнүндө жат кылып напсисине, акыл эсине карап, ордого кызматынан, тилинен, пейилинен, ниетинен жипсиз байлап алган. Кимиси кетенчиктип же кыңырайып баратканын баамдаган азирет ээси башкаларга байкалбаган колундагы чыккыс тизгинди акырын билдирбей тартып коңт. Сергеги сезет. Сезбеген кеңкелесин катуурак силкет. Силкүүдөн тилдери кайрылып, кепшөөрлөрү ооруксуйт. Ошондо селт этип баштарын силке, көздөрүн пар ачууга аргасыз болушат. Алардын ар биринин аркасында башкаларга көрүнмөк тургай, билинбес «жылмасы» бар. Ал баарын: баскан турганынын ойлогон оюн да өзүнө өзүндөй жеткирип турарын акылдуусу гана аңдайт. Андыктан бөлүп-бөлүп, эки тарабына алып жүрөт. Эки жактын тең кеңешин угат. Салмактап көрөт, анан чечимин чыгарат.

Мына бир тарабындагы биринчи ноен:

- Кыргыз жерин басып алабыз,-десе:

Экинчи тараптагы баш ноен ага акылдуусуна.

- Абайлайлы. Орус менен ойроттордон этият бололу!-деп эскертип жатат.

- Этияттанып отурсаң, ошончо байлыкты ким алып келип берет сага? – дейт ал беркиге кырлана.

- Кызарган этке умтулган жырткыч, коркунучту унутуп коет,-деп жанагыны басмарлай какшыктап кетти. Анда анысы.

- Коркунуч бар деген түлкү шыбагасын кузгунга алдырат-деп жооп берди.

- Кузгунду баары бир аңчы атпай койбойт-деп эскертет өзүнүн оюн беркиге бербей.

- Түлкүнү да тирүү кетирбейт,-деп мыскылдады анын сөзүн мыш кылмакка.

Отургандар дуу күлүштү.

- Колубуздагы ырыскыбызды кантип башкаларга алдырабыз? Буруттардын тапкан байлыктары биздики болушу керек,-деди оң тараптагы экинчи ноен.

- Аны уламдан-улам айта берүүнүн кереги жок. Кыргыздарды басып алабызбы? Ушуну айт,- деди сол тараптагылардан экинчиси.

- Басып алалы десек, алар тим турмак беле? Ойротторду жардамга чакырышат.

- Ойроттордон корксок баарынан кур жалак каларыбызды ойлонолу!-деди орто тушта отурган ноен.

- Сен анда барбай эле кой!-деди анын каршысындагы.

- Сен барсаң өлүп тынасын. Мал-мүлкүң кимдерге калат? Сенин ар-намысың, күч-кайратың жок. Жада калса ордуңду басар уулуң да жок! - деди ага ачуусу келген ноен тиртеңдеп.

- А ошондойбу?

- А сенчи эмнени эле кыйратып койдуң?

- А сен тексизсиң. Мен улуу хандын тукумунан болом. Ушуну билесиңби? – деди экинчиси көздөрүн алайта ачууланып.

- Улуу өкүмдар! Калыстыгыңды айт! Мен тектүү жайдын тукумумун. Мага эч ким мындай жаман сөз айткан эмес! Тигини жазага буйру! Болбосо мен, үйүмү бүктөйм.

- Тигини, тигини! үйүңдү бүктөсөң бүктө. Сени эч ким кой дебейт. Антсең изиң да калбайт. Менин тексиз экенимди кимдер далилдейт? Бул жалаа! Куу баш. Азирети! Мунун тизгинин тарттыр? Болбосо, жекеме-жекеге чыгам.

- Мен сени менен жекеге чыкпайм. Сенин улусуңду аскерлериме тебелетип, ташыңды талкан кылып, балдарыңды мууздатам.

- Арсыз.

- Коркок!

- Тынчтангыла!-деген Ирден тайжинин чаңырыгы бардыгын басып кетти. Үйдүн ичи тымтырс боло калды. Ырас гана болду,- деди отургандардын бирөөсү табалай.

Чыр басылды. Кыйла талашып тартышуудан соң ордо эгесинин бүтүмү чыгарылды.

* * *

Балдарды кичинесинде тамашалаган сөз кийин чынга айланарын эч ким ойлобоптур. «Жаман сөздүн, жакшы ниеттин кулагы болот» демекчи, Кунан менен Акпакта кыз бири-бирин көрбөсө тура алышпай калгандыгын өздөрү да сезбей калышты. Андай адат аларда эр жетип, чоңойгондо байкалды. Аларга эч ким тоскоол да болушкан жок. Кең өрөөндө тай кунан, үйрөтүшүп, күлүктөрдү жарыштырышып, эркин өсүштү. Эртең менен аттарын токушуп, тайгага кетишчү. Кайберендерге аңчылык кылышып, уя баспаган канаттуу куштарды жаа менен атып алышат да, куураган бутактарды топтоп келишип, шишкебек жасашат.

- Айда Кунандын колунан бышкан шишкебеп барбы, таңдайды такылдатып, тилиңди кошо чайнатат. Шишкебепти мынчалык даамдуу бышырышты кайдан үйрөнгөнсүн? - дейт Акпакта кыз көзүн жума тамшанып, оттон жаңы чыгып, чызылдаган шишкебептин даамын тата.

Кунан ага үндөбөй кызарган чокко түгү жулунуп тазаланган паранданын этин ары-бери кайсап, алектене берет.

- Мен сенден кеп сурап жатам? - дейт Акпакта, жигиттин мүрүсүнө колун коюп.

- Ии?-дейт жигит башын көтөрбөй иши менен алектене.

- Ии,-деп коет. Жооп бербейсиңби?-Кыз эркелей демите сүйлөйт.

- Эмне деп? Анын айткан кебин укпаган таризде жигит отту ичкеретет.

- Бышырган шишкебебиң неге мынчалык даамдуу? – деди. Кыз эркелей жигиттин мүрүсүнө мүрүсүн тийгизип.

- Сага жакканым үчүн,-дейт жигит кызды кучактай.

- Жинди,-деп кыз аны акырын желкеге нукуйт.

Кунан жинди немедей көзү-башын акшыңдатып, майлуу көө болгон колдору менен беттерин сүртүп, заматта өңү-башын буза ары-бери оокалактап, тура кала чуркайт.

Анын кылыгына Акпакта чын дилинен жаны калбай, абаны жара каткырат. Сайрап жаткан чымчыктар пыр-р эте чочуп уча качышса,

отко коюлган аттар кошкура кулактарын тикчийтишип, элтең-эте экөөнү карашат.

Каткырып жатып кыз:

- Болду эми! Адиңдан ашып кеттиң. Жинди сендей болмок беле?

- Анан кандай болмок?-деп ал кызга шынаарлайт.

- Акыл эси жок болот. А сен жиндини тууралйм деп, бизге шылдың болуп жатасын.

- Биз дегениң ким?-деп билмексенге салат ал.

- Мен, мына бул аалам. Ал тургай аттар да сага ишенишпейт,-дейт кыз айланасын карап.

- Сен мени жинди деп жатпайсыңбы?

- Сени эркелетип жатам,-дейт кыз күлүп.

- Мени жакшы көрөсүңбү?-дейт жигит.

- Болду эми. -Кыз тескери карайт.

- Чынынды айтчы? Мени жакшы көрөсүңбү?-дейт жигит анын көзүнө көзүн тигип.

- Жаман көрсөм, бул жакка сени менен келбейт элем.

- Акпакта.

- Ооб.

- Биз качан үйлөнөбүз?

- Үйлөнбөй эле жүрө берсек болбойбу?

- Чоңоюп калбадыкпы.

- Али эрте. Дагы да убакыт бар.

- Эрте деп жүрүп ээн талаада калбайлы?

- Эмне үчүн?

- Сен бышып турган мөмөсүң. Мөмөгө кимдер гана кызыкпайт?

- Анан?

- Анан, бирөө келип, ала качып кетсечи?

- Ии?

- Мен колуман ырыскымды алдырып, кантип жашайм?

- Сен бирөөлөргө кантип эле тарттырып жибересин?

- Ошону айтсаң. Аны менен өлбөгөн жерден калышпайм.

- Ким менен?-деп кыз билмексенге сала, калп эле сурайт.

- Сени менден тартып алган менен.

- Ким ал?

- Менин душманым.

- Ачэрке мергенди айтып жатасыңбы-дейт кыз.

- Анда экөөбүздүң атыбыз жер, сууга коюлабы? Жигит үндөбөстөн аны суктана тиктеп тура берет.

Кыздын оюна эл оозунда айтылган жомок түшөт.

Илгери, илгери кыргыз жеринде атакка бөлөнгөн Апакай-пакта сулуу Абакан өрөөнүндө жашаптыр. Аны жаш кезинен эле Ачэрке-мерген деген жигитке кудалашып коюшкан экен. Күндөрдүн биринде кара моңголиядан (Хаара Моол) монгол ханзадасы Кургун тайчжи жетектеген кошуун келип калат. Үйлөнүү тою болоор алдындагы кыз оюну өтүп жаткан учурда Апакай пактаны туткундап Монголияга алып кетет. Апакай пахта туткунда жүрүп, монгол ханзадасынан Акташ, Көкташ аттуу эки уул төрөйт. Канчалык убакыт өтсө да, анын эсинен туулуп-өскөн жери, балалыгы өткөн кези чыкпайт. Андан да алгачкы сүйгөнү Ачэрке мерген, бир тууган жакындары, эли калганын ойлоп, санаага чөгөт. Ал ыңгайы келген учурда балдарын тагдырдын буйругуна тапшырып, ата-журтун көздөй качат. Монгол ханынын аргымагын минген Апакай пакта Эне-Сайдан сүзүп өтүп, жээкке жетип, суу болгон кийимдерин күнгө жаят. Кургагандан соң эс алууга токтойт. Ал жубан экенин билгизген эки өрүм чачын жазып, кыздарга окшотуп, тал-талдан майдалап өрөт. Ошол учурда дарыянын аркы өйүзүнөн Кургун тайчжи жетектеген куугун келип калган эле. Монгол ханзадасы Кем-Суудан (Эне-Сай) сүзүп өтө албай:

- Апакай-пакта артка кайт! Биздин алтын, күмүш байлыгыбыз көп экенин билесин?-дейт.

- Алтын, күмүшүң тоо болсо да, ата-журтума тең келбейт. Баасына татыбайт,-дейт ал.

- Ортодо аралжы болоор балдарыбыз бар!-дейт Кургун.

Балдары эсинен чыкпаган Апакай-пакта ойлонуп-ойлонуп отуруп, жооп берет.

- Мейли, балдарымды алып кел? Ошондо сүйлөшөбүз.

Убакытка карабай Кургун тайчжинин нөкөрлөрү кайра монгол жерине барышып балдарын алып келишет. Балдарын алыстан көргөн Апакай-пакта жүрөгү сыздап, көздөрүнө жаш алат. Бир мезгилде чечкиндүү.

- Акташ, Көкташты Кем-Суyга таштагыла? Ошондо мен кайра барам,-дейт.

Кургун тайчжи бул шартка аргасыз макул болот. Балдар Эне-Сайга заматта чөгүп кетет.

- Менин балдарым өз элиме душман болбосун,-дедим эле. Эми алар жок. Жалгыз өз элиме барсам болот,-деп аргымакка минип, өз элин көздөй чаап жөнөйт.

Ачэрке мерген Апакай пактанын бир тууган сиңдисин-балдызын алмак болуп калган экен. Салт боюнча эжесин алса, эгер ал көз жумса, анын сиңдиси үч жылдан соң жездесине турмушка чыкчу.

Туткундан келген колуктусун көргөн Ачэрке мерген өзгөчө кубанат.

Алакай пакта Ачэрке мергенге карап кайрылат.

- Мен сени жана өз айылымы таштап кетем. Артымда Кургун тайчжи баштаган куугунчу келе жатат. Мага тынч турмуш жок. Кош!- деп аргымактын башын бурат да, Алтай тоолору жакка чаап кетет.

Кыргыз жериндеги жер-суу аталышына байланышкан уламыштар ого эле көп. Чапкынчылык доордо эр азаматтар, ал тургай кыз-келиндер да туулуп-өскөн Мекенин баскынчылардан коргоодо жан аябаган эрдиктерин айгинелеген окуялар арбын эле. Алардын көбүн эсе эли-жерин коргогон баатырлардын ысымдары түбөлүккө жер, суу, тоо токойлорго берилген.

Дагы бир айтымда-тээ өткөн замандагы жылдардын бир жылында Абакан өрөөнүнө каптап кирген монгол аскерлерине каршы күрөштө Катан алп деген даңктуу баатыр колду баштап туулган жерин коргоодо жан аябай күрөшөт. Анын сепили тоодо жайгашып, ал жер анын аялынын урматына «Таптактура» деп аталып калган.

Монгол аскерлеринин жай мезгилдериндеги үзгүлтүксүз тез-тез чабуулунан Катан алп өз жоокерлери менен сепилге жашынууга аргасыз болот. Жай өтө кургакчыл келип, күн катуу ысыганынан чептеги суу түгөнө баштайт. Татаал кырдаалда Катан алптын аялы Таптак айтым, Катан алп жана анын жоокерлеринин каны катып, алдан тая башташат. Себеби алар сепил ичинде атышып чуркап жүрүп, күйүгө чарчашат. Катан алп жана анын жоокерлеринин каны катып, алдан тая башташат. Жан аябаган жоокерлерди көрүп, татаал шартта Катан алптын аялы Таптак айым өз канжары менен көкүрөгүн жарып, күйөөсүнүн каны кайнаган суусунун каны менен кандырган экен. Катан алп баш болгон кыргыз жоокерлери шерденишип, жапырт чабуулга чыгышат да, душманды талкалашат. Наркы асыл баа аял ата журту үчүн, сүйгөн жары үчүн курман болуп, анын аты түбөлүккө Таптактура (Таптак айымдын сепили) деп аталып калыптыр. Анын жаны тоо ээсине айланып, тоо башындагы сепилди азырга чейин кайтарып турат имиш.

Кыздын кыялына ошол жомоктор келе калды.

Айтымдагы каармандардай боло алат белек?-деди кыз.

Билбейм, сага жетерим күмөндөй сезиле берет. Ал тургай, дайым эле түшүмдө сени кыйкырып чакырганыма карабай, биреөлөр алып кеткен болот. Анан, менин уктабай жатканымды апам туябы?

- Уулум! Барган сайын санаачыл болуп баратасын. Эмне болду? Жашырбай айт! – дейт.

- Сен айттыңбы?

- Айтпасам да билишет да. Бизди айылдагылар гана эмес, Алтысар аймагындагылар бүтүндөй билишет.

- Билгени жакшы болуптур.

- Ии?

- Башым байлануу. Жигитим бар экендигин билгендер мага жуучу түшүп келишпейт. Сен бейкам болуп жүрө бер.

- Анан десең? Апам ар дайым эле качан келиндүү кыласын? – дей берет.

- А сен эмне дейсин?

- Келиниң эле болбой жатпайбы. Болбосо азыр деле алып келе бермекмин дейм.

- Деги, апабыз биз туурасында кандай ойдо?- дейт кыз кызыга.

- Кой. Андай болсо бийге атаңды жөнөтөйүн,-деп апам кубанычын менден жашырган жок.

- Чоң атам билсе уят го?-дейт уялган кыз жер карап.

- Экөөбүз уялып жүрө берсек, кантип балалуу болобуз?

- Өзүбүз балабыз го?

- Эртерээк үйлөнсөк, балабыз эртерээк чоңоет. Кыргыздын саны көбөйөт. Балдар төрөлүп, жоокерлер көп болсо, душмандар да даап келе алышпайт.

- Монголдор даярданып жатат деп уктум?.

- Даярданып жатса, баягы келип жүргөн жоо да.

- Койсоң, жоонун жакшылыгы болмок беле?

- Биз ойроттор менен жакшыбыз. Алар ойроттордон сестенишет. Анан да алар биздин кыжырыбызга тийип алышса, алыгын да, салыгын да бербей коебуз. Биздин барчу темир, курал-жарак, ат улоо, жабдык. Ал тургай азык-оокаттан да өксүшкөндө өздөрү элдешели-деп келишет.

- Өткөндө чоң атам топтолуп келгендерге «эң коркунучтуу жообуз монголдор» деп айтып жатканын кулагым чалган. «Эркек таналар шайма-шай болуп, курал-жарагынарды камдап, даяр тургула!»-деп эскерткен.

- Аның туура. Биз да жоокерлердин катарына катталганбыз. Тайгада чоңойгон кыргыз баласың ким эле бутаны жаза атат?- деп ойлосун.

- «Өзүңдү эр ойлосоң, душманды шер ойло» дешет. Муну эсиңден чыгарба!

- Биз тирүү турганда кыргыз жерин душман басып кире албайт.

- Кунан, мен кийинки күндөрү көбүрөөк коркчу болдум.

- Эмнеден?

- Жоо басып кирсе, биздин элди аямак беле?

- Ошон үчүн элде «жигит үйдө төрөлүп, жоодо өлөт» деген сөз бекеринен айтылбайт да.

- Антпечи? Дене башым дүркүрөп кетти.

- Алтыным.

- Ак шумкарым.

- Апам ого эле санаачыл пенде. Күн сайын келип, кабар алып тур. Менин жогумду жоктотпо.

- Качан аттанып жатасыңар?

- Белгисиз.

- Чыныңды айт?.

- Жакында окшойт. Жоо басып киргени анык болбосо, «мына бул күнү» деп, так айтуу кыйын.

- «Жолду тосот» деп уктум эле?

- Анын ырас, бий атам Көчүбай бийге кабар берүүнүн камында экен. Бирок, орустар монголдор менен сүйлөшүүнү жүргүзөбүз дешип токтотуп коюптур.

- Монголдор тарсалардын тилин алышаар бекен?

- Алышат. Орустарга букара болдук дешип, өткөндө элчилер барып келишпедиби.

- Эмне болсо да, сак болгула, Кунан! Мен дагы эркек болуп калсам, сени менен согушка бирге аттанат элем.

- Эркек болбогонуң жакшы.

- Эмнеге?

- Мен сени коргоймун. Душмандарды өз жерине сүрүп айдап барып, катыгын берип, экинчи келгис кылабыз. Сен мени тосуп аласың.

- Албетте! Жеңиш! Жеңиш! Биздикилер жоону жеңди. Тынчтык алып келе жатышат. Калайык калк! Уккула! Уккула! Жерибизге жеңиш келди!-деп, Эне-Сай аймагына сүйүнчүлөп кыдырып чыкмакмын. Анан түркүн-түстүү гүлдөрдү кучагыма толтура топтоп, сени куттуктамакмын.

- Тилегине жет, алтыным!

- Экөөбүз тең тилегибизге жетели, шумкарым!

Эки жаш кучакташышып, эзиле бирин-бири жытташа сүйүшүп жатты. Алардын тунук сүйүүсүнө тоо, токойлор, дарыя-өзөн этеги кенен жайылган аймак күбө эле.

Асманда кара булут топтолуп, эми катуу нөшөрлөгөн жаан болоорунан кабар берген шамал эки жаштын этектерин, саамай чачтарын делбиретип, гүлдүү тулаңды жапыра ышкырып кирди.

* * *

Жылкы көккө тоюп, эчак кара тил болгон мезгилде семиз аттарын суутушуп, кыргыз жерин көздөй Лубсан тайши баш болгон жасакчылар кандуу сапарга аттанышты. Жортуулга мыкты аскерлер тандалып алынган эле. Монголдор үчүн алыска атчан күн-түн бою жүрүү көнүмүш иш. Аз эле күндөрдүн аралыгында кыргыз жеринин чегине жакындап, кирип келишти. Күндүзү токойду бакалоо кылышып, тоолордун ичиндеги чарларда эс алышып, тааныш жол менен түнү жүрүшүп, эч кандай шек билдиришкен жок. Эми мелмилдеген чоң дарыядан өтүшсө эле, кыргыз жери башталат.

Жылдыздуу түн. Монголдордун алдыңкы тобу жер чардашып[1] кайгылчууларга туш келишти. Мурдатан жиберилип, чар ичинде жашырынып жаткандар шек байкаган кайгылчууларды керүүгө[2] алышып, камынтпай тынчытышты. Айыл четинде ажылдап үргөн иттер, тез эле үндөрү өчүп, ажал табышты. Жоонун өндөөсүнөн[3] түнкү уйкудагы айылдан эч бир жан тирүү калган жок. Таң агарып эми дык салып келгенде күтүрөгөн көп малды жортуулга аттанган монголдор кары-картаң аскерлерине сүрүп, айдатып жөнөттү. Жылкылардын күтүрөгөн туяктарынын үндөрүнө көшул-ташыл, бири-бирин издешкен бээ менен кулун-тайлардын кишинегени, өгүздөрдүн бөкүрүп, уй-торпоктордун мөөрөгөнү, кой-эчкилердин маараганы капчал (тар капчыгай) ичин жаңыртып, жылып келе жаткан селдей төрт түлүк монгол чегин көздөй айдалып баратканын кыргыз аймагында жашагандар туюшкан да жок. Алдыңкы чыңоо[4] тополоң түшкөн жерге токтолбостон кебезге матырылган төөнөгүчтөй болуп билинбей каптап, кыргыз жерине тереңдеп, сапарын улай берди.

Теребел мемиреп жымжырт. Таң каракчысындай караңгылыктан алгачкылардан болуп ойгонгон канаттуулардын анда-санда чырк-чурк эткен үндөрү чыкпаса, башка дыбыш билинбейт. Күзөттө тургандар «коркунучтуу түндүн бири кетти»-деп, дем алууга кетүүгө камынып жатышкан. Мамыры таңкы тынчтыкты миңдеген ат туяктарынын дүңгүрөгөн добушу бузду. Бирок, кишинеген бир дагы жылкынын же дабыш чыгарган кишинин үнү угулган жок. Каптап келаткан кара алаамат бүтүндөй мейкиндикти ат туяктарынын алдында дүпүрөтө басып алып, баары бирдей тапырата улам таптагандай туюлат. Көп кол селге айланып, жазгы

---

[1] жер чардоо-байкоо

[2] керүү-туткун

[3] өңдөө-каптоо

[4] чыңоо-топ

үйөрдөй ылдамдык менен агып келаткандай болду. Көзү менен көрүп байкагандар табарсыгы толуп, эрте менен бошонууга чыга калгандар дал ушундай кабыл алды. Туюп билгендер көөдөндөрү алаң болуп, эстери чыга эмне кылаар айлаларын таппай жатышты. Каң болуп, чочуган кыйкырык. Аптыккан үндөр. «Аталаган», «апалаган» чакырык. Колуна курал алууга чуркаган эркек, качып-калкаланууга далаалаттанган жандар, зып-зып эте ышкырган жебенин жеми, шилтенген кылычтын, шуулдаган найзанын бутасына айланды. Өмөчөктөгөн кары, өңгүрөгөн балдар аман калбады. Заматта, түнкү уйкудагы тумчуланган боз үйлөр үзүгүн тартуууга, эшигин түрүүгө үлгүрбөй алоолонгон отко чулганды. Каңшылап кайда качарын билбей, куйругун кыпчыган иттер, топураган караандан, ач айкырыктан үрккөн торпок-тана, жандыктар бирине бири аралаша заматта айыл ичи ызы-чуу, чаң тополоңго түштү. Таң агарып, караан таанылып калган кезде айыл чабылып, чачылып бүткөн эле. Монголдордун дагы бир чыңоо тобу эч нерседен алагды болбой арылап, тепчип кирип баратты.

Чыгыш тарап кызарып, күндүн нуру эми билине кара түн сүрүлүп бараткан кезде суук сөз капсалаңдын кара жолтой кабары Номчунун айылындагыларга жете келди. Айылдагылар шашкалакташа даярдангыча болбой, жоо колу апыл-тапыл жете келди. Колдун дагы бир тобу алдыга кете берди. Кыргыз айылдарын камынтпай басып алууга катуу тапшырма берилген эле. Ар бир ноендогу чыңоодо беш жүздөн жасакчы болуп, биринен бири алга илгерилешип, каршылыксыз эле алгачкы кезиккен аймактарды ээлеп жатышты. Капыстан урулган сокку максатына жетип, бөгөтү болбогон кыргыз жерин монгол колу басып, тебелеп келе жатты. Эли кырылып, эбегейсиз мал-мүлктөрү колго түшүрүлдү. Өз милдеттерин аткарып, жеңишке жетиштик деген душман черүүлөрүнүн дагы бир чыңоосу- сойлогон жыландай эч бир тоскоолдуксуз опурулуп кирип келди.

Күн жерге тегиз тийген кезде арттан келген кол Номчунун айылындагылар менен өлөр-тирилерине карабай кармашып жаткан өздөрүнүн шериктерине туш келишти. Душман саны кайра көбөйүп, жергиликтүү жанга чукак элдин шайын кетирип, уламдан-улам кысып баратты. Номчу «Жоо келди!». «Жоо басты» деген чабаганчынын үнүн ага удаалаш айыл четиндеги ызы-чууну угаары менен өзүнүн жигиттеринен бир экөөнү башка улустагыларга кабар берүүгө чаптырган. Мемиреген таңдын ширин уйкусуна баткан жигиттери чууну укканда эле тура кала чочушуп, аптыга көздөрүн ушалоого үлгүрүшпөй, даярдалып коюлган курчоодогу куралдарын көтөрө шапа-шупа сыртка чуркашты. Мурда эскертилгендей

жекеме-жеке чабуулга эмес коргонуунун аракетинде болушту. Кар көчкүдөй өмөктөп, баса калабыз деген жоо чабуулуна каршы көкүрөк тосушуп, жан аябай кармашып жатышты. Ач айкырык, куу сүрөөн менен ат оозун тартпай катуу чаап баратып жаа тарткан черүүлөрдүн алдын торой жебе артынан жебе узатышты. Душмандын алды жакын жайдагы ышкырган жебеге кабылып, айылга кирбей, жандай чабышып, кайый алыска узап кетип жатышты. Чыңоодогулар алыс барышып, кайра кайрылыша калкандарын беттерине кармашып, ат жалына өбөктөшө дагы жапырып киришти.

Жергиликтүүлөр биринчи жолкуда шаша-буша жаа тартышса, эми аткан жебелерин дал тийгизишип, калканга калкаланышкандардын аттарын жыгып жатышты. Күү менен келишип, аттары менен кошо томолонгондордун колдорунан куралдары ыргып, кээлери мүдүрүлгөн ат алдында калышты. Кээлери жыгылган аттардан алыска мөңкөнчүк ата тоголонуп, аман калуу аракетинде бирине-бири калкаланышты. Бул жапырыкта душман черүүлөрү чыгым тартышканын өздөрү да туюп калышты. Кайкый өтүп, аман калгандарды ноендор башы көздөрүнө чапкылап, кайра-кайра сүрүшүп, чабуул артынан чабуулга өтүп жатышты. Бая эрте менен шашкалакташып аптыккан айылдын жигиттери акыл-эстерин жыйып, күчөнө чабуулга өтүшүп, монголдордун аскерлерине каршылык көрсөтүшө жакындап келип жатышты. Арттан келген кол менен улам толукталган монголдор кайрадан чабуулду күчөтүштү. Кыйкырык сүрөөн менен эки тарап бетме-бет ат коюшуп, алдынкы атчандар аралаша түшүштү.

Чакылдаган кылыч, жаркылдаган ай балта, күчөнө сайылган найзадан улам, майдан талаасы боркулдап кайнаган суудай бирде ары сүрүлүп, бирде бери сүрүлүп, баш көргөндү көз көрбөй аламатка айланды. Эртең мененки күндүн ачуу тийген нуруна курал-жарактар жаркылдап, терлеген аттардан чыккан бууга чаң аралашты. Кан менен тер жуурулушуп, төбөгө ысык буу көтөрүлөт. Адам башы топтой томолонуп, башы жок денелер бууган каптай ат үстүндө салаңдайт. Булоосу чыккан жылуу кан айланага чачырап, согуш майданы заматта кан менен жиндин сасык жытына толуп кетти. Тирүү жоокерлерге, минген аттарына чачыраган кан аларды ала-темгил кылып көрсөтөт. Чаң терге боелгон пенделердин кимдин ким, аттардын түстөрү кандай экендиги таанылбайт. Ат өлүгү, адам денеси ар-ар жерде суналып, былчылдашкан чабыш бирде ары жакка, бирде бул жакка улам-улам сүрүлүп жаты.

Жетимиштен ашып калган Номчу бий эртеден бери ат үстүнөн түшпөдү. Ак ала сакалы толмоч бетине жарашып, кабагына түшүрө

кийген сооту улам күн нуруна чагылыша бирде майдандын бир тарабына, бирде экинчи тарабына өтүп, котолошкон көп топту жыра коюп, оор кылычын бирде онго, бирде солго шилтеп жатты. Аркасынан, акмалай ээрчиген жан жигиттери, «ак таяк» азаматтар көз ирмемге да бийди жалгыз калтырбай калкалаша керектүү жайда найза сунуп, жакын жерде чокмор чаап, бет келишсе кылыч шилтешти. Анын айкашка аралашып жүргөнү жигиттерине чоң демөөр болду. Жоого каршылык көрсөтүп, жан аябай урушуп жатканын байкап, аларга өз ичинен бий ыраазы болду. Анын асабасы улам кылак–кылак эте бирде ортодо жылбай, бир орунда туруп калып, бирде жай козголуп, парасат салган адамга суу бетиндеги жел кайыктай ары-бери майдан үстүндө калкылдап сүзүп жүрдү.

Номчунун денесинен, бетинен тер куюлуп, аны сүртүүгө буюмасы келбейт. Оозуна агып кирген тери кермек даамданат. Мойну, денеси сууланып чыкты. Ич көйнөгү денесине жабышып, үстүндөгү кийими оролошконунан улам чечип салгысы келди. Оозу кургап, күйүккөнүнөн көкүрөгү ачышып чыкты. Күн ачуу тийип, кактап жатты.

- Карылык-аа, карылык,-деди ичинен. Өзүнүн чарчабаганына да шүгүр келтирди. Жанын оозуна тиштеп, душмандан жалтанбаган жигиттерине дем бере:

- Ур! Сок! Жанч!

- Ур-а, Ур-а! Сок! Чап!-деп кыйкырганча эрөөл талааны аралай ат оозун кагып, алдыга жүткүнө теминип жатты. Бир кезде жигиттеринин карааны улам суюлуп баратканын туйду. Эсине Көчүбай баш болгон беркил улустардагы бектер түштү.

- Көчүбайга кабар жетти бекен? Атаганат, жардам келип калса кана? Монголдордун көп колу карышкыр талагандай кылып, тытмалап кетсе не болот? Көчүбай баштаган кол келет. Кабар жеткендир? Ай-а! Ка-ап, дал учуру келип турат. Ушул мезгилде келип калса гана!-деп төбөсүндөгү чакчайган күнгө бир ирмемге алдыртан көз кадады. Баамында күн төбөгө келип, түш оол бараткандай.

«Таңдан ушул кезге чейин, душман колун кармап турабызбы? Азаматтарыма күч келгидей болуп калыптыр. Майышпайлы. Чыдайлы. Дагы бир аз чыдайлы»дегенче эки тарабынан удаама удаа кылыч шилтеген душмандарын көрө койду. Калканын тосо коюп, шамдагайлык менен бирөөсүнө кылыч шилтеди эле, ал дагы калканын тосо коюп, ат жалына өбөктөдү. Экинчиси кылычын, көтөрө берди, ага калканын тосууга үлгүрбөй калды. Соотуна чак этип кылычпы, же чокморбу катуу тийди. Башы кеңгиреп, көзүнө эч

нерсе көрүнбөй боз туман басып калды. Колун көтөрөйүн десе жеңил сезилди. Башы айланып өзүнүн аттан ооп баратканын туюп, ээр кашты колу менен кармоого аракеттенди. Салааларына ат жалы урунду. Жыгылбастын аракетинде колуна илешкен жалды бекем тутамдап, теңселе эс –учун жоготуп баратты.

* * *

Кулан ордодогу жаңылыктар менен кабардар эле. Айрыкча кыргыз жери Эне-Сай аймагындагы окуяларга өтө кызыгып, сурагандан тажачу эмес. Ата-энеси, бир туугандарынан кабар болобу деген үмүтү чоң болчу. Кыргыз жерине баргандар же келгендер болсо, сөзсүз жолугуунун аракетин кылчу. Айрыкча кыргыз жерин Алтан хандардын басып алуу аракетиндеги өткөрүлгөн жыйындарындагы кабарларды кулагын төшөп жүрүп укту. Ордодогулардын капилеттен барып, басып алуусунан аябай чочулады. Коркунучту эскертип, кабар берүү аракетин кылса да, эч бир мүмкүнчүлүк болбоду. Каттаган бирөөдөн айттырууга болбойт. Кат жазайын деп да көрдү. Аны да ишенимдүү адамдан бербесе, колго түшүп билинип калса иштин бары ойрон болот. Булар өлтүрүп коюудан да тайбайт. Анын күнү-түнү оюнан кетпеген бир эле максаты «кыргыз жерине барсам, ата-энемди таап, бир туугандарымды көрсөм» деген аракети. Ушул күнгө чейин көкүрөгүнөн кетпеди.

«Жакында жасактуу кол кыргыз жерине аттанат» деген кабарды билгенден бери тынчы кетти. Канткенде аларга кошулуп бара алам? Эгер барып эле калсам, качып кетип жашырынып болсун да, ата-энеми сураштырып, сөзсүз табам. Көпчүлүк аны билбесе да, бир туугандарым тааныйт. Бири агасы, бири иниси, өзүнө окшоп эр жетишкендир. Ата-энесинин тарбиясын алышса жаман адам болушпайт. Атасы аларды жаман адам кылып тарбиялабайт. Мүмкүн атагы чыккан жоокер аталышкандыр. Болбосо, даңкы таш жарган аңчы болушкандыр» деп ойлоно берчү. Барып эле калса, сөзсүз жоолугарына ишенет. Алар аны чыдамсыздык менен күтүп жаткандай туюла берет. Сагынычы артып кээ күндөрү уктабай, кирпиктүү көзү ирмилбей чыгат.

«Атама жоолугуп калсам, чуркап барып кучактасам. Сакал баскан бетинен өпсөм. Таң кала, таңыркап, анан тааныса керек? Кучагына батпай чоң болуп турсам, атам таңдана сүйүнүп, башын чайкаса керек? Агам менен инимчи? Алар да мага окшоп чоң жигит болушту. Мүмкүн үйлөнүшкөндүр? Аламчы? Алам баары бир мени көргөндө көзүнө жаш алып, сүйүнгөнүнөн жашын көлдөтүп ыйлайт. Өзүнө-өзү ишенбей, бир ыйлап, бир сооронуп, маңдайы жарыла

кубанып, кайра ыйлап, бетимден сылап, төбөмөн жыттап, кубанычы ашып-ташат. Же кубанычтан эси ооп, бушаймангa салышы да мүмкүн. Бир туугандары, ата-энеси менен бирге болоорун элестетип, өзүнүн оюна өзү маашырлана күлүп жибергенин да сезбей калат. Мен апама эмне деп айтам?

Апа! Кагылайын апа! Сен мени адам кылып жаратып, жарык дүйнөгө алып келдиң. Мени акылымды таанып чонойгонума чейин алпечтеп бактың. Түйшүгүмдү тарттың. Мени жоготуп алып, канча боздогонуңду жүрөгүм туйду. Туйганда да, мен деп, миң мертебе сыздап күйгөнүңдү алыста болсом да сезип жүрдүм, апа!

Тагдыр экен кайра табыштык. Бардык, бардык мүшкүлдүн, азап-тозоктун, кайгы-капанын баары унутулду. Эми баарыбыз чогуу, бирге жашайбыз, апа! Атам экөөңөрдү биз ардактайбыз, куштайбыз. Эңкейтип иш кылдырбайбыз. Кадырыңарга жетип, төбөбүзгө көтөрөбүз.

Апа! Миң апа деп жалынсам да, аздык кылат. Алтыным апа! Менин эстегеним да, сагынганым да эң биринчи сиз болдуңуз. Сизди мойнума көтөрүп жүрсөм, да аздык кылат. Ушинтип эр жетип, чоңойсом да, мамаңыздан аймалап эркелегим келет. Жаным, апам! Минтип айтсам, апам бир күлүп, бир ыйлап, көз жашы сала болуп төгүлөр. Мүмкүн, чачы куудай агаргандыр, чекесине бырыш кирип карыгандыр? Жашы аккан көздөрүнөн, бырыш баскан жүзүнөн өпсөм, сагынычым таркайт болчу. Башымдан өткөн кордуктар, көргөн азап-тозок, кыйынчылыктардын баары жуулуп кетмек. Мен кайра бөбөк болуп, жок жаш баладай тазармакмын! «-Эх-х!-деп катуу үшкүрүп алды.

-«Ал күндөр качан келээр экен? Кана ошондой болсо? Эртерээк, эртерээк эле жетсем гана? - Эртерээк дегеним эмнеси? Алтан хандардын эртерээк барышынын кереги эмне? Булар ал жакка жакшылык менен бараткан жок да?»

Кулан миң алакеттене канчалык качуунун аракетин кылды. Анын эч убакты-сааты чыкпады. «Мына эми десе эле», кайра бир нерсе шылтоо болуп, жаз, жай, күзгө алмашып, анан кыш келгенден соң жолдун татаалдыгы, ыраактыгы. Айласыздан сабыр кылууга аргасыз кылат. Жолдун татаалдыгынан дале коркпойт болчу. Чоң аймактын кай жерине бараарын так билбей жүрбөйбү.

Кыргыз жерине барууга жоокер гана эмес, монголдордогу эркек адамдарынын баары эле кызыктар эле. «Ат минген монгол, жоокер»-деп келишет өздөрүн. Деги эле өздөрүн кыйын санашып, абышкасынан баласына чейин курал көтөрүп барса, кыргыздар эки колун төбөсүнө алып, башынката жата бербесе керек? Алар да жоокер калк. Ошон үчүн моңголдор курал топтоп, шайланыша көп

даярдыкты бекеринен көрүшпөгөндүр? Бала кездеги атасы айтып берген жомоктор түк эсинен кетпейт. Анда эр жигиттер гана эмес, кыргыздын кыздары да эли-жерин коргогон жоокер деп айтпады беле? Жомок бекеринен чыкпагандыр? Кыргыздар алсыз, коркок болсо Алтан хан эчак эле басып алып, аларды күн, кул кылып жумшайт эле го? Атасы айткандай, мына өзү, насили кыргыз. Канчалаган өзү теңдүү монгол жигиттери менен алышып, аларга моюн сунбай келет. Биринен да коркпойт. Коркco, кыргыздыгы кайсы? Коркокту баары басынтышат, кордошот. Өзүнө бирөөсү да тие албайт. Тийип эле көрүшсүнчү. Катыгын берип, жети атасын кошо таанытып койсун. Мындай эрдикке атасы үйрөткөн. Эчен жолу от боюнда отуруп, ата конушу, кыргыз жери, кыргыздар тууралуу бир чети кусалык, сагыныч менен берилип айтчу. Ошондогу атасынын дилин эми сезип отурбайбы. Ата-журтту сагынуу башка экен-ов!

Монгол черүүлөрү жолго чыккандан баштап, Куландын жүрөгү опколжуп, өзүнчө эле элөөрүй берди. Атын чаап, эч кимге карабай алдыга кете бергиси келди. Бирок, тартип деген катуу эле. Алдыда хан, андан соң хандын жакындары, миң башылар, ноендор. Ар бир топтун башчылары бар. Өзү да элүү жоокерге башчы. Алардын ат улоосун, кийим-кече, курал-жарагын текшерип, тынбай көзөмөлгө алып туруу милдети мойнуна жүктөлгөн. Керек болсо азык-оокаттарына да кам көрүшү керек. Ымтыраган немелердин ээр токум, ичмегинен бери көз салбаса, эртең эле аттарын жоор кылышып, жаткан жайында, заара кылып отурган жеринде куралын унутуп, зайсаң башчылардан тил уктурушат. Алар сөгүп-тилдеп эле тим болушпастан, шермендесин чыгара жазалашып, чечиндирип май куйрукту, жумшак көчүктү, жону-башыңы ылгабай, аралата камчы көгүнө алышат. Жазалангыӊ келбесе этият бол!

Күндүз токойлуу черге жашынышa түнү жол жүрүшүп, жат көзгө көрүнбөстүктүн аракетинде абайлап өтө сактанышты. Күндүзү эс алып, укташканы менен миңдеген туяктар жер таптап, из калтырып баратты. Монгол жеринде муну этибар алышпаса да, кыргыз чегине жакындаган сайын ар бир топ ар тарапка салып, шек билдирбестин аракетин кылышты. Кайгуулчулар эки күндүк жолго чейин барышып, коркунучтун жоктугун кабарлап турушту. Кыргыз жери башталды дегенден тартып, Куландын тынчы аябай кетти. Кандай амал-айла ойлонсо да, эч бир жолун таппай койду. Бир гана айласы барган жерде от жакканда, суу отундан көп салып, боройлогон түтүн чыгаруу аракетин кылат. Анткен сайын тобундагы аксакал монгол чал тилдеп кирет.

- Сен, Кулан, от жагышты түк билбейсиң. Отун тапсаң эле сала бересиң, от жакшы күймөк беле? Сени кичинеңден жумшап үйрөтпөгөн ата-энеңде айып. Же ата-энеси жок жетим осүп, от жакпасан керек. Тур мындай!-деп, түтөгөн чычалаларды алып ыргытат.

Таң агарганда Кулан кошулган топ уйкудагы айылды жапырып кирди. Ал буйдамалана артта калып, бирде алдыга чыга черүүдөгүлөрдүн көңүлүн алагды кылып жүрдү. Чочуп ойгоно жылаңайлак, жалаң баш, уйкусураган адамдар туш келди качып, ышкырган жебенин бутасына дал келишти. Жыгылган аялдарды энесине окшотуп, бөкчөңдөгөн кары көрсө «атамбы» деп улам чаап барып, жакындан тиктеп жүрөгү тилинди. Каны ичине тартып өңү кумсарып, денеси калчылдаганын токтото албады. Айрыкча кийинки айылга чабуул коюшуп, кылычташа баштаганда жылаңач кылычын көтөрүп алып, кыргыз жигиттердин өңүнө карап, улам аралаша кетип жаты. Кыргыз жоокерлеринин жалтанбай каршы чыгышып, жан аябаган көк жалдыгын көргөндө сыймыктануу сезими жалындап, каны бетине тээп чыкты.

Айрыкча соот кийген сакалчан абышканын тартынбай топту жырып, кылыч чабышы ичин жылытып, андан көзүн такыр ала албады. Анын карыпчы[1] кийген карылуу колу улам көтөрүлүп, алдыга түз, кээде туура аркы-терки шилтенип жатты. Жетекчисинин аркасынан калбай көлөкөдөй ээрчип жүргөн жигиттеринин эрдиги да суктанарлык эле. Алар да башчысы үчүн баштарын сайып коюшканбы, коркунучту түк унутуша кай жерде болбосун бөлүнүшпөдү. Кээде башчысын ортого ала коюшуп, душмандардын шилтеген кылычтарына калкандарын тосо, сунулган найзаларды жазгырып, качып өтүшүп, өздөрүнүн башчысына анык берилгендиктерин айгинелешти. Айрыкча башчынын оң тарабында шамалдай шамдагай буурулду минген чапсан жигит көзүнө жылуу учурады. Жаңы кыроо баскан ээк, ууртары атасына окшошуп, сүзүлө караган көзү, тоголок мурду апасына окшошуп, сомдой болгон как элес келбети сүйкүм көрүндү. Бир канча жолу ал жигиттин келбетине сересеп салып, улам-улам тиктеп жатты. Эгер мындай кырчылдашкан уруш майданы болбосо, ал жигиттин атын сурап таанышмак. Болду болбоду ал өзүнүн бир тууганы. Өзүн таанытуу максатында бир курдай бет алдынан чыга беринде ортого монгол жигити кире калып, баягы жигитке найза сунуп тап берди. Куландын жаны чыгып кете жаздады. Шап жетип найзакерди кылычы менен каруута кагып өттү. Ал шалак этип онтоп, аттан ооду.

[1] Карыпчы – монголчо – харапчи – колду кылычтан сактоочу жең-кап.

Аны менен алек болуп жатып коркунучту унутуп койгон экен, жылдызы ысык көрүнгөн жигиттин артындагы кыргыз жигит келип, ага кылычын шилтеп калды. Кулан чалкалай берип аттын сол тараптагы соорусуна өбөктөдү. Күү менен шилтенген кылыч Кулaндын тумагын учура коюп, карс эте калканга тийди. Баягы жигит күү менен алдыга өтүп кетти. Башынан тумагы ыргып кеткенине Кулан бир чети кубана түштү. Эми эмне болсо да, баягы жигит бир караса таанышы мүмкүн. Чабыш эсинен чыгып, атынын оозун тарта артына кылчайды. Эр жүрөк абышка жигиттерин ээрчитип, майдан жирeп бараткан экен. Көзүнө жылдыздуу учураган жигит бийинин артынан көлөкөдөй ээрчип, ажырабай барат.

Кулан жинди болгон немедей атын чапкылап барып, баатырдын алдынан тосо чыкты. Эми бир-эки теминсе эле ага жете калчудай. Артынан күргүштөтө сүргөн аламан аны заматта жылдыздуу жигитке бетме-бет алып келди. Баягы жигит сокудай болгон жылаң баш Куланды карап, көздөрүн ирмеп-ирмеп алды.

- «Тааныды» деди Кулан ичинен кубана. Ээрден көтөрүлө ага бир нерсе айткысы келди. Ал да Куланга көңүл бөлүп күлүмсүрөй оозун ача бергенде көзүң жамандыкты көрбөсүн, сол тараптан ат салып келген монгол жигит кылычын шилтеди. Ал Куланды тиктеген бойдон атынан ооп баратты. Аны жетип сүйөөгө Кулан умтула бергенде далысы тыз эте оор сокудан өзүнүн-«ык» эткен үнүн укту. Эки дене жанаша жыгылды. Айгайлаган ачуу үндөр, бири-бирине ызырына жүткүнүп, теминген кармашта кан түтөп, ат туяктары жерде жаткан өлүктөрдү жарадарларды аябай, ылайдай эзип, тебелеп жаты. Кулан жанынын ооруганын анчалык эле, сезген жок. Эптеп бир тууганына жетип, эч болбосо колун кармап калууга далалаттанды. Колун алга сунду. «Жеттим! Жеттим!» деп кобураганча көөшүп баратты. Томурайып каршы-терши сулаган денелерди ат туяктары ылайдай эзип тебелеп жатты.

Бырчылдата адам денесин кескилегенге канаат кылбай, чокмор менен коюп, жанчып, найза менен быша сайган уруштун акы-бети абат болмок беле. Ат өлүктөрү ар жерде томурайып, эр өлүктөрү бир жерде сулайып, тулаңы жумшак булайган, бетегеси белден келип, сан гүлдөрү быжырайган талаа майкандалып, кан менен жинге чыланып өрттөлгөн аңыздай алда кайдан карарып көрүнөт. Кан суудай агып, бирине-бири кошулуп, ат туягы ое баскан издерде калкара көлчөккө айланып катып калган. Өлүк жытын алты дубан аймактын ар жагынан сезген карга, кузгун, жору таскаралардын базары жүрүп, күнү тууган. Канчалык өлүк көп болсо да, биринен-бири кызганышып, тап бериш апсыгышат. Заматта кызарган этти териси менен сугунуп, шагырaган сөөктөрдү калтыра тойгон

жакжактарын көтөрө албай, же калган тарптарды таштап кетүүгө көздөрү кыйбай жогжоң-жогжоң этишип, оорлошкон тулкуларын көтөрө албай, кыймылсыз өлүктөрдү аралап, тойгондоруна магдырашып жырткыч куштар өздөрүн эркин сезишет. Бири-бирин кырчылдаша кыргын салган мыкаачылык. Тирүү калгандары дагы бир жайдагы кыргынды көздөшүп, кан майданды кайра таштап, ажал издеп, ары кетишкен.

Эртең менен урушка аттанган баласынан көөнү тынбай эне коркунучтан бүрүшүп, жанын оозуна тиштеп, «жамандыктан алыс кыл» деп теңирге миң жалынып, жалбарып жолго чыкты. Каякка, эмнеге баратканын өзү да билбейт. Уулун эсен-аман эртерээк көрсө, чабышкандарга аралаштырбай алыс-алыс алып кетмек. Бутары чалыштап шилтенген кадамынан жаңыла улам теңселе кетет. Баскан кадамы бириндеп, жолу таптакыр арбыбай койду. Үмүттүн шооласын жамынган эненин көзүнө эч нерсе көрүнбөйт. Улам колун серепчилеп жатып, тээ алыстан карарган талааны көрүп, жүрөгү болкулдады. Оозу ачыла тилдери кургап, денеси калтырап, коркунуч басты. Баласынан көөнү алаң болуп, жамандыкка кыйбай кыдырманы кыдырып, сыдырманы сыдырса да сураганга адам жолукпады. Баягы дөөлөтү дүпүрөгөн шаңдуу айыл жып жылас болгондой эч нерсе жок. Анда-санда түтөгөн өл теринин булуң–бучкагы жоо талагандан калган буюмдар күлгө айланып, күйүп бүткөн. Жолбун иттер ээсин издеп таппай улуп-уңшуп, анда-санда жерден көрүнө калат. Тирүү жан таппаган кемпир эптеп кыбырап, басып майдан талаасындагы өлүктөрдүн арасына келди. Келип алып, өзүн дайыма айтылган тозоктун ичинде жүргөндөй сезди. Согуш талаасы көзгө өзгөчө суук көрүндү. Жер үстүндөгү адамдардын баары ушул жерге келип, бирин-бири өлтүрүп кырылып калгандай туюлду. Ажал талаага карай басуудан коркуп, буту шилтенбейт. Жер бетиндеги адамдардын баары өлүп, бир өзү жалгыз калгандай туюлду. Кулагы чуулдап, башы айланды. Улуп-уңшуп ыйлагысы келди. Бирок, көкүрөгүнөн үн, көзүнөн жаш да чыкпай койду.

Кара башына, как чокуңа көрүнгүр уруш! Сенин кылаарың ушул! Жакшылыктын баарын жалмаган кара жолтой, капсалаң уруш! Атың өчсүн сенин! Баланы энеден, атаны баладан, аялды асыл жар, күйөөдөн ажыратып, жетим менен жесирдин көкүрөгүнөн зил, көзүнөн жаш агызган согуш-сага каргыш! Сага адамзатынын, жер үстүндөгү жан-жаныбардын каргышы тийсин. Сени жер жутсун! Жуксур!

Жылкыбы же адамбы, онтогон үн угулгансыды. Каршы-терши чачыла сулап жаткан адам денелери кыймылдагандай. Өлүк

талаасынын үстүндө карга, кузгун той-тойлоп, кээ бири далбак-далбак канат сермесе, кээлери жаңыдан учуп келип жаты. Кемпирдин төбөсүнө жакын көлөкөсүн түшүрө учуп өткөн таз жору, кузгундар ченемсиз азык тапкандай, ага кубангандай болуп алыстан эле-«гурк-гурк, каак-каак» этише бирин-бири чакыргансышат. Четки жылкы денесин апсыга тартмалаган таз жорулар кан болгон тумшуктарын буттарына жаный улам жумшак эттен чокуп, өзүнө тырыша тартып, үзүлгөн этти ыпрактана сугунушат. Андан ары уурттарын эми гана түк баскан жаш жигиттин башы көрүндү. Ал тирүүдөй көздөрүн ачып, жамбаштап эс алып жаткандай абалда эле. Кылыч тийип айрылганбы же кузгун курч тумшугу менен тартканбы, кийими сыйрылып, ачык денесинин чемирчеги үңүрөйүп карарып көрүнөт. Жырткычтар өпкө жүрөгүн сууруп алып, эчак эле сугунуп коюшкандай. Адам денелерине конуп, тытмалап чокуп жаткан жырткычтарга ачуусу келген кемпир. – «Күш, күш!» деп тап берди. Алардын бири да «сен кимсин?» деп тоготпой койду. Кайра, айбат кылган кемпирди көңүлсүз карап коюшуп, сугалактык менен өлүк денелерди чокуй беришти. Сестенип да койбогон жырткыч куштарга ачуусу келген кемпир: -«Оо, оо! Күш! Күш!»-деп кыйкыра тап берип, колуна бир нерсе алмакка эңкейип жердин сыйпалады. Колуна эч нерсе урунбагандыктан, эки колун далбактата этегин каккылап жакындагыларга жетип барып, тап берип жатышты. Тойгондору андан качымыш болуп бир-экөө ары жылымыш болушса, жаңы келгендери кызарган этке эт-беттери менен түшө калышып, бир-биринен кызгана чокуп, тээп, тап беришип жатышты. Кенен аймактагы сандаган адам өлүктөрүн жырткыч куштардан коргоп калуу кыйын эле. Аларды айдамак тургай, атса да качкыдай эмес. Жер кучактап, кээлери чалкасынан, кээлери кырынан сулайган өлүктөрдүн кимдигин билүү кыйын. Кийимдеринен боолголоп, кимиси кыргыз, кимиси монгол экенин гана айырмалоого болот. Белин курчанган кур, кемерлеринен улам бир-экөөнүн кыргыз экенин боолголоду да, чочуп кетти. Кызыккандыктан шашыла ар бир жаткан денеге саресеп сала көз жүгүртүп, кыялында уулун издеп жүрдү. Эне байкуш издеп жүрүп да уулун жамандыкка кыйган жок. Жаман ниетти ойлогону үчүн өзүн-өзү жек көрүп да кетти.

«Ок! Көзүмө көк топурак тыгылсын. Эмне балакетти ойлодум. Бул жакка эмнеге келдим? Оо, кудай, оо, теңир! Жамандыктан сакта баламды! Тфу, тфу! Мен эмне кылып жүрөм? Бул жерде менин балам жок. Жок. Менин балам башка жакта. Ал тирүү. Кантип эле өлүп калсын? Шайтандын азгырыгы. Оо, теңир? Оо, теңир!-деп

кобурай берди. Шашкалактап өлүктөрдү аралап, ар бирине кунт коң тиктей да берди.

Өлүк денелерге чалынып, буттары чалыштап, нечен курдай сүрдүгө жыгылды. Аптыга жер таянып жүрүп, бут кийими, этектери, колдору кан болгонун байкабады. Улам башынан жылбышкан жоолугун оңдойм деп жатып, чачтары, беттери да боегондой кан болгонун сезбей, жыгылып-тура илгерилей берди. Былжыраган канга сыйгаланып, канча жолу тоголонуп кеткенин да туйбады. Өлүк денелер бири чалкасынан, бири кырынан, дагы бири көмкөрөсүнөн жатса айрымдарын минген аты баса жыгылып, сай ташындай ар жерде томураят.

Ар өлүккө назар таштап бараткан кемпир бир мезгилде тааныш буюмду көргөндөй болду. Канчалык андан көзүн алып кетүүгө аракет кылса да, мойну ал тараптан бурулбай, буттары ошол тарапка тартып, кантип кадам шилтеп аттаганын сезбей калды.

«Обо! Түбүң түшкүр дүнүйө ай! Пенде баласы жамандыктан качып кутула албайт окшойт?» Жүрөгү лакылдап, оозуна кептелгендей деми чыкпай, көздөрү алайды. Денеси дүркүрөп, эки колу көтөрүлө тааныш аялуу буюмду баса жыгылчудай болуп турду. Өзү колу менен тиккен тон. Болгондо да уулу Кунанга арнап тиккен тон экенин айныбай тааныды. Шарт барып баса жыгылды.

- «Оо, көзүм кашайгыр! Жайрап калган тура! Жайрап, күлгүн уулу гүл жигит кезинде, эми эр жетип, жигит куракка келгенде... Көрбөй эле койбой, келбей эле койбой! Куураган куу башым эмнеге келдим? Эмнени көрүп турам?» деп кемпир ичинен кан өтө онтоп-онтоп ала уулунун денесине бой таштап баратып, селт эте токтой калды. Уулу өлбөгөн окшойт. Жүзү жылмайып, колун созуп жатат. Энесин көрүп кубанган окшойт. Буттарынан жарадар болуп тура албай калганбы.

- Оо, тегеренейин кулунум! Жаның аман болсо болду. Аман бол, ылайым! Оо, теңир! Жамандыктан сактап, жакшылыктан бер! Уулумдун жанын аман калтыр! - деп чалына барып чөгөлөй калды. Тизелей туруп, уулунун каршысында ага карай сунулган дагы бир тааныш колго көзү чалдыга түштү. Чочуп кетип көзүн пар ача сүйрүсүнөн келген жыланбаштын каны каткан желкесин байкады. Бул ким? Куланбы? Кемпир бозоргон көзүн пар-пар ачып, өз көзүнө ишенбей, тигилеген бойдон алга жылды.

- Кулан, Кулан!-деп шыбырап, анан чочугандай катуу кыйкырып, шашыла колун сунуп, көмкөрөсүнөн жаткан Куландын денесин оодара тартты. Сунулган колу жазылып, бир колун баса жыгылган Куланды эне жазбай тааныды. Уулунун муздаган денесин барып кучактап, кан болгон беттеринен өпкүлөй улам баласынын атын

атап, -«Кулан, Кулан!» -деп чакырып, кыйкыра берди. Эненин оромолу башынан түшүп, саксайган чачтары жазылып кетти. Баласынын бетинен, уурутунан, мурдунан, көздөрүнөн өөп жатып, сагынычы таркагандай бир убакта Кунанын эстей койду да, ал тарапка бурулуп:

- Бул Кунан. Бириңди бириң тааныбадыңбы?-деп кобурады. Экөөнүн тең кол суна жыгылганын эне жүрөгүндө сезди. Демек бирин-бири таанышкан. Бири бирине кол созуп жетеринде экөө тең душмандарынын колунан жайрашкан. Экөөнүн денеси бири-бирине тийип, учурашууга үлгүрө алышпаган. Ал эми жандары бири-бирин таап, кучакташа сагынычтарын таркатышкандыр.

Эне бири-бирине колдорун созушуп, жетпей калган балдарынын денелерин тарткылап, ордунан жылдыра албай койду. Ордунан тура калып, Куланды Кунан тарапты көздөй тартты. Энеге күч кайрат кирдиби же балдарынын арбактары жардамга келиштиби, экөөнүн колу бири-бирине тийип кол беришкендей, бирине-биринин жылуулугу, бир тууғандык мээри өткөндөй болуп калды.

Эсин жоготкон эне кирди-чыкты акылы менен кобурай жатты.

- Мына, кол алышып учураштыңар. Табыштыңар. Кунан, сен мурун тааныдыңбы же Кулан сени көрүп калдыңбы? Кунандын келээрин күтүп жүргөм. Баары бир келет дегем. Мына келдиң аа, уулум! Мени, атаңды, бир туугандарыңды сагындыңбы? Бизчи? Айта көрбө. Эки сөзүбүздүн бири сен жөнүндө болчу. Оо, кагылайыным, эр жетип, жигит болгон турбайсыңбы. Тур. Тургула! Кулан, Кунан тургула! Жан биргелерим. Баскыла үйгө кеттик. үйгө барып, кенен отуралы. Атаңар бизди көрүп таң калсын. Тургула балдарым!

Эне туруп алып, эки колу менен балдарынын колдорун тарткылайт. Алсыз кемпирдин күчү эки эр азаматтын сулк жаткан денелерин ордунан козголто албайт.

Эне кайрадан отура калып, балдарынын баштарынан сылайт.

-Жаным балдарым! Кулундарым! Куландарым, уландарым, балапандарым, гүлгүндөрүм, гүл жигиттерим... Оо-оо!-деп бүткөн бадани титиреп өксүйт.

Эне бирде эсине келип, бирде эсин жоготуп түтөйт. Жалынсыз түтөйт. Оо-оо, балдарым ай! Балдарым, балдарым ай! Балдар-ым! Бешик ырын ырдап берейинби? Силерди... Силерди желбешикке салып алып, минтип терметчүүмүн.

- Алдей, алдей, алдей.
Алтын балам, алдей.
Чоңойгондо эр жетип,

Мерген болоор бекенсиң!
Айтышканда жеңилбес,
Чечен болоор, бекенсиң!
Элин сактап коргогон,

Берен болоор бекенсиң!
Алдей балам, алдей...

Күн акыркы шооласын чачыратып, тоо артынан жашынып, кеч кирет. Жылдыздар жымындап, ай акырын көтөрүлөт.

Эненин бешик ырына ай термелип, аалам термелет. Тоо, токой, суулар термелип, түнөккө конгон куштар термелет. Байлуу кыйкырбай, үкү үүлдөбөй калат. Бир гана эненин бешик ыры обого көтөрүлүп, өлүк денелер баш көтөрө кулак түрүшкөн сымал мемирешет. Кандуу майдан талаада бир гана эненин үнү угулуп, тынчтыктын бейкут обону көтөрүлөт. Дүйнөнү терметип, жер шарын эне колтугуна кысып, ырын ырдайт.

Оо, силер азаматтарым! Эр жетип калган турбайсыңарбы? Мен силерди бөбөк! сезип жүрчүмүн. Бөбөк, кадимки бөбөк. Колуңар быйтыйып-быйтыйып, кип-кичине болчу. Экөөң тең жумшак кийиз үстүндө жатып алып, салааңарды ачып-жуумп, үйдүн чамгарагынан түшкөн жарыкты тиктей көзүңөрдү пар-пар аччуу элеңер. Курсагыңар ачканда бардык нерселерди унутуп, эмчекти гана самап, ээ-жаа бербей ыйлачуусуңар. Силер жумшак ээриңдериңерди бүлкүлдөтүп, эмгенде бүткөн баданим балкып, алтымыш тамырым ийип, тиричиликтин түйшүгүн эстен чыгара өзүмдү абдан бактылуу сезер элем. Кири жок карагаттай моймолжуган көзүңөрдү, боллойгон беттиңерди, бытыйган колу-бутуңарды, жумшак сүйкүмдүү денеңерди тим эле жутуп ийгим келчү. Анан күлгөнүңөр, отурганыңар, тик туруп, каз-каз басканыңар жарашып, өзгөчө сүйкүм көрүнүп, жүрөгүмдү элжиретчү. «Апа», «ата», деген ар бир сөзүңөр, кыймылыңар, ал тургай шоктонгонуңар да жарашып, мени кубантар эле.

«Балдарым чоңойсо, бир нерсе таап келип, өз колдору менен мага сунуп турушса, кандай бактылуу болор элем! -деп кыялданчуумун. Колуңарга тикен, бутуңарга чөңөр кирсе жүрөгүм сыздап каначу. Үшүсөңөр мен да тоңуп, оорусаңар мен да онтоп, кыйналарымды сезчү белеңер, балдарым? «Бала эненин боор эти» деп бекеринен айтылбаса керек. Менин кубанычым да, сүйүнүчүм да, сыймыгым да, сүйөнөр жөлөгүм да, карманар туткам да, силер элеңер, балдарым!

Мени кандай күнгө таштап кеттиңер? Силерсиз мен кантип жашайм? Силерсиз жашоонун кереги жок мага. Силер жок, тамагым

даамсыз, жашоом кунарсыз, кулундарым! Эмнеге келдим бул жакка? Эмнеге көрдүм силердин жансыз жатканыңарды? Көрбөсөм болот эле. Жүрөгүм жамандыкты сезип, силер деп, силерди жамандыкка кыйбай кабатырланып, тынчыбай келбедим беле? Кагылайын кулундарым! Тегеренейин гүлгүндөрүм! Силер өлбөй, мен өлсөм болбойт беле? Оо, Көкө теңир! Теңсиздик кылбадың. Эки балама тең ажал берип, эмнеге алып кеттиң? Согуш күнөөлүү дейсиңби? Биринин жанын бири кыйган адамдар дейсиңби? Ооба, күнөө адамзатында. Бирин-бири өлтүрбөй, бирин-бири кырбай койсо болот беле?

* * *

Номчу бий эсине келди. өзүнүн кайда экенин билбеди. Денеси оорлошуп, кыймылдоого дарманы келбеди. Бүткөн бою шалдырап, өзүнүкү эместей.

- «Эмнеге жатам? Кайдамын?» деген суроо башына келди. Акылын токтотуп, эстештин аракетинде кыймылсыз жатты. Кулагы дүңгүрөп бүтүп калгандай, сырттан эч нерсе угулбайт. Оозу кургап, тили күрмөөгө келбейт. Көзүн ачса көкмөк асман бозорот. Жылтыраган жылдыздар көрүндү. Башын көтөрөйүн деп, көтөрө албады. Денесинин жан чыгара ооруганын сезди. Ошондо гана өзүнүн майдан талаасында жатканын, оор жарадар экенин түшүндү. Кана артында ээрчип жүргөн жан-жөөкөрлөрү? Айгайлашкан салгылаш эмне болду? Душмандар кайда кетти? Жигиттери бар бекен? Жеңиш ким тарапта болду экен? Кургаган тилин улам ээрдине жаный, бир уууртам суу көзүнөн учат.

- Суу, суу-деди. Өзүнүн үнү өзүнө угулбады. Башы кеңгиреп, шайы ооп, сулк жатты. Көзүн дагы акырын ачты. Бажырайган жылдыздар маңдайында турат. Тим эле жап-жакын. Тура калып, кол созсо жетчүүдөй. Тим эле ар бири супсулуу. Акактай таза туурдуктун тешигинен акмалаган күндүн нурундай шоолаларын чачып турат. Туптунук көк асманга жарашып, бал-бал эте жанып-өчүп, кашкая тиктегенсийт. Жылдыздардын мынчалык кооз экенине түк маани бербептир. Көрсө илгертен эле кыргыз бекер жеринен сулуулуктун баарын жылдызга теңебейт тура. Ал тургай адамдын тамылжыган өңүн да жылдызга салыштырат. «Жылдыздуу тура», «жылдызы ачыла түшүп», «Жылдызы жанып турат» деп суктанышса, кесел адамды же жаман көргөнүн «жылдызы өчүп калыптыр», «жылдызы жок», «Жылдызы түштү» деп баа беришет. Анан да ар бир адамдын жаны жылдыз болуп, төбөдө турат имиш. «Ажалы жеткен адамдын жылдызы учат экен» деген сөздү көп уккан эле.

Өзүнүн тура албастыгын туйган бий «жылдызын» издеди. Менин жылдызым кайсыл экен? Же учуп кеттиби? Кунт коюп бардыгын унутуп, асманды тиктеди. Жылдыз учту. Бир..., эки..., үч... Жылдыздар тынбай учуп жатты. «Эмнеге жылдыздар көп учат? деп ойлоду. Же булар кыргыздын жылдыздарыбы? Урушта өлгөндөрдүн жылдызы учуп кетип жатабы? Согуш кантти экен? Жардамга үлгүрүп келгендер душманды сүрүп, аркага кайтарды бекен? Же аларга кабар жетпей, жоо дагы да илгерилеп кеттиби? Жан жигиттеринен бир-экөө калды бекен? Кантип эле бирөө тирүү калбады. Тирүүлөр болсо өзүн бирөөлөр издеп келер беле?

Кыжаалаттанган бий дагы эсин жоготту. Канча жатканы белгисиз, көзүн ачса дагы жылдыздар урунду. Баягы жылдыздар мурдагыдай да жакындап түшүп келгендей. Жылдыздардын жарыгынабы, же ай шооласыбы, түн сүттөй жарык эле. Шибер аймагында күн кыскарып, түн узарган чакта буурул түн болот. Дал ушул түн-«буурул түн». «Буурул түн жылдыздары жерге түшүп келишип, Миң Суунун тунук булактарына киринет» дешет. «Жылдыз да көрүнгөн эле адамдын колуна тийе бербейт. Ал адам өтө такыба, бирөөгө жамандык ойлобогон, уурулук кылбаган, ушак сүйлөбөгөн, ал тургай бирөөнүн калтырып койгон буюмуна назар салбаган наристедей таза болгонго жолугат экен» дешип, эл жомок айтышчу. Ошол жылдыздардын бирин ким кармап алса, ал өмүр бою бактылуу болот. Ал эми сууга киринген жылдыздарды адам көрсө, ошол жыл түшүмдүү, майлуу, сүттүү, ал эми булактар, дарыялар, бак-дарактар тап-таза болот экен. Жерге тынчтык орноп, эл бейпил жашайт дешчү. Бий буурул түн жылдыздарын көрдү. Эми Эне-Сай жерине тынчтык келээр бекен? Жылдыздардын булактарга киринип жатканын ким көрөр экен?»

Бий аз убакыт ичинде ушуларды ойлоду. Элинин эртеңки бактысын самады. Өзүнүн адам болбосун туйду. Карыса да таңдан кечке кан кечип майдан аралап, кырчылдашкан согушта ишенимдүү жигиттерин ээрчитип, көп жоонун майканын чыгара кылыч шилтеп, дарыя кечкендей кечти. Каруу күчү кайтса да, туруштук берди. Эли эстесе айта жүрүшөр. Актыкка моюн сунуп, түбөлүк жайга кетерине макул болду. Макул болбоого чарасы да жок эле. Эми жанынын тынч алуусун самап, буурул түн жылдыздарын бир тиктеди да, көзүн жуумп, мемиреп баратты. Уйку-сонун арасында кулагына бешик терметкен эненин үнү үзүл-кесил угулуп жатты. Бий өзүн күнөөдөн арылып, бейиштин астанасын аттап бараткандай сезди. Буурул түн жылдыздарынын шооласы бийдин жүзүнө төгүлүп, эне ыры бейкут дүйнөнү терметип жатты...

## ЧЫГАРМАГА ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР:

1. Кыргыздар. I- II том. «Санжыра, тарых, мурас, салт» «Кыргызстан» басмасы 1993-ж.

2. Бартольд В.В., Сочинение т.II. ч.1. стр. 476.

3. Бичурин Н.Я. «Енисей кыргыздары тууралуу»

«Байыркы мезгилде Орто Азияда жашаган элдер тууралуу маалыматтардын жыйнагы».

4. Караев Ө. «Кыргыздар» Кыргызстан, 1993-ж.

5. Худаяков Ю. «Енисей кыргыздарынын тарыхы». «Кыргыз этноними» жөнүндө Кыргыз маданиятынын теги. «Энесай жана Теңир тоо. Чиеленген түйүндөр» «Енисей кыргыздарынын маданий-чарбалык уңгусу» «Саян-Алтай монголдордун ээлигинде», Кыргыз маданиятынын эволюциясы, «Кыргыз-монгол оторлугунда» «VI-VIII кылымдардагы Саян-Алтай калаймансы», «Улуу Кыргыз мамлекети Кыргыздар Азия жайыгында»

6. Бартольд В.В. «Кыргыздар» Тарыхый очерк. «Эң байыркы маалыматтар». «VI кылымдан IX кылымга чейинки кыргыздар». «IX жана X кылымдар. «Кыргыздардын улуу державасы», «Енисей кыргыздары X кылымдан кийин», «Тянь-Шандык кыргыздар XVI жана XVII кылымдарда», «Енисей кыргыздары XVIII кылымда»

7. Кычанов Е., Бейшеналиев Т. «Юань-Мин доорундагы кыргыздар» (XIII-XV кылымдар)

8. Бернштам А.Н. «Кыргыз мамлекетинин өз эркиндиги үчүн күрөшү»

9. Бернштам А.Н. «Енисей кыргыздарынын б.з. VI-X кк. коомдук экономикалык түзүлүшү

10. Абрамзон С. «Кыргыздардын этногенетикалык жана тарыхый – маданий байланышы.

11. Радлов В.В. «Түндүк талаанын көчмөндөрү», «Кара кыргыздар».

12. Гумилов Л.Н. «Байыркы түрктөр».

13. Солтоноев Б. «Кызыл кыргыз тарыхы».

14. Тоголок Молдо «Тарых. Түпкү аталар».

С.Жетимишов

Будуңдуу буурул түндөр

Редактор: Т.Сулайманов
Тех.редактор: Г.Караева
Корректор: М.Маманова

Терүүгө 20.03.2007-жылы берилди.
Басууга 9.01.2008-жылы кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х84 1/16. 20,5 басма табак.
Заказ № 971. Тираж 1000.
АО «Ошоблтипографиясында» офсеттик ыкма менен басылды.
Ош шаары. Курманжан датка көчөсү-209.